28.6 я 72 (кыр)
А 45

А. А. АЛДАШЕВ

# ЗООЛОГИЯ

## ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮГҮ

■

МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН

А–Я

ББК 28.6я721
А45

Башкы редактор М. Борбугулов
Рецензент: биология илиминин доктору, Кыргыз Республикасынын ИАнын корр. мүчөсү К. Акматов

Алдашев Абдулхай Алдашевич.

А45 ЗООЛОГИЯ: Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү: Мектеп окуучулары үчүн/Башкы ред. М. Борбугулов. —Б.: КСЭ Башкы ред., 1992. —288 б.
ISBN 5—89750—038—X

Создүктө орто мектептин окуу программасына кирген жаныбарлардын ички жана сырткы түзүлүшү, физиологиясы жана тиричилик формалары, алардын табияттагы мааниси боюнча негизги терминдерге кыскача маалымат берилди. Бул сөздүк зоологияны өздөштүрүүгө көмөк бермекчи.

Книга содержит основные термины по зоологии, которые необходимы для закрепления знаний школьного курса зоологии.

А $\frac{1907000000}{454(11)-92}$ без объявл.—92 ББК 28.6я721

ISBN 5—89750—038—X

© Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1992.

## КИРИШ СӨЗ

Улуу Октябрь революциясынан кийин улуттук тилдер эркиндикке ээ болуп, мамлекеттик колдоого алынып, ар улут, аны м-н катар кыргыздар да, өз тилинде мектептен окууга укук алган. Улуттук сөздүктөрдү түзүү иши жолго коюла баштаган. Натыйжада талапка аздыр-көптүр жооп бере ала турган оригиналдуу ж-а котормо окуу куралдары кыргыз тилинде чыга баштаган. Бирок, революциянын негизги максатын бурмалоо саясаты өкүм сүргөн кийинки 50—60 жыл ичинде СССРде жашаган кыйла улуттун тили өнүкмөк турсун жоюлууга дуушар болду. Анын кесепетинен кыргыз тили да «болочогу жок» тилдердин тизмесине кирип, казынасы улам бөксөрүп, булактары сооло баштаганына аргасыз күбө болдук. Эгер саясат ошол эле нугу м-н жүрө бергенде, балким келечектеги... 10—20 жылдын ичинде эне тилибизден ажырап калат белек?!

Кайра куруу заманы келип, кыргыз тили өз жергебиздин мамлекеттик тили деген укукка ээ болуп, мыйзам м-н бекип, эл чарбасынын бардык тиричилик аракеттеринин байланыш куралына айланып олтурат. Адабий тилибизди өркүндөтүү боюнча ар түрдүү тармакта эмгектенген адистердин, окумуштуулардын ж-а жалпы эле улуттук интеллигенциянын мойнундагы зор милдет деп билишибиз зарыл. Аны абийирдүүлүк ж-а билгичтик м-н ишке ашыруу элибиздин ар бир атуулуна парыз!

Автордун бул сөздүгүндө мектеп программасына кирген зоология боюнча терминдер, айбандардын, организмдердин кыргызча номенклатурасы (аттары) берилип, сөздүк кеңири окурмандарга, мектеп окуучуларына, мугалимдерге арналган. Сөздүккө 1900дөн ашык термин киргизилген.

Сөздүктө орто мектептин программасынын көлөмүндө жазылган зоология дарсы боюнча окуу китептеги терминдерге кеңири түшүнүк берилип, айбанатка, организмдерге кыргызча аттары коюлуп, алардын кыскача таржымасы жазылган. Ал эми өз жергебиздин айбанаты жөнүндө жаш өспүрүмдөр кеңири маалымат алуу үчүн, Кыргызстанда кезигүүчү айбандар, жандыктар мүмкүн болушунча толук жазылган. Кыскасы, сөздүк айтылган дарстын окуу китептеги ж-а аларга көмөкчү окуу куралдарындагы маалыматтарды кыргыз окуучулары өз тилинде толук түшүнүп, жакшылыктуу өздөштүрүүгө жардам болсо экен деген тилек м-н жазылды.

Сөздүк алфавит тартибинде түзүлдү. Кыргызча терминдер ж-а номенклатура саптын башында биринчи болуп жазылып, анан кашанын ичине алардын орусча эквиваленти келтирилди. Куштардын ж-а майда жандыктардын көпчүлүгүнүн ири таксо-

номиялык топтору (түркүм, тукум же уруу) ал топко кирүүчү майда таксономиялык аттары (түрлөрү, түрчөлөрү) ошол эле жерде саналып кетти, мис., «Аламандар» деген макалада барак аламан, кадимки аламан, сары аламан ж. у. с. түрлөрү катталган.

Кыргыз лексикасында учураган, бирок конкреттүү маанисин жоготуп койгон номенклатура такталып берилди. Мис., багыш (лось), булгун (россомаха), бөрсө (кенгуру), керик (носорог), жаныш (буйвол) ж. у. с.

Бул сөздүк кынтыксыз түзүлдү дегенге болбойт. Мындай саамалык эмгектерде кемтик болбой койбойт. Ошондой болсо да окуучулар мындан зоология ж-а тирүү табият боюнча кыйла жаңы маалымат алып, билимин жогорулатарына ж-а да өз адабий тилин байыта ала тургандыгына толук ишеним бар. Байкалган кемчиликтер, ой-пикириңиздер ж-а сунуштарыңыздарды жиберсеңиздер болот.

Биздин адрес: 720000, Бишкек шаары, Эркиндик проспектиси, 56. Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакциясы.

## КИТЕПТЕ КОЛДОНУЛГАН КЫСКАРТУУЛАР

а. и. — анын ичинен
бийикт. — бийиктиги
борб. — борбордук
*г* — грамм
ж-а — жана
ж.б. — жана башка
ж. у. с. — жана ушул сыяктуу
к. — кара (көрсөтүлгөн макаланы кара деген сөз)
*м* — метр
мис. — мисалы
мкм. — микрометр
млн. — миллион
млрд. — миллиард
*мм* — миллиметр
О. Азия — Орто Азия
о. эле — ошондой эле
салм. — салмагы
сек. — секунда
*см* — сантиметр
ТКЭС — Табиятты, табият ресурстарын коргоо боюнча Эл аралык союз
*т* — тонна
түн. — түндүк, мүчө уланса толук жазылат.
түш. — түштүк, мүчө уланса толук жазылат.
уз. — узундугу
Ы. Чыгыш — Ыраакы Чыгыш

# А

**ААРАЛАР (а́ры)** — узун куйрук тоту куштардын 2 уруусу. Уз. 1 *м*ге жетет (көк аара). Түш. Америкада кезигет. Булардын бир нече түрү жашыл канат аара, көк аара, көк сары аара ж. б. бар.

**ААРЫ КОҢУЗДАР (пчеложуки́)** — ала коңуздар уруусу. Аарыга окшош. Уз. 8—25 *мм*. Түн. жарым шарда 80ден ашык түрү бар; СССРде 28 түрү кезигет. Жырткычтар. Буларга аарычыл аары коңуз, коозДонгон аары коңуз кирет.

**ААРЫЛАР (пчёлы)** — жалтырак канаттуу курт-кумурскалардын чоң тукуму. Ийинчи сары аарыга окшош. Буту ж-а түкчөлөрү биригип чаңча чогултуучу аппаратты түзөт, ал эми тумшугу м-н нектар чогултат. 30 миңдей түрү кеңири таралган, СССРде 3,5 миң түрү бар. Жалгыздап, кээ бири чогулуп жашашат. Бардык аарылар өсүмдүктү чаңдаштырат. Аарылардын 20дай түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ААРЫЧЫЛ КУШ (осое́ды)** — шумкарлар уруусу. Уз. 60 *см*дей. Буту кыска, узун тырмактуу. Аарылардын уюгун бузуп, личинкасы м-н азыктанат. Башындагы түрпү сымал канатчасы аарынын чагуусунан сактайт. Эки түрү (кадимки аарычыл куш, үрпөк аарычыл куш) Евразияда кезигет.

**ААРЫЧЫЛ ЧЫМЧЫКТАР (щурки́)** — көк карга сымалдар түркүмүндөгү чымчыктар тукуму. Уз. 15—35 *см*. Канаты узун, учтуу, тез учат. Буту кыска, начар басат. Евразия, Африка ж-а Австралиянын тропик ж-а мелүүн алкактарында 7 уруусу, 24 түрү кезигет. СССРде 2 түрү бар. Буларга ача куйрук аарычыл чымчык, жашыл аарычыл чымчык, алтынсары аарычыл чымчык ж. б. кирет. Аарынын уюгун бузуп аарчылыкка зыян келтирет.

**АБА БАШТЫКЧАЛАРЫ (возду́шные мешки́)** — көпчүлүк жер бетинде жашоочу омурткалуулардын дем алуу жолу, ооз көңдөйү же кызыл өңгөч м-н бириккен аба толгон көңдөйү. Куштардын аба баштыгы бир нече баштыкчадан туруп, дем алуу ж-а чыгарууда көлөмү өзгөрүп, өпкө аэрациясына катышат, организмде жылуулукту жөнгө салат.

**АБЫРГАНДАР (летя́ги)** — кемирүүчүлөр тукуму. Тыйын чычкандарга окшош, салааларында жаргагы бар. Уз. 7—58 *см*. Даракта жашап, жакшы учат. Булардын 10—13 уруусу, 33 түрү Евразиянын мелүүн ж-а тропик алкактарында ж-а Түн. Американын токойлорунда кезигет. СССРде 1 түрү бардык токойлордо жашайт. Зоо абырганы, япон абырганы, баштыкчан абырган белгилүү.

**АВСТРАЛОПИТЕ́К (австралопите́к)** — тукум курут болгон байыркы киши сымал маймыл. Арткы буту м-н баскан. 2,5 млндой жыл мурда жашаган.

**АВТОГА́МИЯ (автога́мия)** — өзүн өзү уруктандыруу. Бир клеткалуу жаныбарларда ж-а өсүмдүктөрдө кезигет.
**АВТОТО́МИЯ,** аутотомия **(автото́мия)** — өзүн өзү мертиндирүү; кээ бир айбан корккондо, чочуп кеткенде мүчөсүн өзү бүлүнтүшү, мис., кескелдириктин куйругун кырчып таштапшы.
**АВТОТРОФТУУ ОРГАНИЗМДЕР (автотро́фные органи́змы)** — органикалык эмес заттардан (негизинен суу, көмүртектин кош кычкылы, азоттун органикалык эмес бирикмелери) тиричилигине керек органикалык заттарды пайда кылуучу организмдер.
**АВТОХТОНДОР (автохто́ны)** — эволюция процессинде башка жактан келбей ушул эле чөйрөдө жаралып, азыр да ушул эле чөйрөдө жашаган организмдердин түрү.
**АГА́ (ага́)** — курбакалар тукумундагы куйруксуз жерде-сууда жашоочу жандык. Уз. 25 *см*ге жетет. Кургакта жашайт, териси бодурала, сөөлдүү болот. Түш. ж-а Борб. Америкада кант камышынын зыянкечин жоготуу үчүн атайын көбөйтүлөт.
**АГАМАЛАР (ага́мы)** — кескелдириктердин тукуму. Дене уз. 45 *см*ге жетет. Куйругу узун. 35 уруусу 300дөн ашык түрү Африкада, Түн.-Чыгыш Европада, Азия, Австралияда ж-а Жаңы Гвинеяда кезигет. СССРде 2 уруусунун 14 түрү О. Азия талааларында, чөлдөрүндө жашайт.
**АГАМОГО́НИЯ (агамого́ния)** — организмдин жыныссыз жол м-н көбөйүшү.
**АДАПТАЦИЯ** к. *Ыңгайланууу* макаласы.
**АДЕПКИ БАКАЛООР (жа́бры перви́чные)** — кээ бир айбандардын түйүлдүгүнүн өөрчүү процессинде алгачкы жаралган дем алуу аппараттары.
**АДЕПКИ ООЗДУУЛАР (первичноро́тые)** — ооз тешиги түйүлдүктүн алгачкы оозунун ордунда (бластопордон), ал эми мезодермасы 2 клеткадан — алгачкы мезобласттан пайда болгон омурткасыздар тобу (жалпак курттар, алгачкы көңдөйлүү курттар, моллюскалар, сипункулиддер ж-а муунак буттуулар).
**АЗОТОБА́КТЕР (азотоба́ктер)** — азотту абадан кармап сиңирүүчү аэробдуу бактериялардын эркин жашоочу уруусу. Формасы сүйрү же кокк сымал, кыймылдуу же кыймылсыз, спора пайда кылбайт. Азотобактер бир катар витаминдердин, өстүрүүчү заттардын, кээ бир антибиотиктердин продуценти (пайда кылуучу).
**АЗУУЛУУ БАЛЫКТАР (зуба́тковые)** — алабуга сымал балыктар тукуму. Уз. 2,5 *м*дей. Тиштери түшүп, чыгып турат. Эки уруусу, 5 түрү Атлантика ж-а Тынч океандарынын түн. жагына тараган. СССРде 4 түрү кезигет. Деңиз омурткасыздары, чанда балык м-н азыктанат. Кадимки азуулуу, таргыл азуулуу, чыгыш азуулуу ж. б. түрлөрү көп кезигет. Бардыгы промысел объектиси.
**АЙ БАЛЫКТАР (рыбы-луны)** — тикен боор сымал балыктар тукуму. Уз. 80 *см*ден 3 *м*ге жетет, салм. 1400 *кг*га чейин. Үч уруусунун 4 түрү океандарда тараган. Эти желбейт.
**АЙБАН СЫМАЛДАР (зверообра́зные)** — сойлоктордун тукум курут болгон бир классчасы. Булар эң жөнөкөй сойлоочулар м-н сүт эмүүчүлөрдүн ортосундагы өтмө организмдер тобу. Көбү жырткычтар, чөп жегендери да болгон.
**АЙБАН ТИШТҮҮЛӨР (зверозу́бые)** — тукум курут болгон сүт эмүүчүлөрдүн байыркы айбан сымалдар классчасынын түркүмү.
**АЙБАНДАР,** к. *Жаныбарлар* макаласын.
**АЙМАН СЫМАЛДАР (кузнечиковые)** — субагай канаттар түр-

кумүндөгү чегирткелердин чоң тукуму. Булардын 19 тукумчасынын 1130дан ашык уруусу, 7 миңден ашык түрү бадалдуу, калың чөптүү, шагылдуу жерлерде кезигет. СССРде 20дан ашык түрү бар. Булар айрыкча кургакчыл мезгилде эгинге, жайытка зыян келтирет. Айман сымалдардын 7 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**АЙМАН ЧЕГИРТКЕ (ды́бка зелёная, ды́бка степна́я)** — айман сымалдар тукумундагы чегиртке. Уз. 6—8 *см*ге жетет. Чөп арасында жалгыздап үн чыгарбай жүрөт. Түсү жашыл же саргыч.

**АЙНА КӨЗДӨР (сельдёвые)** — сөңгөктүү балыктар тукуму. Денеси капталынан кысыңкы же жумуру. Уз. 35—75 *см.* Кээ биринин курсак сүзгүчтөрү болбойт. Башында сейсмосенсордуу каналы бар. Элүүдөй уруусунун 190дой түрү белгилүү. Алар тропикте өтө көп, мелүүн ж-а муздак алкактарда түрү аз. Промыселдик мааниси чоң. Булардын жайдак айна көздөр, деңиз айна көздөрү, араа курсак айна көздөр ж. б. уруулары, ак деңиз айна көзү, атлантика айна көзү ж. б. түрлөрү белгилүү. Өрдөмө түрлөрүнүн саны азайып кеткен.

**АЙЫРМАЛУУ КАНАТ КӨПӨЛӨКТӨР (ба́бочки разнокры́лые)** — көпөлөктөр түркүмүнүн бир түркүмчөсү. Буга алдыңкы канаты м-н арткы канатынын тарамы окшошпогон көпөлөктөрдүн көпчүлүгү кирет. Дагы бир белгиси — түрүлгөн пил тумшугу бар. Чоңдугу да ар кандай, арасында канаттарынын эни 1 *см*ден 18 *см*ге жеткендери да кезигет. Буларга ак көпөлөктөр, баркыт калдыркандар, бүлбүлдөктөр, жалбырак түргүчтөр, желкин калдыркандар, кадимки күбөлөр, капчыкчандар, көгүлжүндөр, күлүк калдыркандар, нимфалиддер, пиллачылар ж. б. кирет. Алар уюл алкактарынан башка жерлерде, айрыкча тропик ж-а субтропикте көп учурайт. Көпчүлүк тукумдарынын личинкалары айыл чарбасына ж-а үй жасалгаларына (үкү көпөлөктөр, ак көпөлөктөр, бүлбүлдөктөр, күбөлөр ж. б.) зыян келтирсе, кээ бири (пиллачылар) пайдалуу.

**АЙЫРМАСЫЗ КАНАТ ЖЕТИЛБЕГЕН КӨПӨЛӨКТӨР (ба́бочки ни́зшие равнокры́лые)** — көпөлөктөр түркүмүнүн түркүмчөсү. Канаттарынын түзүлүшү жөнөкөй, жайылганда эни 1 *см*ден ашпаган майда көпөлөктөр. СССРде 2 тукуму (адепки күбөлөр, тиштүү адепки күбөлөр) токойлуу, нымдуу жерлерде кезигет.

**АЙЫРМАСЫЗ КАНАТ ЖЕТКИЛЕҢ КӨПӨЛӨКТӨР (ба́бочки вы́сшие равнокры́лые)** — көпөлөктөр түркүмүнүн түркүмчөсү. Күүгүмдө учуучу ири калдыркандар. Канаттарын жайганда эни 4,5 *см*ден 24 *см*ге жетет. Көптөгөн түрлөрү жылуу жерлерде кезигет. Күүгүмдүктөр тукуму ушуга кирет.

**АК АМУР (бе́лый аму́р)** — каңылтырлар тукумундагы туздуу сууда жашоочу балык. Уз. 70—100 *см*, салм. 32 *кг*га чейин жетет. Денеси узун, ачык түстө, түрпүсү ири. Чыгыш Азиянын жай аккан өзөндөрүндө жашайт. СССРде Амур өзөнүндө кезигет. Уругун жайында таштайт. Чөп жейт, бат чоңоёт. Промысел объектиси, колдо багылат. Көлмөлөрдү, каналды чөп басып кеткенде коё берилет.

**АКАНТОЦЕФАЛДАР**, к. *Тикен баштар* макаласын.

**АК АЮУ (бе́лый медве́дь)** — аюулар тукумундагы сүт эмүүчү айбан. Тулкунун уз. 2—3 *м*, бийикт. 1,5 *м*, салм. 800 *кг*га жетет. Жүнү ак, саргыч же бозомтук, калың. Түн. уюл алкагында, Түн. Муз океандын жээктеринде жашайт, негизинен тюлендер м-н

азыктанат. Териси ж-а эти үчүн аңчылык кылынып, саны азайып кеткен. ТКЭСтин ж-а СССРдин Кызыл китебине катталган.

**АК БАЛЫК (белорыбица)** — май канат сымалдар тукумундагы өтмө балык. Уз. 1 *м*ден ашат, салм. 20 *кг*га жетет. Оозу чоң, тиши жок, түрпүсү ири, капталы жалтырак. Эки түрчөсү (ак балык, нельма) бар. Каспий деңизинде жашайт. Волга, Урал дарыяларын өрдөп уругун чачат. Жырткыч. Промыселдик баалуу балык.

**АК БАШ КООЗ МУКУР (щегóл седоголóвый)** — кооз мукурлар уруусундагы чымчык, к. *Мукур сымалдар* макаласын.

**АКВÁРИУМ (аквáриум)** — айбандарды багуу же өсүмдүктөрдү өстүрүү үчүн атайы суу толтурулган идиш; деңиз ж-а агын суу фауна ж-а флорасынын өкүлдөрүн изилдөө ж-а көрсөтүү максатында кармоочу мекеме. Көп өлкөлөрдө бар. СССРде ири аквариум Москва, Таллин, Рига, Ташкендин зоопарктарында уюштурулган.

**АКИТАШ БЕЗИ (железá известкóвая)** — жумуртка кабыгын түзүүчү затты пайда кылуучу без; куштарда, сойлоочуларда, жумуртка тууччу сүт эмүүчүлөрдө болот.

**АКИТАШ ·КАБЫК (скорлупá известкóвая)** — жумуртканын сырткы катуу морт кабыгы.

**АК КАЖЫР (гриф снéжный, кумáй)** — таз каралар тобуна кирүүчү тарпчыл ири куш. Уз. 1,5 *м*ге жетет. О. ж-а Борб. Азияда кезигет. Зоолордун боорунда жашайт. Ал 100—150 *км* алыстагы тарпты көрүп, учуп келет. СССРдин ж-а Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине катталган.

**АК КАЗ (бéлый гусь)** — каз сымалдар түркүмүнүн өрдөктөр тукумунун накта каздар уруусундагы куш. Чоңдугу орточо, дене уз. 73 *см*ге, салм. 2—3 *кг*га жетет. Жүнү ак, канаты кара, буту ж-а тумшугу кызыл. Түн. Америкада ж-а Түн.-Чыгыш Азияда тараган. Тундранын кургак жерлерине колониялуу уялашат. Эти, жүнү үчүн аңчылык кылынып, кырылып бараткандыктан ТКЭСтин ж-а СССРдин Кызыл китебине катталган.

**АККЛИМАТТАШУУ**, к. *Байырлануу* макаласын.

**АК КӨЗ ЧАБАКТАР (уклейки)** — каңылтырлар тукумунун уруусу. Курсак сүзгүчүнүн арт жагында түрпүсүз кыры бар. Уз. 10—20 *см*. Алардын 7 түрү Евразиянын агын сууларында, көлмөлөрүндө тараган. СССРде 4 түрү кезигет. 2—3 жашында жыныстык жактан жетилет. Уругун май — июль айларында өсүмдүккө таштайт. Жаш балыгы зоопланктон, жетилгендери балыр, бентос ж-а курт-кумурска м-н азыктанат.

**АК КУУЛАР (лéбеди)** — өрдөктөр тукумундагы куштар уруусу. Уз. 150 (180 *см*ге) жетет, мойнунун уз. денесиндей же андан узун. Тайыз сууларда жашайт, чумкубайт. Алардын 6 түрү Түн. жарым шарда, Түш. Америкада, Австралия м-н Тасманияда кезигет. СССРде 3 түрү (ышылдак куу, кидик куу) бар. Жупташып жашоочу куштар. 3—5 жумуртка тууп, эркек, ургаачысы басат. Өсүмдүк м-н азыктанат. Саны аз. Кидик куу СССРдин Кызыл китебине катталган.

**АК МААРАКТАР (ржáнки бéлые)** — маарак сымалдар түркүмүндөгү чымчыктар тукуму. Уз. 36—43 *см*дей, ак түстө. Булар аска жаракаларында уялайт. Деңиз омурткасыздары (майда рактар, моллюскалар) м-н азыктанат. Кээ бир анатомиялык түзүлүшү боюнча чулдук м-н чардактардын ортосундагы абалда. Ак маарактардын 2 түрү (ак маарак, кидик ак маарак) бар.

**АКТИНИЯЛАР (акти́нии)** — шуру полиптери классындагы, алты тармактуу шурулар классчасынын бир тукуму. Скелетсиз, жалгыз жашоочу (кээде колониялуу) полиптер. Денеси туурасынан өлчөгөндө бир нече *мм*ден 1,5 *м*ге жетет. 1500гө жакын түрү бардык деңиздерде кезигет. Өтө терең жашайт. СССРде 50гө жакын түрү (Каспий, Арал деңизинен башка деңиздерде) учурайт. Омурткасыз жандыктарды, майда балыктарды жейт. Тинтүүрлөрүнүн учу кишинин денесине тийсе чалкан чаккандай сезилет.
**АК ТИШ ЖЕР ЧУКУУРЛАР (землеро́йки белозу́бые)** — жер чукуурлар тукумундагы кемирүүчү айбандар уруусу. Уз. 4—15 *см*. Кыска жүндөрү м-н аралаш узун кылкандары бар. Тиштери апакай. Зыяндуу омурткасыздарды кырат. 150дөн ашык түрү Африкага, Евразияга тараган. СССРдеги 6—8 түрүнүн көбү О. Азияда кезигет.
**АК ТӨШ АЮУ (белогру́дный медве́дь)** — жырткычтар түркүмүндөгү сүт эмүүчү. Эркегинин дене уз. 150—170 *см*, бийикт. 80 *см*ге, салм. 120 *кг*га жетет. Жүнү кыска, жалтырак, кара, төшүндө жарым ай сымал агыш тагы бар. Түш.-Чыгыш Азияда, о. эле Гималайда, СССРде Ы. Чыгышта кезигет.
**АКУЛАЛАР (аку́лы)** — эбелек бакалоордуу балыктардын чоң түркүмү. Денеси узун, ийик сымал, уз. 20—30 *см*ден 20 *м*ге чейин, салм. 14 *т*га чейин жетет. Куйрук сүзгүчү чоң, тиши тегиз. Сегиз түркүмү, 21 тукумунун 85ке жакын уруусу, 250гө жакын түрү бардык деңиздерде жашайт. Көпчүлүгү жырткыч. Бардык акулалар промысел объектиси. Кишиге катылгандары да бар. Көбүрөөк кезигүүчү өкүлдөрү: албарсты акулалар, айна көзчүл акулалар, дөө акулалар, кит сымал акулалар ж. б.
**АК ЧАБАКТАР (быстря́нки)** — каңылтыр балыктар уруусу. Уз. 13 *см*ге жетет. Алардын 3—4 уруусу Европанын, Кичи ж-а О. Азиянын сууларында кезигет. Кадимки ак чабак көп учурайт.
**АК ЧИЛ (бе́лая куро́патка)** — кара курлар тукумундагы куш. Уз. 46 *см*дей, салм. 400—870 *г*. Түсү жайында кочкул күрөң, кышында ак. Манжалары, айрыкча кышкысын калың жүндүү. Түн. Евразия ж-а Түн. Америкада кеңири тараган. Негизинен өсүмдүк м-н азыктанат, кышкысын тал бүчүрүн жейт. Түн. райондордо аңчылык кылынат.
**АЛАБУГА,** кадимки алабуга **(о́кунь)** — алабуга сымалдар түркүмүнүн алабугалар тукумундагы балык. Дене уз. 40—50 *см*, салм. 20 *кг*га жетет. Европанын, Түн. Азиянын, Американын түндүгүндөгү көлмөлөрдө, суу сактагычтарда кезигет. Уругун эрте жазда таштайт. Промысел объектиси.
**АЛАБУГА СЫМАЛДАР (окунеобра́зные)** — накта сөөктүү балыктар түркүмү. Уз. 1 *см*ден 5 *м*ге, салм. жарты *г*дан 900 *кг*га чейин жетет. Омурткалуулардын ичинен түрү өтө көп. Бул түркүмдүн 149 тукуму, 1200гө жакын уруусунун 6500дөй түрү Жер шарынын бардык сууларында жашайт. Букачар сымалдар, бүркүт чабактар, жайчылар, калың ээриндер, кандек балыктар, ставрида сымалдар ж. б. деңиздерде, корифен сымалдар, сугалактар, тон балыктар, чатыр канаттар ж. б. океандарда, ал эми агын сууларда алабугалар, жөргөлөк сымалдар, кулактуу алабугалар ж. б. жашайт. СССРде алабугалар, жылан баштар, азуулуу балыктар, султан балыктары, кандек балыктар, луфарь сымалдар тукумдарынын өкүлдөрү учурайт. Алабуга сымалдардын көбү промысел объектиси.

**АЛАГҮЛҮКТӨР** (**шпа́нки**) — кычы коңуздар тукумундагы коңуздар уруусу. Уз. 10—20 *мм*. Денеси сүйрү. СССРде 10го жакын түрү кезигет. Чоңдору дарак жалбырагы м-н азыктанат. Личинкасы жапайы аарынын ийининде өөрчүйт. Булардын топтошкон жеринде каңырсыган жыты болот. Жалтырак жашыл кадимки алагүлүк, кызыл баш алагүлүк көп учурайт. Кадимки алагүлүктү кургатып, жанчып мурдатан эле дарылыкка пайдаланылган.

**АЛАГҮҮ** (**витю́тень, лесно́й голу́бь, вя́хирь**) — көгүчкөн сымалдар тукумундагы куш. Уз. 40 *см*ге жетет. Евразияга, Түн. Африкага тараган. Карагайлуу, арчалуу токойлордо жашайт. Абдан аяр куш, топтошпостон бириндеп жүрүшөт. Бир түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**АЛА ЖӨРГӨМҮШТӨР** (**пау́ки-кресто́вки**) — жөргөмүш сымалдар түркүмүнүн уруусу. Чоңдугу ар кандай. Алардын 1000дей түрү кеңири тараган. Алардын ичинен кеңири белгилүүлөрү: кадимки ала жөргөмүш, керенелүү жөргөмүш ж. б.

**АЛА КАНАТТАР** (**пестрокры́лки**) — жөрмөктүү кыска мурут кош канаттуулардын тукуму. Уз. 3—9 *мм*. Көпчүлүгүнүн канаты ала. Төрт миңдей түрү кеңири тараган. СССРде 300дөн ашык түрү бар. Личинкалары жемиш, бакча, жашылча ж. б. өсүмдүктөргө зыян келтирет.

**АЛА КАРГА** (**воро́на се́рая**) — карга сымалдар тукумунун каргалар уруусундагы куш. Жайкысын түндүккө кетип уялап, кышында О. Азия ж. б. жылуу жерлерге келип кыштайт. Акырчикир м-н азыктанып, санитар болуп эсептелет.

**АЛА КОКУЙ ӨРДӨК** (**га́гра полоса́тая**) — кокуй өрдөктөр түркүмүндөгү куш. Тундрадан Түш. Сибирдеги тоолорго чейин мекендейт. Балыктуу көл ж-а өзөн жээгинде уялайт. Кургакта начар басат. Кез-кезде кышында Ысык-Көлдүн Кокуй-Көл деген көлүнө да келип кыштайт.

**АЛА КОҢУЗДАР** (**пестряки́**) — ылгабай азыктануучу коңуздар түркүмүнүн тукуму. Уз. 3—25 *мм*. 3300гө жакын түрү кеңири, көбүнчө тропик алкактарында тараган. СССРде 55 түрү кезигет. Чоңдору дарак кабыгы ж-а гүлдөрүндө жашайт. Курт-кумурска ж-а чаңча м-н азыктанат. Личинкалары жырткыч. Көпчүлүк түрү (мис., кумурска сымал ала коңуз) кабыкчыл коңузду ж. б. ксилофагды кырууда колдонулат.

**АЛА КУРТ** (**алаку́рт**) — бүргөлөр түркүмүндөгү жандык. Койду чагып, «жөлөк» деген дартка чалдыктырат. Бүргө канды соруп отуруп барсайып, куртка окшоп калат (аты ушундан).

**АЛА КҮЗӨН** (**перевя́зка, перегу́зна**) — жырткыч суусар сымалдар тукумундагы сүт эмүүчү жаныбар. Анын тулкунун уз. 26—35 *см*, куйругу 11—20 *см*ге жетет. Денеси ичке, узун, буттары кыска, жүнү жумшак, түсү темгилдүү сары, куйругу үлпүлдөк. Евразияга тараган. СССРде Кара деңиз боюнда, Кавказда, О. Азияда, Казакстанда, Алтайда, Тувада кезигет. Кемирүүчүлөр м-н азыктанат. Саны азайып баратат. СССРдин ж-а Кыргыз ССРинин Кызыл китебине катталган.

**АЛА КЫЧЫ КОҢУЗ** (**нарывник-милабри́с**) — кычы коңуздар тукумундагы уулуу коңуз. Уз. 8—25 *см*. Денеси кара, жалтыраган көк же жашыл. Канат жапкычы кызыл же сары чаар, кээде үч түстүү ала. Кавказда, О. Азия ж-а Казакстанда тараган. Буларды мал чөп м-н жеп алса, кээде уугат. Бирок личинкалары чегирткеге мителик кылып пайда келтирет.

**АЛАМАНДАР (хомяки́)** — кемирүүчүлөрдүн аламан сымалдар тукумунун тукумчасы. Уз. 5—30 *см*. Алардын 60тай уруусу, 390-го жакын түрү Австралиядан башка континенттердин баарында кездешет. СССРде 5—7 уруусунун 15 түрү (барак аламан, кадимки аламан, сары аламан, келес сымал аламан ж. б.) кезигет.

**АЛАМАН СЫМАЛДАР (хомяко́вые)** — кемирүүчүлөрдүн тукуму. Дене уз. 5 *см*ден (кидик аламан) 35 *см*ге (ондатра) жетет. Алардын 8—11 тукумчасы, 127 уруусунун 625 түрү белгилүү. СССРде 70ге жакын түрү кезигет. Австралиядан башка бардык материкте таралган. Өсүмдүк м-н, чандасы ылгабай азыктанат. Кээде айыл чарба өсүмдүктөрүнө зыян келтирет.

**АЛАМАҢЧЫКТАР (хомячки́)** — кемирүүчүлөрдүн аламандар тукумчасынын бир нече уруусунун жалпы аты. Тулкунун уз. 8,5—22 *см*, куйругу 1,5—20 *см*. Евразияда, Европанын Түш.-Чыгышында, Кореяда, Кытайдын талаа, чөлдөрүндө ж-а бадалдуу тоолорунда жашайт. СССРде 5 уруусунун 12 түрү учурайт.

**АЛА МОМОЛОЙ (пестру́шка)** — момолойлор тукумчасындагы айбан. Чыгыш Европанын, Батыш Сибирдин, Казакстандын боздоңдорунда, чөлдөрүндө жашайт. Көбүрөөк учуроочу өкүлдөрү: боздоң ала момолою, сары ала момолой ж. у. с.

**АЛА МЫШЫК (леопа́рд ды́мчатый, ко́шка длиннохво́стая)** — мышык сымалдар тукумундагы жырткыч айбан. Тулкунун уз. 62—106 *см*, куйругунуку 60—90 *см*. Түсү куйкул, таргыл. Азиянын чыргайлуу чытырман токойлоруна тараган. Азайып баратат. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**АЛАЧЫКЧЫЛАР (шала́шники)** — сайрагыч таранчылардын бейиш чымчыктары тукумуна жакын тукуму. Көбөйүү учурунда алачык жасайт (аты ушундан). Чоңдугу 22—36 *см*. Көбүнүн тумшугу катуу, куйругу кыска, буту күчтүү. Алардын 6—8 уруусунун 20дай түрү Жаңы Гвинея, Түн. ж-а Чыгыш Австралияда кезигет. Токойдо дарактарда жашоочу куштар, үйүрлөшкөндө гана жерге түшүшөт. Демейде 2 жумуртка тууйт. Ылгабай азыктанат.

**АЛА ЧЫЧКАНДАР (бурундуки́)** — тыйын чычкандар тукумундагы кемиргич айбандар уруусу. Түн. Жарым шардын токойлорунда 18 түрү жашайт. СССРде бир түрү (азия ала чычканы) кезигет. Денесинин уз. 14—15 *см*, куйругунуку 5—10 *см*. Урук, бүчүр ж-а жемиш м-н азыктанат. Токойго кыйла зыян келтирет.

**АЛДЫҢКЫ БАКАЛООРДУУЛАР (переднежа́берные)** — курсак буттуу моллюскалардын бир классчасындагы жандыктар. Мантия көңдөйү ж-а андагы органдары (бакалоор, анус, бөйрөк тешикчеси ж-а жыныс бездери) денесинин алдыңкы жагында жайгашкан (аты ушундан). Раковинасынын көлөмү 1 *мм*ден 60 *см*ге жетет, буралган, чанда калпак сымал, кээде жок. Көбүнчө деңиз ж-а океанды мекендейт, чанда тузсуз сууда ж-а кургакта кезигет.

**АЛКАК КӨЗ АЮУЛАР (очко́вый медве́дь)** — аюу сымалдар тукумундагы сүт эмүүчү. Дене уз. 1,8 *м*, бийикт. 0,8 *м*, салм. 140 *кг*га жетет. Жүнү кара, көзүнүн тегерегинде агыш алкагы бар. Түш. Америкада токойлуу тоодо кезигет. Өсүмдүк м-н азыктанат. Чанда туяктууларга кол салат. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**АЛЛИГАТОРЛОР (аллига́торы, аллига́торовые)** — крокодилдер тукуму. Уз. 1,5—6,3 *м*, салм. 85 *кг*га чейин жетет. Алардын 4

уруусу (кадимки аллигаторлор, каймандар ж. б.), 7 түрү Түн. Американын түштүгүндөгү ж-а Түш. Американын өзөндөрүндө, Азияда — Янцзы өзөнүндө жашайт. Кытай аллигатору, миссисипи аллигатору көп учурайт. Териси үчүн көп кармалган. Азыр бардык түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган. АКШ ж-а Кубада фермаларда багылат.

**АЛЛОХТОНДОР (аллохто́ны)** — башка жактан келип, ушул жерге байыр алган организмдер. Мис., опоссум Түш. Американдан келген Түн. Американын аллохтону болуп эсептелет.

**АЛТЫН МЕКИРЕ,** тикендүү мекире **(осетро́вый щип)** — мекирелер уруусундагы балык. Уз. 2 *мге*, салм. 50 *кгга* жетет. Каспий ж-а Арал деңиздеринде жашайт. Балкаш көлүндө байырлаштырылууда. Промысел объектиси. Саны өтө азайгандыктан коргоого алынды.

**АЛТЫНСАРЫ КӨР ЧЫЧКАНДАР (златокротовые)** — кемирүүчүлөрдүн ийинде жашоочу бир тукуму. Уз. 7,5—23,5 *см*, куйругу көрүнбөйт. Көзү тери жапканын астында. Жети уруусу, 15—18 түрү Түш. Америкада кезигет. Демейде жылыга 2ни тууйт. Кумдук кыртыштуу жер астында жашашат. Көбүрөөк кезигүүчү түрлөрү: кадимки алтынсары көр чычкан, кидик алтынсары көр чычкан ж. б. Алтынсары көр чычкан сымалдардын 2 түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**АЛТЫНЧЫКТАР (зла́тки)** — ылгабай азыктануучу коңуздар түркүмчөсүндөгү жалтырак, кооз коңуздар тукуму. Уз. 3—100 *мм*. Алардын 12000дей түрү көбүнчө тропикте тараган. СССРде 900гө жакын түрү кезигет. Дарак зыянкечи. Көбүрөөк зыян келтирүүчүлөрү: кандагаччы алтынчык, кара алтынчык, кызыл карагайчыл алтынчык ж. б. Букара алтынчыгы О. Азия эндеми, ал СССРдин Кызыл китебине катталган.

**АЛТЫ ТАРМАКТУУ ШУРУЛАР (кора́ллы шестилучевы́е)** — шуру полиптери классындагы бир классча. Жалгыздан же чогулуп жашаган майда полиптер. 5 түркүмү (актиниялар, кыртыштуу шурулар, мадрепордуу шурулар, зоантариялар, цериантариялар), 6 миңге жакын түрү бар. СССРдин деңиздеринде 150дөй түрү кезигет. Кызыл шуру зергерчиликте пайдаланылат.

**АЛЬБАТРОСТОР (альбатро́сы)** — бороончу сымалдар түркүмүндөгү куштардын бир тукуму. Дене уз. 85—140 *см*, канатын жайганда эни 4,25 *мге* жетет. Эки уруусу, 13 түрү көбүнчө Түш. жарым шардын деңиздеринде, бир азы Тынч океандын түндүгүндө кезигет. СССРде Ы. Чыгышка 3 түрү учуп келет. Ак альбатрос, ак жон альбатрос, кара жон альбатрос ж. б. түрлөрү белгилүү. Океан аралдарында топтошуп уялашат. Алар 5—10 жашында жетилип, жылына бирден жумуртка тууйт. Ак жон альбатрос ТКЭСтин ж-а СССРдин Кызыл китебине катталган.

**АМАЗОНКА ТОТУЛАРЫ,** амазоналар **(амазо́нские попуга́и, амазо́ны)** — тоту сымалдар түркүмүнүн уруусу. Уз. 30 *смге* жакын, куйругу чолок. Алардын 26 түрү Борб. ж-а Түш. Америкада тараган. Кишинин сөзүн жакшы туурайт, ошондуктан капаста багылат (чанда көбөйөт). Көк чеке амазона, күлгүн амазона көп кезигет. Жети түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**АМФИСБЕНАЛАР,** к. *Эки аяктуулар* макаласын.

**АМЕРИКА БАРПЫСЫ,** трупиалдар **(трупи́аловые, америка́нские и́волги)** — сайрагыч таранчылар түркүмчөсүндөгү куштар тукуму. Уз. 17—54 *см*. Тумшугунун түбү тултук, учу ичке.

Түсү кара, кызыл же сары чаар, чанда ала болот. Алардын 25 урuусу, 92 түрү Түн. ж-а Түш. Америкага тараган. Келгин куш. Токой, саз, чөлдөрдө жашайт. Көпчүлүгү кооз сайрайт, айрымдарынын ургаачылары да сайрайт. Жерге, дарактарга уялайт. Айрымдары башка чымчыктардын уясына жумуртка тууйт. Саз америка барпысынын 2 түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**АМЕРИКА КАБЫЛАНЫ (ягуáр)** — кабыландар уруусундагы, Америкада жашоочу, жолборс түспөлдүү айбан. Тулкунун уз. 2 *м*, куйругунуку 75 *см*ге жетет. Түсү сары темгил. Даракка жакшы чыгат. Туяктуулар, кемирүүчүлөр, маймылдар м-н азыктанат. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**АМЕРИКА КҮРӨК ТУМШУКТАРЫ (лопатонóсы америкáнские)** — мекире сымалдар тукумундагы балыктар уруусу. Уз. 60—130 *см*, салм. 2,5—4,4 *кг*га чейин жетет. Эки түрү (ак күрөк тумшук, кадимки күрөк тумшук) Түн. Американын өзөндөрүндө кездешет.

**АМЕРИКА ЧӨӨСҮ,** койот **(койóт)** — карышкырлар уруусундагы сүт эмүүчү жаныбар. Сыртынан карышкырга окшош. Дене уз. 90 *см*ге жетет. Жүнү саксагай. Американын талааларында ж-а боздоңунда суурдун же кашкулактын ийининде жашайт. Коён, чычкан, тарп жейт.

**АМЕБАЛАР (амёбы)** — тамыр буттуулар чоң классындагы бир клеткалуу жандыктар классы. Скелети ж-а раковинасы жок. Чоңдугу 20—700 *мкм*. Тузсуз, мала туздуу деңиз сууларында кеңири таралган, чанда жээктеги кумда, топуракта жашагандары да бар. Бактерия, бир клеткалуу балырлар, майда жөнөкөйлөр м-н азыктанат. Кээ бир түрү муунак буттуулардын, балыктын, жерде-сууда жашоочулардын, куштардын, сүт эмүүчүлөрдүн митеси. Бутактуу амёба, бүдүрлүү амёба, дизентерия амёбасы ж. б. түрлөрү белгилүү. Кээ бир түрү жаныбар ж-а киши ооруларын пайда кылат.

**АМУРЛАР (амýры)** — каңылтыр балыктар уруусу. Уз. 70—120 *см*, салм. 30—32 *кг*га чейин жетет. Чыгыш Азиянын өзөндөрүндө 2 түрү (ак амур, кара амур) жашайт. Чөп жейт, бат чоңоёт. Балык чарбасында багылат.

**АМФИБИЯЛАР,** к. *Жерде-сууда жашоочулар* макаласын.

**АНАКОНДАЛАР (анакóнды)** — муунткучтар тукумундагы жыландар уруусу. Азыркы жыландардын эң ириси, уз. 11 *м*ге жетет. Жону боз ала, капталында майда күрөң темгилдери бар. Үч уруусу Түш. Американын тропигиндеги өзөндөрдүн жээктеринде, саздарда жашайт. Ар кандай омурткалуулар, кемирүүчүлөр, таш бакалар, сүзгүч куштар, балыктар м-н азыктанат. Жумуртка тирүү тууйт (28ден 42ге чейин), чанда жумуртка таштайт. Көп учуроочу өкүлү: кадимки анаконда.

**АНАМНИЯЛАР (анáмнии)** — түйүлдүгүнүн амнион чели жок, жөнөкөй түзүлүштүү омурткалуу жаныбарлар (оймок ооздор, балыктар, амфибиялар).

**АНАТÓМИЯ (анатóмия)** — организмдин түзүлүшүн иликтөөчү илим.

**АНАЭРОБДОР (анаэрóбы)** — кычкылтексиз чөйрөдө жашай алуучу организмдер.

**АНДРОГЕНÉЗ (андрогенéз)** — организмдердин көбөйүү түрү. Мында түйүлдүктүн өөрчүшүндө жумурткага сперматозоид алып

келген эркектин ядросу катышат, ал эми ургаачыныкы катышпайт. Бир аз жаныбарларда гана байкалат, мис., чабармандарда.

**АНИМАЛДЫК ТАМАКТАНУУ** (**пита́ние анима́льное**) — айбандар м-н азыктануу; жырткычтык м-н азыктанып жашоо.

**АНКИЛОСТОМАТИДДЕР** (**анкилостомати́ды**) — стронгилус сымалдар түркүмүндөгү мите жумуру курттар тукуму. Уз. 21 *мм*ге чейин. Кишинин ж-а сүт эмүүчү айбандардын ичегисинде мителик кылат. Алардын 2 уруусу, 70тей түрү кеңири тараган. СССРде 4 уруусунун 7 түрү кезигет.

**АНТИЛОПАЛАР** (**антило́пы**) — көңдөй мүйүздүүлөр тукумундагы ача туяктуу айбандар тобу. Көбүнүн эркегинин гана мүйүзү болот. Негизинен Африкада (гну, бубал, орикс ж. б.) ж-а Түш. Азияда (нильгау, төрт мүйүздүү антилопа ж. б.) кезигет. СССРде жейрен, сайгак, зоо бөкөнү бар. Көпчүлүгүнө аңчылык кылынат. Бир катар түрүнүн саны азаюуда, кээ бири коргоого алынган.

**АНЧОУСТАР** (**анчо́усы**) — анчоус сымалдуулар тукумундагы балыктар уруусу. Жон сүзгүчү кичине, оозу чоң. Денеси жумуру, уз. 15—20 *см*. Алты түрү жер шарынын мелүүн алкактарында жээкке жакын жашайт. СССРде 2 түрү кезигет. Көп өлкөлөрдө кармалат. Австралия анчоусу, европа анчоусу, калифорния анчоусу, кара деңиз анчоусу ж. б. көп кезигет.

**АҢЫР** (**о́гарь, ата́йка, кра́сная у́тка**) — өрдөктөр тукумундагы куш. Уз. 60 *см*ге жакын. Түсү куйкул сары, башы агыш. Түш. Европада, Түн. Африкада ж-а Азияда тараган. Кыргызстандын тоолорундагы көлдөргө жазында келип, жээктеги коңулдарга, ийиндерге уя салып балапандарын чыгарат.

**АПОЛЛО́Н**(**аполло́н**) — желкин калдыркандар тукумундагы көпөлөк. Канатын жайганда эни 70—90 *мм*. Кавказдын, Европанын, Сибирдин тоолуу аймактарына тараган. Саны азаюуда. Көп өлкөлөрдө коргоого алынган. СССРдин Кызыл китебине катталган.

**АПОМИ́КСИС** (**апоми́ксис**) — организмдердин жыныссыз жол м-н көбөйүүсү.

**АПОСТОМА ИНФУЗОРИЯЛАРЫ** (**инфузо́рии апостома́ты**) — инфузориялар классындагы майда жандыктардын деңизде жашоочу тобу.

**АППАК ЭЧКИ** (коза́ сне́жная) — көңдөй мүйүздүүлөр тукумундагы тоо кийик. Тулкусунун уз. 150—175 *см*, бийикт. 90—105 *см*. Эркек, ургаачысынын мүйүзү бирдей (90 *см*че). Жүнү узун, калың, тыбыттуу. Түн. Американын зоолуу тоолорунда жашайт. Чөп, бадал ж-а дарак бутагы м-н азыктанат. Жылына 1 (чанда 2) улак тууйт. Саны азаюуда.

**АППЕНДИКУЛЯРИЯЛАР** (**аппендикуля́рии**) — челдүүлөр тибинин классы. Чоңдугу 0,5 *мм*ге жетет. Денеси тулкудан, куйруктан турат. Деңиз планктону. Хордасы, нерв сөңгөгү ж-а туура булчуңу бар. Алтымыштай түрү бардык деңиздерде, океандарда кезигет.

**АРАА МУРУН СЫМАЛДАР** (**пилоносообра́зные**) — акулалар чоң түркүмүндөгү балыктар түркүмү. Жалгыз тукуму араа мурундардын 2 уруусу, 4—5 түрү Инди ж-а Тынч океандардын жылуу сууларына тараган. Уз. 1,5 *м*ге жетет, денеси жумуру Көбүрөөк учуроочу өкүлү: япон араа мурунy.

**АРАА ТУМШУК КӨӨКӨРЧӨКТӨР** (**пилорылообра́зные**) — көөкөрчөк балыктар түркүмү. Уз. 6 *м*ге жакын, салм. 2400 *кг*га жетет. Денеси жалпагыраак. Жалгыз тукумунун 1 уруусу,

7 түрү бардык океандардын, деңиздердин жылуу сууларында ж-а жылуу өзөндөрдө жашайт. Кадимки араа тумшук, австралия араа тумшугу ж. б. белгилүү.

**АРАМ ӨРДӨКТӨР (поганкообра́зные)** — суучул куштар түркүмү. Уз. 22—60 *см*. Канат, куйругу чолок, сууга жакшы чумкуйт. Канаты кыска, суунун үстүндө чуркап барып учуп чыгат, тез учат. Жалгыз тукумунун 4—6 уруусу, 20га жакын түрү уюлдардан башка жерлердин көл ж-а өзөндөрүндө кеңири тараган. Уясы суу үстүндө калкып жүрөт. Моногамдар 2—8 жумуртка тууйт. Эркек, ургаачысы басат. Майда балык, суу омурткасыздары м-н азыктанат. Ири арам өрдөк, кер жаак арам өрдөк, кидик арам өрдөк, кулактуу арам өрдөк ж. б. көп кезигет.

**АРАНЕОЛО́ГИЯ (аранеоло́гия)** — зоология илиминин жөргөмүштөрдү иликтөөчү тармагы.

**АРБАК СЫМАЛДАР (лемури́ды, лему́ровые)** — маймыл сөрөйлөр түркүмчөсүндөгү, көздөрү алайган айбандар тукуму. Тропик алкактарындагы токойлордо жашайт. Тулкунун уз. 13—50 *см*. Арткы буту алдыңкысынан узун. Жүнү калың, кара, күрөң. Тумшугу узун. Алты уруусунун (жоош арбактар, кадимки арбактар, келбеттүү арбактар ж. б.) 14—16 түрү Мадагаскарда ж-а анын тегерегиндеги аралдарда жашайт. Көбүрөөк кезигүүчү түрлөрү: ала арбак, кара арбак, кадимки арбак, кызыл боор арбак ж. у. с. Саны азаюуда. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**АРГА́ЛИ (арга́ли)** — кулжалардын бир түрчөсү. Койдун түпкү теги. Алтай тоосунда жашайт.

**АРГОНАВТТАР (аргона́вты)** — спруттар тукумундагы моллюскалардын бир уруусу. Тулкусу 1,1—10 *см*. 4—7 түрү тропик ж-а субтропик деңиздеринде жашайт. Башка баш буттуу моллюскалардан айырмаланып, өмүрүндө бир нече жолу тукумдайт. Негизинен пелагиалдык моллюскалар м-н азыктанат.

**АРГЫН (гибри́д)** — гендери, тектери жактан ар башка белгилери бар ата-эненин жалгашуусунан жаралган организм.

**АРГЫН КУР (межня́к)** — тоок сымалдар түркүмүндөгү аргын куш. Кара кур ж-а керең курдун ортосунан келип чыккан. Тукумдабайт.

**АРЕА́Л (ареа́л)** — айбандардын же өсүмдүктөрдүн белгилүү түрү жашап турган аймак.

**АРКАР,** кулжа **(архáр)** — көңдөй мүйүздүүлөр тукумунун аркарлар уруусундагы сүт эмүүчү айбан. Дене уз. 110—120 *см*, бийикт. 65—125 *см*, салм. 25—230 *кг*. Эркегинин мүйүзүнүн уз. 67—190 *см*, түбүнүн жоондугу 22—50 *см*, салм. 30 *кг*га жетет. Ургаачысынын чанда кичирээк мүйүзү болот. Жер Ортолук деңиз жээгинде Алдыңкы, Борб., Түн.-Чыгыш ж-а бир азы Түн. Азияда кезигет. СССРде анын 10 түрчөсү бар. Бардык жерде саны азаюуда. Аркардын 7 түрчөсү ТКЭСтин ж-а СССРдин, Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине катталган.

**АР КЫЛ ТҮКТҮҮ ИНФУЗОРИЯЛАР (инфузо́рии разнореснúчные)** — инфузориялар классындагы майда жандыктар түркүмү. Чоңдугу 10—20 *мкм*. Булар түктөрүнүн жардамы м-н сууда кыймылдап, сүзүп жүрөт.

**АРОМОРФО́З (ароморфо́з)** — эволюциялык процессте организмдердин түзүлүшүнүн ж-а функциясынын татаалдашы морфофизиологиялык прогресске, жакшырууга алып келет деген эволюциялык концепция.

**АРСТАН (лев)** — мышык сымалдар тукумунун кабыландар уруусундагы жырткыч сүт эмүүчү. Тулкунун уз. 180—240 *см*, куйругунуку 60—90 *см*, салм. 180—227 *кг*. Денеси чымыр, шыңкыйган, мүчөлөрү москоол, жүнү кыска, түсү куйкул. Эркегинин моюну, омуроосу узун, калың, каралжын жал м-н капталган. Мурда Африкага, Түш. Европага, О. Азияга тараган болсо, азыр ареалы абдан тарыган. Азыр Борб. Африкада ж-а Индиянын кээ бир жерлеринде эле учурайт. Кыйла түрчөлөрү — бербери арстаны, индия арстаны, массай арстаны, перси арстаны ж. б. белгилүү. Бардык жерде корголууда. Индия арстаны ТКЭС-тин Кызыл китебине катталган.

**АРСТАН ЧЫМЫНДАР (льви́нки)** — омуроосу түктүү чымындардын бир тукуму. Уз. 4—18 *мм*. 1500дөн ашык түрү көбүнчө тропик ж-а субтропикте жашайт. СССРдеги 200гө жакын түрү токойлуу, нымдуу жерлерде кезигет. Личинкасы сууда же топуракта өөрчүйт.

**АРХЕОПТЕ́РИКС (археопте́рикс)** — кескелдирик куйрук куштардын тукум курут болгон уруусу. Чоңдугу сагызгандай болгон. Анын скелети биринчи жолу Баварияда (Германия) табылган (1861).

**АРХОЗАВРЛАР (архоза́вры)** — байыркы кескелдириктердин бир тобу. Пермдин аягынан баштап белгилүү. Архозаврлар куштардын түпкү теги.

**АРЫС (горноста́й)** — суусар сымалдар тукумунун арыс чычкандар уруусундагы жырткыч айбан. Тулкунун уз. 17—32 *см*, куйругунуку 22—26 *см*. Жүнү кышында ак, жайында куйкул сары, куйругунун учу дайым кара. Евразияга ж-а Түн. Америкага тараган. Кыргызстанда өзөн, көл жээгинде, чанда токойдо кезигет. Негизинен майда кемирүүчүлөр м-н азыктанат. Териси үчүн аңчылык кылынат.

**АРЫС ЧЫЧКАН (ла́ска)** — суусар сымалдар тукумунун арыс чычкандар уруусундагы сүт эмүүчү айбан. Тулкусу 6,5—12 *см*, куйругу 1,5—4 *см*. Жайында күрөң, кышында ак түстө болот. Евразияга ж-а Түн. Америкага тараган. Кыргызстанда да кезигет. Жырткыч, майда кемирүүчүлөр м-н азыктанат. 3—10, демейде 4—7ни тууйт. Промыселдик мааниси жокко эсе.

**АСПИДОГАСТРЕЯЛАР (аспидогастре́и)** — жалпак курттардын бир классы. Уз. 1—10 *мм*. Моллюскаларда, балыктарда, омурткасыз жандыктарда мителик кылат.

**АСТЕРОЗОАЛАР (астерозо́и)** — тикен терилүү жандыктардын бир типчеси. Жылдыз сымал формада болуп, эркин жашоочу деңиз жандыгы. Бардык астерозоалар бентостор. Үч классы — деңиз жылдыздары, жылан куйруктар ж-а тукум курут болгон сомастероиддер бар.

**АСЦИДИЯЛАР (асци́дии)** — челдүүлөр тибиндеги деңизде жашоочу жандыктар классы. Уз. 0,1 *мм*ден 30 *см*ге чейин. Денеси кап сымал, төмөн жагы м-н деңиз түбүнө бекийт. Жогору жагында ооз ж-а клоака тешиктери жайгашкан. Жүздөй уруусу, 200чө түрү бардык деңиздерде тараган.

**АТАВИ́ЗМ (атави́зм)** — организмдин байыркы тегинин эволюция процессинде жоголуп калган морфологиялык белгилеринин урпактарында кайра кайталанышы.

**АТЕРИНА СЫМАЛДАР (атеринообра́зные)** — накта сөөктүү балыктар түркүмү. Уз. 4—50 *см*. Тропик ж-а субтропиктердин

туздуу ж-а тузсуз сууларында 5 тукумунун 40ка жакын уруусунун 180ден ашык түрү жашайт. Зоопланктон м-н азыктанат. СССРдин Кара, Каспий, Арал деңиздеринде 2 түрү кезигет. Көбүрөөк учуроочу өкүлдөрү: атерина-изо, калифорния атеринасы, кара деңиз атеринасы, каспий атеринасы ж. б. Кээ бири промысел объектиси ж-а аквариумда багылат.

**АУЛОП СЫМАЛДАР (аулóповые)** — деңизде жашоочу миктоф сымал балыктар түркүмүнүн тукуму. Уз. 50—60 *см*. 1—2 уруусунун 8ге жакын түрү жылуу деңиздердин жээкке жакын түбүндө жашайт. Аулоп уруусунун өкүлдөрү (шоона канат аулоп, химе) көп кезигет. Японияда кармалат.

**АУРЕЛИЯЛАР (аурéлии)** — табак сымал медузалардын бир түрү. Медузанын чатыры тунук, саргыч, кызгылтым, диаметри 40 *см*ге жетет. Чатырынын кырында көптөгөн тинтүүрү ж-а 8 тең салмак органы (статоцист) жайгашкан.

**АУТОТОМИЯ**, к. *Автотомия* макаласын.

**АФÁГИЯ (афáгия)** — азыктанбай жашай берүү, курт-кумурскалардын өөрчүү стадиясынын бири, сетерденүү (пиллачы көпөлөктүн сетери) мезгилинде алар азыктанбайт.

**АФАНИЯЛАР (афанúи)** — каңылтыр тиштүү балыктар тукумундагы майда балыктар уруусу. Аквариумда өстүрүлөт.

**АФЕЛИНУСТАР (афелúнусы)** — хальциддер чоң тукумундагы курт-кумурскалардын (алты буттуулардын) уруусу. Уз. 0,5—1,5 *мм*, денесинде кара же сары тактары бар. Чөп биттеринин митеси. Кээ бир түрү алма зыянкечи — кызыл бит м-н күрөшүүдө атайын көбөйтүлөт.

**АФИДИИДДЕР (афидиúды)** — мите жаргак канаттуулар түркүмчөсүндөгү курт-кумурскалардын (алты буттуулар) тукуму. 400гө жакын түрү кеңири тараган, айрыкча чөп биттери көп жерде кезигет. СССРде 130га жакын түрү учурайт. Чөп битинин митеси болуп пайдалуу.

**АФИОН СЫМАЛДАР (афиóновые)** — океандын тереңинде жашоочу балыктар тукуму. Көзү көрбөгөн майда балыктар. Алардын 6 уруусу, 13 түрү белгилүү. Промыселдик мааниси жок.

**АФИОСЕМИОНДОР (афиосемиóны)** — каңылтыр тиш түспөлдөр түркүмүндөгү балыктар тукуму. Денеси капталынан кысыңкы келип, созулуңку, майда балык. Ондогон түрлөрү Африканын тузсуз, майда көлчүктөрүндө жашайт. Көлчүк солуганда өлүп калат, кийинки жаанчыл мезгилде кургакчылыктан өткөн икрасынан балык жетилет. Кооз болгондуктан аквариумда багылат.

**АФРЕДОДЕР СЫМАЛДАР (афредодéровые)** — перкопс сымалдар түркүмүндөгү майда балыктар тукуму. Азыр жалгыз түрү — саян афредодери кезигет. Калгандарынын тукуму курут болгон. Уз. 10—12 *см*. Түн. Американын өзөндөрүндө, көлмөлөрүндө кезигет.

**АФРИКА ЖЕЙРЕНИ (газéль Грáнта)**— көңдөй мүйүздүүлөр тукумунун жейрендер тукумчасындагы айбан. Тулкусу 140—175 *см*, бийикт. 80—100 *см*, салм. 35—85 *кг*. Мүйүзү тик, куйругу чолок. Чыгыш Африканын боздоңдорунда тараган. Саны азаюуда.

**АФРИКА СҮЛӨӨСҮНҮ**, сервал (**сервáл**) — мышыктар уруусундагы жырткыч айбан. Уз. 1 *м*, куйругу 30 *см*ге, салм. 16 *кг*га жетет. Кулактары чоң, буттары узун. Түсү куйкум, кара теңгилдүү, таргылдуу. Африканын чыргалжыңдуу токойлорунда кезигет.



БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
университета
822947

Желиндүү айбандар, куштар, кемирүүчүлөр м-н азыктанат. Терисин алуу үчүн аңчылык кылынат. Саны азаюуда.

**АФРИКА ЧАМУСУ (бу́йвол африка́нский)** — көңдөй мүйүздүүлөр тукумунун чамустар уруусундагы айбан. Тулкусу 240—280 *см*, бийикт. 120—180 *см*, салм. 1200 *кг*га жетет. Африкада Сахарадан түштүктү карай кезигет.

**АХАТИНА СЫМАЛДАР (ахатини́ды)** — тинтүүр көздүү моллюскалар тукуму. Кургакта жашоочу үлүлдөрдүн эң ириси. Раковинасынын бийикт. 1,5—20 *см*ге, сойлоп чыккан денесинин уз. 30 *см*ге чейин жетет. Африкада, Сан-Томе ж-а Принсипи аралдарында, 1 уруусу Мадагаскарда кезигет. Ири ахатина Чыгыш Африканын тропигинде, субтропигинде жашайт. Бал камыш ж. б. айыл чарба өсүмдүктөрүн жеп зыян келтирет.

**АЧА КУЙРУКТАР (тику́шки)** — маарак сымалдар түркүмүндөгү ачакей куйрук чулдуктар уруусу. Дене түспөлү чабалекейге окшош. Канаты узун, тумшугу жалпак, оозу чоң. Эркек, ургаачысынын түсү окшош, жону кочкул боз, боор жагы агыш, жемсөөсүнүн тегерегинде кара чийини бар, оозунун кычыгы кызыл. Уз. 17—28 *см*. Жети түрү Америка континентинен башка бардык жерлерде тараган. Курт-кумурска м-н азыктанат. СССРде 3 түрү — боздоң ача куйругу, сары желке ача куйрук, шалбаа ача куйругу кезигет.

**АЧА КУЙРУКТУУЛАР (дро́нговые)** — таранчы сымал чымчыктар тукуму. Уз. 18—33 *см*. Тумшугунун үстүндө кичине илмеги, оозунун тегерегинде учуп жүрүп жемин кармоочу башка чымчыктардыкындай түктөрү бар. Кай бирлери үрпөк. Тез учат. Түсү кара. Эки уруусу, 20 түрү Азиянын, Австралиянын ж-а Африканын тропиктерине тараган. Кадимки ача куйруктуулар уруусу, кара-ача куйруктуу, үрпөк ача куйруктуу ж. б. түрлөрү көп кезигет. Негизинен курт-кумурскалар м-н азыктанат.

**АЧА МҮЙҮЗ**, ача мүйүз антилопа **(вилоро́г)** — кепшөөчүлөр түркүмүндөгү сүт эмүүчү айбан. Тулкусу 100—130 *см*. Эркегинин кыска, учу ача, жоон мүйүзү бар. Ургаачысыныкы кичирээк. Түн. Америкада жашайт. Үйүрү м-н жашоочу полигам айбан. Демейде экини тууйт. Эки түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**АЧА ТУЯКТУУЛАР (парнокопы́тные)** — желиндүү (сүт эмүүчү) айбандар түркүмү. Булардын 3- ж-а 4-манжалары жакшы өөрчүгөн, каптал манжалары (демейде экөө) начар өөрчүп, бириничиси жок. Сыртынан туяк м-н капталып, 3- ж-а 4-манжасынын ортосунан ачаланып турат. Эки түркүмчөсү (кепшөөчүлөр, кепшебөөчүлөр), 85 уруусу, 150 түрү бардык жерлерге тараган (Австралия ж-а Жаңы Зеландияга алынып келинген). СССРде 13 уруусунун 22 түрү кезигет. Көпчүлүгү (уй, кой, эчки) үйдө багылат. 21 түрү, 14 түрчөсү ТКЭСтин, 10 түрү, 2 түрчөсү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**АЮУЛАР (медве́жьи)**—сүт эмүүчү (желиндүү) жырткыч айбандар тукуму. Денеси москоол, башы чоң, тумшугу узунураак. Буттары чоң, беш манжасынын учунда тырмагы бар. Куйругу кыска. Жүнү калың. Булардын азыр 4 уруусу (алкак көз аюулар, накта аюулар, шалпык аюулар ж. б.) бар. СССРде 3 түрү — ак аюу, ак төш аюу, күрөң аюу кезигет. Тропик токойлорунан Арктикага чейин мекендейт. Түштүктө жашоочулары өсүмдүк м-н азыктанат, түндүктөгүлөрү эт жейт же ылгабай азыктанат.

30—40 жыл жашайт. Саны азаюуда. Аюулардын 5 түрү, 3 түрчөсү ТКЭСтин ж-а СССРдин, ал эми тянь-шань аюусу Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине катталган.

**АЮУ ТҮКТӨР (медве́дицы)** — шайтан көпөлөктөр тукуму. Канатын жайганда эни 30—80 *мм*. Эжеке бээ саалары өтө түктүү. Аюу түктөрдүн 7000ден ашык түрү көбүнчө тропикте жашайт. СССРде 100гө жакын түрү кезигет. Полифагдар, чөп өсүмдүгүнүн жалбырагы м-н азыктанат. Кадимки аюу түк, кочкул аюу түк, Кайя аюу түгү ж. б. көп кезигет. Жайыт аюу түгү чөпкө, а. ч. өсүмдүгүнө зыян келтирет. Аюу түктөрдүн 4 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**АЮУЧУКТАР (медве́дки)** — түз канаттуу курт-кумурскалардын (алты буттуулардын) тукуму. Уз. 25—60 *мм*. Алдыңкы буттары жер казууга ылайыкталган, 46 түрү бардык континентте кезигет, топуракта жашайт. СССРде 3 түрү: кадимки аюучук, бир тикендүү аюучук, ыраакы чыгыш аюучугу бар. Ургаачысы жумурткасын таштоо үчүн жерге тереңдиги 10—20 *см* болгон ийин казат. Айыл чарба өсүмдүгүнө зыян келтириши мүмкүн.

**АЯКСЫЗ АМФИБИЯЛАР (земново́дные безно́гие)** — амфибиялардын бир түркүмү. Кургакта жашай алат. Уз. 30—125 *см*. Ийинде жашагандыктан денеси курттукундай узун, муунактуу, териси былжырлуу, жылбышкак. Аяктары жок, куйругу кыска. Көзү тери м-н жабылып, чанда сөөк м-н тосулуп турат. Кулак тарсылдагы ж-а ортоңку кулагы жок, бирок жыт сезүү ж-а сезүү органдары жакшы өөрчүгөн. Алардын 37 уруусу, 170тей түрү Африка, Азия, Американын нымдуу тропигинде тараган. Майда омурткасыздар м-н азыктанат.

# Б

**БААРЧЫН БҮРКҮТ (орёл-бе́ркут)** — бүркүттөр уруусундагы кыраан куш. Уз. 90 *см*ге, канаттарынын эни 2 *м*ге жетет. Евразиянын, Түн. Африканын ж-а Түн. Американын токойлорунда тараган. Кыргыздар, казактар кармап, таптап, коён, түлкү, карышкырга салат. Саны азайып кеткен. СССРдин Кызыл китебине катталган.

**БАБИРУ́ССА (бабиру́сса)** — доңуздар тукумундагы сүт эмүүчү айбан. Тулкусу 1 *м*ге жакын. Жырткыч азуусу абдан узун, өйдө кайрылып, кээде чекесине тийип турат. Малайя архипелагында кезигет. Саздуу токойдо ж-а суу жээгиндеги өсүмдүк арасында топтошуп жашайт. Саны азайып кеткен. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**БАБЫРГАН ТОТУЛАР**, к. *Тоту куштар* макаласын.

**БАГЫШ (лось)** — бугулар тукумундагы сүт эмүүчү айбан. Бугулардын эң ириси. Тулкунун уз. 3 *м*ге, бийикт. 2,3 *м*ге, салм. 570—600 *кг*га чейин жетет. Башы чоң, үстүңкү эрди калың. Мүйүзү ири, күрөк сымал, ургаачысынын мүйүзү болбойт. Кышында түсү күрөң, жайында кочкул, буту агыш. Евразия ж-а Түн. Американын токойлорун мекендейт. Буту узун болгондуктан калың кар ж-а сазда оңой басат. СССРде багышты колдо багуу боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

**БАДАЛ БӨРСӨЛӨРҮ (куста́рниковые валла́би, падемело́ны)** —

бөрсөлөр тукумундагы баштыкчан сүт эмүүчүлөр (желиндүүлөр) урууcу. Үч түрү (дама, квокка, падемелон) Австралияда жашайт. Эти үчүн аңчылык кылынат, кырып жиберишкендиктен, азыр сейрек учурайт. Көбүнчө зоопарктарда багылууда. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**БАДИС СЫМАЛДАР (бадисо́вые)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 7—9 *см.* Түш. Азия көлмөлөрүндө жашоочу майда балыктар. Бир урууcу (бадистер) бар. Алар кооз болгондуктан аквариумда багылат.

**БАДЯГАЛАР (бадя́ги)** — оттук мүйүз былпылдактардын тукуму. Сары, жашыл же күрөң түстүү, балырга анча-мынча окшош, кээде бутактуу. Он алты урууcу, 94 түрү суу түбүндөгү ар кандай нерселерге жабышып өсөт. СССРдин көлдөрүндө, өзөндөрүндө 9 түрү кезигет. Бадягалардын кургатылган күкүмү медицинада колдонулат.

**БАЗИЛИХТТЕР (базили́хты)** — атерина сымалдар түркүмүндөгү балыктар урууcу. Чоңдугу 15—30 *см*дей. Эти даамдуу. Түш. Америка өлкөлөрүндө көп кармашат.

**БАЙКУШ СЫМАЛДАР (козодоеобра́зные)** — куштар түркүмү. Тумшугу кыска, оозу чоң, оозунун тегерегинде чымын-чиркейди кармашына жардам берүүчү түкчөлөрү бар. Түнкүсүн чырылдап же кыйналган кишиче кыңкыстап үн салып учуп жүрүп, күндүз «байкуш» болуп үргүлөп жерде отурат. Беш тукуму, 93 түрү жер жүзүндө кеңири тараган. СССРде байкуш сымалдардын 3 түрү, анын ичинен кадимки байкуш көп кезигет. Анын уз. 28 *см*ге жетет. Токой четинде, боздоң жерлерде жашайт. Эки (чанда 3) жумуртка тууйт. Жөжө чыгарат. Май сараганын кырат. Пуэрторика байкушу ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**БАЙЫРЛАНУУ**, акклиматташуу **(акклиматиза́ция)** — организмдердин жаңы же өзгөрүлгөн чөйрө шартына ыңгайланып, анда алар өөрчүүнүн бардык стадиясын өтүп ж-а тукум калтырышы. Байырлашуу организм жаңы чөйрөгө келгенде болот. Жаныбарлардын байырлашуусунда климаттык факторлордон (абанын температурасы ж-а нымдуулугу, жаандын өлчөмү, жарык ж. б.) башка дагы душманынын, азыгын табууда конкуренттин, жыл мезгилине жараша жашырынуучу жайынын болушу маанилүү. Байырлашуу жапайы жаныбарлар капысынан жер которгондо, мис., жаныбарлар миграциясында (табигый байырлашуу), о. эле бакма жаныбарларды бир жерден экинчи жерге алып барганда болот (жасалма байырлашуу). Европага каштан м-н ак акациянын тарашы, СССРде америка суу суусары м-н сазчыл кунунун жашап калышы байырлашуунун ийгиликтүү натыйжасы.

**БАКАЛАР (лягу́шки)** — куйруксуз жерде-сууда жашоочулар тукуму. Уз. 3 *см*ден 32 *см*ге чейин. Үстүңкү жаагы тиштүү, денеси жалпак, көзү тосток. Алардын 46 урууcу, 555 түрү Түш. Америка, Түш. Австралиядан башка жерлердин баарында кезигет. СССРде 10 түрү бар. Накта бакалар, мүйүздүү бакалар, куйруктуу бакалар, сибирь бакасы, саз бакасы кеңири белгилүү. Негизинен чымын-чиркейлер м-н азыктанат. Көл бакасы кээ бир өлкөлөрдө тамакка пайдаланылат.

**БАКАЛООР (жа́бра)** — сууда эриген кычкылтек м-н дем алуучу жаныбарлардын дем алдыргыч органы.

**БАКАЛООР БУТТУУЛАР (жаброно́гие)** — өтө жөнөкөй түзү-

лүштүү рак сымалдар классчасы. Фасеттүү көзү бар. Жалбыракка окшош буттарынын жардамы м-н сүзөт, дем алат, азыктанат. Эки түркүмү (бакалоор буттуулар, жалбырак буттуулар), 700гө жакын түрү көбүнчө тузсуз сууларда жашайт.

**БАКАЛООРУ М-Н ДЕМ АЛУУЧУЛАР (жабродышащие)** — муунак буттуулардын типчеси. Жалгыз классы (рак сымалдар) бар. Бакалоору м-н дем алат. Кургакта жашоочуларынын (мис., эшек курттун) өзгөчө трахеясы бутунун башында жайгашкан. Аларга башында эки жуп мурутчасы — антенналардан болушу мүнөздүү.

**БАКА ООЗ БАЙКУШТАР (совиные лягушкороты)** — байкуш сымалдар түркүмүндөгү куштар тукуму. Кичинекей, үкүгө окшош, бирок куйругу узун чымыр куштар. Эң ирилеринин уз. 30 *см*ден ашпайт. Жалгыз уруусунун 5 түрү Австралияда ж-а анын тегерегиндеги аралдарда жашайт. Көбүрөөк белгилүүсү: үрпөк бака ооз байкуш.

**БАКА ООЗДОР (лягушкороты)** — байкуш сымалдар түркүмүндөгү куштар тукуму. Уз. 22—50 *см*. Курт-кумурска, ирилери чычкандар м-н азыктанат. Эки уруусунун 12 түрү Индостан жарым аралынан Австралияга чейин тараган. Ява бака оозу, куйкул бака ооз көп учурайт.

**БАКА ТИШТЕР (лягушкозубы)** — бурч тиштүүлөр тукумундагы куйруктуу жерде-сууда жашоочулар уруусу. Уз. 20 *см*ге жетет. Бардыгы 2 түрү бар. СССРде 1 түрү (жети-суу бака тиши) Жунгар Ала-Тоосунун эндеми. Курт-кумурска м-н азыктанат. Бул түр СССРдин Кызыл китебине катталган.

**БАКАЧЫ (скопа)** — шумкар сымалдар түркүмүндөгү куш. Уз. 60 *см*ге жетет. Тырмактары узун, ичине имерилген, курч. Африка ж-а Түш. Американын тропиктеринен башка жерлерде кеңири тараган. СССРде тундра, талаа ж-а бийик тоолордон башка бардык жерде сейрек кезигет. Кудуп барып суудан балык эңет. Көлмө жээктерин мекендейт. СССРдин Кызыл китебине катталган.

**БАКМА КАҢЫЛТЫР (карп)** — каңылтырлар түркүмүндөгү колдо багып өстүрүлүүчү балык. Жылуу көлмөлөрдө бат чоңоёт. Эки жаштагысы 1,2—2 *кг*га жетет. Чөп, зообентос м-н азыктанат. Алар 3—5 жашында көбөйө баштайт. Икрасын чөпкө таштайт.

**БАКТЕРИОЛОГИЯ (бактериология)** — микробиология илиминин бактерияларды иликтөөчү бир тармагы.

**БАКЫРАКАЙ СОЙМОҢДОР (полозы большеглазые)** — суу жылан сымалдар тукумунун уруусу. 8—10 түрү бар. Кээ биринин уз. 3,5 *м*ге жетет. Түш. ж-а Түш.-Чыгыш Азияда тараган. СССРде 1 түрү (бакыракай соймоң) Түркмөнстанда кезигет, суу бойлорунда жашайт.

**БАЛАПАНДУУ КУШТАР (птицы птенцовые)** — балапандары жумурткадан кызыл эт, алсыз чыгуучу куштар. Алар балапанын узак убакыт жылытат ж-а азыктандырат.

**БАЛ ТАПКЫЧТАР (медоуказчики, медоуказчиковые)** — доңкулдактар түркүмүндөгү чымчыктар тукуму. Канаты учтуу, тез учат. Тумшугу жоон, кээ бириники ичке, өңү боз күрөң. Уз. 10—20 *см*. 4 уруусунун 12 түрү көбүнчө Африкада ж-а Түш.-Чыгыш Азияда жашайт. Жумурткасын сакалчан чымчык ж-а доңкулдактардын уясына тууйт. Балапандарынын жаактарында тишчелери болгондуктан, уянын ээсинин балапандарын өлтүрүп салат. Бал тапкычтар курт-кумурска, аары личинкасы ж-а бал м-н азыктанат. Аарынын уюгунун жанында чырылдап сайрап,

уюк бар экенин билгизип учуп турат. Уюкту аюу же киши бузуп кеткенде, ал жердеги бал, момун жейт (аты ушундан улам).
**БАЛТА ЖУТАР,** к. *Көк жору* макаласын.
**БАЛТА ТУМШУКТАР (дубонóсы)** — мукур сымалдар тукумундагы чымчыктардын бир топ уруусу. Булардын тумшугу кабелтең, катуу данекти оңой чагат. Евразия ж-а Түн. Америкада тараган. СССРде 4 түрү кезигет. Алардын ичинен кадимки балта тумшук кеңири тараган, ал эми арча балта тумшугу О. Азия тоолорун мекендейт.
**БАЛЧЫЛ КАШКУЛАК (медоéд)** — суусарлар тукумундагы сүт эмүүчү (желиндүү) айбан. Тулкунун уз. 68—75 *см*, куйругунуку 20 *см*дей. Денеси кабелтең, буттары кыска, тырмактары узун, жер казууга ылайыкталган. Жүнү суюк, катуу. Боору кара-күрөң, жону куба. Африкада, Алдыңкы, О. ж-а Түш. Азияда тараган. СССРде Түркмөнстандын түштүгүндө кезигет. Ийинде жашайт. Майда омурткалуу жандыктар, аары ж-а сары аары балы м-н азыктанат. Саны аз, СССРдин Кызыл китебине катталган.
**БАЛЧЫЛАР (медосóсы)** — сайрагыч таранчылар тукуму. Уз. 10—35 *см*. Тумшугу ичке, бир аз ийилген. Тилинин учунда түктөрү бар, анын жардамы м-н өсүмдүк нектарын жакшы сорот. Алардын 42 уруусу, 160—170 түрү бар. Жакшы сайрайт. Өсүмдүк ширеси, чаңчасы, чымын-чиркей, майда жемиштер м-н азыктанат. Эки түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.
**БАЛЧЫКЧЫЛ БАЛЫК (и́льная ры́ба)** — балчыкчыл сымалдар түркүмүндөгү балык. Денеси жумуру, жон сүзгүчү, куйрук сүзгүчү тегерек. Түн. Американын Миссисипи өзөнүнүн алабында ж-а Гурон, Эри көлдөрүнүн түбүндөгү баткакта кезигет. Уз. 60—90 *см*ге жетет. Атмосфера абасы м-н дем алууга жөндөмдүү болгондуктан, суусуз жерде бир нече сутка жашай алат. Промыселдик мааниси жок.
**БАЛЫК ЖЫЛАНДАР (рыбозмéи)** — аяксыз курт сымал амфибиялардын тукуму. Уз. 50 *см*ге чейин жетет. Түсү кара күрөң же ачык көгүш, көзү терисинин астында. Төрт уруусу, 43 түрү Түш.-Чыгыш Азияда, Түш. Америкада тараган. Ийинде жашайт.
**БАЛЫК КУРТТАР (мшáнки)** — тинтүүрдүүлөр тибиндеги сууда жашоочу жандыктар классы. Айрым особдон — зооидден турган колонияны түзөт. Особдун назик алдыңкы бөлүгү — полипид, калың кутикалуу арткы бөлүгү цистид деп аталат. Төрт түркүмүнүн 4000дей түрү көбүнчө деңиздерде тараган. Тузсуз сууларда бир уруусу кезигет. Көбүрөөк таанымал өкүлү — байкал балык курту.
**БАЛЫК КУШ (ихтиóрнис)** — желпүүр куйрук куштардын тукум курут болгон чоң түркүмү. Булардын сөөгүнүн калдыгы СССРде Өзбекстандын чөлдөрүндө табылган, чоңдугу азыркы көгүчкөндөй, канаты жакшы өөрчүгөн, тумшугунда кадимки тиштери болгон.
**БАЛЫКТАР (ры́бы)** — жаак оздуу, сууда жашоочу омурткалуу жаныбарлардын чоң классы. Девон мезгилинен белгилүү. Балыктар көлөмү, түсү, түзүлүшү, физиологиясы боюнча өтө айырмаланат. Дене уз. *см*дин үлүшүнөн 20 *м*ден ашык, салм. 1,5 *г*дан 12—14 *т*га чейин жетет. Балыктардын органдарынын түзүлүшү ж-а кызматы, алардын экологиясы сууда жашашына тыгыз байланыштуу. Негизинен бакалоору м-н дем алат, кээ биринин гана кошумча дем алуу органы болот. Скелети сөөк же кемирчек-

түү. Жаагы жакшы өөрчүгөн. Денесинин толкун сымал кыймылы ж-а сүзгүч канаттарынын жардамы м-н сүзүп жүрөт. Эки классы (сөөктүү балыктар, кемирчектүү балыктар), 20 000ден ашык түрү Жер жүзүндөгү суулардын баарында тараган. СССРде 1400, Кыргызстанда 50дөн ашык түрү кезигет. Балыктардын көбү икра таштап көбөйөт, кээ бири тирүү тууйт. Кай бири 1—2 жыл (тез жетилүүчү балыктар), башкалары 100 жылга чейин (кертме балык) жашайт. Көпчүлүк балыктар көбөйүү, азыктануу ж-а кыштоо үчүн алыска жер которушат. Балыктар азык белогунун негизги булагы болгондуктан, кишинин тамактануусунда маанилүү орунда. Балыктар илгертен ууланып келген. Балыктардын көп түрү кишиге кол салат, кээ биринин уулуу бездери, айрым органдары уулуу болот. Балыктардын 194 түрү ТКЭСтин ж-а 9 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**БАЛЫКТЫН АНАДРОМДУК ӨРДӨШҮ (анадро́мные мигра́ции)** — балыктардын уругун чачуу үчүн деңизден, көлдөн өзөнгө, суунун агымына каршы сүзүп чыгышы (сом сымалдар, мекире балыктар).

**БАЛЫКТЫН КАТАДРОМДУК ӨРДӨШҮ (катадро́мные мигра́ции)** — кээ бир балыктын уругун чачуу үчүн өзөндөн деңизге, көлгө сүзүп келиши, мис., өзөн курт балыгынын өрдөшү.

**БАНАНЧЫЛАР,** туракалар **(бананое́ды, тура́ковые)** — күкүк сымалдар түркүмүндөгү куштар тукуму. Уз. 36—71 *см*, куйругу узун, канаты жазы, начар учушат. 5 уруусунун 18 түрү Африканын нымдуу токойлорунда тараган. Ак жаак бананчыл ж-а үрпөк бананчылдар көп кезигет. Саны азаюуда. Бир түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**БАНДИКУТТАР,** к. *Баштыкчан кашкулактар* макаласын.

**БАНТЕНГ (банте́нг)** — бодолор уруусундагы бакмалаштырылган сүт эмүүчү жаныбар. Дене уз. 2 *м*, өркөчүнөн бийикт. 1,5 *м*, мүйүзүнүн уз. 40—50 *см*, жарым айдай тегерек. Бирмада, Малакка, Инди-Кытай жарым аралдарында кезигет. Жапайы түрү Ява м-н Калимантан аралдарында гана жашайт. Бакмасы бали бодосу деп аталат. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**БАРА КАНАТТАР (лопастепёрые)** — сөөктүү балыктар классчасы. Чачыла канат балыктар м-н тектеш, сүзгүчтөрү түрпүлүү же чыбыртгы сымал. Хордасы сакталып калган, омурткасы (эгер болсо) шакекче, жарым шакекче түрүндө болот. Эки жон сүзгүчү бар. Жети түрү белгилүү.

**БАРАК КУЙРУКТАР (со́невые)** — кемирүүчүлөр түркүмүндөгү сүт эмүүчү жаныбарлар тукуму. Дене уз. 9—20 *см*, куйругунун учу саксагай, денесинен бир аз кыска. 7—8 уруусунун 13—16 түрү белгилүү. Евразия токойлорунда ж-а Африканын токой саванналарында, Японияда тараган. Ийинде жашайт. Урук, жемиш, курт-кумурскаларды жейт. Алардын жаңгакчыл барак куйрук, тикендүү барак куйрук, токой барак куйругу ж. б. түрлөрү бар. Бир түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**БАРИБАЛ,** к. *Кара аюу* макаласын.

**БАРПЫЛАР (и́волговые)** — сайрагыч таранчылар тукуму. Уз. 18—30 *см*. Эки уруусунун 28 түрү Африка, Евразия, Австралияга тараган. Жемиш, чымын-чиркей жейт, гүл ширесин сорот. Дарактарда жашап, бутактардан көрүнбөйт, сайраганы гана угулат. Алардын кеңири таралгандары: африка кара баш барпысы, балтимор барпысы, кадимки барпы, торко сары ж. б. СССРде 2

түрү кезигет. Анын бирөө — кадимки барпы же сары барпы Кыргызстандын түштүгүндө ж-а Чүй өрөөнүндө учурайт. Келгин куш.

**БАТАЧЫЛАР (богомо́ловые)** — курт-кумурскалар түркүмү. Уз. 11 *смге* жетет. Башы кыймылдуу, буттары узун, алдыңкысы бүктөлүп турат. Аны м-н жемин (курт-кумурскаларды, чегирткелерди ж. б.) кармап жейт. Алдыңкы канаты ичке, арткысы желпүүрдөй болуп бүктөлөт. СССРде 20дай түрү бар. Түсү жашыл, сары, күрөң, айлана чөйрөгө окшоп, коргоочу кызматты аткарат. 3 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**БАТРАХОЗАВРЛАР (батрахоза́вры, лягушкоя́щеры, рептилиомо́рфы)** — тукум курут болгон жерде-сууда жашоочулар классчасы. Мындагы жаныбарлардын чеңгели беш манжалуу, баш сөөгү тропибазалдык түзүлүштө болуп, көбүнүн жонунда катуу эбелектерден турган чопкуту болгон. Жөнөкөй түзүлүштүү батрахозаврларга эмболомерлер түркүмү, 5 тукум, 20дай уруу кирет, ал эми татаал түзүлүштүүлөрүнө сеймуриаморфтор түркүмү, 10 тукуму, 25ке жакын уруусу кирет. Биринчи түркүмдөгү жандыктардын дене түзүлүшү сүйрү, куйруктуу, жырткыч, ал эми экинчисиндегилери денеси кыска, буттары жоон болгон.

**БАТРОХОЛО́ГИЯ (батрохоло́гия)** — зоологиянын бакаларды изилдөөчү бөлүмү.

**БАШ КАЛКАНЫ (головно́й щит)** — кээ бир муунак буттуулардын баш бөлүгүндөгү катуу калканы.

**БАШ-КӨКҮРӨК (головогру́дь)** — кээ бир муунак буттуу жаныбарлардын баш ж-а көкүрөк сегменттери бириккен бөлүгү.

**БАШ-КӨКҮРӨК БЕЗДЕРИ (же́лезы головогрудны́е)** — чабыкчы жөргөмүштөрдүн коргонуу суюктугун чыгаруучу бездери.

**БАШ СӨӨКСҮЗДӨР (безчерепны́е)** — хордалуу жаныбарлар классы. Булардын өзүнчө бөлүнгөн баш сөөгү жок (аты ошондон). Денеси сегменттерге бөлүнгөн. Сезүү органдары өтө жөнөкөй. Жүрөгү болбойт. Алардын 20 түрү белгилүү. Атлантика ж-а Тынч океан деңиздеринде тараган.

**БАШТЫК СЫМАЛ КЕПИЧЧЕК,** к. *Кепиччектер* макаласын.

**БАШТЫКЧАН БАКАЛАР (су́мчатые ква́кши)** — даракчы бакалар тукумундагы куйруксуз жерде-сууда жашоочулар уруусу. Уз. 2—10 *см*. Алардын 20дай түрү бар. Борб. ж-а Түш. Америкада жашайт. Булардын уруктанган жумурткасын салып жүрүүчү чөнтөктөй тери баштыкчасы болот.

**БАШТЫКЧАНДАР,** баштыкчан сүт эмүүчүлөр **(су́мчатые)** — тирүү туучу сүт эмүүчүлөрдүн инфраклассы; боорунда балдарын салып чоңойтуучу баштыктары («чөнтөктөрү») бар жаныбарлар. Дене уз. 4—160 *смге* жетет. Баштыктарында эмчек үрпүсү болуп, алсыз төрөлгөн балдарын багып жетилтет. Бир түркүмүнүн 9 тукуму (баштыкчан жырткычтар, баштыкчан кумурскачылар, баштыкчан кашкулактар, бөрсөлөр ж. б.) белгилүү. Австралия, Тасмания, Жаңы Гвинея, Борб. ж-а Түн. Америкада тараган. Булардын айыл чарбага зыян келтирүүчүлөрү, о. эле пайдалуулары да (териси, эти) бар. Алардын 21 түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**БАШТЫКЧАН КАРЫШКЫР (су́мчатый волк)** — баштыкчан жырткычтар тукумундагы сүт эмүүчү жаныбар. Дене уз. 100—130 *см*. Куйругунуку 65 *см*. Буттары узун, арткысында биринчи бармагы жок. Баштыгынын оозу артка ачылат. Австралияда ж-а

анын тегерегиндеги аралдарда жашаган. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**БАШТЫКЧАН КАШКУЛАКТАР,** бандикуттар **(су́мчатые барсуки́, бандику́ты)** — баштыкчан сүт эмүүчү жаныбарлар тукуму. Дене уз. 17—50 *см*, куйругунуку 9—26 *см*, салм. 4,7 *кгга* жетет. Алдыңкы бутунун экинчи, төртүнчү манжалары узун, тырмагы курч. Арткы бутунда экинчи ж-а үчүнчү манжалары биригип, тырмагы гана бөлүнүп турат. Баштыгы артын карайт. Алардын 7—8 уруусу, 17—19 түрү Австралия, Тасманияда жашайт. Аларга доңуз аяк баштыкчан кашкулак, узун мурун баштыкчан кашкулак ж. б. кирет. Көпчүлүгү курт-кумурскалар м-н азыктанат. Эки түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**БАШТЫКЧАН КЕЛЕСТЕР (су́мчатые кры́сы)** — баштыкчан жырткычтар тукумундагы кемиргичтер уруусу. Дене уз. 12—22 *см*, куйругу 16—23 *см*. Австралия токойлорунда тараган. Аларга тарак куйруктар, чачы куйруктар кирет.

**БАШТЫКЧАН КОШ АЯКТАР,** к. *Кош аяктар* макаласын.

**БАШТЫКЧАН КӨР ЧЫЧКАНДАР (су́мчатые кроты́)** — баштыкчандар тукуму. Дене уз. 9—18 *см*. Тумшугу чор, кулагы мулук, тырмактары жер казууга ылайыкталган. Бир уруусунун 1—2 түрү Австралияда тараган. Ийинде жашайт. Омурткасыз жандыктар м-н азыктанат.

**БАШТЫКЧАН КУМУРСКАЧЫЛАР (су́мчатые муравье́ды)** — баштыкчан сүт эмүүчү жаныбарлар тукуму. Дене уз. 17—27 *см*, куйругу 13—17 *см*. Тумшугу узун, тили цилиндр сымал. Алдыңкы буттары 5 бармак, арткысы 4 бармактуу. Жалгыз уруусунун жалгыз түрү (намбат) бар. Австралиянын түш.-батышында тараган. Эвкалиптүү токойлордо жашайт. Курт-кумурска жейт. Саны азаюуда.

**БАШТЫКЧАН СУУСАРЛАР (су́мчатые куни́цы)** — жырткыч баштыкчандар уруусу. Австралияда жашайт. Дене уз. 25—75 *см*, куйругу 20—25 *см*. Баштыкчасы тукумдоо учурунда гана пайда болот. Азуулары жакшы өөрчүгөн. Алардын 5 түрү (баштыкчан суусар, квол ж. б.) Австралия, Тасманияда токой, түздүктөрдө жашайт.

**БАШТЫКЧАН СҮТ ЭМҮҮЧҮЛӨР,** к. *Баштыкчандар* макаласын.

**БАШТЫКЧАН ШАЙТАН (су́мчатый дья́вол, тасмани́йский дья́вол)** — баштыкчан жырткычтар тукумундагы сүт эмүүчү жаныбар. Дене уз. 50 *смге* жетет, куйругу 25 *см*. Өзү чоң, буттары кыска. Баштыгынын оозу арт жагына ачылат. Тасманияга тараган. Калың бадал ж-а токой арасында жашайт. Куш чарбасына зыян келтирет.

**БЕГЕМОТТОР (бегемо́ты)** — кепшебес ача туяктуу жаныбарлар тукуму. Териси калың, түгү сейрек, шыйрактары кыска, тумшугу талпагай. Дене уз. 40—45 *см*, куйругу 35—50 *см*, салм. 1,3—3,2 *тга* жетет. Сахаранын түштүгүндө тараган. Улуттук парктарда сакталган. Тобу м-н жүрөт. Алардын 2 түрү (кадимки бегемот, кидик бегемот) бар. Африканын саздуу өзөндөрүндө, көлдөрүндө жашайт. Чөп жейт. Кидик бегемот ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**БЕЗБЕЛДЕК (стре́пет)** — тоодактар тукумундагы илбээсин куш. Уз. 40 *смге* жетет. Түсү боз чаар. Европа, Түн. Африка, Түш.-Батыш Азияда, СССРде Украинада кезигет. Боздоңдордо, такыр жерлерде жашайт. Кыргызстанда да жолугат. Дың жерлер кыс-

карган сайын алардын саны да азаюуда. СССРдин Кызыл китебине катталган.

**БЕЗГЕК ЧИРКЕЙЛЕРИ (маляри́йные комары́)** — кан соргуч чиркейлер уруусу. 300дөй түрү кеңири тараган. СССРде 7 түрү кезигет. Анын ичинен кадимки безгек чиркейинин эпидемиологиялык мааниси чоң. Уз. 6—8 *мм*. Күндүз жашырынып, түнкүсүн чыгышат. Ургаачысы малдын, кишинин канын сорот. Безгек оорусун жугузат.

**БЕЗЕТКИ КУРТТАР (угри́цы)** — жумуру мите курттардын бир нече түрүнүн жалпы аты. Буларга буудайчыл безетки курту, ичеги безетки курту ж. б. кирет.

**БЕЙБЕЛЧЕК (вене́чная кость)** — туяктуу, желиндүү жаныбарлардын туяк сөөгү м-н шыйбылчак жилигинин ортосундагы кыска көңдөй сөөк.

**БЕЙИШ КАЛДЫРКАН**, к. *Кооз калдыркан* макаласын.

**БЕЙИШ ТУЛДАРЫ**, к. *Тулдар макаласын.*

**БЕЛЬДЮГАЛАР (бельдю́ги)** — бельдюга сымал балыктар тукумунун уруусу. Уз. 1 *мге* жетет. Денеси сүйрү, сырты былжырлуу. Алардын 3 түрү (америка, европа, чыгыш бельдюгалары) Түндүктөгү деңиздерде жашайт.

**БЕРМЕТ (же́мчуг)** — кээ бир моллюскалардын денесинде пайда болуучу тоголок же сүйрү катуу зат. Ал кооздук үчүн пайдаланылат.

**БЕРМЕТЧЕНДЕР (жемчу́жницы)** — кош капкалуу моллюскалар тукуму. Үлүл кабыгы (раковинасы) эки капкадан турат, сүйрү, уз. 12 *смге* жетет, түсү кара, мантиясында бермет пайда болот. СССРдин өзөндөрүндө 2 уруусу кезигет. Европа бөлүгүндөгү 1 түрү — кадимки берметчен чыгыштан Түн. Двинага чейин, даурия берметчени Камчаткадан Сахалинге, Японияга чейин тарап, таза, шар аккан өзөндөрдө жашайт. Промыселдик жаныбарлар. Булардын бермет кабыгынан седеп алуу үчүн кармалат. Японияда атайын багып, бермет алышат.

**БЕРШ (берш)** — көк серкелер уруусундагы балык. Уз. 25—45 *см*, салм. 250 *гдан* 1,4 *кгга* жетет. Көк серкелерден айырмасы астыңкы жаагында азуулары болбойт. Каспий, Азов, Кара деңиздеринин алаптарындагы суу сактагычтарда кезигет. Чабактар, планктон м-н азыктанат.

**БИЗО́Н (бизо́н)** — көңдөй мүйүздүүлөр тукумунун зубрлар уруусундагы жаныбар. Дене уз. 3 *м*, өркөчүнөн бийикт. 186 *см*, салм. 720 *кгга* жетет. Башынан омуроосуна дейре кара, арты күрөң. Зубрга окшош, жонунда өркөчү бар. Түн. Американын талаа, токойлуу талааларында жашайт.

**БИЙЧИЛЕР (толку́нчики, пля́суньи)** — түз жиктүү кыска муруттандар түркүмүндөгү курт-кумурскалар тукуму. Уз. 2—15 *мм*, 2800дөй түрү белгилүү. Алар айрыкча токойлуу жерлерде тараган. СССРде 260тай түрү кезигет. Көпчүлүгү абада бийлеп учушат (аты ушундан). Майда чымын-чиркейлерди жейт.

**БИОАКУ́СТИКА (биоаку́стика)** — жаныбарлар үнүн изилдөөчү илим.

**БИОГЕНЕЗДИК ЗАКОН (биогенети́ческий зако́н)** — ар кандай айбан өзүнүн онтогенезинде (жекече өөрчүшүндө) филогенезин (эволюция жолу м-н жаралуу тарыхынын маанилүү этаптарын) кыскача кайталайт деген жалпылама закон. Муну алгач немец окумуштуусу Э. Геккел далилдеген.

**БИРКАЗАНДАР (пелика́новые)** — бирказан сымалдар түркүмүндөгү куштар. Уз. 130—180 *см*, канаттарынын жазылыгы 3,5 *м*ге жетет. Түсү ак, кызгылтым, боз, күрөң. Куйругу чолок. Тумшугу өтө узун, учунда илмеги бар, өтө көп эт бергендиктен бирказан атыккан. Бир уруусу, 6—8 түрү белгилүү. Мелүүн ж-а тропиктик аймактарда тараган. Келгин куш. Тармал бирказан Кыргызстанда да учуп өтөт, ал ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**БИР ТИШТҮҮ КУРТТАР**, мононхтор **(моно́нхи, однозу́бы)** — аденофорей классындагы жумуру курттар уруусу. Уз. 2 *мм*дей, Чоң оозунда чоң бир тиши бар. Жырткычтык кылат. Көбүнчө башка жумуру курттардын личинкалары м-н азыктанат. Алардын 70тей түрү кеңири тараган. Эгиндин мителерине каршы биологиялык күрөшүүдө пайдаланылат.

**БИССА**, к. *Деңиз ташбакалары* макаласын.

**БИТТЕР (вши)** — кан соргуч мите курт-кумурскалар түркүмү. Уз. 1—5 *мм*. Денеси жалпак, канаттары, көбүнүн көзү жок. Оозу сайып, соргуч. Алардын 300дөй, СССРде 40ка жакын түрү бар. Буларга балык бити, бодо бити, кадимки биттер ж. б. кирет. Жаныбарлар каны м-н азыктанат.

**БОДОЛОР (быки́)** — ача туяктуу жаныбарлар уруусу. Дене уз. 180—325 *см*, куйругу 70—140 *см*, бийикт. 180 *см*, салм. 325—1200 *кг*. Уйларга окшош. Беш түрү бар. Аларга бантенг, гаур, купрей, тур, топоз кирет. Европа, Түн. Африка, Азияда жашайт. Бардыгы ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**БОДО ТАСМА КУРТУ (солитер, бы́чий це́пень)** — тасма курттар тукуму. Уз. 3 *мм*ден 10 *м*ге чейин жетет. Башында 4 соргучу ж-а илмектүү тумшугу бар. Бодонун, жырткыч сүт эмүүчү жаныбарлардын, куштардын ичегисинде мителик кылат.

**БОЗ КАЗ (се́рый гусь)** — өрдөктөр тукумундагы куш. Уз. 85—100 *см*, салм. 3—6 *кг*. Тумшугу м-н таманы кызгылт. Евразияда таралган. СССРде Эстониядан Приморьеге чейин, Волга, Аму-Дарыя, Сыр-Дарыянын делталарында, Казакстандын, Түш.-Батыш Сибирдин көлдөрүндө кезигет. Камыш арасына уялайт.

**БОЗ КИТ (се́рый кит)** — муруттуу киттер түркүмчөсүндөгү жалгыз түр. Уз. 11—13 *м*ден 15 *м*ге, салм. 30 *т*га чейин жетет. Түсү боз, ак темгилдери бар. Муруттары түссүз. Жон сүзгүчү өркөчкө окшош, көкүрөк сүзгүчтөрү жазы. Тынч океанынын түндүгүндө жашайт. СССРдин Кызыл китебине катталган.

**БОЙГАЛАР (бо́йги)** — суу жыландар тукумундагы жыландар уруусу. Үстүңкү жаагында тиштери бар. Отуздай түрү белгилүү. Түш. Азияда, Африка тропиктеринде, Австралияда тараган. Майда омурткалуу жаныбарлар м-н азыктанат. Дарак, бадалдарда жашайт. СССРде 1 түрү (индия бойгасы) Тажикстан, Түркмөнстан, Өзбекстан чөлдөрүндө кезигет.

**БООР (пе́чень)** — айрым омурткасыздар ж-а омурткалуу жаныбарлардын тамак сиңирүү безн.

**БООР КОШ ООЗУ**, к. *Фасциолалар* макаласын.

**БОРБАШТАР (сорокопу́товые)** — сайроочу таранчылар тукуму. Уз. 16—36 *см*. Тумшугунун учу алгыр куштардыкындай иймек, куйругу узун, ичке. Он эки уруусу, 72 түрү бар. Евразияда, Африкада, Түн. Америкада жашайт. СССРде 11 түрү кезигет. Алардын ичинен кидик борбаштар, накта борбаштар көп таралган.

**БОРКОЛДОЙ (барсучёнок)** — кашкулактын баласы.

**БОРООНЧУЛАР (буреве́стники, буреве́стниковые)** — бороончу сымалдар тукумундагы куштар. Ак чардакка окшош. Уз. 28—90 *см*. Деңиз үстүндө жапыз кайкып учат, кээ бирлери жакшы чумкуйт. Бороон болорун алдын ала сезишет (аты ошондон). Алардын 12 урууусу, 55 түрү Антарктидадан Арктикага чейин тараган. Көбүрөөк таралгандары кадимки бороончулар уруусунун өкүлдөрү. Аларга боз бороончу, кидик бороончу, ичке тумшук бороончу ж. б. кирет. СССРде 2 түрү бар. Сегиз түрү, 8 түрчөсү ТКЭСтин, 1 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**БОРООНЧУ СЫМАЛДАР (буревестникообра́зные, трубконо́сные)** — түтүк мурун ири куштар тукуму. Уз. 14—150 *см*. Буту сүзгүч жаргактуу. Тумшугунун учу илмектүү, жонунда бөтөнчө түтүктөн таноо чыгат. Булардын 4 тукуму белгилүү: альбатростор, бороончулар, чардак чымчыктар, чумкугуч бороончулар. Бардык океандарда ж-а ири деңиздерде кезигет. СССРде 5 түрү уялайт, келгин 13 түрү бар. Тогуз түрү ТКЭСтин, 3 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**БӨГӨНӨКТӨР (о́воды, овода́)** — жөрмөктүү кыска муруттуулар түркүмчөсүндөгү чоң курт-кумурскалардын жалпы аты. Денеси түктүү, айрымдарыныкы түгү жок. Уз. 10—18 *мм*. Көпчүлүгү жаныбарлардын ж-а кишилердин митеси. Көбүрөөк белгилүүлөрү: бөгөнөк, ак баш бөгөнөк. Булардын карын, кеңилжээр (таноо), териге зыян келтирүүчү түрлөрү бар. Алар ар кандай ылаңдарды пайда кылат.

**БӨДӨНӨ (пе́репел)** — кыргоолдор тукумундагы майда куш. Уз. 20 *см*, салм. 73—134 *г*га жетет. Европада, Африкада ж-а Түш.-Батыш Азияда тараган. СССРде Байкалга дейре кезигет. Түсү боз ала, боору агыш сары. Негизинен дан, чөп жейт. Эти желет. Кыргызстандын өрөөн ж-а ойдуңдарында көп кездешет. Бадал, куурай арасында уялайт.

**БӨДӨНӨЧҮ ТУРУМТАЙ**, мути (**мути́**) — ылаачындар уруусундагы кичинекей алгыр куш. Уз. 17—20 *см*, канаты 9 *см*, Түш. Азияда жашайт.

**БӨЖӨК (зайчо́нок)** — жапайы ж-а бакма коёндун баласы.

**БӨЙҮЛӨР (тара́нтулы)** — карышкыр жөргөмүштөр тукумундагы уулуу жөргөмүштөр. Эң эле көп кездешкени орус бөйүсү. Уз. 35 *мм*ге жетет. СССРде Кавказ, Казакстан, О. Азиянын чөл, талаа, токойлорунда жашайт.

**БӨКӨНДӨР (сайга́ки)** — көңдөй мүйүздүүлөр тукумундагы сүт эмүүчүлөр уруусу. Жалгыз түрү (кадимки бөкөн) бар. Дене уз. 110—146 *см*, бийикт. 60—79 *см*, салм. 40 *кг*га жетет. Башы чоң, тумшугу дөмпөк. Монголия ж-а Батыш Кытайда жашайт. СССРде Каспий деңизинин чыгышынан тартып Казакстандын, О. Азиянын чөлдөрүндө, талааларында кезигет.

**БӨКТӨРГӨ**, к. *Кулаалылар* макаласын.

**БӨЛТҮРҮК (волчо́нок)** — карышкырдын баласы.

**БӨРСӨЛӨР (кенгуру́, кенгуро́вые)** — баштыкчан сүт эмүүчү жаныбарлар тукуму. Дене уз. 25—160 *см*, куйругунуку 15—105 *см*, салм. 1,4—90 *кг*га жетет. Куйругу жоон, арткы аяктары узун, саны жоон. Уя баштыгынын оозу алдын карай ачылган. Секирип чуркайт. Чөп жейт, кепшейт. 15—17 уруусунун 55ке жакын түрү Австралияда, Тасманияда, Жаңы Гвинеяда тараган. Алардын ичинен даракчыл бөрсө, ири бөрсөлөр ж. б. көп кезигет. Тогуз түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**БӨТӨГӨ (желу́док мы́шечный)** — куштардын жем майдалоочу булчуңу жакшы өөрчүгөн карыны.

**БРАКОНИДДЕР (бракони́ды)** — чабандестер тобундагы мите курт-кумурскалар тукуму. Кадимки чабандестерден канатындагы жаргактары м-н айырмаланат. Уз. 1—25 *мм.* Эки миңдей түрү кеңири тараган. СССРде 3 миңдей түрү кезигет. Көпчүлүгү пайдалуу, личинкалары айыл чарба өсүмдүктөрүнүн зыянкечтерине мителик кылат.

**БРАХИОЗАВРЛАР (брахиоза́вры)** — тукум курут болгон дөө кескелдириктер уруусу. Уз. 20 *см*ден, бийикт. 12 *м*ден ашык болгон. Чөп жеген. Түн. Америкада ж-а Чыгыш Африкада жашаган.

**БРОНТОТЕРИЙ (бронтоте́рий)** — сыңар туяктуулар түркүмүндөгү тукум курут болгон сүт эмүүчү жаныбар. Бийикт. 2,5 *м*ге жеткен. Сыртынан керикке окшош болгон. Буттары кыска, тумшугунда мүйүзгө окшош өсүндүлөрү болгон. Ачык жерлерде суугa жакын жашап, чөп жеген.

**БУГУ КОҢУЗ (жук-оле́нь, рога́ч)** — бугу коңуздар тукумундагы коңуз. Эң чоң курт-кумурскалардын бири. Үстүңкү жаагы бугунун мүйүзүнө окшош (аты ошондон). Уз. 7,5 *см*ге жетет. Европа, Түн. Африканын жазы жалбырактуу токойлорунда жашайт. СССРде Украина, Дон, Кавказда кездешет. Дарак ширеси м-н азыктанат. Булардын гвинея бугу коңузу, грант бугу коңузу, кадимки бугу коңуз ж. б. түрлөрү бар. СССРдин Кызыл китебине катталган.

**БУГУЛАР (оле́невые)** — ача туяктуулар тукуму. Эркектеринин (түндүк бугуларынын ургаачыларында да) жылыга түшүп, кайра чыгуучу мүйүздөрү бар. Сыя куштарда, токол бугуларда мүйүз болбойт. Жаш мүйүзү тери м-н капталып, жетилгенде (жайдын толугунда) териси сыйрылып түшөт. Беш тукумчасы (америка бугулары, накта бугулар, мунтжактар, сыя куштар, токол бугулар), 30дай түрү Евразияда, Америкада ж-а Түн. Африкада тараган. Чөп жешет. СССРде 5 уруусунун 7 түрү кезигет. Он бир түрү, 20 түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**БУГУЧАЛАР (оленько́вые, оле́ньки)** — кепшөөчү ача туяктуулар тукуму. Уз. 70—80 *см,* бийикт. 30—40 *см,* салм. 5—15 *кг.* Мүйүзү жок. Эркегинин үстүңкү жаактарында узун, курч азуулары бар. Эки уруусунун 4 түрү Африканын, Азиянын нымдуу тропик токойлорунда жашайт. Алардын ири канчил, чаар канчил, суучул бугучар ж. б. түрлөрү бар.

**БУКА БУГУЛАР (оленобыки́)** — бурама мүйүз бөкөндөр тукумундагы бугулар уруусу. Салм. 200 *кг*дан 1000 *кг*га чейин жетет. Эки түрү (бонго ж-а канна) Африкада жашайт. Канна бонгого караганда 4—5 эсе ири.

**БУКАЧАРЛАР (бычко́вые, бычки́)** — алабуга сымал балыктар тукуму. Уз. 10 *мм*ден 35 *см*ге жетет. Эки жүздөй уруусунун 600дөй түрү тропик ж-а субтропик алкактарындагы суунун түбүндө, өзөндөрдө жашайт. СССРде 20 уруусу, 50дөй түрү Азов, Кара, Каспий деңиздеринде кезигет. Бентофаг, планктофаг же жырткычтар. Эң көп таралган түрлөрү: жалпак баш букачар, кадимки кычыкчыл букачар, мүйүздүү букачар, чаар букачар ж. б.

**БУЛАЧЫЛАР (лубое́ды)** — кабыкчылар тукумундагы коңуздар. Жетимиштей түрү бар. Түн. жарым шардын мелүүн алкактарындагы токойлордо көп учурайт. Дарак кабыктарында жашайт.

Алардын карагай булачылы, токойдун ири булачылы, токойдун кидик булачылы ж. б. түрлөрү бар. Токой чарбасына зыян келтиришет.

**БУЛБУЛДАР (соловьи́)** — таркылдактар тукумундагы куштар уруусу. Орточо уз. 16,5 *см*. Эки түрү (кадимки ж-а түштүк булбулу) бар. Европанын чыгышынан Батыш Сибирге чейин тараган. СССРдин жылуу аймактарында кезигет. Келгин куш. Түштүк булбулу Кыргызстанга да келип уялайт. Токойлуу, бактарактуу жайларга, айрыкча өзөндөрдүн бойлоруна жайгашып, уя салышат. Эркеги кубулжутуп сайрайт.

**БУЛДУРУК (саджа́)** — кара боорлор түркүмчөсүндөгү куш. Уз. 40 *см*ге жакын. Буту үч манжалуу. Борб. Азиянын бөздоңдоруна, чөлдөрүнө тараган. СССРде – Кыргызстан ж-а Казакстандын талааларында кезигет. Алардын кадимки булдурук, тоо булдуругу ж-а тибет булдуругу ж. б. түрчөлөрү бар. Кадимки булдурук СССРдин Кызыл китебине катталган.

**БУЛТАК КУЙРУК ЖУМУРУ БАШ**, к. *Жумуру баштар* макаласын.

**БУНГАРЛАР (бунгары, крайты)** – аспиддер тукумундагы уулуу жыландар уруусу. Уз. 1,5 *м*ге жетет. Уулуу тиштери кичинекей. Он эки түрү Түш. ж-а Түш.-Чыгыш Азияга тараган. Күүгүмдө тиричилик кылат. Майда омурткалуу жаныбарлар м-н тамактанат. Уусу абдан күчтүү. Булардын инди бунгары, кара бунгар, сары баш бунгар ж. б. түрлөрү көп таралган.

**БУРАМАЛАР (коловра́тки)** — жумуру курттар тибиндеги жаныбарлар классы. Дене түзүлүшү баштык сымал. Баш, тулку ж-а куйрук бөлүгүнөн турат. Чоңдугу 0,01—2,5 *мм*. Көбүнүн сыртында чопкуту бар. Эки миңдейи бардык аймакта тараган. СССРде 700гө жакын түрү кезигет. Сууларды тазалоого катышып, пайда келтирет.

**БУРАМА МҮЙҮЗ АНТИЛОПАЛАР (антило́пы винторо́гие)** — көңдөй мүйүздүүлөр тукумундагы тукумча. Мүйүздөрү буралып тик чыгат. Дене уз. 1,5—2,5 *м*, мүйүзүнүкү 55—150 *см*, өркөчүнөн бийикт. 80—180 *см*, салм. 150—100 *кг*га жетет. Алардын бонго, ири бурама мүйүз, кидик бурама мүйүз, нильгау ж. б. түрлөрү бар.

**БУРАМА МҮЙҮЗ ЭЧКИ (винторогий козёл, мархýр)** — тоо эчкилер уруусундагы жаныбар. Дене уз. 170 *см*, бийикт. 90 *см*дей, салм. 90 *кг*га жетет. Мүйүзү буралып тик чыккан. Түсү ак саргыл. Эркегинин алкымында, төшүндө сакалы бар. Иран, Афганстан, Индия тоолорунда кезигет. СССРде Пенжаб өзөнүнүн батышындагы тоолордо, аскаларда жашайт. Жоголуп бараткан түр. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**БУРМАКЕЛЕР (вьюно́вые)** — каңылтыр сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Денеси сүйрү, уз. 15—30 *см*ге жетет. Түрпүсү майда же болбойт. Ууртунда 6—12 муруту бар. Булардын 150дөн ашык түрү Евразиянын, Африканын тузсуз сууларында тараган. СССРде 30дай түрү О. Азия сууларында кезигет. Булардын ичинен бурмаке, тикен кирпик, сегиз мурут ит чабак, ала бурмаке ж. б. түрлөрү көп кездешет.

**БУРОО БАШТАР (цо́коры)** — аламандар уруусу. Тукумчада жалгыз уруусу (буроо баш) бар. Ийиндерде жашайт. Тырмагы узун, көзү кичине, сырткы кулагы болбойт. Жети түрү Азияга тараган. СССРде 3 түрү бар. Өсүмдүк тамырларын жейт.

**БУТ КАНАТТАР** (**крыла́ны, лету́чие соба́ки, лету́чие лиси́цы**) — кол канаттуулар түркүмүндөгү жарганаттар түркүмчөсү. Буларга эң ири жарганаттар кирет. Тулкунун уз. 6—40 *см*, канаттарынын жазылыгы 24—170 *см*, салм. 15—900 *г*га жетет. Кулак калканы кыйгач кесилген түтүккө окшош. Көздөрү чоң, жакшы көрөт. Алардын 40тай уруусу, 150дөй түрү белгилүү. Чыгыш жарым шардын Түн. жарымындагы тропик ж-а субтропиктик алкактарына тараган. Үйүрү м-н жашашат. Күндүз дарактарда, үңкүрлөрдө, аскаларда конуп отуруп, күүгүмдө учушат. Өсүмдүктөрдүн мөмө-жемиштери м-н азыктанышат. Кээ бир жерлерде багбанчылыкка зыян келтиришет. Көбүрөөк белгилүү түрлөрү канаттуу ит, кыска тумшук бутканат, балка баш бут канат, үңкүрчү бут канат ж. б. Төрт түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**БУУДАЙЫКТАР** (**га́рпии**) — карчыгалар тукумундагы ири куштар уруусунун тобу. Уз. 80—90 *см*, салм. 8 *кг*га жетет. Желкеси үрпөк, тумшугу иймек, чеңгели чоң, тырмактары курч. Түсү боз ала, жемсөөсү кара. 4 уруусунун 5 түрү Америка тропиктеринде ж-а Филиппин аралдарында тараган. Алгыр куштар. Чытырман токойлордун ичинде жашайт. Булардын ичинен көп белгилүүсү — буудайык. Мексика, Бразилия тропиктеринде жашайт. Дене уз. 1 *м*. Маймыл, тоту куштарга аңчылык кылат. Өтө азайып кеткен. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**БҮРГӨЛӨР** (**бло́хи**) — кан соргуч курт-кумурскалар түркүмү. Уз. 1—6 *мм*. Капталы өтө кууш. Ооз аппараты сайып, соруууга ыңгайланган, канаты жок. Арткы эки буту узун, секирүүгө ыңгайлуу. Алардын 1000дей түрү кеңири тараган. СССРде 400 түрү кезигет. Аларга келес бүргө, мышык бүргөсү, төшөк бүргөсү ж. б. кирет. Кишинин ж-а жаныбарлардын митеси, кан сорот. Кээ бири илдет, оору жугузат.

**БҮРКҮТ КӨӨКӨРЧӨКТӨР** (**ска́ты-орляки́**) — шиш куйрук сымалдар түркүмүндөгү көөкөрчөк балыктар тукуму. Дене уз. куйругу м-н кошо 4,5, туурасы 2,1—2,4 *м*, салм. 360 *кг*га жетет. Сырткы түзүлүшү ромб сымал жалпак. Беш уруусунун 25ке жакын түрү Атлантика, Инди, Тынч океандарында жашайт. Анын ичинен кадимки бүркүт көөкөрчөк, темгилдүү бүркүт көөкөрчөк, музоо тумшук бүркүт көөкөрчөктөр кеңири тараган.

**БҮРКҮТТӨР** (**орлы́**) — карчыгалар тукумундагы ири куштар уруусу. Уз. 75—88 *см*. Канаттарынын жазылыгы 2,4 *м*ге жетет. Буту бармактарына чейин жүндүү. Алардын 9 түрү Евразия, Африкада ж-а Түн. Америкада тараган. СССРде 5 түрү бар: бүркүт, ири шакылдак, кара куш, кидик шакылдак ж-а көркоо шакылдак. Аска ж-а дарактарга, жерге уялайт. Майда жаныбарлар, кээде тарп м-н азыктанат. Бир түрчөсү ТКЭСтин, 3 түрү СССРдин, 1 түрү (бүркүт) Кыргызстандын Кызыл китебине катталган.

**БҮРКҮТ ТУРНАЛАР** (**секрета́ри**) — шумкар сымалдар тукумундагы жырткыч куш. Жалгыз уруусунун жалгыз түрү бар. Уз. 120—150 *см*. Желкесинде узун үрпөгү бириндеп турат. Шыйрагы узун, тырмактары курч. Жакшы учат, тез басат. Дарак, балалдарга уялайт. Африкада жашайт. Курт-кумурска, сойлоочулар, куштар, кемирүүчү майда айбандарды жейт.

**БҮРКҮТ ЧАБАКТАР** (горбы́левые, горбыли́) — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 20 *см*ден 2 *м*ге чейин жетет. Балыктын жону дөң, айрымдарынын зэгинде мурутчасы

бар. Кырк уруусу, 150 түрү белгилүү. Тропик ж-а субтропик алкактарындагы океандарда тараган. Бентос ж-а суудагы омурткасыз жаныбарлар м-н азыктанат. Ирилери балык жейт. СССРде 2 түрү (куу бүркүт чабак ж-а күрөң бүркүт чабак) бар. Кара деңизде жашайт.

**БЫЛБЫРАК БАЛЫКТАР** (**ры́бы-тряпи́**) – былбырак балык сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Мунун жалгыз түрү (былбырак балык) бар. Анын уз. 2 *м*ге жетет. Тынч океандын түн. бөлүгүндө жашайт.

**БЫЛЖЫР ЧЕЛ** (**сли́зистая оболо́чка**) — органдардын сырткы чөйрө м-н катышуучу түтүктөрүнүн ичинен каптап туруучу жука чел.Мында бездер жайгашып, былжыр бөлүп чыгарышат.

**БЫЛПЫЛДАК КОҢУЗДАР** (**мягкоте́лки**) — ылгабай жечү коңуздар түркүмчөсүндөгү тукум. Булардын уз. 15 *мм*ге жетет. Түсү кара, күрөң, сары же жашыл жылтырак. Денесинин сырты жумшак (аты ушундан). Алардын 300дөй түрү кеңири тараган. СССРде 200дөй түрү кезигет. Көбү жырткыч коңуздар.

**БЫЛПЫЛДАКТАР** (**гу́бки**) — суудa жашоочу омурткасыз жаныбарлар тиби. Түзүлүшү жөнөкөй, өз өзүнчө ажыраган ткандары, органдары жок. Денеси эки катмардан турат. Сырткы көрүнүшү чөйчөк сымал же баштык сымал. Бийикт. 2—3 *мм*ден 1,5 *м*ге чейин жетет. Алардын 4 классы (акиташтуу былпылдактар, кадимки былпылдактар, тунук былпылдактар), 2500дөн ашык түрү белгилүү. Океандын жээктеринен терең түбүнө чейин тараган, кыймылсыз. СССРдин Түн. ж-а Ы. Чыгыш деңиздеринде 300дөй түрү кезигет.

**БЫРЫНДЫЧЫЛ ТООКТОР** (**большено́гие ку́ры, со́рные ку́ры**) — тоок сымалдар тукуму. Уз. 25—65 *см*. Жети уруусу, 12 түрү Австралияда, Жаңы Гвинея ж-а Чыгыш Индонезиянын аралдарында жашайт. Жумурткаларын жылуу, нымдуу кумга же өсүмдүк чириндилерине көөмп, ошолордун жылуулугу м-н жөжө чыгарат. Тропик токойлорунда ж-а калың бадал арасында жашайт. Бир түр, 2 түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

# В

**ВАКУОЛАЛАР** (**ваку́оли**) — жаныбарлар ж-а өсүмдүк клеткаларынын цитоплазмасындагы суюктук толгон көңдөй. Түрдүү кызмат аткарат.

**ВАЛЛАБИ** (**валла́би**) — бөрсөлөр тукумундагы баштыкчан жаныбар. Кадимки бөрсөлөргө окшош, бирок кичирээк. Сегиз түрү Австралиянын чөптүү ачык талааларында жашайт. Көпчүлүгү зоопарктарда кармалат.

**ВАСИЛИСТЕР** (**васили́ски**) — игуаналар тукумундагы тарак жон кескелдириктер уруусу. Эркектеринин башында шынаадай өсүндүсү, жонунан куйругунун жарымына чейин узунунан кеткен катуу таажысы бар. Төрт түрү белгилүү. Америка тропиктерине тараган. Алардын ичинен көбүрөөк белгилүүсү таргыл василис, туулгалуу василис. Уз. 80 *см*ге жетет. Дарактарда, бадалдарда, сууга жакын жерлерде жашайт. Сууда жакшы сүзүп, чумкуйт. Курт-кумурскалар м-н азыктанат.

**ВЕГЕТАЦИЯЛЫК КӨБӨЙҮҮ (вегетати́вное размноже́ние)** — бүчүрлөө, бөлүнүү (денесинин айрым бөлүктөрү) жолу м-н бутактап көбөйүү. Көп клеткалуу организмдерге таандык жыныссыз көбөйүүнүн бир жолу. Мис., былпылдактар, ичеги көңдөйлүүлөр, жалпак курттар ж. б. ушундай көбөйөт.

**ВИБРИ́ССА (вибри́сса)** — көпчүлүк сүт эмүүчү жаныбарлардын эриндериндеги узун кылдар. Сезүү органынын кызматын аткарат.

**ВИВАРИЙ (вива́рий)**— жапайы ж-а тажрыйба коюлуучу айбандарды багуучу жай.

**ВИВЕРРАЛАР (виве́рровые, виве́рры)** — жырткычтар түркүмүндөгү сүт эмүүчү жаныбарлар тукуму. Өтө чоң эмес, колу-буту кыска, куйругу узун, шамдагай жаныбарлар. 35 уруусу, 71 түрү бар. Азия тропиктеринде, Африкада ж-а Түш.-Батыш Европада кезигет. Көбүнчө жерде, айрымдары дарактарда жашайт. Кээ биринин куйругунун астында жыт бөлүп чыгаруучу бездери бар. Бир түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ВИКУ́НЬЯ (вику́нья)** — ламалар уруусундагы төөгө окшош жаныбар. Дене уз. 1,5 *м*, өркөчүнөн бийикт. 70—90 *см*, салм. 65 *кг*га жетет. Жүнү кыска, жумшак, чуудасы көп. Түш. Американын тоолорунда жашайт. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ВИМБА (рыбе́ц)** — каңылтырлар тукумундагы балык. Уз. 27—50 *см*ге, салм. 360 *г*дан 3 *кг*га чейин жетет. Түндүк, Балтика, Азов, Каспий ж-а Кара деңиздеринин алаптарында жашайт. Өзөндөргө өрдөп урук чачат. Майда балыктар ж-а зообентостор м-н азыктанат. Промыселдик балык.

**ВОАЛА́ВО (воала́во)** — аламандар тукумундагы уруу. Коёнго окшош, бирок куйругу узун, дене уз. 30—35 *см*, куйругу 20—25 *см*. Сүт эмүүчү жаныбар. Мадагаскарда кездешет. Ийинде жашап, чөп жейт.

**ВОЛЬФАРТ ЧЫМЫНЫ (вольфа́ртова му́ха)** — эт жечүлөр тукумундагы чымын. Уз. 9—14 *мм*, боз түстө. Жылуу жерлерде (Түн. Африка, Түш. Европага, Борб. ж-а О. Азияга) тараган. Жумурткасын омурткалуу жаныбарлардын, кээде кишилердин жаратына, көзгө, кулак, мурунга тууп, зыян келтирет.

**ВОМБАТТАР (вомба́ты)** — баштыкчан сүт эмүүчү жаныбарлар тукуму. Австралияда жашайт. Дене уз. 67—105 *см*, салм. 15—27 *кг*га жетет. Кулагы кичине, тик, куйругу жок. Тырмактары узун. Баштыгынын оозу артына ачылган. Алардын кадимки вомбат, тасмания вомбаты деген түрлөрү бар. Бир түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

# Г

**ГА́БИТУС**, келбет, турпат **(га́битус)** — организмдин сырткы келбети, түрү.

**ГАВАЙИ ГҮЛЧӨЛӨРҮ (гава́йские цвето́чницы)** — сайроочу таранчылар тукуму. Азыгы гүл. Уз. 11—22 *см*, тумшугу ар түрдүү; кыска, ичке же жазы. Айрымдарыныкы узун, кайрылган же түз учтуу. Жүнү кооз, кызыл ж-а сары. Дарак, бадал, чанда чөптөргө уялайт. Тогуз уруусу, 22 түрү бар. Гавайи аралдарында тараган. Алты түрү, 8 түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

3—2103

**ГАВИАЛДАР** (**гавиáловые**) — крокодилдер тукуму. Булардын тумшугу жазы, узун, ичке болот. Тиштери ичке, узун. Уз. 6,6 *м*. Жалгыз гана түрү (ганга гавиалы) бар. Индстан ж-а Инди-Кытай сууларында жашап, балык, кээде майда куш, сүт эмүүчүлөр м-н азыктанат.

**ГАГАЛАР** (**гáги**) — өрдөктөр тукумундагы куштар уруусу. Орт. уз. 57 *см*. Эркектеринин башында жашыл тагы бар. Төрт түрү уюл тегерегиндеги деңиздерде кезигет. Аларга жаргак көз гага, кадимки гага, кидик гага ж-а тарынчаак гага кирет. Моллюска, рактарды жейт. Жүнү үлпүлдөк.

**ГАГАРКА** (**гагáрка**) — чистиктер тукумундагы суучул куштар уруусу. Уруудагы жалгыз түрү — гагарканын уз. 41—48 *см*. Тумшугу узун, кара, тик түшкөн ак темгилдери бар. Атлантика океанынын мелүүн кеңдиктериндеги ж-а түн. бөлүгүндөгү аскалуу тик жээктеринде топ-тобу м-н уялайт.

**ГАЛÁГО** (**галáго**) — лорилер тукумундагы чала маймылдар уруусу. Дене уз. 12—35 *см*, куйругу тулкунан узун, үлпүлдөк жүндүү. Африканын экватор аймактарында, Биоко, Занзибар аралдарына тараган. Дарактарда жашайт. Түнкүсүн тиричилик кылат. Көпчүлүгү курт-кумурска жейт. Кулагы өтө сак. Ызычууну укпаш үчүн кулак калканын кулагынын тешигине төшөп уктайт. Анын аллен галагосу, жоон куйрук галаго, сенегал галагосу ж. б. түрлөрү бар.

**ГАЛАКСИЯЛАР** (**галáксиевые**) — сом сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 10—58 *см*. Денеси жумуру. Жети уруусу, 54 түрү Австралиянын, Түш. Американын, Түш. Африканын деңиздеринде, өзөндөрүндө, көлдөрүндө кезигет. Көп таралган түрлөрү: дөө галаксия, кара таргыл брахигалаксия ж. б.

**ГАЛОФИЛДЕР** (**галофи́лы**) — туздуу чөйрөдө гана жашоочу организмдер. Аларга ийне терилүүлөр, баш буттуулар, рактар кирет.

**ГАМАДРИ́Л** (**гамадри́л**) — павиандар уруусундагы ири маймылдар түрү. Дене уз. 80 *см*ге жакын, куйругу 60 *см*, салм. 20—30 *кг*. Эркегинин башы, омуроосу, көкүрөгү саксайган жүндүү, тумшугу м-н куйругунун учунда чачысы бар. Өңү буурул, ургаачылары кичирээк, күрөң. Эфиопия, Судан, Сомалини мекендейт.

**ГАМЕТОГÁМИЯ** (**гаметогáмия**) — эки бөлөк жыныстык гаметалардын бири-бири м-н кошулушу.

**ГАМЕТОГЕНÉЗ** (**гаметогенéз**) — жыныстык клеткалардын өөрчүү, жетилүү процесси.

**ГАММАРИДДЕР** (**гаммари́ды**) — капталдап сүзүүчү майда рактар тукуму. Булардын айрым түрү Соңкөлдө көп кезигет ж-а коё берген балыктарга жем болот.

**ГАНОИДДУУ БАЛЫКТАР** (**ганóидные ры́бы**) — чачыла канат балыктар инфракласcы. Уз. 5 *см*ден 9 *м*ге чейин жетет. Эки чоң түркүмү (кемирчектүү ганоиддер ж-а сөөктүү ганоиддер) бар.

**ГАРМОЛИ́ТАЛАР** (**гармоли́ты**) — эвритомалар тукумундагы жаргак канаттуу жаныбарлар уруусу. Личинкалары эгиндин жалбырактарында, сабактарында чоңоюп, зыян келтирет. Буларга буудай гармолитасы, дан өсүмдүктөр гармолитасы ж. б. кирет.

**ГÁРНА** (**гáрна**) — жейрендер тукумчасындагы жаныбарлар уруусу. Уруудагы жалгыз түр. Дене уз. 100—150 *см*, өркөчүнөн бийикт. 60—85 *см*. Эркегинин чоң, буралып тик чыккан мүйүзү бар. Индостанда жашайт.

**ГА́РШНЕП (га́ршнеп)** — маарактар тукумундагы куштар. Уз. 20 *см*ге жакын. Жону кара, жылтырак, капталдары жошодой. Эчки маарактардан тумшугунун кыскалыгы м-н айырмаланат. Евразиянын түндүгүндө тараган. Токой, тундрада жашайт. Саздуу жерлерге уялайт.

**ГАСТЕРОСИФО́Н,** к. *Меланелла сымалдар* макаласын.

**ГА́СТРУЛА (га́струла)** — көп клеткалуу жаныбарлардын түйүлдүктөрүнүн өөрчүү стадиясынын бири.

**ГАТТЕРИЯ (гаттéрия)** — куш тумшуктуу сойлоочулар түркүмүндөгү жалгыз түр. Сырткы көрүнүшү кескелдирикке окшош, чоң, киргил жашыл түстө. Уз. 76 *см*ге, салм. 0,5—1 *кг*га жетет. Башы да чоң. Жонунда куйругунун учуна чейин үч бурч түрпүлүү кыргагы бар. Буттары беш манжалуу. Терең ийинде жашайт. Жаңы Зеландия аралдарында кезигет. Омурткасыз жандыктар м-н азыктанат. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ГАУ́Р (гау́р)** — бодолор уруусундагы сүт эмүүчү жаныбар. Дене уз. 3 *м*ге жакын, бийикт. 2,2 *м*дей. Мүйүзү жоон, оректой ийри. Индия, Непалда ж-а Инди-Кытай жарым аралдарынын тоолуу токойлорунда (600—1700 *м* бийиктикте) топтошуп жашайт. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ГАЯ́Л (гая́л)** — *гаурдун* бакма түрү.

**ГЕГАРКУ́НИ (гегарку́ни)** — накта сомдор уруусундагы жилингир балыктар түрү. Уз. 60 *см*, салм. 4 *кг*га жетет. Чабактары Ысык-Көлгө коё берилип, жаңы түр («ысык-көл жилингири») алынган.

**ГЕККОНДОР (гекко́новые, цепкопа́лые)** — кескелдириктер тукуму. Уз. 3,5—30 *см*. Түсү боз же күрөң, көзү чоң, ирмеөчтөрү жок. Манжаларында тик өөдө жылууга жардам берүүчү идиректери бар. Куйругун кесет, бирок бат өсүп чыгат. Жетимиштей уруусу, 700дөн ашык түрү белгилүү. Ысык ж-а мелүүн алкактарга тараган. СССРде 5 уруусу О. Азия, Казакстан, Кавказ ж-а Крымдын чөлдөрүндө таштак жерлерде кезигет. Аскаларда, дарактарда жашайт. Күүгүмдө ж-а түндө тиричилик кылат. Он эки түрү ТКЭСтин ж-а СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ГЕЛЬМИНТОЛО́ГИЯ (гельминтоло́гия)**— мите курттарды изилдөөчү илим.

**ГЕМОЛИ́МФА (гемоли́мфа)** — кан жүгүрүү системасы туюк эмес омурткасыз жаныбарлардын (муунак буттуулардын, моллюскалардын ж. б.) тамырларында, клетка аралык жылчыктарында жылып турган түссүз же жашыл суюктук.

**ГЕМОСПОРИДИЯЛАР (гемоспори́дии, кровяны́е споровики́)** — споровиктер классындагы жөнөкөйлөр түркүмчөсү. Он уруусунун 100дөн ашык түрү сойлоочулардын, куштардын, сүт эмүүчү жаныбарлардын ж-а кишинин эритроциттеринде, ретикул-эндотелий системасынын клеткаларында мителик кылат. Кишиге безгек оорусун жугузат.

**ГЕНЕТАЛАР (гене́ты)** — виверралар тукумундагы сүт эмүүчү жаныбарлар уруусу. Уз. 58 *см*ге жетет. Түсү чаар, куйругунун түбүндө жыттуу бези бар. 9—10 түрү Түн., Түш.-Батыш Европага тараган. Майда жаныбарлар, чымчыктар ж-а алардын жумурткалары м-н азыктанат. Африкада үй чычканын, келестерди кырууга пайдаланылат.

**ГЕРПЕТОЛО́ГИЯ (герпетоло́гия)** — зоологиянын жерде-сууда жашоочуларды изилдөөчү бөлүмү.

**ГЕРРОЗАВРЛАР** (**геррозáвры**) — кескелдириктер тукуму Уз. 50 *см*ге жетет. Денеси катуу түрпүлөр м-н капталган. Капталдарында тери бүктөөлөрү бар. Буттары жакшы өөрчүгөн, беш манжалуу, айрымдарыныкы жок болуп кеткен. Төрт уруусунун 25тей түрү Африканын чөлдөрүндө, таштак жерлеринде кезигет. Жырткыч жаныбар. Белгилүүсү — сары тамак геррозавр.

**ГЕСПЕРОРНИСТЕР** (**гесперóрнисы**) — тукум курут болгон тиштүү куштардын бир түркүмү. Уз. 2 *м*ге жеткен. Сууда жакшы сүзүп, учалган эмес.

**ГЕТЕРОМОРФО́З** (**гетероморфóз**) — организмдин жок болуп кеткен органынын ордуна башка органдын өсүп чыгышы, мис., сөөлжандын кесилип ташталган баш жагынын ордуна куйрук жагынын өсүп чыгышы. Гетероморфоз жөнөкөйлөрдөн баштап хордалууларда, негизинен жөнөкөй түзүлүштүү жаныбарларда болот.

**ГЕТЕРОМОРФТУУ ОРГАНИЗМДЕР** (**гетеромóрфные органи́змы**) — даяр органикалык заттар м-н азыктанып жашоочу организмдер.

**ГЕТЕРОТЕРМДҮҮ ЖАНЫБАРЛАР** (**гетеротéрмные живóтные**) — чээнге киргенде температурасы төмөндөөчү кээ бир гомойотермдүү (дайыма жылуу кандуу) жаныбарлар.

**ГИББОНДОР** (**гиббóны**) — гиббон сымалдар тукумундагы маймылдар уруусу. Бою 40—65 *см*, салм. 4—8 *кг*. Түсү ар түрдүү (кара, күрөң, буурул ж. б.). Алты түрү Түш.-Чыгыш Азияга, Суматра, Ява, Калимантан аралдарына тараган. Жемиш, жалбырак бүчүрлөрүн жейт. 2—6дан топтошуп жашашат. Алардын буурул гиббон, бөрктүү гиббон, Клосс гиббону ж. б. түрлөрү бар. Төрт уруусу ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ГИББОН СЫМАЛДАР** (**гиббóновые, мáлые человекообрáзные обезья́ны**) — киши сымал маймылдардын чоң тукуму. Бою 1 *м*ден, салм. 11 *кг*дан ашпайт. Ичке, келбеттүү, териси кара, жүнү жумшак. Башы тоголок, кичине, акыл азуусу чоң. Колдору абдан узун, буттары м-н жерде, дарактардын бутактарында басып жүрө берет. Эки уруусу (гиббондор ж-а сиамангдар), 7 түрү белгилүү. Түш.-Чыгыш Азиянын тропиктериндеги калың токойлордо жашайт. Үйүрү м-н жүрүшөт.

**ГИДРАЛАР** (**ги́дры**) — гидра сымалдар түркүмүндөгү жаныбарлар. Жалгыздан жашап, кээде убактылуу колонияларды пайда кылат. Скелети болбойт. Денеси капчыктай, уз. 3 *см*ге жетет. Бир учунда таманы, экинчи жагында оозу жайгашып, анда 4—20 чыбырткысы болот.

**ГИДРА СЫМАЛДАР** (**гидрóидные**) — ичеги көңдөйлүүлөр тибиндеги жаныбарлар классчасы. Беш түркүмгө (гидралар, гидрошурулар, лептолиддер, трахилиддер, хондрофоралар) бөлүнөт.

**ГИДРОБИОЛО́ГИЯ** (**гидробиолóгия**) — сууда жашоочу организмдерди изилдөөчү илим.

**ГИДРОБИОНТТОР** (**гидробиóнты**) — суу ичинде жашоочу организмдердин жалпы тобу.

**ГИДРОЗОАЛАР** (**гидрозóи**) — книдария тибиндеги жаныбарлар классы. Алар бир жерде турган полип же калкып жүрүүчү медуза түрүндө кезигет. Полиптеринин ичеги көңдөйү капчыктай. Эки классчасынын 2800дөй түрү деңиздерге, азырагы өзөндөргө, көлдөргө тараган.

**ГИДРОМЕДУЗАЛАР (гидромеду́зы)** — жылан моюн ташбакалар уруусу. Чопкутунун чоңдугу 20—30 *см*ден ашпаган майда ташбакалар. Алардын 2 түрү (аргентина гидромедузасы ж-а бразилия гидромедузасы) белгилүү. Түш. Американын сууларында, көлдөрүндө кезигет.

**ГИДРОСТАТ АППАРАТЫ (гидростати́ческий аппара́т)** — суу ичинде жашоочу жандыктардын кээ бир түрлөрүнүн организмин чөгөртпөй, калкытып туруучу орган.

**ГИДРОТА́КСИС (гидрота́ксис)** — организмдердин нымдуу жакты көздөй умтулуу реакциясы.

**ГИЛЬЗАЛАР (ги́льзы)** — айна көз балыктар уруусу. Уз. 22—91 *см*. Беш түрү — гильза кели, инди гильзасы, гильза толи, узун куйрук гильза, чыгыш гильзасы белгилүү. Алар Чыгыш Африканын, Түш. ж-а Түн.-Чыгыш Азия деңиздеринин жээктеринде ж-а өзөндөрүндө кезигет.

**ГНУ (гну)** — бодо сымал бөкөндөр уруусу. Дене уз. 170—240 *см*, бийикт. 90—145 *см*, салм. 250—270 *кг*. Мүйүзүнүн уз. 85 *см*ге жетет. Эки түрү (ак куйрук гну ж-а көгүш гну) белгилүү. Түш. Африканын карагандуу, калың чөптүү жайыктарында жашайт.

**ГОАЦИ́Н (гоаци́н)** — булбулдар тукумундагы куш. Тукумдагы жалгыз түр. Уз. 60 *см*ге жетет. Жакшы уча албайт. Сууда жакшы сүзөт. Түш. Америкада чоң өзөндөрдүн алаптарында жашайт. Өсүмдүк, краб, кээде майда балыктарды жейт.

**ГОЛИАФ (голиа́ф)** — накта бакалар тукумундагы эң чоң бака. Уз. 32—42 *см*, салм. 3,5 *кг*га жетет. Түш. Американын Камерун ж-а Рио-Муни өзөндөрүндө тараган. Жергиликтүү эл этин жейт.

**ГОЛИАФТАР (голиа́фы)** — эбелек муруттуулар тукумундагы ири коңуздар уруусу. Беш түрү Африка тропиктериндеги токойлорго тараган. Жакшы учушат. Эң чоңу — дөө голиафтын уз. 11 *см*, туурасы 6 *см*ге чейин жетет. Эркегинин башында мүйүздөй урчугу бар. Денеси кара баркыттай, жонунда ак наары бар.

**ГОЛОТУРИЯЛАР**, деңиз бадыраңдары **(голоту́рии, морски́е огурцы́)** — ийне терилүүлөр классындагы жаныбарлар. Денеси көнөчөктөй же курттай. Көпчүлүгүнүн чыбырткылары, буттары, папиллалары бар. Уз. бир нече *мм*ден 2 *м*ге жетет. Беш түркүмүнүн 1100гө жакын түрү бардык океандарда, деңиздерде кезигет. СССРде 100дөй түрү белгилүү. Ы. Чыгыш деңиздеринде учурайт. Дарылыкка кармашат.

**ГОМОЙОСМОСТУУ АЙБАНДАР (гомойосмоти́ческие живо́тные)** — сырткы чөйрөнүн осмостук басымын бир калыпта кармап турган айбандар.

**ГОМОТИ́ПИЯ (гомоти́пия)** — бири бирине симметриялуу органдардын окшоштугу.

**ГОНИАЛОЗАЛАР (гониало́зы)** — айна көздөр тукумчасында балыктар уруусу. Уз. 10—13 *см*. Эки түрү Индия ж-а Бирма өзөндөрүндө кезигет.

**ГОРА́Л (гора́л)** — көңдөй мүйүздүүлөр тукумундагы жаныбар. Тоо эчкилерине окшош. Дене уз. 106—125 *см*, өркөчүнөн бийикт. 70—75 *см*, салм. 32—42 *кг*. Куйругу узун (13—18 *см*). Алты түрчөсү Түш.-Чыгыш Азия тоолорунда кезигет. Бир түрчөсү СССРде учурайт. СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ГОРИЛЛАЛАР (гори́ллы)** — понгиддер тукумундагы ири маймылдар уруусу. Бою 1,8—2 *м*, далысынын кеңдиги 1 *м*ге, салм. 200—250 *кг*га жетет. Териси ж-а түгү кара. Арткы буттары

алдыңкысынан узун. Башы чоң. Көзү м-н кулагы кичине. Өсүмдүк м-н азыктанат. Бир түрү, 3 түрчөсү белгилүү. Аларга кадимки горилла, батыш түзөң гориллась, чыгыш тоо гориллась кирет. Борб. Африкада жашайт. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ГОРМОНДОР (гормо́ны)** — организмде эндокрин бездери пайда кылуучу биол. заттар. Булар орган ж-а ткандардын туура өөрчүшүнө таасир этет. Мис., омурткалуу жаныбарларда гипофиз, бөйрөк үстүндөгү ж-а калкан бездери бөлүп чыгарат.

**ГОФЕРЛЕР (го́феровые)** — кемирүүчүлөр тукуму. Дене уз. 13—35 *см*, куйругунуку 4—15 *см*. Ийинде жашайт. Ууртунда баштыкчасы бар. 7—9 уруусу, 40тай түрү бар. Түн. ж-а Борб. Америкада, түштүктө Панамага чейин таралып, кумдуу жерлерде жашайт. Айыл чарба өсүмдүктөрүнө зыян келтирет.

**ГРЕГАРИНАЛАР (грегари́ны)** — грегариналар классындагы жөнөкөйлөр түркүмү. Жыныстык жол м-н көбөйүшөт. Омурткасыз жаныбарлардын (курт, чымын-чиркейдин) ичеги, дене көңдөйлөрүндө мителик кылат. Чоңдугу 10 *мкм*ден 16 *мм*ге жетет. Денеси алдыңкы ж-а арткы бөлүккө бөлүнүп, ядро ж-а эпимериттен турат.

**ГРЕ́НА (гре́на)** — жибек көпөлөгүнүн уругу, жумурткасы. Мындан жибек курту өсүп чыгат.

**ГУ́ППИ (гу́ппи)** — аквариумда багылуучу майда балыктар уруусу. Уз. 3—6 *см*. Эркеги ичке, боз түстө, кызыл, көк, кара тактары бар. Ургаачыларынын ичи томпок. Түш. Америкада, Барбадос аралдарынын тузсуз сууларында жашайт.

**ГЮРЗА́ (гюрза́, лева́нтская гадю́ка)** — чаар жыландар тукумундагы уулуу жылан. Уз. 1,6 *м*, жону кызгылтым күрөң же боз, саргыч таргылы бар. Түн.-Батыш Африкадан Пакистанга чейин тараган. СССРде Кавказда, Казакстандын түштүгүндө, О. Азияда учурайт. Таштак адырларда, капчыгай, жылгаларда, өзөндөрдүн бойлорунда жашап, кескелдирик, чымчык ж. б. омурткалуу жандыктарды жейт. Чакканда өлүмгө дуушар кылышы ыктымал. Уусу дарылыкка колдонулат.

# Д

**ДАБЫРКАЙЧЫЛАР (смолёвки)** — шиш тумшуктар тукумундагы коңуздар уруусу. Уз. 4—10 *мм*. Денеси күрөң же саргыч күрөң түстө, чаар ала. Палеарктика ж-а Түн. Америкага тараган. Карагайлуу токойлордо жашайт. СССРде 12 түрү кезигет. Аларга тобурчак дабыркайчылы, карагай дабыркайчылы, чекиттүү дабыркайчыл ж. б. кирет. Кабык алдында жашап, карагайларга көп зыян келтирет.

**ДАВАТЧА́Н (даватча́н)** — сом сымалдар уруусундагы балык. Уз. 44 *см*, салм. 1 *кг*га жетет. Чыгыш Сибирде, Фролиха, Ципо-Ципика көлдөрүндө жашайт. Майда балыктар, планктон, курт-кумурскалар м-н азыктанат. Муз доорунан калган реликт. Коргоого алынган.

**ДАЛДАГАЙ КАНАТТУУЛАР (плоскопёрые)** — каңылтыр сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 20 *см*ден ашпаган майда балыктар. Алардын 12 уруусунун 58 түрү Түш. Азиянын ж-а Индонезиянын аралдарынын тоодон аккан сууларында ке-

зигет. Көкүрөк сүзгүчтөрү м-н ташка жабышып агымга туруштук берет.

**ДАМАНДАР (дама́ны)** — желиндүү айбандар түркүмү. Дене уз. 30—60 *см*, салм. 1,5—4,5 *кг*. Сыртынан кемирүүчү жаныбарларга окшош болгону м-н теги пил тумшуктууларга жакын болушу мүмкүн. Үстүңкү ээрди жырык. Куйругу кыска же болбойт. Буттарындагы тырмактары туяк сымал. Бир тукумунун 2—3 уруусу, 7—12 түрү белгилүү. Африка ж-а Араб жарым аралына тараган. Токойлордо жалгыздан, тоолордо топ-тобу м-н жашайт. Алардын даракчыл даман, чөл даманы, тоо даманы ж. б. түрлөрү бар.

**ДАМПЫЗДАР (не́хрущи)** — саратандар тобунун эбелек мурруттуулар тукумундагы коңуздар. Уз. 12—20 *мм*. Денеси ачык сары түстө, түктүү. Жыйырма түрү Азиянын ж-а Европанын тропик эмес аймактарында тараган. СССРде 9 түрү бар. Талаа ж-а бак өсүмдүктөрүнө зыян келтирет.

**ДАНЧЫ КАНТАЛА (вре́дная черепа́шка)** — калкандуулар тукумундагы жандык. Уз. 10—13 *мм*. Кичи Азияга, Балкан жарым аралына тараган. СССРде Кавказда, О. Азияда, Казакстанда кезигет. Дан өсүмдүктөрү м-н азыктанат. Өзгөчө буудай, арпага зыян келтирет.

**ДАНЧЫ КОҢУЗДАР (хле́бные жу́ки, ку́зьки)** — эбелек муруттуулар тукумундагы коңуздар уруусу. Евразияга тараган, СССРде 26 түрү кезигет. Дан өсүмдүктөрүнүн гүлү ж-а даны м-н азыктанат. Личинкалары эгиндин тамырын жеп зыян келтирет. Булардын бак данчы коңузу, кадимки данчы коңуз ж. б. түрлөрү бар.

**ДАНЧЫЛАР (зерно́вки)** — ылгабай жечү коңуздар түркүмчөсүндөгү майда коңуздар. Уз. 2—6 *мм*, денеси дөмпөк, кара же күрөң түстө. 1200дөй түрү кеңири тараган. СССРде 120дай түрү кезигет. Чанактуу өсүмдүктөрдүн зыянкечи. Көп таралган түрлөрү: кадимки данчылар, төлгө буурчак данчылы ж. б.

**ДАРАК КУРСАКТАР (дендрога́стер)** — капчык көөдөн рак сымалдар түркүмүндөгү жаныбарлар уруусу. Деңиз жылдыздарынын митеси. Курсак көңдөйү бутакташып турат (аты ошондон).

**ДАРАКЧЫ ЖАШЫЛ БАКАЛАР (ква́кши)** — куйруксуз жердесууда жашоочулар түркүмүндөгү бакалар тукуму. Чоңдугу 2—13,5 *см*. Көпчүлүгү даракта жашайт. Түсү чөйрөгө жараша өзгөрүп турат, көбүнчө жашыл. 35 уруусунун 580 түрү бүт дүйнөгө тараган. Көбүнчө Америка, Австралияда жашайт. Аларга баштыкчан даракчы жашыл бака, накта даракчы жашыл бака, банан даракчы жашыл бакасы, кубулма даракчы жашыл бака ж. б. кирет. СССРде 2 түрү (кадимки ж-а ы. чыгыш даракчы жашыл бакалары) Украина, Кавказ, Ы. Чыгышта кезигет.

**ДАРАКЧЫ КЕЛЕСТЕР (неото́мы)** — келестер уруусу. Америкада жашайт. Дене уз. 15—23 *см*. Алардын 22 түрү белгилүү, көп учуроочулары: боз даракчы келес, пенсильвания даракчы келеси.

**ДАРАКЧЫЛАР (древола́зовые)** — таранчы сымалдар түркүмүндөгү куштар тукуму. Уз. 15—37 *см*. Кээ бирөөлөрүнүн тумшугу узун, ийри, кабык алдындагы куртту чокуп чыгууга ылайыкталган. Куйругу узун, катуу, даракта басканда таяныч болот. 13 уруусунун 48 түрү Америкага тараган. Аларга кызыл тумшук даракчы, шынаа тумшук даракчы ж. б. кирет. Майда жандыктар м-н азыктанат.

**ДАРАК ЧЫМЧЫКТАРЫ (древесни́цевые)** — таранчы сымалдар

түркүмүндөгү куштар тукуму. Чоңдугу кадимки таранчыдай болгон майда чымчыктар. Америкада жашайт. Алардын 26 уруусу, 113 түрү бар. Келгин куш. СССРге кээде 2 түрү — мирта дарак чымчыгы, өзөн сайрагыч чымчыктары учуп келет.

**ДАРАКЧЫ ТООКТОР*** **(ку́ры древе́сные, кра́ксовые)** — тоок сымалдар түркүмүндөгү жөнөкөй куштар тукуму. Уз. 52—100 *см*. Куйругу узун, тырмактары иймек, кээсинин башы үрпөк же үлпүлдөк таажысы бар. Көпчүлүгүнүн түсү кара, алалары да бар. Он бир уруусунун 44 түрү Борб. ж-а Түш. Американын токойлоруна тараган. Ири гокко м-н үрпөк гокко көп кезигет. Даракка уялайт. Көпчүлүгү өсүмдүктөр м-н азыктанат. Алты түрү, 5 түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ДАРАКЧЫ ҮПҮПТӨР (древе́сные удо́ды)** — көк карга сымалдар тукуму. Уз. 22—38 *см*. Күңүрт түстө, тумшугу м-н таманы кызыл, куйругу узун, тырмактары ийилген. Үч уруусу, 6 түрү бар. Африка саванналарында бадал арасында жашайт.

**ДАРАКЧЫ ЧҮТКӨРЛӨР (древе́сные дикобра́зы, америка́нские дикобра́зы)** — кемирүүчү сүт эмүүчү жаныбарлар тукуму. Дене уз. 64—103 *см*, куйругу 14—30 *см*, салм. 18 *кг*га жетет. Жону тикендүү, боору кыл же кылчык жүндүү. Сегиз уруусу, 11—12 түрү Америкага тараган. Даракта да, жерде да жашайт. Түнүччүндө же күүгүмдө тиричилик кылат. Чөп жейт. Токой өсүмдүктөрүнө зыян келтириши мүмкүн. Бир түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ДАРАКЧЫ ЧЫЧКАНДАР (древесномыши́ные)** — кемирүүчү сүт эмүүчүлөрдүн чычканга окшош уруусу. Дене уз. 6—11 *см*, куйругу 7—12 *см*. Жону боз күрөң, боору агыш же саргыч. Үч түрү (каралжын даракчы чычкан, кара кулак даракчы чычкан ж. б.) Чыгыш Африкага тараган.

**ДАРВИН МУКУРЛАРЫ (да́рвиновы вьюрки́, галапаго́сские вьюрки́)** — мукурлар тукумундагы чымчыктар тукумчасы. Чоңдугу 10—15 *см*. Тумшугунун узундугу, ичкелиги, жазылыгы жеген жемине жараша ар кандай. Эркектеринин түсү көбүнчө кара, ургаачыларыныкы күрөң чаар. 4 уруусунун 14 түрү Галапогос аралдарына тараган. Алардын ичинен көбүрөөк белгилүүлөрү: доңкулдактай мукур, кокосчу мукур, короолудай мукур ж. б.

**ДАФНИЯЛАР**, к. *Суу бүргөлөр* макаласын.

**ДЕЛЬФИНДЕР (дельфи́ны)** — дельфин сымалдар тукумчасы. Көбүнүн жонунда сүзгүч канаты бар, тиштери көп, тумшугу ичке. 20 уруусунун 50 түрү дүйнө деңиздерине кеңири тараган. Аларга ак канат доңуз дельфиндер, боз дельфиндер, бырыш тиш дельфиндер, дуңгул дельфиндер, жазы тумшук дельфиндер, кара колоңдор, канатсыз доңуз дельфиндер, кит сымал дельфиндер ж. б. кирет. Үйүрү м-н жашайт. СССРдин деңиздеринде 15 түрү кезигет. Кишиге бат үйүр алып, анын айрым сөздөрүн кайталай алат. Төрт түрү, 1 түрчөсү СССРдин, 1 түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган. Уулоого тыюу салынган.

**ДЕЛЬФИН СЫМАЛДАР (дельфи́новые)** — тиштүү киттер түркүмчөсүнүн тукуму. Көпчүлүгүнүн уз. 1,2—3 *м*, кээси 10 *м*. Мээси тоголок, буткулдары көп. Эки тукумчасы (түн. дельфиндер ж-а дельфиндер), 2 уруусу, 52 түрү көп деңиздерде кезигет. СССРде 14 уруусунун 17 түрү жашайт. Аларга ак тумшук дельфин, кытайдын ак дельфини, алача дельфин, кыска тумшук

дельфин ж. б. кирет. Алты түрү, 1 түрчөсү ТКЭСтин ж-а СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ДЕМ ЧЫГАРУУЧУ СИФОН (сифо́н выдыха́тельный)** — кош капкалуу моллюскалардын денесиндеги сууну сыртка чыгаруучу органы.

**ДЕНДРОГА́ЛЕ (дендрога́ле)** — чала маймылдар түркүмчөсүндөгү тупайя сымалдар тукумундагы уруу. Чоңдугу чычкандай, жүнү жумшак, кара күрөң. Алардын 2 түрү (кара куйрук дендрогале, чычкан сымал дендрогале) бар. Түш. ж-а Түш.-Чыгыш Азиянын токойлорунда жашайт.

**ДЕНЕНИН АЛГАЧКЫ КӨҢДӨЙҮ (по́лость те́ла перви́чная)** — түйүлдүк өөрчүү процессинде денеде алгач пайда болгон көңдөй. Ал дене капталдары м-н ичегинин ортосунда жайгашат.

**ДЕҢИЗ АРСТАНДАРЫ (морски́е львы)** — кулактуу тюлендер тукумунун 4 уруусунун жалпы аты. Дене уз. 250 *см*. Салм. 200—300 *кг*. Тумшугу учтуу. Түсү каралжын. Бир уруусунун жалгыз түрү калифорния деңиз арстанынын 3 түрчөсү Тынч океандын түн. жарымында, 3 уруусу түш. жарым шардагы сууларда жашайт. Аларга австралия деңиз арстаны, жаңы зеландия деңиз арстаны, түш. деңиз арстаны кирет. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ДЕҢИЗ БАДЫРАҢДАРЫ**, к. *Голотуриялар* макаласын.

**ДЕҢИЗ БАЧИКИЛЕРИ (морски́е лиси́чки)** — скорпена сымалдар түркүмүндөгү жалпак баш балыктар тукуму. Уз. 10—20 *см*, айрымдары 40 *см*ге жетет. Сырты чопкуттуу. Отуздай уруусунун 50гө жакын түрү Тынч океан м-н Түн. Атлантикага тараган. Суунун түбүндө жээкке жакын жашайт. СССРде 25тей түрү Ы. Чыгыш деңиздеринде кезигет. Алардын ичинен европа бачикиси, муз деңиз бачикиси көбүрөөк учурайт.

**ДЕҢИЗ ДАНДАРЫ (морски́е жёлуди)** — көкүрөктүү рак сымалдар түркүмүндөгү 2 түркүмчөнүн аты. Раковинанын ичинде жашашат. Айрымдарынын бийикт. 20 *см*ге жетет. Деңиздин түбүндөгү таштарга ж. б. катуу нерселерге жабышып турат. Киттерге жабышып жашагандары бар. 400дөй түрү белгилүү. Личинкалары, уруктары балыктарга ж. б. суу айбандарына жем. Кээ бир түрлөрүн киши да жейт.

**ДЕҢИЗ ДӨӨ ШАЙТАНЫ (морско́й дья́вол гига́нтский)** — бука көөкөрчөктөр тукумундагы балык. Денеси жалпак, көзү башынын кырында. Жону кара, боору ак. Денесинин туурасы 6,6 *м*, салм. 1,5 *т*га жетет. Тропик, субтропиктеги океан сууларынын жогорку катмарында жашайт. Майда балыктарды, планктонду жейт.

**ДЕҢИЗ ЖЕЛМОГУЗДАРЫ (морски́е драко́нчики)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 35—45 *см*. Оозу кыйшык, өөдө карайт, көздөрү төбөсүндө. Бакалоор капкагында ж-а жонундагы канатында узун уулуу тикени бар. Бир уруусу, 5 түрү Европа, Африканын океан жээктеринде жашайт. СССРдин сууларында 1 түрү (чоң деңиз желмогузу) кезигет. Өтө уулуу балык.

**ДЕҢИЗ ЖӨРГӨМҮШТӨРҮ (морски́е пауки́)** — деңиз муунак буттуулар классы. Уз. 1—72 *мм*. Буттары тарбайып узун. Ичегилери бут көңдөйүндө жайгашат. Башы көп байкалбайт. Кыпчуурлары бар. Оозу тумшугунда. Он тукумунун 600гө жакын түрү деңиздерде жашайт. Жырткыч ж-а чала мите.

**ДЕҢИЗ ЖҮРӨГҮ (морское се́рдце)** — кош капкалуу молюска.

Капкагы кишинин жүрөгүнө окшош (аты ошондон). Чоңдугу 5 *смге* жетет.

**ДЕҢИЗ ЖЫЛАНДАРЫ (морски́е зме́и)** — жыландар уруусу. Уз. 2,75 *мге* жетет. Денесинин арт жагы м-н куйругунун эки капталы жалпак, кырдуу, башы ири калканчалуу. Көзү тосток, 16 уруусу, 50 түрү бар. Инди, Тынч океандарында жашайт. Балык жейт. СССРде (Япон деңизинде) эки түстүү пеламида ж-а жалпак деңиз жыланы кезиккен.

**ДЕҢИЗ ЖЫЛДЫЗДАРЫ (морски́е звёзды)** — ийне терилүүлөр классы. Дене түзүлүшү беш бурчтуу, кээсиники көп тарамдуу, диаметри 1 *смден* 1 *мге* чейин жетет, тикендүү. Денесинин бүлүнгөн, жоголгон бөлүктөрүн оңой калыбына келтирип, тез өсүп чыгат. Сегиз түркүмүнүн 1500дөн ашык түрү белгилүү. СССРдин деңиздеринде 150дөн ашык түрү учурайт. Алардын ичинен көбүрөөк белгилүүлөрү: кычкачтуу деңиз жылдыздары, тарактуу деңиз жылдыздары, эбелектүү деңиз жылдыздары ж. б. Моллюска ж. б. омурткасыз жандыктар м-н азыктанат.

**ДЕҢИЗ КАБЫЛАНЫ (морско́й леопа́рд)** — аюу балыктар уруусундагы жалгыз түр. Антарктидада жашайт. Уз. 3,5 *м*, салм. 400 *кга* жетет. Чоңдорунун түсү кабыландай чаар (аты ошондон). Балык, спрут ж. б. жандыктар м-н азыктанат. Бардыгы 800 миңдей (1980-ж.) гана деңиз кабыланы бар.

**ДЕҢИЗ КИРПИЛЕРИ (морски́е ежи́)** — ийне терилүүлөр тибиндеги жандыктар классы. Денеси тоголок, талпагай же жүрөк сымал. Сырты акиташтуу эбелектерден турган кабык м-н капталган, кабыгы тикендүү, диаметри 2—3 *ммден* 30 *смге* жетет. 800дөй түрү бардык океандарга тараган. СССРдин деңиздеринде 50гө жакын түрү кезигет. Көбүрөөк белгилүүлөрү: жалпак деңиз кирпилери, найза тиш деңиз кирпилери, уук тиштүү деңиз кирпилери ж. б. Балырлар м-н азыктанат.

**ДЕҢИЗ КОЕНЕКТЕРИ (морски́е за́йцы)** — арткы бакалоордуу моллюскалар уруусу. Дене уз. 40 *смдей*, түсү ачык жошо сары же кочкул сыя өңдүү, ак тактары бар. Башында 2 жуп тинтүүрү болуп, коёндун кулагына окшош (аты ошондон). Отуз бештей түрү тропик, субтропик деңиздеринде тараган. Чөп жейт.

**ДЕҢИЗ КОРОЗДОРУ (морски́е петухи́)** — скорпена сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Кээ бирлеринин уз. 60—90 *смге* жетет. Үч уруусунун 12 түрү Атлантиканын чыгыш жээктерине тараган. Алардын ичинен көбүрөөк белгилүү түрлөрү: деңиз корозу, боз тригла, кызыл тригла ж. б.

**ДЕҢИЗ КӨЗӨӨЧҮ (морско́е сверло́)** — көзөөч моллюскалар тукумундагы жандык. Япон деңизинде жашайт. Чопо, таш көзөйт.

**ДЕҢИЗ КУЛАКТАРЫ (морски́е у́шки)** — алдыңкы бакалоордуу моллюскалар тукуму. Раковинасынын уз. 20 *смге* жетет. Кулакка окшош. Алты уруусунун 70тей түрү тропик ж-а субтропиктеги деңиздерде жээкке жакын тараган. Кээ бир өлкөлөрдө этин жешет, кабыгынан кооз буюмдар жасалат.

**ДЕҢИЗ КУНДУЗУ (кала́н)** — суусарлар тукумундагы сүт эмүүчү жаныбар. Уруудагы жалгыз түр. Эң чоңунун уз. 100—150 *см*, куйругу 30—36 *см*. Сууда жашоого ыңгайланган. Алдыңкы буту кыска, арткысынын манжалары калакка айланган. Жүнү коюу, кара, күрөң жалтылдап турат. Сейрек кездешет. Тынч океанда, Калифорния, Камчатка, Японияга чейин тараган. Эки түрчөсү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ДЕҢИЗ ЛИЛИЯЛАРЫ (морски́е ли́лии)** — ийне терилүүлөр тибиндеги жандыктар классы. Деңиз түбүндө өскөн гүлгө окшош жандыктар. Денеси чөйчөктөй, ортосунда оозу жайгашкан. Чөйчөкчөсүнүн түбүнөн сабакчалары өсүп чыгат. Алардын 700гө жакын түрү белгилүү. Көбүрөөк таралгандары муунактуу деңиз лилиялары, сабаксыз деңиз лилиялары, деңиз курмасы ж. б.

**ДЕҢИЗ МААРАКТАРЫ (бека́сы морски́е)** — тикен канат сымалдар түркүмүндөгү балыктардын эчки маарактарга окшош тукуму. Уз. 25 *см*ден ашпаган шибеге тумшук балыктар. Алардын 4 уруусунун 11 түрү жылуу аймактардагы деңиздерде тараган. Аквариумда да багылат. Алардын ичинен деңиз маарагы, деңиз таргыл маарагы ж. б. кеңири белгилүү.

**ДЕҢИЗ МЫШЫГЫ (морско́й кот)** — шиш куйрук көөкөрчөктөр тукумундагы балык. Денеси түрпүсүз, уз. 1—2 *м*, салм. 8—10 *кг*. Европа, Африканын жээктеринде, Жер Ортолук, Кара, Азов деңиздеринде жашайт. Чоңдорунун гана денесинде тикендери бар. Куйругунда 1 тикени болот. Деңиз түбүндөгү ылай, кумга жашынып жатат. Майда балык ж-а омурткасыз жандыктарды жейт.

**ДЕҢИЗ ӨРДӨКЧӨЛӨРҮ (морски́е у́точки)** — мурут буттуу рак сымалдар түркүмчөсү. Акиташ пластинка капталган баш бөлүктөн ж-а бир жерге бекип туруучу сабакчадан турат. Кыйла түрү эң тереңде (7 *км*) жашайт. Алардын 400дөй түрү жылуу деңиздерде тараган. Калкып жүргөн буюмдарга, кемелерге, кээси деңиз айбандарына жармашып жүрө берет.

**ДЕҢИЗ ПИЛДЕРИ (морски́е слоны́)** — тюлендер тукумундагы сүт эмүүчү жаныбарлар уруусу. Дене уз. 6,5 *м*, салм. 3,5 *т*га жетет. Эркектеринин тумшугунун учунда тери баштыкчалары бар, ал чоңоюп, кичирейип турат. Кичинекейлеринин жүнү кара, чоңдорунуку күрөң түстө. Алардын 2 түрү (түн. деңиз пили ж-а түш. деңиз пили) бар. Түш. жарым шар деңиздеринде, океандарында жашайт. Калак бут сүт эмүүчү жаныбарлардын ириси. Балык, моллюскалар м-н азыктанат. Коргоого алынган.

**ДЕҢИЗ ТАБАК БАШТАРЫ (нетопыри́)** — маскарапоз сымалдар түркүмчөсүндөгү балыктар тукуму. Уз. 35 *см*ден ашпайт. Башы жалпак, чоң. 7—8 уруусунун 35ке жакын түрү тропик океандарда, суу түбүндө жашайт. Буларга узун тумшук табак баш, чолок тумшук табак баш ж. б. кирет.

**ДЕҢИЗ ТАЙЛАРЫ (морски́е коньки́)** — темене балыктар тукумундагы балыктар уруусу. Уз. 4—20 *см*. Денеси шахматтагы атка окшош. Отуздай түрү бардык деңиздерде жашайт. Аларга былбырак деңиз тайы, кадимки деңиз тайы ж. б. кирет. СССР деңиздеринде кара деңиз тайы (Кара ж-а Азов деңиздеринде), япон деңиз тайы (Япон деңизинде) жашайт. Планктофагдар.

**ДЕҢИЗ ТАРАКЧАЛАРЫ (гребешки́ морски́е)** — кош капкалуу моллюскалар түркүмүндөгү тукум. Раковинасы тегерек, айрымдарыныкы тикендүү. Булардын көп түрү дээрлик бардык океандарда, деңиздерде ар кандай тереңдикте кезигет. Булардын кара деңиз таракчасы, беринг деңиз таракчасы, грек таракчасы, япон таракчасы, чоң таракча, түрпүлүү таракча ж. б. түрлөрү бар.

**ДЕҢИЗ ТАШБАКАЛАРЫ (морски́е черепа́хи)** — чопкуттуу ташбакалар тукуму. Чопкутунун уз. 80 *см*ден 1,4 *м*ге, салм. 600 *кг*га чейин жетет. Башы м-н моюну чопкутка толук кирбейт, андан

азыраак чыгып турат. Төрт уруусунун 6 түрү (логгерхед, бисса, жашыл ташбака, бозомтук ташбака ж. б.) тропик ж-а субтропик деңиздерине тараган. Моллюска, балык, балырлар м-н азыктанат. Бардык түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ДЕҢИЗ ТЕМЕНЕЛЕРИ (морски́е и́глы)** — темене балыктар тукумундагы ичке балыктар. Уз. 20—30 *см*. Элүү бештей түрү белгилүү. Аларга жылан сымал темене, япон ж-а каспий теменеси, жоон тумшук темене, ичке тумшук темене ж. б. кирет.

**ДЕҢИЗ ТИЛ СЫМАЛДАРЫ (морски́е языки́)** — камбала сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 15—60 *см*. Дене түзүлүшү жалбыракка же тилге окшош. Башынын алды жагы тегерек, алдыга чыгып турат. Оозу кичине. Мунун 2 тукуму (эпкиноздор, накта тил сымалдар) бар.

**ДЕҢИЗ ЧАЛГЫНДАРЫ (морски́е пе́рья)** — сегиз тарамдуу колониялуу шуру полиптер түркүмү. Айрым деңиз чалгындарынын формасы куштардын канаттарына окшош. Кээ бир полиптердин бийикт. 2 *м*ге жетет. Үч жүзгө жакын түрү бар. Негизинен тропик, субтропиктеги деңиздерде жашайт. СССРде 10дой түрү кезигет.

**ДЕҢИЗ ЧЕБИЧТЕРИ (морски́е ко́зочки)** — капталы м-н сүзүүчү майда рак сымалдар.

**ДЕОМИСТЕР (део́мисы)** — чычкандар тукумундагы кемирүүчү айбандар тукумчасы. Жалгыз түрү (деомис) бар. Уз. 12—16 *см*. Узун, жумшак жүндүү, кызыл түстүү айбан. Конго алабындагы токойлордо жашайт. Даракка чыгып, бутактан бутакка секирип жүрөт. Түнкүсүн тиричилик кылат. Жемиш ж-а майда омурткасыз жандыктар м-н азыктанат.

**ДЕРМАНИСИДДЕР (дерманисси́ды)** — кан соргуч кенелер тукуму. Сойлоочулардын, куштардын, сүт эмүүчү жаныбарлардын канын соруп жашоочу майда кенелер. Уз. 0,7 *мм*.

**ДИАДЕМАЛАР (диаде́мовые)** — деңиз кирпилеринин тукуму. Тикендеринин уз. 30 *см*ге жетет. Учу ийненикинен да ичке. Көптөгөн уруусу жылуу деңиздерге, океандардын жылуу сууларына тараган.

**ДИАПА́УЗА (диапа́уза)** — курт-кумурскалар личинкаларынын өөрчүп, көбөйүшүндө убактылуу тыным мезгили.

**ДИКДИКТЕР (дикди́ки)** — майда антилопалар тукумчасынын уруусу. Дене уз. 45—80 *см*, бийикт. 30—45 *см*, салм. 2—6,5 *кг*. Тумшугунун учу узарыңкы келип, кыймылдуу. Эркегинин мүйүзү 11 *см*ге чейин. Жубу м-н жүрүшөт. Ургаачысы эркегинен чоңураак. Африка өзөндөрүнүн алабында, бөксөлөрдө, карагайбадалдуу жерлерде кезигет. Эки түрү (гунтер дикдиги, кадимки дикдик) бар. Эти, териси үчүн аңчылык кылынат.

**ДИМОРФИ́ЗМ (диморфи́зм)** — бир эле түргө таандык организмде эки түс же эки башка морфофизиологиялык белгилердин болушу. Мунун бир нече формасы бар; канат диморфизми (мис., кумурсканын эркеги канаттуу, ургаачысында болбойт), жыныстык диморфизм (мис., кыргоолдун корозу кооз, бостеги боз түстө) мезгилдик диморфизм (мис., тыйын чычкан жайында кызгылтым сары, кышында көгүлтүр буурул).

**ДИ́НГО (ди́нго)** — жапайы ит. Австралияда кезигет. Түсү сары же ала. Негизинен күүгүмдө ж-а түндө тиричилик кылат. Малга зыян келтирет.

**ДИНОЗАВРЛАР (динозáвры)** — тукум курут болгон кескелди-

рик сымал дөө айбандар. Уз. 20 *см*ден 30 *м*ге жеткен. Булардын сөөктөрү СССРде негизинен О. Азия ж-а Казакстандын талааларынан табылган. Эки түркүмү (кескекчат динозаврлар ж-а кушчат динозаврлар), 600дөй түрү болгон. Аларга мүйүздүү динозаврлар, зауроподдор, анкилозаврлар ж. б. кирет. Арасында чөп жегендери ж-а сыркткычтары да болгон.

**ДИПЛОДОКТОР (диплодо́ки)** — зауроподдор түркүмчөсүндөгү тукум курут болгон жаныбарлар уруусу. Уз. 25 *м*ге жакын, мойну, куйругу узун, башы кичине сойлоочу жаныбар болгон. Негизинен чөп жеген.

**ДИЦИЕМИДДЕР**, к. *Мезозоалар* макаласын.

**ДОЙБУЛАР**, к. *Нимфалиддер* макаласын.

**ДОЛОНОЧУ КӨПӨЛӨК (боя́рышница)** — ак көпөлөктөр тукумундагы көпөлөк. Малагы долононун жалбырагын жеп чоңоёт. Канаттарынын жазылыгы 6—7 *см*. Евразия ж-а Түн. Америкага тараган. Жемиштүү бак өсүмдүктөрүнө зыян келтирет.

**ДОН ЧАБАГЫ (бека́сик)** — каңылтырлар тукумундагы балык. Дон өзөнүндө жашайт. Ысык-Көл майчабагына окшош.

**ДОҢКУЛДАК СЫМАЛДАР (дятлообра́зные, дя́тлы)** — чымчыктар түркүмү. Көк карга сымалдарга тектеш. Жүнү көпшөк, тыбыты жок. Сырткы көрүнүшү ар кандай. Алты тукуму (бал тапкычтар, доңкулдактар, сакалдуу чымчыктар ж. б.), 400дөй түрү белгилүү. Мадагаскар, Австралия, Жаңы Зеландия ж-а Полинезиядан башка аймактарга кеңири тараган. Басымдуу көпчүлүгү тропиктердеги токойлордо учурайт. СССРде доңкулдактар тукумунун түрлөрү гана жашайт.

**ДОҢКУЛДАКТАР (дя́тловые)** — доңкулдак сымалдар түркүмүндөгү куштар тукуму. Уз. 9—56 *см*. Көпчүлүгү токойдо жашап, даракты чокуп, ичиндеги курттарын терип жешет. Тумшугу узун, түбү жоон, буттары кыска. Тырмактары курч, куйругу катуу болуп, жармашып, таянууга ылайыкталган. Алардын 38 уруусу, 213 түрү кеңири тараган. СССРде 3 уруусу, 15 түрү учурайт. Аларга кара, сары доңкулдак, жашыл доңкулдак, ири чаар доңкулдак, кидик доңкулдак ж. б. кирет.

**ДОҢУЗ БАЛЫКТАР (ры́бы-кабаны́)** — алабуга сымал балыктар түркүмүндөгү тукум. Уз. 20 *см*ден 90 *см*ге чейин жетет. Беш уруусу, 11 түрү субтропик деңиздеринде жашайт. Алардын ичинен пентацер, доңуз балык, шибеге канат ж. б. көп таралган.

**ДОҢУЗДАР (свины́е)** — кепшөөчү ача туяк сүт эмүүчүлөр тукуму. Азуулары чоң, курч, сыртка чыгып турат. Тумшугу узун, учу жылма, тегерек. Беш уруусу (сөөлдүү доңуз, кидик доңуз, чачы кулак доңуз ж. б.), 7 түрү кеңири тараган. Ылгабай азыктанат. Эки түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ДОҢУЗ ДЕЛЬФИНДЕР (морски́е сви́ньи)** — дельфиндер тукумундагы уруу. Уз. 2 *м*, салм. 90 *кг*га жетет. Башы кичине, тумшугу томпок, жон сүзгүчү жапыз. Анын 64—110дөй тиши болот. Алардын 4 түрү, СССРде 1 түрү (кадимки дельфиндер) бар. Моллюска, рак сымалдар м-н азыктанат. Атлантиканын түн. жарымындагы деңиздерде жашайт. Бир түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ДОҢУЗ СЫМАЛ КАШКУЛАК (барсу́к свино́й)** — кашкулактарга окшош айбан. Дене уз. 70 *см*, салм. 7—14 *кг*га жетет. Түш. Азияда түзөңдөрдө, тоодо ийин казып жашайт. Майда жандыктарды, өсүмдүктөрдү жейт.

**ДОҢУЗ ЧЫЧКАНДАР (свинко́вые)** — кемирүүчү сүт эмүүчү жаныбарлар тукуму. Дене уз. 22—75 *см*, салм. 0,5—16 *кг*, куйругу 5 *см*. Кыл жүндүү. Беш уруусунун 14 түрү Түш. Америка ландшафттарына тараган. Лабораторияларда багылуучу доңуз чычкан да ушул тукумга кирет.
**ДОРАБДАР (дора́бы)** — айна көз балыктар тукуму. Уз. 1,2, кээсиники 3,7 *м*ге чейин жетет. Жалгыз уруусунун 2 түрү Инди ж-а Тынч океан сууларында жашайт. Кылкандуу балык.
**ДӨДӨЙ КАЗДАР (бло́шевые)** — бирказан сымал куштар тукуму. Уз. 66—100 *см*. Канаттары узун, ичке, каалгып учат. Тумшугу узун, чети быдырлуу. Азыгын табыш үчүн сууга чумкуйт. Жалгыз уруусунун 7—9 түрү негизинен тропик ж-а субтропиктеги океан, деңиздердин жээктерине тараган. СССРге 2 түрү (дөдөй каз ж-а кызыл бут дөдөй каз) келип кетет. Бир түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.
**ДӨӨ АЖЫДААР БАЛЫКТАР (морски́е драко́нчики)** — ажыдаар балыктар уруусу. Уз. 15—45 *см*, ичке, майда түрпүлүү. Көзү төбөсүндө. Бакалоор жапкычы м-н жон канатынын тикендеринде уусу бар. Атлантиканын жээктериндеги кумга, баткакка жашынып жашайт. Алардын 5 түрү бар. СССРде 1 түрү (деңиз чаяндары) кезигет.
**ДӨӨ ГУПЕР (меро́у гига́нтский)** — корумчул алабугалар тукумундагы балык. Уз. 120 *см*, салм. 60 *кг*га жетет. Атлантиканын чыгыш жээктерине жакын жашайт.
**ДӨӨ КАМБАЛАЛАР (па́лтусы)** — камбала сымалдар тукумундагы үч уруу балыктын жалпы аты. Уз. 1—4,7 *м*, салм. 3 *кг*дан 340 *кг*га чейин жетет. Көздөрү башынын оң жагына жайгашкан. Оозу чоң. Төрт түрү (кадимки дөө камбалалар, азия жебетиш дөө камбаласы, америка жебетиш дөө камбаласы ж. б.) белгилүү. Охота, Япон, Беринг деңиздеринде, Атлантика ж-а Тынч океандарынын (100—1600 *м* тереңдикте) түн. тараптарына тараган.
**ДӨӨ КЕРИКТЕР (индрикоте́рии)** — тукум курут болгон мүйүзсүз алп кериктер уруусу. Уз. 7 *м*, бийикт. 5 *м*ге жетип, башка кериктерден чоңдугу м-н айырмаланган. Евразияда жашаган. Бадал, дарактардын жалбырак, бутактары м-н азыктанган.
**ДӨӨ КОҢУЗ (жук-геркуле́с)** — керик коңуздар түрү. Уз. 155 *мм*ге жетет. Бардык коңуздардын чоңу. Американын тропик алкактарында кезигет.
**ДӨӨ ЧАБАКЧЫЛ (егра́ва)** — чардактар түркүмүндөгү чабакчы куштардын эң ириси. Уз. 64 *см*ге жетет. Тумшугу кызыл, чоң, башы үрпөк, таманы кара. Деңиздерде жашайт. Европа, Африка, Азияда, СССРдин бардык деңиздеринде, Сибирдин, Казакстандын көлдөрүндө кезигет.
**ДРЕМОМИСТЕР (дремоми́сы)** — тыйындар тукумундагы кемирүүчү айбандар уруусу. Чоңдугу кадимки тыйындай, жону кара сур, боору саргыч, агыш. Беш түрү Гималай ж. б. Түш. Азия тоолоруна тараган. Токойлуу, карагандуу жерлерде жашашат.
**ДРИОПИТЕКТЕР (дриопите́ки)** — киши сымал маймылдардын тукуму курут болгон тукумчасы. Азыркы кишилер м-н киши сымал маймылдардын жалпы түпкү теги болсо керек деген божомол бар.
**ДРОЗОФИЛАЛАР (дрозофи́лы)** — мөмөчүл майда чымындар уруусу. Уз. 2—3,5 *мм*. 1000ден ашык түрү бар, көпчүлүгү жы-

луу жерлерде жашайт. СССРде 25тей түрү кезигет. Өсүмдүк ширеси, микроорганизмдер м-н азыктанат. Генетика илиминде эксперимент жасалат.

**ДРОНТТОР (дро́нтовые)** — тукум курут болгон көгүчкөн сымал куштар тукуму. Уча албаган, салм. 20 *кг*га жеткен. Тумшугу чоң болгон. Үч түрү Инди океанынын аралдарында жашаган.

**ДУДУК КАЗДАР (каза́рки)** — суучул куштардын каз сымалдар тукумундагы уруусу. Башы кичине, тумшугу кыска, шыйрактары кара. Төрт түрү белгилүү. СССРде 2 түрү (ак жаак дудук каз, канададын дудук казы) бар. Анчылык кылынат. Бир түрү, 1 түрчөсү ТКЭСтин, ак жаак дудук каз СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ДУДУКТАР (не́мки)** — түктүү сары аарылар тукуму. Ургаачыларынын канаты жок, кумурскага окшош, бирок түктүү. Аарылардын, сары аарылардын, це-це чымынынын личинкаларына мителик кылат.

**ДУМБУЛДАР (овся́нковые)** — сайрагыч таранчылар тукуму. Уз. 12,5—20 *см*. Тумшугу конустай, учу ичке, айрымдарыныкы томпок, 82 уруусунун 317 түрү Америкага, Евразияга ж-а Африкага тараган. СССРде 3 уруусунун 27 түрү кезигет. Алардын ичинен ак төбөл думбул, бак думбулу, буурул баш думбул, жашыл соору думбул ж. б. түрлөрү кеңири белгилүү. Урук, өсүмдүк, майда курт-кумурскаларды жейт.

**ДУУЛДАКТАР (жу́желицы)** — эт жечү коңуздар түркүмчөсүндөгү тукум. Уз. 1,2—90 *мм*ге жетет. Денеси сүйрү, буттары узун, муруттары ичке, түсү кара, жалтырак күрөң, кээде чаар. Канаттары жакшы жетилбеген. 25 миңге жакын түрү арктикалык аймактардан тропиктерге чейин тараган. СССРде 2300дөй түрү кезигет. Алардын ичинен көбүрөөк таралгандары — дырылдактар, көр дуулдактар, күлүктөр, сыйдалар, текиреңдер ж. б. Көпчүлүгү жырткыч. Топурактагы омурткасыз жандыктар м-н азыктанат. Чөп жечүлөрү эгинге да зыян келтирет.

**ДЫГДЫГЫЙЛАР (го́голи)** — деңиздерде жашоочу өрдөктөр уруусу. Уз. 45 *см*ге жетет. Тумшугунун түбү дөмпөк. Үч түрү бар. Евразия ж-а Түн. Америкада жашайт. СССРде 1 түрү (кадимки дыгдыгый) Балтика боюнан Камчаткага, Сахалинге чейин тараган. Деңиз жээктеринде кыштайт. Моллюска, суу курт-кумурскаларын жейт. Калгандары келгин куштар.

**ДЫРЫЛДАКТАР**, к. *Дуулдактар* макаласын.

**ДЮГО́Н (дюго́нь)** — дюгон сымалдар тукумундагы сүт эмүүчү айбан. Уз. 3—6 *м*, салм. 170—600 *кг*га жетет. Инди ж-а Тынч океанынын Түш.-Чыгыш жагындагы жээкке жакыныраак сууларда жашайт. Уулоого тыюу салынган. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

# Е

**ЕХИДНА СЫМАЛДАР (ехи́дновые)** — баштыкчан айбандар тукуму. Денеси кирпиникиндей тикендүү, кыл жүндүү. Тумшугу цилиндрдей, алдыңкы бутунун тырмактары узун, курч, тили курт сымал, уз. 25 *см*ге жетет. Көбөйүү убагында ургаачыларында баштыкча пайда болот. Эки уруусу (ехидналар ж-а про-

ехидналар) бар. Тулкунун уз. 50—80 *см.* Австралияда ж-а анын тегерегиндеги аралдарда жашайт. Желиндүү айбандар классына кирет, бирок куштардай эле жумуртка тууйт. Беш түрү (австралия ехиднасы, тасмания ехиднасы, түктүү ехидна ж. б.) белгилүү.

# Ж

**ЖААК ООЗДУУЛАР** (**челюстноро́тые**) — оозунда жаак сөөктөрү бар айбандар тобу. Бул топко балыктардын 2 классы (кемирчектүү ж-а сөөктүүлөр), жер бетинде жашоочулардын 4 классы (жерде-сууда жашоочулар, сойлоочулар, куштар ж-а сүт эмүүчүлөр) кирет. Бул жаныбарлардын жаак аппараттары бакалоор доголорунан пайда болот. Буттары жаргак түрүндө, беш манжалуу, скелеттери сөөк же кемирчек.

**ЖААКСЫЗДАР** (**безчелюстны́е**) — жандыктардын чоң классы. Омурткалуу жаныбарлардын эң жөнөкөйү. Накта жаак сөөктөрү болбойт. Бакалоору капчыктай, көпчүлүгүнүн бир гана мурун тешиги болот. Деңиз ж-а тузсуз сууларда жашайт.

**ЖААЛАР** (**коромы́сла**) — тең канат ийнеликтер түркүмүндөгү алты буттуулар (курт-кумурскалар) тукуму. Уз. 70 *мм.* Канаттарынын жазылыгы 10 *см*ге жетет. Көздөрү чоң. СССРде 6 уруусунун 21 түрү кезигет. Жырткычтар; чымын-чиркейлерди, көгөн, сайгактарды кырат. Кичине көз жаа СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЖАБЫШКАКТАР** (**прилипа́ловые**) — алабуга сымал балыктар тукуму. Уз. 30—90 *см.* Биринчи жон канаты башы м-н биригип соргучка айланган. Сүздүргүч ыйлаакчасы жок. Жети уруусунун 7 түрү бардык океандын тропик аймактарына тараган. СССРде 2 түрү кезигет: кадимки жабышкак, акула жабышкак. Балык, ташбака, киттерге, кемелердин түбүнө жабышып алат. Планктон ж-а ээсинин сырткы мителери м-н азыктанат.

**ЖАГАЛМАЙ** (**чегло́к**) — шумкарлар тукумундагы кичинекей куш. Уз. 35 *см*ге жетет. Канаттары узун, ичке. Евразияга ж-а Түн. Африкага тараган. СССРдин токойлорунда, Кавказдын ж-а О. Азиянын тоолорунда келгин куш катары кезигет. Жемин учуп баратып кармайт. Негизинен чымчыктар м-н азыктанат. Абдан ылдам учат. Өтө азайып баратат.

**ЖАЗДЫК СЫМАЛДАР** (**поду́шечницы**) — калканчыктар тобундагы алты буттуулардын (курт-кумурскалардын) бир нече уруусу. Ургаачыларынын денеси сүйрү же тоголок. Денеси сегменттерге бөлүнбөйт. СССРде 100дөн ашык түрү кезигет. Анын ичинен жүзүмчүл жаздык сымал көп тараган. Өсүмдүктүн жер үстүндөгү бөлүгүндө же тамырында болот.

**ЖАЗ КҮСӨКТӨР** (**весня́нки**) — жөнөкөй түзүлүштүү алты буттуу жандыктар (курт-кумурскалар) түркүмү. Эки жуп тордомо канаты бар, жазылыгы 10—80 *мм*ге жетет. Башы чоң, узун муруттуу. Алардын 2 миңдей түрү негизинен Голарктикада, СССРде 220дай түрү кезигет. Агын сууларда жашайт. Көп кыймылдабайт. Айрымдары учпайт.

**ЖАЗЫ МАҢДАЙ СЫМАЛДАР** (**широколобкоподо́бные**) — мүйүздүүлөр тукумундагы майда балыктар тукумчасы. Көпчүлү-

гүнүн уз. 5—7 *см*, кээси 30 *см*дей. Сегиз уруусу, 24 түрү бар. Алардын ичинен ала канат жазы маңдай, кызыл жазы маңдай, кумчул жазы маңдай ж. б. түрлөрү көбүрөөк тараган.

**ЖАЙДАК КӨЗДӨР** (**гологла́зы**) — сцинктер тукумундагы кескелдириктер уруусу. Денеси жумуру, уз. 13 *см*ге жетет. Ирмөөчтөрү ширелишип, көзүн жаап турат. Буту беш манжалуу. Алты түрү Евразия, Кавказга тараган. Аларга азия жайдак көзү, ала жайдак көз, алай жайдак көзү, чөл жайдак көзү ж. б. кирет. СССРде 4 түрү Закавказьеде, О. Азияда жашайт. Негизинен таштак, кумдак жерлерде кезигет. Европа жайдак көзү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЖАЙ САРАТАНЫ**, к. *Саратандар* макаласын.

**ЖАЙЧЫЛАР** (**морски́е коро́вы, звездочётовые**) — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыкта́р тукуму. Уз. 55 *см*, салм. 9 *кг*га жетет, башы жазы, жалпак, төбөсүндө уулуу тикени бар. Ондой уруусу, 35 түрү тропик ж-а мелүүн климаттуу аймактардагы океандарда жашайт. СССРде Кара деңизде кадимки жайчы кезигет.

**ЖАКАЛУУ КЕСКЕЛДИРИК** (**плащено́сная я́щерица**) — агамалар тукумундагы кескелдирик. Уз. 80 *см*дей, боз же саргыч күрөң түстө. Мойнунда тегерек жакадай болгон тери бүктөмү бар (аты ошондон). Коркcондо жакасы тик туруп калат. Австралияда кезигет. Даракта жашайт.

**ЖАКАС СЫМАЛДАР** (**джака́совые**) — алабуга сымал балыктар тукуму. Уз. 30—70 *см*, салм. 6 *кг*га чейин жетет. Алты уруусунун 15 түрү Тынч океанда, Австралиянын тегерегинде кезигет. Алардын ичинен көбүрөөк учуроочу түрлөрү: боз жакас, япон гонистийи, көгүш жакас ж. б.

**ЖАЛБЫРАК БУТТАР** (**листоно́гие**) — бакалоор бут рак сымал жандыктар түркүмү. Көкүрөк буттары жалбыракка окшош (аты ошондон). Курсагы кичинекей. 560тай түрү белгилүү, негизинен тузсуз сууларда жашайт.

**ЖАЛБЫРАК МУРУНДАР** (**листоно́сы**) — жарганаттар түркүмчөсүндөгү сүт эмүүчү айбандар тукуму. Канаттарынын жазылыгы 30—100 *мм*, салм. 5—200 *г*га жетет. 3—7 тукумчасынын 35—50 уруусу, 200дөй түрү белгилүү. Түш. ж-а Борб. Америкага тараган. Түгү чычкандыкындай. Алар башка омурткасыз жандыктар ж-а жемиштер м-н азыктанат. Үңкүрдө, коңулда топ-тобу м-н жашашат. Алардын ичинен ак мүрү чал, жер чукуур сымал жалбырак мурун, ири жалбырак мурун ж-а кидик жалбырак мурун көбүрөөк белгилүү.

**ЖАЛБЫРАК ТҮРГҮЧТӨР** (**листовёртки**) — көпөлөктөр тукуму. Канаттарынын жазылыгы 8—40 *мм*. Алдыңкы канаты кыйгач жол-жол сүрөттүү, арткысы боз, бир түстүү. Тумшугу начар өөрчүгөн, бирок соруу́га ылайыкталган. Беш миңдей түрү белгилүү. СССРде 1200дөн ашык түрү кезигет. Анын ичинен жүзүм жалбырак түргүчү, зыгыр жалбырак түргүчү, эмен жалбырак түргүчү ж. б. көп таралган. Көпчүлүгү айыл чарбасына чоң зыян келтирет.

**ЖАЛБЫРАКЧЫ БҮРГӨЛӨР** (**листобло́шковые**) — тең канаттуу курт-кумурскалар түркүмү. Уз. 1,5—4 *мм*, айрымдары 6 *мм*. СССРде 300дөн ашык түрү учурайт. Топтошуп жүрүшөт. Багбанчылыкка зыян келтирет. Өзгөчө алма бүргөсү м-н алмурут бүргөсү өтө зыяндуу.

**ЖАЛБЫРАКЧЫ КОҢУЗДАР** **(листоéды)** — ылгабай жечү коңуздар түркүмүндөгү тукум. Уз. 1—2 *см*. Көбүнчө ачык түстө. Кырк миңдей түрү кеңири тараган. СССРде 1400гө жакын түрү кезигет; аларга аткулак жалбырак кемиргичи, ачырга кемиргичи, капуста жалбырак кемиргичи, картошка жалбырак кемиргичи ж. б. кирет. Жалбырак м-н азыктанат. Көпчүлүгү токой, талаа, мөмө, жашылча өсүмдүктөрүнүн зыянкечтери. Бир түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЖАЛГАН БУТТАР** **(ложноно́жки)** — кээ бир омурткасыз жандыктардын жылып жүрүүгө жардам берүүчү органдары.

**ЖАЛГАН НЕОН**, к. *Кардинал* макаласын.

**ЖАЛГАН ЭЧКИ МААРАК** **(ду́пель сре́дний)** — мааактар тукумундагы чымчык. Уз. 28 *см*ге жакын. Евразияга тараган. Саздарда уялайт.

**ЖАЛГЫЗ ЖААКТУУЛАР** **(одноче́люстные)** — кап кулкун сымал балыктар түркүмүндөгү тукум. Оозу каптай чоң. Бул балыктар бардык океандарда кезигет.

**ЖАЛГЫЗ КЛЕТКАЛУУЛАР** **(однокле́точные)** — денеси жалгыз клеткадан турган жандыктар. Булардын ичинде өтө жөнөкөйлөрү, мис., амёба, хлорелла, о. эле кыйла татаал түзүлүштүүлөрү (ацетабуляриялар, инфузория) да бар. Жалгыз клеткалуулардан көп клеткалуулар келип чыккан.

**ЖАЛГЫЗ МҮЙҮЗДҮҮЛӨР** **(единоро́говые)** — тикен боор сымалдар түркүмүндөгү деңиз балыктар тукуму. Уз. 75 *см*. Алардын 20дай уруусу Инди, Атлантика ж-а Тынч океандарында кезигет.

**ЖАЛГЫЗ ТЕШИКТҮҮЛӨР**, клоакалуулар **(однопрохо́дные)** — организмге сиңбеген калдыктарды (сийдик, заң) сыртка чыгара турган жалгыз гана тешиги бар сүт эмүүчү айбандар түркүмү. Жумуртка туийт. 2 тукуму (ехидналар ж-а өрдөк тумшуктар) белгилүү. Алар Австралия, Тасмания ж-а Жаңы Гвинеяда жашайт.

**ЖАЛДУУ ТҮЛКҮ** **(гри́вистый волк)** — карышкырлар тукумундагы жырткыч айбан. Денеси салыштырмалуу кыска (125 *см*дей), узун шыйрак, саргыч кызыл түлкү. Куйругу (уз. 30 *см*дей) үлпүлдөк жүндүү, кулагы чоң. Желкесинде жалы бар (аты ошондон). Бразилия, Уругвай, Парагвайда жашайт. Омурткалуу майда жандыктар ж-а жемиштер м-н азыктанат. Сейрек учурайт. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ЖАЛКЫ САРЫ ААРЫЛАР** **(одино́чные о́сы)** — топтошпой, жалгыздап жашоочу сары аарылар тобу. Көпчүлүгү ийин казып же ылайдан уя салып жашайт. Жемди (чымын-чиркейди) уюгуна чаптап коёт. Личинкасы аны жеп чоңоёт.

**ЖАЛПАК АКУЛАЛАР** **(морски́е а́нгелы)** — акулалардын бир тукуму. Уз. 2,5 *м*ге, салм. 70 *кг*га жетет. Денесинин алды жагы жалпак, тумшугу чолок, көкүрөк канаттары чоң. Бир уруусунун II түрү мелүүн ж-а субтропик аймактардагы океан сууларында тараган. Тайыз жерлерде, кумга көмүлүп жашайт. Көбүрөөк учуроочу түрлөрү: америка жалпак акуласы, европа жалпак акуласы.

**ЖАЛПАК БАШТАР** **(плоскоголо́вые)** — жалпак баш сымалдар түркүмүндөгү деңизде жашоочу балыктар тукуму. Уз. 50—120 *см*, башы жалпак, денеси жумуру. Алардын 20дай уруусу, 60тай түрү Түш.-Чыгыш Азиянын ж-а Австралиянын жээктериндеги суу түбүндө жашайт. Алардын ичинен: инди жалпак башы,

күрөң жалпак баш, таргыл жалпак баш, темгил жалпак баш ж. б. көбүрөөк тараган.

**ЖАЛПАК БУТ КОҢУЗДАР (плоскохóды)** — коңуздар тукуму. Уз. 5 *мм*. Кабыкчыл коңуздарга окшош. Токой зыянкечтери. Көп учуроочу түрү: эмен жалпак бут коңузу.

**ЖАЛПАК ЖААКТАР (дискогнáты)** — каңылтыр балыктар уруусу. Уз. 10 *см*дей майда балыктар. Азия ж-а Түн. Американын шаркыратма тоо сууларында кезигет. СССРде Тажикстан өзөндөрүндө орус жалпак жаагы учурайт.

**ЖАЛПАК КОҢУЗДАР (плоскотéлки)** — ылгабай азыктануучу коңуздар тукуму. Уз. 1—6 *мм*, тропикте жашоочу түрүнүкү 30 *мм*ге жетет. Жону жалпак, 1100дөй түрү кеңири тараган. СССРде 80ге жакын түрү кезигет. Негизинен жырткычтар. Кээ бирлери унда, акшакта, кургак жемиште жашайт. Алардын: кызыл жалпак коңуз, суринам унчулу, жээрде унчул, кыска мурут данчыл ж. б. түрлөрү бар.

**ЖАЛПАК КУРТТАР (плóские чéрви)** — жөнөкөй түзүлүштүү курттар тиби. Уз. 0,2 *мм*ден 18 *м*ге чейин жетет. Денеси жалпак, түкчөлүү эпителий м-н капталган. Мителеринин бир жерге бекүүчү органдары (соргучтары, илмектери ж. б.) болот. Сегиз классы, 12500дөй түрү кеңири тараган. Арасында кишиге ж-а малга мителик кылуучулары бар.

**ЖАЛПАК ТИШТЕР (ремнезýбы)** — куш тумшуктуу киттер уруусу. Уз. 6,7 *м*ге жетет. Жону каралжын, боору агыш. Тумшугу ичке, созуңку. Тиштери жалпак (аты ошондон). Ургаачыларына тиш чыкпайт. Он бир түрү дүйнө океандарына тараган. Аларга — антиль жалпак тиши, атлантика жалпак тиши, бленвил жалпак тиши ж. б. кирет. Сейрек кездешүүчү жаныбар. СССРде Командор аралдарында командор жалпак тиши кезигет. СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЖАЛПАК ТӨШТҮҮ КУШТАР (бескúлевые птúцы)** — төш сөөгүнүн кыры жок куштар. Булар уча алышпайт. Алардын алдыңкы буттары (канаттары) жакшы өөрчүбөгөн, арткы буттары узун, жоон. Төрт түркүмү (төө куш сымалдар, нанду сымалдар, казуар сымалдар ж-а киви сымалдар) бар.

**ЖАЛТЫЛДАКТАР (блестя́нки)** — жалкы сары аарылар чоң тукуму. Уз. 5—15 *мм*. Денеси жалтылдаган жашыл, көк же сыякөк түстө. Аарылардын 2 миңден ашык түрү кеңири тараган. СССРде 300дөн ашык түрү бар. Көпчүлүгү түштүктө кезигет. Аларга жашыл жалтылдак, кооз жалтылдак ж. б. кирет.

**ЖАМАН САРЫ (кургáнник, сары́ч степнóй)** — сарылар уруусундагы куш. Уз. 57—65 *см*, канатынын уз. 41—48 *см*. Шыйрагы жылаңач. Түн. Африкада, Евразияда тараган. О. Азиянын талаа, тоолорунда уя салат. Негизинен чычкан жейт.

**ЖАМПАЧЫ КОҢУЗДАР (копры́)** — эбелек муруттуулар тукумундагы коңуздар уруусу. Уз. 10—25 *мм*. Дене түзүлүшү сүйрү, томпок. Башында мүйүзү бар. Жалтылдаган кара, жашыл, сыякөк түстө. Жампалардын астына ийин казып, ичинде кыкты тоголоктоп, ага жумуртка тууйт. Булардын 100дөй түрү көбүнчө тропикте таралган. СССРде 4—5 түрү Европанын түштүгүндө кезигет.

**ЖАМПАЧЫЛАР (копрофáги)** — сүт эмүүчүлөрдүн экскременттери (коргоол, кык ж. б.) м-н тамактануучу жандыктар; мис., кыкчылдар, жампачы коңуздар, чымындар ж. б.

**ЖАНАТ СЫМАЛ ИТ** (**енотови́дная соба́ка, уссури́йский ено́т**) — карышкырлар тукумундагы жапайы жаныбар. Дене уз. 80 *см*, куйругу 25 *смге* жетет. Буурул күрөң түстө. Түш. Чыгыш Азияга тараган. Саздуу, нымдуу жерде жашайт. Жаныбар ж-а өсүмдүк м-н азыктанат. Түн. жактагылар кышында чээнге кирет. СССРде Амур боюнда ж-а Уссури крайында кезигет. Териси баалуу. Европанын кээ бир өлкөлөрүндө фермада багылат.
**ЖАНАТТАР** (**ено́товые, ено́ты**) — сүт эмүүчүлөр тукуму. Буттары кыска, куйругу узун, коюу жумшак жүндүү. Сегиз уруусу, 15 түрү Борб. ж-а Түн. Америкада, Борб. ж-а Түш.-Чыгыш Азияда тараган. Көпчүлүгү ылгабай азыктанат. Узун тумшуктуулардан башкалары түнкүсүн тиричилик кылат. Токойлордо жашашат. Тиричилиги жерде өтөт. Кээ биринин териси баалуу. Чоң панда ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.
**ЖАНЫБАРЛАР**, айбандар (**живо́тные**) — тирүү организмдердин бир царствосу (коому). Алар балким 1—1,5 млрд жыл мурда хлорофиллсиз микроскоптук чыбырткычан амеба түрүндөгү клетка формасында пайда болгон. Жаныбарлар Жер бетинде прокариот, балыр, козу карындан кийин келип чыккан. Органикалык дүйнөнүн өөрчүшү м-н жаныбарлардын түзүлүшү да татаалданып, бара-бара татаал түзүлүштүү жаныбарлар пайда болгон. Жаныбарлар даяр органикалык заттар м-н азыктанат, б. а. гетеротрофтуу организмдер. Жаныбарлардын түзүлүшүнө жараша кичине царствого, тип ж-а типчеге бөлүнүшөт. Алардын 10дон 33кө чейин тиби (көбүнчө 16—25), 1,5 (башка маалымат боюнча 3—4,5) млн түрү белгилүү. Көпчүлүк жаныбарлардын чарбалык мааниси чоң. А. и. о. эле мителери, оору козгоочулары ж-а оору таратуучулары да бар. Кишинин табиятка тийгизген таасири жаныбарлар түрүнүн азайышына, кээ бирлеринин толук кырылышына алып келди. Ошонун натыйжасында татаал түзүлүштүү омурткалуу жаныбарлардын 150дөй түрү жоготулган. Жаныбарлар дүйнөсүн коргоо ж-а туура пайдалануу боюнча Закон кабыл алынган. Омурткасыздардын бир нече миңдей ж-а омурткалуулардын 1000дей түрү ТКЭСтин ж-а омурткасыздардын 234 ж-а омурткалуулардын 213 түрү (1984) СССРдин Кызыл китебине катталган.
**ЖАНЫШ** (**бу́йвол**) — көңдөй мүйүздүүлөр тукумундагы ача туяктуу жаныбар. Дене уз. 100—290 *см*, куйругу 62—180 *см*, салм. 150—1200 *кгга* жетет. Буту м-н мойну кыска, жазы маңдай, мүйүзү үч кырдуу, куйругу узун, өңү кара. Үч түрү (аноа, азия ж-а африка буйволу) белгилүү. Азия буйволу бакмалаштырылып сүтү, эти үчүн ж-а унаа катары Түш. Азияда, Африкада ж-а Түш. Европада пайдаланылат. СССРде Кавказда багылат. Эки түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.
**ЖАНЫШ ЧЫЙЫРЧЫКТАРЫ** (**бу́йволовые скворцы́, волоклю́й**) — чыйырчыктар тукумундагы чымчыктар уруусу. Уз. 25 *смге* жетет. Түсү бозомук кара. Куйругу катуу, тырмагы курч. Булар ири жаныбарлардын (жаныштардын, кериктин, бодонун ж. б.) денесиндеги кан соргуч жандыктарды терип жегенге ыңгайлашкан. Эки түрү бар. Африка тропиктерине тараган.
**ЖАҢГАК СЫМАЛДАР** (**орехови́дки**) — кош капкалуу моллюскалар тукуму. Раковинасынын (үлүл кабыгынын) чоңдугу 1—2 *см*. Түн. жарым шардын деңиздеринин тайыз жерлеринде жашайт. Балыктарга жем.

**ЖАҢЫ ЗЕЛАНДИЯ КОРГОЛДОЙЛОРУ** (**крапи́вники новозела́ндские**) — чарылдак чымчыктар тукуму. Уз. 5—10 *см* болгон майда чымчыктар. Үч уруусунун 4 түрү Жаңы Зеландияга тараган. Аларга бадал корголдою, зоока корголдою ж-а мерген корголдою кирет.

**ЖАПАЙЫ ЖЫЛКЫ** (**тарпа́н**) — жылкылар уруусундагы жаныбар. Бакма жылкылардын түпкү теги. Өркөчүнөн бийикт. 136 *см*. Өңү таргыл боз. Жалы кара, тик. СССРдин Европа бөлүгүндө, Украинада көп болгон. Акыркысы 1814-жылы азыркы Калинин областынын аймагында өлтүрүлгөн.

**ЖАПАЙЫ МЫШЫК** (**ди́кая ко́шка**) — мышыктар тукумундагы жаныбар. Кээде 2 түргө (жапайы ж-а талаа мышыгы) бөлөт. Үй мышыгынан чоңураак, дене уз. 40—90 *см*, куйругу 40 *см*дей. Жүнү, өзгөчө куйругунуку коюу. Өңү саргыч таргыл. СССРде Кавказ, Казакстан, О. Азияда кезигет. Бир түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЖАПАЛАК ҮКҮ** (**боло́тная сова́**) — кадимки үкүлөр тукумундагы куш. Чоңдугу 33—43 *см*. Жону ачык күрөң, боорундагы жүнү боз, чаар болот. Бетинде ак жүндөн тегерек бет дискасы бар. СССРде батыштан чыгышка карай тарап; ачык ландшафттарда жашайт. Бир түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ЖАРГАК** (**перепо́нка**) — көңдөйлөрдүн ортосун бөлүп, тосуп турган жука орган.

**ЖАРГАК КАНАТТУУЛАР** (**перепончатокры́лые**) — курт-кумурскалар (алты буттуу жандыктар) түркүмү. Уз. 0,2 *мм*ден 4—6 *см*ге (мүйүз көчүктөр ж. б.) чейин жетет. Эки жуп жаргак канаты бар. Арткысы алдыңкысынан кичине. Оозу кемирүүчү, соруучу болуп айырмаланат. Алардын 150—300 миң түрү дүйнөгө кеңири тараган. Көпчүлүгү өсүмдүк чаңдаштыргычтар. СССРде 1500дөй түрү бардык жерде учурайт. Жыйырма төрт түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЖАРГАНАТТАР** (**лету́чие мы́ши**) — колканаттуулар түркүмүндөгү жаныбарлар түркүмчөсү. Колканаттарга караганда кичине, дене уз. 2,5—14 *см*, шамдагай учушат. Териси жаргак. Канаты ийининен баштап манжа, дене капталы ж-а буттарына чейин керилип турат. Кулак калканынын төмөн жагы кошулбайт. Көпчүлүгүнүн куйругу узун. Көздөрү начар көрөт, бирок кулагы сак. Өздөрү ультра добуш чыгарып, жаңырыгын алыстан сезет. Жарганаттардын 650—700 түрү бүт дүйнөгө тараган. СССРде 3 (жылма мурундар, така мурундар, бучуктар) тукумунун 41 түрү белгилүү. Беш түрү, 3 түрчөсү ТКЭСтин, 5 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЖАШОО ЦИКЛИ** (**жи́зненный цикл**) — организмдин жаралгандан өлгөнгө чейинки мөөнөтү.

**ЖАШЫЛ КӨЗ СЫМАЛДАР** (**зеленогла́зковые**) — миктоф сымал балыктар түркүмчөсүндөгү тукум. Уз. 20—25 *см*. Көкүрөк жагы жумуру, куйрук жагы эки капталынан кууш. Деңиз түбүндө жашайт. Үч уруусунун 20дай түрү Атлантика океанынын түн. жарымындагы деңиздерге тараган. Алардын кадимки жашыл көз, кадимки парасудис ж. б. түрлөрү белгилүү.

**ЖАШЫЛ МУКУРЛАР** (**зелену́шки**) — мукурлар уруусундагы чымчыктар. Чоңдугу таранчыдай. Мала жашыл түстө, канаттары саргыч. Эки түрү (кадимки ж-а кытай жашыл мукурлары) бар. Евразия, Африкада, СССРде — Приморьеде, Камчаткадан

Сахалинге чейин таралган. Отургузулган токойлордо, парк, бактарда жашайт. Негизинен урук м-н азыктанат.

**ЖАШЫЛ ЧЫМЫНДАР** (**зеленýшки**) — түз жиктүү кыска мурутчандар түркүмчөсүндөгү чымындар тукуму. Уз. 2—8 *мм.* Жашыл, айрымдары боз түстө, кээде жалтырак. 3500дөй түрү кеңири тараган. СССРде 800дөй түрү кезигет. Негизинен жырткычтар, майда омурткасыз жандыктар м-н азыктанат. Чөп жечүлөрү да бар. Токойлуу жерде көп учурайт.

**ЖАШЫРУУН БАКАЛООРДУУЛАР** (**скрытожáберные**) — куйруктуу амфибиялар тукуму. Азыркы амфибиялардын эң ирилери. Уз. 2 *мге* жакын, салм. 65 *кгга* жетет. Башы, оозу чоң, денеси жалпайыңкы, куйрук жагы ичке, кырдуу, калак сымал. Көзү кичине, көз жапкычы жок. Эки уруусунун 3 түрү Кытайда, Японияда ж-а Америкада тараган. Өзөндө, тоо булактарында жашайт. Балык, омурткасыз жандыктар, амфибиялар м-н азыктанат. Япония дөө саламандрасы ж-а кытай дөө саламандрасы ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ЖАШЫРУУЧУ ТҮС** (**покрови́тельственная окрáска**) — сырткы чөйрөнүн түсүнүн арасынан байкалбай кала турган түс.

**ЖАЯН КИТТЕР** (**полосáтики**) — муруттуу киттер тукуму. Тулкунун уз. 6—33 *м.* Боорунда (курсагында) узунунан жаткан бырыштары (17—20) бар. Кит муруттарынын эбелектери жазы, уз. 1 *мге* жетет. Эки уруусунун брайд жаян кити, көгүш жаян кит, кидик жаян кит, сейвал ж. б. түрлөрү бар. СССРдин сууларында бардык түрү кезигет. Алардын 3 түрү ТКЭСтин, 4 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЖАЯН СЫМАЛДАР** (**сомообрáзные**) — кылкандуу балыктар түркүмү. Уз. бир нече *смден* 5 *мге* чейин жетет. Тумшугунда бир нече жуп мурутчалары бар. Денеси жылма же сөөк эбелектер м-н жабылган. Жаагында тиштери жайгашкан. Отуздай тукуму, 1200дөй түрү белгилүү. Аларга амур жаяны, аристотель жаяны, кытай жаяны, укмуш жаян ж. б. кирет. Америка, Африка ж-а Азия тропик ж-а субтропиктеринин көп жерине тараган. Көпчүлүгү өзөндөрдө, көлдөрдө жашайт. Жырткыч балыктар. СССРде 4 тукуму (жаяндар, качакталар, тоо жаяндары ж-а мышык жаяндар) кезигет.

**ЖЕЙРЕНДЕР** (**газéли**) — көңдөй мүйүздүүлөр уруусу. Дене уз. 85—170 *см,* өркөчүнөн бийикт. 50—110 *см.* Эркегинин да, ургаачысынын да мүйүзү болбойт. Алардын 12 түрү Африка ж-а Азиянын түш. тарабына тараган. Чөлдөрдө, боздоңдордо, тоолордо, адырларда кезигет. СССРде 1 түрү, (жейрен) бар. Үч түрү, 7 түрчөсү ТКЭСтин, жейрен СССРдин ж-а Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине катталган.

**ЖЕЛБИРЕК КУЙРУК,** к. *Алтын чабак* макаласын.

**ЖЕЛИНДҮҮЛӨР,** сүт эмүүчүлөр (**мелкопитáющие**) — денесинде сүт пайда кылуучу бездери бар айбандар классы. Балдарын сүт м-н багат. Жырткычтары да бар. Чоңдугу 4 *смден,* 4,5 *смге,* салм. 1,2 *гдан* (кидик ак тиш) 7,5 *тга* (африка пили), суу желиндүүлөрүнөн көк киттин чоңдугу 33 *мге,* салм. 150 *тга* жетет. Тери бездери, денесин каптаган түктөрү да ар түрдүү. Сезүү, угуу, көрүү органдары жакшы өөрчүгөн. Айрымдарынын карыны көп камералуу. Өпкөсү м-н дем алат. Жүрөгү 4 камералуу. Көпчүлүгүнөн киши үчүн тамак-аш продуктылары алынат. Айрымдары (кемирүүчүлөр) чума, туляремия оорула-

рынын козгогучтарын таратып, оору, ылаң жугузат. Булардын дүйнөдө 4000дей түрү бар. Анын 230 түрү, 91 түрчөсү, ТКЭСтин, 54 түрү, 40 түрчөсү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЖЕЛКИНДҮҮ КАЛДЫРКАНДАР (па́русники)** — күндүзгү кооз көпөлөктөр тукуму. Канаттарынын жазылыгы 4—10 *см*, кээ бир тропиктегилериники 25 *см*ге чейин жетет. Түсү ар кандай (саргыч жашыл, көгүш сары) болуп өтө кооз. Алардын 530дай түрү көбүнчө тропикте жашайт. СССРде 35 түрү (аполлон, махаон ж. б.) кезигет. Саны азаюуда. 19 түрү СССРдин, ал эми махаон Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине катталган.

**ЖЕЛМОГУЗДАР (хаули́одовые)** — сом сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Денеси узун, уз. 30 *см*, эки капталы кууш, башы, көзү чоң, тумшугу кыска, оозу алжайган, тиштери ийнедей учтуу, узун. Алты бурчтуу ири түрпүлүү. Капталдарында ж-а көздөрүнүн төбөсүндө шоола чыгаруучу жылтылдак органдары бар. Жалгыз уруусунун 6 түрү үч океандын тропик ж-а мелүүн алкактарына тараган. Жырткычтар. Чоңдору көбүнчө суу түбүндө жашайт.

**ЖЕЛПҮҮР КАНАТТАР (веерокры́лые)** — курт-кумурскалар (алты буттуу жандыктар) тукуму. Уз. 2—2,5 *мм*, тропиктегилериники 3 *см*ге жетет. Эркектери канаттуу. Ургаачыларынын көзү, буту ж-а канаты жок. Башка алты буттуу жандыктарга жабышып, мите болуп жашашат. 300гө жакын түрү кеңири тараган. Кээ бири бакма аарынын митеси.

**ЖЕЛПҮҮР МУРУТ КОҢУЗДАР (вееро́усые)** — ылгабай азыктануучу коңуздар тукуму. Эркектеринин муруту желпүүргө окшош. Кээ бир түрлөрүнүн ургаачысынын канаты ж-а канат жапкычы болбойт. Алардын 300дөй түрү кеңири тараган. СССРде 15ке жакын түрү кезигет. Личинкалары башка коңуз, таракан ж-а сары аарынын денесинде мителик кылат. Көбүрөөк белгилүүлөрү: кадимки желпүүрчөндөр, тараканчыл желпүүрчөндөр ж. б.

**ЖЕМСӨӨ (зоб пти́чий)** — куштун кызыл өңгөчүнүн көөдөнгө кире беришинде кеңейген жери, көптүрүүчү карыны.

**ЖЕРДЕ-СУУДА ЖАШООЧУЛАР**, амфибиялар **(земнево́дные, амфи́бии)** — демейде онтогенезинде сууда өөрчүүчү личинка стадиясы болгон сууда ж-а кургакта жашоочу омурткалуулар классы. Жерде-суудa жашоочулар жогорку девондо чеңгел канаттуу балыктардан келип чыккан. Азыркы өкүлдөрүнүн уз. 2—3 *см*ден, 1,8 *м*ге чейин жетет. Териси жумшак, жылаңач. Жүрөгү 3, өпкөсүздөрүндө 2 камералуу. Алардын 25—30 тукуму, 400дөн ашуун түрү белгилүү. СССРде 13 тукумунун 34 түрү кеңири тараган. Жетилгендери омурткасыздар, курт-кумурскалар м-н, личинкасы өсүмдүк м-н азыктанат. Бир катар өлкөлөрдө кээ бир жерде-суудa жашоочуларды тамакка колдонушат. Алардын 41 түрү ж-а түрчөсү ТКЭСтин, 9 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЖЕР ДҮЛӨЙЧҮЛӨР (грибое́ды)** — ылгабай азыктануучу коңуздар түркүмчөсүнүн тукуму. Уз. 2—6 *мм*, денеси сүйрү, үстү дөмпөк, түктүү. Күрөң кара түстө. Эки жүздөй түрү бар. СССРде 30дай түрү кезигет. Чоңу ж-а личинкасы козу карында ж-а чириген даракта жашап, козу карын мицелийи м-н азыктанат.

**ЖЕРЖЕЛИМДЕР (сли́зни)** — өпкөлүү, кабыгы жок үлүлдөрдүн систематикалык тобу. Кургакта жашайт. Денеси куртка окшош.

Уз. 15—200 *мм*. Эки жүз элүү түрү бар. СССРде 100дөй түрү кезигет. Негизинен токойдо жашайт. Түнкүсүн тиричилик кылат. Чөп жечүлөрү айыл чарбасына зыян келтириши мүмкүн. Жырткычтары майда омурткасыздар м-н азыктанат. Буларга жылаңач жержелим, ири жержелим, кара жержелим, үңкүр жержелими ж. б. кирет.

**ЖЕР КАЗАРЛАР (землеко́повые)** — чычкан сымал кемирүүчүлөр тукуму, Америкада жашайт. Уз. 8—33 *см*. Чолок куйрук, майда жаныбарлар. Беш уруусунун 11 түрү белгилүү. Алардын ичинен көлөкөчүлдөр, кум казарлар, ири кум казарлар ж. б. түрлөрү көбүрөөк учурайт.

**ЖЕР ЧУКУУРЛАР (землеро́йковые)** — курт-кумурскачыл майда, желиндүү (сүт эмүүчү) айбандар тукуму. Дене уз. 3,5—18 *см*, салм. 1,2 *г*дан 150 *г*га чейин жетет. Чычканга окшош. Тумшугу узун, учтуу. Негизинен курт-кумурскалар м-н азыктанат. 21 уруусунун 290го жакын түрү белгилүү. Уюл аймагы, Австралия ж-а Түш. Американын түштүгүнөн башка жерлердин баарына тараган. СССРде 5 уруусу бар. Чөлдүү, кумдуу жерлерде кезигет. Зыяндуу курт-кумурскаларды кырып пайда келтирет.

**ЖИЛИНГИРЛЕР (форе́лы)** — тузсуз сууда жашоочу сомдор тукумундагы балыктар тобунун жалпы аты. Буларга — алай жилингири, кадимки жилингир, көл жилингири, севан жилингири ж. б. кирет. Гегаркуни жилингири Севандан Ысык-Көлгө 1930—1933-жылдары алынып келинип коё берилген. Ысык-Көл жилингири азыр өзүнчө түргө айланып, уз. 80—90 *см*, салм. 6—13 *кг*га жетти.

**ЖИЛИНГИР СЫМАЛ АЛАБУГАЛАР (форе́левые о́куни)** — кулактуу алабугалар тукумунун уруусу. Уз. 50—60 *см*, салм. 3—5 *кг*, айрымдары 10 *кг*га жетет. Эки түрү (кичине ооз алабуга ж-а чоң ооз алабуга) Түн. Американын тузсуз сууларында кезигет. СССРде Новороссийск шаарына жакын Абрау көлүндө байырлаштырылууда.

**ЖОКО (сте́рлядь)** — мекире балыктар уруусундагы тузсуз сууда жашоочу балык. Уз. 120 *см*, салм. 2—16 *кг*га чейин жетет. Кара, Азов, Каспий деңиздеринин алабындагы өзөндөрдө жашайт. Эки түрчөсү (дунгул тумшук жоко ж-а учтуу тумшук жоко) бар. Суу түбүндөгү омурткасыздар м-н азыктанат. Промыселдик балык.

**ЖОЛБОРС (тигр)** — мышыктар тукумундагы эң чоң жаныбар. Дене уз. 160—290 *см*, куйругунуку 114 *см*, салм. 390 *кг*га жетет. Башы тоголок, күрөң сары түстө, кара тилкелүү. Жети түрчөсү Түш. Азияга тараган. СССРде XX кылымдын 80-жылдарында 200дөй жолборс, Ы. Чыгышта, Кавказ сыртында, Аму дарыясынын боюнда учураган. Камыш арасында, тоолуу токойлордо жашайт. Киши жечүлөрү өтө сейрек кездешет. Жапайы туяктууларды (а. и. каманды) жейт. Бардык түрчөсү ТКЭСтин ж-а СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЖОЛБОРС БАЛЫКТАР (тигро́вые ры́бы)** — Африка сууларындагы балыктар уруусу. Уз. 150 *см*, салм. 50 *кг*га жетет. Кандардай тиштери бар. Кишиге кол салат. Эки түрү (ири жолборс балык ж-а кадимки жолборс балык) белгилүү.

**ЖОЛООЧУ ЖИБЕК КӨПӨЛӨКТӨР (шелкопря́ды похо́дные)** — шайтан көпөлөктөр тукуму. Канаттарынын жазылыгы 30—40 *мм*. Тогуз түрү Европа, Африка, Түш. Азияда тараган. Малагы күн-

дүз жашынып жатып, түндө тиричилик кылат. Эмендин, карагайдын жалбырактарын, ийнелерин жешет.

**ЖОЛЧУ САРЫ ААРЫЛАР** (**óсы дорóжные**) — сары аарылар тукуму. Уз. 3—25 *мм.* 300гө жакын түрү кеңири тараган. СССРде 350дөй түрү кезигет. Личинкаларын жөргөмүштөр м-н багат.

**ЖОНОКТОР** (**гребневикú**) — деңизде жашоочу омурткасыз жандыктар тиби. Денеси килкилдек, тунук, сүйрү, сөлпү же жумурткадай. Бир жак учунда оозу, экинчисинде бóюн токтотуучу органы бар. Гермафродиттер. Бир классы, 2 классчасы (тинтүүрдүү ж-а тинтүүрсүз жоноктор) бар. 100дөй түрү бардык деңиздерге тараган. Негизинен планктон м-н азыктанат. Өздөрү балыктарга жем. Көбү жылтылдап, жарык чыгарат.

**ЖОНСТОН ОРГАНЫ** (**орган Джонстона**) — канаттуу курт-кумурскалардын (алты буттуу жандыктардын) мурутунун түбүндөгү жуп органы. Бул учуу ылдамдыгын ж-а багытын тейлейт.

**ЖООКЕР ЧИРКЕЙ** (**рáтный комáрик**) — жалбыракчылар тукумундагы чиркей. Уз. 3—4 *мм,* түсү кара. Личинкасынын уз. 7 *мм*ге жетет. Евразияга тараган. Түшкөн жалбыракта, чириген дүмүрдө, жыгачта ж-а жашылчада жашайт. Топтолуп (тобунун эни 10 *см,* баш-аягынын уз. 5 *м*ге чейин созулат) азык издеп чыгышат (аты ошондон).

**ЖООН БЕЛДҮҮ ЖАЛТЫРАК КАНАТТУУЛАР** (**перепончатокры́лые сидячебрю́хи**) — жалтырак канаттуу курт-кумурскалар (алты буттуулар) түркүмчөсү. Уз. 1—45 *мм.* Канатсыздары сейрек учурайт. Жумуртка салгычы чоң. 350 уруусунун 7000дей түрү бар. СССРде 1000ге жакын түрү кезигет. Көпчүлүгүнүн личинкасы чөп жейт.

**ЖООН БУТТУУЛАР** (**толстонóжки**) — хальциддер чоң тукумундагы кара чиркейлер тукуму. Личинкасынын уз. 1,5 *см,* түсү боз, башы жоон. Булар топурактагы органикалык заттарды жеп, топуракты асылдандырууда чоң мааниси бар. Төрт жүзгө жакын түрү белгилүү.

**ЖООН ТУМШУК КАШКА ЧЫМЧЫКТАР** (**синúцы толстоклю́вые**) — сайрагыч чымчыктар тукуму. Уз. 13—18 *см,* салм. 8—17 *г,* үлпүлдөк калың жүндүү чымчыктар. Үч уруусунун 19 түрү Евразияга тараган. А. и. узун куйрук кашка чымчык көп кездешет.

**ЖООШ АРБАКТАР** (**гапалемýры**) — арбак сымалдар тукумундагы желиндүү айбандар уруусу. Дене уз. 70—90 *см,* түсү боз жашыл. Эки түрү (боз жоош арбак ж-а жазы мурун жоош арбак) белгилүү.

**ЖОРГО ТООДАК** (**вихля́й**) — тоодактар тукумундагы куш. Уз. 60 *см*ге жакын, салм. 1,2—2,4 *кг.* Башы үрпөк, мойнунда үрпөйгөн жүндөн «жакасы» бар. Түн. Африка ж-а Азиянын боздоңдорунда, чөлдөрүндө тараган. СССРдин чөлдөрүндө кезигет. Күлүк куш. СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЖӨЖӨЛҮҮ КУШТАР** (**птúцы выводкóвые**) — жумурткадан чыгары м-н балдарын ээрчитип багуучу куштар.

**ЖӨНӨКӨЙЛӨР** (**простéйшие**) — организми жалгыз клеткадан турган жандыктар дүйнөсү. Негизинен жөнөкөйлөрдүн бардыгы эң майда, микроскоптон гана көрүнүүчү жандыктар. Клеткасы митохондрия, эндоплазма торчосу, Гольжи аппараты, рибосомадан ж-а лизосомадан турат. Булардын 7 тиби (саркамастигофора, лабиринтула, апикомплекстер, микроспоридиялар ж. б.).

40 миңдей түрү белгилүү. Жөнөкөйлөр жер бетине кеңири тарап, биосферадагы заттардын айланышында чоң мааниси бар. Көбүнчө көлмөлөрдө жашайт. Мителери да бар.

**ЖӨНӨКӨЙ ТҮЗҮЛҮШТҮҮ КУРТТАР (че́рви ни́зшие)** — дене түзүлүшү ж-а өөрчүшү жөнөкөй курттардын тиби.

**ЖӨРГӨЛӨК СЫМАЛДАР (лабири́нтовые, ползуно́вые)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 5—60 *см*. Бакалоорунун үстүндө атмосфера абасы м-н дем алдыргыч органы — лабиринт бар. Жыйырмада́й уруусунун 40тай түрү Африканын, Түш. Азиянын тропигиндеги тузсуз, аз туздуу сууларда жашайт. Аларга накта жөргөлөктөр, кылкан курсактуулар, чыбый балыктар, гурами, лабиоза ж. б. кирет. Көпчүлүк жөргөлөк сымалдар аквариумда багылат.

**ЖӨРГӨМҮШ СЫМАЛДАР (паукообра́зные)** — хелицердүүлөр типчесиндеги омурткасыз жандыктар классы. Денеси баш-көкүрөктөн ж-а курсактан турат. Уз. 0,1 *мм*ден 17 *см*ге жетет. Ооз аппараты соргуч. Көбүнүн уулуу безп бар. Баш-көкүрөгүндө алты жуп буту (хелицери, бут тинтүүрү ж-а 4 жуп буту) болот. Он үч түркүмү, 60 миңдей түрү кеңири тараган. Арасында жырткычтары да, мителери да, чөп жечүлөрү да бар. Алардын ичинен ала жөргөмүштөр, айры курсак жөргөмүштөр, амфибия жөргөмүштөрү, жабышкак тордуу жөргөмүштөр ж. б. көп тараган.

**ЖӨРМӨКТҮҮ КЫСКА МУРУТТУУЛАР (круглошо́вные короткоу́сые)** — кош канаттуу курт-кумурскалар түркүмчөсү. Мурутчасынын учунда кылкандай өсүндүлөрү бар. Булардын 100гө жакын тукуму (данчыл чымындар, кан соргучтар, ылоолор ж. б.) белгилүү.

**ЖӨРМӨКЧҮ КОРООЛУ**, к. *Короолу сымалдар* макаласын.

**ЖУБАЙСЫЗ ЖИБЕК КӨПӨЛӨК (непа́рный шелкопря́д)** — ыргалма шайтан көпөлөк. Эркеги ургаачысына көп окшобойт. Эркегинин канаттарынын жазылыгы 35—50 *мм*, ургаачысыныкы 55—90 *мм*. Европага, Түн. Африкага, Азиянын мелүүн алкактарына тараган. СССРде Европа бөлүгүндө, О. Азия тоолорунда, Түш. Сибирде, Ы. Чыгышта кезигет. Көп тукумдаганда жалбырактуу токойго, жемиш бактарына өтө зыян келтирет.

**ЖУБАЙЧЫЛ КУШТАР (пти́цы монога́мные)** — эркек, ургаачы болуп жубайлашып жашоочу куштар.

**ЖУКА ЧОПКУТТУУЛАР (тонкопа́нцирные)** — татаал түзүлүштүү рак сымалдар түркүмү. Денеси жука кабык (карапакс) м-н капталган жандыктар. Көздөрү чоң, сабакчадай. Көкүрөк буту эки ача, курсак буту 7 жуп. Башка рактардан айырмасы 7 сегменттен турат. Көпчүлүгү деңиз түбүндө жашайт.

**ЖУМУРТКА (яйцо́)** — көпчүлүк айбандардын, жандыктардын энелик клеткалары. Андан уруктануунун натыйжасында же партеногенез жолу м-н жаңы организм пайда болот. Ал демейде жумуртка кабы м-н капталган. Булар амистик (бурмаке жандыктарынын партеногенез жолу м-н көбөйүүдөн пайда болгон жумурткалары), гаплоиддик (жалгыз тизмек хромосомалары бар жумурткалар), диплоиддүү жумурткалар (кош тизмек хромосомалары бар жумурткалар) ж. б. болуп айырмаланат.

**ЖУМУРТКА САЛГЫЧ (яйцекла́д)** — кээ бир курт-кумурскалардын (алты буттуу жандыктардын), балыктардын ургаачыларынын жумуртка таштоочу органы.

**ЖУМУРТКА ТИРҮҮ ТУУШ (яйцеживорожде́ние)** — жаныбардын түйүлдүгү энесинин денесиндеги жумуртка толук жетилип, бирок жумуртка кабы м-н түшүп, түшөр замат чөйрөдө жумуртка кабынан бошонуу м-н көбөйүүсү. Мындай жол м-н айрым чаяндар, кене, сойлоочулар көбөйөт.

**ЖУМУРТКА ТУУЧУ АЙБАНДАР (яйцекладу́щие живо́тные)** — түйүлдүктөрү сырткы чөйрөдө жумурткадан өөрчүп жетилүүчү айбандар, жандыктар.

**ЖУМУРУ БАЛЫКТАР (вальки́, коньки́)** — май канаттар тукумундагы балыктар уруусу. Уз. демейде 20—40 *см*, салм. 2 *кг*га жетет. Алты түрү Түн. Америкада, СССРде 1 түрү (жумуру балык) кезигет. Промысел объектиси.

**ЖУМУРУ БАШТАР (круглоголо́вки)** — агамалар тукумундагы кескелдириктер. Башы тоголок, денеси жалпагыраак, уз. 25 *см*ге жетет. Түсү жашаган жерине окшош болот. 30га жакын түрү белгилүү. Борб. ж-а Батыш Азиянын чөлдөрүндө таштак жерлерде кезигет. Көбү негизинен жумуртка тууйт. Булардын ала жумуру баш, бултак куйрук жумуру баш, жалган кулак жумуру баш ж. б. түрлөрү бар. СССРде 7 түрү учурайт. 2 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЖУМУРУ КУРТТАР,** к. *Нематодалар* макаласын.

**ЖУМШАК ДЕНЕЛҮҮЛӨР,** к. *Моллюскалар* макаласын.

**ЖУРТЧУ**, тарпчы **(стервя́тник)** — тазкаралар тукумчасындагы куш. Уз. 65—75 *см*, салм. 2—25 *кг*. Тумшугу узун, учтуу. Эки түрчөсү белгилүү. Кадимки журтчу Түн. Африкада, Түш. Азияда, СССРде Крым, Кавказ, О. Азияда учурайт. Күрөң журтчу — Африка тропигинде жашайт. Тарп жеп, айлана-чөйрөнү тазалайт.

**ЖУТ ЧЫМЧЫК (снеги́рь)** — мукурлар тукумундагы чымчык. Уз. орт. 16 *см*, төбөсү, куйругу кара, жону боз, боору — эркегиники кызыл, ургаачысыныкы күрөң. Сибирдин түш.-чыгышында, Сахалинде ж-а Куриль аралдарында жашагандарынын эркектеринин боору боз, башынын эки капталы кызыл болот. Европа ж-а Азия токойлорунда кезигет. СССРде токойлуу аймактарда, Кавказдын тоолуу токойлорунда жашайт. Өсүмдүк уругу, мөмөсү, бүчүрү м-н азыктанат.

**ЖУУНДУКОРЛОР (инквили́ны)** — башка жаныбарлардын жашаган жерине өтүп, анын азыгы м-н азыктанып, кээде ээсинин өзүн да жеп коюучу жаныбарлар. Мис., личинкалары галлдарга жайгашып, алгач галл пайда кылган курт-кумурскалардын личинкаларын, андан кийин галлдын өзүн жечү айрым чабармандар.

**ЖҮРӨК СЫМАЛДАР (сердцеви́дки)** — эбелек бакалоордуу кош капкалуу моллюскалар тукуму. Раковинасынын уз. 10 *см*ге жетет. Капкактарынын эки бети тең дөмпөк. Отуздай уруусу, 250гө жакын түрү кеңири тараган. СССРдин бардык деңиздеринде 30дан ашык түрү кезигет. Алардын адал жүрөк сымал, тикендүү жүрөк сымал ж. б. түрлөрү белгилүү.

**ЖЫГАЧЧЫЛАР (древеси́нники)** — кабыкчылар тукумундагы коңуздар уруусу. Уз. 2,8—4 *мм*, түсү кара же күрөң. Отуздай түрү Евразиянын ж-а Түн. Американын мелүүн алкактарында тараган. СССРде 8 түрү кезигет. Аларга жубайсыз жыгаччы, карагай жыгаччысы ж. б. кирет. Карагай ж. б. дарактардын жыгачын бузуп, зыян келтирет.

**ЖЫЙРЫЛГЫЧ ТАШБАКАЛАР** (**черепáхи скрытношéйные**) — ташбакалар түркүмчөсү. Булардын 8 тукуму (кайман ташбакалар, өзөн ташбакалары, кургакчыл ташбакалар ж. б.) бар, о. эле о. азия ташбакасы да кирет.

**ЖЫЙРЫЛМА КАНАТТУУ КУРТ-КУМУРСКАЛАР** (**насекóмые новокры́лые**) — конгондо, жерде жүргөндө канаттарын жонуна жыйып, катып алуучу курт-кумурскалар (алты буттуу жандыктар) тобу. Мис., саратандар, коңуздар.

**ЖЫЛААЖЫНЧЫЛАР** (**звонарú, котúнговые**) — тираннлар түркүмчөсүндөгү чырылдак куштар тукуму. Уз. 10—50 *см*. Сырткы көрүнүшү, чоңдугу боюнча ар түрдүү. Айрымдарынын башында жүнсүз тери таажысы же баштыкчасы болот. Жүнү ачык түстө. Даракта жашайт. Отуз үч уруусу, 94 түрү белгилүү. Америкада кезигет. Алардын ичинен жылаажынчылар ж-а зоо корооздору көп таралган. Төрт түрү, 1 түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ЖЫЛАН БАШ БАЛЫКТАР** (**змееголóвые**) — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 15—120 *см*, салм. 7 *кг*га чейин жетет. Башы жалпак, түрпү м-н капталып жыландын башына окшош (аты ошондон). Оозу чоң, жон ж-а арткы сүзгүчү узун. Он эки уруусу, 11 түрү Африка ж-а Азиянын тропигиндеги тузсуз сууларда жашайт. СССРде 11 түрү Аму дарыясынын алаптарында Ханк көлүндө кезигет. Жырткыч балык. Промысел объектиси.

**ЖЫЛАНДАР** (**змéи**) — сойлоочу жаныбарлар түркүмчөсү. Уз. 8 *см*ден 10 *м*ге чейин жетет. Дене түзүлүшү ичке, жумуру. Катуу калканча түрпүлөр м-н капталган. Омурткалары 141ден 435ке жетет. Көз жапкагы тунук. Тили узун, учу ачакей. Тиштери ичке, артына кайрылып турат. Уусуз жыландардыкы табылгасын кармоого жардам берет. Ал эми уулууларыныкы үстүңкү жаагында уулуу тиши болот. Өпкөсү бирөө. Жыландардын 3000дей түрү белгилүү. Бүт Жер шарына (Антарктидадан башка) таралган. СССРде 60тай түрү бар. Жырткычтар. Табылгасын тирүүлөй жутат. Жумуртка тууп, кээ бири жумуртка тирүү тууп көбөйөт. Айрымдарынын териси тери өнөр жайында, уусу медицинада колдонулат. СССРде жашаган жыландардын ичинен чекир жылан, гюрза, эфанын чакканы өтө коркунучтуу. Алардын 26 түрү ж-а түрчөсү ТКЭСтин, 16 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЖЫЛАН КЕСКЕЛДИРИКТЕР** (**змееящерицы**) — сцинктер тукумундагы кескелдириктер уруусу. Дене түзүлүшү жыланга окшош. Бирок, кичинекей. Буттары бар (айрымдарыныкы болбойт). Уз. 20 *см*ге жетет. Тогуз түрү Евразиянын тоо ж-а чөлдөрүндө ийин казып жашайт. СССРде Түркмөнстандын түштүгүндө Чернов жылан кескелдириги кезигет. Ал СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЖЫЛАН КУЙРУКТАР** (**офиýры, змеехвóстки**) — ийне терилүүлөр тибиндеги жандыктар классы. Денеси тегерек, жалпак, чоңдугу 10 *см*ге жетет. Капталдарынан бир нече (5—10) тармактар өсүп чыгат. Эки түркүмүнүн (терилүү жылан куйруктар ж-а накта жылан куйруктар) 2000ге жакын түрү бар. СССРдин деңиздеринде 120дай түрү учурайт.

**ЖЫЛАН МОЮНДАР** (**змеешéйковые**) — бирказандар түркүмүндөгү куштар тукуму. Уз. 90 *см*ге жетет. Башы кичине, тум-

шугу түз, учтуу. Моюну узун, ичке (жыланга окшош). Эки урууcу, 4 түрү Азия, Африканын тропик ж-а субтропигиндеги суударында кезигет. Суу жээгиндеги дарактарга уя салат. Топтошуп жүрүшөт. Булардын ичинен африка жылан моюну ж-а индостан жылан моюну көбүрөөк белгилүү. Балык м-н азыктанат.
**ЖЫЛАНЧЫ КУШ (змееяд)** — карчыга сымалдар тукумундагы куш. Уз. 42—72 *см*. Канатынын жазылыгы 1,9 *м*ге жетет. Жону топурактай боз, боору ачык боз, кочкул темгилдери бар. Буттары киргилт көгүш, манжалары кыска, тырмактары учтуу. Европа, Африкага ж-а Түш.-Батыш Азияга тараган. Негизинен бака, жылан, майда куштар м-н азыктанат. Крым, О. Азия токойлорунда кездешет. Келгин куш. СССРдин ж-а Кыргызстандын Кызыл китебине катталган.
**ЖЫЛАҢАЧ МОЛЛЮСКАЛАР (моллю́ски беспа́нцирные)** — сыртында раковинасы (үлүл кабыгы) жок, жумшак моллюскалар классы. Түзүлүшү жөнөкөй, түрдүү формада. Бардык деңиздердин түбүндө кум, баткакка кирип жашашат.
**ЖЫЛГА ТИШТЕР (щелезу́бовые)** — курт-кумурскалар түркүмүндөгү сүт эмүүчү (желиндүү) майда айбандар тукуму. Уулуу шилекей бөлүп чыгаруучу жаак алдындагы безининуусу тишинин жылгасы м-н куюлуп (аты ошондон) сыртка чыгат. Сасык жыттуу. Суюктук чыгаруучу бездери бар. Тулкунун уз. 28—32 *см*, куйругу 15,5—15 *см*. Бир уруусунун 2 түрү Гаити ж-а Куба аралдарына тараган. Токойдо, калың бадал арасында жашашат. Эки түрү тең ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.
**ЖЫЛДЫЗ ТУМШУК (звездоры́л, звездоно́с)** — көр чычкандар тукумундагы кемирүүчү жаныбар. Тулкунун уз. 18—21 *см*. Тумшугунун учу түксүз, жылма, жылдызга окшош берч м-н бүткөн. Түн. Америкада саздуу топуракты чукуп, жол салып жашайт. Жакшы сүзөт.
**ЖЫЛКЫЛАР (ло́шади)** — жылкы сымалдар тукумундагы сыңар туяктуу жаныбарлар уруусу. Дене уз. 2,5 *м*, өркөчүнөн бийикт. 1,6 *м*. Сымбаттуу. Буту, жал, куйругу узун. Жүнү тайкы. Талаа, чөлдөрдө жашап, чөп жейт. Алардын 8 түрү белгилүү. Жапайы жылкылар Азия, Африкада кезигет. Аларга эшек, кулан, зебра, тарпаң кирет. СССРде 1 түрү (кулан) бар. Беш түрү, 2 түрчөсү ТКЭСтин ж-а 1 түрчөсү СССРдин Кызыл китебине катталган.
**ЖЫЛКЫЧЫ ЧИЛ (тура́ч франко́ли)** — кыргоолдор тукумундагы куш. Уз. 35 *см*ге жетет, салм. 400—550 *г*, жону күрөң чаар, курсагы кара, ак тактары, мойнунда күрөк каргысы бар. Ургаачысы ачык түстүү. Кипрден Индстанга чейин тараган. СССРде Кавказ сыртында, Түркмөнстанда, калың бадалдуу токойлордо кезигет. Моногам. Өсүмдүк уруктарын, курт-кумурскаларды жейт. СССРдин Кызыл китебине катталган.
**ЖЫЛКЫЧЫ ЧУЛДУКТАР (авдо́тки)** — маарак сымал чулдуктар тукуму. Уз. 40—57 *см*. Буту үч манжалуу, түсү боз ала, чөйрөгө окшошуп, «коргоочу» түстө болот. Үч уруусунун 9 түрү белгилүү. Боздоңдо, чөлдө, өзөн, деңиз жээктерине тараган. Жакшы учат, күлүк. СССРде 1 түрү (кадимки жылкычы чулдук) кезигет. Курт-кумурскаларды жейт. Келгин куш.
**ЖЫЛКЫЧЫ ЧЫМЧЫКТАР (трясогу́зковые)** — сайрагыч таранчылар түркүмчөсүндөгү чымчыктар тукуму. Уз. 12—22 *см*. Буттары узун, жерде чуркоого ылайыкталган. Беш уруусу, 57 түрү кеңири тараган. СССРде 3 уруусунун 16 түрү кезигет. Аларга

накта жылкычы чымчык, даракчы жылкычы чымчык, кадимки жылкычы чымчык ж. б. кирет. Талаа, тундра, шалбааларда жашайт. Бир түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ЖЫЛМА БАШТУУЛАР (гладкоголо́вые)** — сом сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 12—100 *см*, салм. 4—5 *кг*га жетет. Башында түрпүсү жок. Жыйырма уруусунун 100дөй түрү бардык океандарда кезигет. Омурткасыздарды жейт.

**ЖЫЛМА РОМБ (ромб гла́дкий)** — ромб сымал камбала балык. Уз. 65 *см*. Денеси жалпак. Деңиздин тайыз жерлеринде жашайт. Промысел объектиси.

**ЖЫЛТЫЛДАК АНЧОУСТАР (светя́щиеся анчо́усы)** — миктоф сымалдар түркүмчөсүндөгү балыктар тукуму. Майда балыктар. Уз. 2,5—25 *см*ге жетет. Жон сүзгүчүнүн артында май топтолуучу сүзгүчү болот. Оозу чоң, тиштери көп. Көзүнүн тегерегинде ж-а денесинде жылтылдак жарык чыгаруучу органы бар. Отуз уруусу, 200гө жакын түрү океан, деңиздердин тереңинде кезигет. СССРде Баренц, Беринг, Охота деңиздеринде учурайт.

**ЖЫЛТЫЛДАК КОҢУЗДАР (светлякі́)** — ылгабай азыктануучу коңуздар тукуму. Уз. 10—20 *мм*. Эркеги канаттуу, ургаачысынын канаты жок, куртка окшош, курсагынын аяк жагында жарык чыгаруучу органы бар. Жумурткасы м-н личинкасы да бүлбүл жылтылдайт (аты ошондон). Отуздай түрү кеңири тараган. СССРде 12 түрү (ири жылтылдак, суудагы көгүш жылтылдак ж. б.) кезигет. Жырткыч коңуз. Личинкасы күбүлгөн жалбырак арасында жашайт. СССРдин Европа бөлүгүндө, Сибирде, Ы. Чыгышта кадимки жылтылдак коңуз кезигет. Саны азайып, коргоого муктаж.

**ЖЫЛТЫЛДАК ОРГАНИЗМДЕР (светя́щиеся органи́змы)**— денесинен нур, жарык чыгарып, жылтылдап турган организмдер. Мис., жылтылдак коңуздар, медуза, кээ бир курттар, моллюскалар, айрым балыктар ж. б. Алар жарык чыгарып коргонот, жемин чакырат ж. б.

**ЖЫЛТЫРЛАР (мари́нки)** — каңылтырлар тукумундагы өзөндө жашоочу балыктар уруусу. Уз. 50—70 *см*, салм. 8 *кг*га чейин жетет. Эки жуп муруту бар. Денеси чубалжыган, башынан куйругун карай ичкерип олтурат. Жону күрөң, боор жагы агыш сары, ээрди сары. Кыйла түрү Азиянын түш-үндөгү өзөндөрдө жашайт. СССРдеги 5 түрү ж-а кыйла түрчөсү Ысык-Көл, Балкаш көлдөрүндө, Аму-Дарыя, Сыр-Дарыя, Иле, Чүй ж. б. өзөндөрдө кезигет. Жетилгендери жырткычтар. Майда балыктар, омурткасыздар, өсүмдүктөр м-н азыктанат.

**ЖЫЛУУЧУЛ АЙБАНДАР (термофи́льные живо́тные)** — жылуу жерде жашоочу айбандар. Мис., мадрепора шурулары жылуулугу 20° Сден төмөн болбогон сууларда жашайт.

**ЖЫНЫС ОРГАНДАРЫ (о́рганы половы́е)** — жаныбарлардын жыныстык көбөйүү органдары. Мис., жыныс түтүкчөлөрү, баштыкчалуулардын баштыкчасы ж. б.

**ЖЫНЫССЫЗ ТУКУМДОО,** ж ы н ы с с ы з к ө б ө й ү ү **(беспо́лое размноже́ние)** — ургаачы, эркек жыныстык клеткалар кошулбай эле, организмдин бөлүнүү жолу м-н көбөйүшү.

**ЖЫНЫСТЫК БЕЛГИЛЕР (половы́е при́знаки)** — жаныбарлардын эркек же ургаачы экендигин айырмалоочу белгилер. Мис., жыныс бездери, мүйүзү, кыйма тиштери, түстөрү, чоң же кичинелиги, үйүгүшүү учурундагы жүрүм-туруму.

**ЖЫНЫСТЫК ТУКУМДОО**, жыныстык көбөйүү **(половóе размножéние)** — аталык ж-а энелик клеткалар кошулушунан жаңы организмдин өөрчүшү.
**ЖЫРТКЫЧТАР (хи́щные)** — сүт эмүүчүлөр (желиндүү айбандар) түркүмү. Тулкунун уз. 11 *см*ден 3 *м*ге чейин, салм. 100 *г*дан 700 *кг*га жетет. Сырткы көрүнүшү, дене түзүлүштөрү ж-а жашоосу ар түрдүү. Көпчүлүгү басып жүрөт, негизинен 5, айрымдары 4 манжалуу. Тиштери чоң, жырткыч азуулары курч. Көбүнүн жүнү коюу, жумшак. Жаныбарлар ж-а алардын тарпы м-н азыктанышат. Жети тукумунун (аюулар, жанаттар, виверралар, карышкырлар, көк жалдар, мышык сымалдар, суусарлар) 235ке жакын түрү Австралиядан башка бардык жерде тараган.
**ЖЫРЫК ЭРИНДЕР (зайцегу́бые)** — жарганаттар тукуму. Уз. 6—9 *см*, салм. 70—80 *г*. Эки түрү Борб. ж-а Түш. Америкада кезигет.
**ЖЭЭКЧИЛДЕР (береговýшки)** — жөрмөктүү кыска мурут кош канаттуулар түркүмчөсүндөгү чымындар тукуму. Уз. 0,5—7 *мм*. 1800гө жакын түрү кеңири тараган, СССРде 30дай түрү белгилүү. Деңиз ж-а көлмө жээктеринде өсүмдүккө жабышып жашайт (аты ошондон). Айрымдары ысык, туздуу сууларда болот. Эгинге зыян келтирет.

# З

**ЗАГУТИЛЕР (загути́)** — саз кунулары тукумундагы кемирүүчү айбандар уруусу. Дене уз. 25—30 *см*. Эки түрү Гаити аралында токойлордо жашайт. Териси баалуу. Чөп жейт.
**ЗАМБА́Р (замба́р)** — бугулар уруусундагы сүт эмүүчү жаныбар. Токойлуу тоолордо бадал арасында жашайт. Дене уз. 125—130 *см*, салм. 300 *кг*га жетет. Эркегинин алдын көздөй ийилген чоң мүйүзү бар. Жону кочкул күрөң, бут жагы агыш. Булардын жалдуу замбар, индостан замбары ж. б. түрлөрү бар. Түш.-Кытай, Индия ж-а Инди-Кытай, Малакка аралдарында кезигет.
**ЗАУРОЛО́Ф (зауроло́ф)** — тукум курут болгон сойлоочу жаныбарлар уруусу. Калдыктары Канадада, Монголияда табылган. Бийикт. 6 *м*ге жетип, кош аяктап баскан. Чөп жечү жаныбар болгон.
**ЗЕБРАЛАР (зе́бры)** — жылкылар уруучасы. Дене уз. 200—240 *см*, бийикт. 120—140 *см*, салм. 350 *кг*га жетет. Ак ж-а кара тилкелүү таргыл ала жаныбар. Жалы кыска, тик, куйругунун учу чачылуу. Күлүк. Булардын 4 түрү (бурчелл зебрасы, тоо зебрасы, грева зебрасы ж. б.) бар. Африкада кездешет. Эки түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган. СССРде Аскания-Новодо байырлаштырылган.
**ЗЕБУ**, к. *Шудуңгут* макаласын.
**ЗООБЕ́НТОС (зообе́нтос)** — көл, деңиз, океандардын түбүндөгү ылайларда жашоочу жандыктар жыйындысы.
**ЗОО БӨКӨН (се́рна)** — көңдөй мүйүздүүлөр тукумундагы сүт эмүүчү (желиндүү) жаныбар. Эркегинин да, ургаачысынын да мүйүздөрүнүн учтары илмек. Дене уз. 135 *см*, бийикт. 30 *см*, салм. 50 *кг*га жетет. Кышында жүнү узарып, коюуланып, өсүп,

өңү күрөң түстө, жазында жүнү бозоруп, суюлуп, кыска болот. Европа ж-а Кичи Азия тоолорунда, СССРде Кавказ тоолорунда таралган.

**ЗООГЕОГРА́ФИЯ (зоогеогра́фия)** — айбанаттардын Жер жүзүнө таралышын ж-а анын закон ченемдүүлүгүн изилдөөчү илим; биогеографиянын бир бөлүмү.

**ЗООИДДЕР (зоо́иды)** — курттар жыныссыз көбөйгөндө алардын денесинен кертилип чыккан майда жандыктар. Булардын ар биринен жаңы курт өсүп чыгат.

**ЗОО КЕЛЕСТЕРИ (скальнокрыси́ные)** — келес сымал кемирүүчү жаныбарлар тукуму. Дене уз. 14—20 *см*ге, куйругу 18 *см*ге жетет. Жүнү жумшак. Түш. Африка чөлдөрүндө тараган. Зоолуу жерде жашашат, чөп жейт.

**ЗООЛО́ГИЯ (зооло́гия)** — жаныбарлар жөнүндө илим. Биологиянын жаныбарлар дүйнөсүнүн көп түрдүүлүгүн, алардын түзүлүшүн, тиричилик аракетин, дүйнөгө таралышын жашаган чөйрөсү м-н байланышын, жеке ж-а тарыхый өөрчүшүнүн закон ченемдүүлүгүн изилдөөчү тармагы.

**ЗООЛОГИЯЛЫК ПАРК**, зоопарк **(зоологи́ческий парк)** — жапайы айбандарды изилдөө, элге көрсөтүү ж-а төлдөтүү үчүн атайын жайларда (мис., капаста) же табигый шартта (тосулган чоң аянтта) кармап багуучу илимий-агартуучу мекеме.

**ЗООМАССА (зоома́сса)**— ар кандай экосистемадагы айбанаттын ар кыл табигый жамаатындагы бардык айбандардын, жандыктардын же алардын кандайдыр бир тобунун жалпы массасы.

**ЗООПАРК**, к. *Зоологиялык парк* макаласын.

**ЗООФАГДАР (зоофа́ги)** — башка жаныбарлар м-н азыктануучу айбандар.

**ЗООЦЕНОЗ (зооцено́з)** — белгилүү аймакта жамаатташ, чогуу жашоочу айбандар, жандыктар жыйындысы; биоценоздун бир бөлүгү.

**ЗОРИ́ЛЛА (зори́лла)** — суусарлар тукумундагы күзөнгө окшош жаныбар. Африкада жашайт. Уз. 30—35 *см*, куйругу 13—30 *см*, боору каралжын, жонунда узунунан кеткен ала темгилдери бар.

**ЗУБР (зубр)** — көңдөй мүйүздүүлөр тукумундагы жапайы бука. Уйдан ири, дене уз. 3 *м*, бийикт. 2 *м*, салм. 1 *т*га чейин жетет. Ургаачысы кичирээк. Өңү күрөң, денесинин алды жагынын жүнү узун, калың, арт жагыныкы тайкы, ээги м-н алкымында сакалы бар. Куйругу кыска, учу чачылуу. Мурда Европа токойлорунда көп болгон. Азыр коруктарда гана жашайт. СССРдин Кызыл китебине катталган.

# И

**ИБИСТЕР (и́бисовые)** — куназ сымалдар түркүмүндөгү ири куштар тукуму. Уз. 48—106 *см*. Тумшугу узун, төмөн карай ийилген же түз, учу жалпак. 20 уруусу, 32 түрү белгилүү. СССРде 2 түрү (кашык тумшук ж-а каравайлар) уялайт. Саздуу жерлерде ж-а көлмө жээгиндеги аскада, даракка жамаатташ уя салышат. Суу жандыктары м-н азыктанат. Алты түрү, 1 түрчөсү ТКЭСтин, 2 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ИГУАНАЛАР (игуа́ны)** — азыркы кескелдириктердин бир туку-

му. Дене формасы ж-а түсү ар кандай. Уз. бир нече *см*ден 2 *м*ге жетет. Америка континентинде, Мадагаскар ж-а Полинезиянын айрым аралдарында кезигет. Булардын даракчыл игуаналар, тикен куйруктуу игуаналар, чөл игуаналары ж. б. түрлөрү бар. Курт-кумурскаларды, кээ бир түрлөрү чөп жейт. Көбүнчө токой, дарактарда, көпчүлүгү чөл ж-а тоолордо жашайт. Эт, жумурткасы желип, терисинен майда буюмдар жасалат. Он үч түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ИГУАНОДОНТТОР (игуанодо́нты)** — орнитопод түркүмчөсүндөгү тукум курут болгон кескелдириктер уруусу. Европа, Азия, Монголияда ж-а Түн. Африкада жашаган калдыктары табылган. Уз. 10 *м*ге жеткен. Чөп жеген.

**ИЗОГА́МИЯ (изога́мия)** — морфологиялык түзүлүштөрү окшош, бирок биохимиялык, физиологиялык касиеттери м-н айырмаланган жыныстык (аталык ж-а энелик) клеткалардын (гаметалардын) кошулуу процессинин бир түрү.

**ИЗОМЕТРИДДЕР (изоме́триды)** — деңиз лилияларынын тукуму. Буларга тирүүлөй туучу изометрид кирет.

**ИЙИНЧИ САРЫ ААРЫЛАР (о́сы ро́ющие)** — сары аарылардын чоң тукуму. Алар жерге ийин казып бир же бир нече уюгу м-н жашайт. Личинкаларын өлгөн чымындар м-н багат.

**ИЙНЕ БАЛЫКТАР (и́гловые)** — тикен канат сымалдар түркүмүндөгү деңиз балыктарынын тукуму. Денеси ийнедей ичке. Уз. 2,5—60 *см*. Булар жылуу деңиздерде жашап, көп түрү бар. Жон сүзгүчүндө сайгычтары жок. Көкүрөк, арткы куйрук сүзгүчтөрү кээде болбойт. СССРдин деңиздеринде 2 уруусу, 8 түрү кезигет.

**ИЙНЕЛИКТЕР (стреко́зы)** — алты буттуулар (курт-кумурскалар) түркүмү. Учуп жүрүп азыктанат. Чоңдору жакшы учат. Муруттары кыска, билинбейт, канаттары тор сымал, тарамдуу. Булардын 4500дөн ашык түрү бар. СССРде 160тан ашык түрү кезигет. Бардык аймакта таралып, нымдуу, көлмөлөргө жакын жерде жашайт. Ийнеликтердин ирилери — жаа, көгөн, сайгактарды кырып пайда келтирет. Он бир түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ИЙНЕ ТЕРИЛҮҮЛӨР (иглоко́жие)** — деңиз омурткасыз жандыктарынын тиби. Чоңдугу бир нече *мм*ден 1 *м*ге (чанда 20 *м*ге) жетет. Денеси радиал симметриялуу, беш тармактуу, акиташ скелеттүү. Түрдүү формада болуп, жылдыздай, табактай, жүрөктөй, көнөчөктөй, топтой, курттай же гүлгө окшогондору да бар. Бардыгынын башка жаныбарларда жок амбулакр системасы бар. Ал кыймылдоо, бөлүп чыгаруу ж-а сезүү кызматын аткарат. Нерв системасы жөнөкөй, бөлүп чыгаруучу атайын системасы жок. Ичегиси түтүктөй же капчыктай. Айрым жыныстуу. Үч типчеси (деңиз лилиялары, астерозоалар ж-а ехинозоалар), 5 классы, 6000дей түрү бардык океан, деңиздерге тараган. Сууда көбөйөт. Көпчүлүгү детрифагдар; полифаг, жырткыч, өсүмдүк жечүлөрү да бар. Өздөрү балыктарга ж. б. жаныбарларга жем болот. Деңиз кирпилери, голотуриялардын промыселдик мааниси бар.

**ИЙРИЛМЕЛЕР (сверта́шки)** — келтек жыландар тукумундагы уруу. Бир түрү (кызыл муунак ийрилме) бар. Америкада кездешет. Уз. 80 *см*. Кызыл түстө, кара тактары бар. Тирүү туучт.

**ИЛБИРС (сне́жный барс)** — мышыктар тукумундагы сүт эмүүчү жаныбар. Аскалуу бийик тоолордо жашайт. Жырткыч. Уз.

103—130 *см*, куйругу 80—105 *см*. Кабыланга окшош, жүнү коюу, боз түстө, кара тегерек тактары бар. СССРде Алтай, Тянь-Шань тоолорунда кезигет. Кийик, илбээсиндер м-н азыктанат. Уулоого тыюу салынып, СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ИЛБЭЭСИН (охо́тничье-промысло́вые пти́цы)** — этин, жүнүн керектөө үчүн аңчылык кылына турган жапайы куштар, мис., кыргоол, кекилик, тоодак, безбелдек, кара кур, өрдөк, каздар ж. б.

**ИЛЕНДИЛЕР (лени́вцевые)** — кем тиштүүлөр тукумундагы сүт эмүүчү жаныбарлар. Дене уз. 50—65 *см*. Башын 270° бура алат. Колу-бутунун манжалары биригип өскөн, узун тырмагы м-н бутакка жармашып, асылып турат. Борб. ж-а Түш. Америка, Бразилия, Парагвайдын токойлорунда жашайт. Өсүмдүктөр м-н азыктанат. Эки уруусу, 5 түрү (кош манжалуу, ала мойнок, үксөгөй иленди ж. б.) бар.

**ИМА́ГО (има́го)** — курт-кумурскалардын ж-а муунак буттуулардын өөрчүшүнүн акыркы (жетилген) баскычы. Бул учурда курт-кумурскалар көбөйө баштайт, кээде тарайт, демейде түлөбөйт.

**ИММИГРА́НТТАР (иммигра́нты)** — башка аймактардан оошуп келген, мурда болбогон жаңы жерге орун алган өсүмдүктөр ж-а айбандар.

**ИММИГРАЦИЯ (иммигра́ция)** — башка бир аймакта пайда болгон өсүмдүк, жаныбарлардын жаңы аймакка таралышы.

**ИНДРИЛЕР (индри́евые)** — чала маймылдар тукуму. Мадагаскар аралында жашайт. Булардын бир нече түрлөрү бар: үрпөк индрилер, чолок куйрук индрилер ж. б. Дарактарда жашап, өсүмдүктөр м-н азыктанышат. Жубу м-н топтошуп жүрүшөт.

**ИНСТИ́НКТ (инсти́нкт)** — белгилүү бир шарттарда ошол жердеги жаныбарлар түрүнүн өкүлдөрүнө мүнөздүү жүрүм-турумуна түрткү болуучу татаал кыймыл аракеттердин жыйындысы.

**ИНТЕРОЦЕПТОРЛОР (интероце́пторы)** — түрдүү ткандарда ж-а ички органдарда (жүрөк, тамак сиңирүү органдары ж. б.) жайгашкан организмдин ички дүүлүгүүлөрүн кабыл алуучу сезүү нервдеринин учтары.

**ИНФА́УНА (инфа́уна)** — суу түбүндөгү ылайда жашоочу же суунун үстүңкү катмарларында эркин сүзүп жүрүүчү жаныбарлар. Ага көп моллюскалар, айрым рак сымалдар ж-а деңиз жылдыздары ж. б. кирет.

**ИНФУЗОРИЯЛАР (инфузо́рии)** — жогорку түзүлүштүү жөнөкөйлөр тиби (башка система боюнча типчеси). Булардын 2 классы, 1100дөн ашык уруусу ж-а 7000дей түрү белгилүү. Мис., түктүү инфузориялар ж. б. Чоңдугу 10 *мкм*ден 3 *мм*ге чейин. Дене түзүлүшү түрдүү формада, түктөр м-н капталган. Соргуч тинтүүрлөрү бар. Айрым мите инфузориялардын оозу болбойт. Бактерия, балырлар м-н азыктанат. Көпчүлүгү балык, моллюска, муунак курттардын ж. б. мителери. Ылаң да пайда кылат.

**ИСИРКЕК БУТТАР**, трипстер **(пузырено́гие)** — курт-кумурскалар түркүмү. Эки жуп ичке, четтери түктүү канаты бар. Тамагында исиркектей соргучтары жайгашкан. Алардын уз. 0,5—2 *мм*. Мунун 2 миңден ашык, СССРде 230дай түрү бар. Өсүмдүк гүлүндө, жалбырагында, мөмөсүндө, дарак кабыгында жашайт. Эгинге, бак, дарактарга зыян келтирүүчү түрлөрү бар.

**ИТ (соба́ка)** — иттер тукумундагы сүт эмүүчү айбан. Дүйнөнүн бардык жеринде кездешет. Түпкү теги — карышкыр. Колго үйрө-

түлгөн. 400дөн ашык породасы белгилүү. Алдыңкы буту 5, арткысы 4 манжалуу. Иттин угуу, көрүү, жыт алуу сезими жакшы өнүккөн. Алар атайын питомниктерде, аңчылык чарбаларда, спорттук клубдарда багылып, аңчы иттер, ишчил иттер, эрмектик иттер деп бөлүнөт.

**ИТАЛАЛАР (пега́нки)** — өрдөк сымалдар уруусу. Алардын 3 түрү бар. Уз. 60 *см*ге жетет. Европанын мелүүн алкактарына тараган. СССРде Эстония ж-а Дунайдан Байкал көлүнө чейин туздуу көлдөрдө, деңиз жээктеринде жашайт. Ийинге, саман үймөктөрүнө, чөптөрдүн арасына уялайт. Үрпөк итала ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ИТ ЖАРГАНАТ (кало́нг)** — бут канаттуулар тукумундагы ири жарганаттар. Уз. 40 *см*ге жетет, канаты жайылганда 1,4 *м*. Куйругу жок, тумшугу түлкүнүкүнө окшош. Түш.-Чыгыш Азия аралдарында, Мадагаскарда жашайт.

**ИТЕЛГИ (балоба́н)** — шумкарлар уруусундагы алгыр куштардын эң ириси. Уз. 60 *см*ге жетет. СССРде Украинадан Байкалдын түштүгүнө чейин тараган. Кыргызстандын бардык аймагында кезигет. Аскалуу, борчуктуу жерлерге ж-а дарактардын бутактарына уялайт. Куштар ж-а майда сүт эмүүчү жаныбарлар м-н азыктанат. СССРдин ж-а Кыргызстандын Кызыл китебине катталган.

**ИТ МУРУТТАР (пескари́)** — каңылтырлар тукумундагы майда балыктар тукумчасы. Уз. 5—30 *см*, салм. 300 *г*. Ууртунда муртчалары бар. СССРдин Европа бөлүгүндөгү тузсуз сууларда (өзөндөрдө, көлмөлөрдө, көлдөрдө) жашайт. Ысык-Көлдө ж-а Арал деңизинин алабында көп учурайт.

**ИТ СЫМАЛДАР (соба́чьи, псо́вые)** — итке окшош, жырткыч, сүт эмүүчү жаныбарлар тукуму. Булардын 12 уруусу, 29 түрү бар. Аларга динго ити (жапайы), жанат сымал ит, көк жал сымал ит, бадал иттери, тарпчыл иттер, карышкырлар, түлкүлөр кирет.

**ИХТИОЗАВРЛАР (ихтиоза́вры)** — тукум курут болгон деңиз сойлоочуларынын классчасы. Америка, Австралия ж-а Евразияда жашаган. СССРдин Европа бөлүгүндө калдыктары табылган. Дене түзүлүшү дельфинге окшош болуп уз. 15 *м*ге жеткен. Деңиздерде жашап, балык м-н азыктануучу жырткыч жаныбар.

**ИХТИОЛО́ГИЯ (ихтиоло́гия)** — зоология илиминин балыктарды ж-а оймок оозду курттарды изилдөөчү бөлүмү.

**ИХТИОФА́УНА (ихтиофа́уна)** — белгилүү бир суу алабындагы балыктардын тобу.

**ИЧЕГИ КӨҢДӨЙЛҮҮЛӨР (кишечнопо́лостные)** — сууда жашоочу жандыктардын, айбанаттардын чоң тиби. Булардын денесинде ичеги-карын көңдөйүнөн башка көңдөй жок. Буларга полип, медузалар кирет.

# К

**КААМА (каа́ма)** — көңдөй мүйүздүү, ача туяктуу жаныбарлар. Африкада жашайт.

**КАБЫКЧЫ КОҢУЗДАР (короє́ды)** — ылгабай азыктануучу коңуздар түркүмчөсүндөгү тукум. Алардын уз. 0,08—12 *мм*, денеси

жумуру, цилиндрдей. 3000ден ашык түрү токойлуу барды‹ аймакта кездешет. СССРде 300дөн ашык түрү бар. Дарак кабыгынын астында жашап, кабык, айрымдары жыгач жейт. Булардын ичинен көп кездешүүчү түрлөрү: кабыкчы коңуз, токой кабыкчы коңузу, уста кабыкчы коңузу ж. б.

**КАБЫКЧЫ КОҢУЗ СЫМАЛДАР**, чүмбөтчөндөр (**лжекоро́еды, капюшо́нники**) — ылгабай азыктануучу коңуздар түркүмчөсүндөгү тукум. Уз. 15 *ммге* жетет. Сыртынан кабыкчы коңуздарга окшош. Башы алдыңкы көкүрөгү м-н чүмбөттөй жабылып турат (экинчи аты ушундан). Беш жүз элүүдөй түрү, негизинен тропик алкактарында таралган, СССРде 30дай түрү бар. Чоңдору да, личинкалары да илдеттүү же кууранган даракта жашап, жыгачка зыян келтирет. Булардын ичинен СССРдин Европа бөлүгүндө кадимки чүмбөтчөндөр көп учурайт.

**КАБЫК КОҢУЛЧУЛАРЫ (подко́рники)** — канталалар тукуму. Уз. 3—11 *мм*. 1000ден ашык түрү кеңири тараган, СССРде 80дей түрү кезигет. Дарак кабыгында ж-а кабык астында жашап, флоэма же козу карын ширеси м-н азыктанат. СССРде мырза карагай канталасы мырза карагайларга, кайың канталасы кайыңдарга зыян келтирет.

**КАБЫЛАН (леопа́рд, барс)** — мышык сымалдар тукумундагы жырткыч жаныбар. Дене уз. 170 *смге*, куйругу 102 *смге* жетет. Жүнү жыш, сары түстө, кара тактары бар. Африкада, Түш. Азияда кезигет. СССРде Кавказда, О. Азияда Түркмөнстандын түш.-батышында, Уссури крайында кезигет. Тропик, субтропик ж-а аралаш токойлордо, түздүктөрдө, саванналарда, суу жээктеринде калың өсүмдүктөрдүн арасында жашайт. ТКЭСтин ж-а СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КА́ГУ (ка́гу)** — турна сымалдар тукумундагы куш. Жаңы Каледония аралдарында учурайт. Уз. 55 *смге* жакын. Шыйрагы, тумшугу узун, кызыл. Жерде жашап, жакшы чуркайт, бир жумуртка тууйт. Майда омурткасыз жаныбарларды жейт. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**КАДИМКИ БОРООНЧУЛАР**, к. *Бороончулар* макаласын.

**КАДИМКИ ЖАРГАНАТТАР (кожаны́)** — жылма тумшук жарганаттар уруусу. Булардын 30—35 түрү Евразия, Африка, Түн. ж-а Түш. Америкада, Австралияда кеңири тараган. Төрт түрү СССРдин Европа бөлүгүндө, Кавказда, О. Азияда, Казакстанда кезигет. Аларга күрөң жарганат, күүгүмчүл жарганат ж. б. кирет.

**КАДИМКИ ТЮЛЕНЬ (тюле́нь обыкнове́нный)** — тюлендер тукумундагы сүт эмүүчү жаныбар. Уз. 1,6—1,8 *м*, салм. 80—100 *кг*. Айрымдарынын балдары узун, жумшак, ак жүндүү. Чоңдору боз тактуу. Атлантика ж-а Тынч океандардын мелүүн ж-а муздак сууларында жашайт. СССРде Балтика, Ак, Баренц ж. б. деңиздерде кезигет. Балык жейт. Бир нече жүз миңдей гана тюлень бар. Лимит м-н кармалат. Эки түрчөсү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КАЖЫРЛАР (си́пы)** — тарпчы жорулар уруусу. Алардын 4 түрү бар. Европанын түштүгүндө, Африка, Азияда жашайт. СССРде 2 түрү белгилүү. Ак кажыр Крым, Кавказда, О. Азиянын жапыз тоолуу аймактарында, кумай Тянь-Шань, Памирде кездешет. СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КАЗДАР (гу́си)** — өрдөктөр тукумундагы куштар урууларынын тобу. Алардын буту узун, кургакта басууга, сууда жакшы сү-

зүүгө ыңгайланган. Өрдөктөрдөн айырмасы тумшугу бийик. Өсүмдүктөр м-н тамактанат. Жубу м-н жүрүшөт. Түн. ж-а мелүүн алкактарга тараган. Алардын ак каз, боз каз, маңка каз, дудук каз ж. б. түрлөрү бар. Маңка каз жазында Соңкөлгө келип уялайт. Бакма каздардын көпчүлүгү боз каздардан чыккан. Үч түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КАЗ СЫМАЛДАР (гусеобра́зные)** — суучул куштардын түркүмү. Алар бут, булчуң, таңдай, кекиртек ж. б-нын түзүлүшүнө карата 2 түркүмчөгө бөлүнөт. Бирок сырткы ж-а биологиялык түзүлүшү ар түрдүү болот. Буларга өрдөктөр тукуму, каз сымалдар тукумчасы кирет.

**КАЗУАР СЫМАЛДАР (казуарообра́зные)** — жалпак төштүү куштар тукуму. Буту үч шадылуу, жүнү кылдай. Эки тукуму (казуарлар ж-а эму) бар. Казуарлардын мойну такыр, башында мүйүздөй таажычасы бар. Салм. 80—90 *кг*га жетет. Үч түрү Австралия, Жаңы Гвинея ж-а ага жакын аралдарда жашайт. Булар уча албайт, бирок күлүк, сууда жакшы сүзөт. Өсүмдүк ж-а курт-кумурска жейт. Жаңы Гвинеяда багып, этин жейт.

**КАЙМАНДАР (кайма́ны)** — аллигаторлор тукумундагы крокодилдердин 3 уруусунун жалпы аты. Булар кадимки аллигаторлордон боорундагы сөөк чопкуттары м-н айырмаланат. Каймандардын бир нече түрү бар, мис., кара кайман, жылма маңдай кайман, тостогой кайман ж. б.

**КАЙРАЛАР (ка́йры)** — чистиктер тукумундагы суучул куштар уруусу. Мелүүн алкактарда жашайт. Уз. 40—80 *см*. Аска боорлоруна 1ден жумуртка тууйт, уя салбайт. Жуп-жубу м-н топтошуп жашайт. Булардын ак көз кайра, ичке тумшук кайра, тултук тумшук кайра ж. б. түрлөрү белгилүү.

**КАЙЧЫ БАКАЛАР (крестóвки)** — сасык бакалар тукумундагы куйруксуз жерде-сууда жашоочулар уруусу. Уз. 5,5 *см*. Териси бодурала, жон жагы боз, жашыл темгилдери бар, боору агыш. Эркегинин аркасында кайчылаш тагы бар (аты ошондон). Булардын 2 түрү белгилүү. Европада кезигет. СССРде 1 түрү (кавказ кайчы бакасы) бар. Нымдуу токойдо, көлөкөлүү көлмөлөрдө жашайт. СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КАЙЧЫ ТУМШУКТАР (клёсты)** — мукурлар тукумундагы чымчыктар уруусу. Уз. 17 *см*ге жетет. Тумшугунун асты м-н үстү кайчылашып турат (аты ушундан). Аны м-н тобурчак кабыгын оңой ачып, жабышкак тили уругун ажыратат. Кайчы тумшуктардын 3 түрү бар: ак канат кайчы тумшук, карагайчы кайчы тумшук, мырза карагайчыл кайчы тумшук. Булар Африка, Борб. Азия, Европага таралган. Карагайчы кайчы тумшук Кыргызстандын токойлорунда кезигет.

**КАЙЫК ТУМШУКТАР (челноклю́вовые)** — куназ сымалдар түркүмүндөгү куштар тукуму. Бул тукумда жалгыз гана түр (кайык тумшук) бар. Уз. 50 *см*ге жетет. Тумшугу жазы, көмкөрүлгөн кайыкка окшош (аты ошондон). Америкада жашайт. Түнкүсүн тиричилик кылат. Майда суу жаныбарларын жейт.

**КАЙЫРМА, соно (кря́ква)** — өрдөктөр тукумундагы куш. Дене уз. 60 *см*ге жакын. Эркегинин башы, мойну кочкул жашыл, канаттары жалтыраган жашыл темгилдүү, соносу (ургаачысы) боз. Бакма өрдөктөрдүн түпкү теги. Европа м-н Азияда кезигет. СССРдин түштүгүнөн түндүгүнө чейин учурайт.

**КАЙЫРМАКЧЫЛАР (уди́льщики)** — сөөктүү балыктар түркү-

мү. Дене түзүлүшү томпок, териси кара, жылма, айрымдары гана тикендүү. Уз. 1,4—20 *см*ге жетет. Курсак сүзгүчү болбойт. Жон сүзгүчүнүн алдыңкы тармактары кайырмакка окшош (аты ошондон). Кайырмакчылардын 10 тукуму, 120 түрү белгилүү. Алар тропик алкактарындагы океандарда жашайт. СССРде 3 түрү Ы. Чыгыш деңиздеринде кезигет.

**КАКАДУ́ (какаду́)** — тоту куштар түркүмүндөгү куштар тукумчасы. Булар башка тоту куштардан башындагы үрпөгү м-н айырмаланат. Какадулардын 5 уруусу (кара какаду, карга сымал какаду, туулгалуу какаду ж. б.) ж-а 17 түрү бар. Алар Калимантан ж-а Филиппин аралдарынан Австралия, Тасманияга чейин тараган. Какадулар көбүнчө капаста кармалат.

**КАКОМИ́ЦЛИ (какоми́цли)** — жанат сымалдар тукумундагы уруу. Дене уз. 30—47 *см*, куйругу 31—53 *см*, түсү саргыч күрөң, кулагы далдагай, көзү чоң. Американын аскалуу тоолорунун токойлорунда жашайт. Дарактарга жакшы чыгып, коңулдарына корголошот. Анын 2 түрү бар: түн. америка какомицлиси ж-а борб. америка какомицлиси. Майда жаныбарлар, чымчык, өсүмдүктөр м-н азыктанат.

**КАКСООЧУЛ ЖАНЫБАРЛАР (ксерофи́льные живо́тные)** — каксоо, кургак жерде жашоочу жаныбарлар.

**КАЛАК БУТ КУШТАР (веслоно́гие пти́цы)** — сууда сүзүп жүрүп жашоочу куштар. Булардын бутунда жаргактары бар.

**КАЛАК БУТ РАК СЫМАЛДАР (веслоно́гие)** — рак сымалдар классчасындагы омурткасыз жаныбарлар. Уз. 0,1 *мм*ден 3 *см*ге жетет. Денеси бир нече муунактан турат. Денеси м-н дем алат, курсак буттары болбойт, көкүрөк муунагындагы буттары калак сымал кызмат аткарат (аты ошондон). Булардын 6000ден ашык түрү деңиздерде ж-а тузсуз сууларда жашайт. Айрымдары жаныбарларга, балыктарга мителик кылат.

**КАЛАК БУТТАР (ластоно́гие)** — сууда жашоочу сүт эмүүчү жаныбарлар. Алардын буттары калакка айланып, куйругу кыска, сууда жашоого ыңгайланышкан. Балдарын сүт м-н багат. Бир түрдүү кыймылда болгондуктан акыреги болбойт. Табылгасын тиши м-н кармайт. Булардын 3 тукуму (суу жолборс, кулактуу тюлень ж-а тюлень), 31 түрү белгилүү, СССРде 13 түрү бар. Тынч, Атлантика, Түндүк Муз океандарынын жээктеринде, Балтика, Каспий, Кара деңиздерде, Ладога, Байкал көлдөрүндө жашайт. Промысел объектиси. ТКЭСтин ж-а СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КАЛАК ТУМШУКТАР (веслоно́совые)** — мекире балыктар түркүмүндөгү тукум. Булардын тумшугу кайыктын калагындай жалпак, денеси жылма. Түрпүсүз, 2 муруттуу. Эки уруусунун ар биринде 1ден түрү бар. Америка калак тумшугунун уз. 2 *м*, салм. 75 *кг*га жетет. Түн. Америка сууларында, көлдөрүндө жашайт. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган. Янцзы калак тумшугунун уз. 7 *м*ге жетет. Кытайдын Янцзы дарыясында кезигет. Балыктар м-н азыктанат.

**КАЛАМИСТРУ́М (каламистру́м)** — жөргөмүштөрдүн арткы буттарынын учундагы катуу кылкандар. Аны м-н желесин түрөт.

**КАЛАНИ́ДДЕР (калани́ды)** — калак бут рактар түркүмүндөгү омурткасыз майда жаныбарлар. 1600дөй түрү бар. Уз. 0,5—14 *мм*, көкүрөгү м-н башы биригип өсүп, денесинен бир кыйла узун болот. Көкүрөгүндө жаак-буттары ж-а 5 жуп буту болот.

Океандарда, деңиздерде ж-а тузсуз сууларда жашап, балыктар м-н киттердин негизги жеми. Булардын ичинен каланус көп сууларда кезигет.

**КАЛАНУС**, к. *Каланиддер* макаласын.

**КАЛАО**, к. *Керик куштар* макаласын.

**КАЛДАГАЙ КАНАТТУУ КУРТ-КУМУРСКАЛАР (насеко́мые древнекры́лые)** — канаттарын конгондо да, учканда да жыя албаган курт-кумурскалар тобу.

**КАЛДАҢ КУЛАК ТҮЛКҮ (уша́стая лиси́ца, лиси́ца большеу́хая)** — ит сымалдар тукумундагы айбан. Дене уз. 60 *см*, куйругу 35 *смге* жетет. Кулагы калдайып чоң, жазы, бийикт. 13 *смге* жетет. Түсү саргыч күрөң, 48 тиши бар (жырткыч сүт эмүүчүлөрдүн бардыгыныкынан көп). Африка талааларында ж-а чөлдөрүндө кезигет. Майда жаныбарлар, тарптар м-н азыктанат.

**КАЛКАНДУУ КАНТАЛАЛАР (щи́тники)** — канталалардын бир чоң тукуму. Уз. 2—40 *мм*. Калканы чоң (аты ошондон), курсагын жаап турат. 4000дей түрү кеңири тараган. СССРде 350дөй түрү белгилүү. Көпчүлүгү өсүмдүк ширесин соруп, дыйканчылыкка, багбанчылыкка, бакчачылыкка зыян келтирет.

**КАЛКАНДУУ ЧУЛДУК (турухта́н)** — маарактар тукумундагы куш. Уз. 25 *смге* жетет. Жазында эркектеринин мойнуна, кулагына калкан сыяктуу калдайган («жака») сары же кочкул жашыл түстө жүн өсүп чыгат (аты ошондон). Негизинен курт-кумурскалар м-н азыктанат. Евразиянын токойлуу аймактарында тараган. СССРде келгин куш.

**КАЛКАН СЫМАЛДАР (щитови́дки)** — эбелек муруттуу коңуздар тукуму. Уз. 5—7 *мм* болгон майда коңуздар. Чириген даракта кезигет. Эң эле көп учураганы күрөң калкан сымалдар.

**КАЛКАН ТУМШУК ЖЫЛАНДАР (щитомо́рдники)** — оюкбаш жыландар тукумундагы уруу. Уз. 1,6 *мге* жетет. Түсү боз чаар. Тумшугунун калканчалары ири (аты ошондон). Он төрт түрүнүн ону Азияда, калганы Түн. ж-а Борб. Америкада жашайт. СССРде негизинен кадимки калкан тумшук ж-а чыгыш калкан тумшугу көп кездешет. Чаккан жерин оорутат. Алар майда жаныбарлар (чычкан, бака ж-а омурткасыздар) м-н азыктанат. Кээ бир өлкөлөрдө эти желет, уусу медицинада колдонулат.

**КАЛКАНЧАЛАР (щи́тки)** — омурткасыз жаныбарлардын хитин кабыктарынын катуу бөлүктөрү; сойлоочулар м-н куштардын терисиндеги чор эбелектер. Денесин урунуудан ж-а кургап кетүүдөн сактайт.

**КАЛКАНЧАЛУУ РАКТАР (щи́тни)** — жалбырак бут рактар түркүмүндөгү жаныбарлар түркүмчөсү. Жалпак калканча курсагынан башка бөлүгүнүн бардыгын сактап турат (аты ошондон). Көкүрөгү бир нече сегменттүү. Биринчи сегментинде 11 жуп, кийинкилеринде 2ден 6 жупка чейин буту болот. Алардын 9 түрү бардык аймактардагы тузсуз сууларда, көлмөлөрдө, көлдөрдө кезигет. Өсүмдүк ж-а майда чабактар м-н азыктанат.

**КАЛКАНЧАН КОҢУЗДАР (щитоно́ски)** — жалбыракчы коңуздар тукумундагы тукумча. Уз. 4—20 *мм*. Денеси сүйрү, хитин кабыгынын чети жалпак, калканга окшош (аты ошондон). Түсү ачык, кээ бирлери жалтырак. Үч миң беш жүздөй түрү негизинен ысык жерлерде тараган. СССРде 70тей түрү кезигет. Айрым түрлөрү мис., кызылчачы калканчалуу коңуз кызылчага зыян келтирет.

**КАЛКАНЧЫКТАР** (**щитовки**) — кокциддер түркүмчөсүндөгү курт-кумурскалар тукумунун тобу. Алардын көп мом бездери бар. Денеси сыртынан мом сымал зат м-н капталган. Эки миңдей түрү белгилүү. Субтропик, тропиктерде кеңири тараган. СССРде 250дөй түрү кезигет. Ургаачылары ж-а личинкалары өсүмдүк ширелерин соруп жашайт. Эркектеринин канаты бар. Көпчүлүгү мөмө багынын зыянкечтери.

**КАЛКАНЧЫ СЫМАЛДАР** (**ложнощитовки**) — кокциддер тукумчасындагы курт-кумурскалар тукуму. Уз. 5—7 *мм*. Эркеги канаттуу, ургаачысынын канаты жок. Бак, дарактарда жашап, аларга зыян келтирет. Бардык аймактарда кезигет. СССРде 40тай түрү бар. Аларга алма калканчы сымалдары, кара өрүк калканчы сымалдары ж. б. кирет.

**КАЛЛИМИКО** (**каллимико**) — ойноок маймылдар уруусу. Жүнү коюу, түсү кара күрөң. Баш сөөктөрү м-н тиштеринин түзүлүшү чалма куйрук маймылдарга окшош. Бети-башын былкылдатып, түрдүү кыймыл жасайт. Амазонка өзөнүнүн баш жагындагы токойлордо кезигет. Дарактарда топ-тобу м-н жашап, күндүз тиричилик кылышат. Чөп, курт-кумурскаларды жешет. Саны аз, ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**КАЛОТТОР** (**калоты**) — агамалар тукумундагы кескелдириктер уруусу. Башы кичине, денеси ичке, уз. 45—65 *смге* жетет. Куйругу узун, жонунда катуу түрпүлүү кыры бар. Кээ бирлеринин түсү бат-бат кубулуп турат. Түш., Түш.-Чыгыш Азияда кезигет. Дарактарда жашап, курт-кумурскалар м-н азыктанышат, күндүз тиричилик кылат. Булардын ичинен эң эле белгилүүсү кан соргуч калот. Индияда жашайт.

**КАЛТАР ЧЫЧКАН** (**выхухоль**) — сокур чычкандар тукумундагы жаныбар. Дене уз. 11—12 *см*, куйругунуку 17—20 *см*, жоон, учу ичкерип кетет. Арткы таманы алдыңкысынан чоң, жаргактуу. Бир гана түрү бар. СССРдин Европа бөлүгүндө кезигет. Суу жээктеринде ж-а сууда жашайт. ТКЭСтин ж-а СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КАЛТЫРАК** (**зяблик**) — мукурлар уруусундагы куш. Уз. 15 *см*. Европа, Түн.-Батыш Азияда, СССРде таралган. Токойлордо, тайгаларда, шаар парктарында кезигет. Жаз келери м-н алгач эркектери учуп келишет. Булардын кадимки калтырак, тоо калтырагы ж. б. түрлөрү бар.

**КАЛУГА**, к. *Кертмелер* макаласын.

**КАЛЬМАРЛАР** (**кальмары**) — баш буттуу моллюскалар түркүмү. Дене уз. 2 *смден* 5 *мге*, дөө кальмарлардыкы тинтүүрлөрү м-н 18 *мге* жетет, салм. 300 *кгдай*, айрымдарыныкы 1 *тга* жетиши мүмкүн. Башында 8 буту, 2 тинтүүрү бар. Кальмарлардын 250дөн ашык түрү белгилүү. Арктикадан Антарктикага чейин тараган. СССРдин Түн. ж-а Ы. Чыгыш деңиздеринде 30 түрү кезигет. Промысел объектиси.

**КАМБАЛА СЫМАЛДАР** (**камбалообразные**) — сөөктүү балыктар түркүмү. Бул түркүмдөгү балыктардын дене уз. 6 *смден* 4,7 *мге*,салм. бир нече *гдан* 330 *кгга* жетет. Эки көзү тең үстүңкү капталында, сүзгүчтөрү, оозу, нервдери, ички органдары симметриясыз жайгашкан. 500дөй түрү белгилүү. Антарктикадан Субантарктикага чейин тараган. СССРде 45 түрү бар. Ы. Чыгышта, Кара, Балтика, Баренц деңиздеринде кездешет, кээси өзөндөргө өрдөйт. Зообентостор м-н азыктанат. Промысел объектиси.

**КАМЧЫ КАНАТТУУЛАР (чешу́йчатниковые)** — кош өпкөлүүлөр түркүмүндөгү балыктар тукуму. Өзөн суулардын түбүндө ылайдын ичине кирип жашайт. Амазонканын алабында кезигет. Мунун бир түрү белгилүү.

**КАМЫШ КОРООЛУЛАРЫ (камышёвки, камышо́вки)** — короолу сымалдар тукумундагы бир нече уруунун жалпы аты. Евразия, Африкага тараган. СССРде тундрадан башка бардык аймактарда кезигет. Бадалдарда, суу жээктериндеги камыштарда, кээси токойлордо ж-а бактарда жашайт. Айрымдары жакшы сайрайт. Булардын балкамыш короолусу, булбул сымал камыш короолусу, сойку камыш короолусу ж. б. түрлөрү бар.

**КАМЫШ ТЕКЕЛЕРИ (реду́нки)** — бөкөн сымал кийиктер уруусу. Алардын 3 түрү бар: ири камыш текеси, кадимки камыш текеси, тоо камыш текеси.

**КАН МИТЕЛЕРИ (кровопарази́ты)** — канда өөрчүп, көбөйүп мителик кылып, ээсине зыян келтирүүчү бир клеткалуу жаныбарлар.

**КАН СОРГУЧТАР (кровосо́ски)** — жөрмөктүү кыска мурут чымындар тукуму. Уз. 4—8 *мм*. Сүт эмүүчү жаныбарлардын ж-а куштардын мителери, канын сорот (аты ошондон). Булардын канаттуулары да, канатсыздары да бар. Алардын 200дөй, СССРде 40тай түрү белгилүү. Көпчүлүгү жаныбарлардын бир гана түрүнө ылайыкташып, ошолордун гана денесинде мителик кылат. Алар бугунун кан соргучу, жарганат кан соргучу, кой кан соргучу, куш кан соргучу ж. б.

**КАН СОРГУЧ ЧИРКЕЙЛЕР (кровососу́щие комары́)** — узун мурут чиркейлер түркүмчөсүнүн кош канаттуулар тукумундагы майда жаныбарлар. Уз. 8 *мм*ге жакын. Денеси, кээде канатынын айрым бөлүгү түрпүлүү болот. Тумшугу башынан узун. Эки миң беш жүздөй түрү кеңири тараган. СССРде 100гө жакын түрү кезигет. Ургаачылары омурткалуу айбандардын канын сорот, ылаң, оору жугузат. Личинкалары сууда, нымдуу жерлерде жашайт, жырткыч. Эң эле көп таралгандары кадимки чиркейлер ж-а безгек чиркейлери.

**КАНАР ТАРАНЧЫСЫ (канаре́йка)** — мукур сымалдар тукумундагы сайроочу чымчык. Уз. 12,5 *см*. Жонунун жүндөрү боз жашыл, курсагыныкы саргыч жашыл, эркектери ачык түстө. Жапайы канар таранчысы Канар аралдарынан Европага алып келинип, бакмалаштырылган. Азыр көбүнчө капаста багылып, уккулуктуу, кооз сайрайт. Булардан башка жапайы токой канар таранчысы учурайт.

**КАНАТ (кры́лья)** — жаныбарлардын учуу органы. Канат көп курт-кумурскаларда, куштарда, айрым сүт эмүүчүлөрдө болот. Куштардын канатынын формасы алардын учуу өзгөчөлүгүнө жараша болот. Балыктардын ж. б. суучул жаныбарлардын канаты сүзгүч деп аталат.

**КАНАТ БУТТУУЛАР (крылоно́гие)** — арткы бакалоордуу моллюскалар түркүмү. Денеси тунук эмес көбүнчө ачык түстүү. Бутунун капталдарында канаттай өсүндүсү болот (аты ошондон), анын жардамы м-н сууда сүзөт. Булардын 100дөй түрү бар. Тропиктик деңиздерде кезигет. Суунун тереңинде жашайт, планктон м-н азыктанат. Өздөрү чоң балыктарга, киттерге жем.

**КАНАТСЫЗ ЧЫМЫН (пчели́ная вошь)** — кыска мурут жөрмөктүүлөр тукумчасындагы чымын. Уз. 1,4—1,5 *мм*, канаты болбойт.

Бал аарылардын жуундукору катары кеңири тараган. Аарылардын азыгын (бал, мом, өсүмдүк чаңы ж. б.) жеп, денесине жармашып жашайт. Бир аарыда 75ке жакын чымын болот.

**КАНАТ СЫМАЛ БАКАЛООРДУУЛАР (крыложáберные)** — чала хордалуулар классындагы жаныбарлар. Деңизде, көбүнчө бир жерден жылбай жашайт. Денеси кыска, уз. бир нече *мм*. Жазы баш калканы жылып жүрүүгө жардам берип, уя салууга керектүү зат бөлүп чыгарат. Курсагындагы өсүндүсү сабакча пайда кылып, ал аркылуу үйүнө бекип турат. Жыныстык жол м-н да, бүчүрлөп да көбөйөт, жамааттashып жашайт. Булардын 3 уруусу, 22 түрү белгилүү.

**КАНАТТУУ КУРТ-КУМУРСКАЛАР (крылáтые насекóмые)** — кадимки курт-кумурскалар классчасы. Кылкан куйруктардан айырмасы чоңдорунун канаты болот, о. эле түлөбөйт. Булардын субагай канаттуулар, канталалар, какач канаттуулар, жаргак канаттуулар ж. б. түркүмдөрү кезигет.

**КАНДАГАЧЧЫЛ КӨБҮРТМӨ**, к. *Көбүртмөлөр* макаласын.

**КАНДЕК БАЛЫКТАР (морскúе собáчки)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. бир нече *см*ден 1 *м*ге чейин жетет. Териси түрпүсүз, жылма, жон ж-а арткы сүзгүчү узун, курсак сүзгүчү мойнунда жайгашып, сайгычы бар. Бардык океандын тропик аймактарына таралган. 95 уруу, 400дөн ашык түрү белгилүү. СССРде 10 түрү Кара деңизде кезигет. Уругун ташка, моллюскалардын раковинасына таштайт.

**КАНДЕК ЧЫЧКАНДАР (луговы́е собáчки)** — тыйын чычкандар тукумундагы кемирүүчү майда жаныбарлар. Дене уз. 37 *см*ге, куйругунуку 11 *см*ге жетет. Түн. Америкада таралган. Беш түрү бар. Үңкүрлөрдө жашап, кышында чээнге кирет. Ит үргөндөй үн чыгарат (аты ошондон). Чөп чабык аянттарына зыян келтирип, чума жугузушу мүмкүн. Эки түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**КА́ННА (кáнна)** — токой антилопалары уруусундагы чоң жаныбар. Дене уз. 350 *см*, өркөчүнөн бийикт. 180 *см*, салм. 1 *т*га жетет. Куйругу узун, учу кылдуу. Мүйүзүнүн уз. 100 *см*ге жетип, тик өсөт. Мойнунан төшүнө чейин тери желбирөөчү бар. Колго тез үйрөнөт. СССРде Аскания-Нова коругунда ферма уюштурулган. Бир түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**КАННИБАЛИ́ЗМ (каннибалúзм)** — түр ичиндеги жырткычтык; өзүнө тектеш жаныбарлардын бирин бири (чочко торопоюн, ит итти) жеп коюшу.

**КАНТАЛАЛАР (клопы́)** — зыяндуу курт-кумурскалардын (алты буттуу жандыктардын) түркүмү. Уз. 0,7—120 *мм*. Оозу сайып, соруууга ылайыкталган. Жыт бездери бар, коңурсуган жыт чыгарат. Элүү тукуму, 25—30 миң түрү кеңири тараган. СССРде 40 тукуму, 2—2,5 миңдей түрү белгилүү. Айрыкча Кавказда, О. Азияда көп. Суу да да, кургакта да жашаган түрлөрү бар. Кээ бир түрлөрү өсүмдүктөрдүн, өзгөчө уруктарынын ширесин, айрымдары жаныбардын ж-а кишинин канын соруп жашайт.

**КАНЧИЛДЕР (канчилú, олéньки азиáтские)** — бугуга окшош чоңдугу коёндой болгон желиндүү айбандар уруусу. Күрөң же кара күрөң түстөгү токол айбандар. Үч түрү белгилүү. Түш.-Чыгыш Азияга тараган.

**КАҢЫЛТЫР БИТИ (кáрповые вши)** — рак сымалдар классчасындагы балык бити. Денеси өтө жалпак, жаак-көкүрөктөн ж-а

көкүрөктөн турат, курсагы кичине. Көкүрөк буттары м-н сүзөт. Алтымыш түрү бар. Балыктардын териси м-н бакалооруна жабышып, канын сорот.

**КАҢЫЛТЫРЛАР (ка́рповые)** —каңылтыр сымалдар түркүмчөсүндөгү балыктардын тукуму. Тузсуз сууда жашоочу ж-а өтмө балыктар. 270тен ашык уруусу, 1500дөн ашык түрү кеңири тараган. СССРде 120дан ашык түрү кезигет. Көпчүлүгү уругун өсүмдүктөргө, айрымдары ташка, кумга чачат. Көпчүлүгүнүн (кара көз, тыран, кара балык ж. б.) промыселдик мааниси бар. Отуз беш түрү ТКЭСтин, 1 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КАҢЫЛТЫР СЫМАЛДАР (карпообра́зные)** — кылкандуу балыктар түркүмү. Уз. 6 *см*ден 1,7 *м*ге жетет. Алабуга сымалдар м-н тектеш. Тузсуз суулардагы балыктардын эң көбү. Денеси түрпүлүү же жылма. Үч түркүмчөсү (харацин сымалдар, гимнот сымалдар, каңылтыр түспөлдөр) 300дөй түрү бар. Сырткы түзүлүшү, чоңдугу, жашоосу, азыктануу, көбөйүү ж. б. белгилери боюнча бири биринен айырмаланат. Бир түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КАҢЫЛТЫР ТИШ СЫМАЛДАР (карпозубообра́зные)** — кылкандуу балыктар түркүмү. Уз. 2—30 *см*. Сыртынан каңылтыр сымалдарга окшош. Жон сүзгүчү бирөө, жаагында тиштери бар. Тогуз тукуму, 400дөй түрү белгилүү. Австралиядан башка бардык материктердин тропик ж-а субтропиктериндеги тузсуз же туздуураак сууларында жашайт. Көпчүлүгү аквариум балыктары. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган. Суудагы омурткасыз жаныбарлар м-н азыктанышат.

**КАПИБАРАЛАР (водосви́нки, капиба́ры)**— кемирүүчүлөр уруусу. Эң ири жаныбарлар. Дене уз. 100—130 *см*, салм. 60 *кг*дан ашык. Куйругу өтө кыска, узун ж-а кыл жүндүү. Бармактарынын арасында сүзгүч жаргактары бар. Түш. Америка көлмөлөрүнүн жээктеринде, токойлорундагы саздарда үйүрү м-н жашап, жакшы сүзөт ж-а чумкуйт. Суу өсүмдүктөрү м-н азыктанышат. Күндүз тиричилик кылышат. Эти үчүн аңчылык кылынат.

**КАП КУЛКУН СЫМАЛДАР (мешкоротообра́зные)** — кылкандуу балыктар түркүмү. Төрт уруусу, 8 түрү бар. Уз. 180 *см*ге жетет. Көп органдары (сүзгүч ыйлаакчасы, бакалоор капкагынын сөөктөрү, курсак ж-а куйрук сүзгүчтөрү ж. б.) жоголуп кеткен. Оозу өтө чоң, кулкуну чоюла берет. Денеси ичкерип отуруп, куйругу жиптей болуп калат. Омурткасыз жаныбар, майда балыктар м-н азыктанат. Океандын түбүндө жашайт.

**КАПТАЛДАП СҮЗГҮЧТӨР (бокопла́вы)** -- татаал түзүлүштүү рактар түркүмүндөгү жаныбарлар. Дене уз. 1—2 *см*, эң ирилериники 28 *см*ге чейин жетет. Көпчүлүк түрүнүн денеси капталынан кууш, башы 1—2-көкүрөк сегментине биригип, кыймылсыз. Көкүрөк бутунун алдыңкы экөөсүнүн кыпчууру бар. Курсагында 2 ача үч жуп сүзгүч буту ж-а секирүүгө ыңгайланган буттары болот. Капталдап сүзүшөт. 450гө жакын түрү бар; көпчүлүгү деңизде, айрымдары тузсуз көлдөрдө жашайт. Жырткыч түрлөрү бар. Мис., кит биттери — кит эктомителери. Өздөрү балыктарга жем болушат.

**КАПТАЛ НЕРВДҮҮЛӨР (боконе́рвные)** — эң жөнөкөй деңиз моллюскаларынын типчеси. Алардын 1300дөй түрү бар. Денеси (уз. 35 *см*ге жетет) эки жагынан тең симметриялуу. Денесин

бойлоп жаткан эки капталынан өтүүчү эки жуп нерв сөңгөгү бар. Кан айлануу системасы ачык. Бардык деңиздерде ж-а океандарда кезигет.

**КАПТАЛ ЭБЕЛЕКТЕРИ (боковáя пластúнка)** — хордалуу жаныбарлардын түйүлдүктөрүнүн каптал мезодермасынын кош кабаттуу бөлүгү. Каптал эбелектеринен жылтырак кабык, мезенхима, кан тамырлар пайда кылат.

**КАПУЦИНДЕР (капуцúны)**—чалма куйрук маймылдар уруусу. Дене уз. 32—57 *см*. Түсү күрөң же боз. Төбөсүндөгү чачы кечилдердин топусуна окшош (аты ошондон, «капуцин» латынча — «топучан кечил»). Эркектеринин чоң курч азуусу бар. Булардын 4 түрү белгилүү. Түш. Американын нымдуу, түнт токойлорунда кезигет, күндүз тиричилик кылат, дарактарда жашайт. Топтошуп жүрүшөт. Алардын ак төш капуцин, кара баш күрөң капуцин ж. б. түрлөрү бар.

**КАПЧЫК КӨӨДӨНДҮҮЛӨР (мешкогрýдые)** — рак сымалдар классчасындагы жаныбарлар. Шуру полиптерине ж-а ийне терилүүлөрдө мителик кылат. Рак сымалдардай түзүлүшүн сактап калган ж-а жылып жүрүүгө, сүзүүгө жөндөмдүү капчык көңдөйлүүлөр да бар. Кырктан ашык түрү белгилүү.

**КАПЧЫКЧАНДАР (мешóчницы)** — көпөлөктөр тукуму. Жайылган канаттарынын уз. 8—6 *мм*. Эркеги канаттуу, ургаачысыныкы жок, айрымдарынын буту жок. Түсү саргыч, боз же кара, тумшугу болбойт. Малагы күнөсчүл, жалбырак үзүндүлөрүнөн жасалган капчыктарда жашайт (аты ошондон). Сегиз жүздөй түрү кеңири тараган. СССРде 150дөй түрү Кавказда, О. Азиянын тоолорунда кезигет.

**КАРА АЮУ**, барибал **(барибáл)** — аюулар тукумундагы сүт эмүүчү айбан. Дене уз. орточо 1,75 *м*, бийикт. 1 *м*дей; салм. 150 *кг*га жетет. Демейде кара, чанда саргыч боз, тумшугунун учу ачык сары. Түн. Американын токойлорун мекендейт. Негизинен өсүмдүк м-н азыктанат, кээде жапайы ж-а бакма туяктуу айбандарга кол салат. Саны аз.

**КАРА БАЛЫК**, к. *Кубулма* макаласын.

**КАРА БООРЛОР (рябкú)** — көгүчкөн сымалдар түркүмүндөгү куштар. Негизинен чөлдөрдө, такырларда, боздоңдордо жашайт. Уз. 22—40 *см*ге жетет. Канаттары узун, ичке, буттары кыска, текөөрлөрү жок, шадылары кээ бир түрлөрүнүкү (мис., булдуруктардыкы) биригип өсүп, тырмактары туякка окшоп калган. Кара боорлордун 16 түрү бар, СССРде 4 түрү белгилүү. Аларга кадимки булдурук, тоо булдуругу, ак төш кара боор ж. б. кирет. Урук, бүчүр, мөмө м-н азыктанат. Булар О. Азиянын чөлдөрүндө, боздоң талааларында учурайт.

**КАРАВАЙ (каравáйка)** — ибистер тукумундагы куш. Уз. 60 *см*ге жакын. Түсү күрөң, көк жашыл болуп кубулуп турат. Негизинен тропик ж-а субтропик алкактарын мекендейт. СССРде Дунай Дельтасынан Балкаш көлүнө чейинки көлдөрдүн камыштуу жээктеринде кезигет. Топтошуп камыштын арасына кытан, көл бука, кара каздар м-н аралаш уя салышат.

**КАРА КАЗДАР (баклáны, баклáновые)** — бирказан сымалдар түркүмүндөгү суучул куштар тукуму. Дене уз. 50—100 *см*, сууда сүзүп, чумкуйт. Канаты кыска, куйругу узун, катуу. Булардын 2 уруусу белгилүү. Галапагос аралындагы түрү уча албайт. Топ-тобу м-н уялайт. Деңиз жээгинде жашап, балык м-н

азыктанат. Алардын ири кара каз, кидик кара каз, стеллер кара казы, үрпөк кара каз ж. б. түрлөрү бар. Үрпөк кара каз СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КАРА КАЛДЫРКАНДАР (черну́шки)** — баркыт калдыркандар тукумундагы көпөлөктөр. Жайылган канаттарынын жазылыгы 40—60 *мм*ге жетет, түсү кара. Токойлордо жашайт.

**КАРА КАЛТАР (лиси́ца серебри́сто-чёрная)** — колдо багылуучу түлкү. Жүнү узун, жылтылдак. Териси баалуу.

**КАРАКАТИЦАЛАР (карака́тицы)** — баш буттуу моллюскалар түркүмү. Дене уз. 1—50 *см*ге, салм. 12 *кг*га жетет. Баш жагында буттары же азыгын кармоочу колдору ж-а тинтүүрү бар. Денеси акиташтай раковиналуу, катуу, айрымдарыныкы болбойт. Жуп тинтүүрүн атайын чөнтөгүнө бүгүп алат. Душманынан коргонуу үчүн кара сыясын чачат. Арктикадан субантарктикага чейин деңиздердин үстүнөн түбүнө чейин жашайт. Булардын 5 тукуму, 20 уруусу, 150дөн ашык түрү, СССРде 5—6 түрү белгилүү. Алардын ичинен кеңири таралгандары: кальмар сымал каракатицалар,练 накта каракатицалар, спирулалар ж. б. Сыя безинин секретинен боёк алынат.

**КАРА КОЙЧУ (си́няя пти́ца)** — таркылдактар тукумундагы чымчыктардын ири түрү. Дене уз. 33 *см*, канаты 18 *см*ге жетет. Салм. 170—200 *г*. Тумшугу сары. Индстандын, Кытайдын, О. Азиянын тоолорунда кезигет. Түсү кара көк, жалтылдап кооз, куйругу таркылдактыкынан узун. Өзөн жээгиндеги бадалдарда жашайт. Суудагы, жээктеги чымын-чиркей, курт-кумурскаларды жейт, кышында өсүмдүк даны м-н азыктанат. Койчуча ышкырып, сайрайт (аты ошондон).

**КАРА КОҢУЗДАР (черноте́лки)** — ылгабай жечү коңуздар түркүмчөсүндөгү тукум. Уз. 2—50 *мм*, кара, кээлериники жылтылдак, саргыч тактары бар. Көпчүлүк түрү сасык жыт бөлүп чыгарат. Он беш миңдей түрү кеңири таралып, өзгөчө чөлдөрдө көп. СССРде 1000ден ашык түрү кезигет. Талаа, огород, токой өсүмдүктөрүнө зыян келтирет. Алардын ичинен ун саратаны, кумчу кибир ж. б. көп таралган.

**КАРА КӨЗ (во́бла)** — чабак балыктар түрү. Уз. 35 *см*, салм. 800 *г*га жетет. Көкүрөк, курсак сүзгүчтөрү күңүрт түстө. Каспий деңизинде жашайт. Моллюска, омурткасыз жаныбарлар м-н азыктанат.

**КАРА КУЛАК ШЕР (гепа́рд)** — мадылдар тукумундагы жырткыч, сүт эмүүчү жаныбар. Дене уз. 123—150 *см*, куйругу 63—75 *см*. Шыйрактары узун, түсү боз сары, майда кара тактары бар. Африкада, Кичи ж-а О. Азияда, Индияда бар. СССРде 1972-жылга чейин Түркмөнстандын чөлдөрүндө кезиккен. Кескин азайып кеткен. ТКЭСтин ж-а СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КАРА КУРЛАР (тетерева́)** — кара кур сымалдар уруусундагы куштар. Уз. 53—57 *см*, салм. 1,2—1,8 *кг*га жетет. Эркеги кара, ургаачысы боз ала. Айрымдарынын куйругунун учу эки ача (лирадай). Эки түрү бар. Евразиянын мелүүн аймактарында кезигет. СССРде токойлордо жашап, бүчүр жалбырактарды жейт. Кыргызстанда мурда болгон, азыр жок. Кавказ кара куру, кадимки кара кур СССРдин ж-а Кыргызстандын Кызыл китебине катталган.

**КАРА КУР СЫМАЛДАР (тетереви́ные)** — таок сымал куштар

тукуму. Кыйындык м-н көтөрүлүп, бирок ылдам учат. Буту жүндүү, айрымдарынын кышында манжаларында калың жүн өсүп чыгып, карда жүргөнгө ыңгайлуу болот. Евразияда, Түн. Америкада 9 уруусу, 18 түрү таралган. Токойдо жашап, жерде оттошот, чөп жейт. СССРде 5 уруусу, 8 түрү кезигет. Саны азайып кеткен. Коргоого алынган. Эки түрчөсү ТКЭСтин ж-а 2 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КАРА КУРТ (караку́рт)** — уулуу жөргөмүштөрдүн бир түрү. Жетилген ургаачысынын уз. 10—20 *мм*, түсү кара, эркегиники 4—7 *мм*, курсагында кызыл тактары бар. Күндүз да, түн ичинде да көрөт. Түн. Африкага, Түш. Европага, Батыш Азияга тараган. СССРде түштүктөгү бозлоңдордо, чөлдөрдө жашап, Молдавиядан Енисейге чейин кезигет. Чымын-чиркейлер м-н азыктанат, жерге уя салып, тегерегин тор м-н чырмайт. Көөдөнүндө уу бези болот. Ургаачысы өтө уулуу. Кээде кара курт чаккан киши же айбан өлөт. Кыргызстандын Чүй, Талас, Фергана өрөөндөрүндө учурайт.

**КАРА КУШ (карагу́ш)** — шакылдактар уруусундагы алгыр куш. Бүркүттөн кичине, бирок түсү окшош, башынын жүнү кара. Талаалуу жерлерде кезигет. Уз. 80 *смге*, канатын жайганда 1,5 *мге* жетет. Майда куштар ж-а кемирүүчүлөр м-н азыктанат. Тарп да жейт.

**КАРАКЧЫЛАР (помо́рниковые)** — маарак сымалдар тукумундагы суучул куштар. Сыртынан чардактарга окшош, бирок түсүнүн каралыгы ж-а тумшугунун түзүлүшү м-н айырмаланат. Уз. 45—60 *см*. Балык м-н азыктанат. Кээде башка куштардын азыгын тартып жейт (аты ошондон). Эки уруусу, 4 түрү (ири каракчы, узун куйрук каракчы ж. б.) түн. ж-а түш. уюлдардын айланасындагы деңиздердин жээгинде жашайт.

**КАРАПАКС (карапа́кс)**—ташбаканын чопкутунун үстүңкү томпок бөлүгү. Сырткы ж-а ички катмардан турат. О. эле рак сымалдардын хитин бүктөөлөрү да карапакс деп аталат.

**КАРА ТООДАК (флорика́н)** — тоодактар тукумундагы куш. Эркектеринин жүнү кара, канаттары агыш, желкесинде жүнү бар. Түш. Азиянын бозлоңдорунда, чөбү жапыз, ачык жерлерде жашайт. Негизинен чөп, кээде кескелдирик, жыландарды да жейт. Ага аңчылык кылынат.

**КАРА ЧИРКЕЙЛЕР (мо́шки)** — кош канаттуулар түркүмүндөгү чиркейлер тукуму. Уз. 2—4 *мм*. 1000дей түрү кеңири тараган. СССРде 300гө жакын түрү кезигет. Ургаачыларынын чоңдору куштардын, сүт эмүүчү жаныбарлардын канын сорот. Оору, ылаңды жугузат. Чаккан жери сезгенип шишийт. Личинкалары сууда жашайт.

**КАРГАЛАР (воро́ны)** — каргалар тукумундагы бири-бирине тектеш куштар. Кара ж-а ала карга болуп айырмаланат. Ала карганын жүнү боз, кара аралаш, кара карганыкы капкара болот, орточо уз. 47 *см*. Булар Европа, Азия, Түн. Америка, Африканын түн.-чыгышында таралган. Токой, парктарда, кээде камыш арасында уялайт.

**КАРГА СЫМАЛДАР (во́роновые, вра́новые)** — сайроочу таранчылар тукуму. Уз. 18—70 *см*, буттары м-н тумшуктары катуу, мурду жүн м-н жабылуу, канаттары жазы. Алар Жаңы Зеландия ж-а айрым океан аралдарынан башка бардык жерде таралган. Тарптарды, таштандыларды жеп, санитардык кызмат аткарып

пайда келтирет. Даракка, аскага, коңулга уя салышат. Булардын 26 уруусу, 104 түрү бар. СССРде 16 түрү кезигет. Аларга кузгун, ала карга, кара карга, сагызган, таан. чөкө таан ж. б. кирет. Айрымдары айдоо аянттарына зыян келтирет.

**КАРДИНА́Л** **(кардина́л)** — думбулдар тукумундагы чымчык. Уз. 20 *см*, эркеги ачык кызыл түстө, тумшугун тегерете кара сызыгы бар, ургаачысы боз, куйругу м-н канаты кызгылт. Борб. ж-а Түн. Америкада кезигип, бак, парк, токойлордо, кээде каксоо жерлерде жашайт.

**КАРДИНА́Л,** жалган неон **(кардина́ловые)** — каңылтырлар тукумундагы аквариумда багылуучу майда балык. Уз. 4 *см*ге жетет, дене түзүлүшү ичке, саргыч күрөң түстө, жонунда сары, көк жашыл сызыктары бар. Жапайы түрлөрү Кытайдын шар аккан сууларында кезигет. Планктон м-н азыктанат.

**КАРИОГА́МИЯ** **(кариога́мия)** — уруктануу учурунда аталык ж-а энелик клеткалардын ядролорунун биригип, зигота ядросун түзүүсү.

**КАРИОЛО́ГИЯ** **(кариоло́гия)** — клетка ядролорунун морфологиясын, функцияларын, биохимиялык процесстерин салыштырып изилдөөчү илим.

**КАРИОПЛАЗМА** **(кариопла́зма)** — ядролук структуралардын арасындагы бош жерлерди толтуруучу плазма.

**КАРИОФИЛДЕР** **(гвозди́чники)** — тасма курттар түркүмү. Денеси муунактуу эмес. Уз. 2—96 *мм*. Алардын 36 уруусу, 90дой түрү бар. Каңылтыр балыктардын ичеги-карынында мителик кылат. Балык чарбасына зыян келтирет.

**КАРКЫРА,** к. *Турналар* макаласын.

**КАРЛЫГАЧТАР** **(стрижи́)** — карлыгач сымалдар түркүмчөсүндөгү чымчыктар. Канаттары узун, ичке, буттары кыска, бакка коно албай, жарга жармашып анын коңулдарына, үй чатырларына, аскаларга, үңкүрлөргө уялайт, чабалакейдей ача куйруктуу. Моногамдуу. Эки тукуму (накта карлыгачтар ж-а үрпөк карлыгачтар), 8 уруусу, 67 түрү Түш. Индиядан Жаңы Гвинеяга чейин кездешет. СССРде 5 түрү кезигет. Жемин (чымын-чиркейлерди) учуп жүрүп кармап жейт. Келгин куш.

**КАРСА́К** **(корса́к)** — түлкүлөр уруусундагы жырткыч жаныбар. Кадимки түлкүгө окшош, бирок андан кичине. Дене уз. 60 *см*, куйругу 35 *см*ге жетет. Түсү саргыч боз. Боздоңдордо, чөлдөрдө жашайт. СССРде Түн. Кавказдан Байкал сырттарына чейин таралган. Ийинде жашайт. Күүгүмдө тамак издеп чыгат. Майда кемирүүчү жаныбарлар, майда куштар м-н азыктанат. Териси анча баалуу эмес.

**КАРЦИНОБДЕ́ЛЛА** **(карцинобде́лла)** — сүлүк курттар уруусу.

**КАРЧЫГАЛАР** **(я́стребы)** — карчыга сымалдар тукумундагы алгыр куштар уруусу. Кырктай түрү көп аймактарда кеңири таралган. СССРде 6 түрү (карчыга, кыргый, мукур кыргый ж. б.) бар. Бардык түрү токойлордо жашайт. Төрт түрчөсү ТКЭСтин, 1 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КАРЫШКЫРЛАР** **(во́лки)** — ит сымалдар уруусу. Дене уз. 70—160 *см*, куйругу 20—50 *см*, жүнү коюу, шыйрактары узун. Алты түрү (карышкыр, чөө, америка чөөсү ж. б.) бар. Евразия, Африка, Түн ж-а Борб. Америкада, СССРдин бардык аймактарында кезигет. Жубу м-н жашап, кышында топ-топ болуп жүрөт. Он үч түрү, 1 түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**КАСКАКТАР,** курт-кумурскалар, алты буттуулар (**насеќомые**) — муунак буттуулар тибиндеги жаныбарлар классы (азыркы кээ бир классификация боюнча чоң класс). Алар чоңдугу, түсү, түзүлүшү, байырланышы боюнча ар түрдүү. Эң чоңунун (тропик шиш денеси) уз. 20—33 *см*, эң майдасыныкы (трихограмма) 0,2 *мм*. Сегменттелген денеси баш, көкүрөк ж-а курсагынан турат. Көкүрөгүндөгү 3 жуп муунак буту курт-кумурскалардын мүнөздүү белгиси (алты буттуулар деген аты ошондон) болуп саналат. Көпчүлүгү трахеясы м-н дем алат. Башында 2 татаал ж-а жөнөкөй көздөрү, жуп муруту ж-а органы бар. Көбүнүн оозу-кемиргич, суюк азык м-н азыктануучуларыныкы — соргуч. Алардын 1 млнго жакын (балким 1,5—2 млндой) түрү белгилүү. СССРде 80—100 миңдей түрү кезигет. Көбү кургакта жашайт, жакшы учат, деңиз ж-а океан жээктеринде жашоочулары да бар. Алардын көбү айыл чарба өсүмдүктөрү м-н азыктанып, экономикалык чоң зыян келтирет. Кээ бири жугуштуу оорулардын козгогучтарын алып жүрөт. Өсүмдүктөрдү чаңдаштырып, өсүмдүк зыянкечтерин жеп пайдалуулары да бар. Киши баккан айрымдарынан баалуу заттар (бал, мом, жибек) алынат. Табигый биоценоздун бузулушунун натыйжасында алардын саны азаюуда. Алардын 16 түркүмүнүн 202 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган. Курт-кумурскалар жөнүндөгү илим — энтомология.

**КАТУУ КАБЫК (скорлупа́)** — куштардын ж-а кээ бир сойлоочулардын (ташбакалардын ж. б.) жумурткаларынын сырткы катуу, калың, морт кабыгы.

**КАЧАКТАЛАР (коса́тковые)** — жаян балыктар түркүмүндөгү тукум. Тузсуз сууларда, өзөндөрдө жашашат. Уз. 20 *см*ден 1 *м*ге чейин жетет. Денеси түрпүсүз, уулуу былжыр м-н капталган. Тумшугунда 4 жуп мурутчасы бар. Алардын 15 уруусу, көп түрү Африканын, Азиянын сууларында, СССРде 2 уруусу, 4 түрү Ы. Чыгыштын тузсуз сууларында учурайт. Балык ж-а омурткасыз жаныбарларды жейт.

**КАЧКЫН РАКТАР (ра́ки-отше́льники)** — деңиздеги он буттуу рактар түркүмчөсүндөгү тукум. Алардын 450 түрү, СССРде 27 түрү бар. Уз. 17 *см*ге жетет. Курсагы жылма, түрпүсү жок, сөлпү, эки колунун кыпчуурлары бирдей эмес. Жумшак курсагын жабыркоодон сактоо үчүн моллюскалардын раковинасына жашырынат. Жалгыздап жашайт.

**КАШАЛОТ (кашало́т)** — тиштүү киттер түркүмчөсүндөгү деңиз сүт эмүүчүсү. Эркегинин уз. 21 *м*, ургаачысы 13 *м*ге жетет. Башы чоң, тумшугу таарыган дөңгөчтөй. Астыңкы жаагында тиши бар, үстүңкүлөрүндө жок. Күрөң, кочкул күрөң түстө. Эркектери Арктиканын деңиздеринен башка дүйнөнүн бардык океандарында кыдырып жүрө беришет, ургаачылары океандын жылуу алкактарында чогулуп, балдарын багышат. Моллюскаларды жейт. Бардыгы 600 миңдей кашалот бар.

**КАШКАЛДАК (лысу́ха)**— суу тартарлар тукумундагы куш. Уз. 40 *см*дей. Маңдайында ак такыры бар (аты ошондон). Бармактары сүзгүч жаргактуу. Кашкалдак Европа, Түн. Африка, Азия ж-а Авсралияга тараган. СССРде Каспий деңизинин түштүгүндө, О. Азияда кезигип, камыштуу көлчүктөрдө, көлдөрдө жашайт. Суудагы өсүмдүктөр, дан, курт-кумурскалар, моллюскалар м-н азыктанат. Кыргызстанда келгин куш.

**КАШКА ЧЫМЧЫКТАР (сини́цевые)** — сайроочу таранчылар түркүмчөсүндөгү тукум. Уз. 7,6—20 *см* болгон майда чымчыктар. Тумшуктары конустай, айрымдарыныкы учтуу. Эки тукумчасы (кашка чымчыктар ж-а куркулдайлар) бар. Жер жүзүнө кеңири тараган. Токойлордо жашап, чымын-чиркейлер м-н азыктанат. СССРде 14 түрү кезигет. Аларга кадимки кашка чымчык, кидик кашка чымчык, көк кашка чымчык, узун куйрук кашка чымчык, үрпөк кашка чымчык ж. б. кирет.

**КАШКУЛАК (барсу́к)** — суурлар тукумундагы сүт эмүүчү жаныбар. Кадимки кашкулактын уз. 60—90 *см*, куйругу 12—24 *см*. Жону, капталдары буурул, боору, шыйрактары каралжын, жаактарында тумшугунан кулагына чейин кара темгили бар. Тырмактары узун, ийилип турат. Евразияда токой, талаа, чөлдөрдө, о. эле Кыргызстандын бөксө тоолорунда жашайт. Коңуз, чычкан ж. б. майда жаныбарлар м-н азыктанат, чөп ж-а анын тамырын да жейт.

**КАШЫК ТУМШУК (колпи́ца)** — ибистер тукумундагы куш. Уз. 90 *см*ге жакын. Түсү ак, тумшугунун учу жазы, калак сымал. Африканын түн.-чыгышында, Евразиянын түштүгүндө тараган, СССРде Дунайдан Ы. Чыгышка чейин, Казакстанда жылуу, көлчүктүү, калың камыштуу жерлерде кезигет. Балчыктагы омурткасыз жаныбарлар м-н азыктанат. СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КВЕЗА́Л (квеза́л, кетса́ль)** — трогон сымалдар түркүмүндөгү куш. Уз. 40 *см*ге, куйругу 80 *см*ге жетет (астыңкысын жаап турган үстүңкү куйругун кошпогондо). Башы, жону, төшү ачык жашыл, курсак жүнү кыпкызыл. Мексикадан Панамага чейин тоолуу токойлордо жашап, дарак көңдөйлөрүндө уялайт. Негизинен мөмө, курт-кумурска, майда жаныбарларды жейт. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**КВО́ККА (кво́кка)** — бөрсөлдөрдүн бир түрү. Австралияда жашайт.

**КЕКИЛИК (ке́клик)** — кыргоолдор тукумундагы куш. Уз. 35 *см*. Тумшугу ж-а шыйрагы кызыл. Балкан жарым аралынан Кытайга чейин; СССРде — Кавказ, О. Азияда кезигет. Моногам. Аңчылык кылынат.

**КЕКИРТЕК (трахе́я)** — айрым омурткалуу жаныбарлардын дем алуу системасынын негизги органы; кемирчек шакекчеден турган түтүк.

**КЕКИРТЕКТЕН ДЕМ АЛУУЧУЛАР (трахейноды́шащие, трахе́йные, неполноу́сые)** — муунак буттуулар тибиндеги омурткасыз жаныбарлар типчеси. Бул типчеге көп аяктар ж-а курт-кумурскалар кирет. Булар негизинен кургакта кекиртеги м-н, суудагылары кекиртек-бакалоору м-н дем алышат. Териси м-н дем алгандары да бар.

**КЕЛГИН КУШТАР (пти́цы перелётные)** — жазында келип, күзүндө кетип же күзүндө келип жазында кетип турган куштар, мис., күкүк, үпүп жазында, ала карга кышында келет ж. б.

**КЕЛЕСТЕР (кры́сы)** — чычкандар тукумундагы кемирүүчү жаныбарлар уруусу. Дене уз. 8—30 *см*, куйругу денесинен бир аз узун, же кыска. 280дей түрү белгилүү. Көпчүлүгү Азия м-н Африка тропиктеринде кезигет. СССРде 3 түрү (боз келес, кара келес, кадимки келес) белгилүү. Ы. Чыгыш, О. Азия, Казакстандын түш.-батышында кездешет. Алар өсүмдүк, эт жейт, айрымдары

ылгабай азыктанат. Айыл чарба зыянкечтери, ар түрдүү ылаңдарды жугузат.

**КЕЛТЕК БАЛЫКТАР (лу́ны-ры́бы)** — тикен курсактар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 80 *см*ден 3 *см*ге, салм. 1400 *кг*га жетет. Денесинин эки капталы кууш, куйрук сүзгүчү жок, дөңгөчкө окшоп чорт кесилген. Тиштери биригип бир кыр сөөккө айланган. Иленди балык. Ачык океандарда жашайт, эти желбейт. Үч уруусу, 4 түрү бар. СССРдин Баренц, Япон деңиздеринде, Курил аралдарында кадимки келтек балык кезигет.

**КЕМЕ КУРТТАРЫ (карабе́льные че́рви)** — кош капкалуу моллюскалар уруусу. Раковинасынын чети идирек, жыгач көзөөгө ылайыкталган. Моллюскалардын денеси чоюлганда ондогон *см*ге чейин созулат. Кеменин түбүндөгү жыгачтарын, сууга түшкөн жыгачтарды көзөп, таарындысы м-н азыктанат. Жасаган тешиктеринин диаметри 5 *см*ге, уз 2 *м*ге дейре созулат. Алардын 30 түрү белгилүү. СССРде 5 түрү Япон, Кара деңиздерде учурайт.

**КЕМЕР БАЛЫКТАР (реме́нь-ры́бы, сельдяны́е короли́)** — океан балыктарынын бир тукуму. Дене түзүлүшү кемер (кур) сыяктуу, жалпак. Уз. 9 *м*ге, салм. 250 *кг*га жетет. Жону кылычтын мизиндей кырдуу, чекесинен куйругунун учуна чейин сүзгүч канаты бар. Түсү күмүштөй жалтылдайт, башы көгүш, сүзгүчтөрү ачык кызыл. Денесинде тактары, сызыктары бар. Зоопланктондор ж-а майда балыктар м-н азыктанат. Тропиктик ж-а мелүүн климаттуу аймактардагы океандарда жашайт. Эки уруусу белгилүү. СССРдин сууларында кезикпейт.

**КЕМЕР КУЙРУКТАР (поясохво́сты)** — кескелдириктер тукуму. Булардын дөө кемер куйрук, кадимки кемер куйрук, кидик кемер куйрук ж. б. түрлөрү болот.

**КЕМЕР КУРТТАР (ремнецы́)** — тасма курттар тукуму. Булардын дене түзүлүшү кур сымал, уз. 3 *см*ден 2 *м*ге чейин жетет. Үч уруусу, 8 түрү кеңири тараган. Каңылтыр ж-а айрым башка балыктардын ичегисинде мителик кылат.

**КЕМИРҮҮЧҮЛӨР (грызуны́)** — сүт эмүүчү жаныбарлар түркүмү. Буларга үй чычканы, суур, капибара ж. б. кирет. Дене уз. 5 *см*ден 130 *см*ге, салм. 5 *г*дан 60 *кг*га дейре жетет. Алдыңкы буттары 5-же 4-манжалуу, арткысы 3—4—5-манжалуу. Жер жүзүнүн бардык аймагына тараган, ийинде, коңулда жашашат. Көпчүлүгү өсүмдүк, курт-кумурскалар, айрымдары балыктар м-н азыктанат, кээ бири ылгабай азыктанат. Эки миңдей түрү бар. СССРде 150гө жакын түрү учурайт. Аларга абырган, аламан, барак куйрук, кош аяк, чүткөрлөр, куну ж. б. кирет.

**КЕМИРЧЕК,** чемирчек **(хрящ)** — омурткалуу айбандардын, жандыктардын скелетиндеги бөтөнчө бир катуу ткань.

**КЕМИРЧЕК МҮЙҮЗ (панты́)** — бугунун түктүү, ката элек жаш мүйүзү. Дары заттар алынат.

**КЕМИРЧЕКТҮҮ БАЛЫКТАР (ры́бы хрящевы́е)** — омурткалуу жаныбарлар классы. Түрпүлөрү болбойт, болсо да плакоиддүү. Скелети кемирчектен турат. Алардын 5—7 бакалоор жылчыкчалары бар, сыртка ачылат. Сүзгүч ыйлаакчасы болбойт. Уз. 6 *см*ден 20 *м*ге чейин жетет. Эки классчасы (эбелек бакалоордуулар, туюк баштуулар), 630дай түрү бар. Негизинен деңиздерде, азырагы гана тузсуз сууларда жашашат.

**КЕМИРЧЕКТҮҮ СКЕЛЕТ (хрящево́й скеле́т)** — омурткалуу жа-

ныбарлардын айрымдарынын, мис., кемирчектүү балыктардын скелети. Бул балыктарда сөөктүн функциясын кемирчек аткарат.

**КЕНДИРЧИЛЕР (коноплянки)** — мукур чымчыктардын уруусу. Орточо уз. 13,5 *см*. Эркектеринин куйругунун үстүндөгү жүндөрү күлгүн кызыл. Эки түрү (кадимки ж-а тоо кендирчиси) бар. Евразияда, Түн.-Батыш Африкада, СССРде Кола жарым аралында, Кавказда, О. Азиянын тоолорунда, таштак талааларда, бадал арасында, тоонун каксоо беттеринде жашайт.

**КЕНЕЛЕР (клещи)** — жөргөмүш сымалдар классындагы майда жандыктар түркүмү. Алардын чоңдугу 0,05—13 *мм*, айрымдары 30 *мм*ге жетет. Кенелердин башка муунак буттуулардан айырмасы денеси баш-көкүрөк, курсакка бөлүнбөй туташ түзүлүштө. Төрт жуп, айрымдарыныкы 2 жуп буту (хелицера ж-а педипальптары) болот. Алардын учунда кыпчуурлары бар. Көзү 1 же 2 жуп, кээде жалгыз, көпчүлүгүнүкү жок. Териси же трахеясы м-н дем алат. Буларды бардык жерлерден, суулардан да кезиктирүүгө болот. Үч түркүмү (акариформдуу кенелер, чалгы буттар, мите кенелер), 20 миңдей түрү бар. Булардын ичинде топурак пайда кылуучулар, жырткыч, мителери (алар котурду пайда кылат), илдет, оору жугузуучулары (энцефалит, калтыратма) бар. Дан өсүмдүктөрүнө да зыян келтирет.

**КЕҢ ООЗДОР (широкороты)** — көк карга сымалдар уруусундагы куштар. Тумшугу кыска, түбү жазы, учу ийилген. Африканын тропиктерине, Түш. ж-а Чыгыш Азияга, жаңы Гвинея, Австралияга 4 түрү тараган. СССРде Ы. Чыгышта 1 түрү (чыгыш кең оозу) кезигет. Уз. 30 *см*. Токойлордо суу жайылмаларына жакын жашайт.

**КЕПИЧЧЕКТЕР (туфельки)** — бир клеткалуу инфузориялардын уруусу. Булардын бир нече түрү белгилүү: баштык сымал кепиччек, кулак сымал кепиччек, чалчыкчыл кепиччек ж. б.

**КЕПШЕБЕСТЕР (нежвачные)** — ача туяктуу сүт эмүүчү жаныбарлар түркүмчөсү. Буту кыска, азуусу чоң, курч, териси калың, жеген жемин кулгуп кайра кепшебеген жаныбарлар. Карыны жөнөкөй. Үч тукуму (бегемоттор, доңуздар, пекарилер), 9 уруусу, 19 түрү бар. СССРде жалгыз түрү — доңуз кезигет.

**КЕПШӨӨЧҮЛӨР (жвачные)** — ача туяктуулар түркүмчөсү. Жуткан тоют, жемин кулгуп, кайра чайнап майдалайт. Жөнөкөй түзүлүштүү бугулардан келип чыккан. Көпчүлүгү сымбаттуу, буттары узун, тиштери ай сымал, кесек тоютту майдалоого жардам берет. Азыр 5 тукуму (бугулар, жирафтар, көңдөй мүйүздүүлөр ж. б.) ж-а 130дай түрү кеңири таралган. Австралия ж-а Мадагаскарда кезикпейт.

**КЕРАТИН (кератин)** — тери, түк, мүйүз ж-а чачтын негизин түзүүчү белок заты.

**КЕРЕҢ КУРЛАР (глухари)** — кара курлар тукумундагы ири куштар уруусу. Уз. 56—85 *см*, салм. 4—5,5 *кг*. кээде 6,5 *кг*га жетет. Эркеги сайрап жатканда бир азга укпай калат (аты ошондон). Евразия токойлорунда жашайт. Эки түрү белгилүү: керең кур ж-а корум керең куру. СССРде Карпат, Байкал, Камчатка, Сахалинде кездешет. Карагай, кайың бүчүрлөрү, жалбырактары м-н азыктанат. Токойлор көп кыйылып, мергенчилик күчөгөндүктөн азайып кеткен. Коруктарда багылат. Бир түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**КЕРИК КОҢУЗДАР (жуки-носороги)** — коңулчулар тукумчасын-

дагы коңуздар. Уз. 25—50 *мм*, өңү кочкул күрөң. Эркектеринин желкесинде идирек, башында чоң мүйүзү бар. Личинкасынын уз. 80 *мм*ге жетет, ак. Күүгүмдө, түн ичинде тиричилик кылат, жарыкты көздөй учушат. Ондон ашык түрү кеңири тараган. СССРде 3 түрү (кадимки, курма ж-а кидик керик коңуз) тайгадан чөлдөргө чейин кезигет. Чириген өсүмдүктөр м-н азыктанат. Түш. Азияда алп пальма керик коңузу жашап, кокос пальмасына зыян келтирет. Коргоого муктаж.

**КЕРИК КУШТАР (пти́цы-носоро́ги)** — көк карга сымалдар түркүмүндөгү куштар тукуму. Уз. 38—160 *см.* Тумшугу чоң, үстүндө өсүндүсү бар, бирок жеңил. Көз жапкагы кирпиктүү. Кара же боз ала түстө. Он эки уруусу, 45 түрү Африка ж-а Азия тропиктериндеги токойлордо тараган. Тобу м-н дарактарда жашайт. Бир түрү саваннада кезигет. Көбүрөөк учураган түрлөрү: калао ж-а мүйүздүү карга. Бир түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**КЕРИКТЕР (носоро́ги, носоро́говые)** — сыңар туяктуулар түркүмүндөгү чөп жечү жаныбарлар тукуму. Дене уз. 2—5 *м*, өркөчүнөн бийикт. 1—2 *м*, салм. 3,6 *т*га жетет, кээде андан да оор. Териси калың, түгү тайкы, тумшугунун үстүндө ж-а тумшугунда 1—2 мүйүзү бар. Анын уз. 158 *см*ге чейин жетет. Буту кыска, жоон, үч манжалуу. Төрт уруусу, 5 түрү (ак керик, Индия кериги, кара керик, суматра кериги, ява кериги) белгилүү. Азиянын ж-а Африканын тропиктериндеги саванналарды мекендейт.

**КЕРКИ БАШТАР (молоттгла́вовые)**— кунас сымалдар тукуму. Жалгыз түрү (керки баш) бар. Уз. 55 *см*ге жакын, тумшугу кууш, желкесинде узун үрпөгү бар, башы керкиге окшош (аты ошондон). Африка тропиктеринде, Мадагаскар ж-а Азиянын түш.-батышындагы жарым аралдардын өзөн жээктериндеги токойлордо кезигет. Суу жаныбарлары м-н азыктанышат.

**КЕРКИ ТУМШУК (топо́рик)** — суучул чоң тумшук куш. Түндүк Муз океанында жашайт. Уз. 40 *см*ге жакын. Тумшугу чоң, шыйрактары жоон, баары кызыл. Топ-тобу м-н уялайт. Майда балыктар м-н азыктанат. Аңчылык кылынат.

**КЕРМЕСТЕР (кермеси́)** — курт сымалдар уруусундагы жандыктар. Булардын дене жабуусу абадан кургап, катып калуучу белоктон турат. Көп кездешүүчү түрү — эмен кермеси.

**КЕРТМЕЛЕР (белу́ги)** — мекире балыктар тукумундагы өтмө, өтмө балыктар уруусу. Каспий, Адриа ж-а Кара деңиздерине чала өтмө балыктар уруусу. Каспий, Адриа ж-а Кара деңиздеринин алаптарына өрдөйт. СССРдин деңиздериндеги эң ири балыктардан. Дене уз. 4—5 *м*, салм. 1,5 *т.* Тумшугу кыска, учтуу. Оозу чоң, жарым айдай. Бакалоор тарсылдагы биригип өсөт. Баалуу промыселдик балык. Эки түрү бар: кертме ж-а калуга.

**КЕРЧАКТАР (керча́ковые)** — деңиз балыктарынын тукуму. Уз. 25—60 *см*. Башында тикендери ж-а тарактай таажысы бар. Атлантика, Түн. Муз океандары м-н Япон, Охота деңиздеринде суунун түбүндө жашайт. СССРде 10дой түрү белгилүү. Негизинен Ы. Чыгыш деңиздеринде таралган. Өтө ачык түстүү балык, эркегинин көкүрөк сүзгүчүнүн алды кызгылт сары; ак тактары бар, курсагы ак. Майда балык ж. б. жаныбарлар м-н азыктанат.

**КЕСКЕЛДИРИК БАШТУУЛАР (ящероголо́вые)** — миктоф сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Башы жалпак, кескелдириктикине окшош, түсү ачык күрөң, капталдарында ак тактары бар. Жылуу деңиздердин жээгине жакын суу түбүндө же

кумга кирип жашайт. Уз. 25—30 *см*ден ашпайт. Төрт уруусу, 34 түрү бар. Көбүрөөк учуроочу түрлөрү: кадимки кескелдирик баш, кескелдирик баш, чолок тумшук кескелдирик баш ж. б.

**КЕСКЕЛДИРИКТЕР (я́щерицы)** — түрпүлүү сойлоочу жаныбарлар түркүмчөсү. Уз. 3,5 *см*ден 4 *м*ге чейин жетет. Түпкү теги жылан. Дене түзүлүшү жумуру жалпак, цилиндр сымал, түрдүү түстө болот. Денеси түрпүлүү. Тиши бир же көп учтуу. Тилдери жазы, эттүү же ичке, узун. Негизинен төрт буттуу, бирок буттары жоголуп, боору м-н жылып калгандары да бар (сары жыландар). Омурткасыз жандыктар, курт-кумурскалар, айрымдары омурткалуу майда жаныбарлар м-н азыктанышат. Төрт миңдей түрү белгилүү. Жер жүзүнө кеңири тараган. СССРде 80 түрү бар. Жер, топурак, кум, дарак, аска, деңиздерде жашайт. Айрымдарынын эти желип, терисинен буюмдар жасалат. Уулуулары да бар. Булардын 36 түрү ж-а түрчөлөрү ТКЭСтин, 19 түр, түрчөсү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КЕТА (кета́)** — сом сымалдар тукумундагы өтмө балык. Жайкы ж-а күзгү кета деп экиге бөлөт. Жайкысынын уз. 60 *см*, салм. 2,5 *кг*га жетет, күзгүсүнүкү уз. 90 *см*, салм. 4,5 *кг*. Чоңдору балык жешет, чабактары майда омурткасыз жаныбарлар м-н азыктанат. Лenanын чатынан тартып Кореяга, Аляскадан Калифорнияга чейин тараган. Деңизде жашап, өзөндөргө өрдөп барып урук чачат. Уругу кызгылтым сары, чоңдугу буурчактай. Урук чачкандан кийин өлөт. Промысел объектиси.

**КЕФАЛЬ СЫМАЛДАР (кефалообра́зные)** — кемирчектүү балыктар түркүмү. Уз. 30 *см*ден 3 *м*ге чейин, салм. 140 *кг*га жетет. Сүзгүчтөрү тикендүү, 2 жон сүзгүчү бар. Түрпүлүү. Үч тукуму (барракуда сымалдар, кефаль сымалдар, манжа канаттуулар), 150дөн ашык түрү белгилүү. Мелүүн ж-а жылуу деңиздерде жашашат. СССРдин деңиздеринде 7 түрү кезигет. Майдалары детрит, бентос, ирилери (баракуда сымалдар) балык м-н азыктанат.

**КЕЧИЛ ШАЙТАН МАЙМЫЛ**, к. *Шайтан маймылдар* макаласын.

**КИБИРЛЕР (тихохо́дки)** — омурткасыз жаныбарлар тиби. Өтө майда, дене уз. 0,1—1,2 *мм* болгон жаныбарлар. Буту 4 жуп, муунаксыз. Кибир жылат. Кутикулалуу. Териси м-н дем алат. Эки түркүмү, 300дөй түрү бардык жердин тузсуз сууларында, нымдуу топурактарында, азырагы деңиздерде жашашат. СССРде 140тай түрү кезигет. Алар сырткы чөйрөнүн кескин өзгөргөн шарттарына абдан чыдамдуу. Алар 150° С ысыкты, —270° С суукту көтөрөт, иондоштуруучу радиациянын чоң дозасына чыдайт.

**КИВИ СЫМАЛДАР (кивиобра́зные)** — канатсыз куштар; жалпак төштүү куштарга жакын түркүм. Уз. 50—80 *см*, салм. 1,4—4 *кг*га жетет. Денеси текши кыл жүндүү. Канаты, куйругу жок, буттары кыска, жоон, тырмактары курч. Тумшугу узун, иймек, таноолору учунда. Бул түркүмдө жалгыз тукум, 1 уруу, 3 түрү бар. Жаңы Зеландия ж-а анын тегерегиндеги майда аралдарда кезигип, калың өсүмдүктөр арасында жашайт. Ийиндерде же өсүмдүк түбүнө уялайт. Курт-кумурска, мөмөлөрдү жейт. Коргоого муктаж.

**КИВСЯКТАР (кивсяки́)** — төрт буттуу омурткасыз майда жаныбарлардын 3 түркүмүнүн жалпы аты. Уз. 1—30 *см*ге жетет. Кээ бирлеринин коргонуу бездеринин зилдери уулуу. Ысык, жылуу

ж-а мелүүн алкактарда 30 миңден ашык түрү, СССРде 200дөн ашык түрү талаа, токойлордо жашайт. Кыртыш пайда кылат, айрымдары өсүмдүктөргө зыян келтирет.

**КИДИК ЖАРГАНАТТАР** (**нетопыри́**) — жылма тумшук жарганаттар уруусу. Дүйнөдө 40тай түрү белгилүү, СССРде 5 түрү бар. Кадимки кидик жарганат. О. Азияда көп учурайт. Чоңдугу 2,5—5 *см*ге жетет. Чымын-чиркейлер м-н азыктанат.

**КИДИК КЕСКЕЛДИРИКТЕР** (**я́щурки**) — накта кескелдириктер тукумундагы майда кескелдириктер уруусу. Уз. 16 *см*ге жетет. Түсү боз, темгилдери ж-а тактары бар, ирмөөчтөрү ачылып-жумулуп турат. Башы калканчалуу. Жыйырма эки түрү Евразия чөлдөрүндө, боздоңдорунда, таштак жерлерде жашайт.

**КИДИК КОҢУЗДАР** (**карапу́зики**) — ылгабай азыктануучу коңуздар түркүмчөсүндөгү тукум. Уз. 0,6—20 *мм*, денесинин үстү катуу кабык м-н капталган, муруту чокмор баш. 3500гө жакын түрү бар. СССРде 286 түрү учурайт. Жырткычтар, башка чымын-чиркей личинкалары м-н азыктанышат. Тарпта, кыкта, ийинде жашайт. Бир түстүү кидик коңуз бардык аймакка таралган.

**КИ́ЖУЧ** (**ки́жуч**) — сом балыктар тукумундагы өтмө балык. Уз. 88 *см*, салм. 6,5 *кг*га жетет. Чоңдору балык жейт. Урук чачуу үчүн өзөндөргө өрдөп чыгат. Планктон ж-а майда чабактар м-н азыктанат. Тынч океанда таралган. Промысел балыгы.

**КИЛЬКАЛАР** (**ки́льки**) — айна көз балыктардын майда урууларынын тобу. Эки урууга (шпрот ж-а тулька) бириГет. Уз. 17 *см*. СССРде 1 түрү кезигет, шпроттордон 4 түрү белгилүү. Аларга анчоус сымал килька, бакыракай килька ж. б кирет. Консерва жасалат.

**КИНКАЖУ́** (**кинкажу́**) — жанат сымалдар тукумундагы желиндүү айбан. Дене уз. 41—50 *см*, куйругу 50 *см*ге жетет. Башы чулу, тумшугу чолок, куйругу оролмо, жүнү үлпүлдөк жумшак, түсү киргил сары. Даракка оңой чыгып, анын коңулдарында жашайт. Мөмө-жемиштер м-н азыктанат. Борб. ж-а Түш. Америкада кезигет. Колго бат үйрөнөт.

**КИНОРИНХТЕР** (**кинори́нхи**) — алгачкы көңдөйлүү жумуру курттар классы. Уз. 0,2—1 *мм*, жалпагыраак, түзүлүшү жөнөкөй, айрым жыныстуу. Тумшугу түйрүлүп турган түтүк. Баш, моюн ж-а 11 муундан турат. Микроорганизмдер м-н азыктанат. Дүйнөнүн көп деңиздеринин жээкке жакын түбүндө же жээгиндеги нымдуу кумдарда жашашат. Эки түркүмү, 100дөй түрү бар. СССРде Кара, Балтика, Ак ж-а Ы. Чыгыш деңиздеринде кезигет.

**КИРПИ БАЛЫКТАР** (**ежи́-ры́бы, двузу́бые**) — тикен боор сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 60 *см*ге жетип, денеси кыска, тикен м-н капталган. Ичине суу же аба толгондо топтой тоголок болуп, тикендери тик туруп калат. Алты уруусу, 15тей түрү бар. Балык океандардын тропик алкактарына тараган. Омурткасыз жандыктар м-н азыктанат. Териси ж-а ичеги-карыны уулуу.

**КИРПИЛЕР** (**ежо́вые**) — курт-кумурска жечү жаныбарлар тукуму. Жону, капталдары жыш тикен м-н капталган. Тумшугу ичке, учу чочконукундай. Буттары кыска, беш манжалуу, тамандап басат. Коркකондо башын, буттарын бооруна катып, тикендүү топко айланат. Эки тукумчасы (гимнурлар ж-а кирпилер), 12—15 түрү бар. Евразия м-н Африканын токойлуу,

карагандуу жерлерине тараган. Кээ бир түрлөрү кышкысын чээнге кирет. СССРде кирпилердин 7 түрү (кадимки кирпи, түш. кирписи, кашка кирпи, узун кулак кирпи ж. б.) кезигет. Айыл чарба ж-а токой зыянкечтерин (курт-кумурска ж. б. омурткасыз жандыктарды) жеп, пайда келтирет. Айрым түрлөрү коркунучтуу оору, ылаңдарды жугузат. Бир түрү ТКЭСтин, даурия кирписи СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КИТ БАШ СЫМАЛДАР** (**китоглáвовые**) — кунастар тукуму. Бир гана түрү кит баш бар. Бийикт. 105 *см*ге жетет, шыйрактары узун, тумшугу талпайып жазы, чоң, учу иймекей. Африканын Экватор алкагынын көлмө жээгиндеги калың камыш арасында кезигет. Балык жейт, жашырынып жашайт. Жерге уя салат.

**КИТ БИТТЕРИ** (**китóвые вши**) — жөнөкөй түзүлүштүү, капталдап сүзүүчү рак сымал жандыктар түркүмүндөгү ракчалар. Булар киттин терисине жабышып, мителик кылат.

**КИТЕП БИТИ** (**кни́жная вошь**) — чөп жечү курт-кумурскалар түркүмүндөгү майда жандык. Уз. 1—3 *мм*. Көп жерлерге тараган. Жандыктар коллекцияларын, гербарийлерди, китептерди жеп зыян келтирет.

**КИТТЕР** (**китообрáзные**) — сууда жашоочу сүт эмүүчү (желиндүү) айбандар классы. Азыркы киттердин дене уз. 1,1 *м*-ден 33 *м*ге, салм. 30 *кг*дан 150 *т*га чейин жетет. Жүнү, тери бездери, арткы буттары ж-а учасы жок болуп кеткен, алдыңкы аяктары көкүрөк сүзгүч канатка айланып, куйругунун учунда жалпак сүзгүч канаты эки бöрадан турат. Жыт сезүү органы жок, бирок химиорецепторлору жакшы өөрчүгөн, добуш угуусу күчтүү. Дем алдыруучу таноолору (1 же 2) төбөсүндө, дайыма жабылып турат, дем алып, чыгарганда гана 0,3—0,7 сек ачылат. Шилекей бездери жок, карыны 3—14 бөлүктөн турат. Булардын 38 уруусу, 80дей түрү белгилүү. СССРдин сууларында 25 уруусу, 32 түрү учурайт. Дүйнө океандарында жашап, муруттуу киттер 5—10 миң *км* алыска сүзүп барышат. Муруттуу киттер планктон, рактар, ал эми тиштүү киттер балык, баш буттуу моллюскалар м-н азыктанат. Азыгын бүтүн жутат. Он сегиз түрү, 1 түрчөсү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КИШ** (**росомáха**) — суусарлар тукумундагы териси баалуу жаныбар. Дене уз. 70—105 *см*. куйругу 16—23 *см*. Денеси чымыр, буттары суусардыкынан узун, куйругу кыска. Түсү күрөң же кара күрөң, жүнү узун, кылчыктуу, эки жак капталында ак темгилдери бар.

**КЛАСС** (**класс**) — биологиялык систематикада жогорку таксономиялык категория. Буга айбандардын тек жагынан жакын түркүмдөрү, өсүмдүктөрдүн катарлары кирет.

**КЛАССЧА** (**подклáсс**) — биологиялык систематикада колдонулуучу таксономиялык категория. Ал түркүмдөн чоң, класстан кичине бирдик.

**КЛАУЗИЛИИДДЕР** (**клаузили́иды**) — тинтүүр көздүү моллюскалар түркүмүндөгү үлүлдөр тукуму. Кабыгы — солго имерилген чыгырык, бийикт. 7—70 *мм*ге жетет. 1500дөй түрү Түш. Америкада, Евразияда тараган. СССРде 70 түрү белгилүү. Крым, Кавказда кезигет. Токойлордо, аскаларда жашайт.

**КЛЕ́ТКА** (**клéтка**) — бардык тирүү организмдердин (жаныбар ж-а өсүмдүктөрдүн) түзүлүшүнүн ж-а тиричилик аракеттеринин эң негизги тирүү структуралык системасы.

**КЛОА́КА** (**клоа́ка**) — кээ бир омурткалуу айбандардын ж-а жандыктардын арткы ичегисинин сыртка ачылуучу учу. Клоакалууларга миксиндер, акула, латимериялардын ургаачылары, жерде-сууда жашоочулар, сойлоочулар, куштар кирет.
**КЛОАКАЛУУЛАР**, к. *Жалгыз тешиктүүлөр* макаласын.
**КНИДОСПОРИДИЯЛАР**, к. *Миксоспоридиялар* макаласын.
**КОЕНДОР** (**за́йцы, за́йцевые**) — коён сымалдар түркүмүндөгү тукум. Дене уз. 75 *см*ге жетет. Арткы буту алдыңкысынан кыйла узун, куйругу чолок, кулагы чоң. Буларга 10 уруу, 45—47 түр кирет. СССРде коёндор уруусунун 4 түрү (ак коён, европа коёну, кадимки коён ж. б.) кезигет. Көбөйүп кетсе токой өсүмдүктөрүнө зыян келтириши мүмкүн. Күүгүмдө ж-а түнкүсүн тиричилик кылат. Төрт түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.
**КОЕН ООЗ** (**виска́ша, равни́нная виска́ча**) — шиншиллалар тукумундагы сүт эмүүчү жаныбар уруусу. Уруунун жалгыз түрү. Дене уз. 47—66 *см*, куйругу 15—20 *см*. Башы чоң, ак, кара темгилдери бар. Буттары үч шадылуу, ийин казганга ылайыкталган. Аргентина, Парагвайдын бадалдуу саванналарында топтошуп жашайт. Күндүз да, кечинде да оттогонго чыгышат. Эти, териси үчүн аңчылык кылынат.
**КОЕН СЫМАЛДАР** (**зайцеобра́зные**) — сүт эмүүчү (желиндүү) айбандар түркүмү. Кемирүүчүлөргө окшош. Алдыңкы буту 5, арткысы 4 манжалуу. Үстүңкү жаагында 2 жуп маңдай тиши бар. Арктиканын тундрасынан тартып, тропик токойлоруна, чөлдөргө чейин тараган. Эки тукуму (коёндор ж-а коён чычкандар), 6га жакын түрү бар.
**КОЕН ЧЫЧКАНДАР** (**пищу́ховые**) — коён сымалдар тукуму. Булардын дене уз. 28 *см*. Буттары коёндукунан кыска, алдыңкы, арткы буттары бирдей чоңдукта. Кулагы кичине, тегерек, куйругу билинбейт. Алардын 1 уруусу (коён чычкан), 18—20 түрү белгилүү. Европа, Азия ж-а Түн. Африкага таралган. СССРде 8 түрү Азия бөлүгүнүн түштүгүндө, Уралда кезигет. Ачык түздүктөрдө, тоолуу жерлерде (6 миң *м* бийиктикке чейин) топтошуп, ийиндерде жашайт. Кулагы өтө сак. Күндүз тиричилик кылат.
**КОЗУ КАРЫНЧЫ ЧИРКЕЙЛЕР** (**грибны́е кома́ры**) — узун мурут чиркейлер түркүмчөсүндөгү кош канаттуулар тукуму. Уз. 3—7 *мм*. 2500дөй түрү нымдуу токойлордо кеңири тараган. СССРде 500гө жакын түрү учурайт. Личинкалары бутсуз, козу карын жеп чоңоёт.
**КОЙ БАЛЫКТАР** (**же́рехи**) — каңылтырлар тукумундагы тузсуз сууда жашоочу балыктар уруусу. Уз. 60—80 *см*, салм. 12 *кг*га жетет. Түндүк, Кара, Азов, Каспий, Балтика ж-а Арал деңиздеринин өзөндөрүндө жашайт. СССРде амур кой балыгы, арал кой балыгы, жалпак баш кой балык, кашка кой балык ж. б. түрлөрү кезигет. Майдалары планктон, курт-кумурскаларды жейт. Чоңдору жырткычтар.
**КОЙ БУКА** (**овцебы́к, мускусный бык**) — көңдөй мүйүздүүлөр тукумундагы сүт эмүүчү (желиндүү) жаныбар. Сыртынан уйга окшош, бирок теги жагынан тоо эчкилерге жакын. Дене уз. 2,45 *м*, өркөчүнөн бийикт. 1,45 *м*ге, салм. 300 *кг*га жетет. Төшүндөгү, соорусундагы жүнү топоздукундай узун, кылчык, түсү кара күрөң. Уз. 73 *см* болгон өтө жоон, чыгырык мүйүздүү. Бул

түрү Евразияда пайда болуп, кийин Американын түндүгүнө тараган. СССРдин түндүгүндө байырлаштырылууда. Кээ бир өлкөлөрдө (Канада, АКШ, Норвегия) фермада багылат. Коргоого алынган.

**КОЙОТ**, к. *Америка чөөсү* макаласын.

**КОЙ ЧЫМЫНЫ (рунéц овéчий)** — кан соргучтар тукумундагы канатсыз чымын. Чоңдугу 4—7 *мм.* Койдун, кээде эчкинин жүнүнүн арасында жашап, канын сорот. Дүйнө жүзүнө кеңири тараган. СССРдин дээрлик бардык аймагында кезигет.

**КОКЦИДДЕР (кокци́ды, кокци́довые)** — тең канаттуулар түркүмүндөгү курт-кумурскалар түркүмчөсү. Уз. 1—12 *мм.* Денеси баш, көкүрөк, курсакка бөлүнбөйт. Жалпак, томпок же шар формасында болот. Ургаачыларынын канаты жок, сырткы кабыгы катуу, ооз аппараты соруучу; эркектеринин оозу жок, жетилгенден кийин азыктанбайт. Үч миң алты жүздөн ашык түрү көбүнчө тропикте кезигет. Дарак мөмөсүндө, сөңгөгүндө, жалбырактарында жашайт. СССРде 500гө жакын түрү учурайт.

**КОКЦИДИЯЛАР (кокци́дии)** — бир клеткалуу мите жандыктар классчасы. Көпчүлүгү айбандардын ичеги, боор, бөйрөк клеткаларында мителик кылат. Түзүлүшү споровиктерге окшош. Эки миң төрт жүздөн ашык түрү бар. Тоют, тамак аркылуу жугуп, кишини ж-а айбандарды кокцидиоз, токсоплазмоз, саркоспоридиоз ж. б. оору ж-а ылаңдарга чалдыктырат.

**КОЛИБРЛЕР (коли́бри)** — карлыгач сымалдар түркүмүнүн түркүмчөсү. Уз. 5,7—21,6 *см*, салм. 1,6—20 *г.* Дүйнөдөгү чымчыктардын эң кичинеси. Америка континентинде тараган. Тумшугу ичке, кээ бирлериники бир аз ийилген. Тез учуп, канатын тынымсыз каккылайт. Эркегинин түсү кубулжуган кооз. Гүлдөрдүн ширесин учуп туруп сорот, чымын-чиркейлер ж-а жөргөмүштөрдү жейт. Колибринин жалгыз тукуму, 320га жакын түрү бар. Көп кармалып, саны азайып кеткен. Аларга ачакей колибри, периште колибри, дөө колибри, манардай колибри ж. б. түрлөрү кирет. 6 түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**КОЛ КАНАТТУУЛАР (рукокры́лые)** — канаттуу сүт эмүүчү (желиндүү) айбандар түркүмү. Чоңдугу 2,5 *см*ден 40 *см*ге жетет. Өтө ылдам учуп, сак кулак болушат. Алдыңкы буту канатка айланган. Эки түркүмчөсү (бут канаттуулар ж-а жарганаттар), 800—8500гө жакын түрү бар. Күндүз үңкүрдө, дарак шагында, аска жаракасында, үйдүн чатырында отуруп, күүгүмдө ж-а түндө тиричилик кылат. Көзү начар өөрчүгөн, айрымдарыныкы жок. Жер жүзүндө кеңири тараган. СССРде жарганат түркүмчөсүнүн 41 түрү кезигет. Негизинен курт-кумурска ж-а өсүмдүк м-н азыктанат. Сегиз түрү, 4 түркүмчөсү ТКЭСтин, 5 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КОЛОНИЯЛУУ ОРГАНИЗМДЕР (колониа́льные органи́змы)** — жыныссыз жол м-н бутактанып көбөйүүдөн пайда болгон, муундары эне организминен бөлүнбөй жашоочу организмдер. Буларга бир клеткалуу балырлар, былпылдактар, ичеги көңдөйлүүлөр, балык курттар кирет.

**КОЛОҢ (коса́тка)** — дельфиндер тукумчасындагы деңиз сүт эмүүчү (желиндүү) жаныбары. Уз. 10 *м*ге, салм. 8 *т*га жетет. Түсү кара ала. Жон сүзгүчү бийик (бийикт. эркегиники 1,7 *м*, ургаачысыныкы 0,9 *м*), ичке, учтуу, көкүрөк сүзгүчү жазы, учу тегерек; космополит жаныбар. Арктикадан Антарктикага

чейин таралган. Тез сүзөт, ылдамдыгы саатына 55 *км*ге жетет. Кит сымалдардын ичинен жалгыз жырткыч. Балык, моллюскаларды жейт, башка деңиз сүт эмүүчү айбандарына да кол салат. Кишиге тийбейт.

**КОЛОРАДО КОҢУЗУ (колора́дский жук)** — жалбыракчы коңуздар тукумундагы жандык. Уз. 9—12 *мм*. Денеси сүйрү, дөмпөк, сары, канаттары саргыч, катуу канаттарынын бештен жолжол кара сызыгы бар. Личинкасынын уз. 15 *мм*ге жетет, кызыл же кызгылтым сары, арт жагы жоонурак. Европага Түн. Америкадан келген, андан кийин Францияда, СССРде пайда болгон. Чоңу да, личинкасы да картошка сабагын жеп, көп зыян келтирет.

**КОЛО СЫМАЛДАР (бро́нзовки)** — эбелек муруттуулар тукумундагы коңуздар тукумчасы. Уз. 1—10 *см*ге жетет. Көбүнчө тропикте жашайт. 2600дөн ашык түрү бар. Кээ бир түрлөрү (бугу мүйүз коло сымал) эгинге зыян келтирет. СССРде 60тай түрү кезигет. Чириген жыгачта, кумурска уясында, кемирүүчүлөрдүн ийининде жашайт.

**КОММЕНСАЛДАР (комменса́лы)** — башка айбандарга жармашып жашаган организмдер.

**КОММЕНСАЛИ́ЗМ (комменсали́зм)** — ар башка таксономиялык түрдөгү жандыктардын бирге жашоо формасы. Мында бири экинчисинин эсебинен жашап, бири бирине зыян келтирбейт. Мис., жабышкак балык акулага соргучу м-н жабышып, бир жерден экинчи жерге жылып жүрөт.

**КОНВЕРГЕ́НЦИЯ (конверге́нция)** — эволюция процессинде тек жагынан алыс таксономиялык түрлөрдүн түзүлүштөрү ж-а функцияларында окшоштуктун пайда болушу. Мис., деңиз сүт эмүүчү (желиндүү) айбаны дельфин м-н сууда жакшы сүзгөн балыктардын дене формаларынын, буттарынын окшош болуп калышы.

**КО́НДОР (ко́ндор)** — америка тазкаралары түркүмчөсүндөгү куш. Уз. 1,2 *м*, канаттарын жайганда 2,8 *м*ге жетет. Эркегинин башында таажысы бар. Деңиз жээгиндеги зоого, аскага уя салат. Тарп м-н азыктанат, кээде козу, музоо ж-а лама ботолоруна да кол салат. Көбүнчө Түш. Америкада кезигет. Кээде калифорния тазкарасын калифорния кондору деп аташат.

**КОНСУМЕНТТЕР (консуме́нты)** — органикалык заттар м-н азыктануучу организмдер. Аларга чөп жечүлөр ж-а эт жечүлөр кирет.

**КОНУСТАР (ко́нусы)** — деңизде жашоочу, алдыңкы бакалоордуу моллюскалар классчасындагы тукум. Раковинасы (үлүл кабыгы) ко́нус сымал, кооз. 500дөн ашык түрү тропик ж-а субтропик деңиздеринде жашайт. СССРдин сууларында жок.

**КОНХИОЛО́ГИЯ (конхиоло́гия)** — зоологиянын раковинаны (үлүл кабыктарды) изилдөөчү бөлүгү.

**КОҢУЗДАР (жесткокры́лые)** — курт-кумурскалар түркүмү. Коңуздардын чоңдугу 0,3 *мм*ден 150 *мм*ге чейин жетет. Биринчи жуп канаттары катуу, жонун бүт жабат, булардын астында экинчи жуп канаттары жатат. Күндүзгү коңуздар ачык түстө, үңкүрлөрдө жашоочулары боз, саргыч боз, ал эми көпчүлүгү күңүрт түстө болот. Отуз миңдей түрү бардык аймактарда кеңири таралган. СССРде 25 миңдей түрү белгилүү. Отуз үч түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КОҢУЛЧУ КОҢУЗДАР (дупляки́)** — эбелек муруттуу коңуздар

тукумундагы тукумча. Уз. 9—150 *мм*, эң чоңунун (дөө коңуздун) салм. 100 *г*га жетет. Денеси жазы, көбүнүн башында ж-а желкесинде идиреги, мүйүзү бар. Бир миң төрт жүздөй түрү тропикте жашайт. СССРде 30га жакын түрү кезигет. Кээ бир түрү (мис., жүгөрү кыкчылы) эгинге зыян келтирет.

**КОҢУЛЧУ КӨК ЖАЛ** (**землянóй волк**) — көк жалдар тукумундагы жырткыч айбан. Дене уз. 55—80 *см*, куйругу 30 *см*ге жетет. Шилисинен куйругуна чейинки кыр жонундагы жүнү узун болуп, куйругун карай жапырылып турат. Түсү саргыч, боз таргыл. Африканын түштүгүндө ж-а чыгышында кезигип, курт-кумурскалар ж-а чычкандар м-н азыктанат. Караган, бадал арасында жашайт. Жалгыздап жүрөт. Сейрек учурайт.

**КОҢУЛЧУ РАК СЫМАЛДАР** (**спелеогри́фовые**) — татаал түзүлүштүү рак сымалдар түркүмү. Уз. 7,5 *мм*ге жетет. Мунун жалгыз түрү Кейптаун шаарына жакын тоо үңкүрлөрүнүн сууларынан табылган. Ылай м-н азыктанат.

**КООЗ КАЛДЫРКАН** (**многоцвéтница**)—нимфалиддер тукумундагы калдыркан көпөлөк. Канаттары жайылганда 60 *мм*ге жетип, четтери оюк. Европа ж-а Батыш Сибирде тараган. Малагы дарак жалбырагын жеп чоңоёт.

**КООЗ КАЛДЫРКАНДАР** (**орнитоптéры, птицкры́лы**) — желкин калдыркандар тукумундагы көпөлөктөр. Жайылган канатынын уз. 25 *см*ге жетет. Алар саргыч жашыл, саргыч көк, ачык сары түстө болуп, абдан kooз. Тропик алкактарында жашайт. Буларга брукеан калдырканы, бейиш калдырканы ж. б. кирет.

**КООЗ КОҢУЗДАР** (**рáдужницы**) — жалбыракчы коңуздар тукумундагы тукумча. Уз. 15 *мм*ге жетет. Түсү темирдей жалтырак. Арткы буту чоң. 150дөй түрү мелүүн алкактарга, азырагы тропикте кезигет. СССРде 60ка жакын түрү бар. Суу өсүмдүктөрү — ыраң, кумура гүлдөрдө жашап, жалбырагын жейт. Личинкалары өсүмдүк тамырын жеп, сууда чоңоюшат. СССРде жоон сан кооз коңуз ж-а суучул кооз коңуз көбүрөөк учурайт.

**КООЗ МАЙМЫЛДАР** (**гвéрецы, толстотéлы, колóбусы**) — кындыгый маймылдар тукумундагы уруу. Чоңдугу 40—70 *см*, куйругу денесинен узунураак, учу барпагай; балдары ак түстө туулат, чоңдору буурул. Бети каралжын, ак саамай, ак сакал м-н курчалган. Булардын 3 уруучасы, 12 түрчөсү (абиссиния кооз маймылы, занзибар кооз маймылы, жашыл кооз маймыл ж. б.) белгилүү. Катуу кыйкырат. Тропик токойлорундагы дарактарда жашайт. Тобу м-н (20дан) жүрөт. Эки түрү, 4 түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**КООЗ МУКУР** (**щегóл**) — мукурлар тукумундагы кооз чымчык. Орточо уз. 12 *см*. Канаттары кара, сары темгилдери бар. Тумшугунун учу кызыл, төбөсү боз же кара. Евразияга, Түн.-Батыш Африкага тараган. СССРдин жалбырактуу токойлорунда, бактарда кезигет. Уйгак уруктарын жейт, балапандарын чымын-чиркейлер м-н багат. Коoздугунан ж-а жакшы сайрагандыктан капаста да багылат.

**КООРДИНÁЦИЯ** (**координáция**) — филогенез процессинде организм органдарынын ж-а бөлүктөрүнүн бири бирине ылайыкташып ж-а өз ара айкалышып өсүшү.

**КОПРОБИОНТТОР** (**копробиóнты**) — киши, мал, айбандардын кыгы м-н азыктанып, анын ичинде жашоочу организмдер.

**КОРГОЛДОЙЛОР** (**крапи́вниковые**)—сайрагыч таранчылар түр-

күмчөсүндөгү чымчыктар тукуму. Уз. 9—22 *см*, канаттары кыска, куйругу сороюп турат, алыс уча албайт. Күрөң түстө. Он төрт уруусу, 59 түрү белгилүү. Америкада тараган, СССРде жалгыз түрү (кадимки корголдой) бар. Чоңдугу 10—12 *см*, түсү боз күрөң. О. Азиянын тоолорунда, Командор, Куриль аралдарында бадал арасында, зоокада, токойдо жашайт. Эки түрү, 3 түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**КОРГОЛЧУЛАР (пилюлшики)** — ылгабай азыктануучу коңуздар түркүмчөсүндөгү тукум. Уз. 1—15 *мм*. Денеси тоголок, жону дөмпөгөй. Корккондо буттарын бооруна жыйып корголдой болуп жатып калат (аты ошондон). Алардын 400дөй түрү кеңири тараган. СССРде 60тан ашык түрү кезигет. Чөп, чиринди ж-а таш астында жашап, өсүмдүк калдыктары м-н азыктанат. Буларга кадимки корголчу, көк корголчу ж. б. кирет.

**КОРГОНУУ ТҮСҮ (окра́ска защи́тная)** — айбандар, жандыктардын душманынан коргонуу, жашынуу үчүн жашоо чөйрөсүнүн түсүнө окшош түстү алышы.

**КОРИФЕНА СЫМАЛДАР (корифе́новые)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 70 *см*ден 2 *м*ге, салм. 30 *кг*га жетет. Жонундагы сүзгүчү шилисинен куйругуна чейин. Куйрук сүзгүчү ачакей. Буга 1 уруу, 2 түр (кичик корифена ж-а чоң корифена) кирет. СССРдин Түш. Курил аралдарында ж-а Түш. Приморьеде чоң корифена кезигет.

**КОРКУЛДАКТАР (ворчуны́)** — океандардын жылуу алкактарында жашоочу балык уруусу. Таргыл коркулдак, темгилдүү коркулдак ж. б. түрлөрү белгилүү.

**КОРООЛУ СЫМАЛДАР (сла́вковые)** — сайрагыч таранчылар түркүмчөсүндөгү чымчыктар тукуму. Уз. 10—25 *см*. Түсү боз, күңүрт боз, боз жашыл. Кырк уруусу, 240 түрү Жер жүзүнө кеңири тараган. СССРде 13 уруусу, 54 түрү (ак мурут короолу, ак тамак короолу, жөрмөкчү короолу, кыргый короолу ж. б.) кезигет. Токойдо, бакта, бадал ж-а камыш арасында жашайт. Курт-кумурскалар, айрымдары жемиш м-н азыктанат. Төрт түрү, 6 түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**КОРРЕЛЯЦИЯ (корреля́ция)** — бүтүндөй организмдеги ар кандай белгилердин өз ара байланышы.

**КОРУК (запове́дник)** — илимий ж-а маданий жактан өзгөчө маанилүү, сейрек учуроочу табигый байлыктары (өсүмдүктөрү, айбанаты, кооз ландшафты) корулуучу аймак. Кыргызстанда Беш-Арал, Ысык-Көл, Сары-Челек ж. б. коруктар бар. Бул коруктарда долоно, чекенде, карындыз, кийик от ж. б. дары өсүмдүктөрү, жаныбарлардан — Мензбир сууру, аркар, илбирс, кызыл карышкыр ж. б. бар.

**КОРУМЧУ КЫЗЫЛ КҮЗӨН**, солонгой **(солонгой)** — суусарлар тукумундагы жырткыч желиндүү айбан. Тулкусу 21—29 *см*, куйругу 9—15 *см*. Денеси ийкем, буттары кыска. Түсү куйкул сары, жүнү тайкы. Азиянын тоолорунда тараган. СССРде Кавказдан Ы. Чыгышка чейинки тоолордо кезигет. Таштуу жерлерде, камыштуу токойлордо, ийиндерде жашайт. Негизинен майда омурткалуу жандыктар, курт-кумурскалар м-н азыктанат.

**КОРЮШКА СЫМАЛДАР (ко́рюшковые)**—сом сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 35 *см*, салм. 350 *г*га жетет. Жонундагы сүзгүчү кыска. Алты уруусу, 10дой түрү Түн. жарым шардын океандарында, деңиздеринде тараган. СССРде 3 уруусу

(кичине ooздуу корюшкалар, накта корюшкалар, мойвалар) кезигет. Атлантика, Түндүк Муз, Тынч океандарында, Түндүк, Беринг, Баренц ж-а Ы. Чыгыш деңиздеринде тараган. Топ-тобу м-н жүрөт. Деңизде, тузсуз сууда жашоочу ж-а өрдөмө балыктар. Промыселдик мааниси бар.

**КОСМОПОЛИТТЕР (космополи́ты)** — бүт Жер шарында кезигүүчү өсүмдүк ж-а жаныбарлар түрлөрү (уруулары, тукумдары ж. б.). Мис., өсүмдүктөрдөн — жекен, бака жалбырак, койчу баштык ж. б., жаныбарлардан — боз келес, үй чымыны ж. б.

**КОТИЛОЗАВРЛАР (котилоза́вры)** — тукум курут болгон сойлоочулар классчасы. Чоңдугу 20—30 *см*ден 3—3,5 *м*ге чейин жеткен, буттары кыска ж-а чоң, моюну кыска болгон. Көпчүлүгү омурткасыз майда жандыктар м-н азыктанган, чөп же эт жеген түрлөрү да болгон.

**КОТУРЕПЕЙЛЕР (чека́ны)** — таркылдактар тукумундагы чымчыктар уруусу. Уз. 12,5—20 *см*. Он түрү бар, алардын 4 түрү (ири котурепей, кара баш котурепей, кара котурепей, шалбаа котурепейи) СССРде кезигет. Чабынды жерлерде, шалбааларда жашайт. Келгин куштар. Чоң котурепей СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КОТУР КЕНЕЛЕРИ (зу́дни)** — мите кенелердин бир тобу, чоң тукуму. Уз. 0,15—0,3 *мм*, көзгө көрүнбөгөн майда кенелер, ургаачысы эркегинен чоңураак. Тери тканы м-н азыктанып, мүйүз катмардын астына жол салып, жумурткасын тууйт. Көп учурда кой-эчкини, уйларды котур, жылкыны кырчаңгы кылып, мал чарбасына чоң зыян келтирет. Кишиге да жугат. Булардын буттун кычыткы кенеси, котур кенеси ж. б. түрлөрү бар.

**КОШ АЯК СЫМАЛДАР (прыгу́нчиковые)** — курт-кумурска жечү кош аяк сымал жандыктар тукуму. Уз. 9,5—31 *см*, куйругу 8—26 *см*. Арткы буттары алдыңкысынан узун, секирип басат. Африканын аскалуу, бадалдуу жерлеринде жашашат. Төрт уруусу, 15 түрү бар. Алардын ичинен чунак кулак кош аяк сымалдар көбүрөөк кезигет.

**КОШ АЯКТАР (тушка́нчики, тушка́нчиковые)** — чычкан сымал кемирүүчү жаныбарлар тукуму. Дене уз. 5—26 *см*, куйругу 7—30 *см*. Көпчүлүгүнүн арткы буттары алдыңкыларынан 3—4 эсе узун. Арткы буттары м-н секирип жүрүшөт (бир секириги 3 *м*ге жетет). Он—он беш уруусу, 27—30 түрү Евразия, Түн. Африка ж-а Түн. Американын боздоңдорунда, такырларында, чөлдөрүндө жашайт. СССРде 17 түрү кезигет. Анын ичинен жоон куйрук кош аяктар, кумдак кош аяктары, баштыкчан кош аяктар ж. б. көбүрөөк таралган. Негизинен чөп жешет.

**КОШ БАРМАК ГИББОН**, к. *Сиамангдар* макаласын.

**КОШ ДЕМ АЛУУЧУЛАР (двоякоды́шащие)** — бакалоорунан сырткары өпкөсү м-н дем алуучу балыктар түркүмү. Аларда сүзгүч ыйлаакчасынын ордунда кызыл өңгөчү м-н бириккен өзгөчө «өпкөсү» болот. Денеси созулуңку, биринин капталынан кысыңкы, башкасы жылан сымал. Амазонка алаптарында кезигет. Омурткасыз жандыктар, майда балыктар, амфибиялар м-н азыктанат. Кургакчылык учурда соолгон көлчүктөрдүн түбүндө ийин казып, чээнге кирет. Бул учурда «өпкөсү» (сүзгүч ыйлаакчалары) м-н дем алат.

**КОШ ЖУП БУТТУУЛАР (двухпарноно́гие)** — көп буттуулар классы. Денеси бирдей сегменттерге бөлүнүп, жалпак, цилиндр-

дей, дөмпөк же тоголок болот. Булардын буттары 12 жуптан 375 жупка дейре жетет. Көбүнүн ар бир сегментинде 1—2 уулуу коргоочу бези болот. Он үч түркүмү, 50 миңдей түрү Жер жүзүнө кеңири тараган. СССРде 280дей түрү кезигет. Топурак пайда кылууга жардам берет, бирок кээ бири өсүмдүктөргө зыян келтирет. Чириндилерди жейт.

**КОШ КАНАТТУУЛАР (двукрылые)** — курт-кумурскалар түркүмү. Булардын арткы эки канаты колба сымал органга айланып, алдыңкы эле кош канаты калган (аты ушундан). Башы чоң, тоголок, капталдарында чоң тордомо көздөрү бар. Оозу сайып сорууга же жалоого ылайыкталган. Үч түркүмчөсү (чиркейлер же узун мурут кош канаттуулар, чымындар же жөрмөктүү кыска муруттуу кош канаттуулар, түз жиктүү кыска муруттуу кош канаттуулар) бар. Айрымдары (үй чымыны, кан соргуч чиркей, көгөн ж. б.) кишиге ж-а бакма жаныбарларга оору, ылаң жугузат, кээ биринин личинкасы өсүмдүктөргө зыян келтирет. Өсүмдүктөрдү чаңдаштырат, топурак пайда кылат, о. эле айыл чарба зыянкечтерин кырып (мис., тахиналар) пайда келтирет.

**КОШ КАПКАЛУУ МОЛЛЮСКАЛАР (двустворчатые моллюски)** — раковиналуу (үлүл кабыктуу) моллюскалар классы. Уз. бир нече *мм*ден, 1,5 *м*ге, салм. 30 *кг*га жетет. Денесинин эки өрөөнү бирдей, капталдары кууш, башы жок, сырты окшош эки капка (раковина) м-н капталган. Капкалардын курсак жак четтери ачылып, жабылат, арка жагы бири бирине тиш-тиш болуп ашташкан. Капканын ички бети седеп заты м-н жылмаланып жалтырап турат. Моллюсканын денесин сыртынан жаап турган мантиясы («кементайы») бар. Кээ бир түрлөрү бермет пайда кылат. Суунун түбүндө жашап, негизинен детрит, планктондор м-н азыктанат. Булар дүйнөлүк океандарда кеңири тараган. 130 тукуму, 20 миңдей түрү бар. СССРдин тузсуз сууларында, деңиздеринде ж-а туздуу сууларында 400дөй түрү кезигет.

**КОШ НОМЕНКЛАТУРА (двойная номенклатура, бинарная номенклатура)** — эл аралык эреже б-ча ар бир айбанды так билиш үчүн анын уруусунун (биринчи), андан кийин түрүнүн (экинчи) аты жазылуучу жобо. Дүйнө боюнча биологиялык объекттерди (айбандарды, өсүмдүктөрдү, козу карын, микроорганизмдерди) ушул жобонун үлгүсүнө салып катташат.

**КӨБӨЙҮҮ**, тукумдоо **(размножение)** — организмдердин өздөрүнө окшош муундарды жаратып, тиричиликтин үзгүлтүксүздүгүн ж-а тукум уланышын камсыз кылуу жөндөмдүүлүгү.

**КӨБҮРМӨЛӨР (пенницы)** — чырылдактар түркүмчөсүндөгү соргуч курт-кумурскалар тукуму. Уз. 3—10 *мм*, жону түктүү, канат жапкычтары катуу. Бир миң үч жүздөй түрү бар. Личинкасы көбүк чыгарып, анын ичинде чоңоёт (аты ушундан). Өсүмдүк ширесин соруп, жашайт. СССРде 15тей түрү (кандагаччыл көбүрмө, кызыл көбүрмө ж. б.) белгилүү. Кээ бири айыл чарба өсүмдүктөрүнө зыян келтирет.

**КӨГӨНДӨР (слепни)** — түз жиктүү кыска муруттуу чымындар тукуму. Уз. 7—30 *мм*, денеси кыска, канаты жазы. Тумшугу ийнедей, саюуга, жалоого ылайыкталган. Ургаачысы малдын, кээде кишинин канын (ачка көгөн 40—300 *мг*) сорот, эркектери өсүмдүк гүлүндө кезигет, ар кандай суюктук м-н азыктанат. Токой, талаа ж-а чөлдө өтө көп болуп, демейде өзөн ж-а көлмө жээгинде учурайт. Үч миңден ашык түрү Жер жүзүнө кеңири

тараган. СССРде 200 түрү белгилүү. Анын ичинен сары көгөн, уй көгөнү көп учурайт.

**КӨГҮЛЖҮНДӨР (голубя́нки)** — күндүзгү көпөлөктөр тукуму. Канаттарынын жазылыгы 20—40 *мм.* Эркектеринин түсү көгүш жашыл (аты ошондон), көк, коңур сары, ургаачысы күрөң, чанда экөө окшош. 1000дей түрү кеңири тараган, СССРде 200гө жакын түрү (кооз көгүлжүн, күмүш сымал көгүлжүн ж. б.) бар. Булардын малагы өсүмдүк жалбырактарын жейт. Көгүлжүндөрдүн 13төй түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КӨГҮЧКӨНДӨР (голуби́ные)** — көгүчкөн сымалдар түркүмүндөгү тукум. Уз. 15—89 *см*, денеси москоол, мойну кыска, канаттары узун, учтуу, жакшы учат. Кырк үч уруусу, 285 түрү уюлдук аймактардан башка бардык жерде тараган. Булардын алагүү, желпүүрдүү көгүчкөн, көк көгүчкөн, кептер, сур көгүчкөн ж. б. түрлөрү көп кезигет. Дарак, аскаларга уялайт. СССРде 3 уруусу, 11 түрү кезигет. Ак төш көгүчкөн СССРдин, о. эле 16 түрү, 9 түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**КӨГҮЧКӨН СЫМАЛДАР (голубеобра́зные)** — куштар түркүмү. Жемсөөсү чоң, жүнү коюу, көпчүлүгүнүн эркектери ургаачыларынан чоң ж-а ачыгыраак түстө болот. Эки түркүмчөсү (көгүчкөндөр, кара боорлор) бар. Тропик ж-а мелүүн алкактарда жашап, көпчүлүгү өсүмдүк м-н азыктанат.

**КӨЗ БООЛОРУ (глазны́е стебельки́)** — кээ бир омурткасыз жандыктардын көзү жайгашуучу боочолор. Мында алардын көздөрү көз чарасына эмес узун боочонун учуна орношот.

**КӨЗӨГҮЧ БЕЗ (сверли́льная железа́)** — деңиз курсак буттуу моллюскалардын кычкылдык чыгаруучу бези. Анын жардамы м-н башка моллюсканын раковинасын (кабыгын) тешип, ичиндеги денесин жейт.

**КӨЗӨГҮЧТӨР (точи́льщики)** — ылгабай азыктануучу коңуздар түркүмчөсүндөгү жыгач кемиргич коңуздар тукуму. Дене уз. 2—6 *мм*, түктүү, жумуру, түсү саргыч, айрымдары кара күрөң. 1700дөй түрү кеңири тараган. СССРде 100дөн ашык түрү кезигет. Чириген жыгачтарда, чанда өсүмдүк сабагында жашайт. Жыгач курулуштарына, тамак-ашка, мебелдерге зыян келтирет.

**КӨК ЖАЛДАР (гие́новые)** — жырткыч сүт эмүүчү (желиндүү) айбандар тукуму. Сыртынан карышкырга окшош. Дене уз. 55—165 *см.* Алдыңкы буттары арткыларынан узунураак, моюну жоон, тиштери ири, куйругу барак, уз. 20—33 *см.* Көпчүлүгүнүн жалы бар, түсү куу, кара темгилдери бар, жыты сасык. Үч уруусу (күрөң көк жал, таргыл көк жал, темгилдүү көк жал), 4 түрү белгилүү. Африкада, Азиянын түштүгүндөгү чөлдөрдө жашап, тарп м-н азыктанат. Жалгыз же түгөйлөшүп жүрүшөт. Түнкүсүн жортуулга чыгышат. СССРде бир түрү (таргыл көк жал) бар. Бир түрү ж-а бир түрчөсү ТКЭСтин ж-а СССРдин (1 түрү) Кызыл китебине катталган.

**КӨК ЖОРУ,** балта жутар **(борода́ч, ягня́тник)** — тазкаралар тукумундагы ири жырткыч куш. Уз. 1 *м*ден ашык, бүркүттөн чоңураак. Куйругу узун, шынаадай. Түш. Европада, Африкада, Азияда, СССРде — Кавказда. О. Азиянын бийик тоолорунда кезигет. Тарп м-н азыктанат. Коён, суур ж. б. алат. Карагай ж. б. бийик дарактарга (калың токойдун ичинде) уя салып, бир гана жумуртка тууйт. СССРдин ж-а Кыргызстандын Кызыл китебине катталган.

**КӨК ИЙНЕЛИКТЕР (стрéлки)** — майда тең канаттуу ийнеликтер тукуму. 700гө жакын түрү белгилүү. Көбү тропик алкактарында, тузсуз көлмөлөргө жакын жашайт. СССРде 39 түрү кезигет. Курт-кумурскаларды, кан соргуч мителерди жеп, пайда келтирет. Төрт түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КӨК КАРГА СЫМАЛДАР (ракшеобразные)** — куштар түркүмү. Филогенездик жагынан күкүк сымалдар м-н байкуш сымалдарга окшош. Жүнү катуу, ачык түстө, көбүнүкү металлдай жалтырап турат. Он тукуму, 194 түрү белгилүү. Негизинен тропик ж-а субтропик алкактарга тараган. СССРде келгин куш катары 11 түрү кезигет, анын 6—8 түрү уялайт. Монагамдар. Жыгач көңдөйлөрүнө, аска жаракаларына уялайт. Негизинен майда жандыктар, курт-кумурскалар м-н азыктанат.

**КӨК СЕРКЕЛЕР (судакú)** — алабугалар тукумундагы балыктар уруусу. Уз. 60—70 *см*, кээде 130 *смге*, салм. 2—4 (20) *кгга* чейин жетет. 5 түрү бар, анын 2 түрү Түн. Американын тузсуз сууларында, үч түрү Евразиянын сууларында кезигет. СССРде Балтика, Кара, Азов, Каспий деңиздеринде учурайт. Кыргызстанда Ысык-Көлдө бар. Жырткыч, майда балыктарды кырып жиберген.

**КӨКСООРУ (синехвóстка)** — таркылдактар тукумундагы чымчык. Чоңдугу таранчыдай, салм. 15 *гдан* ашпайт. Кашка чымчыктарга окшоп дарак сөңгөгүндө өөдө-ылдый жөргөлөп, майда жандыктарды, алардын личинкаларын жейт. Эркектеринин жону ачык түстө, куйрук жапкыч жүнү кочкул көк, куйрук жүнү күрөң. Чыгыш Европадан Ы. Чыгышка чейинки токойлордо кезигет. СССРде келгин куш.

**КӨК ТЕКЕЛЕР (пóползневые)** — сайрагыч таранчылар түркүмчөсүндөгү чымчыктар тукуму. Уз. 9,5—19 *см*, куйругу кичине. Буттары кыска, илмек тырмактуу. Анын жардамы м-н жардын боорунда, дарак сөңгөгүндө өөдө-төмөн жөргөлөп жүрөт. Үч уруусу, 25 түрү токойлуу, тоолуу жерлерге кеңири тараган. СССРде 5 түрү учурайт. Жыгач коңулуна, зооканын жаракаларына уялашат. Курт-кумурска, өсүмдүк данын жейт.

**КӨК ЧААР (осмáн)** — каңылтырлар тукумундагы балык. Тянь-Шань өзөндөрүндө ж-а Ысык-Көлдө жашайт. Көлдөгү түрү түрпүсүз, уз. 20—50 *см*, салм. 300—1500 *гга* жетет. Өзөндөрдөгүсү кичине, чоңдугу 15—20 *см*, териси түрпүлүү, түрпүсү жогу да болот. Үч түрү (ысык-көл көк чаары, северцов көк чаары, түрпүлүү көк чаар) бар. Ысык-Көлдө көк чаар өтө азайып кеткендиктен кармоого тыюу салынган.

**КӨК ЧУЛДУКТАР (серпоклю́вы)** — мааарактар тукумундагы чулдуктар уруусу. Мунун бир гана түрү (кадимки көк чулдук) белгилүү. Уз. 40 *смге* жетет. Тумшугу төмөн ийилип, кызыл. Жону ж-а жемсөөсү боз, төшүндө туурасынан кара чийини бар. О. ж-а Борб. Азия тоолорунда кезигет. Кыргызстандын бардык тоолорунда, өзөндөрдүн боюнда учурайт. Майда балык, о. эле курт-кумурска ж. б. омурткасыздар м-н азыктанат. СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КӨК ШАЛКЫЛАР (завирýшковые)**— сайрагыч таранчылар түркүмчөсүндөгү чымчыктар тукуму. Уз. 12—18 *см*. Тумшугунун учу ичке, түз, капталы дөмпөк. Түсү бозомтук же саргыч, жашыл чаар. Майда омурткасыз жандыктар, кышында өсүмдүк уругу, даны м-н азыктанат. Эки уруусу, 12 түрү бар. Түн. Африка, Евразияга тараган. СССРде 8 түрү (куба көк шалкы, токой көк

шалкысы, кадимки көк шалкы ж. б.) тоолордун альп, субальп алкактарында жашайт.

**КӨК БУКАЛАР (вы́пи)** — кытандар тукумундагы куш. Көлмөлөрдөгү камыш арасында жашайт. Моюну м-н буттары кытандардыкынан кыска. Түсү камышка окшош, сары ала. Үйүрлөшүү маалында эркектери буканын өкүрүгүндөй үн чыгарат (аты ошондон). Булардын 4 түрү (америка көл букасы, кидик көл бука ж. б.) бардык жерлерде таралган. СССРде бир түрү (көл бука) учурайт. Уз. 75 *см*. Негизинен майда балык ж-а бака м-н азыктанат.

**КӨМҮР БАЛЫК (у́гольная ры́ба)** — скорпена сымалдар түркүмүндөгү балык. Денеси сүйрү (торпеда сымал). Уз. 40—60 *см*, салм. 1—3 *кг*. Түсү кара сур. Тынч океандын түндүгүндө жашайт. СССРде Беринг деңизинде кезигет. Боорунун майы А ж-а Д витаминдерине бай. Балык ж-а омурткасыздар м-н азыктанат. Промысел объектиси.

**КӨНӨК БАШТАР (голова́стики)**— куйруксуз амфибиялардын личинкалары. Булар сууда гана жашап, чоңоё алат.

**КӨНӨЧӨК СЫМАЛДАР (кузовко́вые)** — тикен курсактуу балыктар түркүмүндөгү тукум. Уз. 50 *см*ге жетет. Башы м-н денеси сөөк пластинкаларынан турган чопкут м-н капталган. Куйрук сүзгүчү жылма. Ачык түстүү. 20дай түрү белгилүү. Бардык тропик деңиздерде жээкке жакын же анча терең эмес жеринде жашайт. Ийне терилүүлөр, моллюскалар, крабдар, кээде балык м-н азыктанат.

**КӨҢДӨЙ МҮЙҮЗДҮҮЛӨР (поноро́гие)** — ача туяктуу сүт эмүүчү (желиндүү) жаныбарлар тукуму. Алардын эң кичинелери да, чоңдору да бар. Эркеги, ургаачысынан чоңураак. Эркегинин, кээде ургаачысынын мүйүзү болот. Мүйүздөрү көңдөй. Он тукумчасынын 53 уруусу ж-а 125тей түрү дүйнөгө (Австралия ж-а Антарктидадан башка) кеңири тараган. СССРде 15 түрү кезигет. Буларга жейрендер, бөкөндөр, суу текелер, кой, эчки, уй ж. б. кирет. Негизинен чөп жейт. Полигамдар, көпчүлүгү топтошуп жүрүшөт. Жыйырма алты түрү ТКЭСтин ж-а 5 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КӨӨКӨРЧӨКТӨР (ска́ты)** — эбелек бакалоордуу балыктардын чоң түркүмү. Дене түзүлүшү жалпак, жазы, диска же ромб сымал. Уз. бир нече *см*ден 6—7 *м*ге, салм. 2,5 *т*га чейин жетет. Териси жылма же тикендүү. Бакалоор жылчыгы бар, курсак жагында жайгашкан. Көкүрөк сүзгүчү башы м-н денесине биригип өсүп, желпүүрдөй жайылып турат. Жон сүзгүчү куйругунда болот же такыр эле болбойт. Булардын 5 түркүмү, 14 тукуму, 350дөй түрү бар. Көпчүлүгү деңизде, океанда кезигип, суу түбүндө жашайт. Бентос ж-а суу жандыктарын жейт. СССРдеги 10 түрү Кара, Азов, Япон деңиздеринде жашайт. Аларга накта көөкөрчөктөр, торпок тумшук көөкөрчөк, мүйүздүү көөкөрчөк, тикендүү көөкөрчөк, чымчык чаар көөкөрчөк, көпөлөк көөкөрчөк ж. б. кирет.

**КӨП БУТТУУЛАР (многоно́жки)**—кекиртеги м-н дем алуучулар типчесиндеги жандыктардын 4 классынын (кош жуп буттуулар, пауроподдор, симфилдер, эрин буттуулардын) жалпы аты. Башка курт-кумурскалардан айырмасы булардын денеси баш ж-а бир нече муунакка (11ден 177ге жетет) бөлүнгөн узун денесинен турат. Ар бир муунагында 1 же 2 жуп буту болот (аты ошондон).

7—2103

Айрымдары татаал көздүү. Булардын 55 миңдей түрү, СССРде 1000 түрү белгилүү.

**КӨП ИДИРЕКТҮҮЛӨР (многобугóрчатые)** — тукум курут болгон сүт эмүүчү (желиндүү) жаныбарлар. Мезозой заманындагы сүт эмүүчүлөрдүн эң чоңу болгон.

**КӨП КАНАТ СЫМАЛДАР (многопёрообрáзные)** — ганоиддүү балыктар түркүмү. Денеси сүйрү, уз. 70—90 *см*ге жетет. Жон сүзгүчү бир нече майда сүзгүчтөрдөн туруп, куйрук сүзгүчүнө чейин жетет. Бир тукуму, 11 түрү Африканын тропик көлмөлөрүндө жашайт. Омурткасыз жандыктар ж-а балык м-н азыктанат. Күүгүмдө ж-а түнкүсүн тиричилик кылат.

**КӨП КЛЕТКАЛУУЛАР (многоклéточные)** — денеси көп клеткадан ж-а клетка аралык заттан турган татаал түзүлүштүү организмдер (жаныбарлар, өсүмдүктөр ж-а козу карындар).

**КӨПӨЛӨК БАЛЫКТАР (рыбы-бáбочки)** — кылкан тиш балыктар тукумундагы уруулар тобу. Уз. 15—25 *см*. Бакалоор жапкычында тикендери болбойт. Өтө ачык түстө. 10дой түрү бардык океандардын тропик алкактарында кезигет. Жалгыздан жашап, майда жандыктар м-н азыктанат. Деңиз аквариумдарында багылат. Алардын тор көз көпөлөк балык, төрт көз көпөлөк балык, узун тумшук көпөлөк балык ж. б. түрлөрү бар.

**КӨП ТАНАПТУУЛАР (многосвя́зы)** — көп буттуулардын кош жуп буттуу жандыктар классындагы түркүмү. Уз. 0,5—20 *см*. 15 миңдей түрү Жер жүзүнө кеңири тараган. СССРде 80дей түрү кезигет. Көпчүлүгү кыртыш пайда кылат. Айрымдары парник өсүмдүктөрүнө зыян келтирет.

**КӨП ТҮКТҮҮ КУРТТАР (многощети́нковые чéрви, полихéты)** — муунак курттар классы. Уз. 2 *мм*ден 3 *м*ге жетет. Денеси көптөгөн муунактардан туруп, ар биринде бир нече түгү болот (аты ошондон). Булардын 25 түркүмү, 7 миңдей түрү бар. СССРдин сууларында кезигет. Көпчүлүгү деңиз түбүндө, кээ бир түрлөрү өзөн сууларында, көлмөлөрдө, суу түбүндөгү балчыкта жашайт. Кээ бири жарык чыгарат. Детрит м-н азыктанат, жырткычтары да бар.

**КӨРКОО КОҢУЗДАР (моги́льщики)** — тарпчыл коңуздар тукумундагы урую. Уз. 10—40 *мм*. Түсү кара, канат жапкычтарында сары тактар же сызыктар болот. Жер жүзүнө (Африка, Австралиядан башка) кеңири тараган, СССРде 27 түрү кезигет. Чоңдору ж-а личинкалары тарп жешет.

**КӨРКОО ШАКЫЛДАК (моги́льник)** — бүркүттөр уруусундагы куш. Уз. 80 *см*, канаттарын жайганда 2 *м*ге жетет. Ургаачысы эркегинен чоңураак. Түсү бозомук кара, кээде чымкый кара. Эки ийининде ак, башында ачык сары тагы бар. Түн. Африкага, Евразияга тараган. СССРде Байкал көлүнө чейин токойлуу талаа ж-а талаада, чөлдөрдө кезигет. Майда кемирүүчүлөрдү, чымчыктарды жейт. ТКЭСтин, СССРдин ж-а Кыргызстандын Кызыл китебине катталган.

**КӨР ЧЫЧКАНДАР (крóтовые)** — курт-кумурскачылар түркүмүндөгү сүт эмүүчү айбандар тукуму. Жер алдында жашоочуларынын буттары күрөктөй болуп, топуракты шилеп чыгарууга ылайыкталган. Көздөрү кичине, кээде териси жаап көрүнбөйт (аты ушундан). Он эки уруусу. 19 түрү Америкада, Евразияда тараган. СССРде 3 уруусу (калтар чычкандар, могералар, көр чычкандар) кезигет. Топуракта жашоочу омурткасыздар, неги-

зинен сөөлжан м-н азыктанат. Эки түрү ТКЭСтин, 2 түрү ж-а 1 түрчөсү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КРАБДАР**, к. *Кыска куйрук рактар* макаласын.

**КРЕВЕТКАЛАР (креве́тки)** — он буттуу рактар түркүмчөсү. Уз. 2—30 *см*. Денеси цилиндрдей, катуу жапкычынын (карапаксынын) эки жагы жалпак. Башы м-н көкүрөгү узун. Көпчүлүгүнүн биринчи эки жуп бутунда кыпчуурлары болот. Эки ача курсак буту сүзүп жүрүүгө жардам берет. Алардын 2000дей түрү белгилүү. Деңиздин туздуу сууларынын түбүндө жашап, планктон м-н азыктанат. Кээ бир түрү жылтылдайт, кубулуп тургандары да бар. Булардын көпчүлүгү атайын кармалып, тамакка пайдаланылат.

**КРЕОДОНТТОР (креодо́нты)** — тукум курут болгон айбандар түркүмү. Чоңдугу суусардай, аюудайлары да болгон. Негизинен омурткасыз жандыктарды, айрымдары тарп жеген. Төрт тукуму, кыйла уруусу болгон. Майда тукумдарынан азыркы жырткыч сүт эмүүчүлөр чыккан.

**КРИОФИЛДЕР (криофи́лы)** — дайыма температурасы төмөн шартта жашоочу организмдер. Аларга көбүнчө уюл суусундагы жаныбарлар — ийне терилүүлөр, балыктар, муздак дарыя ж-а өзөндөрдө жашоочу балыктар (жилингир, айрым планариялар), о. эле уюлдагы кургакта жашоочу ж-а тоо жаныбарлары кирет.

**КРОКОДИЛДЕР (крокоди́лы)** — архозаврлар классчасындагы сойлоочу жаныбарлар түркүмү. Денеси кескелдириктикине окшош, уз. 2—7 *м*. Башы жалпак, көздөрү тосток, тумшугу узун, учундагы таноолору чорчоюп чыгып турат. Териси катуу чор калкандар м-н жабылган. Буттары кыска, жоон. Арткы буту сүзгүч жаргакчалуу. Башка сойлоочулардан айырмасы жүрөгү 4 камералуу, өпкөсү чоң, татаал түзүлүштө. Үч тукуму (аллигатор сымалдар, гавиалдар ж-а накта крокодилдер) белгилүү. Негизинен булар тропик ж-а субтропиктердин туздуу сууларында жашап, балык, суудагы башка жандыктар м-н азыктанат. Кишиге да кол салышат. Жыйырма алты түрү ж-а түрчөсү, а. и. кадимки крокодилдердин 15 түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган. АКШ, Куба, Япония ж. б. өлкөлөрдө крокодилди багып, көбөйтүүчү питомниктер бар.

**КУБУЛЖУМАЛАР (ра́дужницы)** — аквариумда багылуучу балыктар уруусу. Уз. 5—10 *см*. Түсү жылтылдак, кубулжуп кооз. Алардын какач жон кубулжума ж. б. түрлөрү бар.

**КУБУЛМА**, кара балык **(линь)** — каңылтырлар тукумундагы балык. Уз. 60 *см*дей, салм. 7, 5 *кг*га жетет. Денеси жоон, жазы. Ууртунда мурутчалары бар. Европа, Азиянын көп өзөндөрүндө жашайт. Майда омурткасыз жандыктар м-н азыктанат. Промысел балыгы.

**КУГУАР**, к. *Пума* макаласын.

**КУЗГУН (во́рон)** — карга сымалдар тукумундагы куш. Таранчы сымалдар түркүмүндөгү куштардын ириси. Уз. 70 *см*, салм. 1,6 *кг*га чейин жетет. Тумшугу чоң, буту кара. СССРдин бардык аймагында, токойдо, чөлдө, о. эле 4000 *м* бийик тоолорго чейин учурайт. Дарак ж-а аскаларга уя салат. Ылгабай азыктанат.

**КУЙРУКСУЗ АМФИБИЯЛАР (бесхво́стые амфи́бии)** — жерде-суула жашоочулар (амфибиялар) классындагы жаныбарлар түркүмү. Денеси кыска, башы кыймылсыз (моюну билинбейт). Арткы буттары (секирүүчү) алдыңкысынан кыйла узун. Кабыр-

галары болбойт. Булардын 16—19 тукуму, 3500гө жакын түрү бар. Бакалар да ушул тукумга кирет. Булардын көнөк баштары (личинкасы) сууда өсөт, куйруктуу болот, чоңойгондо кургакка чыгат, буттары пайда болуп, куйругу жоголот, СССРде 5 тукумунун 23 түрү кезигет, 3 түрү СССРдин, 22 түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**КУЙРУКСУЗ МАКАКА,** магот **(маго́т)** — мартышка сымалдар тукумунун макак уруусундагы маймыл. Тулкунун уз. 75 *смге* чейин, куйругу жок. Денеси кызгылт сары, калың жүн м-н капталган, боору агыш. Бети кызыл, түгү жок, жаагында калың саамайы бар. Түн. -Батыш Африкада кезигет. Ылгабай азыктанат.

**КУЙРУКТУУ АМФИБИЯЛАР (хвоста́тые амфи́бии)** — жерде-сууда жашоочу жаныбарлар түркүмү. Азыркы жерде-сууда жашоочулардын эң жөнөкөйлөрү. Уз. 10—30 *см* (чанда 1,8 *мге* жетет). Башы жумуру, денеси м-н биригип турат. Куйругу узун. Буттары кыска. Буттарынын, куйругунун жардамы м-н жылып жүрүшөт. Булардын 8 тукуму, 300—350 түрү белгилүү. Көпчүлүгү суу м-н тыгыз байланышта болуп, кыйласы өмүр бою сууда жашайт. СССРде 2 тукумунун 11 түрү бар. Алардын 6 түрү СССРдин, 19 түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**КУЛААЛЫЛАР (луни́)** — карчыгалар тукумундагы куштар уруусу. Уз. 41—60 *см.* Канат, куйругу узун. Бака, жылан, чычкан жейт. 9 түрү кеңири тараган. СССРде 5 түрү (ак кулаалы, ала кулаалы, бөктөргө, шалбаа кулаалысы ж. б.) белгилүү. Жерге уялайт.

**КУЛАКТУУ АЮУ БАЛЫКТАР (морски́е ко́тики)** — кулактуу тюлендердин эки уруусунун жалпы аты. Түн. кулактуу аюу балыктары уруусунун бир гана түрү (түн. кулактуу аюу балыгы) бар. Эркегинин дене уз. 2 *мге*, салм. 250 *кгга* чейин жетет. Балдарынын түсү кара, чоңдорунуку кара күрөң. Тынч океандын түн. жагында кезигет. СССРде Түш. Сахалин, Камчатка ж-а Курил аралдарынын жээктерине келип төлдөйт. Түш. кулактуу аюу балыктар уруусунун 5 түрү бар. Булар түш. жарым шардын мелүүн сууларында жашайт. Кулактуу аюу балыктарына (териси үчүн) аңчылык кылынып, азайып кеткен. Азыр дүйнөдө 2 млндой гана, СССРде 400—500 миңдей кулактуу аюу балык бар. Үч түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**КУЛАН (кула́н)** — жылкылар уруусундагы жапайы айбан. Дене уз. 2 *м*, өркөчүнөн бийикт. 125 *смге* жетет. Башы чоң, кулагы узун, тик, шыйрактары ичке, туяктары кичине. Жалы сыйда, тик турат, түсү ак кула, жонунда өркөчүнөн куйругуна чейин кара темгили бар. Азиянын чөл, жарым чөлдөрүндө жашайт. Саны азаюуда. СССРде Түркмөнстандын Бадхыз, Казакстандын Барсакелбес коруктарында багылууда. СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КУМЖА (ку́мжа, лосо́сь-таймéнь)** — сом сымалдар тукумундагы балык. Уз. 1 *м*, салм. 13 *кгдан* 51 *кгга* чейин (каспий кумжасы) жетет. Каптал сызыктарынын асты-үстүндө кара тактары бар. Чыгыш Европа өзөндөрүндө, Балтика, Ак, Кара, Каспий, Арал деңиздеринин алаптарында тараган. Баалуу балык. Арал кумжасы СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КУМ ТҮРТКҮЧТӨР (пескоро́и)** — чычкан сымал кемирүүчүлөр түркүмүндөгү сүт эмүүчүлөр (желиндүү) уруусу. Африкада жашайт. Буларга ири кум түрткүч ж. б. кирет.

**КУМУРСКАЛАР (муравьи́)** — жаргак канаттуу курт-кумурскалар түркүмчөсүндөгү майда жандыктар тукуму. Көпчүлүк түрүнүн ийнеси ж-а уулуу бези болот, чагат. Канаттуу ж-а канатсыз түрлөрү бар. Курсагы м-н көкүрөгү 1—2 сегменттүү ичке бели аркылуу биригет. Башында татаал көзү ж-а муунактуу мурутчалары болот. Он миңдей түрү дүйнөгө кеңири тараган. СССРде 350гө жакын, Кыргызстанда 102дей түрү кезигет. Алар уюктарда, татаал уяларда топтошуп жашашат. Уюкта канатсыз жумушчу кумурскалардан башка канаттуу ургаачысы м-н эркеги да болот. Ургаачысы жумуртка таштап, жумушчу кумурска уюк жасап, личинка, куурчакчаларын багып, азык камдайт, уюкту коргойт. Өсүмдүк данын, чымын-чиркейлерди ж. б. майда жандыктарды жешет. Бир түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КУМУРСКАЧЫЛАР (муравье́ды, муравье́довые)** — сүт эмүүчү (желиндүү) айбандардын кем тиштүүлөр тукуму. Дене уз. 15—120 *см*, куйругу 90 *см*ге жетет. Көпчүлүгүнүн тумшугу түтүк сымал. Тиши жок, узун жабышкак тили м-н курт-кумурскаларды, чымын-чиркейлерди кармап жейт. Үч уруусу (дөө кумурскачылар, кидик кумурскачылар, тамандуа) белгилүү. Түш. Америкада кезигет. Тропик токойлорунда, саванналарда жашайт. Дөө кумурскачылар ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**КУМ ЧУЛДУКТАР (песо́чники)** — чулдуктар тукумчасы. Уз. 12—18 *см*. Канаты узун, учтуу. Тумшугу түз же азыраак иймек. Жону күңүрт чаар, боору ак, чанда сары же кара. Булардын 17 түрү бар. Азия, Түн. Америка тундраларында тараган. СССРде 15 түрү белгилүү. Өзөн ж-а көлмө жээгинде жашайт. Аларга ак куйрук кум чулдук, исландия кум чулдугу, кадимки кум чулдук, кызыл моюн кум чулдук ж. б. кирет. Моллюска ж-а курт-кумурскалар м-н азыктанат.

**КУМЧУЛ МУУНТКУЧТАР (уда́вчики)**— муунткуч жыландар уруусу. О. Азиянын, Казакстандын, Кавказдын тоолорунда, чөлдөрүндө кезигет. Он түрү бар. Алардын ичинен батыш кумчул муунткуч, индстан кумчул муунткучу, кадимки кумчул муунткуч ж. б. көбүрөөк кездешет.

**КУМЧУЛ РАК СЫМАЛДАР (кумо́вые)** — татаал түзүлүштөгү рактар түркүмү. Уз. 1—18 *мм*, айрымдары 35 *мм*ге жетет. Денеси жазы, баш көкүрөктөн ж-а ичке курсактан турат. Үч жуп буту бар. Көзү татаал рудименттүү же болбойт. Алардын 700дөй түрү белгилүү. Көпчүлүгү деңизде кезигет. Деңиз түбүндөгү органикалык заттар м-н азыктанып, баткакка, кумга чөмүлүп жашайт.

**КУМЧУЛ СӨӨЛЖАНДАР (пескожи́лы)** — көп түктүү курттар тукуму. Уз. 30 *см*ге жетет. Төрт уруусу, 28 түрү деңиздердин жээгиндеги кумдак жерлерге ийин казып жашайт.

**КУМ ЧЫЧКАНДАР (песча́нки)** — аламандар тукумундагы кемиргич желиндүүлөр тукумчасы. Тулкунун уз. 5—19 *см*, куйругу 3—24 *см*. Сыртынан келеске окшош бирок куйругу түктүү, учу чачылуу. 13—15 уруусунун 80ге жакын түрү Азия ж-а Африка чөлдөрүндө, какырларында, бадалдуу токойлорунда кезигет. СССРде 2 уруусунун (кидик сары чычкандар ж-а ири сары чычкандардын) 9 түрү кезигет. Түн. Кавказдан тартып О. Азия, Борб. Азияга (Тува) чейин тараган. Ийинде жашайт. Алардын

чунак кум чычкан, кызыл кум чычкан, семиз куйрук кум чычкан, күңгөй кум чычкан, ири кум чычкан ж. б. түрлөрү белгилүү. Ири кум чычкан О. Азия ж-а Казакстандын чөлдүү жерлеринде өтө көп кезигип, жайыттарга, о. эле өскөн сөксөөл жана бадалга чоң зыян келтирет, жол, каналдарды бузат. Алар кишинин өтө жугуштуу чума, тери лейшманиозу, кара тумоо ооруларын таратышат.

**КУНАСТАР (а́исты, а́истовые)**— кунас сымалдар тукуму. Уз. 76—152 *см*, тумшугу узун, түз, канаттары узун ж-а жазы. Көпчүлүгүнүн үнү жок, тумшуктарын шакылдатып добуш чыгарат. Булардын 11 уруусу, 17 түрү белгилүү. СССРде 1 уруусу, 3 түрү (ак кунас же илек-илек, кара кунас, кара тумшук кунас) белгилүү. Эстония, Белоруссиядан, Амур боюна чейин кезигип, дарак, аска, курулуштарга уялайт. Кара кунас СССРдин Кызыл китебине, кара тумшук кунас ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**КУНАС СЫМАЛДАР (аистообра́зные, голена́стые)**— куштар түркүмү. Булар сазда, суу жээгинде жашагандыктан тумшугу, моюну, шыйрактары узун болуп, саздан, тайыз суудан жем издөөгө ылайыкталган. Кунас сымалдардын 7 тукумунун (ибистер, кайык тумшуктар, керки баштар ж. б.) 118 түрү бүт дүйнөгө, көбүнчө жылуу жерлерге тараган. СССРде 23 түрү кезигет, анын 17си уялайт. Топтошуп, чанда жалгыздан жүрөт. Жандыктар м-н азыктанат. Он эки түрү, 3 түрчөсү ТКЭСтин ж-а СССРдин, 2 түрү Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине катталган.

**КУНДУЗДАР (вы́дры)** — суусарлар тукумундагы уруу. Сууда жашоого ылайыкталган. Денеси созулуңку, уз. 55—95 *см*, куйругу узун, буту кыска, манжалары жаргакчалуу. Жону кара күрөң, боору агыш жүндүү. Дүйнөдө 12 түрү (дөө кундуз, индостан кундузу, кадимки кундуз, деңиз кундузу, мышык кундуз ж. б.) бар. СССРде бир түрү (кадимки кундуз) кеңири тараган. Балык жейт. Териси өтө баалуу. Саны өтө азайып кеткен. Аңчылыкка тыюу салынган. Бир түрчөсү ТКЭСтин, 2 түрчөсү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КУНДУЗЧУКТАР (выдроземлеро́йковые)** — тенрек сымалдар тукумундагы кемирүүчү майда желиндүү айбандар тукумчасы. Африканын экватор алкагында кезигет. Дене уз. 29—35 *см*, куйругу 24—29 *см*, буттары кыска, беш манжалуу, суу жээктеринде жашайт. Эки уруусу, 3 түрү (ири кундузчук, кидик кундузчук, орто кундузчук) бар.

**КУНУ БҮРГӨСҮ (бобро́вая блоха́)** — куну терисинде мителик кылуучу майда коңуз.

**КУНУЛАР (бобро́вые)** — кемиргич, желиндүү айбандар тукуму. Бир гана уруусу (кунулар) бар. Дене уз. 100—130 *см*, салм. 30 *кг*га чейин жетет. Буту кыска, манжалары жаргакчалуу. Куйругу жалпак, жүнсүз. Жүнү коюу, жумшак, узун, агыш күрөң же кочкул күрөң түстө. Суу жээгинде саздуу көлчүктөрдө топтошуп жашайт. Дарак бутактары, бүчүрлөрү м-н азыктанат. Эки түрү (европа кунусу же кадимки куну ж-а канада кунусу) бар. Териси өтө баалуу. Саны өтө азайып кеткен. СССРде атайын коруктарда багылып, корулуп, саны көбөйүүдө. Кунулардын 1 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КУПРЕЙ (купре́й)** — ача туяктуу жаныбар. Жапайы уйларга окшош. Тулкусу 235 *смге*, өркөчүнөн бийикт. 190 *смге* жетет.

Мүйүзү ороктой ийилген, эркегинде да ургаачысында да болот. Кампучияда кезигет. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**КУРБАКА БАЛЫКТАР (жáбы-рыбы)** — батрахо сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 20—57 *см*ге жетет. Денеси жылма же майда түрпүлүү, башы жалпак. Биринчи жон сүзгүчү кыска. Ондой уруусу, 40тай түрү бар. Бардык океандардын тропик ж-а жылуу алкактарында кезигип, жээкке жакын жерлерде суу түбүндө, айрымдары ылайга кирип жашайт. Моллюскалар, рак сымалдар м-н азыктанат. Кыйчылдаган, коркулдаган үн чыгарат.

**КУРБАКАЛАР (жáбы)** — куйруксуз жерде-сууда жашоочулар тукуму. Уз. 2 *см*ден, 25 *см*ге жетет. Көбүнүн тиштери болбойт. Тулку жазы, курсактуу, буттары кыска. Булардын 21 уруусу, 300дөй түрү белгилүү. Антарктидадан башка бардык аймакка таралган. Алардын ичинен 200 түрдү камтыган накта курбакалар уруусу кеңири белгилүү. СССРде 4 түрү кезигет.

**КУРСАК ООЗДУУЛАР (брюхорóтые)** — жалпак курттардын трематода классындагы мите курттар.

**КУРКУЛДАЙ (рéмез)** — кашка чымчыктар тукумундагы куш. Уз. 11 *см*ге жетет. Тумшугу учтуу. Өзөн ж-а суу жээктериндеги камыш ж-а дарактын бутактарына саландап илинип турчу тоголок, оозу кичине уя салат. Евразияда көп таралган. СССРдин Европа бөлүгүндө, О. Азияда ж. б. аймактарында кезигет. Кыргызстанда келгин куш.

**КУРТ БАЛЫК СЫМАЛДАР (слитножаберникообрáзные)** — кемирчектүү балыктар түркүмү. Сырткы көрүнүшү жылан балыкка, анатомиялык түзүлүшү алабугага окшош. Уз. 10—100 *см*, сүзгүч ыйлаакчалары, көкүрөк, о. эле арткы жон сүзгүчтөрү болбойт. Сүзгүчтөрү тикенсиз. Бакалоор тешиги тамактагы жылчыкка биригет. Чыгыш ж-а Түш. Азияда, Батыш Африка, Австралия, Америкада жашайт.

**КУРТ-КУМУРСКАЛАР**, к. *Каскактар* макаласын.

**КУРТ-КУМУРСКАЧЫЛАР (насекомоя́дные)** — сүт эмүүчү (желиндүү) айбандар түркүмү. Сүт эмүүчүлөрдүн эң жөнөкөй түрү. Пантотерийлерден келип чыккан. Көпчүлүгү басып жүрөт, беш манжалуу. Сезүү органдары жакшы өөрчүгөн. Алардын 7 тукуму (кирпилер, көр чычкан сымалдар ж. б.) белгилүү. Алар Австралиядан, Түш. Американын көп жеринен, Гренландия ж-а Антарктидадан башка жерлерге тараган. СССРде 3 тукуму (кирпилер, көр чычкандар ж-а жер чукуурлар) кезигет. Айыл чарба зыянкечтерин жок кылат. Сегиз түрү ТКЭСтин, 5 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КУРТ СЫМАЛДАР (червецы́)** — кокциддер түркүмчөсүндөгү курт-кумурскалардын (алты буттуу жандыктардын) бир нече тукумунун жалпы аты. Соргуч ооздуу майда жандыктар. Эркектеринин канаты болот. Ургаачыларынын канаты жок, личинкага окшош, денеси жабышкак кеберлүү. Башы көкүрөк м-н биригип турат. 1600дөн ашык түрү тропик ж-а субтропик алкактарына тараган. СССРде 150дөн ашык түрү кезигет. Көпчүлүгү өсүмдүк зыянкечи, кээ бирлери пайдалуу. Дөө курт сымалдардын 5 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган. Алардын ичинен австралия кобулдуу курт сымалы, комсток курт сымалы, чалканчы курт сымалдар көп учурайт.

**КУРТТАР (чéрви)** — жөнөкөй түзүлүштүү омурткасыз жандык-

тардын чоң тобу. Бардык курттардын жалпы белгилери болот. Алардын денеси сүйрү, тери м-н булчуңдардан турат, о. эле бардыгы денесинин жыйрылышы м-н жылат. Булардын 5 тиби (жалпак курттар, немертиндер, алгачкы көңдөйлүүлөр, тикен баштар, муунак курттар) бар.

**КУСКУСТАР**, к. *Поссумдар* макаласын.

**КУТУ МЕДУЗАЛАР (кубомеду́зы)** — ичеги көңдөйлүү жандыктар түркүмү. Жөнөкөй же тармактуу 4 тинтүүрү бар. Тропик деңиздеринде 17 түрү жашайт. СССРде жок.

**КУУДУЛ ЧЫМЧЫКТАР (пересме́шниковые)** — сайрагыч таранчылар тукуму. Американын токойлорунда, бадалдарында жашайт. Уз. 20—30 *см*, канаты кыска, куйругу узун. Көпчүлүгү начар учат. Көп (20дай) чымчыктын үнүн туурайт. Алардын 13 урууcу, 31 түрү Түн. ж-а Түш. Америкага таралып, дарактарга ж-а жерге уялайт. Токойлордо, бадал арасында жашайт. Жалгыздан же жубу м-н жүрөт. Төрт түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**КУУРАЙЧЫЛАР (краевики́)** — канталалардын бири бирине жакын бир нече тукуму. Уз. 5—18 *мм.* 2500дөй түрү бүт дүйнөгө тараган, өзгөчө тропиктерде көп. СССРде 100гө жакын түрү бар. Өсүмдүк ширесин сорот. Дан өсүмдүктөрүнүн зыянкечи.

**КУУ СЫМАЛ КАЗ (сухоно́с)** — өрдөк сымалдар тукумундагы куш. Уз. 90 *см*ге, салм. 4,5 *кг*га жетет. Тумшугу жалпак, учу томпок, Түш. Сибирде, Монголияда, Түн. Кытайда жашайт. Жубу м-н көл, өзөн жээктеринде кезигет. Бадалдар арасына, суу жээгине уялайт. Кытай бакма каздарынын теги. СССРде азайып кеткен, Кызыл китепке катталган.

**КУШ АЯКТАР**, к. *Орнитоподдор* макаласын.

**КУШТАР (пти́цы)** — омурткалуу жылуу кандуу жаныбарлар классы. Денесин куш жүнү каптап, жылуулукту сактайт. Куштардын скелети жеңил, алдыңкы колу канатка айланып, учууга ыңгайланган. Териси жука, бездери жок. Денесинде өпкөсү м-н байланыштуу бир нече (9—10) аба баштыкчалары бар. Азыгын майдалоодо, сиңирүүдө жемсөөсүнүн мааниси чоң. Ал эми куйругу конууга жардам берет. Көрүү органы жакшы, жыт билүүсү начар өөрчүгөн. Бөлүп чыгаруу органы — бөйрөк. Табарсыгы болбойт. Куштардын 34 түркүмү, 9000ге жакын түрү белгилүү. Жер жүзүнө кеңири тарап, 80%тен ашыгы тропик алкактарында кезигет. СССРде 18 түркүмүнүн 800дөй (Кыргызстанда 340тай) түрү бар. Дарактарда, бадалдарда жашоочу; сазчыл, суучул куштар болуп бөлүнөт. Бир жерде туруктуу жашагандары ж-а келгиндери болот. Жумуртка тууп көбөйөт. Балапандарын негизинен ургаачылары, айрымдарынын эркектери басып чыгарат. Көпчүлүгү зыяндуу кемирүүчүлөрдү, курт-кумурскаларды, чымын-чиркейлерди кырып, пайда келтирет. Бак-дарактарга, эгиндерге зыян келтирүүчүлөрү да бар. Сейрек кездешүүчү ж-а жоголуп бараткан 209 түрү, 83 түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**КУШ ТУМШУК (клювоголо́вые дельфи́ны)** — дельфиндер уруусу. Дене уз. 1,2—2,8 *м*. Түсү кара ала, куштукундай ичке тумшугу жоонойуп башына өтөт. Оозу кичине. Төрт түрү Түш. жарым шардын сууларында жашайт.

**КУШ ТУМШУК СЫМАЛДАР (мормирообра́зные, клюворылообра́зные)** — кылкандуу балыктар түркүмү. Уз. 8 *см*ден 150

*см*ге жетет. Сүзгүчтөрү тикенсиз. Жон сүзгүчү бирөө. Көпчүлүгүнүн тумшугу салаңдап узун, куштукундай ийри, көздөрү начар көрөт. Куйрук булчуңунда электрлүү органы бар. Булардын 2 тукуму (гимнархдар, куш тумшуктар), 12 уруусу, 110дой түрү бар. Африканын тузсуз сууларында жашайт. Омурткасыз жандыктар ж-а балык м-н азыктанат.

**КУШ ҮКҮЛӨР (нея́сыти)** — үкүлөрдүн уруусу. Уз. 33—84 *см*. Бет дискасы жакшы өрчүгөн, куйругу узун, жүнү коюу, көпшөк. Бармактары да жүндүү. Булардын 12 түрү бар. Евразия, Түн. ж-а Түш. Америка, Түн. Африка токойлорунда кезигет. СССРде 3 түрү (боз куш үкү, урал куш үкүсү, сакалдуу куш үкү) Крым, Кавказ, О. Азияда жашайт. Кемирүүчү, куш, бакалар м-н азыктанат.

**КУШЧАТ ДИНОЗАВРЛАР (диноза́вры птицета́зовые)** — тукум курут болгон кескелдириктер түркүмү. Чөп жеген. Арткы буттарынын курчоосу куштукундай болгон (аты ошондон).

**КҮБӨЛӨР (мо́ли)** — жөнөкөй түзүлүштүү майда көпөлөктөрдүн бир нече (40ка жакын) тукумунун жалпы аты. Эки миңдей түрү дүйнөгө кеңири тараган. Өтө майдаларынын канаттары чачылуу. Малагы өсүмдүк, жаныбар калдыктары, козу карын, эңилчек кабыктарында, түтүкчөлөрүндө жашайт. Азык-түлүккө зыян келтирип, жүн буюмдарын жейт. СССРде 200дөй түрү кезигет. Булардын ичинен чаар күбөлөр, ичке канат күбөлөр, оюк канат күбөлөр ж-а тиштүү күбөлөр тукумундагылар көбүрөөк тараган.

**КҮЗӨНДӨР (хорьки́)** — суусарлар тукумундагы жырткыч сүт эмүүчү жаныбарлар. Уз. 30—48 *см*, куйругу 9—16 *см*. Денеси узун, буттары кыска, кулагы анча чоң эмес. Жүнү үлпүлдөк, каралжын түстө. Күүгүмдө тиричилик кылат. Үч түрү (ач күзөн, сасык күзөн ж-а кара күзөн) бар. Евразияга, Америкага тараган. СССРде 2 түрү (ак ж-а кара күзөн) кездешет. Ийиндерде жашайт. Кемирүүчүлөрдү жеп пайда келтирет. Бир түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КҮЙКӨ (пусте́льга)** — шумкарлар тукумундагы алгыр куш. Дене уз. 35 *см*ге жетет. Түсү сары, эркегиники ачыгыраак. Африка м-н Евразияга кеңири тараган. Жалгыздан, топ-тобу м-н да жүрөт. Даракка, аскага, жардын бооруна уялайт. Кемиргичтер, кескелдириктер, майда чымчыктар ж-а коңуздар м-н азыктанат.

**КҮКҮКТӨР (куку́шковые)** — күкүк сымалдар тукуму. Дене уз. 15—70 *см*. Куйругу узун. Даракта жашаган күкүктөрдүн буту кыска, жерде жашоочуларыныкы узун, чуркоого ылайыкталган. Жакшы учушат. Жүнү ак, кара күрөң, боз. Отуз тогуз уруусу, 129 түрү кеңири тараган. Өзгөчө тропикте көп. СССРде 6 түрү (алардын ичинде бешөө өздөрү уя салуучулар) бар. Келгин куштар. Көпчүлүгү өздөрү уя салбай, башка чымчыктардын уясына туйт.

**КҮЛҮК КАЛДЫРКАНДАР (бра́жники)** — кооз көпөлөктөр тукуму. Канатынын уз. 2—20 *см*ге жетет. Алдыңкы канаты ичке, арткысы кыска, ачык түстүү тактары бар. Тумшугунун уз. 25 *см*, айрымдарыныкы өсүп жетилбеген, муруттары иймектей. Ылдам учат. Булардын 1200дөй түрү бар, көпчүлүгү тропикте таралган. СССРде 70%тейи кезигет. Гүл ширесин соруп азыктанат. Жети түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КҮЛҮКТӨР (бегуны́)** — дуулдак коңуздар тукумундагы уруу. Анча чоң эмес майда коңуздар, уз. 6—9 *мм*, буттары узун. То-

пуракта жашоочу майда жандыктарды, өсүмдүк зыянкечтерин кошо жеп, айыл чарбага пайда келтирет. Бардык жерде таралган.

**КҮЛҮК САРЫ ЧЫЧКАНДАР (су́слики антило́повые)** — тыйындар тукумундагы кемирүүчү желиндүү айбандар уруусу. Дене уз. 14—15 *см*ге, куйругу 5—10 *см*ге, салм. 100—1500 *г*га жетет. Америка континентинде 5 түрү кезигет. Чөлдүү, такыр жерлерде ийин казып жашайт. Чээнге кирбейт. Өсүмдүк м-н азыктанат.

**КҮМҮШ БАЛЫК СЫМАЛДАР (серебря́нковые)** — сом балыктар түркүмүндөгү тукум. Уз. 20—60 *см*. Денеси сүйрү, кабырчыктары ак, күмүштөй (аты ошондон). Оозу кичине, көзү чоң. Булардын 5 уруусу, 20дан ашык түрү бар. Атлантика океанынын Түн. бөлүгүндө, Жер Орто деңизинде кезигет. СССРде Баренц деңизинин түш.-батыш жагында таралган. Планктон м-н азыктанат.

**КҮН БАЛЫК СЫМАЛДАР (солнечникообра́зные)** — кемирчектүү балыктар түркүмү. Сүзгүчтөрү тикендүү, 2 жон сүзгүчү бар. Курсак сүзгүчтөрү 6—10 тармактуу. Көзү чоң. Уз. 10—80 *см*, салм. 8 *кг*га жетет. Бардык океандардын тропик ж-а жылуу сууларында 6 тукуму, 10дон ашык уруусу, 50дөй түрү жашайт. Планктон ж-а майда балыктар м-н азыктанат.

**КҮНДӨЙ БАЛЫКТАР (ры́бы со́лнечные)** — алабуга балыктарынын уруусу. Уз. 25 *см*ге жетет. Днестр, Дунай өзөндөрүндө жашайт. Европада кооздугу үчүн өстүрүлгөн түрлөрү да бар.

**КҮН СЫМАЛДАР (со́лнечники)** — саркодалар типчесиндеги жөнөкөй жандыктар тобу. Клеткасынын чоңдугу 0,1—0,3 *мм*. Көбүнчө тоголок. Үстүнөн нур сыяктуу туш тарапка чачырап аксоподий (ийнечелер) өсөт. Анын өзөгү көңдөй. Жөнөкөй жандыктар, балырлар м-н азыктанат.

**КҮНҮМДҮКТӨР (подёнки)** — курт-кумурскалар (алты буттуу майда жандыктар) түркүмү. Канаттуу алты буттуулардын эң жөнөкөй түзүлүштүүсү. Уз. 2—40 *мм*. Алдыңкы канаты арткысынан чоң, айрымдарынын арткы канаты болбойт. Курсагынын учунда 3 куйрук жипчеси болот. Чоңдорунун оозу, ичегилери жок, тамактанбайт. Эки миңден ашык түрү белгилүү: СССРде 200дөн ашык түрү белгилүү. Суу жээктеринде жашашат. Балыктарга жем болот. Бир түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КҮРӨК БУТ МОЛЛЮСКАЛАР (лопатоно́гие)** — деңизде жашоочу үлүлдүү моллюскалар классы. Уз. 1,5 *мм*ден 15 *см*ге жетет. Денесинин эки капталы бирдей (симметриялуу). Үлүл кабыгы узун, түтүк сымал, азырак ийилген. Көзү жок, бакалоорунун тумоосу эле бар. Оозу башында. Эки түркүмү, 26 уруусу, 100гө жакын түрү бар. Дүйнө деңиздерине, өзгөчө тропик деңиздеринде кеңири тараган. СССРде бир нече түрү кезигет.

**КҮРӨК ТИШТЕР (храму́ли)** — каңылтыр балыктар уруусу. Уз. 25—50 *см*, салм. 2 *кг*га жетет. Жыйырма бештей түрү Түн. Африка, Түш. Азия өзөндөрүндө, көлдөрүндө кезигет. СССРде 2—3 түрү бар. Өсүмдүктөр м-н азыктанат.

**КҮРӨК ТУМШУК (широконо́ска)** — өрдөк сымалдар тукумундагы суучул куш. Уз. 50 *см*ге жетет. Тумшугунун учу жазыраак (аты ошондон). Евразия ж-а Түн. Американын мелүүн алкактарына тараган. Камыштуу өзөндөрдүн, көлдөрдүн жээктеринде кезигет.

**КҮРӨҢ ТИШТЕР (бурозу́бки)** — жер чукуурлар тукумундагы

чычкандар. Дене уз. 4—9 *см*. Тумшугу саландап ичке, кызгылт күрөң тиштери бар (аты ошондон). Түн. жарым шар аймагында тараган. СССРде 16—18 түрү белгилүү. О. Азия чөлдөрүнөн башка бардык жерде кездешет. Эки түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КҮРПТӨР (индюки́, инде́йковые)** — тоок сымал куштар тукуму. Уз. 85—100 *см*. Башы м-н мойнунун жарымында жүнү болбойт. Эркегинин мойнунда териси саландап турат. Түсү жалтылдак күрөң. Түш. Америка токойлорунда, Мексикада кездешет. Дарактарда түнөйт, жерден оттоп, чөп м-н азыктанат. Эки түрү (кадимки күрп, боз темгил күрп) белгилүү. Бакма күрптөрдүн түпкү теги.

**КҮРСҮ БАШ (мо́лотоглав)**— кунас сымалдар тукумундагы куш. Уз. 55 *см*. Тумшугунун эки жагы жалпак. Башы курсүдөй (аты ошондон). Желкесинде үрпөгү бар. Африка тропиктеринде, Мадагаскарда кездешет. Токойлордо, суу жээктеринде жашайт.

**КҮҮГҮМЧҮЛДӨР (вече́рницы)** — жылма мурун жарганаттар уруусу. Дене уз. 10—50 *мм*, 7 түрү белгилүү. СССРде 3 түрү (кидик күүгүмчүл, дөө күүгүмчүл ж-а саргыч жарганат) бар. Кавказда ж-а СССРдин Европа бөлүгүндө, О. Азия, Казакстан, Сибирь токойлорунда жашайт. Күүгүмдө ж-а кечинде тиричилик кылат.

**КҮҮГҮМЧҮЛ КӨПӨЛӨКТӨР (тонкопря́ды)** — тең канаттуу калдыркандар тукуму. Канаттарынын жазылыгы 2—15 *см*. Тумшугу жок. Алдыңкы, арткы канаттарынын түзүлүшү окшош. Мурутчалары кыска. Булардын 250дөй түрү кеңири тараган, айрыкча тропик алкактарында көп. СССРде 9 түрү Кавказ, Приморьеде кезигет. Анын ичинен кулмак күүгүмчүл көпөлөгү ж-а кавказ күүгүмчүл көпөлөгү көп тараган. Күүгүмдө тиричилик кылат. Личинкалары өсүмдүктөргө зыян келтирет. Кавказ күүгүмчүл көпөлөгү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КЫЗЫЛ БАЛЫК (кра́сная ры́ба, не́рка)** — сом балыктар тукумундагы өрдөмө балык. Уз. 65 *см*, салмагы 3,5 *кг*га жетет. Эти кызыл. Урук чачуу мезгилинде эркегинин эки капталы, жону, жон ж-а арткы сүзгүчү кызыл, башы кочкул жашыл түстө болот. Тынч океандын түн. жагында жашайт. Зоопланктон, рак сымалдар ж-а балык м-н азыктанат. Баалуу промысел балыгы.

**КЫЗЫЛ БӨРК (ша́почка кра́сная)**— аквариумда багылуучу каңылтыр балык.

**КЫЗЫЛ КАНАТТАР (краснопёрки)** — каңылтырлар тукумундагы балыктар уруусу. Уз. 36 *см*, салм. 1,5 *кг*га жетет. Европа өзөндөрүндө, СССРдин Балтика, Азов, Каспий, Арал, Кара деңиздеринин алаптарындагы тузсуз сууларда кезигет. Балыр ж-а бентос м-н азыктанат.

**КЫЗЫЛ КИТЕП (Кра́сная кни́га)** — сейрек учуроочу ж-а дүйнөдө жоголуу алдында турган өсүмдүк м-н айбанаттардын таксономиялык түрлөрүнүн тизмеси тиркелген китептин аты. Кызыл китеп алардын биологиясы, таралышы ж-а жоголушуна коркунуч туудурган негизги себептер жөнүндө кыскача маалымат берип, мезгили м-н жаңы маалыматтар кошулуп, толукталып турат. Бул иш 1949-жылы башталып Табиятты ж-а табигый байлыктарды коргоо боюнча Эл аралык союз тарабынан колго алынып, анын Кызыл китеби пайда болгон. О. эле бул союзга мүчө болгон ар бир мамлекеттин өз жеринде корголуучу фаунасы м-н

флорасын каттай турган улуттук Кызыл китеп, ар бир союздук республиканын Кызыл китеби пайда болду. Мындай Кызыл китеп СССРде 1974-жылы, Кыргызстандын Кызыл китеби 1985-жылы түзүлгөн. Мында 1983-ж. сүт эмүүчүлөрдүн 94 түрү, куштардын 80, жерде-суудa жашоочулардын 9, сойлоочулардын 37, курт-кумурскалардын 219, курттардын 11 түрү ж. б. болгон. Кызыл китепке катталган жаныбар, өсүмдүктөрдү атайын уруксатсыз атууга, кармоого, үзүүгө, мөмөсүн чогултууга тыюу салынат.

**КЫЗЫЛ КӨЧҮК КӨПӨЛӨК (краснохво́ст)** — ыргалмалар тукумундагы шайтан көпөлөк. Канаттары жайылганда 35—60 *мм*ге жетет. Эркеги ургаачысынан кичине. Малагы түктүү, саргыч жашыл. Жонунда ачык сары 4 желпүүрү болот. Денесинин арт жагында узун кызыл түк боочосу бар (аты ошондон). Евразия токойлорунда кезигет. СССРдин Европа бөлүгүндө, Сибирде, О. Азия тоолорунда жашайт. Жалбырак м-н азыктанат, токой, бактарга зыян келтирет.

**КЫЗЫЛ КУРТТАР (тру́бочники, тубифици́ды)** — аз түктүү курттар тукуму. Уз. 0,3—20 *см*. Дене түзүлүшү жипке окшоп, кызыл же мала кызыл түстө. Бардык аймактын тузсуз сууларында, аз туздуу көлмөлөрдө, деңиздерде суунун түбүндө башы м-н ылайга сайылып жашайт. Алардын 35 уруусу, 350дөй түрү бар. СССРде 18 уруусу, 100дөй түрү кезигет. Балыкка жем болот. Ылайда жашагандары органикалык заттар м-н азыктанып, сууну тазалоодо чоң мааниге ээ.

**КЫЗЫЛ КҮЗӨН (колоно́к)** — суусар сымалдар тукумундагы сүт эмүүчү (желиндүү) айбан. Дене уз. 25—39 *см*, куйругу 13—21 *см*. Түсү кышында кызгылтым сары, жайында күңүрт сары. Тумшугунун учу ж-а ээги боз. Жүнү коюу, үлпүлдөк. Волгадан Ы. Чыгышка чейин тараган. Дарактын түбүнө, корум таштарга ийин казып жашайт. Майда чычкандар м-н азыктанат. Териси баалуу.

**КЫЗЫЛ ТӨШТӨР (чечётки)** — мукурлар тукумундагы кооз чымчыктар уруусу. Уз. 12—13 *см*, боз чаар чымчык. Кадимки ж-а тундра кызыл төшүнүн эркегинин чокусу м-н төшү кызыл же кызгылт. Булардын 2 түрү бар, Тундра токойлорунда, карагайлуу токойлордо кезигет. Урук, майда курт-кумурскаларды жейт.

**КЫЗЫЛ ЧЕКЕ АЖЫДААР (бушме́йстер)** — эң ири уулуу жылан. Тропик токойлорунда жашайт.

**КЫЗЫЛ ЧЕКЕ КАШКАЛДАКТАР (камы́шницы)** — суу тартарлар тукумундагы куштар уруусу. Жону күңүрт жашыл, эки капталы, куйругунун алды ак, тумшугу м-н маңдайы кызыл. Буту жашыл, камышка окшош. Сууда жакшы сүзөт. Булардын үч түрү Австралиядан башка жерлерде кезигет. СССРде 2 түрү (кызыл чеке кашкалдак ж-а мүйүздүү кызыл чеке кашкалдак) Казакстан, Кавказ, Батыш Сибирдин камыштуу сууларында, көлчүктөрдө жашайт. Кыргызстандын түштүгүндө, Чүй өрөөнүндө, Ысык-Көлдө уялайт. Чөп жейт.

**КЫЗЫЛ ШУРУ (кора́лл кра́сный)** — мүйүз шурулар түркүмүндөгү жандык. Колониялары даракка окшош, бийикт. 40 *см*ге жетет. Аскалуу, таштуу жерлерге жабышып турат. Жер Ортолук деңизинде кезигет. Скелетинен кооз буюмдар жасалат.

**КЫЧЫЛДАКТАР (скрипуны́)**— отун жаргычтар тукумунда-

гы коңуздар уруусу. Уз. 10—30 *мм.* Денеси жумуру, жону түктүү, түрдүү түстө. Отуздай түрү кеңири тараган. СССРде 11 түрү кезигет. Дарактарда, өзгөчө терек, талдарда жашайт. Кыйчылдаган үн чыгарышат (аты ошондон). Көпчүлүгү (байтерек кыйчылдагы, терекчи боз кыйчылдак ж. б.) дарактарга зыян келтирет.

**КЫЙШЫК ООЗДОР (кривоaccess**

**КЫЙШЫК ООЗДОР (криворóтые)** — кандек балык сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Булардын алеут кыйшык оозу, Берг кыйшык оозу, дөө кыйшык ооз, темгилдүү кыйшык ооз ж. б. түрлөрү белгилүү.

**КЫКЧЫЛДАР (калоéды)** — эбелек муруттуулар тукумундагы коңуздар уруусу. Уз. 5—15 *мм.* Денеси тегерек, жону дөмпөк, эркектеринин айрымдарынын башында мүйүзү бар. Алардын 1500дөй түрү белгилүү, көпчүлүгү Африка, Азия тропиктеринде учурайт. СССРде 70тей түрү кезигет. Жаныбар кыгы м-н азыктанат. Санитардык иш аткарат ж-а топурак пайда кылат.

**КЫЛ ЖЕГИЧТЕР (власоéды)** — тыбытчылар тукуму. Уз. 10 *мм*ге жетет. Каралжын катуу жабуусу бар, канатсыз. СССРде 100дөн ашык түрү белгилүү. Желиндүү айбандардын жүнүн жеп, мителик кылат.

**КЫЛКАН (щети́на)** — сүт эмүүчү (желиндүү) айбандардын айрымдарында ж-а доңуздардын денесинде өскөн катуу кыл, түк.

**КЫЛКАНДУУ БАЛЫКТАР (кóстистые ры́бы)** — чачыла канат балыктар классынын инфраклассы. Скелет огу (омуртка тутуму, кабыргалар) толук сөөккө айланган. Уз. 1 *см*ден 5 *м*ге чейин жетет. Сөөк түрпүлүү. Курсак сүзгүчү (курсагында) көкүрөгүндө же моюн тушта жайгашат. Сүзгүч канаттары сайгычтуу. Отуз үч түркүмү, 420 тукуму, 20 миңден ашык түрү бар. Дүйнөнүн бардык сууларында, деңиз, көл, өзөндөрүндө жашайт. СССРде 1000ден ашык түрү учурайт.

**КЫЛКАН ЖААКТУУЛАР (щетиночéлюстные)** — омурткасыз жандыктар тиби. Дене түзүлүшү жаадай, айнектей тунук. Уз. 5 *мм*ден 10 *см*ге жетет. Баш, дене, куйрук бөлүктөн турат. Башында оозу, сезүү органы эки капталында илмек кылканы болот (аты ошондон). Кан жүргүзүү, дем алдыруу, бөлүп чыгаруу системалары жок. Сууда жашашат. Планктон м-н азыктанат. Өздөрү балыктар ж. б. ири айбандарга жем болот.

**КЫЛКАН КУЙРУКТАР (щетинохвóстки)** — сырткы жаактуулар классчасындагы курт-кумурскалар түркүмү. Дене түзүлүшү ийиктей, түрпүлүү. Уз. 2 *см.* Канатсыз майда жандыктар, Мурутчалары узун, жиптей. Оозу соруучуга ылайыкталган. Курсагынын учунда куйрук жипчелери бар. Алардын 400дөн ашык түрү тропик ж-а субтропик алкактарына тараган. СССРде 9 түрү учурайт. Китептерди бүлдүрүүчү түрлөрү да бар.

**КЫЛКАН КУРСАКТУУЛАР (нитенóсцы)** — жөргөлөк балыктар тукумундагы эки уруунун жалпы аты. Уз. 25 *см*ге жетет. Денеси эки капталынан тең кууш, жону да, курсагы да кырдуу. Курсагындагы канаттары кылкан сымал. Сегиз түрү Азиянын түштүгүндө чөптүү көлмөлөрдө, өзөндөрдө кезигет. Айрымдарын шалы талааларында өстүрөт. Планктон ж-а чөп м-н азыктанат. Берметтей кылкан курсак ж. б. түрлөрү кооздук үчүн аквариумда багылат.

**КЫЛКАН ТИШ СЫМАЛДАР (щетинозу́бые)** — алабуга сымалдар түркүмчөсүндөгү балыктар тукуму. Эки капталы жалпак,

уз. 25 *смдей*, чаар, ачык түстө. Тропик алкактарындагы деңиздерде жашайт. Жүз элүүдөй түрү бар. Анын ичинен көпөлөк балык ж-а периште балык көбүрөөк белгилүү.

**КЫЛ КУЙРУК** (**ши́лохвость**) — өрдөк сымалдар тукумундагы суучул куш. Уз. 70 *см*ге жетет. Эркегинин ортоңку куйрук канаты узун, ичке (аты ошондон). Евразия ж-а Түн. Америкага тараган. СССРдин Европа бөлүгүнүн түштүгүндө, О. Азияда кезигет. Кыргызстанда Ысык-Көлдө кыштайт, уялагандары да бар. Өсүмдүктөр ж-а майда жандыктар м-н азыктанат.

**КЫЛ КУРТТАР** (**волоса́тики**) — алгачкы көңдөйлүү курттар классы. Денеси кыл сымал ичке, уз. бир нече *см*ден 1,5 *м*ге жетет. Жоондугу 0,5—2 *мм*. Рак сымалдардын ж-а курт-кумурскалардын мителери. Беш түркүмү, 300дөй түрү белгилүү. СССРде 30дан ашык түрү тузсуз сууларда, көлмөлөрдө жашайт. Алардын ичинен кадимки кыл курт көп учурайт.

**КЫЛЧЫК ЧАЛГЫНДАР** (**ко́нтурные пе́рья**)—куштун ири, катуу чалгын жүндөрү.

**КЫЛЫЧ АЗУУЛУУ ЖОЛБОРСТОР** (**маха́йроды, саблезу́бые ти́гры**) — тукум курут болгон мышык сымалдар уруусу. Үстүңкү азуулары узун, шамшардай курч болгон. Анын жардамы м-н ири айбандарга (кериктер, мастодонттор, мамонттор ж. б.) кол салып, жеген.

**КЫЛЫЧ БАЛЫКТАР** (**волосохво́стые**) — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 2 *м*ге, салм. 1 *кг*га жетет. Түсү күмүштөй, дене түзүлүшү кылычка окшош, жонундагы сүзгүчү кежигесинен куйругунун учуна чейин жетет. Бардык океандарда суу түбүндө жашайт. Балык м-н азыктанат. Булардын кадимки кылыч балык, көөдөй кылыч балык ж. б. түрлөрү бар.

**КЫНДЫГЫЙ МАЙМЫЛДАР** (**тонкоте́лые обезья́ны**) — мартышка сымалдар тукумундагы маймылдар уруусу. Ирилеринин уз. 80 *см*ге жетет, дене түзүлүшү ичке, буттары, өзгөчө арткы буту ж-а куйругу узун. Жүнү калың, жумшак, көбүнчө күрөң түстө. Өсүмдүк жалбырактары м-н азыктанат. Алардын 24 түрү бар. Африкада, Түш. ж-а Түн.-Чыгыш Азияда дарактарда жашайт. Тогуз түрү, 4 түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**КЫН КАНАТТАР** (**футлярокры́лые**) — жарганаттар түркүмчөсүндөгү тукум. Бир түрү бар. Жаңы Зеландиянын токойлорунда жашайт. Жыйрылган канаты баштыкка окшоп, денесинин сыртынан каптап турат (аты ошондон). Чымын-чиркей, курт-кумурскалар м-н азыктанат.

**КЫПЧУУРДУУ ТАКАЙЛАР** (**о́слики клещено́сные**) — деңиз түбүндө жашоочу рак сымалдар түркүмү. Уз. 1,5—5 *мм*, айрымдары 37 *мм*ге жетет. Беш жүздөн ашык түрү бар. Детрит, майда жандыктар м-н азыктанат.

**КЫПЧУУРЛАР** (**кожистокры́лые, уховёртки**) — курт-кумурскалар (алты буттуу жандыктар) түркүмү. Уз. 3,5—50 *мм*. Артында эки ача органы кыпчууру бар. Кол салуу, коргонуу кызматын аткарат. Алдыңкы канаты кыска, катуу, арткысы жаргак, кээде болбойт. Бир миң үч жүздөй түрү кеңири тараган. СССРде 26 түрү учурайт. Алардын ичинен азия кыпчууру, жээкчил кыпчуур, кадимки кыпчуур ж. б. түрлөрү көп кезигет. Ысык ж-а мелүүн жерлерде, нымдуу кычыктарда, таш коңулунда, буюмдардын астында жашайт.

**КЫРГООЛ (фаза́н)** — кыргоол сымалдар тукумундагы куш. Уз. 85 *см.* Корозу кызыл, башы көк жашыл, кооз, бостеги боз ала, корозунан кичине. Эки түрү (жашыл кыргоол ж-а кадимки кыргоол) бар. Япония, О. Азия ж-а Борб. Азияда, Түш.-Чыгыш Кытай ж. б. жерлерде кезигет. СССРде Украина ж. б. жерлерде таралган. Караган, бадалдуу токойлордо, өзөн, көлдүн боюнда жашайт. Өсүмдүк м-н азыктанат. Эки түрү Кыргызстанда корголо алынган.

**КЫРГООЛ СЫМАЛДАР (фаза́новые)** — аяк сымалдар түркүмүндөгү куштар тукуму. Уз. 13—190 *см*, салм. 45 *г*дан 5 *кг*га чейин жетет. Эркегинин бутунда текөөрү бар. Жакшы басат, чуркайт. Көп учпайт. 57 уруусу, 180дей түрү Евразияга, Америкага ж-а Африкага тараган. СССРде 7 уруусу (бөдөнөлөр, кекиликтер, кыргоолдор, боз чилдер, жылкычыл чилдер ж-а уларлар), 13 түрү кезигет. Көпчүлүгү өсүмдүк м-н азыктанат. Жыйырма бир түрү, 2 түрчөсү ТКЭСтин, 4 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КЫРГЫЙ**, к. *Карчыгалар* макаласын.

**КЫРГЫЙ ТОТУ (попуга́й волни́стый)** — тоту куш сымалдар түркүмүндөгү куш. Уз. 20 *см*ге жетет. Түсү жашыл. Австралияда кезигет. Дан жейт. Селекция жолу м-н ак, сары, көк ж. б. түстүү кыргый тоту чыгарылып, колдо багылат.

**КЫРК АЯК СЫМАЛДАР (сколопе́ндровые)** — эрин буттуулар классчасындагы жандыктар түркүмү. Эки тукуму (криптопиддер ж-а кырк аяктар), 900дөй түрү бар. Тропик, субтропиктерде жашайт. СССРде 10 түрү Европа бөлүгүнүн түштүгүндө кезигет. Негизинен омурткасыз жандыктар м-н азыктанат. Чоң кырк аяктар (уз. 30 *см*ге жетет) бакаларга, кескелдириктерге, чымчыктарга да кол салат. Жылуу, ысык жерлерде, таштын коңулдарында жашайт. Түнкүсүн тиричилик кылат.

**КЫРК АЯКТАР (костя́нки)** — эрин буттуулар түркүмү. Уз. 3—500 *мм.* Сыртынан көп аяктарга окшош. Ургаачысынын буту (гоноподдор) болот. Анда уруктануу ж-а жумурткалоо учурунда сперматофорасы сакталат. Булардын 800дөй түрү жер жүзүнө тараган. СССРде 130га жакын түрү кезигет. Анын ичинен кырк аяк көп тараган. Омурткасыз жандыктарды өлтүрө чагат, кишиге коркунучтуу эмес.

**КЫР ТӨШТҮҮ КУШТАР (пти́цы ки́левые, ки́легрудые)** — бир нече түркүмдү бириктирүүчү куштар тобу. Башка куштардан төш сөөгүнүн кырдуу болушу м-н айырмаланат.

**КЫРТЫШ (подко́жная клетча́тка)** — омурткасыз айбандардын терисинин астындагы челдүү катмар. Көпчүлүк айбандардын запас майы кыртышка жыйналат.

**КЫРТЫШТУУ ШУРУЛАР (ко́рковые кора́ллы)** — алты тармактуу шурулар түркүмү. Колониялуу же жалгыздан болот. Скелети болбойт. Бийиктиги 1—2 *см.* Ондогон түрү тропиктеги деңиздерде жашайт, мелүүн сууларда да кезигет.

**КЫСКА КУЙРУК РАКТАР**, крабдар **(кра́бы)** — он буттуу рактар түркүмчөсүндөгү деңиз жандыктары. Дене түзүлүшү ташбаканыкындай тегерек, сырты катуу. Башы кичине, катуу кабыкка кирип турат. Биринчи жуп буту м-н жылып жүрөт, кыпчуурдуу эркектеринин курсак буттары (1—2 жуп) копуляция органына айланган, ал эми ургаачыларыныкы (4 жуп) жумуртка алып жүрүү кызматын аткарат. Алардын 4000ден ашык тү-

рү белгилүү, негизинен тропикте кезигет, деңиздерде, өзөн жээктеринде, кургакта да жашайт. СССРде 50дөй түрү кезигет. Тарп, майда омурткасыздар м-н азыктанат. Тамак катары колдонулат.

**КЫТАНДАР (ца́плевые)**— кунас сымал куштар тукуму. Тумшугу узун, түз. Узун шыйрактуу, шыйрагында жүнү жок. Булардын 32 уруусу, 66 түрү бар. Уюлдук аймактан башка бардык жерде таралган. СССРде 12 түрү (көл бука, кидик көл бука, түнчү кытан, ак кытан ж. б.) белгилүү. Калың камыш арасында, саздарда, өзөн жээктеринде жашайт. Топ-тобу м-н дарактарга, камыштарга уялайт. Сары тумшук кытан ТКЭСтин ж-а СССРдин Кызыл китебине катталган.

**КЫЧЫ КОҢУЗДАР (ма́йки)** — уулуу коңуздар уруусу. Уз. 7—42 *мм*. Түсү кара көк, канат жапкычы кыска, канаты жок, курсагы томпок, дене түзүлүшү сүйрү. Жүз отуз түрү кеңири тараган. СССРде 40тан ашык түрү кезигет. Анын ичинен кадимки кычы коңуз көп тараган. Личинкасы бал аарылардын зыянкечи.

**КЫЧЫКЧЫ БУКАЧАРЛАР (подка́менщики, бычки́-подка́менщики)** — букачар балыктар тукумундагы уруу. Агын суулардагы ж-а деңиздин жээгине жакын таштардын кычыгында жашоочу майда балыктар. Промыселдик мааниси жок.

**КЫЧЫКЧЫЛАР (подка́менщики)**— скорпена сымалдар түркүмүндөгү балыктар уруусу. Уз. 10—12 *см*. Жон сүзгүчү экөө. Биринчи сүзгүчү экинчисинен кичине. Башы жалпак, таажысы жок. 30дай түрү Евразиянын ж-а Түн. Американын өзөн сууларында, таштардын кычыктарында, коңулдарында жашайт. СССРде 7 түрү, Кавказ сууларынан башка бардык сууларда кезигет. Алардын ичинен кадимки кычыкчыл көп тараган. Чымын-чиркей личинкалары м-н азыктанат.

**КЫШКЫ ЧЭЭН (зи́мняя спя́чка)** — жылуу кандуу айбандардын айрым түрлөрүнүн кышында үңкүргө, ыктоо жерге же башка бир жашыруун жайга кирип, жазга чейин уктап жатышы. Чээнге киреерде организмине запас заттарды (өзгөчө май) топтойт. Мис., аюу, жанат, кашкулак ж. б.

# Л

**ЛАБЕО́ (лабео́)** — каңылтыр балыктардын уруусу. Уз. 60—90 *см*, салм. 5400 *г*га жетет. Африканын ж-а Түш. Азиянын өзөндөрүндө жашайт. Өсүмдүк ж-а планктон м-н азыктанат. Промысел объектиси. Көлмөлөрдө өстүрүлөт.

**ЛАБИО́ЗА (лабио́за)** — жөргөлөк сымалдар тукумунун кылкан курсактар уруусундагы балык. Бул майда балыкты кооздугуна ж-а ойноокутугуна кызыгып аквариумда багышат.

**ЛАБИРИНТ ТИШТҮҮЛӨР (лабиринтодо́нты, лабиринтозу́бые)** — амфибиялардын тукуму курут болгон классчасы. Уз. 5 *м*ге чейин жетет, крокодилге же саламандрага окшош болгон. Саздуу токойлордо, көлдөрдө, өзөндөрдө жашашкан. Буларга 1 түркүмдүн 30дан ашык тукуму, 100дөн ашык уруусу кирген.

**ЛА́ВРАК (ла́врак)** — корумчул алабугалар тукумундагы балык. Уз. 1 *м*ге, салм. 12 *кг*га жетет. Жер Ортолук ж-а Кара деңиздерде шуру рифтеринин арасында жашайт. Сейрек учурайт.

**ЛАКТАРЛАР (лакта́ровые)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 35—40 *см*ге жетет. Жалгыз түрү (куу балык) бар. Тынч ж-а Инди океандарынын жээкке жакын жагында жашайт.

**ЛАКТА́ЦИЯ (лакта́ция)** — сүт эмүүчүлөрдүн (желиндүү айбандардын) желининде сүттүн пайда болуп, мезгил-мезгил м-н балдары эмгенде же сааганда сыртка чыгып турушу.

**ЛАЛИУ́С (лалиу́с)** — жөргөлөк сымалдар тукумунун кылкан курсактар уруусундагы майда кооз балык. Аквариумда жакшы багылат.

**ЛАМАЛАР (ла́мы)** — төө сымалдар тукумунун уруусу. Үстүңкү ээрди жырык, төөдөн кыйла кичине. Жазында 1 бото тууйт. Анча чоң эмес үйүрү м-н жашайт. Түш. Американын Анд тоолорунда 2 түрү (викунья ж-а гуанако) тараган. Перу ж-а Боливияда бакма 2 формасы бар. Алардын жүнү (уз. 12 *см*ге жеткен) өтө баалуу. Викунья ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ЛАМАНТИНДЕР (ламанти́новые)** — суудa жашоочу желиндүү айбандар тукуму. Денеси ийик сымал. Куйрук сүзгүчү тегерек. Кулак калканы, арткы буттары жок. Тулкунун уз. 4 *м*ге, салм. 400 *кг*га жетет. Калак буттарынын учунда тырмакка окшогон туяктары бар. Көпчүлүк башка желиндүү айбандардан айырмасы 7 эмес, 6 моюн омурткасы бар. Ламантиндердин 3 түрү Атлантика океанынын Америка ж-а Африка жээктеринин жылуу алкактарына тараган. Топтошуп жашайт. Алар 3—4 жашында көбөйүүгө жөндөмдүү. Суу өсүмдүктөрү м-н азыктанат. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ЛАМНА СЫМАЛДАР (ламнообра́зные)** — акулалар түркүмү. Азыркы акулалардын көпчүлүгүн камтыйт. Акулалардын эң ирилери. Уз. 20 *м*ге, салм. 14 *т*га жеткен түрлөрү бар. Алардын айна көз акулалар, албарсты акулалар, боз акулалар, дөө акулалар, кит сымал акулалар, мышык акулалар, муруттуу акулалар ж. б. тукуму, о. эле көптөгөн түрлөрү бардык океандардын жылуу алкактарында жашайт.

**ЛАМПРИД СЫМАЛДАР (лампридообра́зные, опахообра́зные)** — океанда жашоочу балыктар түркүмү. Уз. 30*см*ден 9,5 *м*ге, салм. 50 *г*дан 300 *кг*га чейин жетет. 6 тукуму (велиферлер, вогмерлер, кемер балыктар, лофоттор, лампрsession сымалдар, шоона куйруктар) бардык океанда кезигет. Планктон м-н азыктанат.

**ЛАНГУСТТАР (лангу́сты)** — он буттуу рактардын таксономиялык бир бөлүмү. Уз. 60 *см*ге жетет. Денеси ж-а антеннасы (узун муруттары) тикендүү. Басуучу буттарында кыпчууру жок. Курсагы узун, жалпагыраак. Куреак буттары салыштырмалуу кыска. Жүз түрү жылуу ж-а мелүүн деңиздердин жээкке жакын жерлеринде тараган. Тамакка пайдаланылат. Көлдө көбөйтүлөт.

**ЛАНДАКТАР (ландаки́)** — чүткөрлөр тукумундагы сүт эмүүчү (желиндүү) кемиргич айбандар уруусу. Тулкунун уз. 45—70 *см*, куйругунуку 7—12 *см*. Денесин бүт тикен кылкан каптаган. Куйрук жагынын тикендери узун. Түсү кара күрөң. Түш.-Чыгыш Азиянын аралдарында 3 түрү (катуу тикендүү ландак, суматра ландагы ж-а филиппин ландагы) жашайт.

**ЛАНТАНОЗУХТАР (лантанозу́хи)** — батракозаврлар классчасындагы тукум курут болгон амфибиялар уруусу. Чыгыш Европанын жогорку перминен белгилүү. Уз. 1,5 *м*ге жеткен. Сырты

8—2103

нан саламандрага окшош болгон. Майда жандыктар м-н азыктанган болуш керек.

**ЛАТЕНТТИК АБАЛ** (**лате́нтный перио́д**) — организмге, органга, ткань же клеткага дүүлүктүргүч таасир эткенден ага жооп кайтаруу реакциясынын пайда болушуна чейинки букма мезгил.

**ЛАТЕ́С** (**лате́с**) — алабуга сымалдар түркүмчөсүнүн робало сымалдар тукумундагы балык. Уз. 2 *м*ден ашат, салм. 130 *кг*га жетет. Түн. Африканын ж-а Түш. Азиянын деңиздеринин жээктерине жакын жерлерде жашайт. Көлмөлөрүндө багууга болот. Промыселдик мааниси бар.

**ЛАТИМЕ́РИЯ** (**латимери́я**) — чеңгел канаттуу балыктардын азыркы жалгыз өкүлү. Денеси кыска, жоон, ири түрпүлөр м-н капталган. Уз. 180 *см*ге, салм. 95 *кг*га чейин жетет. Куйрук сүзгүчү үч бөлүктүү, ортоңкусу узун. Экинчи жон сүзгүчү ж-а арткы тешик сүзгүчү экиден, түбү жоон. Инди океанынын түш.-батыш бөлүгүндө суу түбүндө жашайт. Балык м-н азыктанат.

**ЛЕБИАСИНДЕР** (**лебиаси́новые**) — каңылтыр сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Төрт уруусу жылуу жерлердеги сууда жашайт. Аквариумда да багылат.

**ЛЕЙКОЦИТТЕР** (**лейкоци́ты**) — киши ж-а жаныбардын канынын түссүз клеткалары; организмди тумоодон, ылаңдан ж. б. бүлүнүүдөн коргоо функциясын аткарат.

**ЛЕЙШМАНИЯЛАР** (**лейшмани́и**) — кинетопластиддер түркүмүндөгү чыбырткычандар классынын уруусу. Кээ бир сүт эмүүчүлөр (киши, ит) ж-а сойлоочулардын митеси. Клетканын ичинде мителик кылып, аны бузат, лейшманиоз оорусун пайда кылат. Кишиге 3 түрү зыян келтирет. Сыркоолуудан соого майда сары машаа жугузат.

**ЛЕПИДОЗАВРЛАР** (**лепидоза́вры**) — сойлоочулар классчасы. Кийинки пермден белгилүү. Үч түркүмү (куш тумшуктуулар, түрпүлүүлөр ж-а эозухийлер) бар. Кургакта да, сууда да жашаган түрлөрү кезигет.

**ЛЕРНЕИДДЕР** (**лернеи́ды**) — рак сымал жандыктардын түркүмчөсү. Булар балык, амфибия ж-а кит мителери.

**ЛИКОД СЫМАЛДАР** (**ликодоподо́бные**) — бельдюга сымалдар тукумундагы балыктар тукумчасы. Уз. 70 *см*ден 1 *м*ге чейин жетет. 70тен ашык түрү Түн. жарым шардын, көбүнчө Арктика деңиздеринде суу түбүндө жашайт. Уулоо жүргүзүлбөйт.

**ЛИМА́НДА** (**лима́нда**) — камбала сымалдар тукумундагы майда балык. Уз. 25—40 *см*ден ашпайт, салм. 150—300 *г*. Европанын батыш ж-а түндүгүн чулгап турган деңиздерде тараган. Омурткасыздар, чанда майда балыктар м-н азыктанат. Промыселдик мааниси бар.

**ЛИМНОБИОНТТОР** (**лимнобио́нты**) — көлдө жашоочу организмдер.

**ЛИМНОДРИЛДЕР** (**лимнодри́лы**) — кызыл курттар тукумунун уруусу. Уз. 9 *см*ге жетет. Европанын өзөндөрүндө, көлдөрүндө, көлмөлөрүндө кезигет. Чириндилер м-н азыктанып, суу тазалоого катышат.

**ЛИМНОКАРДИИДДЕР** (**лимнокардии́ды**) — жүрөк сымал кош капкалуу моллюскалар тукумунун тукумчасы. Булар кадимки жүрөк сымалдардан айырмаланып, көлдө, көлмөдө, туздуу сууларда жашашат. Кээ бирлери тамак катары пайдаланылат.

**ЛИМОНЧУЛ КӨПӨЛӨК** (**лимо́нница**) — ак көпөлөктөр тукумун-

дагы калдыркан. Канатын жайганда 6 *см*ге жетет. Эркеги лимондой сары түстө, ургаачысы агыш жашыл, канатынын ортосунда саргыч кызыл тактары бар. Малагы лимонго зыян келтирет. Европада ж-а Азиянын мелүүн жерлеринде тараган.

**ЛИМОПСИСТЕР (лимопси́сы)** — тарак тиштүүлөр түркүмүндөгү кош капкалуу моллюскалар тукуму. Деңизде жашайт.

**ЛИНГУЛИДДЕР (лингули́ды)** — омуроо буттуу жандыктардын бир тукуму. Кош капкалуу раковинасы бар. Деңиздин түбүндө ийин казып жашайт.

**ЛИ́НДОР (ли́ндор)** — өөдөкөчтөр тукумундагы коңуз. СССРге Австралиядан алынып келип, эгин, бак, дарак зыянкечи калканчыкты жок кылууда ийгиликтүү колдонулууда.

**ЛИНИФИЯЛАР (линифи́и)** — майда жөргөмүштөр тукуму. Алардын 1500дөй түрү токойлуу, бадалдуу жерлерге кеңири тараган. Желе тартып, ага түшкөн майда жандыктар м-н азыктанат.

**ЛИНКИЯЛАР (линки́и)** — эбелектүү деңиз жылдыздары түркүмүнүн тукуму. Беш тармактуу, ачык көк түстө. Тынч ж-а Инди океандарынын жылуу, тайыз сууларына тараган. Тармактарын өздөрү кесип таштоого жөндөмдүү. Кесигинен кайрадан жаңы жылдыз пайда болот.

**ЛИОПЕ́ЛЬМА (лиопе́льма)** — жылма бут бакалар тукумундагы уруу. Мунун бир гана түрү бар. Уз. 33 *мм* болгон кичинекей бака. Жаңы Зеландиянын көлчүктөрүндө жашайт.

**ЛИПОГЕНИЯЛАР (липоге́ниевые)** — тикен өркөч сымал балыктар тукуму. Бир гана уруусунун жалгыз түрү липогения (липогения) белгилүү. Атлантика океанынын батыш жээктеринде жашайт.

**ЛИРА КУЙРУКТУУЛАР (лирохво́сты, пти́цы ли́ры)** — таранчы сымалдар түркүмүнүн тукуму. Уз. куйругу м-н кошо 75—120 *см*ге жетет. Эркегинин куйругунун учу лира сымал ийилген. Буту узун, күчтүү. 1 уруусунун 2 түрү Австралиянын түш.-чыгышында жашайт. Эркеги кубулжуп сайрайт, башка чымчыктарды жакшы туурайт. Полигамдар. Жалгыз жумурткасын 6—7 жума ургаачысы басат. Курт-кумурскалар, жалпак курттар ж. б. м-н азыктанат.

**ЛИХИЯЛАР (лихи́и)** — ставрида сымал балыктар уруусу. Уз. 1 *м*ге жетет. СССРде Кара деңизде 1 түрү (кадимки лихия) чанда кезигет.

**ЛИЧИ́НКА (личи́нка)** — көпчүлүк омурткасыздардын, кээ бир омурткалуулардын түзүлүшү ж-а тиричилик мүнөзү жетилген формасынан айырмаланган жеке өөрчүү стадиясы. Жумуртка клеткасындагы запас азык заттар түйүлдүктүн толук өөрчүшүнө жетишсиз болгон жаныбарларга мүнөздүү.

**ЛОМЕХУЗА (ломеху́за)** — стафилин тукумундагы коңуздар уруусу. Уз. 4,4—6 *мм*, саргыч күрөң коңуз. Кумурсканын уюгунда жашап, алардын личинкаларын жейт.

**ЛОРИЗИДДЕР (лоризи́ды, ло́риевые)** — маймыл сымалдар түркүмчөсүнүн тукуму. Тулкунун уз. 22—40 *см*, куйругу кыска. Жүнү калың, үлпүлдөк, боз же саргыч күрөң. Көзү чоң, бакырайып турат. Эки тукумчасы (галаго сымалдар, накта лорилер), 11 түрү Түш. Азияда ж-а Африканын экваторунда тараган. Накта лоринин 4 уруусу, (ичке лорилер, кадимки поттолор, калабар поттосу ж. б.) тропик токойлорунда кезигет. Өтө жай кыймылдайт. Даракта жашайт. Тиричилигин көбүнчө түнкүсүн өткөрөт. Ылгабай азыктанат.

**ЛОРИЛЕР (ло́ри)** — тоту куш сымалдар түркүмүндөгү тукумчасы. Уз. 14—40 *см.* Алардын 61 түрү Филиппин аралынан Түш. Австралия ж-а Тасманияга чейин, о. эле Полинезияда кезигет. Дүмүрлөрдө уялашат.
**ЛОФИОМИИНДЕР** (лофиомии́ны) — чычкан сымалдар тукумунун тукумчасы. Мунун жалгыз уруусунун бир түрү — саксагай аламан африканын токойлорунда, тоолорунда жашайт. Уз. 26—36 *см.* Жонунда кылкандуу жалы бар, түсү кара, чаар. Ургаачысы эркегинен чоңураак. Жалбырак, бүчүр м-н азыктанат.
**ЛО́ЦМАН (ло́цман)** — ставрида сымалдар тукумундагы деңиз балыгы. Уз. 70 *смге* жетет. Бардык океандардын тропик ж-а субтропик сууларында жашайт. Топтошуп ири акулаларды, дельфиндерди, таш бакаларды ээрчип жүрөт. Деңизде уруктанат. Майда балык, рак сымалдар м-н азыктанат. Чанда Кара деңизде да учурайт.
**ЛУВАРЛАР (лува́ровые)** — селебе тумшук балыктар түркүмчөсүндөгү тукум. Мунун жалгыз бир түрү (лувар) океанда жашайт. Уз. 1,8 *мге* жеткен ири балык. Сейрек кезигет.
**ЛУФА́РЬ (луфа́рь)** — алабугалар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 115 *смге*, салм. 15 *кгга* жетет. Денеси созулуңку. Бардык океандын тропик ж-а субтропик сууларында жашайт. Уулоо жүргүзүлөт.
**ЛУЦИАНДАР (луциа́новые)** — алабуга сымалдар түркүмүнүн тукуму. Он сегиз уруусу, 115ке жакын түрү бардык океандын тропик ж-а субтропик сууларында жашайт. Уз. 25 *смден* 1 *мге*, кээ бир урууларынын салм. 10—25 *кгга* жетет. Көп учураган түрлөрү: боз луциан, бүкүр луциан, кара каш луциан ж. б.

# М

**МААРАКТАР (ржа́нковые)** — чулдуктар түркүмчөсүндөгү куштар тукуму. Асмандан ылдый кудуганда куйругу жазылып, желге желбирегенде эчкинин маараганындай үн чыгат (ошондон улам аты). Отуз алты уруусу, 160 түрү саздуу жерлерде кезигет. СССРде 31 уруусунун 74 түрү бар. Алардын ичинен найза тумшуктар, мойноктор, сагызган чулдуктар, сүзгүчтөр, таш тинткичтер ж. б. улууларынын вальдшнеп, гаршнеп, калкандуу чулдук, күрөк-тумшук маарак ж. б. түрлөрү көбүрөөк учурайт. Маарактын 9 түрү ТКЭСтин ж-а 8 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.
**МАГОТ,** к. *Куйруксуз макака* макаласын.
**МАДРЕПО́РА ШУРУЛАРЫ (мадрепо́ровые кора́ллы, камени́стые кора́ллы)** — алты тармактуу шурулар классчасындагы шурулар түркүмү. Деңиздин түбүнө бекип, чанда жалгыздан жашоочу шуру полиптери. Акиташтуу скелети жакшы өөрчүгөн. Жалгыз жашоочу полиптин туурасы 40 *смге*, колониядагы айрым особунуку 1 *ммден* 3*смге* жетет. Колониянын формасы ар түрдүү, бийиктиги бир нече *мдей*. Эки миң беш жүздөй түрү дүйнөлүк океандын тайыз жылуу жерлеринде кеңири тараган. Башка деңиз жандыктары м-н бирге шуру рифтерин, өлгөндөрү акиташ ташын пайда кылат.
**МАЗАМАЛАР (маза́мы)** — бугулар тукумунун уруусу. Тулкунун

уз. 72—90 *см*, салм. 8—25 *кг*. Куйругу узун. Эркегинин мүйүзү кыска. Төрт түрү Борб. Америкада ж-а Түн. Американын тропик бөлүгүндө, Тринидад ж-а Табаго аралдарында кезигет. Боз мазама, ири мазама, кидик мазама ж. б. түрлөрү көп кезигет.

**МАЙ БАЛЫКТАР (маслюко́вые)** — алабуга сымал балыктар түркүмүнүн тукуму. Уз. 30 *смге* жакын. Башы кичинекей, денеси наштар сымал капталынан кысыңкы. Көкүрөк сүзгүчү жок, жон сүзгүчү узун. Беш уруусу, 15ке жакын түрү Атлантика ж-а Тынч океандарынын түндүк жагындагы деңиздерде жашайт. СССРде 2 уруусунун 7 түрү бар. Майда рак сымалдар, моллюскалар, балык икрасы м-н азыктанат. Кадимки май балык, кызыл май балык, кооз май балык ж. б. көп кезигет.

**МАЙ БЕЗДЕРИ (са́льные же́лезы)** — куштардын ж-а желиндүү айбандардын көпчүлүгүнүн терисиндеги май чыгаруучу майда бездер. Ал терини дайым жумшартып, катырбайт.

**МАЙ КАНАТТАР (сиго́вые)** — сом балыктар түркүмүнүн тукуму. Уз. 8—150 *см*, салм. 4 *гдан* 40 *кгга* чейин. Оозу кичине, тиши жок. Өрдөмө, көлдө ж-а өзөндө жашайт. Булардын 3 уруусунун (жумуру балыктар, ак балыктар, май канаттар) 30га жакын түрү Түндүк муз океанынын ж-а Тынч, Атлантика океандарынын түн. жагынын алаптарында тараган. СССРде 12 түрү, алардын ичинен байкал май канаты, волхов май канаты, жемсөөлүү май канат, нева май канаты, пыжьян май канаты, омуль, момун балык ж. б. көп кезигет. Планктон, бентос ж-а майда балыктар м-н азыктанат. Промыселдик мааниси чоң. Жаңы жерлерге байыр алдыруу ж-а колдо өстүрүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Ысык-Көлгө сибирь май канаты, Соңкөлгө момун балык коё берилген. Волхов май канаты СССРдин Кызыл китебине катталган.

**МАЙМЫЛДАР (обезья́ны)**—приматтар түркүмүндөгү сүт эмүүчүлөр түркүмчөсү. Мээси чоң ж-а бырыштуу; манжалары кармоого ылайыкталган, желини бир жуп, жыт сезүүсү начар, көрүү ж-а угуу органы жакшы өөрчүгөн. Жер жүзүнүн жылуу, токойлуу зоналарында тараган. Үч чоң тукумуна (жөнөкөй быйпык маймылдар, киши сымал приматтар, дердең маймылдар) кирген. Беш тукуму (гиббон сымалдар, киши сымал ири маймылдар, мартышка сымалдар, ойноок сымалдар, чалма куйрук маймылдар), 35 уруусу, 143 түрү, 220га жакын түрчөсү белгилүү. Көпчүлүгү топтолушуп даракка жармашып жашайт. Кээ бирлери гана тиричилигин жерде өткөрүшөт. Өсүмдүк мөмөсү, жалбырагы, жаш бутагы, курт-кумурска, куш жумурткасы ж-а майда куштар м-н азыктанат. Маймылдар зоопарк ж-а лабораториялык изилдөөлөр үчүн кармалат.

**МАЙМЫЛ СЫМАЛДАР (полуобезья́ны)** — приматтар түркүмүндөгү сүт эмүүчү (желиндүү) айбандардын түркүмчөсү. Чоңдугу ж-а дене түзүлүшү ар кандай. Жүнү жумшак, калың, сезгич мурутчалары бар. Буту колунан узунураак. Мээсинин бырышы аз, желини 1—3 жуп. Алты тукумга (арбак сымалдар, бут-колдуулар, индри сымалдар, лори сымалдар, тупайа сымалдар, узун согончоктуулар) кирген 24 уруусунун 52 түрү Африканын ж-а Азиянын тропик алкагына тараган. Көпчүлүгү дарактарга чыгып жашайт. Ылгабай азыктанат. Жыйырма эки түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**МАЙНА (ма́йна, инди́йский скворе́ц)** — чыйырчыктар тукумундагы чымчык. Уз. орточо 25 *см*. Түсү күрөң, канаттарынын кол-

туктары ак, тумшугу ж-а шыйрагы сары. Түш. Азияда кезигет. XX кылымдын 30-жылдарынан баштап О. Азияга тарап, Кыргызстанда 50-жылдардан белгилүү. Үйүр-үйүр болуп жашайт. Чегирткелерди кырып пайдалуу, бирок мөмөнү чокуп бакчылыкка зыян келтирет.

**МАЙПАК БУТТУУЛАР (лапчатоно́гие)** — турна сымалдар түркүмүндөгү куштардын тукуму. Уз. 28—62 *см*. Салааларында сүзгүч жаргактары бар. Үч уруусунун 3 түрү Түн. Африкада, Түш. Азияда, Борб. ж-а Түш. Америкада учурайт. Чытырман токойлордо, өзөн жээктеринде жашыруун жашайт. Жакшы чуркайт ж-а сүзөт, коркунучту сезгенде сууга чумкуп кетет. Эки, кээси 5—7 жумуртка тууйт, эркек, ургаачысы басат. Алсыз, көзү көрбөгөн, жылаңач балапанын эркеги канатынын астындагы өзгөчө «чөнтөгүндө» салып жүрөт. Майда омурткасыздар ж-а өсүмдүк м-н азыктанат.

**МАЙ САРАТАНЫ**, к. *Саратандар* макаласын.

**МАКОМАЛАР (мако́мы)** — кош капкалуу деңиз моллюскаларынын теллиниддер тукумунун уруусу. Раковинасынын (кабыгынын) уз. 5 *см*ге жетет. Тегерек тартып бурчтуу же сүйрү, жука. Жыйырмага жакын түрү Түн. жарым шардын мээлүүн сууларында тараган. СССРде 13 түрү Балтика деңизинде, түндүктөгү ж-а Ы. Чыгыштагы деңиздерде кезигет. Көп учуроочу өкүлдөрү: акиташтуу макома ж-а балтика макомасы. Макомалар балык, краб ж. б. жаныбарларга жем.

**МАКОО БАЛЫКТАР (толстоло́бики, толстоло́бы)** — каңылтырлар тукумундагы тузсуз сууда жашоочу балыктар тукумчасы. Уз. 1 *м*ге жетет, салм. 20—35 *кг*. Эки уруусунун 2 түрү Чыгыш Азиянын өзөндөрүндө тараган. СССРде 2 түрү (ак макоо балык, ала макоо балык) кезигет. Промысел объектиси. Көлмөлөрдө өстүрүү иши жүргүзүлүүдө.

**МАКРЕЛДЕР**, к. *Скумориялар* макаласын.

**МАКРЕЛЬ ЧОРТОН СЫМАЛДАР (макрелошу́ковые)** — сарган сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 45 *см*ге чейин. Үч уруусу негизинен субтропик ж-а мээлүүн алкактарда тараган. СССРде 2 түрү (макрель чортон, сайра) кезигет. Промысел объектиси.

**МАКРОПОДДОР (макропо́ды)** — жөргөлөк сымалдар тукумундагы балыктар уруусу. Денеси созулуңку. Уз. 7—9 *см*. Жон, курсак, арткы тешик ж-а куйрук сүзгүчтөрү узун. Түсү кызыл ала, көк ала болуп кооз, жалтырак. Үч түрү Түш.-Чыгыш Азиянын тузсуз сууларында кезигет. Шалы аянтында ж. б. майда көлчүктөрдө жашайт. Безгек чиркейинин личинкаларын кырат.

**МАКРОЭВОЛЮ́ЦИЯ (макроэволю́ция)** — түрдөн жогорку таксондорду (уруу, тукум, түркүм, класс ж. б.) пайда кылуучу эволюциялык өзгөрүштөр. «Макроэволюция» терминин Ю. А. Филипченко киргизген (1927).

**МАКСИЛЛАЛАР (макси́ллы)**— көп аяктуулардын, курт-кумурскалардын (алты буттуулардын) ж-а рак сымалдардын азыгын майдалоочу жаактары.

**МАКСИЛЛОПОДДОР (максиллопо́ды)** — рак сымалдар классындагы омурткасыз жандыктар классчасы. Беш түркүмү (аскотодрациддер, калак буттар, каңылтырчылар ж. б.) бар. Алар деңиздеагын сууда, океандын түбүндө жашайт, кээ бири суу жандыктарынын митеси.

**МАКТРАЛАР (мактры́)** — кош капкалуу, эбелек бакалоордуу моллюскалар түркүмүнүн чоң тукуму. Төрт тукуму бар. Уз. 12—15 *см*. Жылуу деңиздердин жээктерине жакын тайыз жерлеринде жашайт. Желгендиктен, кээ бир өлкөлөрдө атайын ууланат. СССРде алача мактра, ак мактра, сүйрү мактра ж. б. кезигет.

**МАЛАКОЛО́ГИЯ (малаколо́гия)** — зоология илиминин моллюскаларды иликтөөчү бөлүмү.

**МАЛАКОСТ СЫМАЛДАР (малакостеёвые)** — сом сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 15—50 *см*ден ашпайт. Төрт уруусу, 10дой түрү дүйнөлүк океандарда кезигет. Индистан малакосту м-н кара малакост көп кезигет.

**МАЛАРМАТТАР (мала́рмáты, па́нцирные три́глы)** — деңиз короздору тукумундагы балыктар уруусу. Булардын баарысынын териси сыртынан сөөк эбелектер м-н капталган. Атлантика океанынын Америка жээктеринин терең жерлеринде кезигет. Омурткасыздар ж-а майда балыктар м-н азыктанат. Эти даамдуу, промыселдик мааниси бар.

**МАЛГУНДАР (цикло́пы)** — калак бут рактар классчасынын түркүмү. Уз. 1—8 *мм*. Маңдайында жалгыз көзү бар. Эки жүз элүүдөй түрү тузсуз суунун түбүндө, өсүмдүк арасында, бир азы планктондо жашайт. Кээ бир деңиз малгуну жарык чыгарат, көбү жырткыч, өсүмдүк м-н азыктангандары да бар. Көбү балык ж-а омурткасыздардын митеси, кээ бири мите курттардын аралык ээси. Малгундар көп балыктын жеми.

**МАЛЬПИГИ ТҮТҮКЧӨЛӨРҮ (мальпи́гиевые сосу́ды)** — кургакта жашоочу муунак буттуулардын бөлүп чыгаруучу ж-а осмосту жөнгө салуучу түтүктөрү.

**МАМБАЛАР (ма́мбы)** — аспиддер тукумундагы жыландар уруусу. Уз. 4 *м*ге чейин, шыңкыйган ичке жыландар. Түсү жашыл, чанда чаар. Беш түрү (батыш мамбасы, кара мамба ж. б.) Африканын токойлуу, бадалдуу жерлеринде кезигет. Даракка чыгып жашайт. Куштар, кескелдирик, кемирүүчүлөр м-н азыктанат. Жумуртка тууйт. Абдан уулуу, чакканда киши жарым саатта өлөт.

**МАМОНТ (ма́монт)** — тукум курут болгон пил. Евразияда ж-а Түн. Америкада жашаган. Азыркы пилден чоң ж-а жүндүү болгон. Өсүмдүк м-н азыктанган. Мамонт байыркы киши м-н бир мезгилде жашап, алардын аңчылык объектиси болгон.

**МАМЫК (пух)** — куштун жумшак, үлпүлдөгөн жеңил, тыбыт жүнү.

**МАМЫКТАР (пухо́вки)** — доңкулдактар түркүмүнүн якамаралар түркүмчөсүндөгү чымчыктар тукуму. Жүнү үлпүлдөк, сары жалтырак, тумшугу шибегедей, канаты, куйругу узун. Жети уруусу, 32 түрү Борб. ж-а Түш. Американын токойлорунда кезигет.

**МАНАКИН СЫМАЛДАР (манаки́новые)** — чырылдак куштардын тиранна түркүмчөсүндөгү чымчыктар тукуму. Уз. 8,5—16 *см*. Тумшугунун түбү жоон. Эркеги кара, сары, кызыл, ак же көгүш болуп, ачык түстө, ургаачысы жашгылт. Борб. Америкада 21 уруусунун 61 түрү жашайт. Мөмө-жемиш ж-а курт-кумурска м-н азыктанат.

**МАНГОЧУЛАР (мангобе́и)** — мартышка сымалдар тукумунун уруусу. Тулкунун уз. 40—80 *см*, куйругу узун, түсү кара күрөң,

төбө чачы үрпөк. 4—5 түрү Борб. ж-а Батыш Африканын токойлорунда тараган. Өсүмдүктөр, манго мөмөсү м-н азыктанат. Бир түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**МАНГУСТТАР (мангу́сты)** — виверралар тукумундагы сүт эмүүчү (желиндүү) айбандар уруусу. Тулкунун уз. 23—64 *см*, куйругунуку 23—51 *см*. Жүнү кылчык, тайкы, түсү күрөң, чанда ачык тактуу, буттары кыска. Шамдагай айбандар, майда кемирүүчүлөр, жылан, кескелдириктер м-н азыктанат. Он төрт түрү Африка, Түш.-Батыш Европа ж-а Алдыңкы, Кичи ж-а Түш. Азияда тараган. Жылан, чычкандарды кырыш үчүн үйдө багылат. Кадимки мангуст, крабчыл мангуст, сары мангуст, суучул мангуст ж. б. түрлөрү бар. Ихневмон же фараон келеси деп аталган эң ириси оңой үйрөтүлүп, көп өлкөлөрдө үй айбаны катары тарап кеткен.

**МАНДАРИН ӨРДӨГҮ (мандари́нка)** — өрдөктөр тукумундагы куш. Уз. 40 *см*ге жакын. Эркеги кооз, башындагы үрпөгү кызгылтым жашыл болуп кубулуп турат. Түш.-Чыгыш Азияда тараган. Токойлуу өзөндүн, булактын жээгинде жашайт. Жыгач көңдөйүнө уялайт. Моллюска, курт, балык икрасы, суу өсүмдүгүнүн уругу м-н азыктанат. СССРдин Кызыл китебине катталган.

**МАНДРИЛДЕР (мандри́лы)** — мартышка сымалдар тукумундагы маймылдар уруусу. Бул тукумдун эң ири өкүлү тулкунун уз. 1 *м*ге, салм. 40 *кг*га жетет. Эркеги ачык түстө, саамайы ж-а сакалы сары, башындагы түгү ачык кызгылт күрөң, жону кочкул. Ургаачысы күңүрт түстө. Эки түрү (мандрил, дрил) бар. Алар Африканын экватор токойлорунда топтошуп жашайт. Күндүз көбүнчө жерде жүрөт, түнкүсүн даракка чыгып уктайт. Ылгабай азыктанат.

**МАНДУФИЯЛАР (мандуфи́и)** — айна көздөр уруусу. Уз. 9—10 *см* келген майда балыктар. Аргентина м-н Уругвайдын жээктеринде жашайт. Өзөн сууларына да өрдөйт.

**МАНЖА КАНАТ СЫМАЛДАР (пальцепёровые)** — кефаль түспөлдүүлөр түркүмүндөгү балыктар тукуму. Деңизде ж-а мала туздуу сууларда жашайт. Денеси сүйрү созулуңку. Көкүрөк сүзгүчүнүн алдыңкы огу бош ж-а денесинен узун. Ал сезүү органы болуп эсептелет. Жети уруусу, 30га жакын түрү дүйнө океандарынын тропик алкагындагы сууларга тараган. Эң ири түрлөрүнүн уз. 180 *см*ге, салм. 140 *кг*га жетет. Промысел объектиси.

**МА́НТИЯ (ма́нтия)** — омурткасыз жандыктардын кээ биринин, мис., моллюскалардын терисинин бүгүшү. Мантиянын атайын бездүү клеткалары бөлүп чыгарган заттан жандыктын сырткы раковинасы (скелети) пайда болот.

**МАНХУА (манхуа́)** — айна көз балыктар уруусу. Уз. 6,5 *см*ге жеткен майда балык. Атлантиканын Борб. Америка жээктеринде жашайт. Булар тон балыктарын кармоо үчүн пайдаланылат.

**МАҢКА КАЗ (го́рный гусь, индийский гусь)** — каз сымалдар тукумчасындагы куш. Салм. 2—3,2 *кг*, түсү агыш боз, башы апакей, шыйрагы кадимки каздыкынан узунураак, тумшугу ичке, үнү кыңкылдагыраак. Борб. ж-а О. Азиянын тоолуу жерлеринде кезигет. Кыргызстанда Соңкөл, Чатыр-Көлго жайында келип төлдөчү. Кийинчерээк сейрек учурайт. СССРдин ж-а Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине катталган.

**МАРАБУ (марабу́)**— кунастар тукумундагы куштар уруусу. Бийикт. 110—150 *см* келген чоң куштар. Узун, жыланач шый-

рактуу, тумшугу узун, башы ж-а мойнунун жүнү сейрек. Мойнунда жыланач капчасы бар. Үч түрү (африка марабусу, индистин марабусу, ява марабусу) уялайт. Тарп ж. б. калдыктар м-н азыктанат.

**МАРА́Л (мара́л)** — сыпайы бугунун географиялык эки расасы (алтай ж-а тянь-шань бугусу). Пантысын алуу үчүн фермада багылат.

**МАРИКИНДЕР (мар**и**ки́ны)** — ойноок маймылдар тукумунун уруусу. Түш. Америкада кезигет. Куйруктуу майда маймылдар. Төрт түрү белгилүү.

**МАРМАР СЫМАЛДАР (мра́морниковые)** — мүйүздүү сымалдар түркүмчөсүндөгү балыктар тукуму. Уз. 75 *см*ден ашык, салм. бир нече *кг*. Тумшугунда тери кырчасы бар. Жалгыз түрү — мармар сымал Тынч океандын Түн. Америка жээгинде кезигет. Эти даамдуу, икрасы уулуу.

**МАРТЫШКАЛАР (мартышкообра́зные, церкопите́ковые, ни́зшие узконо́сые обезья́ны)** — быйпык мурун маймылдар тукуму. Тулкунун уз. 20—100 *см*ге, куйругунуку 100 *см*ге чейин жетет; кээ биринин куйругу жок. Эки тукумчасынын (кындыгый маймылдар ж-а мартышкалар) 13 уруусу африкада, Түш. Чыгыш Азияда тараган. Мартышка сымалдардын көп түрүнүн саны аз. Он сегиз түрү ж-а түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**МАСКАРАПОЗДОР (кло́уновые)** — маскарапоз түспөлдүүлөр түркүмчөсүндөгү балыктар тукуму. Бул майда балыктардын 9 уруусунун 60ка жакын түрү дүйнө океанынын тропик ж-а субтропик алкактарына тараган. Майда омурткасыздар м-н азыктанат. Кызыл маскарапоз, саргасс маскарапозу, таргыл маскарапоз ж. б. түрлөрү көп кезигет.

**МАСТОДОНТТОР (мастодо́нты)** — тукуму курут болгон пил тумшуктуу айбандар тукуму. Түн. Африкада төмөнкү олигоцен мезгилинен белгилүү. Бийикт. 1,5—3,2 *м*ге жеткен. Үстүңкү жырткыч азуулары пилдикиндей узун, ууртунан сыртка чыгып турган. Булар азыркы пилдин теги. Мастадонтторду изилдөөнүн кайнозой эрасынын континенттик катмарларын үйрөнүүдө мааниси чоң.

**МАСУТЬЕРАЛАР (масутье́ры)** — тарак колдуулар тукумунун уруусу. Кемиргич сүт эмүүчү (желиндүү) майда айбандар. Уз. 24 *см*, чолок куйрук, чунак кулак, саксайган чычкан сымак жандыктар. Түн. Африкада жашайт.

**МАХАО́Н (махао́н)** — желкин калдыркандар тукумундагы калдыркан. Канатын жайганда эни 80—90 *мм*. Түсү сарала. Евразияда, Түн. Африкада, Түн. Америкада тараган. Жылына 2—3 мууну (тукуму) пайда болот. Куурчакча (сетер) түрүндө кыштайт. СССРдин ж-а Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине катталган.

**МАХИЛИСТЕР (махили́сы)** — кылкан куйруктуу курт-кумурскалар (алты буттуулар) түркүмүнүн түркүмчөсү. Уз. 15 *мм*. Эңилчектүү корум таштардын кычыктарында жашырынып жашайт. Жөргөлөп ж-а секирип жылат.

**МАЧЕТАЛАР (маче́ты)** — айна көздөр тукумундагы балыктар уруусу. Уз. 15—30 *см*, капталы кара тактуу балыктар. Чили ж-а Перу мамлекеттеринин жээктеринде топтошуп жашайт. Эки түрү — перу мачетасы ж-а чили мачетасы белгилүү.

**МАЧУЭЛАЛАР (мачуэ́лы)** — айна көздөр тукумундагы балыктар уруусу. Уз. 30 *см*ге жетет. Атлантика ж-а Тынч океандардын Америка жээктеринде жашайт. Эки түрү (атлантика мачуэласы ж-а тынч океан мачуэласы) бар. Тор м-н кармашат.

**МЕГАНТРОПТОР (мегантро́пы)** — тукуму курут болгон киши сымал приматтар уруусу. 1939-жылы Чыгыш Африкада ж-а 1941-ж-а 1953-жылдары Ява аралында астыңкы жаагынын сыныгы табылгандан белгилүү. Киши сымал ири маймылдарга кирген деп божомолдонот.

**МЕГАТЕРИЯЛАР (мегате́рии)** — кем тиштүүлөр түркүмүндөгү илендилер тукумундагы тукум курут болгон сүт эмүүчүлөр уруусу. Тулку чоң болуп, уз. 6 *м*ге жеткен, жүнү саксайган, куйругу узун болгон. Арткы бутуна ж-а куйругуна таянып туруп, дарактын жалбырагы, бутактары м-н азыктанган. Калдыгы, о. эле бүтүндөй скелети Америкада табылган.

**МЕГАХИЛИНАЛАР (мегахили́ны)** — аарылар тукумундагы бир тукумча. Булардын курсагында өсүмдүк чаңчаларын чогултуучу жыш түкчөлөрү бар.

**МЕДЗИ́НА (медзи́на)** — алабугалар уруусундагы балыктар. Уз. 50 *см*ге жетет. Чыгыш Кытай деңизинин Япония жээктеринде топтошуп жашайт. Промысел объектиси.

**МЕДУЗАЛАР (меду́зы)** — книдарий тибиндеги жандыктардын жыныстык жол м-н көбөйүүчү мууну. Булар суудa эркин сүзүп жүрөт. Кээ бир сцифоиддүү медуза гана деңиз түбүнө бекип жашайт. Кебетеси кол чатырга же коңгуроого окшош, денеси тунук, килкилдек (мезоглея). Денесинин диаметри бир нече *мм*-ден 2,3 *м*ге чейин. Чатырчасынын четинде уз. 30 *м*ге жеткен тинтүүрлөрү ж-а сезүү органдары жайгашкан. Оозу денесинин төмөн жагынын ортосунда. Кебетеси ж-а маанисине жараша бир нече топторго (адал медуза, компас медуза, жылтылдак медуза ж. б.) бөлүнөт. Кээ бир медузанын сайгыч клеткалары денеге тийсе күйгүзөт.

**МЕЗГИЛДИК МИГРАЦИЯЛАР,** к. *Миграциялар* макаласын.

**МЕЗГИЛ ЦИКЛДҮҮЛҮГҮ (цикли́чность сезо́нная)** — жыл мезгилине жараша айбандардын тиричилик аракетинин темпинин өзгөрүшү.

**МЕЗЕНХИ́МА (мезенхи́ма)** — көпчүлүк айбандардын түйүлдүгүнүн мезодерма катмарындагы туташтырма тканы.

**МЕЗАГАСТРОПОДАЛАР (мезогастропо́ды)** — курсак буттар классындагы үлүлдөрдүн алдыңкы бакалоордуулар классчасынын түркүмү. Жыйырмадай тукуму бар. Алар кургакта, тузсуз сууда ж-а деңизде жашайт. Мителери да кезигет.

**МЕЗОГИ́ППУС (мезоги́ппус)** — жылкылар тукумундагы тукуму курут болгон сүт эмүүчүлөр уруусу. Америкада жашап, чоңдугу карышкырдай болгон.

**МЕЗОЗАВРЛАР (мезоза́вры, прогноза́вры)** — тузсуз суудa жашап келген тукуму курут болгон сойлоочулар тукуму. Түш. Африка ж-а Бразилияда алгачкы пермь мезгилинен белгилүү. Уз. 1 *м*ге чейин болгон. Сырткы кебетеси кескелдирикке окшош болгон, кургакка да чыгып жашаган. Балык м-н азыктанган. Мезозаврлардын 2 уруусу, 5 түрү болгон.

**МЕЗОЗОАЛАР (мезозо́и)** — жөнөкөй түзүлүштүү омурткасыз жандыктар тиби. Уз. көзгө илешпеген майдадан 5—7 *мм*ге чейин. Денеси түктүү эпителий м-н капталган. Деңизде жашоочу омурт-

касыз жандыктардын ички мителери. Эки классы (дициемиддер, ортонектиддер). 30дан ашык түрү белгилүү.

**МЕЗОНЕ́ФРОС**, адепки бөйрөк **(мезоне́фрос)** — омурткалуу жаныбарлардын сийдик бөлүп чыгаруучу жуп органы. Балыктар, амфибиялар ж-а оймок ооздууларда өмүр бою сакталат. Калган омурткалуу айбандарда ж-а кишиде түйүлдүктүн өөрчүүсүнүн алгачкы стадиясында гана болот.

**МЕЗОСАПРОБДОР (мезосапро́бы)** — органикалык заттар м-н булганган сууларда жашай ала турган организмдер, мис., түктүү инфузориялар, кээ бир аз түктүү курттар, жашыл балырлар, көк жашыл балырлар ж. б.

**МЕЗОСТОМАЛАР (мезосто́мы)** — түз ичегилүү турбелляриялар түркүмүндөгү курттар уруусу. Уз. 1 *см*ге чейин жетет. Жазында көлмөлөрдө, чөп баскан көлдөрдө бир нече түрү (төрт кырдуу мезостома, эренбергдин мезостомасы ж. б.) жашайт. Майда жандыктар м-н азыктанат.

**МЕЗОФИЛДЕР (мезофи́лы)** — мээлүүн алкактарда жакшы жашоочу жандыктар, айбандар.

**МЕКЕ КУРТТАР (нитча́тки, филя́рии)** — мите жумуру курттар тукуму. Уз. 2—3 *мм*ден 1,3 *м*ге чейин жетип, кылга же жипке окшогон курттар. Омурткалуу айбандардын (малдын, айрыкча жылкынын) терисинин астында, лимфа бездеринде, булчуңдарында ж. б. ткандарында мителик кылат. Чоңойгон курт терини тешип канатат. Чымын-чиркейлер бул канды соргондо мите курттун жумурткасын кошо жутуп, соо айбандарды чакканда жугузат. Мите пайда кылган ылаң «меке» деп аталат.

**МЕКИРЕЛЕР (осетры́)** — мекире сымалдар тукумундагы балыктар уруусу. Булар өрдөмө, чала өрдөмө ж-а тузсуз сууда жашоочу балыктар. Уз. 3 *м*ге, салм. 200 *кг*га жетет. Оозу кичине. Он жети түрү Атлантика Тынч, Түндүк Муз океандарынын алаптарынын деңиздеринде, өзөндөрүндө жашайт. СССРде 9 түрү (ак мекире, амур мекиреси, атлантика мекиреси, жоко, орус мекиреси, чокур же чалпыш ж. б.) кезигет. Орус мекиресин ж-а чокурду колдо өстүрүү боюнча иш жүргүзүлүүдө. Түн. Америкада жашоочу 3 түрү ТКЭСтин, ал эми атлантика ж-а сахалин мекирелери СССРдин Кызыл китебине катталган.

**МЕКИРЕ СЫМАЛДАР (осетро́вые)** — мекире түспөлдүүлөр түркүмүндөгү балыктар тукуму. Өрдөмө, чала өрдөмө ж-а тузсуз сууда жашоочу балыктар. Терисинде тулкун бойлоп беш катар тизилген сөөк түрпүлөрү, оозунун алдында 4 муруту бар. Көкүрөк сүзгүчүнүн алдыңкы тармагы жоон тикен түрүндө. Төрт уруусу (кертмелер, мекирелер, күрөк тумшуктар, күрөк тумшук сөрөйлөр) Түн. жарым шардын сууларында тараган. СССРде 3 уруусу кезигет. СССРде колго өстүрүү ж-а урук чачкан жерлерди коргоо жолго коюлуп, санын азайтпоо аракеттери жүргүзүлүүдө. Беш түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**МЕКИРЕ ТҮСПӨЛДҮҮЛӨР (осетрообра́зные)** — кемирчектүү балыктар түркүмү. Тулкунун уз. 27 *см*ден 7—9 *м*ге чейин, эң ири түрлөрүнүн салм. 1,5—2 *т*га жетет. Ички скелети кемирчектен турат, баш терисинде сөөкчөлөрү бар. Хордасы сакталган. Эки тукумга (калак тумшук сымалдар, мекире сымалдар) кирген 6 уруусунун 26 түрү Түн. жарым шардын сууларына тараган.

**МЕЛАМФАЙЛАР (меламфа́евые)** — берикс сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 10—12 *см*ден ашпаган майда чабак-

тар. Дүйнө океандарынын жылуу сууларында жашайт. Беш уруусунун 30га жакын түрү бар. Жылма баш меламфай, майда түрпүлүү меламфай, тикендүү меламфай ж. б. түрлөрү көп кезигет.

**МЕЛАНЕЛЛА СЫМАЛДАР (меланелли́ды)** — мезогастропода түркүмүндөгү деңиз үлүлдөрүнүн тукуму. Булар негизинен омуртқасыз жандыктардын денесине жабышып мителик кылат. Гастеросифон, меланелла, стилифер ж. б. уруулары көп учурайт.

**МЕЛАНИ́ЗМ (мелани́зм)** — бир эле түрдүн ичиндеги айбандардын, жандыктардын өңүндө кара, кочкул күрөң түстөрдүн басымдуулук кылуусу.

**МЕЛАНА́Я СЫМАЛДАР (мелании́ды)** — мезогастропода түркүмүндөгү үлүлдөр тукуму. Өзөндө, тузсуз сууда жашайт. Көптөгөн уруусу Африкада, Түш. Азияда, Түн. ж-а Борб. Америкада тараган. СССРде 2 уруусу (меланопс, мелания) Днепр, Днестр, Амур өзөндөрүнүн алаптарында учурайт. Раковинасынын бийикт. 20—15 *мм*ге жетет.

**МЕЛАНОН СЫМАЛДАР (мелано́новые)** — треска сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Бир уруусу (меланон), 2—3 түрү Атлантика ж-а Тынч океандарында кезигет. Уз. 26 *см*ге жетет, түсү кара.

**МЕЛТИРКӨЛДҮКТӨР (голомя́нковые)** — мүйүздүү сымалдар түркүмчөсүндөгү балыктар тукуму. Уз. 13—23 *см*. Башы чоң, терисинде түрпүсү жок. Көкүрөк сүзгүчү узун, курсак сүзгүчү жок. Байкал көлүнүн тереңинде жашоочу эндем балыктар. Эки түрү (ири мелтиркөлдүк, кидик мелтиркөлдүк) бар. Биринчиси өтө майлуу. Экөө тең байкал тюленинин жеми.

**МЕНЕ СЫМАЛДАР (мено́вые)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Бир гана түрү бар. Уз. 20 *см*ге жетет. Тынч ж-а Инди океандарынын жылуу сууларында жашайт.

**МЕРИГИ́ППУС (мериги́ппус)** — жылкылар тукумундагы тукуму курут болгон сүт эмүүчү (желиндүү) айбан. Чоңдугу эшектей болгон, үч туяктуу болуп, бирок эки четки туягы жерге жетпей ортоңкусу м-н гана жер таянган. Түн. Америкада жашаган.

**МЕРЛУЗА СЫМАЛДАР (мерлу́зовые, хе́ки)** — треска сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 1,3 *м*ге, салм. 10 *кг*га жетет. Жон сүзгүчү 2, арткы тешик сүзгүчү бирөө. Алардын 4 уруусу, 15тей түрү Атлантика ж-а Тынч океанынын мээлүүн ж-а субтропик сууларында жашайт. Аргентина мерлузасы, европа мерлузасы, жаңы зеландия мерлузасы, күмүштөй ак мерлуза ж. б. түрлөрү көбүрөөк учурайт. Бардык мерлуза сымалдар жырткычтар. Промысел объектиси.

**МЕРОМИЗАЛАР (мероми́зы)** — кылкандуу эгинге ынаак чымындар уруусу. Уз. 2—3 *мм*. Жетимиштей түрү негизинен Голарктикада кезигет. СССРде 50гө жакын түрү бар. Личинкалары кылкандуу эгиндин өркүнүндө жашайт. Негизинен кара топурактуу эмес жерлердеги буудай, кара буудай, арпа ж. б-га зыян келтирет. Көбүрөөк белгилүүсү — данчыл чымын.

**МЕТАБИОЗ (метабио́з)** — бир түрдөгү микроорганизмдердин тиричилик аракет продуктыларынын экинчи түрлөрүнө азык болуп, ошонун эсебинен жашашы.

**МЕТАГЕНЕ́З (метагене́з)** — муун алмашуунун бир формасы. Мында жандыктардын (мис., ичеги көңдөйлүүлөрдүн) жыныстык жол м-н көбөйүүчү муундары жыныссыз жол м-н көбөйүүчү мууну м-н алмашат.

**МЕТАМОРФО́З** (**метаморфо́з**) — жандыктардын, айбандардын, түйүлдүгүнүн өөрчүү процессинде бир стадиядан экинчисине өткөндө мурункусуна таптакыр окшобой кубулушу, мис., сайгактын куурчакчасынын (окурасынын) сайгакка, бакандын көнөкбашынын бакага айланышы.

**МЕТАНЕФРИДИЙЛЕР** (**метанефри́дии**) — омурткасыз жандыктардын, көбүнчө муунак курттардын бөлүп чыгаруу органдары.

**МЕТАНЕ́ФРОС** (**метане́фрос**) — сойлоочулардын, куштардын, сүт эмүүчүлөрдүн (желиндүүлөрдүн) ж-а кишинин заара бөлүп чыгаруучу органы; ал түйүлдүктүн өөрчүшүндө мезонефростон пайда болот.

**МЕТАПЛАЗИ́Я** (**метаплази́я**) — организмдин бир түрдөгү тканынын башка тканга, мис., кемирчектин сөөккө, эпителийдин чорго айланышы.

**МЕТОХАЛАР** (**мето́хи**) — чагуучу жаргак канаттуу курт-кумурскалар (алты буттуулар) тукуму. Жумурткасын күлүк коңуздун личинкасына тууйт. Ал анда мителик кылып, кырып дыйканчылыкка пайда келтирет.

**МЕХАНОРЕЦЕПТОРЛОР** (**механореце́пторы**) — жаныбарлардын сырткы чөйрөдөн же ички органдарынан келген механикалык дүүлүгүүлөрдү кабыл алуучу рецепторлору.

**МИГРАЦИЯЛАР** жаныбарларда (**мигра́ции живо́тных**) — жаныбарлардын мекендеген жериндеги жашоо шарттын өзгөрүшүнө же өөрчүү циклине байланыштуу жер оошуп турушу. Миграциялар себебине жараша мезгилдүү ж-а мезгилсиз болуп айырмаланат. Мезгилдүү миграциялар өтө көп түрдүү болот. Аларга сүт эмүүчүлөр, куштар ж-а курт-кумурскалардын тоодо өйдө ылдый көчүп, омурткасыздардын суунун же топурактын тереңин көздөй жылып, вертикалдуу миграциясы, өрдөмө балыктардын деңизден өзөнгө (анадром миграциясы) ж-а тескерисинче (катадром миграциясы) өрдөшү, деңиз ташбакасы м-н деңиз сүт эмүүчүлөрүнүн океандагы, жырткыч сүт эмүүчүлөрдүн кургактагы, көп куштар, жарганаттар, курт-кумурскалардын абадагы миграциясы кирет. Мезгилсиз миграцияда кээ бир отурукташкан жаныбарлардын (тыйын чычкан, леммингдер ж. б.) чөйрө шартынын кескин өзгөрүшүнөн (өтө кургакчылык, өрт, суу каптоо ж. б.) жашаган жерин которушу. Мындай миграция күтүлбөгөн жерден болуп, жаныбарлардын кырылышына алып келет.

**МИДИЯЛАР** (**ми́дии**) — кош капкалуу моллюскалар классындагы митилустар тукумунун уруусу. Раковинасы (кабыгы) сүйрү, шынаага окшош, түсү кочкул сыя көк, күрөң ж-а саргыч жашыл. Уз. 20 *см*ге жетет. Жетилген особунун буту кыймылдоо функциясын жоготуп, катуу нерсеге ж-а бири-бирине жабышып жашайт. Үч түрү Түн. ж-а Түш. жарым шардын мелүүн сууларында кезигет. СССРде бардык түрү (дөө мидия, жашыл мидия, адал мидия) учурайт. Мидиялардын бермет пайда кылган учурлары белгилүү. Өздөрү балыктарга жем. Промысел объектиси.

**МИЗИДАЛАР** (**мизи́ды**) — татаал түзүлүштүү рактардын түркүмү. Уз. 0,5—2,5 *см*ге, тереңде жашаганыныкы 37 *см*ге чейин жетет. Сыртынан кичине креветкага окшош. Беш жүздөй түрүнүн көбү деңизде, азыраагы тузсуз сууларда жашайт. СССРде 100гө жакын түрү кезигет. Балыктар үчүн жакшы жем.

**МИЗКУРСАКТАР** (**востробрю́шки**) — каңылтырлар тукумундагы балыктар уруусу. Уз. 18 *см* болгон майда күмүш чабактар.

Чыгыш өзөндөрүндө 4 түрү (буйнор мизкурсагы, кадимки мизкурсак, корей мизкурсагы, ханконун мизкурсагы) кезигет. Рак сымалдар, чымын-чиркейлер м-н азыктанат.

**МИЗОПОДА (мизопода)** — мизоподалар тукумундагы жарганат. Мадагаскарда кезигет. Чымын-чиркейлер м-н азыктанат.

**МИЗОСТОМА СЫМАЛДАР (мизостоми́ды)** — көп түктүү курттар классындагы муунак курттар классчасы. Уз. 3—30 *мм*. Тикен терилүү жандыктардын мителери. Мителик кылып жашагандыктан башка муунак курттардан түзүлүшү боюнча айырмаланат. Денеси сүйрү же тегерек. Курсак бетиндеги түрү өзгөрүлгөн бутунун учундагы чач сымал тикени м-н ээсине жабышып жүрөт. Жүз отуздай түрү негизинен тропик ж-а субтропиктеги деңиздерде жашайт. СССРде 6 түрү кезигет.

**МИЕЛОЦИТТЕР (миелоци́ты)** — жилик чучугунун кан пайда кылуучу клеткалары.

**МИКИ́ЖА (мики́жа)** — сом сымалдар тукумундагы накта сомдор уруусундагы балык. Уз. 90 *см*ге, салм. 22 *кг*га жетет. Деңизде жашагандарынын түсү күмүш сымал, жону ж-а куйругу тактуу. Тузсуз сууда жашагандарынын капталында тизилип жаткан кызыл наары бар. Курсак сүзгүч канаттары кызыл. Өрдөмө балык. Промысел объектиси.

**МИКОПЛАЗМАЛАР (микопла́змы)** — клеткасынын (денесинин) сырткы чели (капталы) жок ж-а плазма чели м-н капталган майда микроорганизмдер.

**МИКРОДЕСМА СЫМАЛДАР (микродесмо́вые)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 6—20 *см*ге чейин жеткен, куртка окшогон майда чабактар. Тропик алкагындагы деңиздердин тайыз жээктеринде кумга, ылайга көмүлүп жашайт. Көбүрөөк белгилүүсү микродесма уруусу.

**МИКРОДОНДОР (микродо́ны)** — шылдырак чымындар тукумунун уруусу. Личинкалары кумурска уюгунда өөрчүүчү жашыл чымындар.

**МИКРОМАЛЬТУСТАР (микрома́льтусы)** — коңуздар түркүмүнүн тукуму. Тукумдун 1 уруусу Америкада кезигет. Личинка курагында жынысташып көбөйүүгө жөндөмдүү.

**МИКРООРГАНИЗМДЕР (микроргани́змы)** — микроскоп м-н гана көрүнүүчү майда организмдер. 17-кылымда А. Левенгук ачкан. Органикалык дүйнөнүн ар кандай царствосунун өкүлдөрү (бактериялар, көк жашыл балырлар, архебактериялар, микроскоптук козу карындар, балырлар ж-а жөнөкейлөр) микроорганизмдер болуп эсептелет. Кээде вирустарды да микроорганизмдерге киргизишет. Көпчүлүгү бир клеткалуу организмдер. Өтө тез өсөт ж-а жөнөкөй бөлүнүү жолу м-н бат көбөйөт. Микроорганизмдер физиологиялык ж-а биохимиялык касиеттери боюнча өтө көп түрдүү. Кээ бир микроорганизмдер башка организмдер өсө албаган шартта (70—105°С ысыктыкта, радиациясы өтө жогору ж-а өтө кычкылдуу же жегичтүү чөйрөдө ж-а $O_2$ жок жерде) өсүүгө жөндөмдүү. Микроорганизмдер бардык жерде — топуракта, сууда ж-а абада таралып, биосферадагы зат алмашууда өтө маанилүү роль ойнойт. Тамак ж-а микробиологиялык өнөр жайларда (шарап жасоо, нан бышыруу, антибиотик, витамин, аминокислота ж. б. алуу) пайдаланылат. Патогендүү микроорганизмдер өсүмдүк, жаныбар ж-а кишинин да ар кандай ооруларын козгойт.

**МИКРОСКОПИ́Я (микроскопи́я)** — микроскоптун ж. б. оптикалык

аспаптардын жардамы м-н микроорганизмдерди байкап, текшерип иликтөө.

**МИКРОСПОРИДИЯЛАР** (**микроспори́дии**) — книдоспоридиялар классындагы жөнөкөй жандыктар тиби. Бардык көп клеткалуу жандыктардын (көбүнчө муунак буттуулардын) клеткасынын ичинде мителик кылат. Митохондрийи жок. Ээсинин клетка цитоплазмасында жыныссыз жол м-н көбөйөт. Эки классынын 70тен ашык уруусу, 900гө жакын түрү белгилүү. Микроспоридиялардын 300дөн ашык түрү табияттагы гельминттерди кырууга жөндөмдүү, ошондуктан аларды (мителерди) микроспоридиялар м-н жоготуу жолу иштелип жатат.

**МИКРОФАГДАР** (**микрофа́ги**) — омурткалуулардын бүртүктүү лейкоциттеринин формасынын бири. Бул терминди И. И. Мечников киргизген. Булар организмге кирип калган бөтөн ж-а уу заттты, микробдорду ж-а ткань бөлүкчөлөрүн «жутуп», эритүүгө жөндөмдүү, о. эле к. *Фагоцитоз* макаласын.

**МИКРОЦЕБУСТАР** (**микроце́бусы**) — арбак сымал маймылдар тукумундагы маймылдар уруусу. Уз. 13—25 *см*, куйругунуку 17—28 *см*, салм. 60 *г*га араӊ жеткен кичинекей маймылдар. Тропик токойлорунда жашайт. Курт-кумурскалар, майда омурткалуу жандыктар, о. эле жемиштер м-н азыктанат. Эки түрү (чычкандай микроцебус, кокворели микроцебусу) белгилүү.

**МИКРОЦЕФАЛДАР** (**микроцефа́лы**) — деӊиз жыландары тукумунун уруусу. Уз. 70—80 *см*, башы кичине, мойну ичке, калган жагы жоон. Инди ж-а Тынч океандарынын жылуу сууларында кезигет. Шыӊкыйган микроцефал көп учурайт.

**МИКРОЭВОЛЮ́ЦИЯ** (**микроэволю́ция**) — түр ичинде өтүүчү эволюциялык процесстердин жыйындысы. Бул процесстер жаӊы түрдүн пайда болуусуна алып келет.

**МИКСИНАЛАР** (**миксины**) — оймок ооздуу омурткалуу жандыктар классынын түркүмү. Уз. 2 *м*ге (демейде кичине) жетет. Жон сүзгүчү ж-а эрини жок, оозунун тегерегинде жоон мурутчалары бар. Кан жүрүү системасы туюк эмес. Негизги 3 кошумча жүрөгү бар. Бир тукумунун 4 урууга кирген (ичке миксиналар, кадимки миксиналар ж. б.) 20га жакын түрү кезигет. Промыселдик мааниси жок.

**МИКСОСПОРИДИЯЛАР**, к н и д оспоридиялар (**миксоспори́дии, книдоспори́дии**) — жөнөкөйлөрдүн тиби. Омурткасыз ж-а жөнөкөй түзүлүштүү омурткалуу жаныбарлардын (көбүнчө балыктар, чанда сойлоочулар) дене көӊдөйүндө ж-а клеткасында мителик кылат. Миксоспоридиоз оорусун пайда кылат. Эки классы (миксоспора сымалдар ж-а актиномиксидиялар) бар. Жыныссыз жол м-н көбөйөт.

**МИКСОТРОФТОР** (**миксотро́фы**) — органикалык ж-а органикалык эмес азыктар м-н аралаш азыктануучу организмдер. Миксотрофторго хлорофилдүү шапалакчандар (булар өтө булганыч көлмөлөрдө органикалык заттар м-н азыктанат), о. эле чала мите өсүмдүктөр, курт-кумурскачыл өсүмдүктөр кирет.

**МИКТОФ СЫМАЛДАР** (**миктофообра́зные**) — сөөктүү балыктар классынын түркүмү. Уз. 2,5 *см*ден 2 *м*ге чейин, салм. бир нече *г*дан 5 *кг*га жетет. Көпчүлүгүнүн жарык чыгаруучу органдары бар. Сом сымалдарга жакын. Он беш тукуму (жылтылдак анчоустар, кескелдирик баштар, бомбил сымалдар, бермет көздөр, алепизоврлар ж. б.), 70ке жакын уруусунун 400дөй түрү бардык

океандарда кезигет. СССРде 10 түрү учурайт. Промыселдик мааниси аз.

**МИНОГАЛАР (мино́ги)** — оймок ооздуулар классынын түркүмү. Уз. 15—100 *см*ге жетет. Жон сүзгүчү 1 же 2. Оозу куйгуч сымал. Көзү жакшы өөрчүгөн. Кан жүрүү системасы туюк. Жүрөгү эки камералуу. Бир тукумунун 7 уруусу, 20дан ашык түрү тузсуз ж-а мала туздуу сууларда жашайт. Эти желет. Көпчүлүк түрү балыктарга жабышып канын соруп, мителик кылат. Көп учуроочу өкүлдөрү: австралия миногасы, деңиз миногасы, каспий миногасы, корей миногасы, өзөн миногасы, булак миногасы ж. б.

**МИНТАЙЛАР (минта́и)** — трескалар тукумундагы балыктар уруусу. Дене уз. 40—55 *см*, салм. 1,5 *кг*га жетет. Жон сүзгүчү 3, арткы тешик сүзгүчү 2, куйрук сүзгүчү бир оюктуу. Эки түрү (атлантика минтайы, ы. чыгыш минтайы) Атлантика ж-а Тынч океандарынын түн. бөлүктөрүндө жашайт. Рак сымалдар ж-а майда балыктар м-н азыктанат. Саны көп. Промысел объектиси.

**МИОБИИДАЛАР (миоби́иды)** — мите кенелер тукуму. Майда сүт эмүүчүлөрдүн (желиндүү айбандардын) жүнүнө жабышып, жүн түбүндөгү сары сууну соруп жашоочу, көзгө илешпеген майда кенелер.

**МИРАПИННА СЫМАЛДАР (мирапиннови́дные)** — кит сымалдар түркүмүндөгү майда чабактар түркүмчөсү. Үч тукуму (мирапиналар, касидоралар, тасма куйруктуулар) Атлантика, Инди ж-а Тынч океандарынын тереңинде жашайт.

**МИРИКАЛАР (мири́ки)** — киши сымал приматтар түркүмчөсүнүн цебиддер тукумунун маймылдар уруусу. Мунун 1 түрү — күрөң мирика Бразилиянын тропик токойлорунда жашайт. Уз. 45—65 *см*. Куйругу тулкунан узунураак. Түсү саргыч күрөң. Жемиш жейт. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**МИСТАКОКАРИДАЛАР (мистакокари́ды)** — рак сымалдардын классчасы. Денеси созулуңку; майда (уз. 0,5 *мм*), көзгө илешпеген жандыктар. Деңиз жээгиндеги нымдуу кумда жашашат. Үч түрү белгилүү. СССРде кезикпейт.

**МИТЕ ЖАРГАК КАНАТТАР (паразити́ческие перепончатокрылые)** — сөңгөк курсак жалтырак канаттуу курт-кумурскалар (алты буттуулар) түркүмчөсүнүн чоң тукумдарынын тобу. Булардын личинкалары башка жаныбарларда ж-а өсүмдүктө мителик кылат.

**МИТЕЛЕР (парази́ты)** — башка организмдин (ээсинин) эсебинен жашоочу организмдер. Алардын ширесин соруп, органдарын бүлүнтөт. Алар зоомителер (жөнөкөйлөр, гельминттер, жөргөмүш сымалдар, курт-кумурскалар ж. б.), фитомителер (бактериялар, жөнөкөй козу карындар, айрым татаал түзүлүштүү өсүмдүктөр ж. б.) ж-а вирустар болуп айырмаланат.

**МИТЕ ТҮКТҮҮ ААРЫЛАР (шме́ли — куку́шки)** — кадимки аарылар тукумунун уруусу. Түктүү аарыга окшош, бирок арткы бутунда өсүмдүк чаңчасын чогултуучу баштыкчасы жок. Түн. жарым шардын мелүүн алкагында 30дай түрү кезигет. СССРде 16—17 түрү бар. Түктүү аарынын уюгунда мителик кылат. Ал уядагы эне аарыны өлтүрүп, жумурткасын таштайт. Балдарын ошол уюктагы жумушчу аары багат.

**МИТЕЧИЛИК (паразити́зм)** — ар кандай түргө кирүүчү эки организмдин өз ара байланыш формасы. Мында бири (мите) экинчисин (ээси) жашоо чөйрө катары пайдаланат.

**МИЯЛАР (мий)** — эбелек бакалоордуу, кош капкалуу моллюскалар тукуму. Раковинасы (кабыгы) калың, сүйрү, уз. 15 *см*ге жетет. Жети түрү Атлантика, Тынч ж-а Түн. Муз океандарынын мээлүүн сууларында жашайт. СССРде 6 түрү кезигет. Эти желет. Промысел объектиси.

**МОА́ (моа́)** — жалпак төш куштардын тукуму курут болгон түркүмү. Моалар учпаган, буту күчтүү, башы кичине, бир өңчөй түстүү куш болгон. Чоңдугу күрптөйдөн (анамолоптерикс) үч метрге жеткени (динорнис) да болгон. Абдан аңчылык кылынгандыктан же балким табигый кырсыктын натыйжасында кырылган болуш керек. 17-кылымдын башында Жаңы Зеландия аралында моанын бир нече түрлөрү болгон. Токойдо жашап, өсүмдүк м-н азыктанган.

**МОГЕРЛЕР (моге́ры)** — көр чычкандар тукумунун уруусу. Тулкунун уз. 17—21 *см*. Чыгыш Азияда 3 түрү тараган. СССРде 2 түрү (ири могера, орто могера) кезигет. Акыркысы СССРдин Кызыл китебине катталган.

**МОЖУЧУЛДАР (га́ллицы)** — узун мурут чиркейлер түркүмчөсүнүн тукуму. Уз. 1—4 *мм*. Канатсыздары да бар. Ачык кызыл, сары, кызгылт сары түстө. Жетилгени азыктанбайт, аз жашайт. Көпчүлүгүнүн личинкалары өсүмдүк ширесин сорот. Кээ бири өсүмдүк кабыгын тешип, ичине кирип өрчүйт. Личинка жаткан жердин айланасына өсүмдүктүн коргоочу заты чогулуп, торсойгон шишик — можу пайда болот. Булардын 4 миңден ашык түрү Жер жүзүнө кеңири тараган. Гессен чиркейи ж-а таруучул чиркей эгинге көп зыян келтирет.

**МОЗАЗАВРЛАР (мозаза́вры)** — тукум курут болгон сойлоочулар түркүмү. Кийинки бор доорунда жашаган. Башы ж-а денеси созулуңку болгон. Сууда жашаган, уз. 15 *м*ге жеткен, алдыңкы ж-а арткы аяктары калактай болгон.

**МОЙВАЛАР (мо́йвы)** — корюшка сымалдар тукумундагы балыктар уруусу. Топтошуп жашайт. Уз. 22 *см*ге, салм. 17 *г*га жетет. Эркеги ургаачысынан чоңураак. Жыныс диморфизми ачык байкалган (эркегинин арткы тешик сүзгүчүнүн түбү жоон). Жалгыз түрү Атлантика, Тынч океандарынын ж-а Түн. Муз океанында жашайт. Промысел объектиси.

**МОЙНОКТОР (зу́йки)** — маарак чулдуктар тукумунун уруусу. Уз. 15—25 *см*, тумшугу кыска. Күлүк. Жыйырма үч түрү Жер жүзүнө (Арктикадан башка) кеңири тараган. Суу жээгинде, кээ бирлери какыр чөлдө жашайт. СССРдеги 8 түрү бардык жерде кезигет. Деңиз мойногу, кара мойнок, ири мойнок ж. б. түрлөрү белгилүү.

**МО́КО (мо́ко)** — доңуз чычкандар тукумундагы кемиргич айбан. Түш. Америкада ийин казып жашайт. Эти желет, ошондуктан көп кармашат.

**МОЛЛЮСКАЛАР**, жумшак денелүүлөр **(моллю́ски)** — омурткасыз жандыктар тиби. Денеси сегменттелбеген, тулку, башы ж-а бутунан турат. Жон жагы раковина м-н капталган (кээ бириники чала өрчүгөн же жок). Башында оозу, тинтүүрү, көзү жайгашкан. Буту көбүнчө курсак жагында, сүзүүчү органга айланышы мүмкүн. Тулкусу тери бүктөө — мантия м-н капталган. Мантия м-н тулкусунун ортосундагы мантия көңдөйүндө дем алуу ж-а кээ бир сезүү органдары жайгашкан. Эки типчеси (каптал нервдүүлөр, раковиналуулар), 8 классынын 130 миңдей түрү бүт жер жүзүнө тараган. Көпчүлүгү деңизде, тузсуз сууда, бир азы

кургакта жашайт. СССРде 200гө жакын түрү кезигет. Алар промыселдик омурткасыздар, балыктар, киттер ж. б-дын жеми. Кээ бир моллюскалар (устрицалар, мидиялар, кальмарлар ж. б.) желет.

**МОМО́ЛОЙЛОР (полёвки)** — аламандар тукумундагы чычкандар тукумчасы. Тулкунун уз. 10—12 *см*, кээсиники 26 *см*ге чейин, куйругу тулкусунун жарымындай. Жону көгүш же күрөңүрөөк. Жыйырмадай уруусу Түн. жарым шарда, СССРде 12 уруусу, 43 түрү (Кыргызстанда 6 түрү) кезигет. Жээкчил момолойлор, кадимки момолойлор, корум момолойлору, токой момолойлору, ондатралар, бүтүктөр ж. б. урууларынын, кадимки момолой, сур момолой, буурул момолой, жээкчил момолой, кызыл момолой, памир момолою, саргыч момолой, кара боор момолой, таштак момолою, тянь-шань сары момолою ж. б. түрлөрү көп учурайт. Көбү туляремия, лептоспироз ж. б. ооруларды таратат. Айыл чарба өсүмдүктөрүнө зыян келтирүүчүлөрү да бар. Кээ биринин (ондатра, суу момолойу) териси баалуу.

**МОМОТТОР (момо́товые)** — көк карга сымалдар түркүмүндөгү куштар тукуму. Уз. 17—47 *см*. Куйругу тепкич сымал, ортоңку руль канатынын уч жагы жылаңач (жүнүн өзү жулуп салат). Өңү жашыл, көк, куйкул, кара тактары бар. Алты уруусу, 8 түрү Борб. ж-а Түш. Америка тоолорунда карагай ж-а эмен токойлорунда жашайт. Тереңдиги 1,8 *м* келген ийинде уялайт. Майда омурткалуулар, чымын-чиркейлер, жемиштер м-н азыктанат. Көк каш момот көп кезигет.

**МОМУН БАЛЫК (пе́лядь, сыро́к)** — май-канаттар уруусундагы балык. Уз. 40—55 *см*, салм. 2,5—3 *кг*, кээде 5 *кг*га чейин жетет. Үстүңкү жаагы астыңкысынан узунураак. Түн. Муз океан алабындагы өзөн ж-а көлдөрдө жашайт. Байырлаштырууга, колдо өстүрүүгө болот. Промысел объектиси. Кыргызстанда Соңкөлдө байырлаштырылган.

**МОНИЕЗИЯЛАР (мониези́и)** — мите тасма курттардын аноплоцефалидалар тукумундагы жалпак курттар уруусу. Уз. 1—5 *м*, жазылыгы 16 *мм*. Кепшөөчү айбандардын ичегисинде мителик кылып жашайт. Бул мите койдун «түйнөк» ылаңын пайда кылат.

**МОНИЛИГАСТРИДДЕР (монилигастри́ды)** — сөөлжан сымал муунак курттар тукуму. Уз. 10—15 *см*, каралжын түстүү. Ы. Чыгышта нымдуу жерлерде кезигип, топуракты жакшыртууга катышат.

**МОНИЯЛАР (мо́нии)** — тартар чилдер түркүмүндөгү куштар уруусу. Жалгыз түрү — мония Мадагаскар аралында, кумдуу, бадалдуу жерде жашайт. Таркылдактан бир аз чоңураак, түсү боз, уча албайт, жакшы жүгүрүп, күлүк.

**МОНОГА́МИЯ (монога́мия)** — жаныбарлардын көбөйүү мезгилинде эркегинин бир ургаачысына түгөйлөшүп жашашы.

**МОНОГЕНЕЯЛАР (моногене́и, моногенети́ческие соса́льщики, многоу́стки)** — жалпак курттар классы. Уз. көзгө илешпеген майдадан 2—3 *см*ге чейин жетет. Денесинин арт жагында илмеги, соргучу ж. б. жабышуучу органы бар бекүүчү дискасы жайгашкан. Оозу алды жагында. Балыктардын бакалооруна, терисине жабышып, кээде жерде-сууда жашоочулар ж-а сойлоочулардын ички органдарында мителик кылат. Эки классчасынын 2000ге жакын түрү бар.

**МОНОНХТОР**, к. *Бир тиштүү курттар* макаласын.

**МОНОПЛАКОФОРАЛАР (моноплакофо́ры)** — жөнөкөй түзүлүштүү раковиналуу моллюскалар классы. Көпкө чейин казылып алынган өкүлдөрү гана белгилүү болгон. 1952-жылы гана азыркы биринчи өкүлү сыпаттап жазылган. Азыр 4 уруусунун 8 түрү белгилүү. Суу түбүндө (200—700 *м* тереңдикте) жашайт.

**МОНОФА́ГИЯ (монофа́гия)** — айбандардын бир гана түрдүү азык м-н азыктанышы, мис., кээ бир кенелер бир гана түрдөгү айбандын канын сорот; кишинин бити кишиден башканын канын сиңире албайт.

**МОНОФИ́ЛИЯ (монофи́лия)** — организмдер тобунун бир гана түпкү тектен пайда болушу; бара-бара муундардын жаңы түргө айланып кетиши. Органикалык дүйнөнүн эволюциясынын негизги принциптеринин бири.

**МОРА СЫМАЛДАР (мо́ровые)** — треска сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Демейде, ээгинде муруту бар. Уз. 20—75 *см*. Үч океандын жылуу, мелүүн сууларынын тереңинде (200—1500 *м*) 17 уруусунун 70ке жакын түрү жашайт. Антимора, бросмикулус, гаделла, лемонема, лепидион, лотелла, мора, подонема ж. б. өкүлдөрү белгилүү.

**МОРИНГ СЫМАЛДАР (моринго́вые)** — курт балык сымалдар түркүмүнүн тукуму. Уз. 10—40 *см*, түсү саргыч, денеси айнектей тунук, куртка окшогон майда балыктар. Үч океандын тропик зоналарында кезигет. Суу түбүндөгү кумдуу ийиндерде жашынып жашагандыктан, сейрек жолугат. Промыселдик мааниси жок.

**МОРУ́ЛА (мору́ла)** — кээ бир былпылдактар, ичеги көңдөйлүүлөр, муунак буттуулар, көпчүлүк сүт эмүүчүлөрдүн түйүлдүгүнүн митоздук жол м-н бөлүнүп көбөйүшүндөгү бир стадиясы.

**МО́РФА (мо́рфа)** — түр же популяция ичиндеги сырткы белгилеринин бөтөнчө болушу, мис., ак таранчы, ак тайлак ж. б. булар өз түрлөрүнүн ичинен бөтөнчө түстө экени алыстан таанылат.

**МОРФОЛО́ГИЯ (морфоло́гия)** — организмдердин түзүлүшү ж-а кебетеси жөнүндө илим.

**МОРФИДДЕР (морфи́ды)** — тропикте жашоочу калдыркандар тукуму. Канатын жайганда эни 15—18 *см*ге жетет. Бийик учкан көк ала, сары ала калдыркандар. Амазонка алабында көп учурайт. Булардын жалгыз уруусу (морфо) белгилүү.

**МОХАРРА СЫМАЛДАР (мохарро́вые)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 17 *см*ден ашпаган майда балыктар. Беш уруусу бардык океандардын тропик ж-а субтропик сууларынын жээкке жакын, тайыз жерлеринде кезигет. Кадимки мохарра, чаар геррес, парекбула ж. б. көбүрөөк учурайт. Промыселдик мааниси жок.

**МУЗДАКЧЫЛДАР (психролю́товые)** — мүйүздүү сымалдар түркүмчөсүндөгү балыктар тукуму. Уз. 30—400 *мм*. Он бир уруусу, 30дай түрү Тынч, Инди, Атлантика океандарынын уюлга жакын сууларынын тереңинде жашайт. Көбүрөөк учураган өкүлдөрү: коттункулдар, беснардия, жумшак букачарлар ж. б.

**МУЗОО БАШТАР (сольпу́ги, фала́нги, бихо́рки)** — жөргөмүш сымалдар классындагы жандыктар тукуму. Уз. 1—7 *см*, тарбайган, тыктүү, чаяндарга анча-мынча окшош жандыктар. Сегиз жүздөн ашык түрү тропик ж-а субтропиктик какыр чөлдүү жерлеринде тараган. СССРдин түштүгүндө 70ке жакын түрү кезигет. Кыргызстандын боздоңдуу, какыр талааларында да учурайт. Жырткыч, майда омурткасыздар м-н азыктанат, уусуз.

**МУКСУ́Н** (**муксу́н**) — май канаттар уруусундагы балык. Уз. 75 *см*, салм. 8 *кг*га чейин жетет. Үстүңкү жаагы астыңкысынан узунураак. Түндүк Муз океандын мала туздуу ж-а жээкке жакын сууларында жашайт. Сибирь сууларына өрдөйт. Промыселдин ж-а колдо багуунун баалуу объектиси.
**МУКУР СЫМАЛДАР** (**вьюрко́вые**)— сайрагыч таранчы сымалдар түркүмчөсүндөгү чымчыктар тукуму. Уз. 10—22 *см*. Көбүнчө кызыл же сары. Эркектери ургаачыларынан коозураак. Отуз үч уруусу, 133 түрү кеңири тараган. СССРде 20 уруусунун 35 түрү (Кыргызстанда 20дай түрү) учурайт. Көпчүлүгү токойдо же калың бадал арасында, кээси чөлдө жашайт. Көбүнчө өсүмдүк уругу ж-а чымын-чиркейлер м-н азыктанат. Көбүрөөк кезигүүчү өкүлдөрү: дарвин мукуру, даракчыл мукур, кайчы тумшук, кендирчил жут чымчык, жашыл мукур, кооз мукур, кадимки мукур, эжеке бээ саалар ж. б. Алардын айыл чарбасына зыян келтирүүчүлөрү, о. эле отоо чөптү ж-а зыяндуу курт-кумурсканы жеп пайдалуулары да бар.
**МУКУР ТАРКЫЛДАКТАР** (**листо́вковые**) — таранчы сымалдар түркүмүндөгү сайрагыч чымчыктар түркүмчөсүнүн тукуму. Кадимки таранчылардан чоңураак, кара таркылдактан кичирээк майда чымчыктар. Түсү күңүрт жашыл, саргыч, же күрөң. Он беш уруусу, 120дай түрү Африкада, Түш. Азияда жашайт. СССРде 2 түрү: сары кулак мөлмөл, ак жаак мөлмөл жазында учуп өтүшөт.
**МУЛУКТАР** (**скрытоу́хи**) — жер чукуур сымалдар тукумундагы күрөң тиштер тукумчасынын уруусу. Майда, кемиргич сүт эмүүчү айбандар. Булардын 4 түрү Американын тоолуу жерлеринде жашайт. Венесуэлла мулугу, каралжын мулук, кидик мулук ж. б. өкүлдөрү көбүрөөк кезигет.
**МУНГО** (**му́нго**) — виверралар тукумунун уруусу. Майда жырткыч айбандар. Уруунун жалгыз түрү (мунго) бар. Тулкунун уз. 30—45 *см*, куйругу 23—29 *см*ге жетет. Түсү ачык күрөң, шыйрагы кыска. Африкада суу жээгинде, бадал арасында жашайт. Майда кемирүүчүлөр, курт-кумурскалар м-н азыктанат.
**МУНТЖА́К** (**мунтжа́к**) — бугулар тукумундагы сүт эмүүчү айбан. Тулкунун уз. 1 *м*ге, салм. 225 *кг*га жетет. Үстүңкү азуусу оозунан чыгып турат. Эркегинин мүйүзү кыска, эки ача, ургаачысы токол. Түш.-Чыгыш Азияда жашайт.
**МУРЕНАЛАР** (**муре́ны, муре́новые**) — курт балык сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 3 *м*ге жакын, жыланга окшоп сойлойт, териси түрпүсүз. Жон сүзгүчү бакалоор тешигинин алдынан башталат, көкүрөк сүзгүчү жок. Узун, курч тиштүү. Түсү саргыч жашыл же күрөң-жашыл тактары же чийиндери бар. Ондон ашык уруусунун 100дөн ашык түрү тропик ж-а субтропиктеги деңиздерде жашайт. Жырткычтар, жемин (балык, моллюскалар ж. б. суу айбандары) аңдып туруп кармап жейт. Муреналардын кээ бир түрлөрүнүн эти уулуу.
**МУРУТСУЗДАР** (**бесся́жковые**) — ички жаактуу курт-кумурскалардын түркүмү. Уз. 2 *мм*ге жеткен майда, канатсыз жандыктар. Көпчүлүгүндөгү алдыңкы буту калганынан узун болуп, муруттун кызматын аткарат. Денеси ж-а буттары түк м-н капталган. Эки жүздөй түрү Жер жүзүнө кеңири тараган. СССРде сейрек учурайт. Өсүмдүк м-н азыктанат, жырткычтары да бар.
**МУРУТ БУТТУУЛАР** (**усоно́гие**) — рак сымалдардын деңизде

жашоочу түркүмү. Бир нерсеге бекип жашайт. Жумшак денеси баш, көкүрөк ж-а курсак бөлүгүнөн туруп, мантия м-н капталган. Үч түркүмчөсүнүн (акроторакстуулар, тамыр баштуулар, торакстуулар) 100дөн ашык түрү дүйнөнүн көп деңизинде тараган. СССРде 50дөн ашык түрү кезигет.

**МУРУТТУУ БУКАЧАРЛАР (уса́тые бычки́)** — мүйүздүү сымалдар түркүмчөсүндөгү балыктар тукуму. Атлантика океанынын түн. бөлүгүндө 2 түрү — кош баралуу букачар, муруттуу букачар жашайт.

**МУРУТЧАЛАР (у́сики)** — көпчүлүк муунак буттуу жандыктардын сездиргич органы. Мурутчалардын түзүлүшү ар түрдүү (жалпак, жип сымал, тактиль мурутчалар, тарак сымал) болот.

**МУРУТЧАНДАР (усачи́)** — каңылтырлар тукумундагы балыктар уруусу. Өзөндө, көлдө жашайт, 5—6 жашында ирилеринин уз. 1 *м*, салм. 20 *кг*га жетет. Оозунун тегерегинде 2 жуп мурутчасы бар. Жон сүзгүчүндө тиш сымал, кээде жылма сайгычтары болот. СССРде 9 түрү бар. Алар Балтика, Азов, Кара ж. б. деңиздердин алаптарында, Сыр-Дарыя, Аму-Дарыя өзөндөрүндө кезигет. Промысел объектиси.

**МУРУТЧАН КОҢУЗДАР**, отун жаргычтар **(усачи́, дровосе́ки)** — ылгабай азыктануучулар түркүмчөсүндөгү коңуздар тукуму. Демейде денеси созулуңку, муруттары денесинен узун, ачык түстө. Токой зыянкечтери. Булардын 25 миңден ашык түрү көпчүлүгү тропикте кезигет. СССРде 200дөй түрү бар. Дарак кабыгынын астында ж-а сөңгөгүндө, кээ бири топуракта өөрчүйт. Өсүмдүк м-н азыктанат. Булгаарычыл отун жаргыч, карагайчыл отун жаргыч, дөө отун жаргыч, кара мурутчан ж. б. түрлөрү белгилүү.

**МУСАНГДАР (муса́нги)** — виверралар тукумундагы желиндүү жырткыч айбандар уруусу. Тулкунун уз. 41—71 *см*, куйругунуку —41—66 *см*, салм. 4,5 *кг*га жетет. Үч түрү Түш. Азияда жашайт.

**МУСТА́НГ (муста́нг)** — Америкага Европадан алынып барылып жапайы болуп кеткен жылкылар.

**МУТИ**, к. *Бөдөнөчү турумтай* макаласын.

**МУУНАК БУТТУУЛАР (членистоно́гие)** — омурткасыз жандыктардын тиби. Булардын денеси эки жактуу симметриялуу ж-а буттары муунактуу (аты ошондон). Денеси демейде баш, көкүрөк ж-а курсак бөлүктөн турат. Денесинин ар кайсы бөлүгүнүн сегменттеринин түзүлүшү ар түрдүү. Бакалоору, трахеясы же өпкөсү м-н дем алат. Көбүнүн сезүү органдары жакшы өөрчүгөн. Кубулуу жолу м-н өөрчүйт. Кээ бири тамакка колдонулат; киши, жаныбарлар ылаңынын козгогучун таратуучулар ж-а мителери; өсүмдүктү чаңдаштырат, кээ бири айыл чарба өсүмдүктөрүнүн зыянкечтери.

**МУУНТКУЧТАР (уда́вы)** — жалган буттуу жыландар тукумундагы тукумча. Уз. 0,5 *м*ден 10 *м*ге чейин жетет. Жемин тиштеп ж-а ага оролуп муунтат (аты ошондон). Он алты уруусу, 38 түрү Америка, Африка, О. ж-а Батыш Азияда тараган. Токойдо, бадал арасында, суу жээгинде, боздоңдо, чөлдө кезигет. Негизинен омурткалуу жандыктар м-н азыктанат. Көбүрөөк кезигүүчү өкүлдөрү: аргентина муунткучу, анаконда, ала муунткуч, кадимки муунткуч, куба муунткучу ж. б. Булардын эң ириси — анаконда. Сегиз түрү ж-а түрчөлөрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**МУФЛО́Н (муфло́н)** — аркар-кулжанын бир түрчөсү. Аркардан

кичине, мүйүзү кулжаныкынан ичкерээк. Европа тоолорунда кезигет.

**МҮЙҮЗ (рога́)** — омурткалуу айбандардын кээ бир түрлөрүнүн башындагы же тумшугундагы катуу сөөк өсүндү. Ал негизинен коргонуу кызматын аткарат. Түзүлүшүнө жараша айры же ача мүйүз, чулу мүйүз, көңдөй (үлүк) мүйүз болуп айырмаланат.

**МҮЙҮЗДҮҮ КӨӨКӨРЧӨКТӨР (рогачёвые)** — көөкөрчөк балыктар тукуму. Бардык көөкөрчөктөрдүн эң ирилери, эң майдасынын эни 1 *м* болсо, чоңдорунуку 5,2 *м*ге жетет, салм. *т*дан ашык. Төрт уруусунун 10дой түрү тропик океандарында жашайт.

**МҮЙҮЗДҮҮЛӨР (рога́тковые, керча́ковые)** — мүйүздүү сымалдар түркүмчөсүндөгү балыктар тукуму. Уз. 5—6 *см*ден 60—75 *см*ге жетет. Он үч тукумчасынын 60 уруусу, 200гө жакын түрү бар. Көпчүлүгү Түн. жарым шардын түндүгүндө, бир уруусу Түш. жарым шарда жашайт. Америка, Канада ж-а Японияда промысел объектиси.

**МҮЙҮЗДҮҮ СЫМАЛДАР (рогаткови́дные)** — скорпеналар түркүмүндөгү балыктар түркүмчөсү. Уюл тегерегиндеги мелүүн деңиздердин түбүндө жашайт. Түрпүсүз, башы, оозу чоң, куйругу ичке, тикен канаттуу. Кээ бир тукумдарынын башында учтуу урчуктары (мүйүзү) бар (аты ошондон). Он бир тукуму (деңиз бачикилери, деңиз жер-желимдери, мелтиркөлдүктөр, мүйүздүүлөр, мармар сымалдар ж. б.), 120дан ашык уруусу, 140тан ашык түрү бар. Кээ бир түрлөрү өзөндө да жашайт

**МҮЙҮЗ КӨЧҮКТӨР (рогохво́сты)** — жоон белдүү жалтырак канаттуу курт-кумурскалар (алты буттуулар) түркүмчөсүнүн чоң тукуму. Уз. 7—45 *мм*. Эки тукуму, 200гө жакын түрү токойлордо кеңири тараган. Кара мүйүз көчүк, сабакчыл мүйүз көчүк ж. б. көп кезигет. Бир түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**МҮЙҮЗ ӨРКӨЧТӨР (спиноро́говые)** — тикен боорлор түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 60 *см*ге жетет. Он бир уруусунун 30дай түрү тропик ж-а субтропик деңиздеринин тайыз жерлерине тараган. СССРде (Кара деңизде) боз мүйүз өркөч кезигет. Эти уулуу. Краб, моллюска, деңиз кирпилери, о. эле өсүмдүк м-н азыктанат.

**МҮЙҮЗЧӨНДӨР (рога́тки)** — ышкырыкчылар тукумундагы курбакалар уруусу. Кадимки бакага окшош. Уз. 20 *см*ге чейин. Башы чоң, көздөрүнүн артында мүйүзгө окшогон учтуу урчуктары бар (аты ошондон). 16 түрү Түш. Америкада тараган. Көпчүлүгү саздуу, нымдуу жерлерде, бир азы сууда жашайт. Курт-кумурска м-н азыктанат. Чычкан жегендери да бар.

**МЫЙМЫТТАР (пе́ночки)** — короолу сымалдар тукумундагы сайрагыч чымчыктар уруусу. Уз. 9—12 *см*, боз же жашгылт боз кичинекей чымчыктар. Отуздай түрү Евразияда ж-а Түн. Африкада тараган. СССРде 14, Кыргызстанда 6 түрү кезигет. Жашыл мыймыт, кадимки мыймыт, таңчыл мыймыт, тыпылдак мыймыт ж. б. түрлөрү көп учурайт.

**МЫШЫК СЫМАЛДАР (коша́чьи)** — жырткыч желиндүү (сүт эмүүчү) айбандар түркүмүнүн тукуму. Бул тукумдун өкүлдөрүнүн чоңдугу ар кандай (мышыктан арстанга чейин). Башы кичине, тула бою сымбаттуу, булчуңдуу, тырмактары чоң, ийри, курч, ууру, куйругу узун. Төрт уруусу (кабыландар, илбирстер, кара кулак шерлер, мышыктар), 36 түрү Австралия, Антарктидадан ж-а кээ бир аралдардан башка жерлерде кеңири тараган. СССРде бардык уруусунун 11, Кыргызстанда 5 түрү кезигет. Алар-

дын 14 түрү, 11 түрчөсү ТКЭСтин, 5 түрү ж-а 6 түрчөсү СССРдин, ал эми түркстан сүлөөсүнү ж-а мадыл Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине катталган.

**МЫШЫКТАР (ко́шки)** — мышык сымалдар тукумунун уруусу. Тулкунун уз. 46—197 *см*. Тырмактары курч. Булардын 30 түрү Евразияда, Африкада, Америкада тараган. Ала мышык, анд мадылы, балыкчы мадыл, бенгал мышыгы, жапайы мышык, кадимки мадыл, токой мадылы, кум мадылы, камыш мышыгы, көгүш кабылан ж. б. көп кезигет. Мышыктардын 7 түрү ТКЭСтин, 3 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

# Н

**НААР БУТТАР (розе́ткоI ногие)** — жарганаттар түркүмчөсүнүн тукуму. Жалгыз түрү — наар бут Мадагаскарда кезигет. Дене уз. 14 *см*ге жетет. Тиши курт-кумурсканыкы сыяктуу. Кулагы, көзү кичине, жакшы угат ж-а көрөт.

**НАВАГАЛАР (нава́ги)** — трескалар тукумундагы балыктар уруусу. Уз. 30—42 *см*ге, салм. 700 *г*га жетет. Кем ээк. Эки түрү (түн. навагасы, ы. чыгыш навагасы) Түн. Муз океандын деңиздеринде жашайт. Планктон, бентос ж-а майда чабактар м-н азыктанат. Промысел объектиси.

**НАИДИДДЕР (наиди́ды)** — сейрек түктүү муунак курттардын тукуму. Денеси жип сыяктуу, түссүз. Уз. 0,4 *мм*ден 20 *мм*ге жетет. Денеси 10—50дөй сегменттен турат. Жыйырма төрт уруусу, 140-тай түрү бардык жерге тараган. Көл, кээде деңиз жээгинде жашайт. Айрымдары жакшы сүзөт. СССРде 21 уруусунун 70ке жакын түрү кезигет. Детрит м-н азыктанып, сууну тазалоого жардам берет, жырткычтары да бар.

**НАЙЗА ТУМШУКТАР (верете́нники)** — маарактар тукумундагы чулдуктар уруусу. Уз. 40 *см*ге чейин. Тумшугу ж-а шыйрагы узун. Сормо саздарда жашайт. Төрт түрүнүн экөө — Түн. Америкада, экөө (кидик найза тумшук, чоң найза тумшук) Евразияда (а. и. СССРде) кезигет.

**НАКТА БАКАЛАР (настоя́щие лягу́шки)** — куйруксуз амфибиялар түркүмүндөгү бакалар тукумчасы. Уз. 3 *см*ден 32 *см*ге, салм. 3,5 *кг*га жетет. Үстүңкү жаагы тиштүү, арткы буту узун, жоон, секирүүгө, суудa сүзүүгө ылайыкталган. Башы жалпак, көздөрү тосток. Жети уруусунун 200дөн ашык түрү Түш. Америка ж-а Түш. Австралиядан башка жерлердин баарына тараган. СССРде накта бакалар уруусунун 10 түрү кезигет. Түн. Америкадагы темгил бака ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**НАКТА БУГУЛАР (оле́ни настоя́щие)** — бугулар тукумундагы жаныбарлар тукумчасы. Дене уз. 100—270 *см*, бийикт. 60—165 *см*, салм. 40—340 *кг*. Төрт уруусу (багыштар, кадимки бугулар, узун куйрук бугулар, эликтер), 12—13 түрү Евразияга, Түн. Африкага тараган. Алардын 2 түрү, 15 түрчөсү ТКЭСтин, 2 түрчөсү СССРдин Кызыл китебине катталган. Кыргызстандын аймагында кадимки бугу кезигет. Аңчылыкка тыюу салынган, Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине катталган.

**НАКТА ДИКДИКТЕР (дикти́ки настоя́щие)** — майда антилопалар уруусу. Бийикт. 30—35 *см*, салм. 3—5 *кг*. Буларга тоо дик-

диги, күрөң өөк дикдик, кидик дикдик ж. б. кирет. Африкада өзөн жээгиндеги токойлордо, бадалдуу жерлерде жашайт.

**НАКТА ДУУЛДАКТАР (жу́желицы настоя́щие)** — дуулдактар тукумундагы коңуздар уруусу. Уз. 40—50 *мм*, кара же жылтырак күрөң түстө. Соргок жырткыч. Зыяндуу курт-кумурска, үлүлдөрдү ж. б. у. с. жеп пайда келтирет. Көпчүлүгү Карпатта, Кавказда, О. Азиянын тоолорунда жашайт.

**НАКТА ЖЕЙРЕНДЕР (газе́ли настоя́щие)** — көңдөй мүйүздүүлөр тукумундагы жейрендер уруусу. Дене уз. 85—170 *см*. бийикт. 50—110 *см*, салм. 18—33 *кг*. Он эки түрү Африка ж-а Түш. Азиянын таштуу, чөлдүү жерлеринде кезигет. СССРде 1 түрү (кадимки жейрен) Кавказда, О. Азияда жашайт. СССРдин Кызыл китебине катталган.

**НАКТА САРЫ ААРЫ (о́сы настоя́щие)** — жыйрылма канат сары аарылар тукуму. Чогулуп ийинде жашайт. Уз. 40 *мм*ге жетет. Личинкасын курт-кумурска малагын майдалап азыктандырат. Уюгу татаал болот. Мелүүн алкактагы сары аарынын уюгунда, демейде жумуртка туучу бир ургаачысы болот. Тропиктеги 1000-дей түрүнүн уюгу ар түрдүү формада болуп, бир нече жылга чейин сакталып, анда бир нече ургаачысы ж-а 3 миңдей жумушчу жашайт.

**НАКТА СОМ (лосо́сь благоро́дный, сёмга)** — сом сымалдар тукумундагы эң баалуу, кемирчектүү өрдөмө балык. Уз. 1,5 *м*ге, салм. 39 *кг*га жетет. Түрпүсү майда, жалтырак. Атлантика океанынын түндүгүн, Түн. Муз океандын түш.-батышын мекендейт. СССРде Баренц, Ак ж-а Балтика деңиздеринде кезигет. Омурткасыздар, майда балыктар ж-а рак сымалдар м-н азыктанат. Промыселдик балык.

**НАЛИМДЕР (нали́мы)** — трескалар тукумундагы балыктар тукумчасы. Дене уз. 50 *см*ден 1,8 *м*ге, салм. 1,5—32 *кг*га чейин жетет. Он уруусунун 30 түрү бар. Алар Түн. ж-а Түш. жарым шардын мелүүн сууларында кезигет. СССРде 4 уруусунун бир нече түрү жашайт. Өкүлдөрү: бака баштар, беш муруттуулар, накта налимдер, менёктор, деңиз чортондору, бразилия налими, кадимки налим ж. б. Жырткыч. Промысел объектиси. Кээ бир түрү (кадимки налим) жайында чээнге кирет.

**НАНДУ СЫМАЛДАР (нандуобра́зные, америка́нские страу́сы)** — жалпак төш куштардын түркүмү. Буту 3 манжалуу, канаты болгону м-н уча албайт, жүнү бириндеп көпшөк. Бийикт. 170 *см*, салм. 25 *кг*га чейин жетет. Жакшы чуркап ж-а сүзөт. Чөп, майда омурткасыздар м-н азыктанат. Жалгыз тукумунун 2 түрү (кадимки нанду, узун тумшук нанду) Түш. Америкада тараган. Полигамдар. Булардын саны азаюуда. Бир түрчөсү (дарвин нандусу) ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**НАУТИЛУСТАР (наути́лусы, кора́блики)** — баш буттуу моллюскалардын наутилоидеалар классчасынын уруусу. Үлүл кабыгынын (раковинасынын) диаметри 15—23 *см*, салм. 1,8 *кг*дай. Алардын 3—6 уруусу Инди ж-а Тынч океандарында жашайт. Өлгөн же алсыз жаныбарлар (балык, рак сымалдар) м-н азыктанат. Желет. Раковинасынын седеби көрктүү жасалгалар жасоодо пайдаланылат.

**НАШТАР БАЛЫК СЫМАЛДАР (хиру́рги — ры́бы)** — мекире сымалдар түркүмүндөгү наштар бычакка окшогон балыктар тукуму. Денеси капталынан өтө кысыңкы. Уз. 15—60 *см*. Куйругунун

капталында бир, эки сайгычы болот, ал тери бүктөөсүндө жашыруун жатат, керек учурда сайып, коргоо кызматын аткарат. Тогуз уруусунун 300дөй түрү Тынч ж-а Инди океандарына тараган. СССР сууларында кезикпейт. Наштар балыктардын эти желет, бирок анча бааланбайт. Кээ бири уулуу.

**НАШТАР СЫМАКТАР (ланцéтники)** — хордалуу жаныбарлардын баш сөөксүздөр классынын уруусу. Тулкунун уз. 8 *см*ге чейин жетет. Денеси тунук, наштар бычакка окшош. Хордасы денесинин алдыңкы бөлүгүнө чейин жетет. Жети түрү жылуу ж-а мелүүн деңиздердин тайыз жерлеринде жашайт. Планктон м-н азыктанат. Европа наштар сымагы ж. б. көп кезигет.

**НЕЙСТÓН (нейстóн)** — суунун эң үстүңкү бетинде калкып жүрүүчү организмдердин жалпы аты.

**НЕКРОФÁГИЯ (некрофáгия)** — тарп м-н азыктанып жашоо.

**НЕКТÓН (нектóн)** — суунун ичинде, ар кандай катмарында сүзүп жүрүүчү организмдердин жалпы аты.

**НЕМАТОДАЛАР,** жумуру курттар **(немат́оды, сóбственно крýглые чéрви)** — адепки көңдөйлүү курттардын классы. Денеси сегменттелбеген, жип, челек сымал. Уз. 0,05 *мм*ге, кээде 50 *мм*ге чейин, мителери 8,4 *м*ге чейин жетет. Эркин жашоочулары бактерия, балыр, детрит м-н азыктанат, жырткычтары да бар. Көпчүлүгү жаныбар, козу карын ж-а өсүмдүк мителери. Эки классчасы (аденофореалар, сецерненттер), 20 миңге жакын түрү бардык жерлерге тараган.

**НЕМАТОЛÓЗА (нематолóза)** — айна көздөр тукумундагы, жемсөөлүү айна көздөр тукумчасындагы балыктар уруусу. Уз. 10—20 *см*. Майдалары Инди ж-а Тынч океандарынын Түш. Азия жээктерине жакын тайыз, жылуу сууларында жашайт. Кармалуучу өкүлдөрү: араб нематолозасы, австралия нематолозасы, тумшуктуу нематолоза ж. б.

**НЕМЕРТИНДЕР (немертúны)** — жөнөкөй түзүлүштүү курттар тибинин типчеси. Денеси курт сымал, уз. 0,5—30 *мм*, ар кандай түстө, кээси чаар. Денесинин алдында тумшугу ж-а ооз тешиги, артында арткы тешиги жайгашкан. Айрым жыныстуу. Бир классынын 1000ге жакын түрү деңиз түбүндө, тузсуз сууда, айрымдары кургакта жашайт. СССРде 100дөн ашык түрү кезигет. Моллюскалар, крабдар, деңиз жылдызына мителик кылгандары да бар.

**НЕОНДОР (неóны)** — харацин түспөл балыктар түркүмчөсүндөгү уруулар тобу. Уз. 4—5 *см*, жылтылдаган ар түстөгү балыктар. Түш. Американын жылуу өзөндөрүндө кезигет. Жашыл неон, кара неон, көгүш неон, кызыл неон көбүрөөк учурайт. Кооз болгондуктан аквариумда багылат.

**НЕОПИЛИНДЕР (неопилúны)** — моноплакофоралар классындагы моллюскалардын уруусу. Раковинасынын (кабыгынын) бийикт. 40 *мм*ге жетет. Үч (5) түрү Тынч, Инди ж-а Атлантика океандарынын тереңинде жашайт. Детритофагдар. СССР сууларында кезикпейт.

**НЕОСКОПЕЛ СЫМАЛДАР (неоскопéловые)** — миктоф түспөлдөр түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 20 *см*дей. Үч уруусунун 7—8 түрү Инди, Тынч ж-а Атлантика океандарынын жылуу, мелүүн сууларынын тереңинде жашайт.

**НЕОСТЕТ СЫМАЛДАР (неостéтовые)** — атерина сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 3—4 *см*ден ашпайт. Инди-

Кытай жарым аралынын ж-а Филиппин аралдарынын өзөндөрүндө кезигет.

**НЕРЕИДДЕР (нереи́ды)** — көп түктүү муунак курттардын тукуму. Уз. 4—90 *см*. Отуз беш уруусу, 450дөй түрү бардык деңизде, көбүнчө жылуу сууларда тараган. СССРде 30га жакын түрү учурайт. Кээ бири жылуу аймактын токой чириндилеринде жашайт. Нереис уруусунун кээ бир түрлөрү балык тоютуна кошуу үчүн колдо өстүрүлөт.

**НЕРИТИДДЕР (нерити́ды)**— байыркы курсак буттуулар түркүмүндөгү моллюскалар тукуму. Анча чоң эмес, деңиз ж-а агын сууларда жашайт. Кээ бири суудан кургакка чыгып, көпкө дейре жата берет. Арал, Каспий, Кара деңиздердин алабындагы өзөндөрдө кезигет.

**НЕСТОРЛОР (не́сторы)** — тоту сымалдар түркүмүндөгү тукумча. Тумшугу башка тотулардыкынан узунураак, бир аз ийилген. Уз. 5 смге чейин жетет. Түсү жашыл ала, кооз. Эки түрү (кеа ж-а кака) Жаңы Зеландия аралдарында кезигет. Кеа койдун жонуна конуп, кыртыш майын чокулап, өлтүргөн учурлар белгилүү. Ошондуктан аларды кырып жиберип, саны азайып кеткен, коргоого алынган.

**НЕФТИДДЕР (нефти́ды)** — шуру полиптеринин тукуму. Сары, кызыл түстөгү кооз шурулар алынат. Тынч ж-а Атлантика океандарынын түн. жарымында кезигет.

**НИЛЬГАУ (нильга́у)** — бурама мүйүз бөкөндөр тукумчасындагы сүт эмүүчү айбан. Бийикт. 150 *см*, салм. 200 *кг*га жетет. Эркеги мүйүздүү, ургаачысы токол. Эркеги көгүш сур, ургаачысы кызыл сур түстө. Түш. Азияда жашайт. Индстан жарым аралынын эндеми. Топтошуп жүрөт.

**НИМФАЛИДДЕР (нимфали́ды)** — күндүзгү көпөлөктөрдүн тукуму. Канаттарын жайганда 25—180 *мм*ге чейин жетет. Үстү кооз, асты жашыруучу түстө. Алдыңкы буттары начар өрчүгөн. Эки миңдей түрү тропикте тараган. СССРде 130дан ашык түрү кезигет. Дойбулар, каллималар, седеп калдыркандар ж. б. урууларына кирген адмирал, кооз калдыркан, тул калдыркан ж. б. түрлөрү көбүрөөк учурайт. Жакшы учат, айрымдары миграция кылышат. Булардын 13 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**НОТОБРАНХТАР (нотобра́нхи)**— каңылтыр тиштүүлөр тукумундагы балыктар уруусу. Африканын ысыкта соолуп калуучу сууларында жашайт.

**НОТОЗАВРЛАР (нотоза́вры)** — сойлоочулардын тукум курут болгон түркүмү. Уз. 1—3,5 *м*ге жеткен. Балык м-н азыктанат. Төрт тукумунун 20дай уруусу, 40—50 түрү болгон.

**НОТОТЕНИЯ СЫМАЛДАР (нототе́ниевые)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 2 *м*ге жетет, демейде 50—60 *см*. Он беш уруусу, 50дөн ашык түрү Түш. уюл тегерегиндеги сууларда, о. эле Түш. Американын түштүгүндө жашайт. Көбү промысел объектиси.

**НОТОУНГЛЯТТАР (нотоунгля́ты)** — туяктуу айбандардын тукуму курут болгон түркүмү. Чоңдугу коёндон керикке чейин жеткен.

**НОТРОПИСТЕР (нотропи́сы)** — каңылтырлар тукумундагы балыктар уруусу. Уз. 10 *см*ден ашпаган майда балыктар. Түн. Американын өзөндөрүндө жашайт.

# О

**ОВУЛЯ́ЦИЯ (овуля́ция)** — сүт эмүүчү айбандын энелик безинен энелик клетканын жетилип сыртка чыгышы.
**ОЙМОК ООЗДОР (круглоро́тые)** — жааксыздардын азыркы учурдагы жалгыз классы. Денеси жылан балыктардыкындай жумуру, териси жылма, оозу оймоктой (аты ошондон), шакек кемирчектүү. Жырткычтар же балыктарга жабышып жашоочу мителер. Эки түркүмү (миногалар ж-а миксиналар) белгилүү.
**ОЙНООК МАЙМЫЛДАР (игру́нковые обезья́ны, ко́гтистые обезья́ны)** — дердең маймылдар тукуму. Дене уз. 16—25 *см*, денеси жыш, узун жүндүү. Мээ кыртышында бырыштары жок. Куйругу денесинен узун. Айрымдарынын муруту, мантиясы, кулагынын тегерегинде, куйругунда саксайган жүнү бар. Чоң бармагынан башка бармактары курч тырмактуу. Беш уруусу (арстан сымал ойноок маймылдар, кидик ойноок маймылдар, накта ойноок маймылдар ж. б.), 35 түрү Борб. ж-а Түш. Америкага тараган. Күндүз тиричилик кылат. Үйүрү м-н жүрүшөт. Жемиш, чөп ж-а майда жандыктарды жейт. Жети түрү, 2 түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.
**ОКА́ПИ (ока́пи)** — жирафтар тукумундагы сүт эмүүчү жаныбар. Дене уз. 2 *м*ге жакын, салм. 250 *кг*га жетет. Эркегинин 2 кичине мүйүзү болот. Жылыга чыгып, түшүп турат. Кулагы далдагай, моюну жирафтыкынан кыска, тили өтө узун. Түсү күрөң, шыйрактары таргыл ала. Африканын нымдуу токойлорунда жашайт. Жалгыздап жүрөт, жалбырак жейт.
**ОКЕАНА́РИУМ (океана́риум)** — деңизде, океанда жашоочу айбандарды, жандыктарды багуу үчүн деңиз суусун толтурган көлмө, бассейн.
**ОЛИГОДОНДОР (олигодо́ны)** — накта суу жыландар тукумчасындагы уруу. Уз. 60 *см*. Алардын 70тей түрү Түш. ж-а Түш.-Чыгыш Азияга тараган. 1 түрү (кубулма олигодон) Түркмөнстанда кезигет.
**ОЛИГОСАПРОБДОР (олигосапро́бы)** — органикалык заттары аз сууларда жакшы жашай алуучу организмдер. Аларга дрейссен моллюскалары, тармактуу рак сымалдар, ийнелик личинкасы, жилингир, тритон ж. б. кирет.
**ОЛИГОФАГИЯ (олигофаги́я)** — айбандардын, жандыктардын жем, тоюттун азыраак түрү м-н гана азыктанышы. Олигофагия көп муунак буттуулар, моллюска, куштарга (курт-кумурска жечүлөр, дан жечүлөр ж. б.), сүт эмүүчүлөргө (чөп жечүлөр, мөмө жечүлөр) тиешелүү.
**ОМАРЛАР (ома́ры)** — он буттуу рактар тукуму. Уз. 65 *см*, салм. 15 *кг*га жетет, ири. Сыртынан өзөн рактарына окшош. Алдыңкы эки бутунда чоң, кийинки эки бутунда кичирээк кыпчуурлары бар. Курсагы узун, куйрук желпүүрү м-н бүтөт. Отуз алты түрү жылуу ж-а мелүүн деңиздерде жашайт. Омурткасыз жандыктар м-н азыктанат. Америка омары, европа омары ж-а норвегия омары көбүрөөк таралган.
**О́МУЛЬ (о́муль)** — май канаттар тукумундагы өрдөмө балык. Уз. 64 *см*ге, салм. 3 *кг*га жетет. Түн. Муз океанынын алаптарын-

да, Байкалда кезигет. Печорадан чыгышты карай Түн. Канадага чейинки өзөндөргө уругун таштоо үчүн өрдөйт. Эндем түрчөсүнүн (байкал омулу) 3 расасы бар. Пелагиялык ракчалар, майда балыктар ж. б. м-н азыктанат. Промыселдик балык ж-а көбөйтүү объектиси.

**ОМУРОО БУТТУУЛАР (плеченóгие, брахиопóды)** — тинтүүрдүүлөр тибиндеги омурткасыз жандыктар классы. Уз. бир нече *мм*ден 8 *см*ге чейин жетет. Денеси кош капкалуу үлүл кабыктын ичинде, кабыктын ооз жагында тинтүүрлөрү чыгып турат. Деңиздин түбүндө, бир нерселерге жабышып жашайт. Алардын 280 түрү белгилүү.

**ОМУРТКАЛУУЛАР (позвонóчные, черепны́е)** — хордалуулар тибиндеги жаныбарлар типчеси. Алардын алгачкы түркүк скелети — хордасы эволюция процессинде омуртка тутумуна (кемирчектен же сөөк омурткалардан турган) айланып (аты ошондон), натыйжада булчуңдарга ж-а суу агымына туруштук берүүчү ийкемдүү, бирок катуу түркүк пайда болгон. Бул кыймыл аракеттин үзгүлтүксүз болушу үчүн кан тамырлар, дем алуу, бөлүп чыгаруу, тамак сиңирүү, сезүү органдары, гормондорду пайда кылуу ж-а бардык бөлүгүн тейлей турган нерв системасы кыйла өөрчүп, татаалданды. Булардын өөрчүшү өзгөчө суудан кургакка чыкканда чоң мааниге ээ болду. Омурткалуулардын боору түрдүү кызмат аткарат. Булчуңдуу жүрөгү карынчадан, жүрөк дүлөйүнөн ж-а вена синусу м-н артерия конусунан турат. Кан жүрүү системасы туюк. Сууда жашоочулары бакалоору, кургактагылары өпкөсү м-н дем алат. Мээси татаал түзүлүштө. Жөнөкөй омурткалууларга оймок ооздуулар, балыктар, жерде-сууда жашоочулар, татаал түзүлүштүүлөргө сойлоочулар, куштар ж-а сүт эмүүчүлөр кирет. Омурткалуулардын 7 классы, 40—45 миң түрү белгилүү. Көпчүлүгү үй жаныбарлары ж-а промыселдик мааниси бар. Зыяндуулары да кезигет.

**ОМУРТКАСЫЗДАР (беспозвонóчные)** — омуртка тутуму жок, көп клеткалуу жаныбарлар тобу. Омурткасыз жаныбарларга былпылдактар, ичеги көңдөйлүүлөр, ийне терилүүлөр ж. б. кирет. Бир же эки миңдей түрү бар.

**ОНДÁТРА (ондáтра)** — момолойлор тукумчасындагы сүт эмүүчү жаныбар. Уруудагы жалгыз түр. Дене уз. 35 *см*, куйругу 28 *см*, жалпак, салм. 1,5 *кг*га жетет. Жүнү калың, жылтылдак, суу жукпайт, кара күрөң түстө. Суу жээгинде ж-а сууда жашайт. Арткы бутунда толук эмес жаргагы бар. Мекени — Түн. Америка. Европа, Азияда, о эле, СССРде байырлаштырылган. Промыселдик мааниси бар, атайын чарбалар уюштурулган. Туляремия, паратиф ооруларынын козгогучтарын жугузушу мүмкүн.

**ОНИХОФОРАЛАР (онихофóры)** — омурткасыз жандыктар тиби. Денеси эжеке бээ сааныкына окшош, сегменттелген (13—43 сегмент), уз. 15 *см*ге жетет. Ар сегментинде экиден жалган буттары бар. Кан жүрүү системасы ачык. Бир классы (онихофора), 70 түрү бар. Түш жарым шардын тропик ж-а мелүүн алкактарындагы токойлордо чиринди арасында жашайт.

**ОНФÁУНА (онфáуна)** — деңиздин түбүндө жашоочу жаныбарлар тобу. Аларга краб, креветка, деңиз таракчалары ж. б. кирет.

**ОНЦИДИИДДЕР (онцидии́ды)** — тинтүүр көздүү моллюскалар түркүмүндөгү үлүлдөр тукуму. Булардын кабыгы жок. Кээ

бир түрлөрү кургакта да, сууда да жашай алат. Жер шарынын жылуу аймактарына тараган.

**ОНЦИЛЛА** **(онци́лла)** — Борб. ж-а Түш. Америка токоюнда жашоочу жапайы мышык. Чоңдугу бакма мышыктай. Даракта жашайт. Чымчык, чычкан, бака, кескелдирик ж. б. майда жандыктар м-н азыктанат. Кечинде, күүгүмдө тиричилик кылат.

**ООГА́МИЯ (ooга́мия)** — уруктанууда формасы, чоңдугу ж-а кыймыл аракети кескин айырмаланган гаметалар (энелик клетка ж-а сперматозоид) биригип зигота пайда кылуу м-н жүргөн жыныс процессинин тиби. Ал көп клеткалуу жаныбарларга тиешелүү.

**ООТЕ́КА (оотéка)** — омурткасыз жандыктардын баштыкчасы. Баштыкчада жумурткалар жатып, андан личинкалар өсүп чыккандан кийин баштыкча жарылат.

**ОПАЛИНАЛАР (опали́ны)** — чыбырткычандар типчесиндеги жөнөкөй жандыктар классы. Дене түзүлүшү жалбырак сымал, түктүү, көп ядролуу, чоңдугу 1 *мм*дей. Ооз тешиги жок, бүт денеси м-н азыктанат. 100дөн ашык түрү белгилүү. Амфибиялардын, айрым балык ж-а сойлоочулардын ичегисинде жашоочу мите. Бардык жерде кезигет.

**ОРАНГУТАНДАР (орангута́ны)** — понгиддер тукумундагы киши сымал маймылдар уруусу. Эркегинин бою 1,5 *м*, салм. 200 *кг*га жетет, ургаачылары кичирээк. Денеси москоол, буттары кыска, колдору узун, кызыл ашыгына чейин жетет. Чачы узун, сакал муруту бар, бетинде түгү жок, мурду быйпык, кулагы чунак. Жалгыз түрү (кадимки орангутан) белгилүү. Суматра, Калимантан аралдарынын саздуу тропик токойлорунда кезигип, дарактарда жашайт. Жерге чанда түшөт. Жалгыздап жүрөт. Жемиш, куштардын балапандарын, жумурткаларын жейт. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**О́РИКС (о́рикс, сернобы́к)** — көңдөй мүйүздүүлөр тукумундагы жаныбар. Дене уз. 160—235 *см*, өркөчүнөн бийикт. 90—140 *см*, салм. 100—120 *кг*га жетет. Эркегинде да, ургаачысында да кылычтай кайкалаган узун (60—120 *см*), жалпак мүйүзү бар. Экиден же тобу м-н жүрөт. Алдыңкы Азияда мурун болгон, азыр жок. Африка талааларында, кумдуу, таштуу чөлдөрдө жашайт. Ак орикс, кадимки же кап ориксі, кылыч мүйүз бөкөн ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ОРНИТОЗУХТАР (орнитозу́хи)** — тукум курут болгон сойлоочулар уруусу. Уз. 1 *м*ге жеткен, жонунда узунунан кеткен эки катар какачтары болгон. Арткы буттары м-н басышкан, колдору кыска ж-а ичке, жырткыч жаныбар болгон.

**ОРНИТОЛО́ГИЯ (орнитоло́гия)** — зоологиянын куштарды изилдөөчү бөлүмү.

**ОРНИТОПОДДОР**, куш аяктар **(орнитопо́ды, птицено́гие диноза́вры)** — тукум курут болгон кушчат динозаврлар түркүмүндөгү жаныбарлар түркүмчөсү. Чоңдугу 1—15 *м* болгон. Көпчүлүгү сууда же жээкте жашап, чөп жешкен. Эки тукуму, 60тай уруусу болгон. Аларга заурολофтор, игуанодонттор, пситтакозаврлар кирген.

**ОРТОНЕКТИДАЛАР (ортонектиды)** — мезозоалар тибиндеги майда жандыктар. Чоңдугу 0,25 *мм*ге жетет. Деңизде жашоочу омурткасыз жандыктардан (турбеллиярия, немертин, моллюска ж. б.). мителери. Көбүнчө айрым жыныстуу. Ээсинин денесинен чыгып, сууда көбөйүшөт. Жыйырмадай түрү белгилүү.

**ОРЦЕЛЛАЛАР (орцéллы)** — дельфиндер тукумундагы жаныбарлар уруусу. Жалгыз гана түрү (иравади дельфини) белгилүү. Бирмадагы Иравади өзүнүндө жашайт. Уз. 2,2 *м*ге жетет, башы тоголок, түсү көгүш боз. Түш.-Чыгыш Азия сууларында жээкке жакын жашайт, өзөнгө да кирет. Топтошуп жүрүшөт.
**ОСТЕОЦИТТЕР (остеоцúты)** — омурткалуу айбандардын, жандыктардын сөөк ткандарын түзүүчү клеткалар.
**ОТУН ЖАРГЫЧТАР**, к. *Мурутчан коңуздар* макаласын.
**ОФИАКАНТИДДЕР (офиакантúды)**— жылан куйруктар классында жаныбарлар тукуму. Булардын диаметри 12 *мм*, жыландын куйругуна окшоп соймондогон узун тинтүүрлөрү бар. Деңиздин тереңинде (10 *м*ден 4500 *м*ге чейин) жашайт.
**ОЮК БАШ ЖЫЛАНДАР (ямкоголóвые)** — уулуу жыландар тукуму. Уз. 3,6 *м*ге жетет. Башынын эки капталында мурду м-н көзүнүн ортосунда 2 чуңкуру бар (аты ошондон). Ал жылуулук сезүүчү оюгунун жардамы м-н алыста турган жылуу кандуу жаныбарларды сезет. Айрымдарынын куйругунун учунда урунганда шалдыроочу катуу түрпүлөрү болот (чырылдак жылан). Булардын 6 уруусу, 120 түрү бар. Түн. ж-а Түш. Америкада, Азияда кезигет.

# Ө

**ӨЗӨН ДЕЛЬФИНДЕРИ (речны́е дельфúны)** — тиштүү киттер тукуму. Чоңдугу 1,5—3 *м*, салм. 225 *кг*га жетет. Тумшугу учтуу, сейрек түктөрү бар. Көкүрөк сүзгүчү кыска, жазы, жон сүзгүчү үч бурч таажыдай. Өтө көп (104—242) тиши бар. Угуусу, үн локатору жакшы өөрчүгөн, көзү начар көрөт.
**ӨКҮРЧӨК МАЙМЫЛДАР (ревуны́)** — чалма куйрук маймылдар уруусу. Дене уз. 70 *см*ге жетет, куйругу тулкунан узун. Эркеги ургаачысынан чоң. Денеси чымыр. Бети м-н кулагында жүнү жок. Кекиртек баштыкчасы жакшы өөрчүп, катуу өкүрөт, үнү бир нече чакырымга угулат (аты ошондон). Беш түрү (кара өкүрчөк, күрөң өкүрчөк, үксүйгөн өкүрчөк ж. б.) Борб. ж-а Түш. Американын нымдуу, тоолуу токойлорунда, өзөн жээктеринде кезигет. Чөп жешет, топ тобу м-н дарактардын башында жашайт. Эки түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.
**ӨЛҮКЧҮЛДӨР (мертвоéды)** — ылгабай азыктануучу коңуздар тукуму. Уз. 6—40 *мм*. Мурутунун учунда чокмору бар. Личинкасы жалпак, эшек куртка окшош. Кара, 4 чекиттүү, сары, кызыл түстө. 1500дөй түрү бар. Бардык жерде кезигет, өзгөчө мелүүн алкактарда көп. СССРде 80ге жакын түрү учурайт. Көпчүлүгү (кара өлүкчүл ж-а көркоолор) тарп жейт. Кыкчыл ж-а жырткычтары да бар. Айрымдары зыянкеч курт-кумурскаларды жеп пайда келтирет. Арасында кызылча, дан зыянкечтери да бар.
**ӨӨДӨКӨЧТӨР (бóжьи корóвки, кокцинеллúды)** — ылгабай азыктануучу коңуздар түркүмчөсүндөгү жандыктар тукуму. Уз. 2—18 *мм*. Денеси дөмпөк, тегерек же сүйрү. Ачык саргыч, кызгылтым түстөгүлөрүнүн жонунда кара тактары, каралжын түстөгүлөрүнүн жонунда ак тактары бар. Булардын 4 миңдей түрү бүт жер бетине тараган. Анын ичинен жети тактуу өөдөкөч-

төр көп кездешет. СССРде 200дөн ашык түрү кезигет. Көпчүлүгүнүн коңузу да, личинкасы да жырткыч; желелүү кене ж. б. өсүмдүк зыянкечтерин жейт. Айрымдары (родолия, криптолемус) цитрус өсүмдүктөрүн, токойлорду биологиялык жол м-н коргоодо колдонулат. Чөп жечү түрлөрү (бакча өөдөкчтөрү, 28 тактуу өөдөкөчтөр) бакча өсүмдүктөрү м-н картошкага зыян келтирет.

**ӨӨРЧҮҮ (разви́тие)** — жеке организмдин же жалпы эле тирүү организмдер тобунун пайда болгондон баштап тиричилигинин акырына чейин ж-а Жердеги тиричиликтин бардык жашоо мөөнөтүндөгү сандык, сапаттык өзгөрүүлөргө тыгыз байланышкан процесс. Мунун кыйла түрү белгилүү, мис., кубулуп өөрчүү; мында жумуртка (урук) көнөк башка (личинкага), ал бакага айланат ж. б.

**ӨПКӨЛҮҮ МОЛЛЮСКАЛАР (лёгочные моллю́ски)** — курсак буттуу моллюскалар классчасы. Кабыгынын бийикт. 0,6—210 *мм.* Мантия көңдөйү өпкөгө айланган. Булардын 2 чоң түркүмү (боолуу көздүүлөр, кыймылсыз көздүүлөр), 100дөй тукуму, 30 миңден ашык түрү бүт жерде тараган. СССРдин бардык аймагында кезигет. Кургакта, сууда, деңизде да жашоочу түрлөрү бар. Чөп жешет, кээ бирлери жырткыч. Көп түрлөрү балыктарга жем.

**ӨРДӨКТӨР (ути́ные)** — каз сымалдар түркүмүндөгү суучул куштар тукуму. Уз. 29—150 *см.* Тумшугу жалпак, айрымдарынын тумшугунун кырлары идиректүү. Жүнү калың, жумшак, суу жукпайт. Буттары жаргактуу. Суода жакшы чумкуйт. Учпагандары да бар. Булардын 47 уруусу, 150дөн ашык түрү бардык жерге тараган. СССРде 50 түрү уялайт, 8 түрү учуп өтөт. Кыргызстанда Ысык-Көлдө 10 түрү уялайт. Моногамдар. Эти, жүнү үчүн кармалат. Саны кескин азаюуда. Он эки түрү, 3 түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ӨРДӨК ТУМШУК (утконо́с)** — жалгыз тешиктүүлөр түркүмүнүн өрдөк тумшуктар тукумундагы желиндүү (сүт эмүүчү) жаныбар. Тукумдун жалгыз түрү. Австралия ж-а Тасмания аралдарында кезигет. Дене уз. 30—45 *см,* куйругу 10—15 *см,* жалпак, жазы. Тумшугу өрдөктүкүнө окшош, башы м-н туташ. Буту беш манжалуу. Жүнү коюу жумшак, жону күрөң, боору боз. Суу жээктеринде жашап, майда суу жандыктары м-н азыктанат. Жумуртка туюйт. Аңчылыкка тыюу салынган.

**ӨРДӨМӨ БАЛЫКТАР (проходны́е ры́бы)** — балыктардын деңизден ж-а көлдөн өзөнгө же өзөндөн деңизге, көлгө өрдөп урук чачуучу экологиялык тобу. Деңиздерден өзөндөргө өрдөөчүлөргө айна көз сымалдар ж. б.., өзөндөрдөн деңиздерге өрдөөчүлөргө жылан балык, букачарлар ж. б. кирет.

**ӨРМӨКЧҮЛӨР (тка́чиковые)** — сайрагыч таранчылар түркүмүндөгү чымчыктар тукуму. Булардын чоңдугу 7,6—30 *см;* куйругу өтө кыскалары ж-а узундары бар. Тумшугу конустай. Таранчыдай боз, айрымдары өтө эле ачык түстө (кызыл же көк) болот. Өрмөкчүлөрдүн 65тей уруусу, 263 түрү белгилүү. Европа, Азия, Африка ж-а Австралияга тараган. СССРде 5 уруусу, 12 түрү ачык ландшафттарда жашап, дарактарга, аскаларга ж. б. уялайт. Топтошуп жүрөт, урук, үрөн, курт-кумурска жейт. Айрымдары айдалган эгинге зыян келтирет. Төрт түрү, 1 түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

# П

**ПАВИАНДАР (павиа́ны, собакоголо́вые обезья́ны)** — мартышка сымалдар тукумундагы маймылдар уруусу. Дене уз. 100 *см*, куйругу 50—60 *см* келген чоң жаныбарлар. Эркеги ургаачысынан эки эсе чоң. Жүнү узун, катуу, көгүш, буурул же күрөң. Башы иттикиндей, таноосу чоң, тумшугунун учунда. Колубуту кыска. Алардын 5 түрү (анубис, бабуин, гамадрил ж. б.) бар. Африкада Сахара токойлорунда, саванналарда жашайт. Жерде, айрымдары дарактарда топтошуп, бир нече жүздөп жүрөт. Үн чыгаруу, жандоо, ымдоо аракеттери жакшы өөрчүгөн. Лабораториялык жаныбарлар.

**ПАГУ́МА (пагу́ма)** — виверралар тукумундагы жырткыч айбан. Дене уз. 1 *м*, салм. 5 *кг*га жетет. Түсү каралжын, кыл жүндүү. Түш. Азия токойлорунда жашайт.

**ПАКАЛАР (па́ки)** — агутилер тукумундагы кемирүүчү жаныбарлар уруусу. Дене уз. 60—80 *см*. Куйругу кыска, салм. 10 *кг*га жетет. Кыл жүндүү. Эки капталында узунунан кеткен 4 катар ак тактары бар. Алардын 2 (же 1) түрү Борб. ж-а Түш. Америка токойлоруна тараган. Өзөн ж-а көл жээктерине ийин казып жашайт. Жакшы сүзүп чумкуйт. Түнкүсүн тиричилик кылат. Эти үчүн аңчылык кылынат.

**ПАКАРАНА СЫМАЛДАР (пакарано́вые)** — кемирүүчүлөр түркүмүндөгү сүт эмүүчү (желиндүү) жаныбарлар тукуму. Тукумдун жалгыз түрү (пакарана) бар. Дене уз. 70 *см*, куйругу 20 *см*ге жетет. Жүндүү, түсү кара күрөң, капталдары билинер-билинбес ак таргыл. Түш. Американын Анды тоолорундагы күңгөй токойлорунда кезигет. Чөп жейт. Сейрек учурайт.

**ПАЛАМЕДЕЯЛАР (паламеде́евые, паламеде́и)** — каз сымалдар түркүмүндөгү куштар түркүмчөсү. Уз. 70—90 *см*, салм. 4 *кг*. Сырткы көрүнүшү чоң тоокторго окшош. Салаасында сүзгүч жаргагы жок. Башында үрпөгү же мүйүздөй өсүндүсү бар. Канаты бүктөлгөн жерде 2 текөөрү болот. Денеси бүт калың жүн (шыйрактарынан башка) м-н капталган. Алардын 2 уруусу (мүйүздүү паламедеялар ж-а үрпөк паламедеялар), 3 түрү белгилүү. Баарысы Түш. Америкада Уругвайдан Колумбияга чейин тарап, саздарда жашайт. Жакшы учат, басат, күлүк. Чөп жейт. Аңчылык кылынат.

**ПАЛЕОДИКТИОПТЕРЛЕР (палеодиктиопте́ры)** — тукуму курут болгон дөө ийнеликтер. Канаттарынын жазылыгы 90 *см*ге жеткен.

**ПАЛЕОЗООЛО́ГИЯ (палеозооло́гия)** — палеонтологиянын казылып алынган байыркы жаныбарларды изилдөөчү бөлүгү.

**ПАЛЕОНТОЛО́ГИЯ (палеонтоло́гия)** — байыркы геологиялык доорлордо жашаган ж-а тукум курут болгон жаныбарлар, өсүмдүктөр жөнүндөгү илим. Аларды казылып алынган калдыктар, ташта калган издер аркылуу изилдейт.

**ПАЛЬПИГРАДДАР (пальпигра́ды, кенени́и)** — жөргөмүш сымалдар классынын эң жөнөкөй түзүлүштүү жаныбарлар түркүмү. Айрым түзүлүш өзгөчөлүктөрү музоо башка окшош. Чоңдугу 0,5—2 *мм*. Денеси узун, баш-көкүрөк ж-а курсакка бөлүнөт. Хелицерасы үч бөлүктөн турат. Педипальптары бутка окшош,

жылып жүрүүгө жардам берет. Элүүдөй түрү тропик ж-а субтропик алкактарында таралган. Таштардын алдында жашашат.

**ПАМФАГИДАЛАР (памфаги́ды)** — жут чегиртке сымалдар тобундагы курт-кумурскалар тукуму. СССРде 50дөй түрү кезигет. Анча чоң эмес, боз чегирткелер. Канаттары жашыл, кээ биринин канаты жок. Такырдуу, чөлдүү жерде жашайт. О. Азия ж-а Казакстандын адыр ж-а талааларында сексетания ж-а тринхус уруулары көп кезигет. Кадимки жут чегирткелерге караганда анча зыяндуу эмес.

**ПАНГОЛИНДЕР (панголи́ны, я́щеры)** — чөптүү сүт эмүүчү айбандар түркүмү. Тулкунун уз. 30—88 *см*, куйругу 35—80 *см*. Жону, капталдары чордуу какачтар м-н түрпүлөнүп тизилип жабылган. Тумшугу узун, улам ичкерип конус формасында. Аяктары беш манжалуу, жоон, тырмактары учтуу. Тили курттай, уз. 25 *см*дей, тиши жок. Бул тукумдун 1 уруусунун 7 түрү Африка, Түш-Чыгыш Азияга тараган. Токойдо, бадал арасында, куурайлуу жерлерде кезигет. Түнкүсүн тиричилик кылат. Күндүз ийинде, коңулда жатат. Коркунучту сезгенде тоголок болуп калат. Ак боор панголин, боздоң панголини, дөө панголин ж. б. көп кезигет. Негизинен кумурскалар, термиттер м-н азыктанат. Айрым түрлөрү азаюуда.

**ПАРАЛИХТ СЫМАЛДАР (паралихтоподо́бные)** — калкан сымалдар тукумунун тукумчасы. Уз. 40—152 *см*ге жеткен жалпак балыктар. Паралихттер, калкан сымалдар, цитарихттер урууларынын 30дан ашык түрү белгилүү.

**ПАРАПЕРКОИДДЕР (параперко́идные)** — кылкандуу балыктардын чоң түркүмү. Мунун 2 түркүмү (перпокс сымалдар ж-а треска сымалдар), 4 түркүмчөсү (субагай куйрук сымалдар, паркет наардуулар, треска сымалдар, ошибен сымалдар), 13 тукуму бар. Деңизде жашайт.

**ПАРАПИТЕ́К (парапите́к)** — приматтардын казылып алынган бир түрү. Эң байыркы киши сымал маймыл болуп эсептелет.

**ПАРЕЙАЗАВРЛАР (парейаза́вры)** — котилозаврлар классчасындагы тукуму курут болгон сойлоочулар түркүмчөсү. Чоңдугу 1—3,5 *м*ге жеткен. Жону чопкут эбелектер м-н жабылган. Чөп м-н азыктанат. Алардын 2 тукумунун 15 уруусу болгон. Сөөктөрү Европа, Азия ж-а Африкада табылган.

**ПАРТЕНОГЕНЕ́З (партеногене́з)** — жыныссыз көбөйүүнүн бир түрү. Мында энелик клетка уруктанбай туруп эле өөрчүп, жаңы муундар пайда болот.

**ПАТУЛИДДЕР (патули́ды)** — кургакта жашоочу үлүлдөрдүн жержелим тобундагы тукуму.

**ПАУРОПОДДОР (пауропо́ды)** — көп аяктуулар классы. Уз. 2 *мм*ге жеткен майда жандыктар. Ача муруттуу. Денеси жумшак, териси м-н дем алат. Денеси 10 сегменттен туруп, 9 жуп аягы бар. Үч миң беш жүздөй түрү бар. Нымдуу, жылуу жерде кезигет. Майда кене ж-а өсүмдүк чириндилери м-н азыктанат.

**ПАУССУСТАР (пауссиды)** — коңуздар тукуму. Кумурсканын уюгунда жашайт. Мурут бездери чыгарган «зилди» кумурскалар жалашат. Ошондуктан булар кумурска «эмизүүчүлөр» деген атка конушкан. Алар жумурткасын кумурска личинкасына таштап, алар личинкаларды жеп чоңоёт. Пауссус же «кумурска уюу», түрк пауссусу көбүрөөк белгилүү.

**ПЕГАС СЫМАЛДАР (пегасообра́зные)** — кылкандуу балыктар түркүмү. Уз. 18—20 *см*. Денеси сөөктүү чопкут м-н жабылган. Бакалоор тешиги кичине. Көкүрөк сүзгүчү жазы, чоң, курсак сүзгүчү бар. Жалгыз тукумунун 5 түрү Тынч ж-а Инди океандарынын тропик алкагына тараган. Тайыз жерлерди, балыр арасын мекендейт.
**ПЕДИПАЛЬПАЛАР (педипа́льпы)** — жөргөмүш сымалдардын экинчи жуп буту. Жем кармоого, тийген нерсени сезүү кызматын аткарат.
**ПЕКАРИЛЕР (пека́риевые)** — ача туяктуу кепшебес желиндүү айбандар тукуму. Тулкунун уз. 100 *см*, салм. 30 *кг*га жетет. Сырткы түзүлүшү доңузга окшош, бирок шыйрактары узун, ичке. Денеси тараз. Түрдүү шартта жашайт. Өсүмдүк тамыры, мөмөсү ж-а чөп м-н азыктанат. Үйүр-үйүр болуп жүрүшөт. Эти, териси колдонулат. Эки уруусунун 3 түрү Америкага тараган. Ак ээк пекари, ак моюн пекари ж. б. өкүлдөрү бар. Бир түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.
**ПЕЛАГИЯЛАР (пела́гии)** — табак сымал медузалардын уруусу. Жалгыз түрү (пелагия) бар. Табакчасынын диаметри 65 *мм*ге жетет. Тропик ж-а субтропик сууларында кезигет. Жарык чыгарууга жөндөмдүү. СССР сууларында кезикпейт.
**ПЕЛАМИДАЛАР (пелами́ды)** — скумбриялар тукумундагы уруу. Уз. 80—100 *см*, салм. 7 *кг*га жетет. Бардык океандардын тропик ж-а субтропик алкактарына 4 түрү тараган. СССР сууларында 1 түрү (атлантика пеламидасы) учурайт. Промысел объектиси. Майда балыктар м-н азыктанат. Жырткычтар.
**ПЕЛИКОЗАВРЛАР (пеликоза́вры)** — синапсиддер классчасынын тукуму курут болгон сойлоочулар түркүмү. Чоңдугу 20—30 *см*-ден 2—3 *м*ге чейин жеткен. Төрт түркүмчөсү болгон.
**ПЕЛОМЕДУЗАЛАР (пеломеду́зовые)** — ташбакалар тукуму. Кыска моюну бир жак капталына бүктөлүп, чопкутуна жыйрылат. Салм. 50 *кг*, чопкутунун уз. 80 *см*ге чейин. Үч уруу, 19 түрү Африка, Түн. Американын тузсуз сууларында жашайт. Омурткасыздар, майда балыктар, мөмөлөр м-н азыктанат. Эки түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.
**ПЕРИШТЕ БАЛЫКТАР (ры́бы-а́нгелы)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү кылкан тиш балыктар тобу. Уз. 60 *см*ге жетет. Жети уруусу белгилүү. Бардык океандардын жылуу сууларындагы шуру рифтеринде жашайт. Алардын боз периште балык, император периште балыгы ж. б. түрлөрү белгилүү.
**ПИГАТРИКСТЕР (пигатри́ксы)** — кындыгый маймылдар уруусу. Жалгыз түрү — немей пигатрикси. Инди-Кытай жарым аралы ж-а Хайнань аралынын токойлоруна тараган. Төшүнүн жүнү боз, кызыл таргыл, далысы, каруусу, колу кара, бут кетмени, шыйрагы кызгылтым, көкүлү кара, саамайы, сакалы буурул, кооз маймыл. Үйүрлөшүп жашап, жемин бөлүшүп жейт. Саны азаюуда. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.
**ПИКША (пи́кша)** — трескалар тукумундагы балык. Уруунун жалгыз түрү бар. Уз. 1 *м*ге, салм. 19 *кг*га жетет. Ээгинде муруттчасы бар. Атлантика океанынын түн. тарабындагы деңиздерде жашайт. СССРдин түн. деңиздеринде, суунун түбүнө жакын жерлерде үйүрү м-н жүрүшөт. Промысел объектиси. Бентофагдар, кээде балык ж-а анын уругу м-н азыктанат.
**ПИЛ КОҢУЗ (жук-слон)** — накта эбелек муруттуу коңуздар туку-

мундагы ири коңуз. Уз. 12 *см*, туурасы 5—6 *см*ге жетет. Түсү кара. Африканын тропик алкагында кезигет.

**ПИНГВИН СЫМАЛДАР (пингвинообра́зные)** — суучул куштар түркүмү. Уз. 40—120 *см*, салм. 3—42 *кг*га жетет. Жүнү калың, кыска, тыбыттуу. Денесинде такыр жери жок. Жону кара, төшү, боору ак. Канаттары калакка .айланган. Таманы жаргактуу, куйругу кыска. Тумшугу ичке, түз. Сууда жакшы сүзөт, кээ бири 200 *м*ге чейин тереңдикке чумкуйт. Жээкке секирип чыгат. Кургакта басып, кээде чуркап, карда курсагы м-н жылып жүрөт. Жалгыз тукумунун 6 уруусу, 15—17 түрү Антарктида, Африка, Австралия ж-а Түш. Америка жээктеринде тараган. Чогулуп уялайт, 1—3 жумуртка тууйт. Кээ биринин эркектери жумуртка басат, аны бутуна коюп, чатындагы (саңоорундагы) тыбыттуу териси м-н басып, 36—65 күндө жөжөсүн чыгарат. Адели пингвини, алтынчач пингвин, алкак көз пингвин, галапагос пингвини ж. б. өкүлдөрү белгилүү. Балык, башбуттуу моллюскалар, рак сымалдар м-н азыктанат. Саны азаюуда. Галапагос пингвини ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ПИНКТАДАЛАР (пинкта́ды)** — кош капкалуу деңиз моллюскалардын накта берметчендер тукумундагы уруусу. Кабыгынын уз. 30 *см*, салм. 10 *кг*га жетет. Булардын айрымдарынын капкагы м-н мантиясынын ортосунда бермет өсөт. Берметтин чоңдугу жашына ж-а моллюсканын түрүнө жараша таруудай, буурчактай, жүгөрүдөй, андан чоң болушу мүмкүн. Капкагынан седеп топчулар ж-а кыйла кооз буюмдар жасалат.

**ПИННАЛАР (пи́нны)** — кош капкалуу деңиз моллюскаларынын уруусу. Кабыгынын уз. 80—90 *см*, шынаага окшоп узун, жука. Седеп катмары жакшы өрчүгөн. Беш түрү океандардын тайыз сууларына тараган. Буларды жибектей, ичке, күрөң биссус буласын алуу үчүн кармашат. Андан жука, жалтырак кездеме токулат.

**ПИПАЛАР (пи́пы)** — тилсиздер түркүмчөсүндөгү куйруксуз амфибиялар тукумчасы. Уз. 20 *см*ге жетет. Ургаачысы эркегинен чоңураак. Бакага окшош, башы чоң, жалпак, тумшугу шуштугуй. Алдыңкы буту 4 манжалуу, жаргакчасыз, арткысы 5 манжалуу, жаргакчалуу. Алты түрү Түш. Американын тропигинде тараган. Сууда же жээкте жашайт.

**ПИРАНЬЯЛАР (пира́ньи, пира́ньевые)** — тузсуз сууда жашоочу харациналар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 25—60 *см*. Капталы кууш келип, денеси бийик. Жаактары чоң, тиштери курч. Суу дабышын, кандын жытын сезет. Үч уруусунун 15ке жакын түрү Түш. Американын өзөндөрүндө кезигет. Үйүрү м-н жүрөт. Жырткычтар. Кишиге да кол салат. Салм. 50 *кг* келген айбанды заматта (бир нече минутада) мүлжүп жиберет. Майда түрлөрү аквариумда багылат.

**ПИРОПЛАЗМИДАЛАР (пироплазми́ды)** — споровиктер классындагы жөнөкөйлөр түркүмү. Төрт тукуму, 170тей түрү бар. Омурткалуу айбандын, чанда кишинин эритроцитинде ж-а кан пайда кылуучу системанын башка клеткаларында мителик кылат. Малдын бабезиоз, пироплазмидоз деген ылаңдарын пайда кылат. Алардын козгогучтарын кенелер алып жүрөт.

**ПИТОНДОР (пито́ны)** — жалган буттуу жыландар тукумундагы тукумча. Уз. 1,5 *м*ден 10 *м*ге жетет. Чаар питондун салм. 100 *кг*га чейин жетет. Түсү бир өңчөй күрөң же чаар ала. Беш

уруусу, 27 түрү Чыгыш жарым шардын тропик ж-а субтропик алкактарына тараган. Көбүнчө токойдо кезигет, айрымдары даракка сойлоп чыгат. Сууда жакшы сүзүп, чумкушат. Кишиге кол салган учурлары белгилүү. Желиндүү айбандар, куштар, сойлоочулар м-н азыктанат. Белгилүү өкүлдөрү: аметисттей питон, жашыл питон, иероглифтүү питон ж. б. Эти, майы жегиликтүү. Терисинен кооз буюмдар жасалат. Ала питон ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ПИТТАЛАР** (**пи́ттовые**) — таранчы сымалдар түркүмүндөгү чымчыктар тукуму. Уз. 15—28 *см*. Денеси чымыр, буттары узун. Көк ала, сары ала, кызыл ала болуп кооз. Жыйырма үч түрү Азия, Африка ж-а Австралиянын тропигине тараган. Курт-кумурскаларды жейт. Бир түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ПЛАЗМОДИЯЛАР** (**плазмо́дии**) — гемоспоридиялар түркүмчөсүндөгү мите жөнөкөй жандыктар уруусу. Киши ж-а омурткалуу айбандардын безгек оорусун пайда кылат. Буларды безгек чиркейи алып жүрөт. Алтымыштай түрү белгилүү. Кишиге 4 түрү мителик кылат.

**ПЛАКОДЕРМАЛАР** (**плакоде́рмы**) — тукуму курут болгон балыктар классы. Уз. 6 *мге* жеткен. Башы ж-а тулкунун көөдөн жагы сөөктүү чопкут м-н капталган. Башы денеси м-н кыймылдуу бекиген. Балык, омурткасыз жандыктар м-н азыктанган. Деңизде, өзөндө, көлдө да жашаган. Эки классчасы болгон.

**ПЛАНАРИЯЛАР** (**плана́рии**) — түктүү курттар түркүмчөсү. Уз. бир нече *ммден* 60 *смге* чейин жетет. Оозу төш жагында, ичегиси үч ача.

**ПЛАНКТО́Н** (**планкто́н**) — суунун катмарында агым м-н кошо жылып жүрүүчү майда организмдер жыйындысы.

**ПЛАТАКС СЫМАЛДАР** (**плата́ксовые**) — алабуга сымалдар түркүмүндөгү деңиз балыктарынын тукуму. Уз. 40—90 *см*, эки капталы кууш, денеси бийик. Үч тукумчасынын кыйла уруусу ж-а түрү Инди ж-а Тынч океандардын жылуу алкактарында жээкке жакын жеринде жашайт.

**ПЛАТИКТЕНИДДЕР** (**платиктени́ды**) — жоноктор түркүмү. Уз. 10 *смден* ашпаган майда жандыктар. Суу түбүндө сүзөт, жөргөлөй алат. Элүүдөй түрү тропик деңиздеринде кезигет.

**ПЛЕЗИОЗАВРЛАР** (**плезиоза́вры**) — тукуму курут болгон завроптеригийлер түркүмүндөгү сойлоочулар түркүмчөсү. Жашоо мүнөзү калак буттуу желиндүү айбандарга бир аз окшош болгон. Уз. 1,5 *мден* 16 *мге* дейре жеткен. Үч чоң тукуму болгон. Суу жандыктары м-н азыктанып, жырткыч болгон.

**ПЛЕКТИДДЕР** (**плекти́ды**) — сецерненттер классчасындагы хромодориддерт түркүмүндөгү жумуру курттар тукуму. Булар жандыктардын биринчилеринен болуп кургакка чыгып, топуракта, чөп жеп жашай баштаган курттар.

**ПЛИОЗАВРЛАР** (**плиоза́вры**) — плезиозаврлар түркүмчөсүндөгү тукуму курут болгон сойлоочулардын чоң тукуму. Уз. 15 *мге* жеткен. Баш сөөгүнүн уз. 4 *м* болгон. Деңизде жакшы сүзгөн. Жырткыч болушкан. Беш тукумунун 20дан ашык уруусу болгон.

**ПОГОНОФОРАЛАР** (**погонофо́ры**) — омурткасыз жандыктар тиби. Денеси жиптей, уз. бир нече *смден* 1,5 *мге* жетип, узун хитин түтүктүн ичинде жатат. Ичи сегменттерге бөлүнгөн. Тамак

сиңирүү системасы жок, кан-тамыр системасы туюк. Тинтүүрлөрү м-н дем алат. Эки классы 150гө жакын түрү бар. Деңиз ж-а океандын терең түбүндө жашайт.

**ПОДАКСОНИЯЛАР**, к. *Тинтүүрдүүлөр* макаласын.

**ПОЙКИЛОТЕРМДҮҮ ЖАНЫБАРЛАР (пойкилоте́рмные живо́тные)** — дене температурасы сырткы чөйрөгө жараша өзгөрүп турган жаныбарлар. Мис., амфибиялар, сойлоочулар, омурткасыздар.

**ПОЛИГОРДИУСТАР (полигордиу́сы)** — алгачкы муунак курттар классынын тукуму. Уз. 5 *см*ден ашпаган муунак курт. Суу түбүндө баткак, ылайга кирип жашайт.

**ПОЛИМОРФИ́ЗМ (полиморфи́зм)** — бир эле түр ичинде бири бирине окшобогон организмдердин болушу. Мис., кээ бир жандыктардын эркеги канаттуу, ургаачылары канатсыз ж. б.

**ПОМАЦЕНТРЛЕР (помацентро́вые)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 15—20 *см*дей, майда балыктар. Онго жакын уруусунун 20дан ашык түрү көбүнчө тропик ж-а субтропик деңиздеринин жээкке жакын жеринде кезигет.

**ПО́НИ (по́ни)** — атайын селекциялык жол м-н чыгарылган майда жылкы. Тулкунун уз. 120—150 *см*, бийикт. 80—147 *см*ден ашпайт. Майда чарба иштерине унаа катары пайдаланылат ж-а зоопаркта багылат.

**ПОССУМДАР**, кускустар **(ку́скусовые, ла́зающие су́мчатые)** — баштыкчан желиндүү айбандар тукуму. Тулкунун уз. 6—82 *см*. Куйругу жармашкыч, айрымдарынын томоосу эле калган. Тырмактары узун, ийри, даракка жармашууга ылайыкталган. Уя баштыгы алдын карай ачылат. Он төрт уруусу, 43 түрү Австралия ж-а анын тегерегиндеги аралдардын токойлоруна тараган. Бийик тоодо да (4000 *м* бийиктикке чейин) кезигет. Балчыл поссум, барак куйрук поссум, тырмактай поссум ж. б. өкүлдөрү көбүрөөк белгилүү.

**ПРИАПУЛИДАЛАР (приапули́ды)** — жөнөкөй түзүлүштүү курттар тобу. Уз. 2 *мм*ден 10 *см*ге жетет. Денеси курттукундай, муунакталбаган, ичи суюктук м-н толгон. Ичегиси түз, оозу ж-а арткы тешиги бар. Кан-тамыр системасы жок, бүт денеси м-н дем алат. Айрым жыныстуу. Жети уруусунун 11 түрү дүйнө океандарынын мелүүн сууларында кезигет. СССРде 2 уруусу учурайт. Жырткычтар. Ийинде жашайт.

**ПРИМАТТАР (прима́ты)** — чөптүү сүт эмүүчүлөр чоң түркүмүндөгү татаал түзүлүштүү айбандар түркүмү. Алардын түпкү теги курт-кумурскачыл жөнөкөй түзүлүштүү желиндүүлөр болгон. Эң байыркы приматтар Азиядан Европага, Африкага ж-а Түн. Америкага тараган. Эки түркүмчөсү (чала маймылдар ж-а маймылдар) 200дөн ашык түрү көбүнчө тропик ж-а субтропик токойлорунда тараган. Колу күчтүү ж-а өтө кыймылдуу, акырек сөөгү болуп ж-а ийин мууну айланууга жөндөмдүү. Колу, буту беш манжалуу. Манжалары бир нерсе кармоого ылайыкталган. Көзү курч, кулагы сергек, жыт сезүүсү начарыраак. Мээси, айрыкча мээ кыртышы чоң, үстү буткулдуу. Мээ кутусу бет сөөгүнөн чоң. Териси жүндүү, айрымдары тыбыттуу. Үйүрү м-н жашайт. Көпчүлүгү чөп жейт, ылгабай азыктангандары да бар. Жыл бою көбөйөт. Баласы (чанда 2—3) алсыз төрөлөт. Аны энеси эмизип чоңойтот. Бири бири м-н үн чыгарып, жаңсап түшүндүрүшөт. Эркеги үйүр башкарат. Ыксыз кармоо-

нун ж-а табигый жашоо чөйрөсүнүн тарышынан саны азаюуда. Алардын 62 түрү ж-а түрчөлөрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ПРОЗОПИСТОМАЛАР (прозописто́мы)** — күнүмдүк ийнеликтер түркүмүндөгү майда курт-кумурскалар тукуму. Алардын жетилгендери жумуртка туугандан кийин өлөт. Личинкалары агын сууда чоңоюп, сууну булганч заттардан тазалоого жардам берет.

**ПРОПЛИОПИТЕКТЕР (проплиопите́ки)** — татаал түзүлүштүү приматтардын тукуму курут болгон уруусу. Тиш түзүлүшү боюнча азыркы замандагы гиббондорго жакындатышат. Плиопитектин, дриопитектин ж-а гиббондун байыркы теги болуп эсептелет.

**ПРОТЕЙЛЕР (проте́и)** — куйруктуу амфибиялар тукуму. Уз. 16—40 *см*. Денеси сүйрү, куйругу узун, кайыктын калагына окшош. Буттары начар өөрчүгөн. Эки уруусунун 2 түрү (америка протейи, европа протейи) Батыш Европада ж-а Түн. Америкада сейрек кездешет. Европа протейи ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ПСАММОБИЯЛАР (пса́ммобии)** — накта эбелек бакалоордуу кош капкалуу деңиз моллюскалар тукуму. Кабыгынын эни 8—10 *см*ге чейин. Моллюскалардын 100гө жакын түрү мелүүн деңиздердин тайыз түптөрүндө кезигет. Кабыктары күрөң ж-а сыякөк түстө болот.

**ПСЕВДОЗУХИЙЛЕР (псевдозу́хии)** — тукуму курут болгон текодонттор түркүмүндөгү сойлоочулар түркүмчөсү. Уз. 20 *см*ден 6 *м*ге чейин жеткен. Эки же төрт буттап баскан. Кээ биринин териси сөөктүү чопкуттар м-н жабылган. Ондон ашык тукумунун 80дей уруусу, 100дөй түрү болгон. Крокодилдердин теги болуп эсептелет.

**ПСЕТТОД СЫМАЛДАР (псеттодови́дные)** — камбала сымалдар түркүмүндөгү балыктар түркүмчөсү. Уз. 70 *см*ге жетет. Жалгыз тукумунун жалгыз уруусу (псеттоддор) Инди ж-а Атлантика океандарында жашайт. Эки түрү (азия псеттоду ж-а африка псеттоду) белгилүү.

**ПСИТТАКОЗАВРЛАР (пситтакоза́вры)** — орнитоподдор түркүмчөсүндөгү тукуму курут болгон сойлоочулар уруусу. Уз. 2 *м*ге жеткен. Баш сөөгү кыска, бийик болгон. Алардын 6—7 түрү белгилүү.

**ПТЕРАНОДОНДОР (птеранодо́ны)** — птеродактилдер түркүмчөсүндөгү тукуму курут болгон ири сойлоочулар уруусу. Тумшугу куштукундай узун, каракушу чукулдуктай урчуюп артына узарып (уз. 1 *м*ге чейин) өскөн. Канаттары узун ж-а күчтүү болуп, эни 8—9 *м*ге жеткен. Жээкте жашап, деңиздеги балыкты учуп барып эңип жеген, жырткыч болушкан.

**ПТЕРОДАКТИЛДЕР (птерода́ктили)** — птерозаврлар түркүмүндөгү тукуму курут болгон сойлоочулар түркүмчөсү. Канаттарынын эни 10 *см*ден 15 *м*ге дейре жеткен. Майдалары курт-кумурскалар, ирилери балыктар м-н азыктанган. Алардын 20дай уруусу белгилүү

**ПТЕРОЗАВРЛАР**, к. *Учкуч кескелдириктер* макаласын.

**ПУ́МА (пу́ма, кугуа́р)** — кабыландар уруусундагы жырткыч желиндүү айбан. Тулкунун уз. 100—197 *см*, куйругу 60—82 *см*ге чейин. Кулагынын учу тегерек. Чеңгели чоң. Түсү сары күрөң,

боор жагы агыш. Жүнү калың, тайкы. Америкага тараган. Токойлуу тоолордо, түзөңдө кезигет. Саны азаюуда. Эки түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

# Р

**РАБДИТИДДЕР** (**рабдити́ды**) — сецерненттер классчасындагы жумуру курттар түркүмү. Уз. 0,3—3 *мм.* Кутикуласы чынжыр сымал. Оозу цилиндрдей, жылмакай, кекиртек жагында майда тиштери бар. Он беш тукуму топуракта ж-а чириндиде жашайт, өсүмдүк м-н айбанда мителик кылгандары да бар. Топурак пайда кылуучулары да кезигет.

**РАКОВИНАЛУУ ЖАЛБЫРАК БУТТАР** (**ра́ковинные листоно́гие**) — жалбырак бут рактар түркүмчөсү. Уз. 30 *мм*ге жетет. Денеси кош капкалуу раковинанын ичинде жатат. Жүз элүүдөй түрү бардык жерде, тузсуз көлмөлөрдө кезигет. Детрит, өтө майда балырлар ж-а планктон м-н азыктанат.

**РАКОВИНАЛУУ РАК СЫМАЛДАР** (**ра́кушковые, остраќоды**) — рак сымалдар классчасы. Денеси абдан кыска Уз. 0,2—23 *мм.* Көкүрөк буттары 1—3 жуп, кээде такыр эле болбойт. Раковина капкалары кош капкалуу моллюскалардыкына окшош. Эки миңге жакын түрү деңиздерге, тузсуз сууларга кеңири тараган, көпчүлүгү суу түбүндө жашайт. Жети түрү тропик токойлорунун топурагында кезигет.

**РАК СЫМАЛДАР** (**ракообра́зные, ра́ки**) — муунак буттуу жандыктар классы. Уз. *мм*дин үлүшүнөн 80 *см*ге чейин. Денеси сегменттелген, 3 бөлүктөн (баш, көкүрөк, курсактан) турат. Анын 1—2 же бир нече көкүрөк сегменти башы м-н бириккен. Андагы буттары бут жакка айланып, тамакты майдалап, оозго алып барат. Башынын арты, көкүрөгүнүн үстү ж-а каптал жагы хитин катмары карапакс м-н капталган. Жети классчасы (мистакокариддер, цефалокориддер, калак буттар, карп биттери ж. б.), 30 миңге жакын түрү кеңири тараган. Сууда, кургакта жашоочулары, мителери да бар. Көпчүлүгү желет.

**РАМАПИТЕКТЕР** (**рамапите́ки**) — киши сымал маймылдардын тукуму курут болгон уруусу. Эки түрү болгон. 12—14 млн жыл мурда Азияда, Африкада ж-а Европада жашаган. Азыркы орангутангдардын теги деп божомолдонот.

**РАМФАКОТТАЛАР** (**рамфако́товые**) — скорпена сымалдар түркүмүндөгү жалпак баш балыктар тукуму. Уз. 7—8 *см,* денесинин жарымын башы ээлейт. Сырты жыш тикен м-н капталган, чочкочо коркулдаган майда балыктар. Тынч океандын түндүгүндө, жээкке жакын сууларда кезигет.

**РАМФОРИНХТЕР** (**рамфори́нхи**) — птерозаврлар түркүмүндөгү тукуму курут болгон сойлоочулар түркүмчөсү. Уз бир нече *см*ден 0,5 *м*ге чейин жеткен. Баш сөөгү чоң, тиши курч. Канаты узун, ичке (эни 2—2,5 *м*ге жеткен), куйругу узун, буттары кыска болуп, сууда сүзүүгө ылайыкталган. Балык, курт-кумурскалар м-н азыктанган.

**РАТУФАЛАР** (**ратуфы́**) — тыйын сымалдар тукумундагы ири тыйындар уруусу. Денесинин уз. 50*см*ге, салм. 4 *кг*га жетет, куйругунун уз. тулкуна барабар. Төрт түрү Түш. Азия токой-

лоруна тараган. Индистан ратуфасы, малайя ратуфасы, чоң куйрук ратуфа ж. б. өкүлдөрү белгилүү. Өсүмдүк, ири курт-кумурска, жумуртка, чымчыктын балапандарын жейт.

**РАФИДОФОРИДДЕР (рафидофори́ды)** — айман чегирткелердин тукуму. Уз. 13—18 *мм*, кичинекей, күрөң чегирткелер. Тропик алкактарына тараган. Канаты жок, муруттары денесинен 5—6 эсе узун, СССРде 2 түрү (оранжерея айманы, кавказ үңкүрчүсү) кезигет. Чөп, майда жандыктар м-н азыктанат.

**РЕЛИКТТЕР (рели́кты)** — мурда кеңири тарап, кийин жоголуп кеткен өсүмдүк ж-а жаныбарлардын сакталып калган түрү ж. б. таксондору.

**РИНОДЕРМАЛАР (риноде́рмы)** — куйруксуз амфибиялар тукуму. Уз. 3 *смдей*, бакага окшош. Жаактарында тиши жок. Ичке жумшак тумшугун суудан чыгарып коюп, дем алат. Ургаачысынын таштаган жумурткасын эркеги уруктандырып, аны жутуп көкүрөгүндөгү капчыгына багып, баласын чыгарат. Негизинен чымын-чиркейлер м-н азыктанат. Бир уруусунун 2 түрү Түш. Америкада Чили тоолорунда тараган. Белгилүү түрү — дарвин ринодермасы.

**РИНОПИТЕКТЕР (ринопите́ки, гимала́йские носа́тые тонкоте́лы)** — кындыгый маймылдар уруусу. Дене уз. 50—85 *см*, куйругу да ушундай узундукта. Денеси чымыр, буту-колу кыска, мурду теңирекей. Жүнү калың, күрөң, жээрде, алтын сары, бозомтук түстө. Эки түрү Кытайда ж-а Вьетнамда кезигет. Бир түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**РИНХОМИСТЕР (ринхомии́новые)** — чычкандар тукумундагы желиндүү жандыктар тукумчасы. Жалгыз түрү ринхомистин чоңдугу келестей, тумшугу узун, Филиппин аралдарында токойлуу жерлерде сейрек учурайт.

**РИЦИНУЛЕЛЕР (рицинуле́и)** — жөргөмүш сымалдар түркүмү. Уз. 5—10 *мм*. Кекиртеги м-н дем алат, көзү жок. Курсак бөлүгү кыска, 9 муунактан турат. Отуз бештей түрү Американын нымдуу тропиктеринде кезигет. Батыш Африка, Түш. Американын нымдуу тропигинде тараган. Өсүмдүк кабыгынын астында, үңкүрдө жашайт.

**РИШТА́ (ришта́)** — нематодалар классындагы жумуру мите курт. Ургаачысынын уз. 1,5 *мге* жетет, эркеги 4 *см*. Желиндүү айбандардын тери астындагы кыртышында, кишинин бутуна, лимфа тамырларында мителик кылат. Мите чогулган жер катууланып, ал жарылып личинкасы чыгат. Ал личинка сууга түшсө, аны рак — малгун жутат. Аны суу м-н киши ичип, риштаны жугузуп алат. Ал тери алдына келип, чоң митеге айланат. Бул оору дракункулёз деп аталат. Тропик, субтропикте кезигет. СССРде дракункулёз оорусу жоюлган.

**РОБА́ЛО (роба́ло)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар уруусу. Уз. 30—90 *смге* чейин. Башы жалпак, оозу чоң. Сегиз түрү Американын батыш ж-а чыгыш жээгиндеги тропик деңиздеринде ж-а Кариб деңизинде кезигет. Жырткыч, түнкүсүн тиричилик кылат, балык ж-а рак сымалдар м-н азыктанат. Промысел объектиси.

**РОМБОСОЛЕЯ СЫМАЛДАР (ромбосолееподо́бные)** — камбала сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукумчасы. Уз. 35—45 *см*. Түш. жарым шардын сууларында, Түш. Америка, Жаңы Зеландия, Австралия жээктеринде кезигет.

# С

**САБАКЧЫЛАР (побеговью́ны)** — жалбырак түргүч көпөлөктөр тукумундагы бир нече уруунун жалпы аты. Түсү саргыч, айрым учурда кочкул буурул. Евразиянын, айрыкча Түн. Американын аралаш ж-а ийне жалбырактуу токойлоруна кеңири тараган. Жалбырак, бүчүрлөрдү жеп, токой чарбасына зыян келтирет. СССРде 20 түрү бар. Дабыркайчы сабакчыл, жайкы сабакчыл, кышкы сабакчыл ж. б. кезигет.

**САБАКЧЫЛ КОҢУЗДАР** фракчандар, **(фра́чники, стеблее́ды)** — шиш тумшуктар тукумундагы коңуздардын уруусу. Уз. 5—30 *мм.* Денеси ичке, сүйрү. Алардын 50дөй түрү бүт Палеарктикага тараган. СССРде 90 түрү кезигет. А. и. кадимки сабакчыл коңуз ж-а кызылчачы фракчан көбүрөөк белгилүү. Алар чөп өсүмдүктөрүндө өөрчүп, личинкалары өсүмдүк сабагын тешип, өзөгүн жейт. Кызылча, сабиз, зире ж. б-га зыян келтиришет.

**САБЕЛЛИДДЕР (сабелли́ды)** — жыш түктүү курттар тукуму. Уз. 5—30 *мм.* Алды жагында чачы сымал бакалоору бар, солкулдаган хитиндүү, түкчөлүү түтүк ичинде жатат. Отуз бештей уруусу, 300 түрү деңиздерге тараган. Байкал көлүндөгү тузсуз суууда жашоочу түрү да бар. Детрит м-н азыктанат.

**САГЫЗГАН (соро́ка)** — каргалар тукумундагы куш. Уз. 45—48 *см,* салм. 160—200 *г,* куйругу узун. Түсү кара ала, боз ала, кызыл ала, көк ала. Евразия, Түн. Африка, Түн. Америкага тараган. Кышын көчмөн. Даракка, өсүмдүк түбүнө уялайт. Майда кемирүүчү, курт-кумурскаларды, бакча өсүмдүктөрүн жейт. СССРде тундра, чөлдөн башка бардык жерде кезигет.

**САГЫЗГАН ТОРГОЙЛОР (соро́чьи жа́воронки)** — таранчы сымалдар түркүмүндөгү сайрагыч чымчыктар тукуму. Уз. 30 *см*ге жеткен, чоңдугу таркылдактай, карала чымчыктар. Үч уруусунун 4 түрү Австралия ж-а Жаңы Зеландияга тараган. Жерде жашайт. Майда омурткасыз жандыктар м-н азыктанат.

**САГЫЗГАН ЧУЛДУКТАР (кулики́-соро́ки)** — маарактар тукумундагы чулдуктар уруусу. Уз. 40 *см*ге жетет. Тумшугунун учу ичке. Төрт түрү бардык континентке тараган. Деңиз, көлмө жээгинде жашайт. Көп кезиккен өкүлү — сагызган чулдук. Моллюска, курт-кумурска, майда рактарды жейт. Бир түрү I түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**САЗАН (саза́н)** — каңылтыр сымалдар түркүмүндөгү балыктар уруусу. Уз. 50—60 *см,* салм. 1,8—4,5 *кг,* кээде 16 *кг*га чейин жетет. Тынч океанда, Жер Ортолук, Каспий, Азов, Кара, Арал деңиздеринде, Ысык-Көлдүн алаптарындагы өзөндөрдө жашайт. Бентос, өсүмдүктөр, майда жандыктардын суудагы личинкалары м-н азыктанат. Промысел объектиси.

**САЗ КЕЛЕС СЫМАЛДАР (боло́тнокрысиные)** — чычкандар тукумундагы кемиргич желиндүү майда айбандар тукумчасы. Дене уз. 13—20 *см,* куйругу 5,5—17 *см.* Башы тултук, кулагы кичине, жону кара, күрөң, саргыч, боору агыш. Эки уруусу (саз келестери, кап келестери), 25 түрү Африкага тараган. Биринчи уруусу саздуу, нымдуу, экинчиси каксоо жерлерде кезигет. Чөп жейт, ийинде жашайт.

**САЗ КУНУЛАРЫ (ну́триевые, боло́тные бобры́, коипу́)** — кемиргич желиндүү айбандар түркүмүндөгү тукум. Жалгыз түрү суу кунусу бар. Анын дене уз. 60 *см*, куйругу 45 *см*, салм. 8 *кг*га жетет. Арткы бутунун салааларында жаргагы бар. Жүнү узун, кылкандуу, түсү сур, күрөң. Американын тропик, субтропигинде, өзөн ж-а көл жээгинде, саздарда кезигет. Сууда жакшы сүзөт. Териси баалуу. Териси ж-а эти үчүн колдо багылууда.

**САЙДАЛАР (са́йды)** — трескалар тукумундагы балыктар уруусу. Уз. 60—90 *см*, кээсиники 1,2 *м*ге чейин, салм, 1,5—10 *кг*. Эки түрү (кадимки сайда ж-а люр) бар. Алар Атлантика океанынын түн. жагындагы деңиздерде кезигет. Майда балыктар, рак сымалдар м-н азыктанат.

**САЙКАЛАР (са́йки)** — трескалар тукумундагы балыктар уруусу. Уз. 12—40 *см*. Денесинин куйрук жагы абдан ичке. Жалгыз түрү (сайка же түн. трескасы) Түндүк Муз океанынын деңиздеринде жашайт. Фито- ж-а зоопланктон м-н азыктанат. Өздөрү башка деңиз жаныбарларына жем. Промысел объектиси.

**САЙРА (са́йра)**— макрель чортондор тукумундагы балык. Уз. 36 *см*, салм. 200 *г*га жетет. Үйрү м-н жүрөт. Тынч океандын түндүгүндөгү деңиздерде жашайт. Планктон м-н азыктанат. Промыселдик баалуу балык.

**САЙРАГЫЧ ТАРАНЧЫЛАР (пе́вчие воробьи́ные)** — таранчы сымалдар түркүмүнүн түркүмчөсү. Булардын баары кубулжутуп сайрайт. Тукумдар бири биринен сырткы түзүлүшү м-н айырмаланат, анатомиялык түзүлүшүндө айырма жок. Кырктай тукумунун 4000дей түрү Антарктидадан башка бардык жерге тараган. СССРде 31 тукумунун 300дөн ашык түрү кезигет.

**САЙСАГЫЗГАН (саксау́льная со́йка)** — карга сымалдар тукумундагы куш. Уз. 20—25 *см*, салм. 100 *г*га жетет. Жону куба, боору кызгылтым, канаттары кара ала, куйругу кара, тамагында кара тагы бар. Аз учуп, көп чуркайт. О. Азия чөлдөрүндө, кумдуу ж-а бадалдуу жерлерде жашайт. Курткумурскалар, майда кескелдириктер ж-а өсүмдүк уругу м-н азыктанат. СССР эндеми.

**САКАЛЧЫК СЫМАЛДАР (бородáтковые)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Майда балыктар. Жыйырмадай түрү Антарктиданын, Патагониянын жээктеринде кезигет.

**САККУЛИ́НА (саккули́на)** — тамыр баш рактар түркүмүндөгү мурут бут рак. Деңиз крабдарынын митеси. Кап сымал денесинде ганглий, гермафродит бездери бар. Крабдын курсагына жармашып алып, анын кабыгын тешип, ичине кирип, тармакташып өсүп, зилин соруп жашайт.

**САКСАГАЙЛАР (волоса́тковые, волоса́тые рога́тки)** — мүйүздүү сымалдар түркүмчөсүндөгү балыктар тукуму. Уз. 60 *см*ге жетет. Бир нече түрү Канада ж-а Аляска жээктеринде кезигет. Атлантика саксагайы, кадимки саксагай, улька ж. б. белгилүү.

**САКСИКАВАЛАР (саксика́вы)** — накта эбелек бакалоордуу кош капкалуу моллюскалар тукуму. Раковинасы (үлүл кабыгы) узун, эки башы ачык, төрт бурчтуу ташка окшош. Суу түбүндө жер казып, ийинде жашайт. Түн. деңиздерде кезигет.

**САЛА́КА (сала́ка)** — айна көз балыктар уруусундагы балык.

Уз. демейде 20 *см*ге чейин, кээси 38 *см*ге жетет. Тез чоңоючу формасы — гигант салака. Балтика деңизинин чыгышында үйрү м-н жашайт. Промысел объектиси.

**САЛАМАНДРАЛАР (сала́мандровые, настоя́щие салама́ндры)** — куйруктуу амфибиялар тукуму. Уз. 10—28 *см*. Денеси чымыр, куйругу кыска, буттары күчтүү. Алдыңкы буттары кыска, 4 манжалуу, арткысы 5 манжалуу, сүзгүч жаргакчасыз. Түсү кара жалтырак, ачык сары темгилдүү. Тиштери бар, көз ирмөөчтөрү жакшы өрчүгөн. Жетилген саламандралардын бакалоору жок. Чоңдору өпкөсү м-н дем алат. Он бештей уруусунун 45 түрү Евразия, Түн. Африка ж-а Түн. Америкага тараган. СССРде 3 уруусунун 7 түрү кезигет. Сууда, кургакта да жашоочу түрлөрү бар. Накта саламандралар, накта тритондор, азия тритондору ж. б. урууларынын сары темгилдүү саламандра, кавказ саламандрасы ж. б. түрлөрү белгилүү. Майда омурткасыздар м-н азыктанат. Кавказ саламандрасы Батыш Кавказдын эндеми, СССРдин Кызыл китебине катталган.

**САЛАНГАНАЛАР (саланга́ны)** — карлыгачтар уруусу. Уз. 10—14 *см*. Жону, канаты, куйругу кара, боору, мойну агыш, канаттары узун. Жыйырмадай уруусу Түш.-Чыгыш. Азияга, Түн. Австралияга ж- а тегерегиндеги аралдарга тараган. Отурукташкан куштар. Кытайда жашоочу 2 түрү гана көчмөндөр. Жар бооруна, үңкүрдө, дарак коңулдарына топтошуп шилекейден уя салышат. Бул уялардан «чабалекей уясы» деген аш жасалат. Боз салангана, ири салангана ж. б. түрлөрү белгилүү. Курткумурскалар м-н азыктанат.

**САЛЬПТАР (са́льпы)** — чөлдүүлөр тибиндеги жандыктар классы. Уз. бир нече *мм*ден 33 *см*ге чейин Денеси челектей. Жетилгенде хорда, куйругу жоголот. Тунук, калың чел м-н капталган. Оозу, арткы тешиги денесинин эки учунда жайгашкан. Булчуңу ж-а ичегиси чел кабыгынан көрүнүп турат. Колония болуп чогулуп жашайт. Жыныстык ж-а жыныссыз жол м-н көбөйөт. Жыйырма беш түрү Түн. Муз океанынан башка океандардын баарына тараган.

**САЛЫК ЖЕМСӨӨ ЧЫМЫЛДАКТАР (бегу́нки зоба́тые)** — чулдуктар түркүмүндөгү куштар тукуму. Кичинекей чымчык, чоңдугу мойнок чулдуктан, боз чилге чейин. Тумшугу чолок, жоон, буту кыска, тулку чымыр. Төрт уруусу, Түш. Американын салкын, какыр, чөлдөрүндө, бийик (3000—3500 *м*), жылаңач тоолорунда жашайт. Кенедей салык жемсөө чымылдак, тоонун салык жемсөө чымылдагы ж. б. өкүлдөрү белгилүү.

**САЛЫК ТУМШУК СЫМАЛДАР (хоботнокрылови́дные)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктардын түркүмчөсү. Уз. 3—90 *см*. Тумшугу узун, учунда кемирчеги бар. Эки тукуму (салык тумшуктар ж-а чаудхурилер), 3 уруусу, 51 түрү Африка, Түш.-Чыгыш Азиянын тропигиндеги өзөн ж-а көлдө жашайт.

**САРАТАНДАР (хрущи́)** — эбелек мурут коңуздар тукумундагы өсүмдүк м-н азыктануучу коңуздардын экологиялык тобу. Бир нече тукумчаны бириктирет. Беш миңдей түрү көбүнчө тропикте кеңири тараган. СССРде 240ка жакын түрү кезигет. Өсүмдүктөр м-н азыктанып, токой чарбасына, бакчылыкка зыян келтирет. Көбүрөөк кезигүүчү өкүлдөрү: агыш саратан, дампыз, жай саратаны, бак дампызы, май саратаны ж. б.

**САРГАНДАР (сарга́новые)** — сарган сымалдар түркүмүндөгү

балыктар тукуму. Уз. 30 *см*ден 1,8 *м*ге чейин. Денеси ичке, узун, майда түрпүлөр м-н капталган. Тогуз уруусунун 25тей түрү тропиктеги деңиздердин жээкке жакын жеринде ж-а Түш. Американын, Түш.-Чыгыш Азиянын, Түн. Австралиянын өзөндөрүндө тараган. СССРде 2 түрү кезигет. Кара, Балтика деңиздериндеги кадимки саргандын уз. 90 *см*ге чейин, салм. 300—400 *г*. Кадимки сарган, кара куйрук сарган, крокодил сымал сарган ж. б. өкүлдөрү белгилүү. Жырткычтар. Майда балыктарды жейт.

**САРДИНАЛАР (сарди́ны)** — айна көз балыктар тукумундагы бир нече уруунун жалпы аты. Уз. 30—35 *см*, капталы кууш, кара тактуу. Бакалоор жапкычында тарам-тарам жылгалары бар. Эки жарым шардын тропик ж-а мелүүн алкактарындагы сууларды мекендейт. СССРде иваси, европа сардинасы кезигет. Промысел объектиси. Планктон м-н азыктанат.

**САРДИНЕЛЛАЛАР (сардине́ллы)** — айна көздөр тукумундагы балыктар уруусу. Уз. 20—40 *см*. Булардын сардиналардан айырмасы — бакалоор капкагы жылма, капталдарында кара тактары жок. Жыйырмадай түрү көбүнчө Түш.-Чыгыш Азиянын тропик алкагында, бир түрү (алаша) Атлантика океанынын мелүүн сууларында кезигет. Белгилүү түрлөрү: алаша, бразилия сардинелласы, жумуру сардинелла, жалпак сардинелла ж. б. Промысел объектиси.

**САРКОДАЛАР (саркóдовые)** — жөнөкөйлөр классы. Бир же бир нече ядролуу. Тузсуз сууда жашоочуларынын бүлкүлдөк вакуолалары бар. Көпчүлүк түрүнүн сырты кабык м-н капталган. Жалган буттары — псевдоподиялары м-н жылат ж-а азыгын кармайт. Бактериялар, балырлар ж-а майда жандыктар м-н азыктанат. Жыныссыз жол м-н көбөйөт. Төрт классчасы — тамыр буттар, тармактуулар, акантарийлер ж-а күн сымалдар (башка система боюнча 8 классы), 11 миң түрү бар. Көпчүлүгү тузсуз ж-а туздуу сууларда, айрымдары токойдо, саздарда кезигет. Бир азы мите (мис., дизентерия амёбасы).

**САРКОСПОРИДИЯЛАР (саркоспори́дии, мясны́е споровики́)** — кокцидиялар классчасындагы жөнөкөйлөр уруусу. Уз. бир нече микрондон 20 *мм*ге чейин. Клетка мителери. Айбандарды, айрым учурда кишини катуу ооруга (саркоспоридиоз) чалдыктырат. Токсондой түрү кеңири тараган.

**САРЫААРЫЛАР (óсы)** — чагуучу, жалтырак канаттуу жандыктардын чоң тукумдарынын тобу. Уз. 35—40 *мм*ге чейин. Буларга жалтылдактар, ийинчи сары аарылар, жыйрылма канат сары аарылар, дудуктар ж. б. чоң тукумдар кирет. Негизинен жалкы сары аарылар түзөт. Накта сары аарылар ж. б. кээ бир тукумдардын өкүлдөрү чогулуп (коомдошуп) жашашат. Көпчүлүгү личинкасын уюгунда камдап койгон жандыктар м-н азыктандырып чоңойтот. Жетилгендери гүл нектары м-н азыктанат.

**САРЫ КӨГӨНДӨР (златогла́зки, пестряки́)** — көгөндөр уруусу. Уз. 7—12 *мм*, денеси сары ала. Жылына бир жолу тууйт, окуралары булакта, өзөн жээгинде жашайт, өсүмдүктөрдүн суудагы чириндилери м-н азыктанат. Жырткычтык да кылат. Алардын 2500дөй түрү кеңири тараган. СССРде 30га жакын түрү бар. Тоо өзөндөрүндө көп кезигет. Ургаачысы айбандардын канын соруп жашайт, көдөө, туляремия ооруларын жугузушу мүмкүн.

Токойлуу ж-а боздоң жерлерде: кадимки сары көгөн ж-а токой сары көгөнү көп кезигет.

**САРЫ МАШАЛАР (моски́ты)** — чиркейлер тукуму. Уз. 1,3—3,5 *мм*. Денеси сары түк м-н капталган. Жүз отуздай түрү көбүнчө тропик, субтропикте кезигет. СССРде 30га жакын түрү— Молдавия, Түш. Украина, Кавказда, Түш. Казакстанда, О. Азияда кезигет. Ургаачылары омурткалуу айбандардын канын сорот. Чаккан жери кычышып, чанда дене ысыйт. Жугуштуу ооруларды (мис., пендин жарасы ж. б.) жугузушу мүмкүн.

**САРЫ ТӨШ СУУСАР (харза́)** — суусарлар уруусундагы жырткыч желиндүү айбан. Уруунун эң ириси. Тулкунун уз. 50—80 *см*, куйругу тулкунан бир аз кыскараак, барпайып жүндүү. Жүнү тайкыраак, жалтылдак. Түсү кара күрөң, ак, сары ала, төшү, тамагы куйкул сары. Түш.-Чыгыш, Чыгыш Азияга тараган. СССРде Ы. Чыгыштын түш. тарабында кезигет. Териси анча бааланбайт. Айрым желиндүү жаныбарлар (сыякуш) ж-а куштар м-н азыктанат.

**САРЫ ҮКҮЛӨР (фи́лины)** — үкүлөр тукумундагы куштар уруусу. Уз. 30—72 *см*. Жүнүнүн кулак сыяктуу өсүндүсү даана көрүнөт. Көзүнүн агы сапсары, көздөрү чоң. Шыйрагы шадыларына чейин жүндүү. Он эки түрү Австралия, Антарктидадан башка континенттердин баарына тараган. Бардык жерде сейрек кездешет. Жарга, даракка уя салат, айрымдары ири куштардын эски уясында, жашайт. Булар отуруктуу же көчмөн куштар. Кемирүүчүлөр ж. б. түрдүү жаныбарлар м-н азыктанат. Америка сары үкүсү, кадимки сары үкү, түркмөн сары үкүсү ж. б. түрлөрү белгилүү.

**САРЫЛАР (сарычи́, каню́ки)** — карчыгалар тукумундагы алгыр куштар уруусу. Уз. 38—66 *см*. Евразия, Африка, Америкада 25 түрү жашайт. Токойлордо, ачык жерлерде кезигет. Белгилүү өкүлдөрү: азия сарысы, ак сары, европа сарысы, кадимки сары, жаман сары, кыргый сары ж. б. Түндүктө жашоочулары келгин куштар. Кемирүүчүлөр, кескелдирик, чанда куштар, курт-кумурскалар м-н азыктанат. Даракка, жарларга уя салат. Эки түрү, 1 түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**САСЫК БАКАЛАР (чесно́чницы)** — куйруксуз амфибиялар түркүмүндөгү бакалар тукуму. Уз. 10 *см*ге чейин жетет. Денеси чымыр, бакага окшош, териси жылма же быдырлуу. Кабыргалары жок, бели ийилип, жазыла алат. Жазында сарымсак жыттанган (сасык) жыт чыгарышат (аты ошондон). Алардын 10—12 уруусу, 60тай түрү Батыш ж-а Түш.-Батыш Азияга, Европа, Түн. Африкага, Борб. ж-а Түн. Америкага тараган. Кадимки сасык бака, мүйүздүү сасык бака ж.б. өкүлдөрү белгилүү. Жерди чукуп, күндүзү жашынып жатат. Кышында жерге кирип же ийинде жашайт. Омурткасыздар м-н азыктанат. Сууда көбөйөт. Бир түрчөсү ТКЭСтин ж-а бир түрү (сирия сасык бакасы) СССРдин Кызыл китебине катталган.

**САТИРЛЕР (сати́ры, бархатни́цы, гла́зки)** — күндүзгү көпөлөктөр тукуму. Канаттарынын эни 25—65 *мм*, айрымдары 100 *мм*. Жазы, кара күрөң темгил тактары бар. Алардын 1500дөй түрү кеңири тараган. СССРде 190го жакын түрү кезигет. Белгилүү өкүлдөрү: кадимки сатир, токой сатири ж. б. Он беш түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**СЕВАН ЖИЛИНГИРИ (ишха́н)** — сомдор тукумундагы балык. Севан көлүнүн эндеми. Уз. 75 *см*, салм. 5 *кг*а жетет. Денесинде кара тактары бар. Ал Ысык-Көлдө байырлаштырылып, салм. 15 *кг*а жеткен. СССРдин Кызыл китебине катталган.

**СЕГИЗ ТИШТҮҮЛӨР (восьмизу́бовые)** — кемиргич желиндүү жаныбарлар тукуму. Тулкунун уз. 12,5—19,5 *см*, куйругу 4—18 *см*. Кебетеси келеске окшош, бирок жүнү узун, жумшак ж-а калың. Алардын 4—5 уруусу, 8 түрү Түш. Американын адырларына, тоолоруна тараган. Ийинде жашайт. Чөптүн тамыры м-н азыктанат.

**СЕГНОЗАВРЛАР (сегноза́вры)** — тераподалар түркүмүндөгү тукуму курут болгон сойлоочулар уруусу. Моюн омурткалары чоң, тиштери майда, астыңкы жаагы маңдай тишсиз, кетмени жазы, кыска, 4 шадылуу болгон.

**СЕДЕП ТАК КАЛДЫРКАНДАР (перламу́тровки)** — нимфалиддер тукумундагы калдыркандар уруусу. Канаттарынын эни 40—80 *мм*, үстү кара тактуу, таргылдуу, асты жалтыраган седеп тактуу көпөлөктөр. Түн. жарым шардын мелүүн алкактарына тараган. СССРде 40тан ашык түрү кезигет. Эжеке бээ саалары чөптө, айрыкча ала гүлдө чоңоёт. Аглая калдырканы белгилүү.

**СЕДЕП КАПКАКТАР (перло́вицы)** — тузсуз сууда жашоочу кош капкалуу моллюскалар уруусу Үлүл кабыгынын (раковинасынын) уз. 14,5 *см*ге чейин, ички седеп катмары бар. Жыйырмадай түрү Европага, Кичи Азияга, Түн. Америкага тараган. СССРде 10дон ашык түрү кезигет. Өзөн, көл, байлоолордун түбүндө кумга жашынып жашайт. Суудагы органикалык заттар м-н азыктанат. Айрым жыныстуу. Кээ бир түрү тамак, үй айбандарына жем катары пайдаланылат. Кабыктарынан седеп топчулар, кооз буюмдар жасалат. Накта седеп капкактар уруусунун дырдыйган седеп капкак, кадимки седеп капкак, килтейген седеп капкак, шынаа сымал седеп капкак ж. б. түрлөрү белгилүү.

**СЕЙВА́Л (сейва́л, сайдяно́й кит)** — жаян киттер тукумундагы кит. Уз. 18,8 *м*ге жетет. Жону каралжын, боору агыш. Кит мурутунун эбелектеринин уз. 80 *см*. 300—400 жупка чейин жетет. Жаңы туулганынын уз. 4,5 *м*че болот. Бардык океандарда кезигет. Саны өтө азаюуда. Кармоого тыюу салынган. СССРдин Кызыл китебине катталган.

**СЕЙМУРИЯЛАР (сейму́рии)** — батрахозаврлар классчасындагы тукуму курут болгон амфибиялар уруусу. Уз. 1 *м*ге жеткен. Баш сөөгүнүн түзүлүшү байыркы амфибиялар м-н сойлооктогго, омуртка тутумунун түзүлүшү сойлоочуларга жакын. Саздуу токойлордо жашаган. Балык м-н азыктанат.

**СЕЛЕБЕ БАЛЫК (чехо́нь)** — каңылтырлар тукумундагы балык. Уз. 50 *см*ге, салм. 500—600 *г*га, кээде 2 *кг*га жетет. Денеси узун, капталынан кысыңкы. Балтика, Каспий, Азов, Арал, Кара деңиздеринин алаптарында мала туздуу, тузсуз сууларда жашайт. Майда чабактар, омурткасыз жандыктар м-н азыктанат. Промыселдик мааниси зор.

**СЕЛЕБЕ КУЙРУКТАР (мечехво́сты)** — хелицердүүлөр типчесиндеги муунак буттуу жандыктар классы. Уз. 50—90 *см*. Денеси жалпак, эки бөлүктөн (башкөкүрөк ж-а курсактан) турат. Башкөкүрөгүнүн желкесинде 2 жөнөкөй, капталында 2 татаал көзү бар. Айрым жыныстуу. Көбөйүү мезгилинде гана

кургакка чыгып, жерди чукуп ага ургаачысы жумурткасын таштайт, аны эркеги уруктандырат. Үч уруусунун 5 түрү Атлантика ж-а Тынч океандарынын жылуу, тайыз сууларында кезигет. Бентос, айрым учурда балырлар м-н азыктанат. Америка, Японияда жер семирткич катары колдонулат.

**СЕЛЕВИНИЯ (селеви́ния)** — кемирүүчүлөр түркүмүндөгү айбан. Тулкунун уз. 9,5 *см*ге, куйругу 7,5 *см*ге жетет. Сырткы түзүлүшү чычканга окшош. Борб., Түш-Чыгыш Казакстанда такырдуу боздондо жашайт. СССР эндеми. Күүгүмдө тиричилик кылат. Курткумурскалар м-н азыктанат. Сейрек учурайт. СССРдин Кызыл китебине катталган .

**СЕЛЕЙҮҮ (катале́псия)** — табигый абалдан бөтөн, өнөкөт болбогон абалда былк этпей калуу. Селейүү көпчүлүк жаныбарларда коргонуу, жашынуу, аңдуу ж. у. с. тиричилик аракеттеринде пайда болот.

**СЕРВАЛ** к. *Африка сүлөөсүнү* макаласын.

**СЕРИЕМАЛАР**, кариамалар **(кариа́мы)** — турналар түркүмүндөгү куштар тукуму. Бийикт. 75 *см*ге жетет. Сырткы түрү турнага да, суутартарга да окшош. Буту, мойну узун, бирок тумшугу кыска, үстүңкү тумшугу астыңкысынан ашык, иймек. Төбөсү үрпөк, түсү кара боз. Канаттары чолок, куйругу узун. Шыйрактары, тумшугу кызгылтым. Начар учат, бирок күлүк. Эки уруусу Түш. Американын куурайлуу, бадалдуу талааларына тараган. Негизинен курт-кумурска м-н азыктанат, кескелдирик, жылан ж. б. да жейт. Үрпөк сериема көп кезигет.

**СЕСТОНОФАГДАР (сестонофа́ги)** — сууда калкып, аралашып жүргөн майда планктон микроорганизмдерди, детритти жеп жашоочу жаныбарлар. Мис., рак сымалдар, ийне терилүүлөр, чөлдүүлөр, былпылдыктар, балык курттар ж. б.

**СЕЦЕРНЕНТТЕР (сецерне́нты, фазми́диевые)** — жумуру курттардын классчасы. Алты түркүмү кеңири тараган. Мителери (стронгилюстар, аскаридалар, меке курттар, чүчөк курттар, ришта ж. б.) сууда же топуракта эркин жашоочулары да бар.

**СИАМАНГДАР (сиама́нги)** — гиббондор тукумундагы киши сымал маймылдар уруусу. Жалгыз түрү (кош бармак гиббон) бар. Жүнү барак (саксагай), жылтылдаган кара. Астыңкы буту узун, үн баштыкча — резенатору жакшы өөрчүгөн, аны каптаган жүнү кызгылт күрөң түстө. Ал Суматра аралында, Малакка жарым аралында жашайт.

**СИМА (сима́)** — сомдор тукумундагы өрдөмө балык. Уз. 63 *см*ге салм. 6 *кг*га жакын. Тынч океандын сом балыктарынын Азия жээктеринде кезигүүчү жалгыз түрү. Урук чачканы СССРдин Ы. Чыгыштагы өзөндөрүнө өрдөп чыгат. Майда балыктар, рак сымалдар м-н азыктанат. Промыселдик мааниси бар.

**СИМИАСТАР (си́миасы, короткохво́стыеноса́тые тонкоте́лы)** — кындыгый маймылдар тукумунун уруусу. Жалгыз түрү (бир түстүү симиас) бар. Тулкунун уз. 50 *см*ге, куйругу 13—18 *см*ге жетет, жылаңач, учу барпагай. Чачы күрөң, саймалуу. Бети кара, мурду чолок, быйпык. Индонезия аралдарынын жээктериндеги токойлордо кезигет. Чөп жейт. Үйүрү м-н жашайт. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**СИМФИЛАЛАР (симфи́лы)** — көп аяктуу жандыктар классчасы. Дене уз. 1 *см*ге жетет. Ак, саргыч түстө. Башында жуп муруту, 3 жуп ооз органы бар, 12 жуп буту болот. Кекиртеги м-н дем алат.

Жүз элүүдөй түрү Антарктикадан башка континенттердин баарына тараган. Нымчыл жандыктар. Чириндилер м-н азыктанат.

**СИНАНТРОПТОР (сина́нтропы)** — байыркы казылып алынган киши. Сөөктөрү биринчи жолу Кытайда 1927—37-жылы табылган. Алар 400 миң жыл мурда жашаган. Жөнөкөй курал жасаганды, от жакканды билген.

**СИНАНТРОПТУУ ОРГАНИЗМДЕР (синантро́пные органи́змы)** — тиричилиги жашоо процесстери кишинин турак жайы, чөйрөсү м-н байланыштуу организмдер, мис., үй чычканы, келес, кантала, таракан ж. б.

**СИНАПТОЗАВРЛАР (синаптоза́вры)** — тукуму курут болгон деңиз сүт эмүүчү жаныбарлар классчасы. Уз. 20—30 *см*ден 15 *м*ге чейин жеткен. Эки түркүмү (завроптеригиялар ж-а плакодонттор) болгон. Балыктар, моллюскалар м-н азыктанган.

**СИНГАМДАР (синга́мы)** — стронгилиддер түркүмүндөгү жумуру курттар уруусу. Эркеги (6 *мм*ге чейин) ургаачысынан (20 *мм*ге чейин) кичине. Он түрү кеңири тараган. СССРде 9 түрү кезигет. Куштардын дем алуу органдарында мителик кылат. Кан м-н азыктанат. Тооктордун сингамоз илдетин пайда кылып, айрым учурда кырылууга дуушар кылат.

**СИПУНКУЛИДДЕР (сипункули́ды)** — омурткасыз жандыктар тиби. Уз. 1—50 *см*ге чейин жетет. Денеси куртка окшойт, бирок муунактары жок. Баш жагында оозу, тегерегинде тинтүүрлөрү бар. Арткы тешиги оозунун артында, жон жагында, ичегиси ийри-муйру. Кан тамыры начар өөрчүгөн. Айрым жыныстуу. Жалгыз классы, 320га жакын түрү бардык деңиздердин түбүндө учурайт. Балчык м-н азыктанып, сууну тазалоого жардам берет. СССРде Баренц ж-а Ы. Чыгыш деңиздеринде кезигет.

**СИРЕНДЕР (сире́ны)** — желиндүү (сүт эмүүчү) айбандар түркүмү. Денеси сүйрү, жумуру, алдыңкы буттары сүзгүч калакка айланган. Арткы буту, тиштери ж-а кулак калканы жок. Териси түксүз. Таноосу ачылып жабылып турат. Карыны эки бөлүктүү, желини экөө. Эки тукумунун (ламантиндер ж-а дюгондор) 5 түрү дүйнө океанынын тропикке жакын жерлерине тараган. Чөп жейт. Бир түрү (стеллер ую) 18-кылымда кырылып бүткөн. Калган түрлөрүнүн саны азаюуда. Бардыгы ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**СИРФТЕР (си́рфы)** — накта шылдыр чымыңдар уруусу. Личинкалары чөп биттерин соруп жеп, айрыкча капуста биттерин кырып, айыл чарбага пайда келтирет. Айдай сирф, айчыктай сирф ж. б. белгилүү.

**СИФОНОФОРАЛАР (сифонофо́ры)** — гидрозоалар классчасы. Өзгөчө колония түзүп, эркин сүзүп жашоочу жандыктар. Колониясы ар кандай кызмат (колонияны сүздүрүүчү, көбөйүүчү, азыктандыруучу ж. б.) аткаруучу полиптерден турат. Алардын 170тей түрү бардык океан ж-а деңиздин өтө туздуу сууларынын үстүңкү катмарынан 5000 *м* тереңдигине чейин кезигет. СССРдин деңиздеринде 50гө жакын түрү учурайт.

**СКАЛЕПУС (скалёпус)** — көр чычкандар тукумундагы кемирүүчү жаныбар. Чоңдугу кадимки көр чычкандай, көзү тери астында, кулагы мулук, куйругу жылаңач, чолок. Түн. Американын чыгыш жагына тараган. Сөөлжан ж-а майда курт-кумурскалар м-н азыктанат.

**СКАРАБЕЙЛЕР (скарабéи)** — эбелек муруттуулар тукумундагы коңуздар уруусу. Дене уз. 28—40 *мм*, жазы, жалпак, кара. Жер Ортолук деңизде, Түш. Европада, Кичи ж-а О. Азияда тараган СССРде 5—6 түрү кезигет. Кык м-н азыктанат. Кыкты чампалап тоголоктоп алып, ийинге жеткирип, анын ичине жумурткасын таштайт. Белгилүү түрү — ыйык коргоолчу.

**СКОЛИЯЛАР (скóлии)** — сары аарылар тукуму. Уз. 45 *мм*ге чейин жетет. Алардын 450гө жакын түрү бар. СССРдин түштүгүндө 34 түрү кезигет. Коңуз личинкаларынын митеси. Дөө сколия, боздоң сколиясы, сары маңдай сколия, төрт чекиттүү сколия, чоң баш сколия ж. б. өкүлдөрү белгилүү.

**СКОПЕЛЕЗАВРЛАР (скопелезáвровые)** — миктоф түспөлдүүлөр түркүмүндөгү балыктар тукуму. Денеси ичке, узун. Уз. 20—50 *см*. Жалгыз (скопелезаврлар) уруусунун 10го жакын түрү бардык океандарда, көбүнчө мелүүн ж-а тропик сууларында кезигет.

**СКОРПЕНА СЫМАЛДАР (скорпенообрáзные)** — кылкандуу балыктар түркүмү. Алабуга сымалдарга тектеш. Уз. демейде 5 *см*ден 1 *м*ге чейин. Денеси түрпүлүү. Айрымдарынын денеси жылма, түрпүсүз, сөөк пластинкалар м-н капталган. Башында тикендери бар. Сүзгүчтөрү тикендүү, жон сүзгүчү 2, курсак сүзгүчү 6 тармактуу. Алардын 21 тукумунун (деңиз короздору, керчак сымалдар, скорпеналар ж. б.) 250дөй уруусу, 1000ден ашык түрү бардык океандарга тараган. Тузсуз сууларда жашоочулары да бар. Көбүнчө суу түбүндө кезигет. Балык ж-а омурткасыздар м-н азыктанат. Көбү промысел объектиси.

**СКОРПЕНАЛАР (скорпéновые)** — скорпена сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 20 *см*ден 1 *м*ге, салм. 1,5—2 *кг*га жетет. Башы чоң, тикендүү. Жон сүзгүч канаттарынын тикендери уулуу бездүү. Алардын 70тей уруусунун 370тен ашык түрү тропик, субтропик ж-а мелүүн алкакта кезигет. СССРде 15тей түрү белгилүү. Көбүнчө суу түбүндө жашайт. Жырткычтар. Рак сымалдар, балыктар м-н азыктанат. СССРде 1 түрү (деңиз түрпүсү) Кара деңизде кезигет.

**СКУМБРИЯЛАР**, макрелдер **(скумбриевые)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 40—60 *см*, айрымдары 3 *м*ге чейин, салм. 1,5—8 *кг*га (тон балыктар 680 *кг*га) жетет. Денеси созулуңку, капталы бир аз кууш. Куйругу ичке. Жон сүзгүчү экөө. Денеси түрпү м-н капталган. Он беш уруусу (мырза макрель, пеламида, скумбриялар, тон балыктар ж. б.), 400дөн ашык түрү дүйнө океандарынын тропик, субтропик ж-а мелүүн алкактарында кезигет. СССРдин деңиздеринде 3 уруусунун өкүлдөрү кезигет. Промысел объектиси.

**СКУТИГЕРАЛАР (скутигéры, мухолóвки)** — көп аяктуу майда жандыктар түркүмү. Уз. 20—30 *мм*, 15 жуп узун буттуу ичке жандык. Курт-кумурскалар м-н азыктанат. Үч жүздөй түрү Жер Ортолук деңиз жээгинде кезигет. СССРдин түш. тарабында 3 түрү кезигет.

**СМИНТУРЛАР (сминтýры)** — бут куйруктуу курт-кумурскалар түркүмүндөгү жандыктар тукуму. Майда жандыктар. Денеси бүргөнүкүндөй эки капталы кууш, курсагынын сегменттери бириги[illegible] өскөн. Бийик ж-а алыска секирет. Өсүмдүктө жашап, ага зыян келтирет. Бирок чириндини топуракка айландырууга катышып, пайдалуу. Көп түрлөрү кеңири тараган.

**СОЕЧОР (оленёнок)** — бугунун жаңыдан мүйүзү чыгып келаткан эркек музоосу (1 жашар).
**СОЙМОҢДОР (по́лозы)** — суу жыландар тукумундагы уруу. Уз. 2,5 *мге* жетет. Отуздай түрү Европа, Азия, Түн. ж-а Чыгыш Африкага тараган. СССРде 18 түрү кезигет. Көбүрөөк белгилүүсү сары боор соймоң. Уз 2 *м*. СССРдин Европа бөлүгүндө, Кавказ, Түркмөнстанда жашайт. Балапан, курт-кумурска, бака, кескелдирик жейт. СССРде кезигүүчү темгилдүү ж-а эскалуп соймоңу ТКЭСтин Кызыл китебине, алайган соймоң СССРдин Кызыл китебине катталган.
**СОКУР БАЛЫКТАР (слепогла́зковые)** — каңылтыр тиштүү балыктар тукуму. Уз. 10—12 *смден* ашпаган майда балыктар. Көзү жок. Үч уруусунун (амболипстор, тифлихттер, хологастерлер) 5 түрү Түн. Американын үңкүр сууларында жашайт.
**СОКУР ЖЫЛАНДАР (слепозме́йки, слепозме́йковые)** — жыландар тукуму. Уз. 10—80 *см*. Денеси курттай, түрпүсү жылма. Көзү жок. Аяктарынын уча курчоосунда томоосу бар. Беш уруусу, 170тей түрү бар. Майда омурткасыздар м-н азыктанат.
**СОКУР ЧЫЧКАНДАР (слепыш́овые)** — кемиргич желиндүү айбандар тукуму. Тулкунун уз. 16—35 *см*, куйругу кыска (2—3,6 *см*), көзү, кулак калканы жок. Жүнү жумшак, калың. Денеси, мойну жоон. Алардын 1—2 уруусу, 4—7 түрү Түш. Европа, Түн. Африка, Кичи ж-а Алдыңкы Азиянын талаалуу, токойлуу, адырлуу жерлерине тараган. СССРде Казакстандын батыш тарабында, Волга боюнда, Кавказда кезигет. Жер астында, чөптүн тамырын жеп жашайт. Үч түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.
**СОЛЕМИЯЛАР (солеми́и)** — деңизде жашоочу кош капкалуу моллюскалардын тарак тиштүүлөр тукумундагы уруусу. Кабыгы (раковинасы) жука, уз. 6 *смге* жетет. Жети түрү кеңири таралган. СССРде жок. Күкүрттүү суутек м-н булганган деңиз сууларында жашайт.
**СОЛОНГОЙ**, к. *Корумчул кызыл күзөн* макаласын.
**СОМДОР (лососе́вые)** — сом сымалдар түркүмүндөгү өрдөмө ж-а тузсуз сууда жашоочу балыктар тукуму. Алты уруусу (тынч. океан сомдору, накта же адими сомдор, сом сымактар ж. б.), 15тен ашык түрү Түн. жарым шардын сууларында кеңири тараган. Промыселдик мааниси зор. Саны азаюуда. Он бир түрү, түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.
**СОМ СЫМАКТАР (гольцы́)** — сомдор тукумундагы тузсуз сууда жашоочу ж-а өрдөмө балыктар уруусу. Уз. 88 *см*, салм. 15 *кгга* чейин жетет. Түн. уюлдун айланасындагы деңиздерде жашайт. Түрүнүн саны белгисиз. Өзөндөргө өрдөп келип урук чачат. Майда балык, омурткасыздар м-н азыктанат. Бир түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.
**СОМ СЫМАЛДАР (лососеобра́зные)** — кылкандуу балыктар түркүмү. Уз. 2,5 *смден* 1,5 *мге* чейин. Баш сөөгү ж-а скелети толук сөөктөнбөйт. Денеси түрпү м-н капталган, каптал сызыгы даана билинет. Алардын 27 тукуму (сомдор, май канаттар, жылма баштар ж. б.) бар. Тузсуз сууда, деңизде жээкке жакын, өтө тереңдикте жашоочу өрдөмө балыктар. Түн ж-а Түш. жарым шардын муздак, мелүүн сууларында кезигет. Промыселдик мааниси зор. Колдо өстүрүү, байырлаштыруу, коргоо иштери жүргүзүлүүдө.

**СООТУЧАНДАР (кольчу́жные, лока́риевые)** — жаян сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 3—50 *см*ге чейин жетет. Беш тукумчасы, 17 уруусу Түш. Американын тоо өзөндөрүндө жашайт. Отоциклдер, плескостомалар, ксенокарлар, стигогендер ж. б. өкүлдөрү белгилүү.

**СОРГУЧ КУРТТАР**, трематодалар **(соса́льщики, тремато́ды)** — жалпак курттар классы. Уз. бир нече *мм*ден 5 *см*ге чейин, айрымдары 1,5 *м*ге чейин жетет. Денеси жалбырак сымал же сүйрү. Ооз ж-а курсак соргучтары бар. Ичегилери эки тарамга бөлүнүп, туюк бүтөт. Гермафродиттер же айрым жыныстуу. Омурткалуу айбандардын мителери. Муун алмашып өөрчүйт. Эки классчасы, 3 түркүмү, 500дөй түрү бар. Киши ж-а айбандардын трематодоз оорусун пайда кылат.

**СӨЛ БАЛЫКТАР (белокро́вные ры́бы)** — курт балык сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 60—70 *см*, башы чоң, тумшугу ичке, оозу чоң, кырка курч тиштери бар. Денеси айнектей тунук, канынын түсү жок, тунук сууга окшош. Бүт денеси м-н дем алат. Он уруусу, 15тей түрү Антарктида деңиздеринин тереңинде жашайт. Тор м-н кармашат. Бирок промыселдик мааниси аз.

**СӨӨК ТИЛДҮҮЛӨР (арава́новые)** — сөөк тил сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 50 *см*ден 5 *м*ге чейин. Төрт уруусу, 5 түрү Түш. Америка, Африка, Австралия ж-а Түш. Чыгыш Азиянын тропигиндеги тузсуз сууларда жашайт. Арапиама (эң чоңу, уз. 5 *м*ге, салм. 200 *кг*га чейин), клуписудис, склеропагес, сөөк тил уруулары белгилүү.

**СӨӨК ТИЛ СЫМАЛДАР (араванообра́зные)** — кылкандуу балыктар түркүмү. Уз. 10 *см*ден 5 *м*ге, салм. 20 *г*дан 200 *кг*га чейин жетет. Кайкы тумшук, оозу өөдө карайт. Жон сүзгүч канаты куйругуна жакын, түрпүлүү балык. Үч тукуму, II уруусу, 19га жакын түрү Америка, Африка, Австралия, Түш.-Чыгыш Азиянын өзөндөрүндө, тузсуз көлдөрүндө жашайт. Жырткыч. Промысел объектиси.

**СӨӨКТҮҮ БАЛЫКТАР (ко́стные ры́бы)** — омурткалуу жандыктар классы. Азыркы көп сандаган балыктар тобу. Скелети сөөктөнгөн, кемирчеги болсо толук каткан эмес. Дайыма тери сөөгү, түрпүсү болот. Уз. 0,7 *см*ден 7 *м*ге, салм. 1,5 *т*га чейин жетет. Эки классчага (бара канаттар, чачыла канаттар) бөлүнөт.

**СӨӨЛДҮҮ БАЛЫКТАР (борода́вчатка)** — скорпена сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 40 *см*ге жетет, какачы жок. Башы чоң, бүдүрлүү, кырдуу, оозу ж-а көздөрү өөдө карайт. Жон канатынын тикендеринин түбүндө уулуу бези бар. Уусу күчтүү. Тропик ж-а субтропик алкактарындагы деңиз жээктеринде кезигет. СССРдин сууларында жок.

**СӨӨЛДҮҮ ДОҢУЗ (борода́вочник)** — доңуздар тукумундагы желиндүү айбан. Тулкунун уз. 1,5 *м*ге, салм. 150 *кг*га чейин жетет. Каманынын жаактарында буржуйган урчуктары бар. Үстүңкү жырткыч азуулары чоң, учтуу. Африка түздүктөрүн, тоолорун, саванналарын мекендейт. Түнкүсүн тиричилик кылат, ылгабай азыктанат. Промысел объектиси

**СӨӨЛЖАНДАР (дождевы́е че́рви)** — аз түктүү курттардын тукумдарынын тобу. Тропикте кезигүүчү ири түрүнүн уз. 2,5 *м* (СССРдеги ириси 45 *см*дей). Дене муунактары 80ден 450гө жетет. Ар бир сегментинде 8ден бир нече жүзгө чейин түкчөлөрү бар,

алар сойлоп жылууда таяныч болот. Топуракта жашайт, ири түрлөрү тереңдиги 8 *м*ге жеткен жолдорду казат. Органикалык заттардын калдыктары м-н азыктанат. Гермафродиттер. Алар топуракты жакшыртууга катышат. Алар көп жандыктарга жем. Алардын 11 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**СӨӨЛЖАН СЫМАЛДАР (червя́ги)** — аяксыз амфибиялар түркүмүндөгү жандыктар тукуму. Уз. 120 *см*ге чейин жетет. Денесин курчаган бырыштарынан улам сөөлжанга окшош көрүнөт. Түсү кара, бозомтук күрөң. Көздөрү терисинин же какачынын астынан жылтырап турат. Алардын 25 урууcунун 96 түрү Азия, Африка, Борб. ж-а Түш. Американын тропиктерине тараган. Көбүнчө нымдуу жерлерде, айрымдары кумурска ж-а термиттин уюктарында кезигет. Сууда жашагандары да бар. Накта сөөлжан сымалдар, муунак сөөлжан сымалдар, балык жыландар ж. б. уруулары белгилүү.

**СӨӨМЧҮЛӨР (пя́деницы)** — көпөлөктөр тукуму. Канатынын эни 13—50 *мм*, айрымдарыныкы 80 *мм*ге чейин жетет. Боз күрөң, же саргыч, таргыл сызыктары бар. Жыныстык диморфизм ачык байкалат. Суук мезгилде пайда болуучу түрлөрүнүн ургаачыларынын канаты кыска, кээси канатсыз. Алардын 15000дей түрү көбүнчө тропикте ж-а жазы жалбырактуу токойлорго тараган. СССРде 1300гө жакын түрү кезигет. Алар күүгүмдө ж-а түндө тиричилик кылат. Эжеке бээ саалларынын жылышы бирдемени сөөмдөп, карыштап өлчөгөн сыяктуу көрүнөт (аты ошондон). Барсылдакчыл сөөмчү, боз сөөмчү, кайыңчыл сөөмчү ж. б. өкүлдөрү белгилүү. Эки түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**СПИРУЛА (спи́рула)** — каракатицалардын спирула сымалдар тукумундагы жандык. Уруунун жалгыз түрү. Тулкунун уз. колдору м-н кошо 7—8 *см*. Жуп сүзгүч калагы денесинин учуна орношкон. Ортосунда жылтылдоочу органдар бар. Атлантика, Инди ж-а Тынч океандарынын ар кандай жерлеринде суунун тереңинде учурайт. Зоопланктон м-н азыктанат.

**СПОРОВИКТЕР (споровики́)** — мите жөнөкөй жандыктар классы. Киши ж-а айбандардын клетка, ткань, органдарында мителик кылып, кыйла оор тумоону, ылаңды пайда кылат. Алардын тамак кармоочу атайын органелласы жок. Жыныссыз ж-а жыныс жолу м-н көбөйөт. Үч классчасынын (грегариналар, кокцидиялар, ж-а пироплазмидалар) 400дөй түрү кеңири тараган.

**СПРУТТАР (осьмино́ги)** — баш буттуу моллюскалар түркүмү. Дене уз. 1—60 *см*, тинтүүрлөрү (колдору) м-н 3—5 *м*ге жетет, салм. 60 *кг*дан ашык. Денеси сүйрү, кап сымал, башы тулкунан бир аз бөлүнүп турат. Колдору чоюлгуч жаргакчалар м-н бириккен. Он бир тукумунун 40 урууcу, 200дөй түрү бар. Алар деңиз ж-а океанды мекендейт. СССРде 9—10 тукумунун 25тей түрү кезигет. Зоопланктон, майда омурткасыздар, чанда курт ж-а тикен терилүүлөр м-н азыктанат. Промысел объектиси. Кээ бир жерде саны азаюуда.

**СТАВРИДАЛАР (ставри́довые)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 1,8 *м*, салм. 50 *кг*га жетет. Алардын 20дай урууcу, 200гө жакын түрү тропик, субтропик ж-а мелүүн алкактардагы деңиздерде жашайт. Планктон ж-а суу жандыктары м-н азыктанат. Каранкстар, он канаттуу ставридалар ж. б. өкүлдөрү белгилүү.

**СТАВРОМЕДУЗАЛАР (ставромеду́зы)** — сцифоид жандыктар түркүмү. Медуза ж-а полипке окшош. Бийикт. 2—15 *см* болгон. Денеси буттуу стаканга окшош. Анын кырында 8 колу болуп, учунда томолок баштуу топтошкон тинтүүрлөрү болот. Жыныс жолу м-н көбөйөт. Отуз түрү тропиктен арктикага чейин деңиз түбүндө жашайт. СССРде 12 түрү кезигет. Көбүнчө деңиздердин жээкке жакын түбүндө учурайт. Жай жылып жүрөт.

**СТАФИЛИНДЕР (стафилини́ды, короткокрадкры́лые)** — ылгабай азыктануучу коңуздар түркүмчөсүнүн тукуму. Уз. 1,5—40 *мм*. Денеси ичке, жалпагыраак, канат жапкычы чолок. Алардын 20 миңдей түрү бар. СССРде 2000ге жакын түрү кезигет. Топуракта, чириндиде, кыкта, дарак кабыгынын астында, таш кычыгында, кумурска уюгунда жашайт. Жырткычтар же сапрофагдар. Көбү жакшы учат. Личинкалары жырткыч. Бир түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**СТЕГОЗАВРЛАР (стегоза́вры)** — кушчаттуу динозаврлар түркүмүндөгү тукуму курут болгон сойлоочулар түркүмчөсү. Уз. 9 *м*ге чейин жеткен. Баш сөөгү узун, алдыңкы аяктары арткысынан кыска болгон. Төрт буттап жылган. Чөп жеген. Эки тукуму, 10-дой уруусу, 23 түрү Евразия, Африка, Түн. Америкага тараган.

**СТЕГОЦЕФАЛДАР (стегоцефа́лы, панцирноголо́вые, крышечерепны́е)** — палеозой доорунда жашаган амфибиялардын жалпы аты. Денеси сөөк эбелектер м-н капталган. Буларга: батрахозаврлар, лабиринтодонттор ж. б. түркүмдөр кирген.

**СТЕНБОКТОР (стенбо́ки, штейнбо́ки)** — көңдөй мүйүздүүлөр уруусу. Тулкунун уз. 62—90 *см*, бийикт. 45—60 *см*. Эркегинин мүйүзү 5—19 *см*ге жетет. Үч түрү (кадимки стенбок, грисбок, шарп стенбогу) Африка саванналарынын бадалдуу жерлерине тараган. Улуттук парктарда гана калган.

**СТИХЕЙ СЫМАЛДАР (стихе́евые)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү кандек балыктар түркүмчөсүнүн тукуму. Уз. 17—49 *см*, жумуру, түрпүлүү балыктар. Беш тукумчасы (стихейлер, макмал баштар, бечаралар, деңиз чыбыйлары ж. б.), 30 уруусу, 60 түрү Атлантика ж-а Тынч океандардын түн. тарабында ж-а Түн. Муз океанынын сууларында кезигет.

**СТОМИЯ СЫМАЛДАР (стомиеви́дные)** — сом сымалдар түркүмүндөгү балыктар түркүмчөсү. Уз. 2,5—40 *см*. Денесинин түзүлүшү ар түрдүү, түсү күмүштөй же кара. Жарык чыгаруучу органдары бар. Тогуз тукумунун 54—55 уруусу, 400дөй түрү бардык океандарда жашайт. СССР деңиздеринде 10дой түрү кезигет. Планктон м-н азыктанат. Жырткычтары да бар. Кээ бири промысел объектиси.

**СТРОМАТЕЙ СЫМАЛДАР (строматееви́дные)** — алабуга сымалдар түркүмүнүн түркүмчөсү. Келтек тумшук, чоң көз балыктар. Алты тукуму, уруусу тропик, субтропик ж-а мелүүн алкактардагы деңиздерде тараган.

**СТРОНГИЛИДАЛАР (стронгили́ды)** — сецерненттер классчасындагы мите жумуру курттар түркүмү. Уз. 4 *мм*ден 7 *см*ге чейин. Оозу чоң, капсуласы м-н ээсинин ткандарына жабышат. Алардын 10 тукуму, 22 уруусу бар. СССРде 8 уруусу кезигет. Кишиге ж-а айбандарга оору жугузат.

**СУБАГАЙ КАНАТТАР (прямокры́лые)** — курт-кумурскалар түркүмү. Көпчүлүк түрүнүн эки жуп канаты бирдей. Арткы буту м-н секирет. Угуу ж-а чыртылдоо органдары жакшы өөрчүгөн.

Эки түркүмчөсү (узун муруттар, кыска муруттар), 20 миңге жакын түрү бүт Жер шарына, айрыкча тропик ж-а субтропик алкактарына кеңири тараган. СССРде 700дөй түрү кезигет. Негизинен чөп жейт, кээ бири жырткычтар. Айрымдары, мис., жут чегирткелер, аюу түктөр ж. б. эгинге чоң зыян келтириши мүмкүн.

**СУБАГАЙ КУЙРУКТУУЛАР (долгохво́стовые, макру́русы)** — треска сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Денеси чубалжып, уз. 40 *см*ден 1 *м*ге чейин, арт жагы жипке окшоп ичке. Көзү чоң, башы дүңгүл. Алардын 20дай уруусунун 250дөй түрү бардык океандарга тараган. Тереңде жашайт. СССРде 15ке жакын түрү Баренц, Беринг, Охота деңиздеринде ж-а Тынч океандын жээкке жакын жагында кезигет. Былпылдак баш субагай куйрук, субагай куйрук буцефал, куралдуу субагай куйрук ж. б. өкүлдөрү белгилүү. Макропланктон ж-а бентос м-н азыктанат. Бучук макрурус баалуу промыселдик балык.

**СУБАГАЙ КЫРК АЯКТАР (мухоло́вки)** — эрин буттуулар түркүмүндөгү курт сымал жаныбарлар. Уз. 15—45 *мм*. Буту 15 жуп, узун. Булардын 300дөй түрү, СССРде 3 түрү белгилүү. Анын ичинен көбүрөөк белгилүүсү — кадимки субагай кырк аяктар. Күүгүмдө чымын кууп, катуу чуркайт.

**СУБАГАЙЛАР (долготе́лы, длинноте́лы, жуки́-долготе́лы)** — ылгабай азыктануучу коңуздар тукуму. Тулку ичке, узун, башы узун түтүккө айланган, муруттары жиптей же теспедей. Алардын 1300дөй түрү көбүнчө тропик токойлоруна тараган. СССРде 1 түрү Түркстандын бадалдуу токойлорунда кезигет. Алар жыгач кемиргич кумурскалар м-н жамаатташ жашайт. Айрымдары зыянкеч, кээ бири жырткыч. Гватемала субагайы, лепторинхус, чөп субагайы ж. б. белгилүү.

**СУГАЛАКТАР (живогло́товые, хиазмо́довые)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 10—30 *см*. Оозу чоң, тиштери учтуу, бир нече катар тизилген. Алар өзүнөн чоң айбанды жутуп жибере алат. Төрт уруусунун 10дой түрү бардык океандардын жылуу сууларына тараган. Океан балыктарына жем.

**СУКСУРЛАР (кро́хали)** — өрдөктөр уруусу. Уз. 40—65 *см*, салм. 1,1—2 *кг*. Тумшугу ичке, чекесинде майда тишчелери бар. Жакшы чумкуйт. Алардын 7 түрү бар, анын 5 түрү Түн. жарым шарда, СССРде 4 түрү (чоң суксур, кидик суксур, ак төбөл суксур, какачтуу суксур) кезигет. Аңчылык кылынат. Негизинен балыктар м-н азыктанат. Какачтуу суксур СССРдин Кызыл китебине катталган.

**СУЛТАН БАЛЫКТАР (султа́нковые)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 10—50 *см*. Жаагынын артында кош муруту бар, анын азык издөөдө ролу зор. Беш уруусу, 50 түрү бардык океандардын тропик, субтропик ж-а мелүүн сууларына тараган. Үйүрү м-н суу түбүндө жашайт. Промысел объектиси.

**СУЛТАН КАШКАЛДАГЫ (султа́нка, ку́рица султа́нская)** — суу тартарлар тукумундагы куш. Уз. 45 *см*ге жакын. Түсү кара көк, маңдайы такыр, тумшугу ж-а шыйрагы кызыл. Африканын түндүгүндө, Европа ж-а Азиянын түштүгүнө, Австралияга ж-а анын тегерегиндеги аралдарга тараган. СССРде Каспий деңизинин айланасындагы камыштуу сууларда, көлдөрдө кезигет. СССРдин Кызыл китебине катталган.

**СУ́НИ (су́ни)** — көңдөй мүйүздүүлөр тукумундагы кидик бөкөндөр тукумчасындагы айбан. Бийикт. 30—35 *см*, салм. 8—9 *кг*.

Эркектеринин мүйүзү 7—9 *см*ге жетет. Африканын токойлуу, бадалдуу жерлеринде кезигет. Жалгыз ж-а түгөйлөшүп жүрөт. Күндүз калың өсүмдүк арасында (черде) жатып, күүгүмдө оттойт.

**СУРИКА́ТА (сурика́та)** — виверралар тукумундагы жырткыч желиндүү айбан. Тулкунун уз. 25—35 *см*, куйругу 17—25 *см*. Түсү боз күрөң, жүнү сейрек, таргылы бар. Түш. Африканын чөлдөрүндө, топтошуп ийинде жашайт. Курт-кумурска, майда омурткалуу жандыктар м-н азыктанат.

**СУРНАЙЧЫЛАР**, агамалар **(трубачи́, ага́ми)** — турна сымалдар түркүмүндөгү куштар тукуму. Уз. 43—53 *см*. Шыйрагы узун, тумшугу чолок. Түсү жалтылдаган кара, карала. Үч түрү Түш. Американын тропик токойлоруна тараган. Жакшы чуркайт, начар учат. Даракка чыгып түнөйт. Көлмө, саздарда тобу м-н жүрүшөт. Катуу (сурнайдай) үн чыгарат (аты ошондон). Жемиш, курт-кумурска м-н азыктанат. Ак канат сурнайчы, кадимки сурнайчы ж. б. түрлөрү белгилүү. Аңчылык кылынат.

**СУУ БҮРГӨЛӨРҮ**, дафниялар **(да́фнии)** — бутак муруттуу рак сымалдар уруусу. Уз. 1—3 *мм*. Алардын 26 түрү бар, 14 түрү СССРде кезигет. Балык жеми. Кадимки суу бүргөсү, куйруктуу суу бүргөсү ж. б. түрлөрү белгилүү.

**СУУ БҮРКҮТТӨР (орла́ны)** — карчыга куштар тукумундагы ири куштар уруусу. Уз. 75—100 *см*. Бүркүттөн айырмасы шыйрагы жылаңач, таманындагы тикендер жылбышкак нерселерди тутууга ылайыкталган. Жети уруусу Түш. Америкадан башка бардык жерлерде кеңири тараган. СССРде 3 түрү: ак куйрук суу бүркүт, ак мүрү суу бүркүт ж-а узун куйрук суу бүркүт кезигет. Деңиз, көл ж-а ири өзөн жээктерин мекендейт. Балык, майда сүт эмүүчүлөр, куштар, тарптар м-н азыктанат. Сейрек учурайт. 2 түрү ж-а түрчөсү ТКЭСтин, 1 түрү СССРдин ж-а Кыргызстандын Кызыл китебине катталган.

**СУУ ЖОЛБОРС (морж)** — калак буттар түркүмүндөгү желиндүү (сүт эмүүчү) айбан. Тулкунун уз. 300—410 *см*, салм. 1,5—2 *т*га жакын. Эркеги ургаачысынан кыйла чоң. Жырткыч азуулары 60—80 *см*ге жетет, үстүңкү ууртунан чыгып турат. Жүнү сейрек, териси абдан калың (3—4 *см*), тери бүктөөлөрү бар. Начар көрөт, бирок жыт алышы курч. Түн. Муз океанынын жээгин ж-а уюл аралдарын, СССРде Беринг, Чукот, Чыгыш Сибирь ж. б. деңиздерин мекендейт. Негизинен моллюскалар м-н азыктанат.

**СУУ ЖЫЛАНДАР (ужо́вые)** — жыландар түркүмүндөгү сойлоочулар тукуму. Уз. 10 *см*ден 3,5 *м*ге чейин. Тиштери көп, алар жаагында ж-а таңдай сөөктөрүндө жайгашкан. Сырткы түзүлүшү ж-а түсү ар кандай. Кээ биринин үстүңкү тиштери чоңураак, алар уу бези м-н бириккен. Алардын 5—8 тукуму, 200дөн ашык уруусу, 1600гө жакын түрү Антарктидадан башка бардык континенттерде кезигет. СССРде 16 уруусунун 39 түрү бар. Кургакта, ийинде, даракта ж-а сууда жашайт. Омурткалуу ж-а омурткасыз жандыктар м-н азыктанат. Жети түрү, түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**СУУ КЕСКИЧТЕР (водоре́зы)** — чардактар тукумундагы куштар тукумчасы. Уз. 45 *см*ге чейин жетет. Үч түрү тропикте кезигет. Өзөн ж-а көлдөрдө учурайт. Сыртынан чабакчыл чардакка окшош. Узун канат, ача куйрук, үстүңкү тумшугу узун. Суу үстүнөн кайып учуп, астыңкы тумшугу м-н сууну жиреп учуп илинген

жемин өөдө ыргытып, кайра тосуп жейт. Жээкте топтошуп уя салат. Өкүлдөрү: ак моюн суу кескич, кара суу кескич.

**СУУРЛАР (сурки́)** — кемирүүчүлөр түркүмүндөгү желиндүү айбандар уруусу. Дене уз. 30—60 *см*, куйругу 10—25 *см*. Саргыч, буурул, сары түстө, башы денесинен кочкул. Он беш түрү Түн. жарым шардын тоолорунда, түздүктөрдө кезигет. СССРде 6 түрү (боз суур же тянь-шань сууру, боздоң сууру, Мензбир сууру ж. б.) бар. Ыгы жок аңчылыктан ж-а алар жашаган жердин айдоого айланышына байланыштуу саны ж-а ареалы өтө азайган. Ийинде топтошуп жашайт. Кышында чээнге кирет. Чума ж. б. жугуштуу оорулардын козгогучтарын жугузат. Эки түрү ТКЭСтин, 1 түрү СССРдин ж-а ошол түр (Мензбир сууру) Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине катталган.

**СУУСАРЛАР (куни́цы)** — суусар сымалдар тукумунун уруусу. Тулкунун уз. 50—80 *см*, куйругу 34—44 *см*ге чейин жетет. Түсү көбүнчө күрөң, кара күрөң, төшү ак. Алардын 6 түрү (киш, америка суусары, кадимки суусар ж. б.) Евразия ж-а Түн. Американын токойлорунда кезигет. Териси баалуу, тери чарбасында багылат.

**СУУСАР СЫМАЛДАР (ку́ньи)** — желиндүү жырткыч айбандар тукуму. Тулку созулуңку, ийкем, буту кыска, беш манжалуу. Манжасында жаргакчалары бар. Жүнү калың, тыбыттуу. Антарктида, Австралиядан башка бардык аймакка тараган. Алардын 24 уруусу, 64 түрү бар. СССРде 8 уруусунун 16 түрү кезигет. Жерде, сууда, даракта жашайт. Белгилүү өкүлдөрү; суусарлар, булгундар, арыстар, күзөндөр ж. б. Көбү эт гана жейт. Көбү моногамдар. Алардын 6 түрү ж-а 1 түрчөсү ТКЭСтин ж-а 1 түрү, 6 түрчөсү СССРдин, ал эми ала күзөн Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине катталган.

**СУУ СУУСАРЛАР (но́рки)** — суусарлар тукумунун арыс чычкандар ж-а күзөндөр уруусундагы жырткыч желиндүү айбандардын эки түрү (европа суу суусары ж-а америка суу суусары). Денеси ичке, созулуңку, буту кыска, салаасы жаргактуу. Бутунун учу м-н басат, жүнү жумшак, жылтылдак, кара күрөң. Тулкунун уз. 45—54 *см*, куйругу 20 *см*ге жетет. Токойдогу тоңбоочу өзөндө, көлмө ж-а көл бойлорунда, ийин казып жашайт. Майда желиндүү айбандар, балык м-н азыктанат. Европа суу суусары Кыргызстанда Чаткал өрөөнүнө коё берилип, байырлаштырылууда. Америка суу суусары колдо багылып, анын кыйла түстөгү асыл тукумдары алынууда. Тери чарбасынын баалуу объектиси.

**СУУ ТАРТАРЛАР (пастушко́вые)** — турна сымалдар түркүмүнүн тукуму. Уз. 16—63 *см*. Денеси эки капталынан куушуруңку, буту ж-а шадырлары узун. Суу, саздарды мекендейт. Жакшы чумкуйт, сүзөт, чуркайт, начар учат. Алардын 62 уруусу, 138 түрү кеңири тараган. СССРде 12 түрү уялайт. Тартар, кашкалдак, султан кашкалдагы, кызыл чеке кашкалдак, суу тартар ж. б. түрлөрү белгилүү. Сегиз түрү ж-а 8 түрчөсү ТКЭСтин ж-а 2 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**СУУ ТЕКЕЛЕР (водя́ные козлы́)** — көңдөй мүйүз желиндүү айбандар тукумундагы айбандар уруусу. Тулкунун уз. 125—220 *см*, бийикт. өркөчүнөн 70—130 *см*. Эркектеринин мүйүзүнүн уз. 30—100 *см*, тик, бир аз ичине ийилген. Жалы бар. Алардын 5 түрү Африканын саздуу саванналарында токой этектеринде кезигет. Сууда жакшы сүзөт, үрккөндө сууга кире качат. Өкүлдөрү: суу

теке, саз текеси, личи, пуку ж. б. Личи ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**СУУ ЧЕНЕГИЧТЕР (водоме́рки)** — суу канталалар тукуму. Суу үстүндө секирип же тез-тез жылып жүрөт (аты ушундан). Уз. 1—34 *мм.* Алардын 700дөй түрү кеңири тараган. СССРде 40тан ашык түрү бар. Суу үстүндө, кээде көлмө жээктеринде жашайт. Майда омурткасыз жаныбарлар ж-а алардын тарптары м-н азыктанат.

**СУУ ЧӨЛМӨКТӨР (гла́дыши)** — сууда жашоочу канталалар тукуму. Уз. 7,5—18 *мм.* Жону дөмпөк, боору жалпак, арткы буттары сүзүүгө ылайыкталып, калакка окшош. Эки жүздөй түрү көлмөлөрдө кезигет. СССРде 10го жетпеген түрү учурайт. Чалкасынан жатып, суу үстүндө сүзүп жүрөт. Жырткычтар. Майда жандыктарды, балык ж-а баканын уруктарын жейт. Балык чарбасына зыян келтирет.

**СУУЧУЛ БУГУЧАРЛАР (водяны́е оленьки, африка́нские оле́ньки)** — бугучарлар тукумунун уруусу. Жалгыз түрү (африка бугучары же суучул бугучар) бар. Тулкунун уз. 75—85 *см*, бийикт. 35—40 *см*, салм. 10—15 *кг.* Жону чаар, кара күрөң, боору агыш. Африканын тропигиндеги нымдуу, саздуу токойлордо жашайт. Түнкүсүн оттойт. Күндүз чытырман токойдун арасында, коңулунда жатат. Сууда жакшы сүзөт, чумкуйт.

**СУУЧУЛ КАНТАЛАЛАР (водяны́е скорпио́ны)** — канталалар түркүмүндөгү курт-кумурскалар тукуму. Уз. 15—50 *мм.* Денесинин артында узун дем алдыргыч түтүгү бар. Алардын 200дөй түрү бар. СССРде 5 түрү кезигет. Начар сүзөт, жай аккан же чөптүү сууларда жашайт. Жырткычтар. Суудагы майда жандыктар, балык уруктарын жеп, балык чарбачылыгына зыян келтирет.

**СУУЧУЛ КУШТАР (водопла́вающие пти́цы)** — тиричилигин көбүнчө сууда өткөрүүчү ж-а ошого ылайык сууда сүзүп, чумкуп, чабак уруп жашай алуучу куштар.

**СУУ ЧЫЧКАНДАР (куто́ры)** — жер чукуурлар тукумундагы чычкандар уруусу, кемиргич майда желиндүү айбан. Дене уз. 7—10 *см.* Кургакта да, сууда да жашайт. Эки түрү (кадимки кутора ж-а кидик кутора) Европага, Азияга тараган.

**СҮЗГҮЧ КАНТАЛАЛАР (пла́вты)** — канталалар тукуму. Уз. 12—15 *мм.* Тузсуз суу түбүндө майда жандыктарды жеп жашайт. Эки жүздөй түрү кеңири тараган. СССРде 8 түрү кезигет. Белгилүү өкүлү: кадимки сүзгүч кантала.

**СҮЗГҮЧ КОҢУЗДАР (плавунцы́)** — эт жечү коңуздар түркүмчөсүнүн тукуму. Уз. 1,5—50 *мм.* Денеси сүйрү, каптал кырлары миздүү. Алдыңкы буттары кармоого, арткылары сүзүүгө ылайыкталган. Алардын 2500дөй түрү кеңири тараган. СССРде 270тей түрү кезигет. Көлмөдө жашайт, бирок атмосфера абасы м-н дем алат. Бир көлдөн экинчисине учуп бара алат. Чоңдору, личинкасы да суудагы майда жандыктар м-н азыктанат.

**СҮЗГҮЧТӨР (плаву́нчики)** — мааракtar тукумундагы куштар уруусу. Уз. 16—20 *см.* Сууда сүзүп жүрүп, чумкубай жем издейт. Үч түрү тундра ж-а токойлуу тундрада кезигет. Майда омурткасыздар м-н азыктанат.

**СҮЙРҮ КАНАТТАР (долгопёровидные)** — скорпена сымалдар түркүмүндөгү балыктар түркүмчөсү. Жалгыз тукуму (сүйрү канаттар) бар. Уз. 30 *см*ге чейин, башы чоң, сөөк чопкут м-н капталган. Көкүрөк сүзгүч канаттары экиден, үстүңкүлөрү узун, тарамдары жаргак м-н кошулган. Жазып жибергенде жарганат-

тын канатына окшоп кетет. Негизинен деңиз түбүндө жашайт. Төрт уруусу бардык океандын жылуу деңиздеринде (Тынч океандын чыгыштагы деңиздеринен башка) кезигет. СССРде жер ортолук деңиз сүйрү канаты көп кезигет.

**СҮЛӨӨСҮН (рысь)** — мышыктар уруусундагы сүт эмүүчү (желиндүү) айбан. Тулкунун уз. 82—115 *см*, салм. 8—15 *кг*га жетет. Денеси чымыр, буттары узун, кулагынын учунда узун кылдары бар. Жүнү калың, жумшак, түсү көгүш, куйкул чаар. Куйругу чолок, уч жагы кара. Күчтүү, шамдагай жырткыч. Евразияга, Түн. Америкага тараган. СССРдин бардык токойлорунда, Кавказ, О. Азия, Алтай тоолорунда, Сибирден Камчаткага чейин кезигет. Кемирүүчүлөр, куштар, айрым учурда туяктуулар м-н азыктанат. Териси баалуу, бирок промыселдик мааниси анча эмес. Саны азаюуда. Түркстан сүлөөсүнү СССРдин ж-а Кыргызстандын Кызыл китебине катталган.

**СҮЛҮК СЫМАЛ БУРАМАЛАР (коловра́тки пиявкови́дные)** — бурамалар классындагы жандыктар түркүмү. Сүлүк куртка окшоп жылып жүрөт (аты ошондон). Сууну биологиялык жол м-н тазалоодо ролу бар.

**СҮЛҮКТӨР (пия́вки)** — муунак курттар классы. Уз. бир нече *мм*ден 15 *см*ге чейин. Денеси жалпагыраак, кээде жумуру. Эки соргучу бар (оозунда ж-а көчүгүндө). Денесинин сырты жылма муунактуу, кээсинин бездүү бүдүрлөрү бар. Түсү кара, күрөң, жашыл. Нерв ж-а булчуң системалары жакшы өөрчүгөн. Териси м-н дем алат. Гермафродиттер. Жыныстык жол м-н көбөйөт. 2—10 көзү бар. Көпчүлүгү мите, омурткалуу жаныбарлардын канын соруп жашайт. Айрымдары жырткыч. Эки классчасы, 3 түркүмү, 400дөн ашык түрү тузсуз сууда, деңизде, нымдуу топуракта тараган. Көпчүлүк тропик ж-а субтропик алкактарында кезигет. СССРде 80дей түрү учурайт. Ар түрдүү мителердин ээси болушу мүмкүн, өздөрү көп жаныбарларга жем. Медицинада байыртан бери бейтаптын канын сордурууга пайдаланылат.

**СҮТ ЭМҮҮЧҮЛӨР**, к. *Желиндүүлөр* макаласын.

**СФЕКСТЕР (сфе́ксы)** — ийинчил сары аарылар уруусу. Уз. 40 *мм*ге жакын. Алардын 275 түрү бар. СССРде 30дай түрү кезигет. Личинкалары майда курт-кумурскалар м-н азыктанат.

**СЦИНКТЕР (сци́нковые)** — кескелдириктер тукуму. Денеси жыландыкындай чубалжыган, сырты майда түрпүлөр м-н капталган. Тулкунун уз. бир нече *см*ден 65 *см*ге чейин. Айрымдарынын бутунун томоосу (орду) эле бар, кээсиники жок. Ийинде жашоочуларынын көзү да жок. Алардын 90дой уруусу, 1200 түрү кеңири тараган. СССРде 3 уруусунун (жайдак көздөр, ала кескелдириктер ж. б.) 10дой түрү кезигет. Омурткасыз ж-а омурткалуу майда жандыктар м-н азыктанат. Айрымдары чөп жейт. Үч түрү ТКЭСтин, 4 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**СЦИФОИДДЕР**, т а б а к  с ы м а л д а р **(сцифо́идные)** — книдарий жандыктарынын классы. Ичеги көңдөйү борбордук бөлүгүнөн, каптал чөнтөкчөлөрүнөн ж-а каналдар тармагынан турат. Көпчүлүгүнүн тиричилик циклинде медуза м-н полип формасы ирети м-н алмашат. Эреже катары медуза мууну жакшы өөрчүйт, полип мууну жарым жан болушат. Беш түркүмү (таажылуулар, дискомедузалар, кутумедузалар, ставромедузалар, тамыр ооз медузалар), 200гө жакын түрү Дүйнө океандарына кеңири тараган. СССРдин деңизинде 25 түрү кезигет.

**СЫЙДАЛАР (красоте́лы)** — дуулдактар тукумундагы коңуздар уруусу. Уз. 24—32 *мм.* Кулпунган кара көк, саргыч жашыл коңуздар. Булар зыянкеч курт-кумурскаларды кырып, пайдалуу. Токой зыянкечтери м-н күрөшүү үчүн, кээ бир түрү колдо өстүрүлөт. Боздоң сыйдасы, жыттуу сыйда, коло сымак сыйда ж. б. түрлөрү белгилүү.

**СЫМБАТТУУ ЖЕЙРЕН (ори́би)** — кидик бөкөндөр тукумчасындагы сүт эмүүчү жаныбар. Чоңдугу жейрендей, бирок андан назик. Уз. 92—110 *см,* бийикт. өркөчүнөн 50—67 *см.* Эркегинин мүйүзү 12 *см,* ургаачысы токол. Түсү — куйкул. Көзүнүн алдында кара тагы бар. Куйругунун учу кара. Африка, Сахаранын түштүгүндө кезигет. Бийик чөптүү, караган буталуу адырларда жашайт. Жубу м-н жүрүшөт. Аңчылык кылынат.

**СЫНДУУ БӨКӨН (оро́нго, чи́ру)** — бөкөндөр тукумчасындагы сүт эмүүчү жаныбар. Тулкунун уз. 120—130 *см,* бийикт. 90—100 *см,* салм. 25—35 *кг.* Бою, түсү, мүйүзү бөкөндүкүнө окшош, бирок тумшугу анча салаңдак эмес. Мүйүзү бөкөндүкүнөн узун ж-а тигирээк. Тибеттин адырларында 4500—4700 *м* бийиктикте гана калды. Эртең м-н, кечинде оттойт.

**СЫҢАР ТУЯКТУУЛАР (непарнокопы́тные)** — сүт эмүүчүлөр (желиндүүлөр) түркүмү. Негизинен ири жаныбарлар. Буттарында 1 же 3, чанда 4 манжасы болот. Ортоңкусу баарынан чоң. Манжаларынын учу туяк м-н капталган. Азуу тиштеринин беттери узун, туурасынан бодуракай келип, кесек тоютту майдалоого ыңгайланган. Үч тукуму (жылкылар, тапирлер ж-а кериктер), 16 түрү бар. Африкада, Азияда ж-а Түш. Америкада тараган. Европадагыларынын тукуму курут болгон. СССРде жылкы тукумунан жалгыз кулан кезигет. Чөлдө, талаада, боздоңдо, айрымдары тропиктеги саздуу токойдо жашайт. Чөп жейт. Үйрү м-н жүрөт. Желини эки эмчектүү. Көбүнчө 1ден (жалкы) тууйт. Көпчүлүгүнүн саны азаюуда. Он эки түрү, 3 түрчөсү ТКЭСтин, 1 түрчөсү СССРдин Кызыл китебине катталган.

# Т

**ТААРЫГЫЧТАР (пили́льщики)** — жоон белдүү жалтырак канаттуулар түркүмчөсүндөгү курт-кумурскалардын бир нече тукумунун жалпы аты. Алардын жумуртка салгычы араага окшош. Аны м-н ургаачысы өсүмдүк тканын тилип, тилинген жерге жумуртка тууйт. Алардын 5 миңдей түрү белгилүү. Бардык аймакта негизинен токойлорго тараган. СССРде 1,6 миңдей түрү бар. Аларга желелүү таарыгыч, накта сабакчыл таарыгыч, барсылдак таарыгычы, кара өрүк таарыгыч, дан таарыгычы ж. б. кирет. Личинкалары өсүмдүктө ачык (жалган малагы) же өсүмдүк тканына кирип (сабак же дан таарыгычы) жашап, галл пайда кылат. Көпчүлүгү токой ж-а айыл чарба өсүмдүктөрүнө зыян келтирет.

**ТАБАК СЫМАЛДАР,** к. *Сцифоиддер* макаласын.

**ТАЙМЕНДЕР (тайме́ни)** — сом балыктар тукумундагы уруу. Уз. 1—1,5 *мге,* салм. 10—60 *кгга* жетет, Майда түрпүлүү, ири, жырткыч балык. Үч түрү (дунай сом балыгы, кадимки таймень ж-а сахалин таймени) бар. Евразия көлдөрүнө, өзөндөрүнө (ду-

най алаптарынан Сахалин, Кореяга чейин) тараган. Жергиликтүү промысел балыгы.

**ТАКАБАЛАР (taка́бовые)** — алабуга сымал балыктар тукуму. Уз. 20 *см*ге жетет, капталы кууш. Булардын 3 уруусу белгилүү. Тынч океандын Япония, Тасмания, Жаңы Зеландия аралдарынын жээктеринде кезигет. Такаба Японияда желет.

**ТАКА МУРУНДАР (подковоно́сы)** — жарганаттар тукуму. Мурдунун учунда түксүз тери («такага», «ээрге» ж-а «аштарга» окшош) өсүндүсү бар. Эки уруусунун 65 түрү Чыгыш жарым шардын тропик ж-а мелүүн алкактарына тараган. СССРде накта така мурундар уруусунун 6 түрү Кавказ ж-а О. Азияда кезигет. Үңкүрдө, жаракаларда жашашат. Күүгүмдө тиричилик кылып, шайтан көпөлөктөр, курт-кумурскалар м-н азыктанышат. Эки түрү СССРдин, 1 түрү — кидик така мурун Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине катталган.

**ТАКА ЭРИНДҮҮЛӨР (подковогу́бые)** — жарганаттар тукуму. Така мурундарга окшош. Алардын 6—9 уруусунун 45тей түрү бар. Ири така эрин, дөө така эрин, кидик така эрин ж. б. көбүрөк учурайт. Чыгыш жарым шардын тропик ж-а субтропик алкактарына тараган. Кечинде учушат. Курт-кумурскалар, чымын-чиркейлер м-н азыктанышат.

**ТАКИН (таки́н)** — көңдөй мүйүздүүлөр тукумундагы сүт эмүүчү жаныбар. Уруудагы жалгыз түр. Дене уз. 220 *см*, өркөчүнөн бийикт. 130 *см*, чымыр, жүнү коюу, узун, буттары кыска, жоон. Эркегинин да, ургаачысынын да мүйүздөрү тайпак өсүп, учтары өөдө көтөрүлүп, артын карай ийилип калган, уз. 50 *см*дей. Түсү боз. Борб. Азиянын бийик тоолорундагы токойлордо кезигет. Сейрек учурайт. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ТАМАН БАЛЫКТАР (караси́)** — каңылтырлар тукумундагы балыктар уруусу. Уз. 45 *см*, салм. 3 *кг*га жетет. Жону кара күрөң, капталдары кууш, сары. Жон сүзгүчү узун, жон сүзгүчү м-н арткы сүзгүчүндө идиректүү тармактары болот. Эки түрү Евразиянын тузсуз сууларына тараган. Америка, Индия сууларына байырлаштырылган. Планктон, майда омурткасыз жандыктар ж-а чөп м-н азыктанат.

**ТАМЫР БАШТАР (корнеголо́вые)** — мурут бут рак сымалдар классчасындагы түркүм. Суудагы омурткасыз жандыктардын (краб, качкын рак ж. б.) мителери. Мителик кылып жашагандыгына байланыштуу эң жөнөкөй түзүлүштө, чоңдорунун денеси сегменттелбеген, буттары, сезүү органы, ичегиси болбойт. Алардын 120дай түрү эки жарым шардын океан, деңиздеринде кезигет. Тропиктерде, айрым түрү тузсуз сууларда да учурайт. Булардын рак сымалдар экендигин личинкаларынан (науплиус ж-а циприс) билүүгө болот.

**ТАМЫР БУТТАР**, к. *Саркодалар* макаласын.

**ТАМЫР ООЗ МЕДУЗАЛАР**, к. *Сцифоиддер* макаласын.

**ТАНАГРЛАР (танагровые)**—сайрагыч таранчылар түркүмчөсүндөгү чымчыктар тукуму. Уз. 7,5—30 *см*. Тумшугунун түбү жоон, учу ичке, конустай. Түсү абдан кооз. Алардын 75 уруусу, 236 түрү Түн. ж-а Түш. Америкага тараган. Көпчүлүгү тропиктерде кезигет. Токойдо, бадал арасында жашайт. Жакшы сайрайт, башкалардын сайраганын туурайт. Гүл, жемиш, курт-кумурска жейт. Үч түрү ТКЭСтин Кызыл китебинде катталган.

**ТАНАПТУУЛАР (лучевики́, радиоля́рии)** — саркодалар классын-

дагы жөнөкөй жандыктар классчасы. Чоңдугу 40 *мкм*ден 1 *мм*ге жетет. Жети миңдей түрү деңиздерде жашап, негизги планктонду түзөт. Эндоплазманы курчап турган клетка ичиндеги борбордук капсуласы ж-а минерал скелети бар. Анысынын сыртында майда кыл, түк, жип сымал өсүндүлөрү (псевдоподиялары) болот. Бөлүнүү жолу м-н көбөйүшөт.

**ТАНДЫРЧЫ ЧЫМЧЫКТАР (птицы-печники́, горше́чники)** — тиранндар түркүмчөсүндөгү чымчыктар тукуму. Уз. 12—28 *см*. Алардын 58 уруусу, 220дай түрү Борб. ж-а Түш. Америкага тараган. Тропиктеги токойлордо, пампастарда, өзөндөрдүн, булактардын боюнда жашашат. Дарактарга, коңулдарга, зоока жылчыктарына ылайдан тандырга окшош уя салышат (аты ошондон). Курт-кумурска, жөргөмүш, айрымдары жемиш м-н азыктанат.

**ТАҢЧЫЛАР (заря́нки)** — таркылдак сымактар тукумундагы чымчыктар уруусу. Уз. 14 *см*, жону боз күрөң, төшү, тамагы күрөң. СССРде 2 түрү (дан куурай таңчысы ж-а япон таңчысы) бар. Евразия, Түш. Сахалин ж-а Түш. Курил аралдарына тарап, нымдуу жерлерде бадалдар арасында жашайт.

**ТАПИРЛЕР (тапи́ры, тапи́ровые)** — сыңар туяктуулар түркүмүндөгү сүт эмүүчү (желиндүү) жаныбарлар тукуму. Дене уз. 180—200 *см*, бийикт. 75—120 *см*, салм. 180—300 *кг*. Эби, сыны жок, бирок шамдагай. Тулку бою москоол. Буттары кыска, алдыңкы буттары 4, арткылары 3 манжалуу, туяк сымал. Тумшугунун учу салаңдап, түтүккө окшош. Кулагы, куйругу кыска. Түсү коңур, териси калың. Жалгыз уруусунун 4 түрү бар. Борб. ж-а Түш. Америкага, Түш.-Чыгыш Азияга тараган. Саздуу, нымдуу, көлмөлүү токойлордо жашайт. Жалгыздан жүрөт. Дарак, бадал жалбырактарын ж-а чөп жейт. Эти, териси үчүн аңчылык кылынат. Жабуулуу тапир, тоо тапири ж-а америка тапири ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ТАР (тар)** — көңдөй мүйүздүүлөр тукумундагы жаныбарлар уруусу. Уруунун жалгыз түрү. Дене уз. 170 *см*, өркөчүнөн бийикт. 100 *см*ге жетет. Эркегинин да, ургаачысынын да мүйүзү бар, уз. 43 *см*ге жетип, орокко окшош. Тоо эчкинин да, тоо текенин да белгилери бар. Териси калың, мойну ж-а төшүндөгү жүнү узун. Аравия, Индстан, Гималай тоолоруна тараган. Араб кой текеси м-н индия кой текеси ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ТАРАКАНДАР (тарака́новые)** — курт-кумурскалар түркүмү. Уз. 4—99 *мм*, жалпак. Башы алдыңкы көкүрөгүнө азырак кирип турат. Көзү чоң. Муруттары кыл сымал, узун, көп муунактуу. Кемирүүчү оозу болот. Алдыңкы канаты катуу, бүктөлүп бүт денесин жаап турат. Арткы канаты тунук, жалтырак, алдыңкы канаттын астында жатат. Кыйла түрүнүн алдыңкы ж-а арткы канаттары жок, учпайт. Буттары узун, жакшы чуркайт. Ургаачысынын курсагында сасык жыт чыгаруучу бези болот. Алардын 3600дөй түрү бар. Көпчүлүгү тропик ж-а субтропиктерге тараган, СССРде 55 түрү белгилүү. Түнкүсүн тамак издеп, күндүз жалбырак, таштын астында же кычыктарда, ийинде жүрүшөт. Көрүнгөндүн баарын жейт. Сары таракан ж-а кара таракан бүт дүйнөгө тарап, турак үйлөрдө жашайт. Тамак-аш, тери буюмдарын, китептин мукабаларын ж. б. бүлүндүрөт. Айрымдары тумоо, ылаң (мис., ич өткөк) жугузат. Приморьенин түштүгүндө учуроочу реликт токой тараканы СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ТАРАК БУТТАР (гребнепáлые)** — кемирүүчүлөр түркүмүндөгү сүт эмүүчү (желиндүү) жаныбарлар тукуму. Дене уз. 16—25 *см*, куйругу 1—5 *см*. Тумшугу кыска. Кыл муруттары узун. Чеңгелдери кыска, алакандары, тамандары түксүз. Арткы буттарынын шадыларынын кырларында кыл тарактары бар. Төрт уруусу, 6 түрү Түн. Африканын аскалуу тоолоруна тараган. Алардын бадал куйрук тарак бут ж. б. түрлөрү бар.

**ТАРАК ТИШТҮҮЛӨР,** к. *Тең тиштүүлөр* макаласын.

**ТАРАК ЧЫЧКАНДАР (гребнемыши́ные)** — кемирүүчүлөр түркүмүндөгү майда жаныбарлар тукуму. Денеси жумуру, башы чоң, мойну кыска. Дене уз. 17—25 *см*, куйругу 8 *см*, салм. 200—900 *г*га жетет. Көздөрү кичине, кулактары мулук. Түсү боз күрөң. Жалгыз уруусунун (туко-туконун) бир нече түрү Түш. Америкага тараган. Алардын суучул туко-туко, чили туко-тукосу көбүрөөк кездешет. Ийиндерде жамаатташып жашашат.

**ТАРАНЧЫЛАР (воробьи́)** — өрмөкчүлөр тукумундагы чымчыктар уруусу. Уз. 12—14,5 *см*. Көпчүлүк түрүнүн эркектеринин тамагы кара, калган жагы күрөң. Алардын 18 түрү Евразияга, Африкага тараган, 2 түрү Түн. Америкага алып келинген. Бардыгы топ-тобу м-н жүрүшөт. Уясын бирге салышат. СССРде 7 түрү бар. Аларга күрөң таранчы, индия таранчысы, кара төш таранчы, үй ж-а талаа таранчысы, чөл ж-а сөксөөл таранчысы кирет. О. Азия ж-а Түш. Казакстан, Закавказье, Сахалинде, Курил аралдарына тараган. Курт-кумурскаларды жейт. Чөл таранчысы СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ТАРАНЧЫ МЫКЫЙЛАР (сычи́ки)** — накта үкүлөр тукумундагы чымчыктар уруусу. Уз. 12—25 *см*. Башы кичинекей, тоголок, «кулак» жүнү жок. Тумшугу кыска, куйругу узун, Евразияга ж-а Америкага тараган. Майда жандыктар м-н азыктанат.

**ТАРАНЧЫ СЫМАЛДАР (воробьинообрáзные)** — куштар классынын түркүмү. Көбү майда, орто чымчыктар. Алар сырткы көрүнүшү, жашоо шарттары, тиричилиги, жем таап жеши жагынан бири биринен кыйла айырмаланат. Эркектери ургаачыларынан чоң болот. Көпчүлүгүнүн жыныстык диморфизми түсүнөн ажыратылат. Даракка жашоого ылайыкташып, айрымдары суудан жем издейт. Алардын 4 түркүмчөсү (тиранндар, жөнөкөй таранчылар, сайрагыч таранчылар ж. б.), 5 миңден ашык түрү Жер жүзүнүн дээрлик баарына тараган. Космополиттер. СССРде 300дөй түрү уялайт, 30дайы учуп өткөн чымчыктар. Моногамдар. Негизинен курт-кумурскалар м-н азыктанышат. Өсүмдүктөрдүн уруктарын жеп, дан өсүмдүктөрүнө зыян келтирүүчүлөрү да бар. Алардын 84 түрү, 66 түрчөсү ТКЭСтин, 5 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ТАРГЫЛ ЛАВРАК (полосáтый лаврáк)** — корумчул алабугалар тукумундагы балык. Уз. 180 *см*ге, салм. 50 *кг*га жетет. Атлантика океанынын батыш жактарында жашайт. Уулоо жүргүзүлөт.

**ТАРКЫЛДАК СЫМАЛДАР (дроздóвые)** — сайрагыч таранчылар түркүмчөсүндөгү чымчыктар тукуму. Уз. 12—33 *см*. Тумшугу катуу, узунураак, шыйрактары жоонураак. Балапандары чаар. Өңү, түзүлүшү ар түрдүү, секирип жүрүшөт. Алардын 49 уруусунун 305 түрү Жаңы Зеландия ж-а кысыктарынан башка жердин баарына кеңири тараган. СССРде 21 уруусунун (таңчылар, булбулдар, таркылдактар, котурепейлер, чакчыгайлар ж. б.) 53 түрү кезигет. Токойлордо, бадалдар арасында, аска, жарларда

жашашат. Негизинен курт-кумурскалар, күзүндө ж-а кышында өсүмдүк мөмөсүн да жейт. Көпчүлүгү жакшы сайрайт. Жерге, дарак көңдөйлөрүнө, дарактарга уялайт. Алардын 4 түрү, 8 түрчөсү ТКЭСтин ж-а 1 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ТАРКЫЛДАКТАР (дрозды́)** — таркылдак сымалдар уруусу. Алардын дене уз. 17—28 *см.* буттары чымыр, тумшугу күчтүү. Эркек, ургаачысы бирдей түстө. Алардын 62 түрү бүт Жер бетине (Антарктидадан башка) тараган. СССРде 13 түрү (боз таркылдак, кара таркылдак, ак тамак таркылдак, науманн таркылдагы ж. б.) бар. Акыркысы СССР эндеми. Токойлордо, дарактарда жашап, курт-кумурска ж-а өсүмдүк жейт. Бир түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ТАРМАК БУТТАР (корнено́жки)** — саркодалар типчесиндеги жөнөкөй жандыктардын классчасы. Дене уз. бир нече *мкм*дон 3 *мм*ге жетет. Алардын кыймылга келтирүүчү органчалары, жемин кармоочу псевдоподиялары ж-а айрымдарынын убактылуу чыбырткылары болот. Көпчүлүгүнүн раковинага окшош сырткы скелети (катуу кабыгы) бар. Сегиз классы белгилүү. Ага амёбалар ж-а фораминифералар класстары да кирет. Деңиздерде, тузсуз сууларда, нымдуу жерлерде жашайт. Мителери да бар.

**ТАРМАЛ КАНАТТУУЛАР (кудрепёровые)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Майда балыктар. Уз. 8—25 *см.* Түсү сары ала, кара ала, кооз. Тогуз уруусу Тынч ж-а Инди океандарынын жээкке жакын жерлерине тараган.

**ТАРПОН СЫМАЛДАР (тарпонообра́зные)** — кылкандуу балыктар түркүмү. Уз. 40 *см*ден, 2,4 *м*ге, салм. 150 *кг*га жетет. Морфологиялык түзүлүшүндө мурдагы өзгөчөлүктөрү сакталып калган. Сүзгүчтөрү тикенсиз. Түрпүсү циклоиддүү, айрымдары ири түрпүлүү. Төрт тукумунун 5 уруусу, 12 түрүнүн көбү тропиктеги деңиздердин жээкке жакын жерлерине тараган. Алардын атлантика тарпону, каңылтыр сымал тарпон ж. б. түрлөрү бар.

**ТАРПЧЫ ИТЕЛГИЛЕР (карака́ры)** — шумкарлар тукумундагы алгыр куштар тукумчасы. Жаактары, кээде алкымдары да такыр, буттары узун, тумшугу ийилген, канаттары жазы, учу тегерек. Төрт уруусу, 9 түрү бар. Анын ичинен гуадалуп тарпчы ителгиси, кадимки тарпчыл ителги көбүрөөк белгилүү. Америка континентине тараган. Ачык талааларда жашап, жерге же чөп, бадал түбүнө уя салат. Көрүнгөндүн баарын, көбүнчө тарп жейт.

**ТАРПЧЫ КОҢУЗДАР (тру́пники)** — кидик коңуздар тукумундагы майда коңуздар уруусу. Уз. 5—10 *мм,* жалтылдак кара күрөң түстө. Тарп м-н азыктанып, санитардык кызмат аткарат.

**ТАРТАК ТАРТАРЛАР (яка́ны)** — маарак сымалдар түркүмүндөгү куштар түркүмчөсү. Уз. 16,5—53 *см.* Канаттары жазы, куйругу узун, ичке, 3—4 тал гана жүнү бар. Шыйрактары, өзгөчө шадылары абдан узун. Жалгыз тукумунун 6 уруусу, 7 түрү бар. Американын, Африканын, Азиянын, Австралиянын тропик ж-а субтропик алкактарына тараган. Шадылары ж-а тырмактары узун болгондуктан сууда өскөн өсүмдүк жалбырактары м-н жеңил чуркап жүрөт. Чөп, курт-кумурскаларды жейт.

**ТАРТАК ЧУЛДУК (ходу́лдочник)** — маарактар тукумундагы куш. Уз. 40 *см*ге жакын, салм. 150 *г.* Жону м-н канаттары кара, боору, куйругу ак. Мойну, өзгөчө буту узун, кызыл. Евразияга, Африкага, Австралияга, Америкага ж. б. жерлерге тараган. СССР-

де Дунайдан Зайсан көлүнө чейин кезигет. Көлдөрдүн, деңиздердин, өзөндөрдүн жээктеринде жашайт. Топ-тобу м-н уялайт. Тайыз суулардагы майда жандыктар м-н азыктанат. Алардын кадимки тартак чулдук, австралия тартак чулдугу ж. б. түрлөрү бар. Бир түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ТАРТАРИДДЕР (тартари́ды)** — жөргөмүш сымалдар түркүмү. Уз. 2—7 *мм*. Денеси сүйрүрөөк. Курсагы ийиктей, кыпчуур сымал хелицерлери бар. Педипальптары тырмактай ийилген. Алдыңкы буттары жыт алуу кызматын аткарат. Өпкөсү м-н дем алышат. Алардын 35тей түрү бар. Тропиктеги нымчыл түрү топуракта, өсүмдүк калдыктарында, таш алдында жашайт. Майда курт-кумурскаларды, жандыктарды жейт.

**ТАРТАРЛАР (коросте́ли)** — суу тартарлар тукумундагы куштар уруусу. Уруунун жалгыз түрү (тартар) бар. Уз. 23 *см*ге жетет. Салм. 60 *г*дан 150 *г*га жетет. Канаттары, тегерек куйрук чалгындары кыска. Кара, көгүш түстө, көпчүлүгү чаар болот. Европа ж-а Батыш Азияга тараган. СССРде Байкалга чейин кезигет. Камыш, бийик чөптүн арасында жашынып жашайт. Эркеги жазында «тар-тар»лап үн чыгарат (аты ошондон). Күүгүмдө ж-а түндө тиричилик кылат. Майда омурткасыз жандыктар ж-а чөптүн уругу м-н азыктанат.

**ТАСМА БУКАЧАРЛАР (лентобычко́вые, угребычко́вые)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 15—33 *см*. Денеси курт-балыкка окшош жумуру. Он эки уруусу Атлантика, Тынч ж-а Инди океандарынын жылуу сууларына тараган. Деңиздердин түбүндө жашайт.

**ТАСМА КУЙРУКТУУЛАР (лентохво́стые)** — кит сымал балыктар түркүмүндөгү майда балыктар тукуму. Уз. 2—5 *см*. Куйрук канатынан ичке тасмага окшогон узун жип чыгат. Эки уруусу, 3—4 түрү Атлантика, Тынч ж-а Инди океандардын тропиктерине тараган.

**ТАСМА КУРТТАР**, цестодалар **(цесто́ды, ле́нточные че́рви)** — жалпак курттар классчасы. Уз. 0,5 *мм*ден 10—15 *м*ге жетет. Денеси тасмадай жалпак (аты ошондон). Башы, мойну, тулку (стробили) даана көрүнөт. Денеси жүздөгөн майда сегменттерден туруп, эпителий м-н капталуу, ар биринде жатын, энелик ж-а аталык уруктар жатат. Гермафродиттер. Ичегиси жок. Мите курттар. Кишини ж-а малды, жаныбарларды оору, ылаңга чалдыктырат. Алардын 3000дей түрү белгилүү.

**ТАСМАЛАР (тени́иды)** — тасма курттар түркүмүндөгү курттар тукуму. Чоңдорунун уз. 2—10 *м*ге жетет, жазылыгы 5—7 *мм*. Эки түрү кишиге ж-а сүт эмүүчү (желиндүү) жаныбарларга мителик кылат. Алар ээсинин ичегисинде жетилип чоңоёт. Гермафродиттер.

**ТАШ БАКАЛАР (черепа́хи)** — сойлоочулар түркүмү. Денеси жалпак. Алардын түзүлүшүнүн мүнөздүү өзгөчөлүгү — денеси мүйүз сөөктүү чопкуттар м-н капталган. Чопкуту жон (карапакс) ж-а көкүрөк (пластрон) калканчаларынан турат. Көпчүлүгүнүн башы, куйругу, буттары чопкуттун ичине жыйрылып кирет. Анын жазылыгы 12 *см*ден 2 *м*ге жетет. Көзү курч, жытты жакшы сезет, начар угат. Тиштери болбойт. Моюн ж-а куйрук омуртка тутуму кыймылдуу, калгандары карапакска бириккен. Алардын 2 түркүмчөсү, 11 тукуму, 250дөй түрү белгилүү. Бүт Жер жүзүнө, көбүнчө тропик ж-а экватор аймактарга тараган. Кургакта

да, сууда да жашагандары бар. СССРде 7 түрү учурайт. Көпчүлүгү жарым өмүрүн сууда өткөрөт. Суук ж-а өтө ысыкта чээнге киришет. Кургактагыларынын көпчүлүгү, деңиздегилеринин баары чөп, өзөн ж-а көлдөгүлөрү (жырткычтар) майда жандыктар м-н азыктанышат. Узакка ачка да жашай алышат. Алар 140тай жыл жашайт. Айрымдары промысел объектиси (эт, май, жумуртка үчүн). Атайын ташбака фермалары бар. Алардын 38 түрү ж-а түрчөсү ТКЭСтин, 2 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ТАШ КЕМИРГИЧТЕР (камнето́чцы)** — деңизде жашоочу катуу нерселерди оюп жол салууга жөндөмдүү кош капкалуу моллюскалар тобу. Алардын раковиналары катуу, татаал формада, кырдуу сайгычтар м-н капталуу. Капкалары ачык, булчуңдары аркылуу гана биригип турат. Буту кыска, көзөп атканда жабышып турууга жардам берет. Буларга негизинен фолад тукумундагы моллюскалар кирет. Түн. жарым шарга тараган. СССРде 10 түрү Кара, Азов деңиздеринде кезигет. Деңиз жээктерине салынган курулмаларды (порттор, маяктар ж. б.) көзөп, зыян келтириши мүмкүн.

**ТАШ ТИНТЭЭРЛЕР (камнеша́рки)** — маарактар тукумундагы чулдуктар уруусу. Уз. 25 *см*ге жетет. Тумшугу москоол, таш оодарып жем издейт (аты ошондон). Эки түрү Америкада, Евразияда кезигет. Кадимки таш тинтээр СССРде Балтика, Баренц деңиздеринен Беринг деңизине чейин тараган.

**ТЕГЕРЕК КАНАТ (пинаго́р)** — скорпена сымалдар түркүмүнүн тегерек канаттар тукумундагы балык. Уруудагы жалгыз түр. Уз. 12—60 *см*ге, салм. 5,5 *кг*га жетет. Баш жагы тегерек, куйрук жагы кууш. Терисинде катуу (сөөк) бурчуктары бар, чоңдору узунунан жайгашат. Жон сүзгүчү соргучтай. Чоң балыктары көгүш, жону кара, урук чачуу учурунда курсагынын сүзгүчтөрү мала кызыл түскө боёлот. Атлантика океанынын түн. бөлүгүнө, СССРде Балтика, Ак, Баренц деңиздерине тараган. Омурткасыз жандыктар, балык личинкалары м-н азыктанат.

**ТЕГЕРЕК ТИЛДҮҮЛӨР (круглоязы́чные)** — куйруксуз жерде-сууда жашоочулар тукуму. Сыртынан курбакага окшош. Уз. 7,5 *см*ге жетет. Кыска кабыргалары бар, омурткаларынын көкүрөк тушу кыймылдуу. Үстүңкү жаагында тиши бар. Тили жоон, тегерек (аты ошондон), чолок, түбү м-н бекийт. Алардын 4 уруусу, 11 түрү Евразияга, Түн. Африкага тараган. СССРде 1 уруусу (чаңкай курсактар) кезигет. Алардын арасында сууда жашоочулары да (төтөчүлөр) бар. Бир түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ТЕКИРЕНДЕР (скакуны́)** — дуулдактар тукумундагы коңуздар уруусу. Уз. 20—22 *мм*, ачык түстүү, үстүңкү канаты ак темгилдүү. Эки жүздөй түрү Түн. жарым шардын кургакчыл жерлеринде кезигет. СССРде 100дөй түрү бар. Ачык талааларда, көбүнчө кумда жашап, текиреңдегендей жылат (аты ошондон). СССРдин бардык аймактарында кездешет. Майда курт-кумурскаларды жейт. Жырткычтар.

**ТЕКОДОНТТОР (текодо́нты)** — архозаврлар классчасындагы тукум курут болгон сойлоочулар түркүмү. Уз. 15 *см*ден 6 *м*ге жеткен. Буттары беш манжалуу, кээ бирөөлөрү 2 буту м-н басышкан. Кургакта ж-а сууда жашаган жырткычтар болгон. Эки түркүмчөсү (псевдозухийлер ж-а фитозаврлар), 200дөй түрү бардык материкте (Антарктидадан башка) болгон.

**ТЕЛЕНОМУСТАР (телено́мусы)** — чабандестер чоң тукумундагы

курт-кумурскалар уруусу. Көпөлөк жумурткаларынын жырткы-
чы. Канталалардын жумурткаларын жечүлөрү да бар.

**ТЕЛИФОНДОР (телифо́ны)** — жөргөмүш сымал жандыктар түр-
күмү. Уз. 75 *мм*ге жетет. Баш-көкүрөгү сүйрү, ♂— 12 көздүү, кур-
сагынын учунда куйрук жипчеси бар. Хелицералары кыпчуур-
суз. Педипальптары кыпчуурдай. Арткы тешик безі жегич суюк-
тук чыгарат. Алардын 85 түрү тропик ж-а субтропиктерге тара-
ган. Түнкүсүн тиричилик кылат. Майда жандыктарды жейт.
СССРде 1 түрү (амур телифону) Приморье крайында кезигет.

**ТЕЛОДОНТТОР (телодо́нты)** — тукум курут болгон жуп таноолуу
баш сөөксүздөр классчасы. Европадан казылып табылган. Бу-
лар алгачкы омурткалуулар болгон. Уз. 25 *см*. Денеси жазы ж-а
алды жагы жалпак болуп, жуп сүзгүчү жок, арткы же жон сүзгү-
чү болгон. Суу түбүндө жашашкан. Алардын 3 түркүмү бел-
гилүү.

**ТЕМЕНЕ БАЛЫКТАР (игло́вые, и́глы-ры́бы)** — колюшка сымал-
дар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 2,5—60 *см*. Денеси теме-
не сыяктуу, кээси шахматтын атына окшош. Бакалоору боочо-
дой, жон сүзгүчү тикенсиз. Көкүрөк, арткы ж-а куйрук сүзгүчү
кээде болбойт, курсак сүзгүчү жок. Элүүдөй уруусу, 180дей түрү
бардык океандарга, деңиздерге тараган. СССРде деңиз темене
балыктарынын 2 уруусу, деңиз тайларынын 1 уруусу белгилүү,
8 түрү Япон, Каспий, Азов ж. б. деңиздерде кезигет. Планктоно-
фагдар ж-а жырткычтар.

**ТЕМЕНЕЛҮҮЛӨР (игля́нки, багря́нки)** — алдыңкы бакалоордуу
деңиз моллюскалар тукуму. Раковиналарынын сырты түрдүү
узундуктагы тикендер м-н капталган (аты ошондон). Алар кор-
гоочу кызмат аткарып, жылчыгы м-н ылдый түшкөнгө багыт
берет. Алардын 60 уруусу, 400дөй түрү бардык тайыз деңиз-
дерге, өзгөчө тропик ж-а субтропиктерге тараган. СССРдин деңиз-
деринде 10дой түрү кезигет. Айрым жыныстуу. Жырткычтар
м-н тарпчылар. Илгертен пурпур (күлгүн кызгылтым) боёгун
алуу үчүн кармап келишкен.

**ТЕМЕНЕ ТУМШУК (стенола́з)** — чыйпылдак чымчыктар уруусу.
Жалгыз түрү (темене тумшук) бар. Уз. 18 *см*. Тумшугу темене-
дей учтуу, узун, шадылары карылуу, куйругунун жүнү жумшак.
Жону боз, канаттары кызыл, кара ала. Евразиянын түш. тарабы-
на тараган. СССРде Кавказдын, О. Азиянын тоолорунда, Түш.
Алтайда кезигет. Кыргызстандын тоолорунда зоо боорунан кезик-
тирүүгө болот. Аскаларга уялайт. Жөргөмүш, майда рактарды
жейт.

**ТЕМНОЦЕФАЛДАР (темноцефа́лы)** — түктүү курттар түркүмү.
Уз. 0,8—14 *мм*. Денеси жалпагыраак. Бир нече жуп тинтүүрү,
көчүк жагында жабышкак бездери м-н соргучу бар, анысы м-н
суудагы жандыктарга жабышып жүрөт. Тропиктеги тузсуз сууда
жашоочу рактардын, моллюскалардын деңиз ташбакаларынын
сырткы комменсалы. Алардын 50дөй түрү Түш. жарым шарда
кезигет.

**ТЕНРЕК СЫМАЛДАР (тенре́ковые, щети́нистые ежи́)** — курт-ку-
мурска жечүлөр түркүмүндөгү сүт эмүүчү жаныбарлар тукуму.
Дене уз. 4—39 *см*, куйругу 1—22 *см*. Алдыңкы буту 4 же 5, арткы-
сы 5 манжалуу, тырмактары учтуу. Өзү кирпиге окшош, бирок
тумшугу, буттары узунураак. Жүнү катуу, жумшак же тикендүү.
Он бир уруусу, 31 түрү Мадагаскарга Батыш ж-а Борб. Африкага

тараган. Айрым түрлөрү сууда да, кургакта да жашайт. Жергиликтүү эл этин жейт.

**ТЕҢ БУТУУЛАР (равноно́гие)** — татаал түзүлүштүү рактар түркүмү. Уз. 1—5 *смге*, кээ бир тереңде жашоочуларыныкы 37 *смге* чейин жетет. Көпчүлүгүнүн денеси жалпак, 1 же 2 көкүрөк сегменти башы м-н биригип калган. Жон чопкуту жок. Көздөрү көз чараларында жайгашат, кээсиники жок. Көкүрөк буттары тарамсыз, учунда жалган кыпчуурлары бар, ушул буту м-н басат. Курсагы көкүрөгүнөн кыска, курсак буттары тарамдуу. Алардын 4500дөй түрү деңиз, тузсуз суу, кургакта жашайт. Аларга эшек курт, суу эшек курту, деңиз тараканы кирет. Арасында эт, өсүмдүк, топурак м-н, о. эле ылгабай азыктануучулары бар. Балык мителери да кезигет.

**ТЕҢ ТИШТҮҮЛӨР,** тарак тиштүүлөр **(равнозу́бые)** — кош капкалуу моллюскалар классындагы жандыктар түркүмү. Капкаларынын бири бирине аштяшкан жери тиштей болуп турат. Эки капкасынын «тиши» бирдей (аты ошондон). Кабыгынын уз. 1—12 *см*, эки жагы тең бирдей дөмпөк. Океандардын, деңиздердин түбүндө жашашат.

**ТЕРАПОНДОР (терапо́новые)** — алабуга сымал балыктар тукуму. Үч уруусу бар. Көбүрөөк кезигүүчү ж-а маанилүүсү терапондор. Уз. 30 *см*, майда балыктар. Инди ж-а Тынч океандарынын тропик деңиздеринин жээкке жакын жерлерине тараган. Эти таттуу, желет.

**ТЕРАПСИДДЕР (тераnси́ды)** — тукум курут болгон сойлоочу жаныбарлар түркүмү. Уз. 10 *смден* 6 *мге* жеткен. Сүт эмүүчү жаныбарларга (желиндүү) азырак окшош болгон. Боорун жерден алып, буттары түзөлүп тик турган. Чөп м-н, ылгабай азыктангандары, жырткычтары болгон. Үч түркүмчөсү (дейноцефалдар, териодонттор ж-а аномодонттор), 450дөй түрү болгон.

**ТЕРИ КАНАТТАР (шерстокры́лы)** — сүт эмүүчү (желиндүү) майда жаныбарлар түркүмү. Дене уз. 35—43 *см*, куйругу 22—27 *см*. Азыр 1 тукумунун 1 уруусу, 2 түрү белгилүү. Түш.-Чыгыш Азиянын тропик токойлорунда дарактарга жармашып салаңдап жылып жүрүп жашайт. Түнкүсүн тиричилик кылат. Тумшугунан колдорунун учуна, колдорунан буттарынын учуна чейин салбыраган тери канаттары бар (аты ошондон). Анын жардамы м-н бир дарактан экинчисине 50—60 *мге* секирет (уча алат). Өсүмдүктөр м-н азыктанат. Аңчылык кылынат.

**ТЕРИЧИЛДЕР (кожее́ды)** — ылгабай азыктануучу коңуздар тукуму. Уз. 1,3—12 *мм*. Денеси сүйрүрөөк, муруттары чокморбаш. Түсү кара же кара күрөң, көбүнчө чаар ала. Тогуз жүздөй түрү көбүнчө таштак жерлерге тараган. СССРде 130га жакын түрү кезигет. Көпчүлүгү жаныбарлардан алынган сырьёлорду (эт, жүн, тери, жибек, балык ж. б.) жеп бүлүндүрөт. Кээси дан жейт.

**ТЕРМИТТЕР (терми́ты)** — курт-кумурскалар түркүмү. Уз. 2—140 *мм*. Батачыларга ж-а таракандарга окшош. Жамааттащып жашоочулардын ичинен эң жөнөкөйү. Канаттууларынын 2 жуп жалтырак канаты болуп, кийин түшүп калат. Канатсыздары ачык түстүү. Даракта же топуракта уя салып, чогулуп жашашат. Булардын 2600гө жакын түрү бар. СССРде 7 түрү кезигет. Украина, Молдавия, Закавказье, О. Азия ж. б. тараган. Өсүмдүк калдыктарын жейт. Айрымдары жүзүм сабактарына, жыгач курулуштарга зыян келтирет.

**ТЕРМОСБЕНДЕР (термосбе́новые)** — татаал түзүлүштүү рактар классындагы түркүм. Уз. 3,5 *мм*ге жетет. Көздөрү ж-а түс берүүчү боёктору жок. Жон чопкуту башы м-н бириккен. Тогуз түрү арашан жылуу сууларда кезигип, Түш. Италияда, Францияда, Югославияда, Кубада тараган.

**ТЕРПУГ СЫМАЛДАР (терпуго́вые)** — скорпена сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 20 *см*ден 1,1 *м*ге (чанда 15 *м*ге), салм. 32 *кг*га жетет. Жон сүзгүчү узун, туташ же ортосу чуңкурайып 2ге бөлүнүп турат. Көзүнүн үстүндө чачыдай тери бүкдөмдөрү, айрымдарынын эки капталында 5тен каптал сызыктары бар. Кооз балык. Жети уруусу, 13 түрү Тынч океандын түн. тарабына тараган. СССРде 2 уруусунун 7 түрү Беринг, Япон ж-а Охота деңиздеринде кезигет. Уругун таштарга, өсүмдүктөргө таштайт. Омурткасыз жандыктар, балыктар м-н азыктанат. Промыселдик ж-а спорттук балык.

**ТЕРС ГЕЛИОТРОПИЗМ (гелиотропи́зм отрица́тельный)** — организмдердин күндөн жашынуу реакциясы, мис., сөөлжан күндөн качып топуракка кирет.

**ТЕТРАЛАР (те́тры)** — каңылтыр сымалдар түркүмүнүн харациндер тукумундагы балык түрлөрүнүн тобу. Уз. 3—8 *см*. Түстөрү ар кандай, кооз. Түш. Американын сууларында жашайт. Топтошуп жүрүүчү майда балыктар. Планктофагдар. Уругун суу өсүмдүктөрүнө таштайт. Көбүнчө аквариумда багылат.

**ТЕТРИГИДАЛАР (тетригидовые)** — субагай канаттуулар түркүмүндөгү курт-кумурскалар чоң тукуму. Канат жапкычтары жоголгон. Алдыңкы жону өтө өөрчүгөн, узун болуп бүт денесин жаап турат. Сырткы түзүлүшү чегирткелерге окшош. Бир тукумунун 1000ге жакын түрү негизинен тропиктин нымдуу жерлерине тараган. СССРде 30дай түрү кезигет. Анын ичинен ичке мурут тетрикс көбүрөөк белгилүү.

**ТИКЕН БАШТАР,** а к а н т о ц е ф а л д а р **(скре́бни, акантоцефа́лы)** — алгачкы көңдөйлүү курттар классы. Дене түзүлүшү капчыктай, уз. 1—65 *см*. Кутикуласынын астында калың гиподерма катмары, баш жак учунда илмектүү тумшугу бар. Аны м-н ал ээсинин ткандарына жармашат. Ичегиси жоголгон. Азыгын денеси м-н сиңирет. Бөлүп чыгаруу системасы протонефридиялуу. Айрым жыныстуу. Нерв системасы нерв түйүндөрүнөн ж-а андан чыккан нерв талчаларынан турат. Аралык ээси — рак сымалдар ж-а курт-кумурскалар. Кээде майда омурткалууларга, кишиге да мителик кылат.

**ТИКЕН БООРЛОР (иглобрю́ховые, скалозу́бые, ры́бы-соба́ки)** — тикен боор сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 75 *см*ге жетет. Денеси келтек, кыска тикендери бар, чанда тикенсиз. Тиштери бириги миздүү 2 эбелекке айланган. Он уруусунун 90го жакын түрү океандардын тропик деңиздерине, кээ бирлери континенттердин өзөндөрүнө тараган. СССРде 1 түрү (түн. тикен боору) Япон деңизинде кезигет. Коркунуч болгондо шардай томпоюп калат. Көпчүлүгүнүн ички органдары, гонаддары, ички чели ж-а териси уулуу. Япония, Кореяда эти желет. Тузсуз сууда жашоочуларын аквариумда багышат.

**ТИКЕН БООР СЫМАЛДАР (иглобрюхообра́зные, четырехзубообра́зные)** — кылкандуу балыктар түркүмү. Уз. 10—40 *см*, кээде 3 *м*ге жетет. Денеси сөөк эбелектери м-н капталган, кээсинин курсагындагы эбелектери тикенге айланган. Бакалоор жылчыгы

кичине. Он бир тукуму, 350дөй түрү дүйнөлүк океандын тропик, субтропик деңиздеринде, жээкке жакын жерине тараган, кээ бирлери тузсуз сууларда да жашайт. Моллюскалар, ийне терилүүлөр, шурулар м-н азыктанышат. Көбүнүн уругу, каны, боору, эти уулуу.

**ТИКЕНДҮҮ КАДИМКИ АКУЛАЛАР (катра́новые)** — кемирчектүү балыктар тукуму. Бул акулалар көп чоң эмес, уз. 2 *м*ге жетет. Арткы сүзгүчү жок. Океандарда көп кезигет. СССР деңиздеринде 1 түрү (тикендүү акула) учурайт, уз. 1,4 *м*, салм. 14 *кг*дан ашпайт. Топтошуп жүрөт, деңиздин ар кандай тереңинде жээкке, суунун бетине жакын жерлерде жашап, майда балыктар ж-а омурткасыз жандыктар м-н азыктанат.

**ТИКЕНДҮҮ КЕСКЕЛДИРИКТЕР (моло́хи)** — агамалар тукумундагы кескелдириктер уруусу. Уз. 22 *см*ге жетет. Балчайган денеси жазы, жалпак, сыртынан чор тикендер м-н капталган, башындагы тикендери мүйүзгө окшош. Түсү күңүрт сары, жошодой кызыл, таргыл. Айлана чөйрөнүн жылуулугуна жараша түсү өзгөрүп турат. Уруусунун жалгыз түрү (австралиянын тикендүү кескелдириги) бар. Австралиянын кумдуу чөлдөрүндө кезигет. Кумурска м-н азыктанат. Күндүз тиричилик кылат.

**ТИКЕН КАНАТ СЫМАЛДАР (колюшкообра́зные)** — кылкандуу балыктар түркүмү. Уз. 3 *см*ден 1,8 *м*ге, салм. бир нече *г*дан 3 *кг*га чейин жетет. Тумшугу түтүк сымал, денеси сөөк эбелектер м-н капталган же жылма. Бир же 2 жон сүзгүчү бар. Биринчиси айрым-айрым тикен түрүндө. Курсак сүзгүчү тармактуу же тармаксыз. Алардын 9 тукумунун 55 уруусу, 200дөн ашык түрү бар. Негизинен тропик алкактарындагы деңиздердин жээктерине тараган, айрымдары тузсуз сууларда да жашайт. СССРде бир нече түрү кезигет. Планктон м-н азыктанат.

**ТИКЕН КАНАТТАР (ко́люшковые)** — тикен канат сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 3,5—20 *см*. Денеси сөөк эбелектер м-н капталган, кээси жылма, ичке балык. Жону м-н курсагында бүктөлмө тикендери болот. Беш уруусу, 10дон ашык түрү белгилүү. Атлантика, Тынч ж-а Түн. Муз океандарынын алаптарындагы деңиз ж-а тузсуз сууларда жашайт. СССРде 3 уруу, 4 түрү бар. Эркеги суу өсүмдүктөрүнөн уя салып, урук ташталган уяны чабак чыкканга чейин кайтарат. Үч тикендүү тикен канаттардын гана промыселдик мааниси бар.

**ТИКЕН КИРПИК,** к. *Бурмакелер* макаласын.

**ТИКЕН ӨРКӨЧ СЫМАЛДАР (спиношипообра́зные)** — кылкандуу балыктар түркүмү. Уз. 30—60 *см*. Денеси жылан балык сымал жумуру. Жон канатында (сүзгүчүндө) тикендери бар. Денеси циклоиддүү түрпүлөр м-н капталган. Курсак сүзгүчү 8—15 тармактуу. Кээ бирлеринин жарык чыгаруучу органдары бар. Үч тукуму (а. и. тикен өркөчтөр), 8 уруусу, 25тей түрү океан сууларына тараган. Суу түбүндө 300—2500 *м* тереңдикте жашоочу балык. СССРде Беринг ж-а Охота деңиздеринде кезигет.

**ТИЛАПИЯЛАР (тила́пии)** — алабуга сымалдар түркүмүнүн цихлдер тукумундагы балыктар уруусу. Денеси эки капталынан кысыңкы, уз. 15—45 *см*. Жон сүзгүчү узун, куйрук сүзгүчү ачаланбаган. Күңүрт түстүү. Жыйырмадай түрү Африканын тузсуз ж-а туздуураак көлмөлөрүндө ж-а Жер Ортолук деңизинин чыгышында жашайт. Суу өсүмдүктөрү ж-а майда омурткасыз жандыктар м-н азыктанат. Алардын 6 түрү көлмөлөрдө, о. эле

СССРдин түштүгүндө багылат. Майдалары аквариумда кармалат.

**ТИНАМУ СЫМАЛДАР** (**тинамуобра́зные**) — куштар түркүмү. Жалпак тиштүү куштарга окшош, бирок абдан төшү кырдуу ж-а булчуңдуу (эттүү). Уз. 20—53 *см*, 0,4—1 *кг*га жетет. Канаттары жазы, чолок. Куйругу чолок (бөдөнө куйрук). Шыйрактары жоон. Боз ала түстө. Жалгыз тукумунун 9 уруусу, 45 түрү Америкага тараган. Токойдо, калың бадал арасында, боздоңдо, тоодо (4000 *м*-ге чейин) жашайт. Тез учуп көтөрүлөт, бирок алыска уча албайт. Дан, урук, жемиш, курт-кумурска жейт. Бир түрү, 1 түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ТИНТҮҮРДҮҮЛӨР**, подаксониялар (**щу́пальцевые, лофофо́ровые, прозопи́гии, подаксо́нии**) — деңизде ж-а тузсуз сууда жашоочу омурткасыз жандыктар тиби. Бир жерге бекип жашашат. Денесинин эки капталы бирдей. Кийин пайда болгон ич көңдөйү 2—3 сегментке бөлүнгөн. Ооз тегерегиндеги тинтүүрлөрү жакшы өөрчүгөн. Ичегиси имерилип, оозунун жанындагы арткы тешиги м-н бүтөт. Алардын 1—2 жуп метанефридийи ж-а кан жүрүү системасы бар. Жыныс бездери дене көңдөйүндө пайда болот. Үч классы (форониддер, балык курттар ж-а омуроо буттуулар) бар.

**ТИРАНДАР** (**тира́нновые**) — таранчы сымалдар түркүмүндөгү чымчыктар тукуму. Уз. 77,6—40 *см*. Тумшугу катуу, түбүндө кылдары бар, учу бир аз ийилген. Түсү боз, күрөң, жашыл сымал. Алардын 119 уруусу, 365 түрү Америкада тараган. Көпчүлүгү келгин куш. Негизинен дарактарда жашайт, ачык жерлерде жашоочулары да бар. Курт-кумурска, жемиштерди жешет.

**ТИРҮҮ ТУУГУЧТАР** (**живоро́дковые, эмбиото́ковые**) — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 7—45 *см*. Түсү күмүштөй, көк ала, сары ала. Он беш уруусу, 23 түрү Тынч океандын түн. тарабындагы мелүүн сууларына тарап, жээкке жакын жашайт. Алардын ак тирүү туугуч, кызгылтым тирүү туугуч, кидиктирүү туугуч, эмбиотока ж. б. түрлөрү көбүрөөк белгилүү. Урук чачпай, чабак туушат (аты ошондон). Майда жандыктар м-н азыктанат.

**ТИРҮҮ ТУУШ** (**вивипа́рия**) — жаныбарлардын жумуртка эмес өзүнө окшош тирүү бала туушу. Буларга муунак буттуулар, моллюскалар, акула, ташбака, кескелдирик, жылан, ехидна, өрдөк тумшуктар кирет.

**ТИФИЯЛАР** (**ти́фии**) — жалтылдак сары аарылар уруусу. Уз. 5—10 *мм*. Эки жүздөй түрү кеңири тараган. Эбелек муруттуу коңуздардын личинкаларына мителик кылып, айыл чарбасына пайда келтирет. Булар саратандарды биологиялык жол м-н жок кылууда кеңири колдонулат.

**ТИШ БУТТАР** (**зубоно́жки**) — накта чымындар тукумундагы курт-кумурскалар уруусу. Уз. 3—7 *мм*. Алардын 80дей түрү негизинен. Түн. жарым шардын мелүүн алкактарында таралган. СССРде 30дай түрү кезигет. Кээ биринин ургаачысы кишинин ж-а жаныбарлардын канын сорот. Личинкалары кыкта көбөйүп, курт-кумурскалар, үй чымынын личинкалары м-н азыктанат.

**ТИШСИЗДЕР** (**беззу́бки**) — тузсуз сууда жашоочу кош капкалуу моллюскалар уруусу. Раковинасы жука, уз. 20 *см*дей, ичинде седеп бар. Капкасы тишсиз ашташат (аты ошондон). Айрым жыныстуу. Уруктанган жумурткасын бакалоорунда алып жүрүп,

андан глохидия (личинкасы) чыгат. Он бештей түрү Евразияда, Сибирде тараган. СССРде 10 түрү кезигет. Көлмөлөрдө, жай аккан сууларда жашайт. Сууну тазалоого катышат. Эти м-н раковинасы малга тоют.

**ТОГОЛОКТОР (шаро́вки)** — буурчак сымалдар тукумундагы тузсуз сууда жашоочу кош капкалуу моллюскалар уруусу. Раковинасынын уз. 10—30 *мм*, сүйрү же тоголок (аты ошондон), күрөң боз түстө. Айрым жыныстуу, жумурткасы бакалоорундагы атайын камерада өөрчүйт. Энелик раковинадан жаш тоголоктор чыгат. Жүздөй түрү кеңири тараган. СССРде 9 түрү кезигет. Суу жайылмаларында, көлдө, өзөндө, сазда, баткакка, кумга кирип жашайт. Майда суу жандыктары ж-а суудагы органикалык заттар м-н азыктанат.

**ТОЗОҢЧУ КОҢУЗДАР (пыльцее́ды)** — ылгабай азыктануучу коңуздар тукуму. Кара коңуздарга тектеш. Уз. 4—25 *мм*. Денеси сүйрү, буттары узун. 1300дөй түрү кеңири тараган. СССРде 10го жакын түрү кезигет. Алар жалбыракта, айрыкча гүлүндө болуп, чаңчаларын жешет. СССРдин Европа бөлүгүндөгү талааларда дагстан тозоңчу коңузу ж-а сары омуроо тозоңчу коңуз тараган.

**ТОКОЙ БОРБАШТАРЫ (лесны́е сорокопу́ты, шлемоно́сные сорокопу́ты)** — сайрагыч таранчы сымалдар тукуму. Чоңдугу кадимки борбаштай, бирок башында үрпөгү болот. Жону кара, боору, башы, моюну ак. Алардын 9 түрү Африка токойлорунда жашайт. Топтошуп жүрүшөт.

**ТОКОЙ МААРАГЫ (ду́пель)** — маарактар тукумундагы чымчык. Уз. 28 *см*ге жетет. Евразиянын тундра токойлорунан түзөң токойлоруна чейин тараган. Спорт аңчылыгынын объектиси.

**ТОКОЙ ЧАБАЛЕКЕЙЛЕРИ (лесны́е ла́сточки)** — таранчы сымалдар түркүмүндөгү чымчыктар тукуму. Уз. 15—20 *см*. Тумшугу жоон, учу бир аз ийилген. Буттары кыска, шадылары карылуу. Канаттары узун, ичке, куйругу кыска, учу тегиз. Жүнү кара, ак, боз аралаш. Жалгыз уруусунун 10 түрү Австралияга ж-а Индонезия аралдарына тараган. Топ тобу м-н бадалдуу, ачык түзөңдөрдө, адырларда, айылга жакын жерлерде жашайт. Чымын-чиркейлерди учуп жүрүп жейт.

**ТОКОЙ ЧУЛДУГУ (ва́льдшнеп)** — маарактар тукумундагы куш. Токойдо жашайт. Уз. 35 *см*ге жакын. Көзү өйдөрөк жайгашып, артка жылып турат. Түсү боз ала. Булардын кадимки токой чулдугу ж-а окленд токой чулдугу ж. б. түрлөрү бар. Европа, СССРде тараган.

**ТОМОЛОК БАШ БАКАЛАР (короткоголо́вые лягу́шки)** — куйруксуз жерде-сууда жашоочулар тукуму. Уз. 2 *см*ге жетет. Эки уруусу, 3 түрү Түш. Американын тропиктеринде кезигет. Нымдуу токойлордо, күбүлгөн жалбырак арасында, көлөкө жерлерде жашайт. Күндүз тиричилик кылат. Майда курт-кумурскалар м-н азыктанат.

**ТОН БАЛЫКТАР (тунцы́)** — скумбриялар тукумундагы балыктардын 4 уруусунун жалпы аты. Алардын уз. 300 *см*ден 3 *м*ге жетет же андан да узун болот. Салм. 679 *кг*га жетет. Денеси ийик сымал. Куйрук жагы ичке, жон сүзгүчү м-н арткы тешик сүзгүчүнөн кийин да бир нече кошумча майда сүзгүчтөрү болот. Башка балыктардан терисиндеги кан тамырларынын, каптал булчуңдарынын жакшы өөрчүшү м-н айырмаланат. Күлүк ба-

лыктар (саатына 90 *км*дей сүзөт). Он үч түрүнүн эң ири 6 түрү накта тон балыктар уруусуна кирет. Булар бардык океандардын жылуу сууларына тараган, айрымдары мелүүн сууларга да келишет. СССРдин сууларында 3 түрү кезигет. Кадимки тон балык Баренц, Япон ж-а Кара деңиздерде кезигет. Майда балык, рак сымалдар, баш буттуу моллюскаларды жейт. Промысел балыгы.

**ТОҢДУУЛАР**, чөптүүлөр **(плацента́рные)** — тирүү туучу сүт эмүүчүлөрдүн (желиндүүлөрдүн) инфраклассы. Тон (чөп) пайда болуу м-н түйүлдүк жатында өөрчүп, жетилип, баласы сүт эме алгыдай болуп туулат. Мээ жарым шарлары, алардын кыртышы жакшы өөрчүгөн. Булардын 17—18 түркүмү бар. Аларга курт-кумурскачылдар, тери канаттар, приматтар, кем тиштүүлөр, ача туяктуулар, сыңар туяктуулар ж. б. кирет. СССРде 9 түркүмү кезигет. Сууда да, кургакта да жашайт. Эт, чөп жешет, аралаш азыктануучулары да бар.

**ТООДАК (дрофа́)** — тоодак сымалдар тукумундагы куш. Тукумдагыларынын ичинен эң ириси. Салм. 7—16 *кг*га жетет. Ургаачысы эркегинен кичирээк, түсү боз ала, эркегинин узун мурутчалары бар. Шыйрактары узун, жүнсүз, үч манжалуу. Чуркамайынча уча албайт. СССРде Крым, Закавказье, О. Азияда кыштайт. Кыргызстанда сейрек учурайт. Чөлдө жашайт. Жерге уялайт. Өсүмдүк бүрү, уругу м-н азыктанат. ТКЭСтин, СССРдин ж-а Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине катталган.

**ТООДАК СЫМАЛДАР (дрофи́ные)** — турна сымалдар түркүмүндөгү куштар тукуму. Тоокторго окшош, бирок ири куш, салм. 600 *г*дан 16 *кг*га чейин жетет. Буттары, мойну узун, манжалары кыска, үч манжалуу. Чуркоого, басууга ылайыкталган. Он бир уруусу, 24 түрү Евразия, Африка, Австралияга тараган. СССРде, о. эле Кыргызстанда 3 түрү (тоодак, безбелдек ж-а жорго тоодак) бар. Украинадан Ы. Чыгышка чейин чөл, талааларда кезигет. Өсүмдүк м-н азыктанат. Бир түрү ТКЭСтин, 3 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ТОО ЖАЯНДАРЫ (бага́риевые)** — жаян сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 12 *см*ден 2 *м*ге чейин жетет. Он эки уруусунун көп түрү Түш. ж-а Түш.-Чыгыш Азиянын тоо, өзөндөрүндө жашайт. Промысел объектиси.

**ТООК СЫМАЛДАР (кури́ные, курообра́зные)** — куштар түркүмү. Турна сымалдарга окшош. Тумшугу кыска, катуу. Буттары чымыр. Канаттары чолок, жазы. Короздору мекияндарынан чоңурак, коозураак. Айрымдарынын бети такыр, төбөсүндө таажысы, жаактарында желбиреөчтөрү бар. Алты тукуму (бырындысыл тооктор, даракчыл тооктор, кыргоолдор, кара курлар, күрптөр, цесарка сымалдар), 283 түрү кеңири тараган. Негизинен жерде жашайт. Жумуртка тууп, жөжө чыгарат. Көпчүлүгү полигамдар. Майда курт-кумурскаларды, чоңдору урук, дан ж-а өсүмдүк бүрлөрүн жейт. Күрп, цесарка, банкив тоогу бакмалаштырылган. Аңчылык кылынат. Алардын 26 түрү, 11 түрчөсү ТКЭСтин, 6 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ТООСТОР (павли́ны)** — кыргоол сымалдар тукумундагы куштар уруусу. Эки түрү кадимки тоос ж-а көк канат тоос бар. Кадимки тоостун эркегинин уз. 100—125 *см*, салм. 4—4,5 *кг*, куйругу 40—45 *см*. Көзчөлөр м-н коосдолгон куйрук жапкычы 120—130 *см*ге жетет. Индостан жарым аралына тараган. Көк канат тоос андан кичине. Суматра, Ява аралдарында кезигет. Ал ТКЭСтин Кызыл

китебине катталган. Өсүмдүк, айрымдары курт-кумурска, майда жандыктар м-н азыктанат. Көбүнчө кооздугу үчүн багылат.

**ТОО ЧӨӨСҮ (кра́сный волк)** — карышкырлар тукумундагы жырткыч жаныбарлар. Уруудагы жалгыз түр. Карышкырга окшош, бирок андан кичине, түсү түлкүдөй сары, куйругу үлпүлдөк, алдыңкы азуу тиштери 1 тишке аз. Дене уз. орточо 100 *см*дей, куйругу 50 *см*. Түш. Азияда, СССРде Тянь-Шань, Памир, Жунгар Ала-Тоосунда, Алмалуу ж-а Становой кырка тоолорунда кезигет. Негизинен тоо эчкилери м-н азыктанат. Тобу м-н ууга чыгат. Күндүз тиричилик кылат. Үргөнү кишинин каткырганына окшош. ТКЭСтин, СССРдин ж-а Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине катталган.

**ТОПОЗ (як)** — уйлар уруусундагы сүт эмүүчү (желиндүү) жаныбар. Бийикт. 1,9 *м*, салм. 1 *т*га жетиши мүмкүн. Башы чоң, буттары кыска, мойну ичке. Түсү кара, күрөң, сур, ала. Жүнү калың, тыбыттуу. Боору м-н куйругунда узун кыл жүндөрү бар. Жапайы топоз Тибет тоолорунда жашайт. Бакмалаштырылган. Бакма топоз жапайысынан кичирээк. СССРде Памирде, Тянь-Шанда, Алтайда багылып, эти, сүтү, жүнү алынат. Кыргызстандын Ош, Ысык-Көл аймактарындагы тоолордо багылат. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ТОРГОЙЛОР (жа́воронковые)** — сайрагыч таранчылар түркүмчөсүндөгү чымчыктар тукуму. Уз. 12—23 *см*. Канаттары узун. Түсү топурактай боз ала, көкүрөгүндө кара тактары болуп жашаган чөйрөгө окшош. Айрымдарынын башында үрпөгү бар. Безеленип сайрашат. Он беш уруусу, 75 түрү Антарктидадан башка кургактыктын бардыгында кеңири тараган, СССРде 7 уруусунун 14 түрү кезигет. Кара торгой м-н ак канат торгойлор СССРдеги эндем чымчыктар. Жерде жашайт. Талааларда, чөлдө, тундра аймактарында да учурайт. Курт-кумурска ж-а урук м-н азыктанат. Көпчүлүгү келгин чымчыктар. Тобу м-н жүрүшөт. Бир түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ТОРДОМОЛОР (кружевни́цы)** — канталалар тукуму. Уз. 1,5—4,5 *мм*. Канат жапкычтарында, көкүрөгүндө уюкчалары бар, тор сымал (аты ошондон). Эки миңдей түрү кеңири тараган. СССРде 180ге жакын түрү кезигет. Көбүнчө топтошуп жашашат. Өсүмдүк жалбырагы, бүчүрү, гүл ширеси м-н азыктанат. СССРдин Европа бөлүгүнүн түштүгүндө, Кавказда, О. Азияда алмурут тордомосу бакка зыян келтирет.

**ТОР КАНАТТУУЛАР (сетчатокры́лые)** — курт-кумурскалар түркүмү. Уз. 2—20 *мм*. Чоңдорунун оозу кемирүүгө ылайыкталган. Эки жуп тунук тор канаты бар (аты ошондон). Личинкаларынын ооз аппараты сайып, соргуч. Канаттарынын жазылыгы 120 *мм*ге жетет. Кээде арткы канаты жок болот. Алардын 3500дөй түрү жылуу, мелүүн алкактарга тараган. СССРде 250дөй түрү кезигет, а. и. күлдүкүчүктөр ж-а алтын көздөр да бар. Жырткычтар, көпчүлүгү бак ж-а токой зыянкечтерин (мис., алтын көздөр личинкасы чөп биттерин жейт) кырып, пайда келтирет. Төрт түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ТОРКО САРЫ**, к. *Барпылар* макаласын.

**ТОРПЕДИНДЕР**, к. *Электрдүү көөкөрчөктөр* макаласын.

**ТОТУ БАЛЫКТАР (ры́бы-попуга́и, ска́ровые)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. ондогон *см*ден 2 *м*ге чейин жетет. Кашка тиштери биригип, тотунун тумшугуна окшоп

турат (аты ошондон). Түсү кооз. Он уруусунун 80дей түрү бардык океандардын тропик деңиздерине тараган. Жалгыздан жашайт. Шуру рифтеринин арасында кезигет. Гермафродиттер. Полип, моллюскаларды жейт.

**ТОТУ КУШТАР (попугаеобра́зные)** — куштар түркүмү. Уз. 9,5 *см*ден 1 *м*ге чейин жетет. Ачык түстө, кызыл, көк жашыл болуп кооз. Тумшугу бийик, жоон, жазы, учу илмек келип, даракта жылып жүрүүгө көмөк берет. Буту 4 манжалуу, анын экөө артын, экөө алдын карайт. Мээси жакшы өөрчүгөн, үн тууроого жөндөмдүү. Канаттары кыска, куйругу көбүнүкү узун. Ылдам учат. Жалгыз тукумунун (тотулардын) 6 тукумчасы (несторлор, какадулар, бабырган тотулар, лорилер, накта тотулар, доңкулдак тотулар), 316 түрү белгилүү. Тропик ж-а субтропиктеги токойлордо тараган. Негизинен токойлордо жашап, өсүмдүк даны, уругу, мөмөсү м-н азыктанат. Моногамдар. Кээде бак, айдоо аянтына зыян келтирет. Көпчүлүгү капаста кармалат. Кишилерге оору жугузушу мүмкүн. Алардын 27 түрү, 14 түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ТӨӨ КУШТАР (страусообра́зные)** — жалпак төштүү куштар түркүмү. Жалгыз гана түрү (төө куш) бар. Африкада кезигет. Азыркы куштардын эң ириси, бийикт. 2,44 *м*, салм. 136 *кг*га жетет. Башы ж-а мойнунда кыска тыбыт жүнү болот. Эркегинин жону, төшү чаар, кара, канаттарынын учу ак, куйругу кыска, ак. Шыйрагы жоон, катуу, жүнсүз, эки шадылуу. Ургаачысы кичирээк, боз ала. Уча албайт, күлүк. Чөп жейт. Полигамдар. Бир нече ургаачысы (бир үйүрдө 5—6) бир уяга тууп, балапандарын чогуу басып чыгарышат.

**ТӨӨ ЧУЛДУКТАР (кроншне́пы)** — маарактар тукумундагы куштар уруусу. Уз. 70 *см*ге жетет. Тумшугу узун, учу төмөн ийилген. Күрөң, агыш. Сегиз түрү Түн. жарым шарга тараган, тундрадан түштүктөгү боздоңдорго чейин кезигет. Саздарда жашайт. СССРде 6 түрү бар, а. и. 1 келгин куш. Майда жандыктар, кээде мөмө, урук м-н азыктанат. Кидик төө чулдук, төө чулдук СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ТӨРТ КӨЗДҮҮЛӨР (четырёхгла́зковые)** — каңылтыр тиш сымал балыктар тукуму. Американын өзөндөрүнө тараган. Көздөрү тостоюп, төбөсүнөн өөдө чыгып турат ж-а ар бир көзү ортосунан эпителий тосмо м-н тосулган. Көздүн үстүңкү бөлүгү үстүндөгүлөрдү көрүүгө ылайыкталган. Суунун үстүндө жашап, тирүү чабактарды тууйт. Омурткасыз майда жандыктарды, а. и. абадагы курт-кумурскаларды жейт.

**ТӨТӨЧҮЛӨР (повиту́хи)** — тегерек тилдүүлөр тукумундагы куркбакалар уруусу. Уз. 5 *см*ге жакын. Терисинде көзүнөн санына чейин кызыл сөөлдөрү (бодурлары) бар. Күлдөй боз, айрымдары ачык кызыл түстө. Эки түрү Батыш Европага тараган. Курткумурскалар, омурткасыздар ж. б. м-н азыктанат. Жумуртка таштоо ж-а уруктануусу кургакта өтөт. Ургаачысы жумурткасын 1,5 *м* узундуктагы былжырлуу эки тизмек түрүндө таштайт, аны эркеги санына ороп алып көнөк баш чыкканча алып жүрүп, көнөк баш чыгаарда сууга келет. Андан аркы өөрчүүсү сууда өтөт (2 жылдай). Түнкүсүн тиричилик кылышат.

**ТРАХИЛИДДЕР (трахили́ды)** — гидроиддер түркүмү. Булар медуза формасында гана болушат. Медузасынын чатырчасы тунук, диаметри 1 *мм*ден 10 *см*ге жетет. Чатырчасы тунук, ачык түстө,

чекелеринде тинтүүрлөрү, гидростаттык органдары бар. Жыныстык жол м-н көбөйүшөт. Эки түркүмчөсү (трахимедузалар, наркомедузалар) бар. Кадимки планктон организмдери. Дүйнө океандарынын баарында кезигип, үстүңкү катмарынан 6000 *м* тереңдикте кезигет. СССРде 15 түрү учурайт. Эң тереңиндегилери жылтылдап турат.

**ТРЕМАТОДАЛАР**, к. *Соргуч курттар* макаласын.

**ТРЕПАНГДАР (трепа́нги)** — желүчү голотуриялардын бир нече уруусу. Көбүнчө Түш.-Чыгыш Азия өлкөлөрүндө уулоо жүргүзүлөт. Ы. Чыгыш трепангынын уз. 40 *см*, күрөң түстө. Андан түрдүү тамактар даярдалат.

**ТРЕСКАЛАР (треско́вые)** — треска сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 40 *см*ден 1,8 *м*ге, салм. 3 *кг*дан 40 *кг*га жетет. Алардын 1—3 жон сүзгүчү, 1—2 арткы сүзгүчү, бир тал муруту бар. Арасында майда, орточо ж-а ирилери бар. Жыйырмадай уруусу (мерландар, навагалар, минтайлар, накта трескалар, сайдалар ж. б.), 48 түрү белгилүү. Атлантика, Тынч, Түндүк Муз океандардын мелүүн деңиздерине тараган. СССРде 10дон ашык түрү Балтика, Кара, Баренц деңиздеринде кезигет. Көпчүлүгү тобу м-н деңиз түбүндө, тайыз жерде жашоочу балыктар. Чоңдорунун бардыгы жырткычтар.

**ТРЕСКА СЫМАЛДАР (трескообра́зные)** — кылкандуу балыктар түркүмү. Уз. 15 *см*ден, 1,8 *м*ге чейин жетет. Сүзгүчтөрү тикенсиз, курсак сүзгүчү 5—17 тармактуу. Циклоид түрпүлүү. Көпчүлүгүнүн ээгинде 1 же 3 тал муруту бар. Он эки тукуму (трескалар, медузалар, субагай куйруктуулар ж. б.), 750дөй түрү бардык мелүүн ж-а муздак деңиздерде, жалгыз гана бир түрү (кадимки налим) өзөндө жашайт. Көпчүлүгү СССР сууларына тараган. Баалуу промыселдик балык. Дүйнөлүк балык уулоонун 15%ин түзөт.

**ТРИДАКНАЛАР (трида́кны)** — деңиздеги кош капкалуулар классындагы ири моллюскалар уруусу. Раковинасынын уз. 14 *м*ге, салм. 30 *кг*га (дөө тридакнанын салм. 250 *кг*) жетет. Седеп катмары болбойт. Беш түрү Инди ж-а Тынч океандарынын жылуу сууларына тараган. Гермафродиттер. Шуру рифтеринин арасында жашайт. Сууну чыпкалап тазартат. Узак жашайт (мис., дөө тридакна бир нече жүз жыл). Эти желет, кабыгынан кооз буюмдар, курулуш материалдары жасалат. Тридакнадан дүйнөдөгү эң чоң бермет («Алланын бермети») табылган, анын уз. 25 *см*, салм. 6,35 *кг*га жеткен, бирок жалтырак эмес. Ири кабыктуу түрлөрү азаюуда.

**ТРИЛОБИТТЕР (трилоби́ты)** — тукум курут болгон муунак буттуулар классы. Уз. 1—80 *см*ге жеткен. Денеси үч бөлүккө (баш, тулку, куйрук) бөлүнүп, жалпагыраак, сегменттүү, сүйрүрөөк келет. Жону хитин чопкуту м-н капталган. Көбүнүн түрдүү чоңдуктагы фасеттүү көздөрү болгон. Эки миңдей уруусу, 1100дөн ашык түрү бар. Тайыз сууларда жашаган. Планктон м-н азыктанган.

**ТРИПСТЕР**, к. *Исиркек буттар* макаласын.

**ТРИТОНДОР (трито́ны)** — саламандралар тукумундагы куйруктуу жерде-сууда жашоочулар уруусу. Уз. 18 *см*ге жетет. Дене түзүлүшү ийик сымал, куйругу жалпак, капталдары кууш. Тогуз түрү Евразия тоо, түздүктөрүндө, көпчүлүгү токойлордо жашайт. СССРде 5 түрү Европа бөлүгүндө, Кавказ, Батыш Сибирде таралган. Булардын ичинен кадимки тритон көп кездешет. Три-

тондор көбүнчө суудa жашап, кургакта кыштайт. Омурткасыз жандыктар м-н азыктанат. Лабораториялык жаныбарлар. Үч түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ТРИХИНЕЛЛАЛАР (трихинéллы, трихи́ны)** — трихинелла сымалдар тукумундагы жумуру курттар уруусу. Мите курттар. Ургаачыларынын уз. 1,26—4,4 *мм*, эркектериники —0,6—1,6 *мм*. Булар жырткыч ж-а сүт эмүүчү (желиндүү) жаныбарлардын ж-а кишинин ичегисинде жашап, трихинеллёз оорусун козгойт. Ургаачылары уруктанып личинка тууйт. Алар кан агымы м-н бүт денеге тарап, булчуңдарда чоңоёт. Кишиге ылаңдуу малдын чала бышкан этин жегенде жугат.

**ТРИХОГРАММАЛАР (трихогрáммы)** — хальциддер чоң тукумундагы жалтырак канаттуулар уруусу. Мите жандыктар. Уз. 0,2—0,9 *мм*. Саргыч, каралжын түстө. Жазы, тунук канаттуу. Алдыңкы канаты арткысынан чоңурак, четтери чачы түкчөлүү. Личинкалары башка курт-кумурскалардын жумурткаларынын ички митеси. СССРде 20га жакын түрү кезигет. Айыл чарба зыянкечтерин биологиялык жол м-н жок кылууда пайдаланылат. Колдо өстүрүп көбөйтүлөт.

**ТРИХОМОНАДАЛАР (трихомонáды)** — жөнөкөй жандыктардын трихомонадиддер түркүмүндөгү жөнөкөй жандыктар уруусу. Уз. 5—40 *мкм*. Алдыңкы учунда 3—5 чыбырткысы бар. Бирөө денесинен бойлоп өтүп, денеси м-н бүлкүлдөк мембрана аркылуу биригет. Ядросу бирөө. Ондогон түрү белгилүү. Түрдүү омурткалуу жандыктардын мителери. Ичегиде, айрымдары башка органдарда мителик кылат. Кишини ж-а бодо малды трихомоноз оорусуна (ылаңына) чалдыктырат. Тууpасынан бөлүнүп көбөйөт.

**ТРОГЛОБИОНТТОР (троглобиóнты)** — дайыма үңкүрдө, жер алдындагы сууларда жашоочу жаныбарлар. Аларга калак бут рактар (гарпактициддер), чанда моллюска, сүлүктөр, полихеттер ж-а айрым жерде-суудa жашоочулар, бир нече балык түркүмдөрү кирет. Аларда пигмент болбогондуктан ак же саргыч түстө болушат. Көрүү органы болбойт, бирок сезүү, туюусу жакшы өөрчүгөн. Көпчүлүгү эндемдер.

**ТРОГОН СЫМАЛДАР (трогонообрáзные)** — куштардын түркүмү. Уз. 23—40 *см*. Канаттары жазы, чолок, куйругу узун. Тумшугу жазы. Көздөрүнүн тегереги жүнсүз, жаргак. Жону жашыл, жалтылдак, калган жерлери кызыл ала, сары ала, көк ала. Жалгыз тукумунун 8 уруусу, 34 түрү Азия, Африка, Америка тропиктеринин токойлоруна тараган. Булардын ичинен квезал көбүрөөк белгилүү. Жемиш, курт-кумурскалар, моллюска ж. б. м-н азыктанышат.

**ТРУПИАЛДАР**, к. *Америка барпысы* макаласын.

**ТУГУ́Н (тугу́н)** — май канаттар тукумундагы, тузсуз суудa жашоочу балык. Уз. 20 *смге*, салм. 90 *гга* жетет. Денеси жумуру. Сибирь өзөндөрүндө, чанда көлдө кезигет. Суудагы майда омурткасыз жандыктар м-н азыктанат.

**ТУКАНДАР (тукáновые)** — доңкулдак сымалдар түркүмүндөгү куштар тукуму. Уз. 30—60 *см*. Тумшугу чоң, айрымдарыныкы денеси м-н барабар, эки жагы жалпак, үстү доң. Тили узун, ичке. Түсү кара ала, сары ала, кызыл ала, айрымдары жашыл. Беш уруусу, 40 түрү Америка тропиктериндеги түзөңдөргө ж-а токойлорго тараган. Тобу м-н жүрүшөт. Дарактарда жашайт. Дарак коңулдарына уялайт. Курт-кумурска, мөмө жешет.

**ТУКО-ТУКО**, к. *Тарак чычкандар* макаласын.

**ТУЛДАР**, бейиш тулдары **(вдо́вушки, райские вдо́вушки)** — өрмөкчүлөр тукумундагы чымчыктар уруусу. Кадимки таранчыдай боз. Үйүргө кирген убагында эркегинин куйругунун эки тал жүнү узарып өсөт. Жумурткаларын башка өрмөкчү чымчыктардын уясына тууйт, ал басып чыгарат. Тогуз түрү бар. А. и. узун куйрук тул көбүрөөк таралган. Африка саванналарында, кээде бактарда жашайт.

**ТУЛ ЧЫМЫНДАР (тра́урницы)** — ызылдактар тукумундагы чымындар уруусу. Уз. 3—20 *мм*. Денеси кара, канаты бүт же жарымына дейре кара. Төшүндө ак түгү, курсагында ак түрпүлөрү бар. Үч миңдей түрү кеңири тараган. СССРде 100дөй түрү бар. Негизинен Кавказда ж-а О. Азияда кезигет. Чымындары аскаларда, эски дубалдарда ж-а гүлдөрдө жашайт. Личинкалары жут чегирткелердин, чагуучу жалтырак канаттуулардын уяларында мителик кылып, айыл чарбага пайда келтирет.

**ТУНУК АЛАБУГАЛАР (о́куни стекля́нные)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар уруусу. Уруунун жалгыз түрү (тунук алабуга) бар. Уз. 7 *см*ге жетет. Денеси тунук, эки капталы кууш. Индстан ж-а Инди-Кытай жарым аралдарындагы тузсуз ж-а туздуу сууларда кезигет. Планктон м-н азыктанат. Тобу м-н жашайт. Аквариумда багылат.

**ТУПАЙЯЛАР (тупайи, тупайеобразные)** — приматтар түркүмүндөгү чала маймылдар тукуму. Денеси субагай, уз. 10—25 *см*, куйругу 14—20 *см*. Тыйын сымал кичинекей жаныбар. Буттары кыска, алдыңкысы арткысынан узун, беш манжалуу. Жүнү калың, жумшак, түсү күрөң, көздөрү бакыракай. 4 жуп вибриссасы бар. 5 уруусунун 13 түрү Индстан, Инди-Кытайдын ж-а Хайнань аралынын тропик токойлоруна тараган. Көбүнчө даракта жашайт. Күндүз тиричилик кылат. Чөп ж-а курт-кумурскаларды жейт, жубу м-н же жалгыздан жүрөт.

**ТУРАКАЛАР**, к. *Бананчылар* макаласын.

**ТУРАЧ**, к. *Жылкычы чил* макаласын.

**ТУРГУН КУШТАР (пти́цы осе́длые)** — жайдыр-кыштыр бир аймакта байыр алып жашоочу куштар.

**ТУРБЕЛЛЯРИЯЛАР**, к. *Туктүү курттар* макаласын.

**ТУРНАЛАР (журавли́ные)** — турна сымалдар түркүмүндөгү куштар тукуму. Уз. 79—152 *см*. Мойну м-н шыйрактары узун, жүнсүз чоң куштар. Алдыңкы бармактары жаргактуу. Арткы бармагы башкаларынан өйдө. Куйругу кыска, эркек, ургаачысы бирдей түстө. Көпчүлүгү куркулдаган бийик үн чыгарат. Беш уруусу, 14 түрү бар. Түш. Америка ж-а Антарктидадан башка бардык аймакка кеңири тараган. СССРде 7 түрү (ак турна, кадимки турна, каркыра, даурия турнасы ж. б.) бар. Талааларда, саздуу жерлерде жашап, жерге уя салышат. Өсүмдүк ж-а майда жандыктар м-н азыктанышат. Саны азаюуда. Алты түрү, 2 түрчөсү ТКЭСтин, 5 түрү СССРдин ж-а 3 түрү (каркыра, ак ж-а кара турна) Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине катталган. Турналарды коргоонун Эл аралык фондусу (АКШда) бар.

**ТУРНА СЫМАЛДАР (журавлеобра́зные)** — куштар түркүмү. Ар кандай чоңдуктагы (30 *г*дан 16 *кг*га чейин), ар түрдүү шартта жашоочу байыркы куштар. Сегиз түркүмчөсү, 13 тукуму, 88 уруусу, 214 түрү бар. Чөлдө, сазда, суу жээгинде жашайт. СССРде 4 тукуму (суу тартарлар, тоодактар, үч шадылуу-

лар, турналар) бар. Моногамдар. Көбүнө аңчылык кылынат. Алардын 16 түрү, 10 түрчөсү ТКЭСтин, 10 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ТУРПАНДАР (турпа́ны)** — өрдөктөр уруусу. Уз. 48—56 *см*. Эркеги кара, айрымдарынын канаты кара ала, ургаачысы коңур күрөң. Тумшугунун түбү дөмпөк, сары же кызыл ала. Беш түрү Евразия ж-а Американын түн. аймактарына тараган. СССРде 4 түрү (турпан, дөң мурун турпан, кара турпан, америка турпаны) белгилүү. Тундра, токойлуу тундрадагы көл, өзөндөрдө уялайт. Деңиз жээктеринде кыштайт. Моллюска ж-а суудагы курт-кумурскалар м-н азыктанат. Аңчылык кылынат.

**ТУЮК БАШТУУ БАЛЫКТАР (цельноголо́вые ры́бы, слитночере́пные)** — кемирчектүү балыктар классчасы. Уз. 6 *см*ден 2 *м*ге чейин жетет. Скелети кемирчек, бир аз сөөктөнгөн. Үстүңкү жаагы баш сөөк м-н биригип өскөн. Териси жылма, айрымдарыныкы тикен какачтар м-н капталган. Тиштери түтүктөй дентинден турат. Төрт бакалоор жылчыгы тери бүктөөлөрү м-н жабылып, ар бир жагында бирден бакалоор тешиги болот. Бир түркүмү (химера сымалдар) азыр жашайт.

**ТУЯКТУУ ЛЕММИНГДЕР (лемми́нги копы́тные)** — чычкан сымалдар тукумундагы жаныбарлар уруусу. Жайында сур, кышында ак түстө болот. Евразиянын ж-а Түн. Американын тундра зоналарына тараган. Кышында алдыңкы буттарынын тырмактары өсүп, жалпайып, туякка окшоп калат. Эки түрү (туяктуу лемминг ж-а ала мойнок лемминг) белгилүү.

**ТҮГӨЙЧҮЛДӨР (неразлу́чники)** — тоту сымалдар түркүмүндөгү чымчыктар уруусу. Уз. 13—17 *см*. Өңү жашыл кызыл же жашыл сары аралаш. Алардын 6 түрү Африканын тропик алкактарына, Мадагаскарга тараган. Токой ж-а саваннада жашайт. Дайым түгөйү м-н жүрүшөт (аты ошондон). Мөмө, жемиш, урук жейт.

**ТҮЗ ЖИКТҮҮ КЫСКА МУРУТЧАНДАР (прямошо́вные короткоу́сые)** — кош канаттуу курт-кумурскалар түркүмүнүн түркүмчөсү. Куурчакчадан жетилген особь чыгарда куурчакча кабыкчасы түз жигинен ачылат (аты ошондон). Булардын бийчилер, бүкүр чымындар, жашыл чымындар, көгөндөр, чулдук чымындар, шер чымындар, ызылдактар ж. б. тукумдары бар. Негизинен жырткычтар, омурткасыз майда жандыктардын митеси. Чириндилерди да жешет.

**ТҮЙҮЛЧӨК ЖЕЙРЕН (клипшпри́нгер)** — кидик бөкөндөр тукумчасындагы жаныбар. Мүйүзү тик, кыска, кулагы далдагай, көзү бакыракай. Бийикт. 50—60 *см*, салм. 9—11 *кг*. Туягынын учу м-н басат. Африкада кезигет.

**ТҮК КАНАТТУУЛАР (руче́йники, власокры́лые)** — курт-кумурскалар (каскактар) түркүмү. Сыртынан күбөгө окшош. Уз. 0,5—3 *см*, канатынын жазылыгы 70 *мм*, түктүү (аты ошондон). Муруттары кылкандай, ооз аппараты жалоого ылайыкталган. Түсү күрөң же саргыч боз. Отуздай тукумунун 3000ден (7000ден) ашык түрү кеңири тараган. СССРде 300гө жакын түрү бар. Суу жээгине жакын жашайт. Түнкүсүн тиричилик кылып, чөп ширеси м-н азыктанат. Личинкалары сууда чоңоёт. Кээ бир түрлөрү шалыга зыян келтирет. Өздөрү балыктарга жем болот.

**ТҮК КУРСАКТАР (брюхоресни́чные, ресничнобрю́хие)** — алгач-

кы көңдөйлүү курттар классы. Уз. 0,05—1,5 *мм*. Денеси жалпайыңкы. Боор жагында гана түгү бар. Капталдарында ж-а астында бездүү жармашчаак түтүкчөлөрү бар, аны м-н бир нерсеге жармашат. Сезгич сенсиллалары (түктөрү), жыт билүү ойдуңдары ж-а пигменттүү көздөрү бар. Ичегиси кекиртектен башталат. Гермафродиттер же ургаачылары партеногенездүү. Деңиздерде ж-а тузсуз сууларда жашайт. Эки түркүмү (макродазиоиддер ж-а хетонотоиддер), 160тай түрү бар. Балырлар, микроорганизмдер м-н азыктанат.

**ТҮКТҮҮ ААРЫЛАР (шме́ли)** — ири аарылар тукуму. Уз. 3,5 *см*ге жетет. Денеси калың түктүү, сары, кара же ак таргыл. Алардын 300дөй түрү Африкадан башка жерлерге кеңири тараган. СССРде 125 түрү кезигет. Негизинен тоо, токойлордо жашайт. Тоют ж-а чанактуу өсүмдүктөрдү чаңдаштырып пайда келтирет. Личинкалары өсүмдүк чаңы ж-а нектары м-н азыктанат. Он төрт түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ТҮКТҮҮ КУРТТАР**, турбелляриялар **(ресни́чные че́рви, турбелля́рии)** — жалпак курттар классы. Денеси түктүү эпителий м-н капталган, уз. *мм* үлүшүнөн 60 *см*ге жетет. Оозу денесинин алдыңкы учунда же боор жагында. Кулкуну бар. Ичеги-карды капчыктай, кээсиникинин урчуктары бар, арткы тешиги жок. Денеси м-н дем алат. Жөнөкөй түзүлүштүүлөрүнүн нерв системасы бүт денесине чачыраган нерв клеткаларынан турат, жогорку түзүлүштүү түктүү курттардын бөтөн ганглийлери бар. Гермафродиттер. Он бир түркүмү, 300дөй түрү бардык алкактагы деңиз ж-а өзөндө жашайт. Бардыгы жырткычтар. Айрымдары моллюска, рак сымалдардын мителери.

**ТҮКТҮҮ ЧЫМЫНДАР (тахи́ны)** — тегерек жиктүү кыска мурутчандар тукуму. Уз. 3—20 *мм*. Алардын 500дөй түрү бар. СССРде 1000дей түрү кезигет. Чоңдору өсүмдүк ширеси м-н азыктанат. Личинкалары башка зыянкеч курт-кумурскаларды жеп, айыл чарбага пайда келтирет.

**ТҮНДҮК БУГУСУ (се́верный оле́нь)** — бугулар тукумундагы ача туяктуу жаныбар. Дене уз. 220 *см*, өркөчүнөн бийикт. 150 *см*, салм. 220 *кг*га жетет. Жүнү кышында коюу, узун, ачык түстүү, жайында түлөп такыр, сейрек болуп калат. Эркегинин да, ургаачысынын да мүйүзү болот. Туягы тегерек, чөйчөктөй. Евразия ж-а Түн. Американын уюлдук аралдарында, тундра ж-а тайгасында жашайт. СССРде Таймырда көп кездешет. Сибирдин тайгаларында жашап, эңилчек, жайында бадал өсүмдүктөрүнүн жалбырак, бутагын жейт. Промыселдик (эт, сүт, териси) мааниси бар. Бир түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ТҮНДҮК ДЕЛЬФИНИ (белу́ха)** — дельфиндер тукумундагы деңиз сүт эмүүчү жаныбары. Уруудагы жалгыз түр. Уз. 6 *м*ге, салм. 2,5 *т*га жетет. Башы анча чоң эмес, тегерек. Түсү чоңойгон сайын өзгөрүп мала боздон акка өтөт. Түн. деңиздерде (Баренц, Чукот, Охота ж. б.) таралган. Балык ж-а рак сымалдар м-н азыктанат. Промыселдик (эт, майы үчүн) мааниси бар.

**ТҮНДҮК ӨРДӨГҮ (моря́нка)** — өрдөктөр тукумундагы куш. Уз. 60 *см*дей. Салм. 550—900 *г*. Түсү кара ала (ак, күрөң, кара ж-а сары аралаш), сезонго карата өзгөрүп турат. Куйругу узун, ичке, тумшугу жалпак, кыска. Уюл айланасында тундра ж-а токойлуу тундрага тараган. СССРде Кола жарым аралынан Камчаткага чейин, Беринг деңизинде, Жаңы Жер ж-а Жаңы

Сибирь аралдарына тараган. Өзөн жээгинде, көлдө уялайт. Курт-кумурска, рак, моллюска, чабактар м-н азыктанат.

**ТҮНКҮ МАЙМЫЛДАР (ночны́е обезья́ны, дуруку́ли)** — чалма куйрук маймылдар уруусу. Дене уз. 24—47 *см*. Куйругунун уз. денеси м-н барабар, салм. 800—1200 *г*. Жүнү коюу, боз түстө. Түн ичинде тиричилик кылат. Жалгыз түрү (дурукули), 9 түрчөсү Түш. ж-а Борб. Америка токойлоруна тараган.

**ТҮНЧҮ КЫТАНДАР (ква́квы)** — кытандар тукумундагы куштар уруусу. Башка кытандардыкына караганда мойну, тумшугу, шыйрактары кыскараак. Уз. 60 *см*ге жетет. Беш түрү тропик ж-а мелүүн алкактарга тараган. Саздуу жерлерде, жээктерде жашайт. Даракка топтошуп конушат. Түнкүсүн тирчилик кылат (аты ошондон). Балык, бака ж-а майда омурткасыздар м-н азыктанат. СССРде 1 түрү (түнчү кытан) Европа бөлүгүндө ж-а О. Азияда жашайт. Келгин куш. Кышкысын Африкага учуп кетет.

**ТҮРПҮ БУТТАР (чешуено́ги)** — кескелдириктер тукуму. Уз. 12—75 *см*. Дене түзүлүшү жыланга окшош. Ирмөөчтөрү көздөрүн сыртынан каптап турат. Алдыңкы буттары жок, арткы буттарынын орду эле калган. Куйругу узун. Сегиз уруусунун 29 түрү бар. Австралияга ж-а анын айланасындагы аралдарга тараган. Бир түрү Жаңы Гвинеяда кезигет. Бийик чөп арасында сойлоп жүрөт, кээ бири ийинде жашайт.

**ТҮРПҮ КАБЫКТУУЛАР (чешу́йницы)** — кылкан куйруктар түркүмүндөгү алгачкы канатсыз курт-кумурскалар. Денеси ичке, майда боз түрпү м-н капталган, уз. 11 *мм*. узун, үч куйруктай жипчелери бар. Буларга: идирек түрпү кабык, кадимки түрпү кабык, кумурскачы түрпү кабык ж. б. кирет.

**ТҮРПҮ КУЙРУКТАР (шипохво́сты)** — кемирүүчүлөр түркүмүндөгү сүт эмүүчү (желиндүү) жаныбарлар тукуму. Дене уз. 7—60 *см*, салм 5 *г*дан 2 *кг*га жетет. Түсү ар түрдүү. Куйругунун төмөнкү бети такыр, түрпүлүү. Үч уруусунун 10 түрү Африканын бардык токойлорунда жашайт. Анын ичинен дөө түрпү куйрук, жексон түрпү куйругу ж. б. түрлөрү көбүрөөк учурайт. Негизинен өсүмдүк м-н азыктанат.

**ТҮРПҮЛҮҮЛӨР (чешу́йчатые)** — сойлоочулар түркүмү. Денеси ар кандай формадагы катуу түрпүлөр ж-а калканчалар м-н жабылган (аты ошондон). Башынын чыкый сөөктөрү редукцияланган, көпчүлүгүнүн жумуртка кабыгы жушмак жаргак, анын алдында белок кабыгы болбойт. Алардын 3 түркүмчөсү (жыландар, амфисбеналар, кескелдириктер), 6600дөн ашык түрү белгилүү. Антарктидадан башка бардык континенттерде тараган.

**ТҮСТҮҮ ЭЧКИ МААРАКТАР (цветны́е бека́сы)** — чулдуктар тукумундагы чымчыктар тукуму. Уз. 19—24 *см*. Ургаачылары эркегинен чоңурак ж-а коозураак. Тумшугу узун, учу жазы. Эки уруусу (америка түстүү эчки маарагы ж-а бенгал түстүү эчки маарагы) бар. Түш. Америкага, Африканын, Азиянын ж-а Австралиянын тропик, субтропик алкактарына тараган. Саздуу жерлерде жашайт. Майда омурткасыз жандыктар, чөп уругу м-н азыктанат.

**ТҮТҮК МУРУНДАР (трубконо́сы)** — жылма мурун жарганаттар тукумундагы сүт эмүүчүлөр уруусу. Уз. 3—6 *см*. Жүнү өтө коюу, бүт денесин жаап турат. Таноолору кыска тери түтүкчө түрүндө ачылат (аты ошондон). Ондой түрү бар. Түш. ж-а Чыгыш Азияга, Жаңы Гвинеяга тараган. СССРде 2 түрү

белгилүү. Ири түтүк мурун Түш. Сибирде ж-а Ы. Чыгышта, кидик түтүк мурун Приморьеде, Сахалин аралдарында кезигет. Үңкүрдө, дарак көңдөйүндө жашап, курт-кумурскаларды жейт.

**ТҮТҮК ТИШТЕР (трубкозу́бы)** — чөптүү сүт эмүүчү жаныбарлар түркүмү. Дене уз. 1—1,5 *м*, куйругу 45—60 *см*, салм. 50—70 *кг*. Тумшугу түтүктөй узун. Алдыңкы буттары 4, арткылары 5 манжалуу. Туякка окшош, курч тырмактары бар. Кулагы да түтүк сымал. Тили узун, курттай. Тиштери дентин түтүктөрүнөн турат (аты ошондон). Азыр түркүмдүн жалгыз түрү (африка түтүк тиши) сакталып калган. Африкага тараган. Термит ж-а кумурска жейт. Ландшафттарда ийин казып жашайт. Көп жерлерде саны азаюуда. Териси ж-а эти үчүн уулашат.

**ТҮШТҮК КИТИ (ю́жный кит)** — жылма киттер тукумундагы сүт эмүүчү жаныбар. Уз. 17,5 *м* (япония түрчөсү 21 *м*). Түсү каралжын боз, кээде боорунда ак тактары болот. Көкүрөк сүзгүчү жазы, 4 ача. Муруттарынын бийикт. 2,5 *м*ге жетип, 260 жуп муруту болот. Үч түркүмчөсү Атлантика, Тынч океандарында, Түш. жарым шарга тараган. ТКЭСтин ж-а СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ТЫБЫТКОРЛОР (мехое́ды)** — теричилер тукумундагы коңуздар. Чоңдору ж-а личинкалары тери, жүн буюмдарын, сырьёлорун бузат. СССРде 6 түрү (килем тыбыткору, тон тыбыткору ж. б.) кезигет.

**ТЫБЫТЧЫЛДАР (пухое́ды)** — курт-кумурскалар түркүмү. Уз. 1—11 *мм*. Денеси түктүү, канатсыз, кээсинин көзү жок, майда жандыктар. Ооз аппараты кемиргич. Муруттары кыска, 3—5 муунактуу. Буттары чуркоого ылайыкталган. Алардын 2500дөй түрү бар. Куштар ж-а сүт эмүүчү жаныбарлар митеси. Жүн, тыбыт, эпидермис ж-а кан м-н азыктанат. СССРде 400гө жакын түрү кезигет. Тоок тыбытчылы куш чарбасына зыян келтирет.

**ТЫЙЫН БАЛЫКТАР (рыбы-белки, рыбы-солдаты)** — берикс сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 10—60 *см*. Денеси тикендүү түрпүлөр м-н капталган. Чоң көздөрү тыйындыкына окшош (аты ошондон). Төрт уруусу, 70тей түрү бар. Суусу тайыз шуру рифтеринин арасына тараган. Уулоо жүргүзүлөт.

**ТЫЙЫН СЫМАЛДАР (бе́личьи)** — кемирүүчүлөр түркүмүндөгү сүт эмүүчүлөр тукуму. Дене уз. 6—60 *см*, өздөрү майда, куйрук жүнү коюу, узун жаныбарлар. Алардын 25 уруусу (суурлар, тыйын чычкандар, ала чычкандар ж. б.), 230дай түрү бар. Евразия, Африкага, Америкага тарап, токой, тундра, ачык талааларда жашашат. СССРде 5 уруусунун 22 түрү кезигет. Негизинен өсүмдүк м-н азыктанат. Кээ бирлери кышкысын чээнге кирет. Алты түрү ТКЭСтин ж-а СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ТЫЙЫН ЧЫЧКАНДАР (бе́лки)** — тыйын сымалдар тукумундагы кемирүүчү жаныбарлар уруусу. Дене уз. 20—31 *см*. Куйругу узун, үлпүлдөк. Кулагы чоң тик. Өңү саргыч күрөң. Кырктай уруусу Америка ж-а Евразиянын токойлуу аймактарына тараган. СССРде кадимки ж-а кавказ же персия тыйын чычкандары кезигип, дарак коңулдарына, уяларда жашашат. Урук, бүчүр, жаңгак, козу карын м-н азыктанат. Кадимки тыйын чычкан Крымда, Тянь-Шанда, Кавказда ж-а Ысык-Көлдө байырлаштырылган. Териси баалуу.

13—2103

**ТЫРАН** (**лещ**) — каңылтырлар тукумундагы балык. Уз. 50 см, салм. 5 *кг*га жетет. Эки капталы жалпак, өзү бийик, түсү күмүштөй же саргыч. Булардын тузсуз сууда жашоочу ж-а чала өрдөмө түрлөрү бар. Түн. Балтика, Баренц, Ак, Кара, Азов, Каспий, Арал деңиздеринде ж-а аларга куюучу өзөндөрдө жашайт. Бентос, зоопланктон м-н азыктанат. Баалуу промысел балыгы.

**ТЫРСЫЛДАК КОҢУЗДАР** (**щелкуны**) — коңуздар тукуму. Уз. 10—20 *мм*, буттары кыска, денеси сүйрүрөөк. Чалкасынан жаткан коңуз тырсылдап секирип, кайра аягы м-н жерге түшөт (аты ошондон). Он миңдей түрү кеңири тараган. СССРде 500дөй түрү бар. Чоңдору өсүмдүк м-н азыктанат, личинкалары топуракта жашап, өсүмдүк тамырына, картошкага ж. б. зыян келтирет.

**ТЮЛЕНДЕР**, түлөндөр (**тюлени**) — сүт эмүүчүлөрдүн калак буттуулар түркүмүнүн эки тукумунун (накта ж-а кулактуу тюлендер) жалпы аты. Накта тюлендердин кулак калканы жок, буттары калакка айланган. Арткы бутунун калактары сууда сүзүп жүрүүгө жардам берет. Алардын 12 уруусунун 20дай түрү, өзгөчө уюлдук ж-а мелүүн алкактарда кеңири тараган. СССРде 6 уруусунун 9 түрү белгилүү, а. и. гренландия тюлени, каспий тюлени, балтика тюленинин промыселдик мааниси бар. Балык, рак, моллюскалар м-н азыктанат.

# У

**УАКАРИЛЕР**, к. *Чолок куйрук шайтан маймылдар* макаласын.

**УДОНЕЛЛИДДЕР** (**удонеллиды**) — түктүү курттар түркүмү. Уз. 3 *мм*ге жакын. Денеси жумуру, цилиндрдей, учу соргуч м-н бүтөт. Ичегиси шакек сыяктуу, жыныс бездерин курчап турат. Үч түрү деңиз балыктарынын мителери, рак сымалдар м-н биригип (симбиоздо) жашайт.

**УЗУН СОГОНЧОКТУУЛАР** (**долгопяты, долгопятовые**) — приматтар тукумундагы чала маймылдар тукуму. Дене уз. 8—16 *см*, куйругу 13—27 *см*, жылма, учу чачылуу. Башы чоң, көздөрү тосток, сары. Кулактары жаргак, кыймылдаак. Арткы бутунун согончогу узун болгондуктан (аты ошондон) алдыңкы бутунан узун. Манжалары шадылуу, учу томолок. Жалгыз уруусунун (узун согончоктуулар) 3 түрү бар. Малайя архипелагына тараган. Даракта жашап, түнкүсүн тиричилик кылат. Жалгыздан же жубу м-н жүрөт. Курт-кумурскалар, жөргөмүш, кескелдирик м-н азыктанышат. Үч түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**УЗУН ТИЛДҮҮЛӨР** (**длинноязыкие**) — жалбырак мурундуулар тукумунун тукумчасы. Канаттарынын жазылыгы 3,2—4 *см*, салм. 5—10 *г* болгон майда жарганаттар. Борб. ж-а Түш. Америкага тараган. Аларга жер чукуур сымал жалбырак мурун, куйруксуз узун тил ж. б. кирет. Жемиш ж-а курт-кумурскалар м-н азыктанат.

**УЗУН ТУМШУКТАР** (**носухи**) — жанат сымалдар тукумундагы сүт эмүүчү (желиндүү) жырткыч жаныбарлар уруусу. Дене

уз. 41—67 *см*, куйругу 32—69 *см*. Тумшугу узун (аты ошондон), учу былкылдак. Жүнү тайкы, боз күрөң же саргыч боз. Алардын 2—3 түрү Түн. ж-а Түш. Американын тропик, субтропик токойлорунда жашайт. Түнкүсүн тиричилик кылат. Топ-тобу м-н жүрөт. Даракка жакшы чыгат.

**УЙГАКЧЫЛ (репе́йница)** — нимфалиддер тукумундагы көпөлөк. Канаттарынын жазылыгы 60 *мм*ге жетет. Түсү кара күрөң, кызгылтым аралаш болуп, ак тактары бар, кооз. Малагы уйгактын жалбырак сабактарында жашайт (аты ошондон). Түш. Америкадан башка континенттердин баарына тараган. Көпөлөгү кыштап чыгат. Өтө көбөйүп кетсе күн карамаларды, гозолорду, кендирди, сояны ж. б. зыянга учуратат.

**УЛАРЛАР (ула́ры, го́рные инде́йки)** — кыргоол сымалдар тукумундагы куштар уруусу. Уз. 60 *см*ге, салм. 3 *кг*га жетет. Буттары чымыр, эркегинин текөөрү бар. Канаттары кыска, жазы, куйругу чолок. Боз түстө, кара тактары бар. Беш түрү Азия тоолоруна тараган. СССРде бешөө тең кезигет. Кавказ улары СССРдин эндеми. Кавказ тоолорунда жашайт. Кара боор улар, тибет улары Тянь-Шань, Памир, Алай, Тибет тоолорунда учурайт. Токойлордо уялап, өсүмдүк бүчүрү, гүлү, курт-кумурска м-н азыктанат. Үч түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**УЛИТТЕР (ули́ты)** — маарактар уруусу. Уз. 21—30 *см*. Тумшугу кара, узун, учу бир аз кайкы. Он түрү Евразияга ж-а Түн. Америкага тараган. СССРде 7 түрү бар. Тундрадан боздоңдорго чейин саздарда, өзөндөрдүн, көлдөрдүн жээктеринде кезигет. Жерге, айрымдары таркылдактардын эски уяларына уялайт. Курт-кумурска, өсүмдүк м-н азыктанат. Охота улиттери ТКЭСтин ж-а СССРдин Кызыл китебине катталган.

**УЛЬКА**, к. *Саксагайлар* макаласын.

**УМБРА СЫМАЛДАР (евдо́шковые, у́мбровые)** — сом сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Майда балыктар. Уз. 12—20 *см*, салм. 30 *г*. Тумшугу кыска, каптал сызыгы жок. Майда тиштери бар. Эки уруусунун (умбралар ж-а новумбралар) 4 түрү Чыгыш Европанын ж-а Түн. Американын өзөндөрүндө кезигет. Планктон м-н азыктанат. СССРде Дунай ж-а Днестр алаптарында тараган. Планктофагдар.

**УНЧУЛДАР (хруща́ки, мучны́е хруща́ки)** — кара коңуздар тукумундагы 2 уруу коңуздун жалпы аты. Уз. 3—16 *мм*, кара, күрөң түстөгү сасык коңуздар. Личинкалары ун, улпак ж. б. ун азыктарында жашап, аларды бузат. Булардын ири унчул, кидик унчул ж. б. түрлөрү бар.

**УРУК ЧАЧУУ (не́рест)** — балыктардын уругу жетилгенде сууну өрдөп барып урук таштоо ж-а уруктануу процесси.

**УСТАРА БАЛЫКТАР (кривохво́стки)** — корюшка сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Сырты сөөк чопкут м-н капталып, капталынан кысыңкы, курсагы устаранын мизиндей курч. Уз. 3—5 *см*. Эки уруусунун 4 түрү бар. Тынч ж-а Инди океандарынын тропик алкактарындагы деңиздердин тайыз жерлеринде тараган.

**УСТРИЦАЛАР (у́стрицы)** — кош капкалуу деңиз моллюскаларынын тукуму. Раковинасы сөлпү, үстү бодур, бийикт. 45 *см*ге жетет. Алардын 50дөй түрү тропик ж-а мелүүн аймактардагы деңиздерде кезигет. СССРдин Япон, Охота ж-а Кара деңиздерин-

де 3 түрү учурайт. Суунун түбүндө кыймылсыз жатат же сол капталы м-н катуу нерселерге жабышып турат. Кобүнчө топтошуп жашап, планктон м-н азыктанат, сууну тазалайт. Желүүчү түрлөрүн атайын багып өстүрүшөт.

**УУ ТИШТЕР (ядозу́бы)** — кескелдириктер тукуму. Денеси жумуру, чымыр, уз. 80 *см*ге жетет, ири бодур түрпүлүү. Көз жапкагы кыймылдап турат. Куйругу жоон, кыска. Тиштери узун, уу агызчу жылгалары бар. Жалгыз уруусу (уу тиштер), 2 түрү, бир нече түрчөсү бар. Түн. Американын түш. тарабына таркаган. Күүгүмдө, түндө тиричилик кылат. Майда сүт эмүүчү жаныбарлар, куш балапандары, жумурткалары, курт-кумурскалар м-н азыктанат. Уулуу, чакканда өлүмгө учуратышы мүмкүн.

**УЧКУЧ БАЛЫКТАР (лету́чие ры́бы)** — сарган сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 15—50 *см*. Жаактары кыска. Көкүрөк, айрымдарынын курсак сүзгүчтөрү да узун. Ири түрпүлүү, көкүрөк сүзгүчү өйдө жайгашат. Суудан ыргып, 200—400 *м*ге чейин учуп бара алат (аты ошондон). Жети уруусунун 60тай түрү бар. Тынч, Инди ж-а Атлантика океандарынын тропик ж-а мелүүн сууларында жээкке жакын жашайт. Планктон м-н азыктанат. СССРдин деңиздеринде (Ы. Чыгыштагы) бир нече түрү (а. и. түндүк учуучу балыгы) кезигет. Азиянын көп өлкөлөрүндө промыселдик балык.

**УЧКУЧ КЕСКЕЛДИРИКТЕР**, птерозаврлар **(птероза́вры, лета́ющие я́щерицы)** — архозаврлар классчасындагы тукуму курут болгон сойлоочулар түркүмү. Алдыңкы буттары канатка айланган, эни 7—8 *см*ден 15 *м*ге дейре жеткен. Тумшугу куштукундай чор, катуу, денеси жүндүү, канаттары жаргак болгон. Суу боюнда, аралда жашаган. Алардын 2 түркүмчөсүнүн 35ке жакын түрү белгилүү.

**УЮЛЧУЛАР (орехотво́рки)** — сөңгөк курсактуулар түркүмчөсүндөгү жалтырак канаттуулар тукуму. Уз. 1—5 *мм*, айрымдарыныкы 25 *мм*ге жетет. Алардын 1900дөй түрүнүн көбү Түн. жарым шарда жашайт. Алар өсүмдүктөрдө уюл, галл пайда кылып (аты ошондон), анда личинкалары чоңоёт. Булардын кадимки эмен уюлчусу, ит мурун уюлчусу, тамыр уюлчусу ж. б. түрлөрү көбүрөөк таралган.

**УЯ БАШТЫК (выводко́вая су́мка)** — сүт эмүүчү (желиндүү) жаныбарлардын денесиндеги тери баштыкча. Ал көбүнчө жаныбарлардын чандырында, боорунда болуп, оозу алдын же артын көздөй ачылат. Буга баштыкчан жаныбарлар (баштыкчан карышкыр ж-а кашкулак ж. б.) жетиле элек ара баласын же жумурткасын салып, жетилгенче көтөрүп жүрөт. Желини да баштыктын ичинде болот.

# Ү

**ҮКҮ КӨПӨЛӨКТӨР (со́вки, ночни́цы)** — шайтан көпөлөктөр тукуму. Канаттарынын жазылыгы 25—35 *мм*, ал эми Бразилияда жашоочу түрүнүкү 300 *мм*. Алдыңкы канаттарынын түсү боз же күрөң, үчтөн тагы ж-а бир нече идиректүү сызыктары бар, арткылары жазы, учтары тегерек, түсү боз, агыш, кээси-

ники кооз чиймелүү. Алардын 2500дөй түрү кеңири тараган. СССРде 2000ден ашык түрү кезигет. Күүгүмдө ж-а түндө тиричилик кылышат. Малагы ылгабай азыктанат. Жалбырак, сабак, мөмө жеп, дан ж-а токой өсүмдүктөрүнө зыян келтирет. Сегиз түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ҮКҮЛӨР (сови́ные, настоя́щие со́вы)** — үкү сымалдар түркүмүндөгү куштар тукуму. Бети тегерек, жалпак, тумшугу кичине, кыска, илмектей. Көздөрү чоң, кээ бирлеринин башында тик жүн «кулагы» бар. Шыйрагы кыска, тырмактары курч. Алардын 28 уруусу, 123 түрү Арктика тундрасынан тропиктерге дейре тараган. СССРде 17 түрү (бабыргандардын 4 түрү, мыкый үкүлөрдүн 3 түрү, кадимки сары үкү, балыкчы үкү, куш үкүлөрдүн 3 түрү ж. б.) кезигет. Түнкүсүн, айрымдары күндүз да табылгасын кармап жейт. Үч түрү, 9 түрчөсү ТКЭСтин, 1 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ҮКҮ СЫМАЛДАР (совообра́зные)** — куштар түркүмү. Уз. 12—84 *см*, ургаачылары эркектеринен ирирээк. Жүнү калың, жумшак, үлпүлдөк, түсү бозомтук же күрөң, чаар ала. Башы чоң, көзүнүн тегерегинде майда жүндүү бет табагы болот. Көздөрү чоң, бет жагында жайгашкан. Баары күндүз да, күүгүмдө да жакшы көрүшөт. Айсыз караңгыда жеминин добушун угуп, кармайт. Тумшугу кичине, кыска, илмек сыяктуу. Эки тукуму (үкүлөр ж-а шынаа баш үкүлөр), 133 түрү бар. Антарктидадан башка континенттердин баарына тараган. СССРде 2 тукумунун 18 түрү кезигет. Дарак көңдөйлөрүнө, жерге, дарактарга уялайт. Айрым түрлөрүнүн саны азаюуда. Төрт түрү, 9 түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ҮЛҮЛДӨР (брюхоно́гие, гастропо́ды)** — раковиналуу моллюскалар классы. Денеси башынан ж-а тулкунан турат. Башында оозу, 2—4 тинтүүрү, алардын учунда же түбүндө көздөрү бар. Оозунда 2—17 миңге чейин майда тиштери болот. Жалпайган курсагы бутунун кызматын аткарып, боору м-н жылат. Жагымсыз шартта денесин раковинага катып алат. Раковинасынын бийикт. 0,5 *мм*ден 70 *см*ге жетип, конустай, чыгырыктай, табактай формаларда болот. Сууда жашоочулары бакалоору, кургактагылары өпкөсү м-н дем алат. Үч классчасы (алдыңкы бакалоордуулар, арткы бакалоордуулар ж- а өпкөлүүлөр), 90 миңдей түрү бүт жер жүзүнө тараган. СССРде 2000дей түрү кезигет. Көпчүлүгү гермафродиттер. Чөп жечүлөрү, жырткыч ж-а мителери да бар.

**ҮЛҮЛЧҮ МААРАКТАР (ржа́нки ра́чьи)** — маарак сымалдар түркүмүндөгү чулдуктар тукуму. Тукумунун жалгыз түрү (үлүлчүл маарак) бар. Уз. 38 *см*ге жетет. Тумшугу москоол; крабдардын, үлүлдөрдүн кабыктарын тешүүгө ылайыкталган. Инди океанынын, Кызыл деңиздин жээктерине тараган. Топтошуп уя салып, чогуу жашайт.

**ҮҢКҮРЧҮЛ АРСТАН (пеще́рный лев)** — мышык сымалдар тукумундагы тукум курут болгон жырткыч жаныбар. Чоңдугу азыркы арстандардан ж-а жолборстордон чоң, дене түзүлүшү экөөнүкүнө тең окшош болгон. Түзөңдөрдө, адырларда жашаган.

**ҮПҮПТӨР (удо́довые)** — көк карга сымалдар түркүмүндөгү куштар тукуму. Тукумдун жалгыз түрү (үпүп) бар. Уз. орт. 28 *см*. Тумшугу узун, куйругу түз. Башында желпүүрдөй таажысы болот. Буту кыска. Өңү саргыч, ак, кара тактуу.

Евразия ж-а Африкага тарап, талаа, токойлуу талааларда жашайт. Жерге, ийинге, коңулга, корумдардын кычыгына уялайт. Уясын тазалабайт, сасык, ошондуктан сасык үпүп деп да аталат. Курт-кумурскалар ж-а майда жандыктар м-н азыктанат.

**ҮРПӨК КАРА ПАВИАН (чёрный павиа́н, хохлатый павиа́н)** — макакалар уруусундагы маймыл. Башында үрпөк чачы бар, түсү кара. Баш түзүлүшү паиандарга, башка көп белгилери макакага окшош. Куйругу кыска. Сулавеси аралынын эндеми. Токойдо, даракка чыгып жашайт. Аз-аздан топтолуп же жубу м-н жүрүшөт. Ылгабай азыктанат. Чанда зоопаркта кармалат.

**ҮРПӨК ТААН (со́йка)** — каргалар тукумундагы куш. Уз. ортočо 35 *см.* Жүнү калың, жумшак. Мүрүсүндө көгүш тагы, башында үрпөк жүнү бар. Евразия ж-а Түн.-Батыш Африкага тараган. СССРде Крым, Кавказ токойлорунда кезигет. Даракта уялайт.

**ҮРПӨК ЧЫМЧЫКТАР (свиристе́ли, свиристе́левые)** — сайрагыч таранчылар түркүмүндөгү чымчыктар тукуму. Уз. 15—22 *см.* Башында үрпөгү бар. Күрөң боз же боз түстө. Шыйрактары кыска. Канаты учтуу. Эки уруусунун 3 түрү Евразия ж-а Түн. Америкага тараган. СССРде 2 түрү Якутия, Приморьеде кезигет. Түркмөнстан чөлдөрүнө чейин барат. Жайкысын курт-кумурскалар, кышкысын өсүмдүк мөмөсүн жешет. Дарактарга уялайт. Төрт түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ҮЧ МАНЖАЛУУЛАР (трипе́рстовые)** — субагай канаттуулар түркүмүндөгү курт-кумурскалар чоң тукуму. Уз. 4—9 *мм.* Сыртынан аюучуктарга окшош. Алдыңкы бут чеңгелдери казууга, арткыларыныкы секирүүгө ылайыкталган. Угуу органы жок. Үч тукуму, 120дай түрү негизинен тропик ж-а субтропик алкактарына тараган. Чөп жейт. СССРде 4 түрү кезигет.

**ҮЧ ШАДЫЛУУЛАР (трёхперстки, трёхперстко́вые)** — турна сымалдар түркүмүндөгү куштар тукуму. Уз. 12—19 *см.* Буттары москоол, үч шадылуу (аты ошондон). Канаттары кыска, түсү жерге окшош, боз чаар. Ургаачысы эркегине караганда ачык болот. Эки уруусу, 15 түрү Евразияга, Африкага ж-а Австралияга тараган. Ачык жерлерде жашайт. Аз учат. Жашыруун жашап, жерге уялайт. Өсүмдүк уругун, курт-кумурскаларды жейт. СССРде 1 түрү (чаар үч шадылуу) Приморье, Забайкальеге тараган.

# Ф

**ФАСЦИОЛАЛАР (фасцио́лы)** — трематодалар классындагы мите курттар уруусу. Уз. 26—76 *мм,* жоондугу 5—12 *мм.* Эки түрү (боор кош оозу ж-а дөө кош оозу) бар. Алар уй, кой, эчкинин, кээде кишинин боорундагы өт жолдорунда жашап, мителик кылат ж-а «фасциолёз» дартына, илдетине чалдыктырат. СССРде 2 түрү тең кезигет.

**ФИЛЕПИТТЕР (филепиттовые)** — чырылдак таранчылар түркүмчөсүндөгү чымчыктар тукуму. Уз. 15—16 *см,* буттары москоол, эркеги капкара, көздөрүнүн үстүндө жашыл түстүү такыр териси бар, ургаачысы күңүрт жашыл түстө. Алардын 2 уруусу, 4 түрү Мадагаскарда гана жашайт.

**ФИЛЛОКСЕРАЛАР (филлоксе́ры)** — чөп биттери түркүмчөсүндөгү курт-кумурскалар тукуму. Уз. 0,5—7 *мм*. Канаттуу ж-а канатсыз түрлөрү бар. Башы көп кыймылдабайт, оозу соорууга ылайыкталган. Алардын 3—4 муунактуу кыска муруттары бар. Түсү күрөң же боз жашыл. Денеси майда түк м-н капталган. Алардын 60тай түрү жылуу алкактарга тараган. СССРде 9 түрү түш.-батыш аймактарда, Кавказда кезигет. Жалбырактуу даракта, жүзүм сабагында жашап, ширесин сорот. Жүзүм филлоксерасы жүзүмгө зыян келтирет.

**ФИЛЛОМЕДУЗАЛАР (филломеду́зы)** — даракчы бакалар тукумундагы жерде-сууда жашоочулар уруусу. Уз. 2—11 *см*. Жону жашыл, эки капталы ж-а буттары кызыл, дуңгул, тумшук, бели ичке. Манжалары жаргаксыз. Отуздай түрү бар. Борб. ж-а Түш. Американын нымдуу, саздуу токойлоруна тарап, даракта жашайт. Курт-кумурска жейт.

**ФИНВА́Л (финва́л, сельдя́ной кит)** — жаян киттер тукумундагы сүт эмүүчү жаныбар. Уз. 27,3 *м*ге чейин жетет. Жону кара күрөң, боору ак. Боорунда 70—90 темгили бар. Алардын 360тай жуп мурут эбелеги көгүш түстө, бийикт. 70 *см*, Арктикадан Антарктикага чейин тараган. СССРде Ы. Чыгыш деңиздеринде, чанда Баренц деңизинде кезигет. Азыр абдан азайып кеткен. Уулоого тыюу салынган, ТКЭСтин ж-а СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ФЛАМИ́НГО (флами́нго)** — куштар түркүмү. Уз. 91—120 *см*. Тумшугунун уч жагы ийилген. Тилинде ж-а жаактарынын кырында ылай чыпкалоочу чор эбелектери бар. Мойну, буттары өтө узун. Жүнү ак, кызгылт ак болуп кубулуп турат. Шыйрагы жоон санына дейре жүнөүз, такыр. Канаттары узун, учтуу, кара түстө, куйругу кыска. Жалгыз тукумунун 3 уруусу, 6 түрү бар. Австралиядан башка тропик ж-а субтропик аймактарынын баарына тараган. СССРде Каспий боюнда, Казакстандын түрдүү көлдөрүндө, Кыргызстанда 1 түрү (кадимки фламинго) учурайт. Үйрү тобу м-н жашап, тайыз суулардын балчыктарындагы жандыктарды жейт. СССРде 5500дөй фламинго бар. СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ФЛОЕМИИНДЕР (флоемии́ны)** — чычкан сымал кемирүүчүлөр тукумундагы сүт эмүүчү майда жаныбарлар тукумчасы. Дене уз. 8—13 *см*, куйругу узунураак. Жүнү кара күрөң, күңүрт түстө. Түш.-Чыгыш Азиянын токойлуу аймактарына тараган. Алардын 7—8 түрү бар. Негизинен мөмө-жемиштер м-н азыктанат.

**ФЛЮВИАЛОЗАЛАР (флювиало́зы)** — жемсөөлүү айна көздөр тукумчасындагы балыктар уруусу. Уз. 13—15 *см*, кээси 39 *км*ге чейин жетет. Жети түрү бар. Австралиянын өзөндөрүндө, көлдөрүндө, көлмөлөрүндө тараган.

**ФОЛАДДАР (фола́ды, морские свёрла)**— фолад сымалдар тукумундагы кош капкалуу деңиз моллюскалар уруусу. Кабыгы сүйрү, уз. 15 *см*ге жетет. Капкалары булчуңдар аркылуу бирикет. Капкаларынын алдыңкы жагы өгөөгө окшош идиректүү. Гермафродиттер. Беш түрү Тынч ж-а Атлантика океандарынын тропик ж-а субтропик алкактарындагы деңиздерине тараган. СССРде 1 түрү Кара деңизде кезигет. Гидротехникалык курулмаларга имараттарга зыян келтириши мүмкүн.

**ФОРАМИНИФЕРАЛАР (фораминифе́ры)** — тамыр буттуулар классчасындагы жөнөкөй жандыктар түркүмү. Чоңдугу 0,1—

1 *мм*, айрымдары 20 *смге* дейре жетет. Сырткы скелети раковина түрүндө. Алардын 1000дей түрү бар. Деңиз түбүндө жашайт.

**ФОРМИОЛОР (формиевые)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Тукумунун жалгыз түрү (формио) бар. Инди ж-а Тынч океандардын тропик аймактарына тараган. Эки капталы кууш, сүйрү табакка окшош. Кээ бирлеринин уз. 75 *смге* жетет. Эти даамдуу.

**ФОРОНИДДЕР (форони́ды)** — тинтүүрдүүлөр тибиндеги деңиз жандыктарынын классы. Денеси чучуктай жумуру, уз. 0,5 *смден* 45 *смге* жетет. Өзү бөлүп чыгарган заттан жасалган түтүктө жашайт. Анын оозу ачык, андан тинтүүрлөр чыгып, түбүндө оозу жатат. Желкесинде күлтүгү бар. Гермафродиттер. Тинтүүрлөрү м-н дем алат. Он бир түрү бардык деңизге тараган. СССРдин деңиздеринде 5 түрү кезигет.

**ФО́ССА (фо́сса)** — виверралар тукумундагы сүт эмүүчү жаныбар. Сыртынан мышыкка окшош. Дене уз. 62—76 *см*, куйругу 66 *см*. Буттары, тырмактары узун. Жүнү калың, кызгылт күрөң түстө. Мадагаскарда кезигет. Токойлордо дарактарга чыгып жашайт. Жырткыч. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ФРАКЧАНДАР**, к. *Сабакчыл коңуздар* макаласын.

**ФРЕГАТТАР (фрега́ты, фрега́товые)** — калак буттар түркүмүндөгү бирказан сымалдар тукуму. Уз. 78—104 *см*. Тумшугу узун, учу өтө ийилген. Канаттары кууш, ичке, жазылыгы 2 *мге* жетет, куйругу эки ача, узун. Буттары кыска, тырмактары узун, жаргактары салааларынын кычыгында гана болот. Күңүрт түстө, жалтырап турат. Жалгыз уруусу (фрегаттар), 5 түрү океан аралдарына тараган. Уяларын дарактарга, аскаларга, жерге салышат. Балык ж. б. деңиздеги омурткасыз жандыктар м-н азыктанышат. Эки түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

# Х

**ХАКАЛАР (ха́ковые)** — жаян сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Башы, оозу чоң, жалгыз жуп кыска муруттуу, кара күрөң түстө, боз темгили бар. Бирма ж-а Калимантан, Суматра өзөндөрүндө жашайт. Жырткыч; түнкүсүн тиричилик кылат.

**ХАЛЬЦИДДЕР (хальци́ды)** — чабандестер тобундагы мите жалбырак канаттуулардын чоң тукуму. Буларга 19—27 тукум, миңдеген түр кирет. СССРде 18—22 тукумунун 10го жакын түрү кезигет. Уз. 0,2—10 *мм*. Түсү металлдай жалтырак. Канатсыздары да бар. Личинкалары көп зыяндуу курт-кумурскаларга мителик кылып, айыл чарба, токой чарбасына ж-а бакчачылыкка пайда келтирет. Көпчүлүгүнүн личинкаларын колдо өстүрүп, дан өсүмдүк зыянкечтерине каршы биологиялык жол м-н күрөшүүдө колдонулат. Айрымдары кара өрүк, алча ж. б-га зыян келтирет.

**ХАМЕЛЕОНДОР (хамелео́ны)** — кескелдириктер тукуму. Капталдары кууш, мойну кыска, узун, жармашкак куйругу бар. Сырты чор түрпүлөр, бүдүрлөр м-н жабылган. Түсү кубулуп турат. Башында, жонунда идиректүү кыргак бар. Көздөрү тосток,

экөө эки жакты карайт. Тили узун, жемин жабыштырып тартып алат. Төрт уруусунун 90дой түрү негизинен Африкага, Мадагаскарга тараган. Батыш ж-а Түш. Азияда да кезигет. Бир түрү Түш. Европада учурайт. Даракта ж-а бадалда жашайт. Көпкө бир жерде тура берет. Негизинен курт-кумурскалар, майда жандыктар м-н азыктанат. Жумуртка тууйт.

**ХАНОСТОР (хано́совые)** — гоноринх сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Тукумдун жалгыз түрү (ханос) бар. Кебетеси айна көзгө окшош. Денеси майда какачтар, түрпөлөр м-н капталган. Оозу кичине, тиши жок. Уз. 150 *см*, салм. 18,6 *кг*га жетет. Инди ж-а Тынч океандардын тропик деңиздеринде жээкке жакын жерлерде жашайт. Балыр, бентос, планктон м-н азыктанат.

**ХАРАКС СЫМАЛДАР (харациновй́дные, хараксовй́дные)** — каңылтыр сымалдар түркүмүндөгү балыктар түркүмчөсү. Уз. 2,5 *см*ден 1,5 *м*ге жетет. Каңылтырлардан айырмасы алардын майлуу сүзгүчтөрү ж-а жаак тиштери бар, кулкун тиштери жок. Көпчүлүгү кооз. Алардын 13—16 тукуму, 1350 түрү Түн. Американын түш. тарабында, Түш. Американын ж-а Африканын сууларында, өзөндөрүндө кезигет. Арасында жырткычы да, чөп жечүлөрү да, ылгабай азыктануучулары да бар. Ирилери промыселдик балыктар.

**ХАРИУ́С СЫМАЛДАР (хариу́совые)** — сом сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 25—30 *см*, салм. 500 *г*. Денеси жыш түрпү м-н капталган. Жон сүзгүчү узун, көбүнчө ачык түстүү. Тиштери бар. Алардын жалгыз уруусу (хариустар) бар. Европанын, Түн. Азиянын ж-а Түн. Американын өзөндөрүндө тараган. СССРде европа хариусу, сибирь хариусу ж. б. түрлөрү кезигип, Европа бөлүгүндөгү сууларда, Сибирь, Ы. Чыгыш өзөндөрүндө тараган. Личинка, моллюска, рактарды ж. б. жейт. Жергиликтүү промысел объектиси.

**ХЕЛИЦЕРАЛУУЛАР (хелице́ровые)** — муунак буттуулар тибиндеги омурткасыз жандыктар типчеси. Уз. 0,05 *мм*ден 1,8 *м*ге чейин (казылып алынгандары) жетет. Башы м-н көкүрөк сегменти биригип, баш-көкүрөк бөлүгүн түзөт. Курсагы 12 сегменттен турат. Баш-көкүрөгүндө оозунун алдында жайгашкан хелицералары, анын артында педипальптар деп аталган 6 жуп буту ж-а 4 жуп басуучу буту бар. Курсагында түрү өзгөрүлгөн буттары (бакалоор, өпкө, желелүү сөөлдөрү) жайгашат. Эки классы (меростома сымалдар ж-а жөргөмүш сымалдар) бар. Биринчиси бүт бойдон деңизде, экинчиси кургакта да, суууда да жашайт. Алардын 34 миңге жакын түрү бүт жер жүзүнө тараган.

**ХЕРМЕСТЕР (хе́рмесы)**— чөп биттери түркүмчөсүндөгү курт-кумурскалар тукуму. Уз. 0,5—2,5 *мм*. Канаттуулары да, канатсыздары да бар. Канаттууларынын 2 жуп канаты болот. Алдыңкылары чоң, арткы канаты кичине. Денеси момдуу түк м-н капталган. Оозу сорууга ылайыкталып, тумшугу муунактуу. Кээ бир түрлөрү токой өсүмдүктөрүнө зыян келтирет.

**ХИМЕРАЛАР (химерообра́зные, химе́ры)** — туюк баш балыктар түркүмү. Денеси жумуру. Уз. 60 *см*ден 2 *м*ге жетет. Жылма, түрпүсүз. Баш жагы кадимки балыктай, аяк жагы ичкерип, куйругу өтө эле ичке. Алдыңкы жон сүзгүчү учтуу, кыска, арткысы куйругуна чейин жетет. Тумшугу тултук, эркектери-

нин маңдайы м-н курсагында учтуу өсүндүлөрү бар. Үч тукуму, 6 уруусу, 30га жакын түрү бар. Деңиздердин түбүндө жашап, суу түбүндөгү омурткасыздар, майда балыктар м-н азыктанат. СССРде европа химерасы кезигет.

**ХИРОНОМИДДЕР**, к. *Ызылдак чиркейлер* макаласын.

**ХОНОТРИХТЕР (хонотрихи, воронкоресничные инфузории)** — түктүү инфузориялар классчасы. Уз. 70—300 *мкм*. Денесинин сырты кутикула м-н капталган. Түктөрү куйгучка окшош оозунун тегерегинде гана болот. Алардын 100дөн ашык түрү бар. Жалгыздан бир нерсеге жабышып жашашат.

**ХОРДАЛУУЛАР (хордовые)** — экинчи ооздуу жаныбарлар тиби. Аларга ичегисинин үстүндөгү склет огу — хорданын болушу мүнөздүү. Бардык хордалууларда хорданын үстүндөгү мээ ж-а жүлүнгө бөлүнүүчү арка нерв түтүгү өмүр бою сакталат. Алардын 3 типчеси: цефалохордалуулар (баш хордалуулар), челдүүлөр ж-а омурткалуулар, 40000дей түрү (анын 38000 омурткалуулар) бар.

# Ц

**ЦАРСТВО (ца́рство)** — организмдер системасындагы эң жогорку таксономиялык категория. Аристотелдин мезгилинен баштап бардык тирүү организмдер 2 царствого (өсүмдүктөр ж-а жаныбарлар) бөлүнгөн. Азыркы система боюнча чоң царство ж-а кичине царствого, ал эми кичине царство типке (бөлүмгө) бөлүнөт.

**ЦЕЛАКАНТ СЫМАЛДАР (целакантообра́зные)** — чеңгел канаттуулар чоң түркүмүндөгү байыркы балыктар түркүмү. Азыр жалгыз гана тукумуна кирген уруусунун 1 түрү (латимерия) калган.

**ЦЕНОЛЕСТТЕР (ценоле́стовые)** — баштыкчан айбандар тукуму. Дене уз. 10—13 *см*, куйругу 6—12 *см*. Чоң (жетилген) ургаачыларында уя баштыгы жок, ал эми жетиле электеринин кээсинде болот. Ооз омурткасы м-н ашташкан моюн кабыргалары бар. Үч уруусунун 7 түрү Түш. Американын батыш тарабынан Анды тоолоруна чейин тараган. Токойлордо жашап, омурткасыз жандыктар м-н азыктанат.

**ЦЕПОЛА СЫМАЛДАР (цеполообра́зные)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 50 *смдей*, капталынан нууш, арт жагы улам ичкерип, учтуу куйрук м-н бүтөт. Жон сүзгүчү кежигесинен, арткы сүзгүчү жүрөк тушунан созулуп, куйрук сүзгүчүнө кошулат. Түрпүсүз түсү көбүнчө кызгылтым. Эки уруусу (цеполалар ж-а тикендүү цеполалар) бир нече түрү бар. Атлантика, Инди ж-а Тынч океандарынын жылуу деңиздерине тараган. Омурткасыз майда жандыктар м-н азыктанат.

**ЦЕРАТОЗАВРЛАР (цератоза́вры)** — тукум курут болгон сойлоочулар уруусу. Уз. 10 *мге* жеткен. Баш сөөгү өтө чоң, маңдай сөөктөрүнөн эки, мурун сөөгүнөн бир мүйүз өсүп чыккан. Үч манжалуу жырткычтар болушкан.

**ЦЕРАТОПСТОР (церато́псы)** — тукум курут болгон кушчаттуу динозаврлар түркүмүндөгү сойлоочулар түркүмчөсү. Уз. 10 *мге*

жеткен. Баш сөөгүндө желкесин жапкан калкан сөөгү, мурдунун үстүндө кериктикиндей мүйүзү болгон. Чөп жеген.

**ЦЕРИАНТАРИЯЛАР (цериантáрии)** — алты тармактуу шурулар түркүмү. Цилиндр сымал түзүлүштө. Склетсиз, жалгыздан жашаган полиптер, денеси жумуру уз. 2—70 *см.* Баткак түтүктүн ичинде жайгашат. Оозунун тегерегинде тинтүүрлөрү болот. Элүүдөй түрү бар. Негизинен тропик деңиздеринде тараган. СССРде 1 түрү түн. деңиздерде кезигет.

**ЦЕСАРКАЛАР (цесáрки, цесáрковые)** — тоок сымалдар түркүмүндөгү куштар тукуму. Уз. 43—75 *см.* Башы, мойнунун жарымы такыр, кээде төбөсү үрпөк же берч туулгасы бар. Түсү кара, бир аз чаар. Токой, бадал арасында, саваннада жашайт. Өсүмдүк ж-а майда жандыктар м-н азыктанат. Топтошуп жүрүшөт. Кыргызстанда сейрек учурайт. Алгачкы цесаркалар бакма цесаркалардын жапайы теги.

**ЦЕСТОДАЛАР**, к. *Тасма курттар* макаласын.

**ЦЕФАЛОКАРИДДЕР (цефалокари́ды)** — жөнөкөй түзүлүштүү рак сымалдарынын классчасы. Уз. 3 *мм*ге жакын майда жандыктар. Денеси сүйрү, курсагынын учу ачакей м-н бүтөт. Көздөрү жок. Тогуз түрү жылуу ж-а мелүүн деңиздерге тараган. Балыктардын ж. б. деңиз жандыктарынын жеми.

**ЦИВЕТАЛАР (цивéты)** — виверралар тукумундагы накта виверралар уруусу. Дене уз. 60—83 *см,* куйругу 30—48 *см.* 4 түрү Түш. ж-а Түш.-Чыгыш Азияга тараган. Токой ж-а бадалдар арасында, көбүнчө айылга жакын жерде жашайт. Жыттуу безин (мускусун) пайдалануу үчүн уулашат. Бир түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ЦИЕМАЛАР (циемóвые)** — шоона куйрук курт балыктар түркүмчөсүндөгү балыктар тукуму. Тукумдун жалгыз түрү (циема) бар. Тумшугу узун, ичке, денеси эки капталынан тасмага айланган. Жон сүзгүчү м-н арткы сүзгүчү созулуп, куйругуна кошулган. Куйругу чолок, кертилгендей. Түсү кара. Бардык океандарда суу түбүндө кезигет.

**ЦИХЛАСОМАЛАР (цихласóмы)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү цихалалар тукумундагы балыктар уруусу. Уз. 10—30 *см.* Денесинин эки капталы кууш. Түсү ар кандай, көбү ала. Алардын 20дай түрү Америка өзөндөрүндө тараган. Көпчүлүк кооз түрү аквариумда багылат.

# Ч

**ЧААР ЖЫЛАНДАР (гадю́ковые, гадю́ки)** — уулуу жыландар тукуму. Денеси жоон, жумуру, түсү ар кандай, жонунда, капталдарында узунунан жаткан идиректүү кара темгилдери, тактары бар. Уз. 2 *м*ге жетет. Башы жалпак, трапециядай же үч бурч, денесинен бөлүнүп турат, мойну ичке. Жаактарынын тумшук тарабында 1—2 жуп узун уулуу тиши бар. Он бир уруусу, 60 түрү Африкага ж-а Евразияга тараган. СССРде 7 түрү бар. Жерде, азыраагы даракта жашайт. Күүгүмдө тиричилик кылат. Негизинен омурткалуу майда жандыктар м-н азыктанат. Чакканы киши үчүн да коркунучтуу. Өлүмгө дуушар кылышы мүмкүн. Уусу медицинада колдонулат. Төрт түрү ТКЭСтин, кавказ

тумшуктуу чаар жыланы м-н кичи азия чаар жыланы СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЧААР КАРГА** (**кедро́вка, оре́ховка**) — каргалар тукумундагы куш. Уз. 35 *см*ге жетет, кадимки таандан бир аз кичирээк. Евразияга, СССРде Түш. Карелия, Белоруссиядан Камчаткага ж-а Курил аралдарына чейин тараган. Ийне жалбырактуу ж-а аралаш токойлордо жашайт. Кыргызстандын карагайлуу токойлорунда учурайт. Негизинен туруктуу. Карагай уругун жеп зыян келтирет, бирок токойлорду көбөйтүүгө да жардам берет (үнөмдөгөн жемин жерге көмүп).

**ЧАБАКТАР** (**ельцы́**) — карпылтырлар тукумундагы өрдөмө майда балыктар уруусу. Уз. 10—18 *см*, салм. 200 *г*дан 8 *кг*га чейин жетет. Арткы сүзгүчү кыска, көп ачакей эмес. Ондой түрү Евразиянын ж-а Түн. Американын майда өзөндөрүндө, көлмөлөрүндө кезигет. СССРдин Европа бөлүгүндө, О. Азия, Сибирь, Казакстан өзөндөрүндө, булактарында, көлдөрдө учурайт. Топтошуп жүрөт. Зоопланктон, балыр м-н азыктанат.

**ЧАБАКЧЫЛАР** (**кра́чки**) — чардактар тукумундагы куштар тукумчасы. Уз. 21—54 *см*. Тумшугу кырдуу, учу түз, канаттары ичке, учтуу, куйругу ачакей. Он уруусунун 43 түрү бардык жерге тараган. Негизинен деңиздин, көлдүн, чоң өзөндөрдүн жээктеринде жашайт. СССРде 5 уруусунун 10 түрү кезигет. Чабактар, суудагы майда жандыктар ж-а кескелдириктер, чегирткелер м-н азыктанат. Чабактарды жок кылып, балык чарбасына зыян келтирет. Эки түрү, 1 түрчөсү ТКЭСтин ж-а 1 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЧАБАЛЕКЕЙЛЕР** (**ла́сточковые**) — сайрагыч таранчылар тукуму. Уз. 10—23 *см*. Канаттары узун, учтары учтуу, ичке, ылдам ж-а көпкө учууга ылайыкталган, куйругу ачакей. Буттары кыска, басып жүрө албайт. Алардын 20 уруусу, 79 түрү уюл алкактарынан башка жердин баарына тараган. СССРде 7 уялоочу, 2 учуп өтүүчү түрү бар. Учуп жүрүп азыктанат. Негизинен чымын-чиркейлерди жейт. Ылайдан уя салат. Эки түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ЧАБАНДЕСТЕР** (**нае́здники**) — сөңгөк курсактуулар түркүмчөсүндөгү мите жалтырак канаттуулар тукумдарынын тобу. Жандыктардын арасынан түрлөргө эң байы — накта чабандестер тукуму. Булардын уз. 0,2—40 *мм*. Личинкалары башка курт-кумурскалардын (көбүнчө жөргөмүш сымалдардын) денесинде өөрчүйт. Ургаачылары алардын үстүнө конуп алып (аты ошондон), жумуртка салгычы м-н денесин тешип, кээде алгач шал кылып ичине тууйт. Булардын 60 миңдей түрү кеңири тараган. Айыл чарба ж-а токой чарба зыянкечтерин азайтып, пайда келтирет. Айрым түрлөрү өсүмдүк зыянкечтери.

**ЧАВЫЧА** (**чавы́ча**) — сомдор тукумундагы өрдөмө балыктар. Уз. 108 *см*, салм. 50 *кг*га жетет. Тынч океандын түн. тарабына тараган. Түн. Америка ж-а Аляска өзөндөрүнө өрдөп урук чачат. СССРде Камчаткада кезигет. Баалуу промысел балыгы. Байырлаштыруу, асыроо иштери жүргүзүлүүдө.

**ЧАГУУЧУ ЖАРГАК КАНАТТУУЛАР** (**жа́лящие перепончатокры́лые**) — сөңгөк курсактуулар түркүмчөсүндөгү курт-кумурскалар чоң тукумдарынын тобу. Буларга чабандестер, аарылар, сары аарылар ж. б. курт-кумурскалардын 10дон ашык тукуму кирет. Бул курт-кумурскалардын башкалардан айыр-

масы чагуучу органы ж-а уусу бар. Көпчүлүгү уя салып, личинкаларын башка курт-кумурскалар же гүл ширеси же чаңчасы м-н азыктандырат.

**ЧАКЧАРЫЛМА (верхогля́д)** — каңылтырлар тукумундагы балык. Уз. 40—100 *см*, салм. 9 *кг*га жетет. Жону саргыч боз, бозомтук жашыл. Капталдары ж-а боору күмүштөй. Бир нече түрү Түш.-Чыгыш Азия өзөндөрүнө тараган. Жырткыч. Чабактарды ж-а омурткасыз жандыктарды жейт. Промыселдик балык.

**ЧАКЧЫГАЙЛАР (ка́менки)** — таркылдак сымалдар тукумундагы чымчыктар уруусу. Уз. 14—18 *см*. Алардын 18 түрү Евразия ж-а Африкада, 1 түрү Түн. Американын арктика алкагында кезигет. Кишинин үнүн туурап да сайрайт. Аска жылчыктарына, кемирүүчүлөрдүн ийиндерине уя салат. СССРде 8 түрү кезигет. Келгин куштар. Анын ичинен ак куйрук чакчыгай, кадимки чакчыгай, чөл чакчыгайы ж. б. көбүрөөк белгилүү. Курт-кумурска м-н азыктанат.

**ЧАЛА ХОРДАЛУУЛАР (полухо́рдовые)** — омурткалуу жандыктар тиби. Денеси үч бөлүктөн (тумшук, моюнча ж-а тулкудан) турат. Кулкунунда эки бакалоор жылчыгы бар. Кан тамырлар системасы туташ эмес. Нерв системасы тери эпителийинде жайгашат. Азыркы учурда 3 классы (ичегиден дем алуучулар, канат сымал бакалоордуулар ж-а казылып алынган граптолиттер) тараган.

**ЧАЛГЫ БУТТАР (сеноко́сцы)** — жөргөмүш сымалдар классындагы муунак буттуу жандыктар түркүмү. Уз. 1—22 *мм*. Жөргөмүшкө окшош, бирок андан баш-көкүрөгү бириккен сегменттүү курсагы м-н айырмаланат. Буттары ичке, өтө узун (16 *см*ге жетет), оңой сынат. Кекиртеги м-н дем алат. СССРде 110дой түрү кезигет. Курт-кумурскалар, моллюскалар ж-а түрдүү органикалык калдыктар м-н азыктанат. Дарак кабыгынын алдында, токой төшөлгөлөрүндө жашайт.

**ЧАЛМА КУЙРУК МАЙМЫЛДАР (цепкохво́стые обезья́ны, цеби́ды)** — дердең маймылдар тукуму. Дене уз. 22—70 *см*. Көпчүлүгүнүн эркеги ирирээк. Куйругу узун, оролмо. Жүнү калың, түсү ар кандай. Кай бирлеринин төбө чачы үрпөк, сакалдуу, муруттуулары да бар. Мээси чоң, кыртышы жылгалуу. Алар 36 тиштүү. Он бир уруусу, 29 түрү Борб. ж-а Түш. Американын токойлоруна тараган. Даракта жашап, үйүрү м-н жүрүшөт. Күндүз тиричилик кылат. Ылгабай азыктанат. Он түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ЧАРА БАШТАР (кра́вчики)** — эбелек муруттуулар тукумундагы коңуздар уруусу. Уз. 10—30 *мм*, кара түстө. Евразиянын боздоң дуу, чөлдүү талааларына тараган. СССРде 60тан ашык түрү кезигет. Ийинде жашап, чөп жейт. Эгинге зыян келтирет.

**ЧАРДАКТАР (ча́йковые, ча́йки)** — маарак сымалдар түркүмүндөгү суучул куштар тукуму. Уз. 20—80 *см*. Мойну кыска. Тумшугу узун, түз же учу бир аз ийилген. Канаттары узун, узакка кайкып учууга ылайыкталган. Сууда жакшы сүзүшөт, чумкушат. Жемин учуп баратып илип алышат. Түсү жашына, жыл мезгилине жараша өзгөрүп, көбүнчө көгүш, боз, агыш, ак, кара болот. Үч тукумчасы (накта чардактар, чабакчылар, суу жирегичтер), 18 уруусу, 88 түрү бар. Бүт жер жүзүнө тараган. СССРде 5 уруусунун 22 түрү, Кыргызстанда 12 түрү кезигет. Негизинен балык м-н азыктанат. Моногамдар. Төрт түрү,

1 түрчөсү ТКЭСтин, 6 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЧАРДАК ЧЫМЧЫКТАР (качурко́вые)**— бороончу сымалдар түркүмүндөгү куштар тукуму. Уз. 14—25 *см*, канаттары анча узун эмес. Тумшуктары кичине, илмектей, буттары кыска, 4 манжалуу, алдыңкы манжалары жаргактуу. Тырпырап учушат. Сегиз уруусу, 22 түрү Атлантика, Инди ж-а Тынч океандарына тараган. СССРде Ы. Чыгыш деңиздеринде 13 түрү уялайт. Түнкүсүн тиричилик кылат. Деңиздеги майда омурткасыз жандыктар м-н азыктанат. Ача куйрук чардак чымчык СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЧАРКАРГА (грач)** — каргалар тукумундагы куш. Уз. 46 *см*ге жетет. Узун, москоол тумшугу жерден дан, курт-кумурска чукуп табууга ылайыкталган. Евразияга тараган. СССРдин дээрлик бардык аймагында кезигет. Үйрү м-н жүрүүчү куштар. Жамааттаашып токойлордо, парктарда, шаарларда дарактарга уя салышат. Кышкысын жылуу жакка учуп кетишет. Курт-кумурскаларды, алардын личинкаларын ж-а таштандыларды жеп пайда келтирет. Бирок айрым жерлерде эгин, жемиш ж. б-га зыян келтирет.

**ЧАРТАМАК ЖЕЙРЕНДЕР (дзере́ны)** — көңдөй мүйүздүүлөр тукумундагы жаныбарлар уруусу. Дене уз. 95—148 *см*, өркөчүнөн бийикт. 54—84 *см*, салм. 20—40 *кг*. Эркектеринин гана мүйүзү болот. Мүйүзүнүн уз. 28 *см*ге жетет. Кадимки жейренден кичинекей, ак куйругу, ак саргыл түсү ж-а алкымындагы чоң богогу м-н айырмаланат. Алардын 2—3 түрү Азияга (Монголия, Кытай, Индия, Непал) тараган. Таштак, такырдуу, чөлдүү түзөңдөрдө, адырларда 20—30дан топтошуп жүрүшөт. Колго бат үйрөтүлөт. СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЧАРЫЛДАК ТАРАНЧЫ СЫМАЛДАР (воробьи́ные крича́щие, пти́цы крича́щие)** — таранчы сымалдар түркүмүндөгү чымчыктар түркүмчөсү. Уз. 6—45 *см*. Сайрай албайт, чарылдак үн чыгарат (аты ошондон). Алардын 14 тукуму, 1000 түрү бар. Америка континенттеринин, негизинен түштүгүнө тараган.

**ЧАТЫР КАНАТТАР (па́русниковые)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 5 *м*, салм. 900 *кг*га чейин жетет. Жон сүзгүчү бийик, узун, жел чатырга окшош (аты ошондон). Тумшугу сүйрү. Үч уруусу (марлиндер, чатыр канаттар ж-а найзачандар) бар. Бардык океандардын тропик ж-а субтропик сууларына тараган. СССРде болбойт. Балык, кальмарларды жейт. Жырткыч балыктар.

**ЧАЧЫЛА КАНАТТАР (лучепёрые ры́бы)** — сөөктүү балыктар классчасы. Бул классчага азыркы балыктардын 97% кирет. Хордасы толугу м-н сакталбайт. Үстүңкү жаагы баш сөөгү м-н биригет. Ганиод, циклоид же ктеноид түрпүлүү, чанда түрпүсүз жылма болот. Жон сүзгүчү көбүнчө бирөө. Эки инфраклассы (ганоиддүү ж-а кылкандуу балыктар), 37 түркүмү, 430 тукуму бар. Деңиз суусунда ж-а тузсуз сууларда жашайт. Көпчүлүгү промыселдик балык.

**ЧАЧЫЛА МУРУТТАР (перистоу́сые)** — жаян сымалдар түркүмүнүн тукуму. Уз. 5 *см*ден ашпаган майда балыктар. Африканын өзөндөрүндө, көлдөрүндө жашашат. Алардын кара боор чачыла мурут, периште жаяны ж. б. түрлөрү бар. Аквариумда багылат.

**ЧАЧЫЛУУЛАР (кистевикú, кистехвóсты)** — кош жуп буттуулар классындагы жандыктар классчасы. Кекиртеги м-н да, териси м-н да дем алат. Уз. 2—5 *мм.* Дене кыртышы жумшак. Кылкан түктүү, куйругунда узун кыл түк чачысы бар (аты ошондон). Бир түркүмү (поликсендер), 100дөй түрү Европада, Жер Ортолук деңиз жээгинде тараган. СССРде 5 түрү кезигет. Чириген жыгачтарда, таштын астында, аарынын уюгунда ж. б. жерлерде жашайт. Айрымдары жүзүм филоксерасын кырат.

**ЧАЧЫ МАҢДАЙЛАР (коню́ги)** — чистиктер тукумундагы суучул куштар уруусу. Тумшугу кыска, дөмпөгүрөөк. Түсү көгүш, боору агыш. Үйүрлөшөөр мезгилде эркегинин тумшугу кызарып, маңдайына көкүл өсүп чыгат (аты ошондон). Үч түрү Тынч океандын түн. тарабына тараган, СССРде бардыгы кезигет. Аска, таштардын арасына уялайт.

**ЧАЯНДАР (скорпиóны)** — жөргөмүш сымалдар классындагы омурткасыз жандыктар түркүмү. Уз. 1—20 *см.* Баш-көкүрөгү туташ чопкут м-н капталган. Курсагы муунактуу, 2 бөлүктөн турат, акыркы муунагында эки уулуу бези бар, андан чагуучу ийнеси чыгат. Баш-көкүрөгүндө 3—6 жуп буту болот. Хелицералары анча чоң эмес, кыпчурдай. Өпкөсү м-н дем алат. Тирүү тууйт. Алардын 750дөй түрү тропик ж-а субтропик аймактарга тараган. СССРде 13—15 түрү О. Азия Казакстан, Крым, Кавказда кезигет. Түнкүсүн тиричилик кылышат. Тропиктеги түрлөрүнүн уусу киши өмүрүнө коркунуч келтирет.

**ЧАЯН КУРСАКТАР (скорпиóнницы)** — чаян сымал чымындар түркүмүндөгү жандыктар уруусу. Канаттарынын жазылыгы 20—25 *мм.* Беш түрү Европага тараган СССРде 1 түрү (кадимки чаян курсак) Европа бөлүгүнүн ж-а Сибирдин токойлорунда учурайт.

**ЧАЯН СЫМАЛДАР (ложноскорпиóны)** — жөргөмүш сымалдар классынын түркүмү. Уз. 1—7 *мм* болгон майда жандыктар. Баш-көкүрөгү туташ калканча м-н капталып, анда 1—2 жуп каптал көздөрү бар. Курсагы жазы. Педипальпы чаяндыкына окшош чоң, кыпчуурдай (аты ошондон). Кекиртеги м-н дем алат. Алардын 2000дей түрү субтропик ж-а тропикте кеңири тараган. Нымдуу жерлерде, чириндилердин арасында, таштын кычыгында, үңкүрдө, ийинде жашашат. Жырткычтар, майда жандыктар м-н азыктанат.

**ЧАЯН СЫМАЛ ЧЫМЫНДАР (скорпиóновые мýхи)** — курткумурскалар түркүмү. Уз. 30 *мм*ге жетет. Маңдай жапкычы ж-а үстүңкү жаагы узарып, пил тумшукка айланган. Ооз аппараты кемиргич. 2 жуп канаты бар, тунук, тор сымал. Айрымдарынын курсагынын учу өөдө карай имерилип турат, эркегиники чаяндыкындай жумуру (аты ошондон). Үч миңдей түрү кеңири тараган. СССРде 10дой түрү кезигет. Өсүмдүк калдыктары, жандыктардын тарпы м-н азыктанышат. Жырткычтар.

**ЧЕГИРТКЕЧИЛ КҮЙКӨЛӨР (кóбчики)** — шумкарлар тукумундагы алгыр куштар уруусу. Уз. 30 *см*ге жетет. Түсү күйкөгө окшош, бирок эркегинин түсү кара, кара күрөң, буттары кызыл. Эки түрү Евразиянын талаа ж-а токойлуу талааларына тараган. СССРдин чыгышында Лена дарыясына чейин (кадимки чегирткечил күйкө), Забайкальеден Приморьеге чейин (амур чегирткечил күйкөсү) кезигет. Келгин куш. Кышкысын Африкага кетет.

Дарактагы эски уяларга тууйт, чычкан, курт-кумурскаларды жейт. Саны азаюуда, коргоого муктаж.

**ЧЕДИРЕҢ АЙНА КӨЗДӨР (пуза́нковые се́дьди)** — айна көздөр тукумундагы балыктар тукумчасы. Эң ири айна көздөр ушул тукумга кирет. Уз. 18 *см*ден 100 *см*ге, салм. 50*г*дан 6,5 *кг*га чейин жетет. Төрт уруусу (алозалар, гильзалар гудизиялар ж-а чедиреңдер) 21 түрү белгилүү. Американын, Европанын, Чыгыш Африканын, Түш. ж-а Түш.-Чыгыш Азиянын деңиздеринде, тузсуз, мелүүн сууларына тараган.

**ЧЕКИР ЖЫЛАНДАР (ко́бры)** — аспиддер тукумундагы уулуу жыландар уруусу. Уз. 1,5—5,5 *м*, жоон, жумуру денелүү. Уу тиштери бар. Коркунучту сезгенде башын жерден көтөрүп, кабыргалары керилип, мойну жалпайып калат. Коргонуу үчүн уусун 2 *м*ге чейин чачыраткан да түрлөрү бар. Алар суучул чекир жыландар, каргылуу чекир жыландар, даракчы чекир жыландар, падыша чекир жыландары, кылкандуу чекир жыландар ж-а накта чекир жыландар болуп айырмаланат. Чакса өмүргө коркунучтуу. Накта чекир жыландардын 6 түрү Африкага ж-а Азияга тараган. Негинен омурткалуу жандыктар м-н азыктанышат. СССРде 1 түрү О. Азияда кезигет. Уусунан дары жасалат.' О. Азия чекир жыланы ТКЭСтин ж-а СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЧЕЛДҮҮЛӨР (оболо́чники, урохо́рдовые)** — хордалуулар тибиндеги жандыктар типчеси. Уз. 0,3 *см*ден 30*м*ге жетет. Денеси сыртынан килкилдек же кемирчек чел м-н капталуу (аты ошондон). Ичеги-карыны бар, кан тамырлар системасы ачык, бакалоору м-н дем алат. Сезүү органы начар өөрчүгөн; гермафродит. Көпчүлүгү бүчүрлөп көбөйөт. Беш классы, 150гө жакын түрү бардык деңиздерде тараган. Майда жандыктар, балырлар ж-а органикалык калдыктар м-н азыктанышат.

**ЧЕҢГЕЛ КАНАТ БАЛЫКТАР (кистепёрые ры́бы)** — бара канат балыктар классындагы инфракласс (кээде классча же чоң түркүм). Уз. 7 *см*ден 5 *м*ге чейин жетет. Баш сөөгү толук сөөктөнгөн. Таяныч кызматын аткарган жуп сүзгүч канаты чеңгел сымал бутактанган сегменттерден турат. Алардын (4 казылып алынган) 5 түркүмү бар.

**ЧИЖ (чиж)** — мукурлар тукумундагы майда кооз чымчык. Уз. орточо 12 *см*. Түсү саргыч жашыл, чаар ала. Евразиянын түндүгүнө тараган. СССРде карагайлуу токойлордо, Крым, Кавказ тоолорунда, Казакстандын ормондуу токойлорунда кезигет. Негизинен кайыңдын, кандагачтын уруктары м-н азыктанат, курт-кумурскаларды (мис., өсүмдүк битин) да жейт. Жакшы сайрайт, көбүнчө капаста багышат.

**ЧИЛДЕР (куропа́тки)** — кыргоол сымалдар ж-а кара курлар тукумундагы майда куштар тобу. Булардын сырткы түзүлүштөрү ж-а жашоо чөйрөлөрү ар түрдүү, мис., ак чил түндүктө, адырларда жашашат. Кыргызстандын бөксө тоолорунда кадимки ж-а боз чил кезигет. Бул кекиликтен бир аз кичирээк, салм. 350—600 *г*га жетет. Жону боз ала, боору агыш, төшүндө ачалуу кара, күрөң тагы бар. Негизинен өсүмдүк бүрүн, уругун жейт. Бардыгына аңчылык кылынат.

**ЧИМИРИКТЕР (вертя́чки)** — эт жечү коңуздар түркүмчөсүндөгү коңуздар тукуму. Уз. 8 *мм*ге жетет. Жалтырак кара коңуздар. Алдыңкы буттары кармоого ыңгайланган, арткы буту кайыктын ка-

лагындай. Көзүнүн үстүңкү бөлүгү абадагыны, ылдыйкы бөлүгү суу түбүндөгүлөрдү көрөт. 800дөн ашык түрү негизинен тропиктерге тараган. СССРде 25тей түрү кезигет. Суунун бетинде чабак урат (сүзөт), чимирилет. Майда курт-кумурскалар ж. б. омурткасыз жандыктар м-н азыктанат.

**ЧИРИКЧИЛЕР (трухля́ки)** — ылгабай азыктануучу коңуздар түркүмчөсүндөгү тукум. Уз. 2—20 *мм.* Башы түтүктөй (созулган), айрымдарыныкы тумшуктай. 300дөй түрү бүт Жер шарына тараган. СССРде 22 түрү учурайт. Дарак сөңгөгүндө, кабыгынын астында, кээде гүлдө кезигет. Чириген жыгач булалары, айрымдары кабыкчыл, жыгаччыл курт-кумурскаларды, коңуздардын личинкалары м-н азыктанып, жырткычтар.

**ЧИРКЕЙЛЕР (комары́, двукры́лые длинноу́сые)** — жөнөкөй түзүлүштүү кош канаттуулар түркүмүндөгү майда курт-кумурскалар түркүмчөсү. Уз. 2—8 *мм.* Денеси өтө ичке, канаттары жалтырак, муруттары узун, муунактуу, ооз аппараты сайыпсоргуч. Баш, көкүрөк, курсак сегменттери даана ажырап турат, түсү кара, боз, күрөң, Үч жуп узун буту бар. Өтө узун буттуулардыкы 2—3 *см*ге жетет. Тогуз тукуму, 2000дей түрү кеңири тараган. Алардын ичинен узун буттар, тор канаттар, ызылдак чиркейлер, желимчилер, кара чиркейлер ж. б. көбүрөөк белгилүү. Алар нымдуу жерлерде, сууда өсүмдүк ткандарында, чириген калдыктарда жашашат. Өсүмдүк ширесин, омурткалуу жандыктардын канын сорот. Кыйла оору, ылаң жугузуучу түрлөрү да бар.

**ЧИСТИКТЕР (чи́стиковые)** — маарак сымалдар түркүмүндөгү суучул куштар тукуму. Сыртκы түзүлүшү чардактарга окшош. Канаттары ичке, учтуу, кыска, куйругу да кыска. Түстөрү кара, ала, буттары москоол, алдыңкы салаалары жаргактуу, арткы шадысы жок. Он үч уруусу, 22 түрү Түн. жарым шардын уюл айланасындагы деңиз жээктерине тараган. СССРде 11 уруусунун 18 түрү кезигет. Аскалуу деңиз жээктерине топ-тобу м-н уялайт. Жакшы чумкуп сүзөт. Суудагы майда жандыктарды жейт.

**ЧОК ДЕНЕЛЕР (огнете́лки)** — челдүүлөр тибинин классы. Деңизде жылып жүрүүчү колониялуу жандыктар. Колониясы жумуру, ичи көңдөй, бир учу ачык, чоңдугу 20—30 *см*ден 4 *м*ге жетет. Туюк учу алдын карап жылат. Алардын денесинде жалтылдак бактериялар жашап, бүт денеси жылтылдап жарык чыгарат (аты ошондон). Эки уруусу, 10 түрү белгилүү.

**ЧОЛОК КУЙРУК ШАЙТАН МАЙМЫЛДАР**, уакарилер **(уака́ри, короткохво́стые са́ки)** — цебустар тукумундагы маймылдар уруусу. Боюнун бийикт. 45—48 *см*, куйругу 15—18 *см*. Денесин узун, жумшак жүн каптаган. Бети м-н маңдайы, чоң кулагы түксүз, чыкыйына жабышкан. Үч түрү (кер, кызыл ж-а кара баш уакари) бар. Амазонка дарыясынын алаптарындагы жаан-чачындуу тропик токойлоруна тараган. Бийик дарак шактарында жашап, аз-аздан топтошуп жүрүшөт. Бардык түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ЧОҢ БАШТАР (большеголо́вки)** — жөрмөктүү кыска муруттуу кош канаттуулар түркүмчөсүндөгү майда чымындар тукуму. Уз. 15 *мм.* Чоңдорунун курсагы шыңгыттай, учу сары аарыныкына окшош учтуу ж-а төмөн карай ийилген. Башы чоң, тумшугу узун, ичке; түсү кара, күрөң, сары. Алардын 600дөн

ашык түрү белгилүү. Личинкасы башка курт-кумурскаларда мителик кылат.

**ЧОҢ КУЛКУНДУУЛАР** (**большеро́ты**) — капкулкун сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Суунун тереңинде жашайт. Уз. 2 *мге* чейин жетет. Тулку жазы, куйрук жагы ичке, узун. Оозу алжайып өтө чоң. Бакалоор жапкычы жок. Жалгыз уруусу бар. Атлантика, Инди ж-а Тынч океандарында 500 *мден* 4000 *мге* чейинки тереңдикте жашайт. Балык ж-а омурткасыз майда жандыктар м-н азыктанат.

**ЧОҢ МУРУНДАР** (**носачи́**) — кындыгый маймылдар уруусу. Бир гана түрү (кадимки чоң мурун) белгилүү. Боюнун бийикт. 60—70 *см*, ургаачысы эки эсе кичине. Жүнү кыска, коюу, курсагы боз, жону кызыл күрөң түстө. Эркегинин мурду тумшуктай узун, салаңдап турат, ал эми ургаачысы ж-а балдары быйпык мурундуу. Калимантан аралында гана кезигип, токойдо, даракка чыгып жашайт. Жакшы чумкуп сүзөт. Күндүз тиричилик кылат. Жалбырак, жемиш м-н азыктанат. ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ЧОПКУТТУУ МОЛЛЮСКАЛАР** (**па́нцирные хито́ны**) — каптал нервдүү моллюскалар типчесиндеги класс. Уз. 0,5—35 *см*. Денеси сүйрү же куртка окшош, баш, тулку ж-а бутка бөлүнөт. Жон жагы чатырдай жайгашкан 8 калканчадан турган чопкут м-н капталган. Ал денени бүт жаппайт, четтеринде мантиялары бар. Мантия м-н бутунун ортосунда бир нече бакалоору бар жылчыктай мантия көңдөйү жатат. Төрт түркүмү, 1000дей түрү бардык деңиздерде тараган. СССРде 40тай түрү Ы. Чыгыш ж-а Кара деңиздерде кезигет. Балыр ж-а детрит м-н азыктанат. Айрым түрлөрү тамак-ашка колдонулат.

**ЧОПКУТЧАНДАР** (**броненóсцевые, броненóсцы**) — кем тиштүүлөр түркүмүндөгү сүт эмүүчү жаныбарлар тукуму. Дене уз. 12—100 *см*, куйругу 2,5—50 *см*, салм. 0,3—35 *кг*. Жону, капталдары, үстү чор, асты сөөк чопкуттар м-н капталуу. Алдыңкы чеңгели төрт же беш манжалуу, тырмактары учтуу, курч. Тиштери жумуру, саны 23төн 100гө чейин жетет. Тогуз уруусу, 20—25 түрү бар. Америка Кошмо Штатынын түштүгүнөн Чили, Аргентинага чейин тарап, ачык мейкиндиктерде жашашат. Чочуганда жыйрылып тоголок болуп калат. Негизинен жандыктар м-н азыктанат. Айрымдарынын саны аз. Төрт түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ЧОПКУТЧАН ЖАЯНДАР** (**калли́хтовые**) — жаян сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 7—8 *см*. Эки капталында 2 катар чатырдай катуу эбелектери, үстүңкү жаагында 1—2 жуп муруту, тикендүү май сүзгүчү бар. Отуздай түрү Түш. Американын тузсуз сууларына тараган. Суунун үстүндө абаны оозу аркылуу жутуп, ичегиси м-н дем алат. Майда омурткасыз жандыктарды жейт. Аквариумда багылат.

**ЧОПКУТЧАН ЧОРТОН** (**панцирникообра́зные, па́нцирные щу́ки**) — ганоиддүү балыктар түркүмү. Уз. 75 *смден* 3—4 *мге*, салм. 150 *кгга* чейин жетет. Денеси сүйрү, ганоиддүү түрпү м-н капталган. Тумшугу узун, тиштери москоол. Жон сүзгүчү куйрук жагына жакын, анус сүзгүчүнүн тушунда. Жалгыз тукумунун бир гана уруусу (чопкутчандар), 6 түрү бар. Борб. ж-а Түш. Американын тузсуз, өзөндүү сууларында кезигет. Жырткыч балык.

**ЧОР ТИШ СЫМАЛДАР (рогозубообра́зные)** — эки түрдүү дем алуучу балыктардын чоң түркүмү. Уз. 175 *см*. Азыр 2 тукуму (камчы канаттуулар ж-а чор тиштүүлөр), 6 түрү бар. Тропиктеги тузсуз сууларда жашашат.

**ЧОРТОН БАЛЫКТАР (щу́ковые)** — сом сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 1,5 *м*, салм. 35 *кг*га чейин жетет. Тумшугу жалпак. Астыңкы жаактары үстүңкүсүнөн узунураак. Астыңкы жаагында, тилинде, таңдай сөөктөрүндө тиши болот. Башы, денеси түрпү м-н капталган. Жалгыз уруусунун 5 түрү (ала чортон, кадимки чортон, кызыл канат чортон ж. б.) Евразиянын тузсуз сууларында, өзөндөрүндө, көлдөрүндө кезигет. Про́мыселдик мааниси бар.

**ЧОР ТУМШУК (щур)** — мукурлар тукумундагы чымчык. Уз. орт. 20 *см*. Эркегинин башы, төшү кызыл, жону бозомтук, ургаачысынын төшү жашыл. Евразия ж-а Түн. Американын түн. тарабындагы токойлорунда кезигет. СССРде Карелиядан Курил аралдарына чейин учурайт. Негизинен өсүмдүк м-н азыктанат, курт-кумурскаларды да жейт.

**ЧОР ТУМШУКТАР (рогоклю́вы)** — жөнөкөй түзүлүштөгү таранчы сымалдар түркүмүндөгү чымчыктар түркүмчөсү. Дене уз. 13—28 *см*. Башы чоң, шыйрактары кыска, тумшугу жазы, үстүндө чору бар. Түсү жашыл, көк, кээде кызыл, кара аралаш. Жалгыз тукумунун (чор тумшуктардын) 8 уруусу, 14 түрү Африка м-н Азия тропиктерине тараган. Токойдогу дарактарда жашашат. Курт-кумурска, бака, кескелдирик, айрымдары жемиш м-н азыктанат.

**ЧОР ШУРУЛАР (рогові́е кора́ллы, горгона́рии)** — сегиз тармактуу шурулар түркүмү. Ички скелети чор заттардан — горгониндөн турган жапыз шуру полиптери. Полиптер майда, тарамдуу, бутактанган ж-а дарактa колонияларды пайда кылып, кээде 2 *м*ге чейин жетет. Алардын 1200дөй түрү бардык деңиздердин көбүнчө жылуу, тайыз жерлеринде жашашат. СССРдин Ы. Чыгыштагы деңиздеринде 20дан ашык түрү кезигет. Кээ бир түрлөрүн, мис., кызыл шуруну атайын кыйып алышат.

**ЧОЧКОЛОР (свины́е)** — кепшебөөчү ача туяктуулар тукуму. Тумшугу узун, учу тегерек, жылма. Денеси сейрек кыл түктүү. Азуусу курч, сыртына чыгып, өйдө көздөй кайрылып турат. Буту төрт манжалуу, каптал манжалары кыска. Беш уруусу кеңири тараган. Башка туяктуулардан айырмасы ылгабай азыктанат. Промыселдик мааниси бар. Эки түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ЧОЧКО ТУМШУК СЫМАЛДАР (летри́новые)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар түркүмү. Уз. 20—80 *см*, капталдары куушуруңку, узун балыктар. Башы сүйрү, тумшугу учтуу, эриндери калың, тиштери курч. Жыйырмадай түрү Инди ж-а Тынч океандардын тропик алкактарына тараган. Алардан атлантика чочко тумшугу, ала жаак чочко тумшук, кайкы чочко тумшук ж. б. көбүрөөк белгилүү. Балык ж. б. омурткасыз жандыктар м-н азыктанат. Уулоо жүргүзүлөт.

**ЧӨКӨ ТААН (клуши́ца, красноно́сая альпи́йская га́лка)** — каргалар тукумундагы куштар. Уз. орточо 40 *см*. Көк моюн таандан бир аз чоңураак. Түсү кара, буттары кызыл, чоңдорунун тумшугу кызыл, балапандарыныкы сары. Евразиянын, Түн.-Батыш Африканын тоолуу аймактарына тараган. СССРде Кавказда, О. Азия-

да, Түш. Сибирде кезигет. Кыргызстандын бийик тоолорунда жалгыздап учурайт. Аска, жарларга уялайт.
**ЧӨЛ СҮЛӨӨСҮНҮ (карака́л)** — мышыктар уруусундагы жырткыч жаныбар. Дене уз. 65—82 *см*, куйругу 25—30 *см*. Сыртынан бир аз сүлөөсүнгө окшош, жүнү тайкы. Кулагынын учунда чачысы бар. Африка, Азия чөлдөрүндө жашайт. СССРде Түркмөнстандын түштүгүндө 300—350дөй гана чөл сүлөөсүнү бар. Майда куштар, кемирүүчүлөр, коёндор м-н азыктанат. Сейрек учурайт. ТКЭСтин ж-а СССРдин Кызыл китебине катталган.
**ЧӨЛ ЫЗГЫТЫ**, к. *Ызгыттар* макаласын.
**ЧӨӨ (шака́л)** — карышкырлар уруусундагы жырткыч жаныбар. Карышкырга окшош, бирок кичине, тумшугу кууш, түсү саргыч, боз, ээги, тамагы агыш. Дене уз. 70—85 *см*, куйругу 20—27 *см*. Түш.-Чыгыш Европа, Азия, Америкага тараган. СССРде Молдавияда, Кавказда, О. Азияда кезигет. Тоо этектеринде, өзөндөрдүн, көлчүктөрдүн жээктеринде ийинде жашайт. Жубу м-н жүрүшөт. Көрүнгөндүн баарын жейт. Кемирүүчүлөр, куштар, тарп, таштандылар м-н азыктанышат.
**ЧӨП БИТТЕРИ (тлёвые, тли)** — тең канаттуулар түркүмүндөгү майда жандыктар түркүмчөсү. Уз. 0,5—6 *мм*. Сырты жумшак. Ооз аппараты кемирип-соруучу. Канаты 2 жуп, кээ бир түрлөрү канатсыз. Эки чоң тукуму (накта чөп биттери ж-а хелицердүүлөр), 2500дөй түрү кеңири тараган. СССРде 100гө жакын түрү белгилүү. Көпчүлүгү (кызылча бити, филлоксералар, алманын жашыл бити ж. б.) эгилме өсүмдүктөргө зыян келтирет.
**ЧӨП КЫРККЫЧТАР (траворе́зовые)** — чырылдак таранчылар түркүмүндөгү чымчыктар тукуму. Таркылдактан чоң эмес, куйругу узун, канаттары, буттары кыска, шадылары карылуу. Тумшугу кыска, кырлары идиректүү, бүрлөрдү, бүчүрлөрдү кыркууга ылайыкталган. Үч түрү Түш. Америкага тараган.
**ЧӨПЧҮЛДӨР (сеное́ды)** — курт-кумурскалар түркүмү. Уз. 1—5 *мм*. Ооз аппараты кемиргич. Башында чөпчүлдөргө гана тиешелүү скелет түзүлүшү бар. Буттары чуркоого ылайыкталган, канаттары кыска, кээсиники жок. Алардын 1500дөй түрү ысык, жылуу алкактарга тараган. СССРде 60тай түрү кезигет. Дарактардын, бадалдардын сөңгөктөрүндө, чирик чөп төшөлгөлөрүндө ж. б. жашашат. Кууралган чөптү, жыгачты жейт. Үйгө үйүр болгондору китептерди, гербарийлерди, курт-кумурска коллекцияларын бүлүндүрүшү мүмкүн. Көбүрөөк белгилүүлөрү — китеп бити, үй чөпчүлү ж. б.
**ЧУБАК КЕСКЕЛДИРИКТЕР (верете́ницевые)** — кескелдириктер тукуму. Айрымдарынын кескелдириктикиндей буту болот, кээ бирлери бутсуз, дене түзүлүшү жыландыкындай. Уз. 1,2 *м*ге чейин жетет. Тили кыска, ачакей. Жети уруусу, 60тай түрүнүн көпчүлүгү Америкада, 2 уруусунан тарагандары Түн. Африкада, Евразияда кезигип, жерде жашашат. СССРде сары жылан, корс чубак кескелдирик кезигет. Омурткасыз жандыктар (үлүл, сөөлжан, курт-кумурска, чымын-чиркей) м-н азыктанат.
**ЧУБАК КУЙРУКТАР (долгохво́стки)** — узун куйруктуу кескелдириктер уруусу. Дене уз. 65—70 *см*, куйругу 2—3 эсе узунураак. Жону төрт чарчы түрпү м-н жабылган. Он бештей түрү Түш.-Чыгыш Азиянын токой ж-а шалбааларында кезигет. Анын ичинен амур чубак куйругу ж. б. көбүрөөк белгилүү.
**ЧУКУЧАНДАР (чукуча́новые)** — каңылтыр сымалдар түркүмүн-

дөгү балыктар тукуму. Уз. 40—120 *см*, салм. 40 *кг*га жетет. Дене түзүлүшү бийик же жумуру. Алардын 12—14 урууcу, 70тей түрү Түн. Американын, Азиянын өзөндөрүнө тараган. СССРде 1 түрү (кадимки чукучан) Сибирдин түн.-чыгышындагы өзөндөрдө кезигет. Бир түрү СССРде байырлаштырылган. Жергиликтүү элге промыселдик мааниси бар.

**ЧУЛДУКТАР (кулики́)** — маарак сымалдар түркүмүндөгү саз-чыл куштар түркүмчөсү. Уз. 14—62 *см*. Тумшугу жем издөөгө ылайыкталып, узун, кыска, ийри, түз, жоон ж-а ичке. Буттары узун, кээ бирөөлөрүнүн салааларында жаргагы бар. Жакшы чуркашат, сууда сүзүшөт. Өңү сары ала же бир түстө. Эки тукуму (маарактар ж-а түстүү эчки маарактар) дүйнө жүзүнө кеңири тараган. Алар деңиз, көл, агын суулардын ачык жээктеринде, боздоңдордо, чөлдөрдө жашашат. Көпчүлүгү жерге, айрымдары дарактарга уялайт. Майда жандыктар, курт-кумурскалар м-н азыктанат.

**ЧУЛДУК ЧЫМЫНДАР (бека́сницы)** — түз жиктүү кыска мурут-туу кош канаттуулар түркүмчөсүндөгү курт-кумурскалар тукуму. Уз. 4—15 *мм*. Айрымдарынын ургаачылары омурткалуулардын канын сорот. Беш жүздөй түрү кеңири тараган. СССРде 100гө жакын түрү кезигет. Жырткычтар. Майда курт-кумурскалар, сөөлжандар м-н азыктанат.

**ЧУҢКУР КӨЗДӨР (сидячегла́зые)** — өпкөлүү моллюскалар түркүмү. Раковинасынын уз. 0,6—70 *мм*, сүйрү же жалпак, кээде шоңшогой. Тинтүүрлөрү жиптей же жалпак, түбүнө көздөрү орношкон. Айрымдарынын өпкөсү о. эле мантия өсүндүсүндөй адаптациялык кошумча бакалоору бар. Он бештей тукуму, 140тай урууcу, 15 миңдей түрү бар. Бардык жерлерге кеңири тараган. СССРде 100дөн ашык түрү кезигет. Гермафродит. Чөп жешет. Кээ бирлери мите ооруларын, ылаңдарды таратууга катышат. Балыктардын, сууда, сазда жашоочу куштардын жеми.

**ЧҮМБӨТЧӨНДӨР**, к. *Кабыкчы коңуз сымалдар* макаласын.

**ЧҮРӨКТӨР (чи́рки)** — өзөн өрдөктөрү урууcундагы майда куштар тобу. Чүрөктөрдүн тумшугу кичине, буттары кыска, манжалары жука жаргактуу. Салм. 0,5 *кг*га жетет. СССРде 4 түрү (боз ала чүрөк, тырсылдак чүрөк, чыйпылдак чүрөк ж-а коркулдак чүрөк) бар. Алар Сибирде, Кавказда, О. Азияда кеңири таралган. Алты түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ЧҮТКӨРЛӨР (дикообра́зы)** — чүткөр сымалдар тукумундагы сүт эмүүчү (желиндүү) кемирүүчүлөр урууcу. Дене уз. 60—90 *см*, куйругу 12—15 *см*, салм. 27 *кг*га чейин жетет. Жону, капталдары, куйрук жагы узун тикендер, өөгү тикен сымал кыл жүн м-н капталган. Кулагы кыска. Алардын 4—6 түрү Евразия ж-а Африканын тропик ж-а субтропик аймактарына тараган. СССРде, а. и. Кыргызстанда 1 түрү (кадимки чүткөр) кезигет. Чөл, тоо, токойлордо кездешип, жалгыздан ийинде же жардын жаракаларында жашайт. Түнкүсүн тиричилик кылат. Кабык, тамыр, мөмөлөр м-н азыктанат. Азаюуда.

**ЧҮЧӨК КУРТТАРЫ (остри́цы, оксиури́ды)** — жумуру мите курттар урууcу. Эркегинин уз. 5 *мм*, ургаачысыныкы 12 *мм*. Кишинин ж-а маймылдардын ичегисинде мителик кылат. Ичке ичегинин аягынан баштап бүт жоон ичегинин ичинде жетилген чоң курттар жатат. Ургаачылары сойлоп арткы тешиктен чыгып, анын тегерегине жумуртка туугандан кийин өлүшөт. Жумурткалар

дүүлүктүрүп кычыштырат. Алардын 20 түрү кеңири тараган. СССРде 1 түрү (балдардын чүчөк курту) кезигет. Чүчөк (энтеребиоз) оорусун пайда кылат.

**ЧЫБЫЙ БАЛЫКТАР**, к. *Жоргөлөк сымалдар* макаласын.

**ЧЫБЫЙ КЫРГЫЙ (тю́вик туркеста́нский)** — кыргыйлар уруусундагы алгыр куш. Түсү кыргыйга окшош, бирок андан кичирээк, буттары кыскараак, тырмактары мукуруураак. Чегиртке, кескелдирик, чычкан ж. б. чөл жандыктарын жейт. Келгин куш. О. Азиянын талааларында, таштуу жерлеринде, чөлдөрүндө кезигет.

**ЧЫБЫЙ ТАРТАРЛАР (пого́ныши)** — суу тартарлар түркүмүндөгү куштар уруусу. Уз. 16—28 *см*. Суулардын жээктериндеги ж-а саздардагы камыштардын арасында жашашат. Күүгүмдө тиричилик кылышат. Он түрүнүн көбү тропиктерге тараган. СССРде 6 түрү (чыбый тартар, быйпыл тоок, ири чыбый тартар ж. б.) кезигет. СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЧЫБЫРТКЫЧАНДАР (жгутиконо́сцы, жгу́тиковые)** — саркомастигофоралар тибиндеги жөнөкөй жандыктар типчеси. Башка систематика боюнча класс. Эки класс (фитомастигиндер — чыбырткычан жөнөкөй өсүмдүктөр ж-а зоомастигиндер — чыбырткычан жөнөкөй жандыктар), 13 түркүмү, 7000ден ашык түрү кеңири тараган. Чоңдугу 2 *мкм*ден 1 *мм*ге жетет. Бирден бир нече миңге дейре чыбырткылары болот. Жалгыз, эки ж-а көп ядролуулары бар. Жыныссыз ж-а жыныс жолу м-н көбөйүшөт. Эркин ж-а мителик кылып жашоочулары бар. Биринчилери бүтүндөй тузсуз сууларда, кээси нымдуу топурактарда кезигет. Мителери кишинин ж-а жылуу кандуу жаныбарлардын денесинде жашашат.

**ЧЫБЫРЧЫК ӨРДӨК (свия́зь)** — өрдөк сымалдар тукумундагы куш. Уз. 49 *см*. Жазында эркегинин маңдайы кызыл кашка, башы боз кара, жону чыбырала буурул, капталдары, канаттары ак болот. Мойну кыска, салм. 0,5—1 *кг*. Евразиянын түн. тарабына тараган. СССРде да кезигет, келгин. Уулоо жүргүзүлөт. Чөп жейт.

**ЧЫГЫРЫКТАР (кату́шки)** — чуңкур көздүү үлүлдөр тукуму. Раковинасынын чоңдугу 1,5—40 *мм*, жалпак, оңдон солду карай имерилген. Элүүдөй уруусунун жүздөгөн түрү бардык континенттерге тараган. Тузсуз сууларда жашайт. Өтө шар аккан өзөндөрдө болбойт. Сууну тазалоого катышып пайда келтирет. Кээ бир түрү шистосоматоз ылаңын таратат, зыяндуу.

**ЧЫЙПЫЛДАК ЧЫМЧЫКТАР (пищу́ховые)** — сайрагыч таранчылар түркүмчөсүндөгү чымчыктар тукуму. Уз. 13—15,5 *см*. Жону кара боз, бооруу агыш. Тумшугу шибегедей, куйрук жүнүнүн учу катуу. Бак-дарактарга жармашып жүргөндүктөн тырмактары учтуу. Эки уруусу, 6 түрү Европага, Азияга, Түн.-Батыш Африкага, Азия, Америкага тарап, токойлордо жашайт. Курт-кумурскаларды жеп пайдалуу. СССРде 3 түрү кезигет.

**ЧЫЙЫРЧЫКТАР (скворцо́вые)** — сайрагыч таранчылар түркүмчөсүндөгү чымчыктар тукуму. Уз. 18—43 *см*, тумшугу түз, учтуу, буттары москоол. Жүнү калың, көпчүлүгүнүкү жалтырак. Алардын 36 уруусу, 104—111 түрү Чыгыш жарым шарынын тропик ж-а субтропик аймактарына тараган. СССРде 6 уруусунун 8 түрү кезигет, а. и. 6 түрү уялайт. Токойлордо, боздоңдордо, кээси чөлдөрдө жашап, дарактардын коңулунда, жардагы ийиндерге, үйдүн чатырына уялайт. Көпчүлүк түрүнүн эркектери жакшы сайрашат, үн туурашат. Жазында зыяндуу курт-кумурскаларды

жеп пайда келтирет, күзүндө бышкан жемиштерди, эгиндерди ж. б. уруктарын жеп зыян келтиришет.

**ЧЫМЫЛДАК СЫМАЛДАР (бегунко́вые, бегунки)** — маарак сымалдар түркүмүндөгү чулдуктар тукуму. Шыйрактары узун, үч шадылуу. Төрт уруусу, 10 түрү Түш.-Батыш Азияга, Австралияга, Африкага тараган. СССРде 1 түрү (кадимки чымылдак) Түркмөнстанда кезигет. Чөлдөрдө жашап, жерден жем таап жейт.

**ЧЫМЫНДАР (му́хи)** — кош канаттуулар түркүмүндөгү курт-кумурскалар тукуму. Буларга накта чымындар, кан соргуч чымындар, кыкчыл чымындар, этчил боз чымындар ж. б. кирет. Алардын эки чоң көзү болуп, ооз аппараты сайып-соргуч, муруттары кыска. Көпчүлүгү зыяндуу, бирок кээ бирлеринин личинкалары коңуздардын ж. б. зыяндуу курт-кумурскалардын личинкаларына мителик кылып пайда да келтирет. Айрымдары оору, илдет жугузат. Миндеген түрлөрү кеңири тараган. Айрыкча ысык жерлерде көп кезигет.

**ЧЫМЫНЧЫ КАНТАЛАЛАР (хишнецы́)** — канталалар түркүмүндөгү курт-кумурскалар тукуму. Уз. 4—30 *мм*. Алардын 600дөй түрү негизинен тропикте кезигет. СССРде 100гө жакын түрү белгилүү. Жырткычтар. А. и. америка чымынчы канталасы, бразилия чымынчы канталасы, О. Азия чымынчы канталасы ж. б. көбүрөк белгилүү.

**ЧЫМЫНЧЫ СЫМАЛДАР (мухоло́вковые)** — сайрагыч таранчылар түркүмчөсүндөгү чымчыктар тукуму. Уз. 9—23 *см*. Тумшугу көпчүлүгүнүкү жалпак, жазы, учунда кылдары бар. Буттары кыска. Алардын 82 уруусу, 330дай түрү Евразияга, Африкага, Австралияга ж-а Тынч океандын айрым аралдарына тараган. СССРде 4 уруусунун 15 түрү кезигет. Бириндеп жүрүшөт. Дарактарга, дарак көңдөйлөрүнө, аска, жарларга уялашат. Курт-кумурскаларды жейт. Эки түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ЧЫРЫЛДАК ЖЫЛАНДАР (грему́чие змéи)** — оюк баш уулуу жыландар тукумундагы уруу. Булар чочуганда куйругунун учу титиреп, андагы катуу түрпүлөрү бири бирине урунуп, чырылдаган үн чыгарат. Негизинен Америкада жашайт. Алардын 28 түрү бар. Эң ирисининин уз. 2,4 *мге* жетет. Күндүз таштардын түбүндө, ийиндерге кирип кетет. Майда сүт эмүүчүлөрдү жейт. Кишилерди ж-а ири жаныбарларды чагат. Уулуу жылан. Уусу медицинада колдонулат. Эки түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ЧЫРЫЛДАКТАР (цика́довые)** — тең канаттуу курт-кумурскалар түркүмчөсү. Уз. 3—65 *мм*. Канаттарынын жазылыгы 18,5 *смге* жетет. Муруттары кыска, көздөрүнүн ортосунда же алдында жайгашат. Алдыңкы канаттары жалтырак. Курсагынын астында үн чыгаруучу аппараты бар. Алардын 17000 түрү кеңири тараган. СССРде 200дөй түрү бийик чөптүү жерлерде кезигет. Өсүмдүк ширесин сорот. Личинкалары өсүмдүктөрдө жетилет. Кээ бир түрлөрү эгиндерге, токой өсүмдүктөрүнө зыян келтирет.

**ЧЫЧАЛА СЫМАЛДАР (головéшковые)** — алабуга сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 8—90 *см*. Түсү жашаган чөйрөсүнө жараша өзгөрүп турат. Алардын 80ден ашык уруусу жылуу деңиздеринде, кээси өзөндөрдө жашашат. А. и. кадимки чычала Амур өзөнүнүн алабында кезигет.

**ЧЫЧКАНДАР** (**мыши́ные**) — сүт эмүүчү (желиндүү) кемиргич жаныбарлар тукуму. Дене уз. 5—48,5 *см*. Куйругу узун, көбүнүкү жүнсүз, жылма. Алардын 100—120 уруусу, 480дей түрү бар. СССРде 5 уруу, 12—13 түрү кеңири тараган. Айрым түрү космополиттер. Ийин казып жашашат. Көбүнчө түнкүсүн тиричилик кылышат. Чээнге киришпейт. Кээ бир уруулары (накта чычкандар, келестер) кишилердин айланасында жашашат. Жылуу аймактарда жыл бою төлдөйт, 1—3 жыл жашайт. Айыл чарбасына, токой чарбасына, кампаларга көп зыян келтирип, оору, ылаң таратат.

**ЧЫЧКАН СЫМАЛДАР** (**мышо́вковые**) — кемирүүчүлөр түркүмүндөгү сүт эмүүчү (желиндүү) майда жаныбарлар тукуму. Дене уз. 5—9 *см*, куйругу узун, 6,5—11,5 *см*. Чоңдугу ж-а сырткы көрүнүшү чычканга окшош. Алардын 4 уруусу Евразияга ж-а Түн. Америкага тараган. СССРде 1 уруусу, 6—9 түрү кезигет. Күүгүмдө ж-а түндө тиричилик кылышат. Ийинде жашашат. Кышкысын чээнге киришет. Чөп же курт-кумурскаларды жейт.

**ЧЫЧКАН СЫМАЛ КЕМИРГИЧТЕР** (**мышеви́дные грызуны́**) — желиндүү кемиргич майда айбандардын жалпы аты. Негизинен ийинде жашайт. Булар өтө көп азыктанат. Жыл бою көбөйөт. Дан өсүмдүктөрү, көп жылдык чөп өсүмдүктөрүнө зыян келтирет. Аламан сымалдар, сокур сымалдар, чычкан сымалдар, кош аяктар, селевиния ж. б. тукумдары бар.

**ЧЫЧКАН ЧЫМЧЫКТАР** (**пти́цы-мы́ши, мыша́нки**) — куштар түркүмү. Уз. куйругу м-н 30—35 *см*. Башы үрпөк, жүнү жумшак, куйругу узун. Канаттары чолок, учу дуңгул. Түсү боз, боз ала. Тумшугу м-н асылып, жөргөлөп жем издейт. Өсүмдүктүн бүрүн, гүлүн, ашын, жемишин жеп, бакчылыкка көп зыян келтирет. Башка чымчыктын балапанын да жейт. Бир тукумунун 2 уруусунун 6 түрү Африкада Сахарадан түштүккө карай тараган. Тобу м-н токой четинде, бадал арасында жашайт. Ала чычкан чымчык, узун куйрук чычкан чымчык ж. б. белгилүү. Моногамдар.

# Ш

**ШАЙТАН КАЛДЫРКАНДАР** (**павлиногла́зки, сатурнии́ды**) — ири шайтан көпөлөктөр тукуму. Канаттарынын эни 25 *см*ге жетет. Ар бир канатында тоту куштун куйругундагыдай ири наары бар. Денеси түктүү, муруттары тарактай талчалуу. Тумшугу жоюлган. Көпөлөк 10 күндөн ашык жашабайт, тамактанбайт. СССРде 20дай түрү кезигет. Эжеке бээ саасы, чоң, жашыл. Дарак жалбырагын жейт. Артемида шайтан калдырканы, кызгылтым шайтан калдыркан, кытай шайтан калдырканы ж. у. с. түрлөрү бар. Айрымдары жибек алуу үчүн көбөйтүлөт. Үч түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ШАЙТАН МАЙМЫЛДАР** (**са́ки, мохна́тые са́ки, чёртовы обезья́ны**) — чалма куйрук маймылдар түркүмүнүн уруусу. Тулкунун уз. 50 *см*ге чейин, куйругу 25—55 *см*. Жүнү узун, калың, башы тармал, эркектеринин бетинде муруту ж-а саамайы бар. Даракка шамдагай чыгат. Амазонка өзөнүнүн алабындагы токойдо жашайт. Өсүмдүк жалбырагы, мөмөсү, чымчык, чычкандар м-н

азыктанат. Эки түрү (кечил шайтан маймыл, куба бет шайтан маймыл) бар.

**ШАКЫЛДАКТАР (подо́рлики, крикуны́)** — бүркүттөр уруусундагы кичине алгыр куштардын эки түрү. Уз. 61—73 *см*. Евразиянын токойлуу зоналарына тараган. СССРде экөө тең (ири шакылдак, кидик шакылдак) кезигет. Даракта уялайт. Кемирүүчүлөрдү кырат.

**ШЕМАЯЛАР (шема́й)** — каңылтырлар тукумундагы балыктар уруусу. Уз. 40 *см*дей, салм. 800 *г*га жетет. Бир нече түрү Европа, Кичи ж-а О. Азиянын өзөндөрүндө кезигет. СССРде 1 түрү (кадимки шемая) Азов, Арал, Каспий ж-а Кара деңиздердин алаптарында кезигет. Планктон ж-а балык личинкалары м-н азыктанат. Промысел объектиси. Улоонун негизинде саны азайып кеткен. Питомникте өстүрүлүүдө.

**ШЕР ЧЫМЫНДАР (ктыри́)** — түз жиктүү, кыска муруттуу кош канаттуулар түркүмчөсүндөгү курт-кумурскалар тукуму. Чымындардын эң ириси, уз. 50 *мм*ге жетет. Алардын 5500дөй түрү кеңири тараган. СССРде 600дөй түрү кезигет. Көбүнчө боздоңдо ж-а чөлдө кезигет. Жырткычтар. Курт-кумурскаларды учуп баратып кармашат. Личинкасы да жырткыч. Бир түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ШИБЕГЕ КУЙРУК КАРЛЫГАЧТАР (иглохво́стовые стрижи́)** — карлыгачтар тукумунун уруусу. Уз. 10 *см*ге чейин. Бардык карлыгачтардан ылдам учуп, ылдамдыгы саатына 170 *км*ге жетет. Түн. ж-а Борб. Америкада негизинен тропик ж-а субтропикте кезигет. Морчу шибеге куйрук карлыгач көп кезигет. Үйрү м-н топтошуп жүрөт. Эски мордун ичинде түнөйт.

**ШИБЕГЕ ТУМШУКТАР (шилоклю́вки)** — маарактар тукумундагы чулдуктар уруусу. Тумшугу жалпагыраак, учу кайкы. Алардын 4 түрү бардык материкте кезигет. СССРде 1 түрү (кадимки шибеге тумшук) бар. Уз. 43 *см*ге жетет. Боздоңдо, какырлуу сайда кезигет. Тобу м-н саз ж-а көлмө жээктерин мекендейт. Майда курт-кумурскалар, үлүлдөр м-н азыктанат.

**ШИМИКЧИ ЧЫМЧЫКТАР (нектá́рницевые, нектá́рницы)** — сайрагыч таранчылар түркүмчөсүндөгү чымчыктар тукуму. Уз. 9,5—25 *см*. Тумшугу ичке, узун, учу бир аз ийилген. Эркеги ургаачысынан коозураак, жалтылдап турат. Сегиз уруусу, 104—115 түрү Африка, Азия ж-а Австралиянын тропик, субтропик алкактарына тараган. Токойдо, бадал арасында жашайт. Курт-кумурска, жемиш ж-а өсүмдүк гүлүнүн ширеси м-н азыктанат. Азия шимикчиси, ири шимикчи, кадимки шимикчи, кооз шимикчи белгилүү.

**ШИМПАНЗЕЛЕР (шимпанзé)** — киши сымал маймылдар чоң тукумундагы понгиддер тукумунун уруусу. Бою 150 *см*, салм. 50—60 *кг*га жетет. Колу бутунан узун, денеси чабал. Жүнү кара, сейрек, бети түксүз. Башы кичине, тоголок, тумшугу алдыга чыгып турат. Кулагы чоң, делдегей. Эки түрү (кадимки шимпанзе, кидик шимпанзе) Африка экваторунун айланасындагы токойлорго тараган. Ылгабай азыктанат. Тобу м-н жүрөт. Шимпанзелер 50—60 жыл жашайт. Саны азаюуда. Кидик шимпанзе ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ШИНШИЛЛАЛАР (шинши́ловые)** — кемиргич желиндүү айбандар тукуму. Тулкунун уз. 22—66 *см*, куйругу 7,5—32 *см*, салм. 0,5—7 *кг*га чейин жетет. Көзү, кулагы чоң, куйругу барак. Жүнү

калың, жалтырак, жону көгүш же күрөң боз, каралжын тартып турат, боору саргыч ак. Үч уруусу (вискашалар, тоо вискашалары ж-а шиншилла) Түш. Американын түздүгүндө, тоолорунда жашайт. Күүгүмдө тиричилик кылат. Чөп жейт. Териси ж-а эти үчүн өтө көп кырып жиберишкен. Коргоонун натыйжасында саны көбөйүүдө. Эки түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ШИНШИЛЛА КЕЛЕС СЫМАЛДАР (крысиношинши́лловые, шинши́лловые кры́сы)** — кемиргичтер түркүмүндөгү желиндүү майда айбандар тукуму. Жалгыз уруусу (шиншилла келестер) бар. Тулкунун уз. 20 *см*, куйругу 15 *см*дей. Түсү боз күрөң. Эки түрү (боз абракома, шиншилла келес) Түш. Американын тоолоруна тараган. Алар 3000—5000 *м* бийиктиктеги зоокада, караган-буталардын арасында ийин казып, жамаатташ жашайт.

**ШИШ ДЕНЕЛЕР (приведе́ньевые, па́лочники)** — курт-кумурскалар түркүмү. Уз. 35 *см*ге жетет, курт-кумурскалардын эң узуну. Денеси таяк, шиш сыяктуу, айрым түрлөрүнүкү жалбырактай. Түстөрү жашаган жерлерине жараша кубулат. Ургаачысы эркегинен чоңураак. Көпчүлүгүнүн канаты жок. Буттары жөргөлөөгө ылайыкталган. Ооз аппараты — кемиргич. Алардын 2,5 миңдей түрү негизинен ысык алкакта тараган. СССРде 7 түрү Казакстанда, О. Азияда, Кавказ сыртында кезигет. Уссури шиш денеси, бразилия шиш денеси, европа шиш денеси, кидик шиш дене ж. б. белгилүү. Эки түрү (уссури шиш денеси ж-а кидик шиш дене) СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ШИШЕ МУРУНДАР (бутылконо́сы)** — куш тумшук киттер тукумунун уруусу. Уз. 9,5 *м*ге чейин жетет. Түсү күрөң, боор жагы агыш. Эки түрү (дөң чеке шише мурун ж-а жалпак чеке шише мурун) бар. Атлантика океанында кезигет. Баш буттуу моллюскалар, айрымдары балыктар м-н азыктанат. Дөң чеке шише мурун ТКЭСтин ж-а СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ШИШ ТУМШУКТАР (долгоно́сики, сло́нки)** — ылгабай азыктануучу коңуздар түркүмчөсүнүн тукуму. Башы түтүк сымал, учунда кемиргич оозу бар. Чокмор баш мурутттары муундуу. Алардын 45 миңдей түрү кеңири тараган. СССРде 4 миңден ашык түрү кезигет. Чөп жейт. Айыл чарба өсүмдүктөрүн, токойду зыянга учуратат. Пил тумшуктар, фракчандар, чайырчылдар ж. б. уруулары, апийимчил шиш тумшук, бүчүрчүл шиш тумшук, жемишчил шиш тумшук ж. б. түрлөрү бар.

**ШИШ ЧЕКЕЛЕР (фона́рницы)** — чырылдак сымалдар түркүмчөсүндөгү курт-кумурскалар тукуму. Уз. 7—80 *мм*. Көпчүлүк түрүнүн чекесинде шиштей «мүйүзү» бар (аты ошондон). Алардын 500дөй түрү ысык ж-а жылуу алкактарда жашайт. Айрым түрлөрү мөмөдөн жибекке окшогон жип чыгарат. Кытайда аны чогултуп, пайдаланышат. Кытай шиш чекеси, фенакс, европа шиш чекеси ж. б. түрлөрү бар.

**ШПРОТТОР (шпро́ты)** — айна көздөр тукумундагы балыктар уруусу. Уз. 17—18 *см*. Денеси оңой кубулуучу түрпүчөлөр м-н капталган. Төрт түрү мелүүн ж-а субтропик деңиздеринде тараган. СССР деңиздеринде европа шпротунун 2 түрчөсү кезигет. Планктон м-н азыктанат. Промыселдик балык.

**ШУМКАР (кре́чет)** — накта шумкарлар уруусундагы алгыр куш. Уз. 60 *см*ге жетет. Евразиянын түндүгүндө, Түн. Америкага тараган. Жупташып жашайт. Аскага, жар бооруна, кээде бийик даракка уя салат, көбүнчө куштардын эски уясына тууйт. Не-

гизинен куш, коён, кемиргич айбандар м-н азыктанат. Жемин учуп баратып тээп алат. СССРдин Кызыл китебине катталган.
**ШУМКАРЛАР (соколи́ные)** — күндүзгү алгыр куштар тукуму. Уз. 15—60 *см*. Тумшугунун мизи курч, үстүңкү тумшугу ийилген. Буту жоон, шадылуу, тырмактары узун, абдан курч. Үч тукумчасынын 5 уруусу, 60ка жакын түрү Антарктидадан башка бардык жерде кеңири тараган. Накта шумкарлар уруусунун түрү өтө көп. СССРде 11 түрү бар. Желиндүү айбандар, куштар, сойлоочулар м-н азыктанат. Суу жандыктары м-н азыктангандары да бар. Кидик шумкарлар, накта шумкарлар ж. б. уруулары, жагалмай, куу кумпай, ителги, ак шумкар, турумтай ж. б. түрлөрү бар.
**ШУМКАР СЫМАЛДАР (соколообра́зные)** — алгыр куштар түркүмү. Уз. 15 *см*ден 120 *см*ге чейин. Ургаачылары эркектеринен чоңураак. Тумшугунун учу ылдый ийилген, кырлары миздүү, курч. Буту кабелтең, шадылары узун, тырмактары курч. Канаттары айрымдарыныкы ичке, учтуу, ылдам учууга ылайыкталган, башкаларыныкы каалгып учууга ылайык жазы, учу дуңгул. 2 түркүмчөсүнүн (америка тазгаралары ж-а кадимки алгыр куштар) 4 тукуму (бүркүт турналар, карчыга сымалдар, бакачылар ж-а шумкарлар) бар. Антарктидадан башка бардык жерлерде тараган. Түгөйлөшүп жашайт. Айбандар м-н азыктанат. Алардын 18 түрү СССРдин Кызыл китебине катталган.
**ШУРУ ПОЛИПТЕРИ (кора́лловые поли́пы)** — книдарийлер тибиндеги деңиз жандыктарынын классы. Колония болуп, айрымдары жалгыздан жашоочу полиптер. Медуза мууну пайда болбойт. Көбүнүн акиташтуу же чор скелети бар. Жалгыз полиптин денеси жумуру, түп жагында бир нерсеге жабышууга ылайыкталган таманы, баш жагында оозун тегерете өскөн тинтүүрлөрү, ортосунда оозу бар. Ичегиси тигинен кеткен тосмолор м-н бөлүнгөн. Жыныстык ж-а жыныссыз жол м-н көбөйөт. Эки классчасы (алты тармактуулар ж-а сегиз тармактуулар), 6000ге жакын түрү кыйла деңиздерге тараган. СССРде 150гө жакын түрү кезигет.
**ШҮДҮҢГҮТ**, зебу **(зебуви́дный скот, зебу́)** — көңдөй мүйүздүүлөр тукумундагы накта бодолор уруусундагы сүт эмүүчү айбан. Салм. 250—350 *кг* (чанда 800 *кг*). Моюнунун (желкесинин) артында бийик өркөчү бар, уйдан бир аз кичирээк, бирок күлүк, күчтүү бодо. Түш.-Чыгыш Азияда тараган. Африка м-н Түш. Америкага алынып келинген. Ысыкка чыдамкай, камыш уу чөптү жакшы сиңирет. Минилет ж-а жүк тартуу үчүн пайдаланылат. Кээ бир жерлерде күлүктөй таптап чабылат.
**ШЫНАА КУРСАКТУУЛАР (клинобрю́хие)** — каңылтыр сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 3—5 *см*ден ашпайт. Жону түз, капталы өтө кууш, курсагы чедирейип, шынаадай миздүү. Башы кичинекей, көкүрөк канаттары чоң. Бир нече уруусу ж-а түрү Түш. Американын тузсуз сууларына тараган. Карнегиеллалар, торакохаракстар, шынаа курсактар ж. б. уруулары белгилүү.
**ШЫНАА БАШ ҮКҮЛӨР (сипу́ховые)** — үкү сымалдар түркүмүндөгү алгыр куштардын тукуму. Уз. 33—43 *см*. Бети оюн картасынын ачасы сымал. Баш сөөгү, көзү анча чоң эмес, шыйрактары узун. Ортонунун тырмагы курч. Жүнү саргыч. Отурукташкан куш. Эки уруусунун (накта шынаа баштар ж-а боз шынаа баштар) 10 түрү Евразия ж-а Африканын жылуу, ысык алкактарына та-

раган. СССРде кадимки шынаа баш кезигет. Мадагаскардагы түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган. Майда кемиргичтер, куштар, курт-кумурскалар м-н азыктанат.

# Ы

**ЫЗГЫТТАР (чи́бисы, пига́лицы)** — маарактар тукумундагы куштар тукумчасы. Уз. 12—22 *см*, салм. 200 *г*га жетет. Башы, мойну, жемсөөсү кара, төшү, боору, саңоору ак. Жону каралжын, күрөң, желкесинде таажысы бар. Канаты жазы, учу дуңгул. Тумшугу кыска, кабелтең. Шыйрагы узун. Он бир түрү Евразия, Африкага тараган. Саздуу, ачык жерлерде топтошуп жашайт. Негизинен курт-кумурскалар, моллюскалар м-н азыктанат. Кыргызстанда келгин куш. Кадимки ызгыт, индинин сөйкөлүү ызгыты, боздоң ызгыты белгилүү.

**ЫЗЫЛДАК ЧИРКЕЙЛЕР**, хирономиддер **(комары́-звонцы́, комары́-дергуны́, хирономи́ды)** — узун муруттуулар түркүмчөсүндөгү кош канаттуу курт-кумурскалар тукуму. Уз. 2—6 *мм*. Эркектеринин түктүү узун муруту бар. Он миңге жакын түрү кеңири тараган. СССРде 500 түрү кезигет. Чоңдорунун ооз аппараты жоголгон, азыктанбай 3—7 күнчө жашайт. Кечкурун өтө көп чогулуп, ызылдап учат (аты ошондон). Личинкасы көлдө, жылжып аккан сууда жашап, бактериялар м-н азыктанып чоңоёт. Бентосту пайда кылып, суу тазалоого чоң жардам берет. Өздөрү өзөн балыктарына жакшы жем.

**ЫЗЫЛДАК КУРТУ (моты́ль)** — ызылдак чиркейлердин личинкалары. Уз. 25 *мм*ге жеткен кызыл курт. Денеси ичке, цилиндр формасында. Көлдүн, жылжып аккан өзөндүн сууларында органикалык калдыктар м-н азыктанып, сууну тазалоодо ролу чоң. Өздөрү балык жеми. Лабораторияда генетикалык ж-а физиологиялык изилдөөлөрдө колдонулат.

**ЫКШООЛОР (ленки́)** — сом балыктар тукумунун уруусу. Уз. 70 *см*ге, салм. 6 *кг*га чейин жетет. Оозу кичинекей. Денесинде кара темгилдери бар. Түрпүчөлөрү майда. Сибирь ж-а Ы. Чыгыш өзөндөрүндө жашайт. Кадимки ыкшоо белгилүү. Омурткасыздар, майда балыктар м-н азыктанат.

**ЫЛААЛАР (о́воды желу́дочные)** — жөрмөктүү кыска муруттуу кош канаттуу курт-кумурскалар түркүмчөсүндөгү тукум. Уз. 9—15 *мм*. Көзү чоң, куйрук жагы ичке. Отуздай түрү жылкы, пил ж-а кериктин мителери. Жетилгендеринин ооз органы жоголгон, алар азыктанбайт, көпкө жашабайт. Урук таштагандан кийин өлөт. Айбан кашынганда оозу жете турган жерине жумурткасын таштайт. Жумурткасы кашынганда малдын ичине кирип, таз карынына барып чоңоюп, «кызыл куртка» айланат. Чоңойгон сайын ичеги-карындын артын карай жылып олтуруп, арткы тешигинен чыгып, топуракта бир аз жаткандан кийин, ылаа болуп учуп чыгат.

**ЫЛААЧЫН (сапса́н)** — шумкарлар тукумундагы алгыр куш. Тулкунун уз. 50 *см*ге чейин жетет. Жер жүзүнө кеңири тараган. Шумкарлар тукумунун абдан кыраанды. Кудун учканда ылдамдыгы саатына 100 *км*ге чейин жетет. Жемин учуп баратып, тескөөрү м-н жара тээп жерге түшүрөт. Уясынын айланасындагы-

ларга тийбейт. Алыска чабыттайт. Алардын 2 түрү кадимки ылаачын, кара ылаачын бар. Саны азаюуда. Көбөйтүү үчүн кыйла мамлекетте, о. эле СССРде борборлор түзүлгөн. ТКЭСтин ж-а СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЫҢГАЙЛАНУУ**, адаптация **(адапта́ция)** — айрым биологиялык түрдүн белгилүү сырткы чөйрө шартындагы тиричилик мүнөзүн камсыз кылуучу морфофизиологиялык, жүрүм-турумдук, популяциялык ж. б. өзгөчөлүктөрүнүн жыйындысы; б. а. организмдин ж-а органдардын жашоо чөйрөсүнө байырланышы. Ыңгайлануу организмдин тиричилик циклинин бардык стадиясында калыптанат. Ар бир организм м-н жашоо шартынын ортосунда тикеден-тике байланыш бар. Мис., дельфиндин денеси узун, торпедо сымал, териси жылма болуп сууда тез сүзүүгө; ал эми жарганаттын алдыңкы буттары учууга; момолойдун алдыңкы буттары кыска, күчтүү болуп жер казууга ыңгайланган.

**ЫРААКЫ ЧЫГЫШ МЫШЫГЫ (дальневосто́чный кот)** — мышыктар уруусундагы жырткыч айбан. Тулкунун уз. 75—90 *см*, куйругу 35—37 *см*. Түсү темгил ала, шыйрактары узун, куйругу ичке, башы кичине, бакма мышыктан чоң. Түш. Азия токойлорунда жашайт.

**ЫСЫК-КӨЛ МАЙ ЧАБАГЫ (чебачёк иссы́к-ку́льский)** — каңылтырлар тукумундагы чабактар уруусундагы майда балык. Уз. орточо 17,5 *см*, капталы кууш, жону күңүрт көгүлтүр, боору агыш, күмүштөй жалтыраган майда түрпүлүү. Көл жээктеринде 120—150 *м* тереңдикке чейин кезигет. Ысык-Көлдүн жергиликтүү ихтиофаунасынын негизин түзүп келген. Кийин, Ысык-Көлгө байырлаштыруу максатында, башка жактан жырткыч балыктарды алып келип өстүрүүнүн кесепетинен, аларга жем болуп, азыр кырылып баратат. Сактап калуу үчүн атайын чара көрүлүш керек.

**ЫСЫК-КӨЛ ЧАБАГЫ (чеба́к иссы́к-ку́льский)** — каңылтырлар тукумунун чабактар уруусундагы балык. Уз. орточо 35 *см*, салм. 500—600 *г*. Өзөнгө өрдөбөстөн Ысык-Көлдө гана жашайт. Ошентсе да суусунун тузу азыраак чаттарда, камыштуу, өсүмдүктүү жээкке жакын жүрөт. Майдалары зоопланктон, чоңдору үлүл ж-а балыр жейт. Мурда Ысык-Көлдө балык чарбасында көрүнүктүү ролду ойногон. Азыр жилингир, көксерке, майканат ж. б. балыктарды байыр алдыруунун кесепетинен саны абдан азайып кетти. Коргоо чаралары көрүлүш керек.

**ЫШКЫРЫК СЫМАЛДАР (свистулько́вые)** — тикен канат сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Уз. 150—180 *см*, салм. 3,4 *кг*-га чейин жетет. Денеси бир аз жалпайыңкы, узун. Тумшугу түтүк сымал. Жалгыз уруусунун 3 түрү Тынч, Инди ж-а Атлантика океандарынын тропик алкактарындагы шуру рифтеринин айланасындагы сууларда тараган. Деңиз түбүндөгү организмдер м-н азыктанат. Жергиликтүү промысел объектиси.

**ЫШКЫРЫКТУУ СУУ ЖОЛБОРС (си́вуч)** — кулактуу тюлендер тукумундагы деңизде жашоочу желиндүү айбан. Тулкунун уз. 3,5 *м*, салм. 700—800 *кг*га чейин жетет. Кышында буурул, жайында сары түстө. Тынч океандын түндүк тарабында тараган. СССРде, Япон, Баренц ж-а Охота деңиздеринин жээктеринде кезигет. Үйүрү м-н жүрүшөт. Балык м-н кальмарларды жейт.

**ЫШКЫРЫКЧЫЛАР (свистуны́)** — куйруксуз амфибиялар тукуму. Сырткы түзүлүшү бакага окшош, бирок салаалары жаргакчасыз. Уз. 1,5—20 *см*. Үнү ышкырыктай чыйылдак. Алардын

49 уруусу, 630дай түрү Австралия ж-а Америка континентине тараган. Түнкүсүн тиричилик кылат. Омурткасыз жандыктар м-н азыктанат. Кадимки ышкырыкчылар, жалбыракчыл бакалар, сазчылдар, беш манжалуу ышкырыкчы ж. б. өкүлдөрү белгилүү. Үч түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

# Э

**ЭБЕЛЕК БАКАЛООРДУУ БАЛЫКТАР (пластиножа́берные ры́бы)** — кемирчектүү балыктар классчасы. Уз. 20 *м*, салм. 20 *т*га чейин жетет. Плакоиддүү түрпүлүү, кээде жылаңач. Тиштери эмаль м-н капталган, түрдүү формада. Бакалоор жапкычы жок. 5—7 бакалоор жылчыгы көрүнүп турат. Бакалоор тосмолорунда бакалоор эбелектери тизилип жатат (аты ошондон). Эки чоң түркүмүнүн (акулалар ж-а көөкөрчөктөр) 130га жакын уруусу, 600гө жакын түрү бардык океандарда тараган. СССРде Кара деңизде, түндүктөгү ж-а Ы. Чыгыштагы деңиздерде кезигет.

**ЭБЕЛЕК МУРУТТАР (пластинчатоу́сые)** — ылгабай азыктануучу коңуздар түркүмчөсүндөгү курт-кумурскалар тукуму. Уз. 2—150 *мм*. Муруттары муунактуу, эбелек сымал жалпак, учу чокмор. Кээ бир түрлөрүнүн эркектеринин башында мүйүзү бар. Личинкасы ак, ийрилген курт. Алардын 15—20 миңдей түрү бардык жерге тараган. СССРде 1000ге жакын түрү кезигет. Көбү жаратылыште заттардын айланышында маанилүү ролдо, о. эле санитар болуп эсептелет. Качкын коңуз СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЭВРИПТЕРИДДЕР (эвриптери́ды, ракоскорпио́ны, гигантостраки́)** — хелицералуулар типчесиндеги меростома сымалдар классынын тукуму курут болгон түркүмү. Сууда жашаган муунак буттуу жандыктар болгон. Уз. 10 *см*ден 1,8 *м*ге чейин жеткен. Жырткыч болушкан.

**ЭЖЕКЕ БЭЭ САА (гу́сеница)** — көпөлөктөрдүн курт сымал личинкасы. Жумуртkадан өсүп чыгат. Уз. бир нече *мм*ден 12 *см*ге чейин жетет. Денеси жумуру, башында кемиргич ооз аппараты, 3 көкүрөк, 10 курсак муунагы бар. Айрымдары түктүү. Боорундагы кыска буттары м-н жылат. Чөп жейт. Астыңкы эрининдеги бездери жибек суюктугун бөлүп чыгарат, ал абада катып, жибекке айланат. Көпчүлүгү бак, токой ж-а талаа өсүмдүктөрүн бүлүндүрүп, чарбага кыйла зыян келтирет.

**ЭЖЕКЕ БЭЭ СААЛАР (чече́вицы)** — мукурлар тукумундагы сайрагыч чымчыктар уруусу. Уз. 15—20 *см*. Эркеги кызгылтым боз, ургаачысы куба боз түстө. Үйүргө кирген мезгилде эркеги «эжеке бээ саа» дегенге окшош сайрайт (аты ошондон). Алардын 21 түрүнүн көбү Азияда, 3 түрү Түн. Америкада, 1 түрү Европада; СССРде 5 түрү, анын 3 түрү Кыргызстандын бөксө тоолорунда кезигет. Ири эжеке бээ саа, кадимки эжеке бээ саа, мала эжеке бээ саа ж. б. түрлөрү белгилүү.

**ЭЙМЕРИЯЛАР (эйме́рии)** — кокцидиялар классчасындагы жөнөкөй жандыктар уруусу. Алардын 1000ден ашык түрү бар. Омурткалуу жандыктардын ичегисинин клетка ичинде мителик кылат. Балык, куш, чочко, кой, эчки, бодолорду ылаңдатат.

**ЭКИ АЯКТУУЛАР**, амфисбеналар **(амфисбе́ны, двухо́дки)** —

какачтуу (түрпүлүү) сойлоочулардын түркүмчөсү. Кескелдирикке жакын. Уз. 70 *см*ге жетет. Денеси жумуру, курт сымал, куйругу кыска, чопкут м-н капталган. Көбүнүн буту жок. Алардын 23 уруусу, 140тай түрү Борб. ж-а Түш. Америкага, Бат. Азияга, Түш. Европага тараган. Ийинде жашайт. Көбүнчө кумурска ж-а термиттерди жейт. Ак амфисбена, темгилдүү эки аяк белгилүү.

**ЭКИ БАКАЛООРДУУЛАР (двужа́берные)** — баш буттуу моллюскалар классындагы жандыктар классчасы. Сыртында раковинасы (үлүл кабыгы) жок, көзү омурткалуу айбандардыкына түспөлдөш, эки бакалоору, эки жүрөгү бар. Төрт түркүмү (кальмарлар, каракатицалар, спруттар ж-а вампироморфтор) бардык деңиздерге тараган. Жырткычтар, планктон ж-а бентос м-н да азыктанат.

**ЭКИНЧИ ООЗДУУЛАР (вторичноро́тые)** — түйүлдүгүнүн өөрчүү процессинде оозу адепки тешиктен эмес, кийинки тешиктен жаралган организмдер.

**ЭКИ ТҮРДҮҮ ДЕМ АЛУУЧУЛАР (двоякоды́шащие)** — бара канаттар классчасындагы балыктардын чоң түркүмү. Бакалоору м-н да, өпкөсү м-н да дем алат. Азыркы доордо 2 түркүмүнүн 6 түрү гана сакталган. Австралиянын тайыз өзөндөрүндө кезигүүчү түрү чор тиштин уз. 175 *см*ге жетет. Денеси жоон, түрпүсү ири, канаты сүзгүч жалбырактай. Африка тропиктериндеги өзөндөрдө кезигет. Суу соолгондо булар баткакка оронуп, абадан дем алып жашай беришет. Жырткычтар. Балык, омурткасыздар, сойлоочулар м-н азыктанат.

**ЭЛАСМОТЕРИЯЛАР (эласмоте́рии)** — кериктердин тукуму курут болгон уруусу. Тулкунун уз. 4,5 *м*, бийикт. 2 *м*ге жеткен. Маңдайында чоң мүйүзү, бутунун манжалары 3 туяктуу болгон. Алардын 3—4 түрү Чыгыш Европа, Түш. Сибирде жашаган. Куурайлуу, катуу чөптөрдү жеген.

**ЭЛЕКТРДҮҮ ЖАЯНДАР (электри́ческие со́мы)** — жаян сымалдар түркүмүнүн балыктар тукуму. Уз. 65 *см*ге жакын. Үч жуп муруту бар. Көзү кичинекей, караңгыда жарык чыгарып турат. Электрдүү органдары бар. Жалгыз түрү (электрдүү жаян) Африка өзөндөрүндө жашайт. Аз кыймылдайт. Жергиликтүү промысел объектиси.

**ЭЛЕКТРДҮҮ КАҢЫЛТЫРЛАР (электри́ческие угри́)** — каңылтыр сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Денеси узун, түрпүсүз, уз. 1—1,5 *м*, салм. 40 *кг*га чейин жетет. Жон ж-а курсак сүзгүчү, канаты жок. Арткы тешиги алкымында. Капталында денесин бойлой электрлүү органдары жатат. Аны жемин селейтүүдө ж-а душманынан коргонууда колдонот. Жалгыз түрү (электрдүү каңылтыр) Түш. Американын өзөндөрүндө кезигет. Майда балыктар м-н азыктанат.

**ЭЛЕКТРДҮҮ КӨӨКӨРЧӨКТӨР (ска́ты электри́ческие, гнюсообра́зные)** — кемирчектүү балыктардын түркүмү. Уз. 1,8 *м*, салм. 90 *кг*га чейин жетет. Денеси жалпак, капталдарында электр органдары бар. Үч тукумунун (наркелер, темерлер, торпединдер) 10 уруусу, 30дан ашык түрү Атлантика, Тынч, Инди океандарында ж-а Жер Ортолук деңизде жашайт. СССР сууларында кезикпейт.

**ЭЛИК (косу́ля)** — бугулар тукумундагы кийик. Эркеги «куран» деп аталат. Анын 3—4 ача мүйүзү бар, телкиси (ургаачысы) токол. Түсү жайында кочкул сары, кышында сур. Куйругу кыска, жүнүнөн чыкпайт, таңы ак. Тулкунун уз. 150 *см*, бийикт. 100 *см*,

салм. 60 *кг*га чейин жетет. Евразияга тараган. Сейрек токойдо, бадал арасында, бийик чөптүү адырларда жашайт. СССРде 2 түрчөсү (европа элиги, сибирь элиги) жашайт. Эти, териси, мүйүзү эл чарбасында колдонулат. Кыргызстанда сибирь элиги кезигет. Чаарчыгы колго оңой үйрөнөт. Саны азаюуда. Коргоого муктаж.
**ЭЛИК-БАГЫШ (лань)** — накта бугулар уруусундагы кийик. Денеси шыңкыйып, келишкен. Уз. 130—160 *см*, салм. 40—90 *кг*га чейин жетет. Эркеги ача мүйүздүү, багыштыкына окшоп жалпак. Ургаачысы — токол. Түсү жайында куйкул чаар, кышында буурул чаар. Мекени — Жер Ортолук деңиз жээги ж-а Кичи Азия. Азыр бардык континенттерде байырлаштырылууда. СССРде Балтика боюнда, Белоруссияда, Молдавияда ж-а Украинада мамлекеттик коруктарда багылууда. Бир түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.
**ЭЛКИН КУЙРУКТУУЛАР (свободнохво́стые)** — жарганаттар тукуму. Тулкунун уз. 5—6 *см* келген майда жандыктар. Эки түрү Түн. Африка ж-а Түш. Азияга тараган. Жүздөп, миңдеп топтошуп жашайт. Суу үстүнө учуп, чымын чиркейлерди жейт.
**ЭМБИЯЛАР (э́мбии)** — курт-кумурскалар түркүмү. Уз. 1,5—22 *мм*. Ачык күрөң, же кочкул күрөң түстө. Ооз аппараты кемиргич. Эркегинин гана канаты бар, ээсиники жок. Муруту узун. Алардын 200дөй түрү тропик ж-а субтропик алкактарынын токойлоруна тараган. Өсүмдүк м-н азыктанат. Айрымдары эгинге зыян келтирет. Кай бири жырткыч. СССРде 2 түрү (жер ортолук деңиз эмбиясы, түркстан эмбиясы) кезигет.
**ЭМУ (э́му)** — казуар сымалдар түркүмүндөгү куштар тукуму. Бийикт. 1,8 *м*, салм. 45—54 *кг*га жетет. Уча албайт. Түсү кара буурул, күрөң. Канат скелети начар өөрчүгөн. Буту чымыр, үч шадылуу. Тез чуркайт, жакшы сүзөт. Жалгыз түрү (эму) Австралияда кезигет. Бадалдуу, куурайлуу боздоңду мекендейт. Негизинен жемиш, урук жейт. Оңой бакмалаштырып, колдо жакшы көбөйөт.
**ЭНТОДИНИОМОРФТОР (энтодинио́морфы)** — түктүү инфузориялар классындагы жөнөкөй жандыктар классчасы. Көлөмү 50—300 *мкм*. Алардын 34 уруусу, 2000дей түрү бар. Туяктуу айбандардын ичеги-карынында жашап, алардын жемин сиңирүүгө катышат.
**ЭОГИППУ́С (эогиппу́с)** — жылкылар тукумунун теги. Эволюциясында көрүнүктүү ролу бар. Чоңдугу түлкүдөй, алдыңкы аяктары төрт манжалуу болгон.
**ЭОЗУХИЯЛАР (эозухий)** — лепидозаврлар классчасындагы тукуму курут болгон сойлоочулар түркүмү. Уз. 50—150 *см*. Кескелдирикке окшогон, кургакта жашаган, жырткыч болгон.
**ЭПИОРНИС СЫМАЛДАР (эпиорнисообра́зные)** — куштардын тукуму курут болгон түркүмү. Бийикт. 3 *м*, салм. 450 *кг*га чейин жеткен, уча албаган, буттары кабелтең, жумурткасынын көлөмү 9 *л*-дей болгон дөө куштар болгон. Мадагаскардын токойлорунда жашаган. Алар 18—19-кылымда кырылып бүткөн.
**ЭПКИНООЗ СЫМАЛДАР (солееви́дные)** — камбала сымалдар түркүмүндөгү балыктар түркүмчөсү. Кичинекей кыйшык оозу башынын бир капталында, денеси жалпак, тил сымал. Эки тукуму (деңиз тил сымактары, эпкинооздор) көбүнчө океандардын тропик ж-а субтропик алкактарындагы сууларда жашайт. Промыселдик мааниси бар.

**ЭРИН БУТТАР (губоно́гие)** — көп аяктуу жандыктар классы. Денеси сүйрү, жалпайыңкы. Уз. бир нече *мм*ден 25—30 *см*ге чейин. Жаактары бутка айланган. Башы ж-а сегменттерге бөлүнгөн денесинен турат. Ар бир сегментте жуп буту жайгашкан. Алдыңкы буту кармоочу, арткысында уу бези бар. Жырткычтар. Майда омурткасыз жандыктар м-н азыктанат. Үч миңге жакын түрү кеңири тараган. СССРде 300гө жакын түрү кезигет. Кырк аяктар да ушул класска кирет.

**ЭРИТРИН СЫМАЛДАР (эритри́новые)** — каңылтыр сымалдар түркүмүндөгү балыктар тукуму. Американын өзөндөрүндө тараган. Булардын биологиялык бөтөнчөлүгү бар. Алар кычкылтеги аз сууда жашап, абадан да дем алат. Тиштери курч, жырткычтар. Траира деген түрү промыселдик балык.

**ЭР СЫНААРЛАР (коньки́, шеврицы́)** — жылкычы чымчыктар тукумунун уруусу. Уз. 14—18 *см*. 35 түрү кеңири тараган. СССРде 9 түрү кезигет. Токой эр сынаары, шалбаа эр сынаары, сибирь эр сынаары (СССР эндеми) ж. б. өкүлдөрү белгилүү. Учуп баратып бөтөнчө үн чыгарып, «эр сынаар кучкачмын, эр сынабай учпасмын» дегендей сайрайт деген болжоо м-н ошондой аталган. Курт-кумурскалар, майда омурткасыздар м-н азыктанат. Бир түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

**ЭТЧИЛ КОҢУЗДАР (жуки́ плотоя́дные)** — коңуздар түркүмчөсү. Онго жакын тукуму (дуулдактар, чимириктер, сүзгүчтөр ж. б.) бар.

**ЭТЧИЛ ЧЫМЫНДАР (саркофаги́ды, се́рые мясны́е му́хи)** — жөрмөктүү кыска муруттуу кош канаттуулар түркүмүндөгү чымындар тукуму. Уз. 3—18 *мм*. Эки жүздөй түрү кеңири тараган. СССРде 400дөй түрү кезигет. Жырткычтары, ылгабай азыктануучулары ж-а митеси да бар. Личинкалары зоосапрофагдар, айрым түрлөрүнүн, мис., вольфарт чымынынын личинкасы желиндүү айбандардын жарасында чоңоёт.

**ЭУБЛЕФАРЛАР (эублефа́ры)** — геккондор тукумунун кескелдириктер уруусу. Уз. 26 *см*ге чейин жетет. Көз ирмөөчтөрү кыймылдуу. Түсү темгил ала. Сегиз түрү Азияга тараган. Түнкүсүн тиричилик кылат, күндүз ийинде, таш кычыгында жашынып жатат. Бир түрү СССРде Түркмөнстан чөлүндө кезигет. Түркмөн эублефары СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЭУФАЗИЯ СЫМАЛДАР (эуфази́евые)** — татаал түзүлүштүү рактар түркүмү. Уз. 7 *мм*ден 5 *мм*ге жетет. Сырткы кебетеси креветкага окшош. Жарык чыгаруу органдары, тинтүүр көздөрү бар. Алардын 83 түрү бар, деңиздин түбүндө жашайт. Өздөрү балык жеми.

**ЭФАЛАР (э́фы)** — кара чаар жыландар тукумунун уруусу. Уз. 80 *см*ге жетет. Түсү боз чаар, күрөң чаар. Үч түрү Түн. Африка ж-а Түш. Азияга тараган. Кумдуу, какырдуу чөлдө жашайт. Күүгүмдө ж-а түнкүсүн тиричилик кылат. Майда омурткалуу жандыктар ж-а курт-кумурскалар м-н азыктанат. Тирүү тууйт. Өтө уулуу. Кум эфасы, чаар эфа ж. б. өкүлдөрү белгилүү. Кум эфасы О. Азиянын түштүгүндө (Түркмөнстан, Тажикстан, Өзбекстан) кезигет.

**ЭХИНОКО́КК (эхиноко́кк)** — тасма курттар тукумундагы жалпак курт. Денеси кичине, жалпак. Уз. 3—6 *мм*. Ит, карышкыр, мышык ж-а чөөнүн ичегисинде мителик кылат. Жетилген жумурткасы заң м-н сыртка чыгып жайытты, короону, огородду булгайт.

15—2103

Личинканы чөп м-н кошо жеген малдын (аралык ээси) ичегисинен канына өтүп, өпкө, боор ж. б. органдарына барып чоңоюп, ыйлаакчалар пайда болот. Бул өмүргө коркунучтуу дарт — эхинококкоз деп аталат. Киши да ооруйт.

**ЭХИУРИДДЕР (эхиури́ды)** — омурткасыз жандыктар тиби. Денеси жумуру, муунаксыз, уз. 3—180 *см*. Уз. 1 *мм*дей тумшукчасы бар. Ичегиси ийри-муйру. Кан тамыр системасы начар өөрчүгөн. Нерв системасы кулкун жанындагы шакекче ж-а ич сөңгөгүнөн турат. Айрым жыныстуу. Бир классы, 150гө жакын түрү деңиздердин түбүндө жашайт.

**ЭЧКИ ЭМЭЭРЛЕР (вара́новые)** — ири кескелдириктер тукуму. Уз. 80—300 *см*. Башы чор эбелектер м-н капталган. Денеси теңгедей какачтуу. Тили узун, ачакей. Жалгыз уруусунун 24 түрү Чыгыш жарым шарда Мадагаскардан башка континенттердин ысык, жылуу жерлерине тараган. Токойдо, чөлдө жашайт, сууда жакшы сүзөт, даракка чыга алат. Омурткалуу жандыктар м-н азыктанат. СССРде боз эчки эмээр О. Азия чөлдөрүндө кезигет. Эчки эмген учур белгилүү (аты ошондон). Кыргызстанда Кулунду талаасында учурайт. Дөө эчки эмээр ТКЭСтин, боз эчки эмээр СССРдин, Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине катталган.

**ЭЧКИ МААРАКТАР (бека́сы)** — маарак сымалдар тукумундагы чулдуктар уруусу. Уз. 12—15 *см*, салм. 60—90 *г*. Тумшугу узун, жону қаралжын, боору агыш, төшү чаар, чоңдугу таркылдактай. Асмандан кудуганда куйругу дирилдеп, эчкинин маараганындай үн чыгарат (аты ошондон). 13 түрү Австралиядан башка бардык жерде тараган. СССРде 6 түрү кезигет. Курт-кумурскалар ж. б. омурткасыз майда жандыктар м-н азыктанат. Саздуу жерде жашайт. Кадимки эчки маарак, безгин эчки маарак, жалган эчки маарак, тоо эчки маарагы ж. б. түрлөрү белгилүү. Аңчылык кылынат. Бир түрү (япон эчки маарагы) СССРдин Кызыл китебине катталган.

**ЭШЕК (осёл)** — жылкылар тукумундагы желиндүү айбан. Башы, кулагы чоң, түсү сур, жонунда кара тагы бар, кыска жалдуу, бийикт. 110—140 *см*. Жапайы түрүндө мурда Түн. Африканын чөлдөрүндө кеңири тараган. Азыр Кызыл деңиздин түш. жээгиндеги талаа ж-а чөлдөрүндө (Сомалиде, Эритреяда, Түн. Эфиопияда) анда-санда кезигет. Алар анча чоң эмес үйүрү м-н жүрүшөт. Ал 5—6 миң жыл мурда Африкада бакмалаштырылган. Кийин Азияга, Европага тарап, күчтүү, бийик асыл тукумдары чыгарылган.

**ЭШЕК ААРЫЛАР (ше́ршни)** — накта сары аарылар уруусу. Уз. 40 *мм*ге жеткен чоң сары аарылар. Алардын 20дай түрү кеңири тараган. СССРде 5—7 түрү кезигет. Жаан тийбеген серелердин астында кагаздай үлпүлдөгөн уюк жасап, балдарын курт-кумурскалар м-н багып чоңойтот.

**ЭШЕК КУРТТАР (мокри́цы)** — тең буттуу рак сымалдар түркүмчөсү. Уз. 1—50 *мм*. Ар бир сегментинде экиден буту бар. Айрым жыныстуу. Алардын 1000дей түрү кеңири тараган. СССРде негизинен О. Азия, Крым, Кавказда кезигет. Нымдуу жерде, айрымдары кургакта жашайт. Түнкүсүн тиричилик кылат. Дээрлик баары чөп м-н азыктанат. Айрымдары айыл чарбага зыян келтирет.

# Я

**ЯВА́НТРОП (ява́нтроп, соло́йский челове́к)** — казылып алынган байыркы киши. Сөөктөрү Ява аралынын Соло өзөнүнүн боюнан табылган (1931—33-ж.). Краниологиялык ж. б. изилдөөлөрдүн негизинде архантроп (питекантроп) тобундагы кишинин байыркы теги деп таанылды.

**ЯЗЬ (язь)** — чабактар уруусундагы тузсуз сууда жашоочу балык. Уз. 70 *см*, салм. 8 *кг*га жетет. Боорундагы, капталындагы канаттары мала кызыл. Көзү жашыл. Евразиянын өзөндөрүндө, суу сактагычтарда кезигет. Курт-кумурскалардын личинкалары, моллюскалар ж-а өсүмдүктөр м-н азыктанат. Промыселдик балык, колдо өстүрүлөт. «Орфа» деген түрү кооздук үчүн жасалма көлдөрдө көбөйтүлөт.

**ЯКАМАРАЛАР (якама́ровые, блестя́нковые)** — доңкулдак сымалдар тукуму. Уз. 12—29 *см*. Сыртынан колибрге окшош. Тумшугу узун, ичке, буттары кыска. Канаттары чолок, куйругу узун, жону кара, жалтырап жашыл болуп көрүнөт. Беш уруусу, 16 түрү Түш. Америкага тараган. Курт-кумурскалар м-н азыктанат. Жашыл якамара, бейиш якамарасы ж. б. белгилүү.

## ТИРКЕМЕ

**ЖАНЫБАРЛАР ДҮЙНӨСҮ**

**Царство: Жаныбарлар: (Animalia, Zoo)**
**кичине царство: бир клеткалуулар (Protozoa)**
**тип: жөнөкөйлөр (Protozoa)**
**кичине царство: көп клеткалуулар (Metazoa)**
**типтер: мезозоалар (Mesozoa)**
**былпылдактар (Porifera, Spongia)**
**ичеги көңдөйлүүлөр (Coelenterata)**
**жалпак курттар (Plathelminthes)**
**немертиндер (Nemertini)**
**камптозоалар (Kamptozoa)**
**жумуру курттар (Nemathelminthes)**
**приапулиддер (Priapulida)**
**муунак курттар (Annelida)**
**муунак буттуулар (Arthropoda)**
**моллюскалар (Mollusca)**
**омуроо буттуулар (Brachiopoda)**
**балык курттар (Bryozoa)**
**форониддер (Phoronoidea)**
**ийне терилүүлөр (Echinodermata)**
**погонофоралар (Pogonophora)**
**кылкан жаактуулар (Choetognatha)**
**хордалуулар (Chorbata)**

**Хордалуулар системасы.**

**тип: Хордалуулар (Chordata)**
**типче: чала хордалуулар (Hemichordata)**
**челдүүлөр (Tunicata)**
**класстар: асцидиялар (Ascidiacea)**
**аппендикуляриялар (Appenlicularia)**
**сальптар (Thaliasea)**
**типче: баш сөөксүздөр (Acrania)**
**класс: наштар сымактар (Amphioxi)**
**типче: омурткалуулар (Vertebrata)**
**класстар: оймок ооздуулар (Cyclostomata)**
**балыктар (Pisces)**
**амфибиялар (Amphibia)**
**сойлоочулар (Reptilia)**
**куштар (Aves)**
**желиндүүлөр (Mammalia)**

**Желиндүүлөр системасы.**

класс: Желиндүүлөр (Mammalia)
классча: алгачкы айбандар (Prototheria)
түркүм: бир тешиктүүлөр (жумуртка туучулар) (Monotremata)
классча: татаал түзүлүштүү айбандар (чөптүүлөр) (Eutheria, Placentalia)
түркүмдөр: курт-кумурска жечүлөр (Insectivora)
тери канаттуулар (Dermoptera)
кол канаттуулар (Chiroptera)
приматтар (Primates)
кем тиштүүлөр (Edentata)
панголиндер (Rholidota)
коён сымалдар (Lagamorpha)
кемирүүчүлөр (Rodentia)
жырткычтар (Fissipedia, Carnivora)
калак буттуулар (Pinnipedia)
кит сымалдар (Cetasea)
түтүк тиштүүлөр (Tubulidentata)
пил тумшуктуулар (Proboscidea)
дамандар (Hyracoidea)
стеллер ую (Sirenia)
сыңар туяктуулар (Perissodactyla)
ача туяктуулар (Artiodactyla)

**Приматтар системасы.**

түркүм: приматтар (Primates)
түркүмчө: лемурлар (Lemuroidea)
узун согончоктуулар (Tarsoidea)
маймылдар (Simioidea)
дердең маймылдар (Platyrrhini)
тукумдар: ойноок маймылдар (тырмактуулар) (Hapalidae)
чалма куйрук маймылдар (цебиддер) (Cebidae)
быйпык маймылдар (Catarrhini)
тукумдар: мартышка сымалдар (Cercopithecidae)
киши сымал маймылдар (Pongidae)
гоминиддер, кишилер (Hominidae)
тукум курут болгон { питекантроп (Pitecanthropus)
неандертал кишиси (Homo peanderthalensis)
акылдуу киши (Homo sapiens)

**Жаныбарлар тобундагы түрдүн саны**
(жаныбарлар дүйнөсүндө 1500000 түр бар)

| | |
|---|---|
| Бир клеткалуулар 263000ден ашык | рак сымалдар 20000 |
| Ичеги көңдөйлүүлөр 9000ден ашык | жөргөмүштөр 35000 |
| Былпылдактар 5000 | көп аяктар 11000 |
| Жумуру курттар 13000 | курт-кумурскалар 1000000 |
| Немертиндер 1000 | Хордалуулар 42400 |
| Муунак курттар 9000 | наштар сымактар 28 |
| Омуроо буттуулар 280 | оймок ооздуулар 40тан ашык |
| Балык курттар 4000 | балыктар 20000 |
| Моллюскалар 110000 | амфибиялар 2100 |
| Ийне терилүүлөр 600 | сойлоочулар 6000 |
| Челдүүлөр 1100 | куштар 8600 |
| Муунак буттуулар 1066900 | желиндүүлөр 4500 |

**Кээ бир жаныбарлардын тиричилик узактыгы**

| Жаныбарлардын аты (система катары б-ча) | Орточо тиричилик узактыгы (жыл, күн-к) | Өтө узак жашаган учурда (жыл же күн-к) |
|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 |
| Күнүмдүк (жетилгени) | 1—3 к | 20 к |
| Бакма аары | | |
| эне аары | 3 | 5 |
| жумушчу аары | 40 к | 9 ай |
| Өзөн рагы | 5 | 20 |
| Устрица | 5 | 30 |
| Берметчен | 10—15 | 100 |
| Сөөлжан | 5 | 20 |
| Сүлүк курт | 4—5 | 20 |
| Алабуга | 10 | 28 |
| Чортон | 15 | андан ашык |
| Жаян | 40 | андан ашык |
| Курбака | 5 | 36 |
| Дөө ташбака | 40—45 | андан ашык |
| Кескелдирик | 5—7 | 12 |
| Ири жыландар | 10—12 | 35 |
| Чаар жылан | 5 | 25 |
| Крокодил | 40ка чейин | 100 |
| Төө куш | 15 | 48 |
| Бирказандар | 20 | 40 |
| Каз сымалдар (каз, ак куу, өрдөк) | 20 | |
| бакма каз | 20 | 80 |
| канада дудук казы | | 33 |
| кидик куу | | 24 |
| Кытандар | 19 | 30 |
| Тоок сымалдар (кереңкур, кыргоол, күрп) | 13 | |
| бакма тоок | | 13 |
| Чардактар | 17 | |
| Үкүлөр | 15 | |
| Күндүзгү жырткыч куштар (бүркүт, кыргый, шумкар) | 25 | |
| Жору | 25 | 65 |
| Бүркүт | 20 | 80 |
| Тоту куштар | 20 | |
| Кызыл аара | | 90 |
| Көгүчкөндөр | 12 | 50 |
| Күкүк | 10 | 40 |
| Майда таранчылар | 4—8 | |
| Шимпанзе | 50—60 | андан ашык |
| Павиан | 20—22 | 30 |
| Күрөң тиш | бир жылга чейин | 2 |
| Тыйын чычкан | 6—7 | 15 |

| 1 | 2 | 3 |
|---|---|---|
| Түлкү | 10—12 | 25 |
| Ит | 10—12 | 34 |
| Аюу | 15—20 | 70 |
| Карышкыр, арстан ж-а кабылан | 15—17 | 30 |
| Мышык | 10—12 | 20 |
| Индия пили | 60 | 90 |
| Керик | 20 | 45 |
| Доңуз ж-а бакма чочко | 80—10 | 15 |
| Төө | 25 | 70 |
| Бодо мал ж-а бугу | 15 | 30 |
| Марал ж-а бакма эчки | 8—10 | 15 |
| Жираф | 12 | 25 |

**Бакма айбандардын келип чыгышы**

| Айбандар | Негизги жапайы теги, мекендеген жери | Бакмалаштырылган жер ж-а мезгил (б. з. ч.) |
|---|---|---|
| Ит | Карышкыр; Түн жарым шар | Азия, 1200 |
| Кой | Аркар; Алдыңкы Борб. ж-а Ички Азия | Алдыңкы Азия, 6000 |
| Эчки | Чоң сакал теке, Жер Ортолук деңиз аралдары, Алдыңкы Азия | Алдыңкы Азия, 6000 |
| Чочко | Доңуз; Европа, Түн. Африка, Түш. Азия | Түш. Азия, 6000 |
| Бодо мал | Тур ж-а жапайы бодо; Европа, Алдыңкы ж-а Борб. Азия | Алдыңкы Азия, 5000 |
| Эшек | Сомали ж-а нубия эшеги; Түн.-Чыгыш ж-а Чыгыш Африка | Египет, Эфиопия, 4000 |
| Тоок | Жапайы тоок; Индия, Шри Ланка | Индия, 3200 |
| Жылкы | Жапайы жылкы; Евразия | Ички Азия, Алдыңкы Азия, 3000 |
| Өрдөк | Кадимки соно; Түн жарым шар | Греция, 1000 |

Куштардын канатын кагуу саны (1 секундада)

Кадимки соно 9
Кадимки сары үкү 5
Чар карга 3
Боз турна 2,5
Таранчы 13
Куназ 2
Бакма көгүчкөн 5
Колибри 200

**Куштардын жана жумурткасынын салмагы** *(г)*

| Куштар | Жумуртка салмагы | Куштун салмагы |
|---|---|---|
| Төө куш | 1500 | 90000 |
| Эму | 600 | 40000 |
| Император пингвини | 500 | 45000 |
| Киви | 450 | 3000 |
| Ышылдак куу | 350 | 3500 |
| Кондор | 270 | 12000 |
| Бирказан | 165 | 11000 |
| Фламинго | 160 | 4000 |
| Ак куназ | 115 | 3000 |
| Күмүш чардак | 90 | 1500 |
| Күрп | 80 | 18000 |
| Кадимки сары үкү | 75 | 3200 |
| Кара кур | 60 | 1500 |
| Бакма тоок | 60 | 2500 |
| Кадимки соно | 50 | 1000 |
| Цесарка | 40 | 2000 |
| Көк чардак | 40 | 450 |
| Ызгыт | 25 | 230 |
| Калкандуу чулдук | 22 | 100 |
| Кузгун | 20 | 1200 |
| Кадимки маарак | 17 | 100 |
| Сагызган | 100 | 300 |
| Кадимки бөдөнө | 7 | 120 |
| Чыйырчык | 6 | 90 |
| Күкүк | 3 | 100 |
| Таңчы | 3 | 17 |
| Таранчы | 3 | 35 |
| Булбул | 3 | 25 |
| Мукур | 1,7 | 13 |
| Чабалекей | 1,7 | 19 |
| Корголдой | 1,3 | 9,5 |
| Кооз эльф | 0,25 | 3 |
| Кызыл колибри | 0,2 | 1,6 |

**Уулуу жаныбарлар**

| Жаныбар | Уулуу органы | Уусунун киши организмине таасир этүү белгиси |
|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 |
| Гидрозойлор | Сайгыч капсуласы | Күйгүзүп оорутат, киши эсин жоготот |
| Хородропус медузасы | Сайгыч клеткалары | Тери ыйлаактап чыгат, чыдатпай ооруйт, эсин жоготот, шок абалына келет |
| Сколопендра | Жаак бутундагы безчелери | Тери жабыркайт, катуу ооруйт |
| Кара курт | Уу безчелүү хелицери | Чаккан жер ооруйт, кээде өлүмгө учуратат |

| 1 | 2 | 3 |
|---|---|---|
| Бөйү | —«— | Чаккан жер ооруйт, бир аз коркунучсуз |
| Чаян | Куйругундагы ийнеси | Чаккан жер катуу ооруйт, кээде өлүмгө учуратат. |
| Эшек аары | Сайгычы | Чаккан жердин оорусу жай тарап кетет |
| Мурееналар | Тиш артындагы безчелери | Муреналардын 5 түрүнүн уусу өлүмгө дуушар кылат |
| Уулуу кескелдириктер | Тиштери | Чаккан жер катуу ооруйт, оорусу жай тарайт, кээде өлүмгө дуушар кылат |
| Чаар жылан | «—« | Чаккан жер катуу ооруйт, оорусу жай тарайт, кээде өлүмгө дуушар кылат |
| Гюрза | —«— | Чаккан жер катуу ооруйт, убагында медициналык жардам көрсөтүлбөсө өлүмгө учуратат |
| Кара моюн чекир жылан | Тиштери ж-а шилекейи | Сокурлукка дуушар кылат |

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЗЫЛ КИТЕБИНЕ КАТТАЛГАН ЖАНЫБАРЛАР

**Желиндүүлөр**

Ала күзөн
Аркар
Бугу
Жазы кулак кош эрин жарганат
Жейрен
Илбирс
Кадимки кулжа
Кидик така тумшук жарганат
Мадыл
Мензбир сууру
Орто азия кундузу
Төө чөөсү
Тянь-шань аюусу

**Куштар**

Ак куназ
Ак төш көгүчкөн
Бейиш чымынчысы
Бүркүт
Жыланчы куш
Ителги
Кадимки булдурук
Кара куназ
Кара кур
Кара куш
Кара шакылдак
Каркыра
Көк жору
Көк чулдук
Кумай
Куркулдак куу
Маңка каз
Суу бүркүт
Тоодак
Чөл ылаачыны

**Сойлоочулар**

Боз эчки эмээр
Кадимки сойлок
Кызыл жон сойлок

**Балыктар**

Түркстан жаянчыгы

**Курт-кумурскалар**

Кадимки махаон
Кадимки момчу
Регелдин түктүү саратаны
Чөптөй жашыл коло сымак

# АЙБАНАТ ТУУРАЛУУ ЧЫНДЫКТАР ЖАНА АЙЫҢДАР

Айбанат тиричилиги табияттын окуп түгөткүс кызык тирүү китеби. Бул китептин маңызын таанытуучу дарс — фенология. Адамзат айбанат түзүлүшүн, тиричилик өзгөчөлүгүн өздөштүрө электе айбанаттын сырткы кубулуштарын гана баамдап, анын себептерин түшүндүрө албай, сыйкырдуу күчтөрдүн кереметине шылтап, тим боло турган. Ошонун негизинде кыйла кызык жомок, укмуштуу айыңдар жаралган.

Ошондой айбанаттын жүрүм-туруму ж-дөгү жомокторду билип алуу да кызык. Эмесе кээ бир айбанаттар тууралуу илгерки жомоктордон, азыр унут болуп бараткан айыңдардан ж-а бизди таңырката турган чындыктардан бир аз кабар берели.

### Аңырдын этин эмне үчүн кыргыз жебей калган

Аңыр (о́гарь, 'ата́йка) — ири жапайы өрдөктөрдүн бир түрү. Тоолуу көлдөрдүн жээктериндеги үңкүрлөргө, ири айбандардын ийиндерине жазында келип уялайт. Кышкысын жылуу жактарда кыштайт. Уламыш б-ча илгери аңыр бир байдын келини экен. Салтты сактабай кайыната, кайынэне, кайнагаларынан иймен-бей, эрте туруп түндүк тартпай, олдоксон, жосунсуз жорук баштаптыр. Улуулардын айтканына көнбөй, жүрүм-турумун оңдобой койгонуна капа болгон кайынатасы: «өлбө, бирок үй бетин көрбө, өрдөк болуп өмүрүң өтсүн көлдө»,— деп тескери бата бериптир, ошол себептен келин аңыр болуп калган имиш. Ошондуктан кыргыздар аңырдын этин арам дешет.

### Көк жорунун жумурткасынан кандай балапан чыгат

Көк жору, балта жутар, (борода́ч, ягня́тник) — тазгаралар тукумчасындагы ири куштардын бир түрү. Негизинен тарп м-н азыктанат. Бийик тоолордо жашайт. Зоо үңкүрүнө, аска кычыгына уя салат. Март, апрелде эки жумуртка тууйт, эки ай басат, бирок, бирөөнөн гана балапан чыгат. Эгер жорунун балапанын жумурткадан чегилген күнү киши таап алып бакса дүнүйөдө өтө кыраан куш — буудайык, экинчи күнү балапан күчүк болуп кубулуп турганда таап бакса жан кутказбас тайган — кумайык, ал эми үч күн өткөндөн кийин тирүүгө алы жетпеген, тарп жанынан кетпеген — жору чыгат имиш. Буга балким, жорунун жаш балапаны күчүкчө кыңшылап үн чыгаргандыгы же уясын киши оңой таба албагандыгы себеп болгондур.

### Ителгинин баатырдыгы жөнүндө

Ителги (бало́бан) — шумкарлар тукумундагы ири кыраан куштардын бири. Көбүнчө тоолордун аскалуу жарларына уялайт. Оңой тапка кирет. Бүркүткө да кол салуудан тайманбайт. Көзүнүн астынан мойнун карай салаалап кара так түшөт.

Илгери-илгери Дөөтү (Дауд) пайгамбардын тушунда ителгинин кыраандыгы эл оозунда макталып, өзү көзүнө көрүнгөн илбээсинди жара, бөлө тээп жүрүп, тегирмендин үстүнөн учуп баратып чимирилип турган ташты көрүп, кайкып келип обочороок жерге конуп, бул мен көрбөгөн кандай жандык болду экен

дегенсип бир аз таңыркап карап калат. Аңгыча кишинин караааны көрүнөт. Зып этип учуп келип, чимирилип жаткан неменин чоожайын сурайт. Анда киши (ал Дөөтү пайгамбардын өзү экен) ителгиге: «бул мен жараткан таш, сенден алда нечен балбан» десе, ителги арданып, пайгамбар м-н мелдеше кетет да, асманга атылып чыгып, кайра тик сайылып кудум замбиректин огундай зымырап келип тепкенде, тегирмендин ташы эки бөлүнүп кеткенин өз көзү м-н көрөт. Санаасы тынып, күүлөнгөнүн басаңдатуу үчүн кайкып учуп бир айланып кайра келсе, таш мурдакысынча эле чимирилип жатат. Намысын колуна ала албай калганына ызаланып ыйлап жибергенде көздөрүнөн чубурган жаштын тагы жууса да кетпей укум-тукумуна өткөн имиш. Көрсө, ителги кайра кайрылып келгиче Дөөтү пайгамбар ташты данакерлеп, тегирменди кайра жүргүзүп жиберген деген айың бар. Бул айыңда бир чети ителгинин кайраты, экинчи чети кишинин усталыгы даңазаланган.

**Кокуй өрдөктүн аты кайдан**

Кокуй өрдөк (гага́ра) — кокуй өрдөктөр түркүмүндөгү жалгыз тукумдун өкүлү. Кара төш кокуй өрдөк (чернозобая гагара) Ысык-Көлгө да келип калат. Жети-Өгүз районунун Ак-Дөбө айлынын түндүк тарабындагы бир чакан көлгө көбүрөөк келип кыштап жүргөндүгүнөн улам, ал көл Кокуй-Көл деп аталып кеткен.

Илгери-илгери бир жоокерчилик, жокчулук заманда бир жесир кемпир жоодон өлгөн жалгыз уулунан, жоо олжолоп кеткен келининен калган жалгыз небереси Токтобек м-н жан айласы үчүн көл жээгиндеги камыштын арасына чөп алачык жасап, көлдөн балык, жээктеринен илбээсиндерди кармап, эптеп күнүн өткөрүп жүргөн экен. «Балам көлгө түшпө, чөгүп өлөсүң» деп кемпир какшап эскертсе да болбой, бала эмеспи, бир күнү күндүн ысыгына чыдабай, чоң энеси жокто Токтобек көлгө түшөт, чабак билбеген неме терең көлгө чөгүп кетет. Кемпир алачыгына келсе небереси жок. Көлдү он айланып, Токтобек, кокуйлап таппай, акыры көлгө түшкөнүнө көзү жетип, кемпир өзү да көлгө түшүп небересин суунун түбүнөн издеп жүрүп, кудайдын буйругу м-н өрдөккө айланып калган имиш.

Бул айыңдын чыгышына өрдөктүн кайырмасы (эркеги) үйүргө кошулар мезгилде, жаны тынбай «Тот-то-гек-го-гуй» деген үнгө окшогон табыш чыгарып, сонолорун үйүрүп, күпүлдөгөнү себеп болгондур.

**Тарпчылдардын тартиби**

Биздин жерибиздеги тарпчыл куштарга: балта жутар (көк жору), тазгара, ак кажыр, кузгун, журтчу кирет, а буларга жуундукор болгондор: карга, сагызган ж. б. кээ бир майда чымчыктар.

Айбандын өлүгүн зоодон учуп, асманда каалгып жүргөн кузгун, жору же тазгара биринчи көрөт. Булардын көзү абдан курч, 150—200 *км* жердеги кийиктин, малдын өлүгүн байкай алат. Өлүктүн үстүнөн чалгынчы жору бир — эки айлангандан кийин, зоодо тизилип олтурган калгандары учуп келип, бийиктен

улам ылдыйлап айланып, айбандын чын өлгөнүн аныктагандан кийин, канаттарын куушуруп, кудуп келип өлүктүн жанына конушат. Кокус өлүк чоң айбандыкы болсо анын жанына биринчи кузгун, тазгара же ак кажыр консо да, көк жору келмейинче өлүккө даашпайт. Өлүктү биринчи болуп тумшугунун учу өтө илмек, жаактарынын кыры канжардын мизиндей курч жору чокуп, эки көзүн жегенден кийин, терисин тилип, тарамыштуу булчуңдарын, кемирчек, каргыштарын, майда сөөктөрүн карсылдатып жеп кирет. Ичин жарып, ич эттерин (ичеги-карын, өпкө, боорун, жүрөгүн) тазгара м-н ак кажыр жешет. Аңгыча кузгун м-н журтчулар да келип «устукан» мүлжүгөнгө катышат. Кузгун катып калган терини, муундарды каптаган чарымдарды, каргыштарды сөөктөрдөн сыйрып тазалап жегенге уста. Журтчу болсо «аксакалдардан» арткан «устукандар» м-н тоюнат. Тарптын кан-жини, башка калдыктары карга, сагызгандарга аш болот. Ошентип, булар 50—100дөйү чогулса да, талашып тартышпай, мурда келип тоюнгандары кийинкилерине жол берип, чоң төөнүн өлүгүн деле эт бышымга калтырбай терисинен өөдө жеп, тарпчыл жырткыч айбандарга жарытылуу эч нерсе калтырбайт. Эгерде өлүктү мурда карышкыр, көкжал, чөө, ит окшогон ири жырткычтар ээлеп калса, анда тарп алардыкы. Алар тоюп, чыга бергенден кийин гана тигилер киришет. Ошондо да кезектерин бузбай, катуу тартип боюнча «ишке» киришет.

### Кузгундун күндөлүк чабыты

Кузгун (во́рон) — каргалар тукумундагы эң ири куш. Кыргызстандын бардык аймагында кезигет. Ылгабай, же көбүнчө тарп м-н азыктанат. Жубайлашып жашайт. Бийик даракка уя салат. Кар кете электе эле тууй баштайт. Көзү курч, ак чели кызыл. Канаттарын ылдам каккылап «шу-шу» табыш, куркулдаган үн чыгарып абдан бийиктикте тез учат. Ой-тоону чабыттап, тарпчыл жырткыч куштардын чалгынчылык милдетин аткарат. Жем издеп түнөгүнөн көп алыска барып кайтат. Ал 50—70 жылга чейин жашайт.

Болгон бир окуя кузгундун күн сайын канча алыстыкка бараарын ойлонтот...

20-к-дын башында Боом капчыгайынын Байлам-Тал деген жеринде бир кишинин кыштоосу болуптур. Кыштоого жакын жапан талдардын бир бай терегинде бир жубай кузгундун уясы бар экен. Кузгундар кыштоодогу кишилерге, алардын ит, малына үйүр болуп, а беркилер кузгундарды этибар албай кыйла жылы кошуна жашаптыр. Кузгундар күнүгө таң эрте түнөгүн таштап, күн бата кайтып, уясына түнөп жүргөнү, кыштоодогуларга көндүм болгон экен.

Боз кыроолуу күндөрдүн биринде күн кылкылдап батып бараткан күндөгү убагында, бир эле кузгун кайтыптыр. Чай кайнам убакыт өткөндөн кийин, каш карарып калган кезде, экинчи кузгун келип араң конуптур. Айыл ээси муну байкап калып, эртең м-н билгени теректин түбүнө келсе, кузгун жерде өлүп жатат. Жакындап келсе далысына кадалган жебенин сабы сороёт. Экинчиси учуп кетиптир. Таңыркап жебени алып келип үйүнүн жабыгына сайып коёт.

Кыш түшөт. Кыш бою жалгыз кузгун түнөгүнө түнөп жүрүп,

жазга жуук ал да жоголот. Ошону м-н кузгундар окуясы эстен чыгат, жалгыз гана жебе «эстелик» болуп алат. Арадан далай жыл өтөт.

Бир күнү баягы кишиникине бейтааныш эки жолоочу келип конуп калат. Ал-жайды сурашып, чайга кирген маалда жанатан бери жабыктан эки көзүн айырбаган коноктун бирөө, капыстан жебенин жайын сурап калат. Үй ээси билгенин айтып бергенден кийин конок бул менин жебем, бир күнү Кашкардын тоосунун төшүндө кийик уулап жүрүп, бешим ченде эшектин өлүгүн жеп жаткан жору, кузгундарды топко байлап атсам бир кузгунга тийип, уча качып кетти эле. Тобо, бул куш жараатка чыдамкай, чабыты алыс болот экен го деп таң калыптыр.

Эгер ушул чын болсо, кузгун жем издеп 300—400 *км* алыска, ж-а саатына 100 *км*ден ашык учат экен.

### Чабалекей эмне үчүн уясын үйгө курат

Чабалекей (ла́сточка) — барыга таанымал, кишиге үйүр чымчык. Жылыга жазында (апрель, май) келип, 2 түрү (кыштак чабалекейи ж-а шаар чабалекейи) кишинин турак жайына баткактан уя салат.

Илгери-илгери Жер жүзүн топон суу каптап, материктердин барысы суу алдында калып, андагы айбанаттын барысы сууга чөгүп кырылып бараткканда, Нух пайгамбар кеме жасап, айбанаттын ар бир түрүнөн бир жубайдан кемеге салып, болочокко тукум таратыш үчүн аман алып калып калкып жүрөт. Күндөрдүн биринде көнгөн жаман адатын баштап чычкан кемени кемирип, тешип коёт. Тешиктен суу оргуштап кирип, кеме чөгө турган болгондо, Нух пайгамбар жыртыкты бүтөө кимдин колунан келет деп бүт айбанатка кайрылат. Ошондо жылан сойлоп барып тешикке куйругун тыгып, үстүнө токоч болуп ийрилип, кемени чөктүрбөй калат. Кийин, топонсуу тарап, материктер суудан көтөрүлүп, кайрадан калыбына келе баштаганда, бүткүл айбанат Нух пайгамбарга ыраазычылыгын айтып жай-жайына тарашат. Жылан ары имерилип, бери имерилип кетпей коёт. Ошондо пайгамбардын эсине жыландын кылган жакшылыгы түшүп, ага ыракмат айтып каалаганыңды сура дейт. Анда жылан, дүнүйөдө эмне таттуу болсо ошону жейт элем дейт. Нух пайгамбар убадасынан жана албай макулдугун берип далайдын канын соруп жүрөсүң, эмне таттуу экенин сен билип кел деп көгөөндү жети күнгө чалгынга жиберет. Көгөөн материктерге жаңыдан жайгашкан айбандарды чагып, канын соруп, даамын татып, тапшырманы аткарып келатканда жолунан чабалекей чыгып, эмне таттуу экен деп сураса, кишинин канынан таттуу эч нерсени кезиктире албадым деген экен. Аны уккан чабалекей ичинен абдан кейип, кана алып келатасыңбы, көрсөтчү мага дейт. Көгөн камаарабай тилин сунат. Чабалекей көгөндүн тилин сууруп, жутуп жиберет да уча качат. Көгөөн Нух пайгамбарга учуп келип, канатын дирилдетип, ойкуп-кайкып учат да дуу-дуудан башка эч нерсе айта албай коёт. Окуя эмне м-н бүтөрүн билгиси келген чабалекей да тигинин сөзүн укмакка жакыныраак конуптур. Көгөөн сөз айта албай калганын көрүп, чабалекей өз ишине ыраазы болуп турганда жылан, бул кылык кимдин колунан келгенин шекшип, окторулуп барып чабалекейди «ап» дээринде уча берип, жылан-

дын оозуна куйругу эле кабылат. Жылан аткый тиштегенде чабалекейдин куйругунун ортосу жулунган бойдон оозунда калыптыр.

Ошондон бери жылан чабалекейдин тукумун бүт кырам деп, уясын издейт имиш... Чабалекей тукумун сакташ үчүн кишиге калкалап, а киши жыланды көргөн жеринде өлтүрүп калган имиш.

Чындыгында чабалекей жемин да, суусунун да учуп жүрүп ала тургандыктан, ага абдан шамдагайлык, ылдам буйтап учуу зарыл. Абада ушундай тез манёвр жасап учуш үчүн куйрук ача болушу зарыл.

**Эр сынаар деген ат кайдан**

Эр сынаар (конёк) — жылкычы чымчыктар тукумундагы чымчык. Кыргызстанда 2 түрү: шалба эр сынаары, талаа эр сынаары жашайт. Бул чымчык адырлуу боздоңдордо кезигет. Жолду бойлоп, экиден-үчтөн болуп, атчан же жөө кишилерди ээрчип, алардын төбөсүнөн жапыз учуп алдына конуп, киши жакындаган сайын оң, сол жагына чыгып, уча качып жүрө берет. Алыска учуп кетерде, жерден көтөрүлгөндөн кийин «Чвы-ы, чвы-ы чыйт-чыйт-чыйт» деп кишинин төбөсүнөн өтөт. Чымчыктын ушундай жүрүм-турумунан эл бул сынчы чымчык экен, эр сынаар кучкачмын, эр сынабай учпасмын деп сайрады деген айың таратышкан. Чындыгында бул чымчык жем издеп убара болбостон кишинин, малдын табыштарынан чочуп, уча качкан чымын-чиркейлерди оңой кармап жештин амалын тапкандыгы.

**Пил эмнеден коркот**

Пил (слон) — дүйнөдөгү желиндүү айбандардын эң ириси. Буга арстан, жолборс, ж. б. жырткычтар батынып кол сала албайт. Керик (носорог) м-н беттешкенде да аны качырат. Кыскасы эч бир жырткычтан коркпогон айбан. Бул дөө айбандын эркиндикте жалгыз корккону — чычкан. Киши күлө турган жорук болсо да чындык. Көрсө, чычкан пилдин кулагына кирип алып, пилдин кытыгысын келтирип моңкүтүп, кулагын чурулдатып, терисин тиштегилеп тешип акыры өлүмгө дуушар кылат экен. Ошондуктан, чычкандын чыйылдаган үнүн укса пил качат, ийнин көрсө таманы м-н басып, тебелеп туруп алат.

Пилдин ушундай жоругунан пил баккан калк пилди аркан, чынжыр м-н байлабастан жерге казык кагып, аны сууруп туруп тешикти пилге көрсөтүп койсо, таманы м-н лып басып, ээси келип ээрчитип кетмейинче тура берет.

**Сайгак, ылаа, бөгөнөк жөнүндө айың**

Сайгак (бычи́й о́вод, подко́жный о́вод) уйлардын, ылаа (лошади́ный о́вод, желу́дочный о́вод) жылкынын, бөгөнөк (ове́чий о́вод, по́лостный о́вод) койдун, төөнүн тынчын алган канаттуу каскактар. Сайгактын окурасы уйдун терисинин алдында чоңоюп, аны тешип жерге түшкөндөн бир аз күндөн кийин чоң сайгакка айланып учуп чыгат. Ылаанын кызыл курту жылкынын таз

карынында чоңоюп, ичегиден өтүп арткы тешиктен чыгып, бир аз күндөн кийин бул да чоң ылаага айланат. Бөгөнөктүн окурасы — курту каңылжаарда чоңоюп, кээде мээге да жөргөлөп кирет. Жетилгенден кийин чүчкүрүк, бышкырык м-н сыртка чыгып, жерде канаттуу каскак — бөгөнөккө айланат. Төөнүн бөгөнөгү да койдукундай чоңоёт. Булар малды чакпайт, бирок кытыгысын келтирип абдан убара кылат. Булардын табышын укканда уй сайгактайт, туш келди жакка качат. Жылкы ылаалайт, тумшугун ала качып, башын өөдө-төмөн ийкейт, чыдабай баратканда катуу бышкырып, тумшугун жерге сүрткүлөйт. Койлор тегеректеп топтошо калып, башын жерге салып, биринин тумшугун бирине тийгизип, бөгөнөктөн коргонуу айласын кылат. Төөлөр бышкырып башын чулгутуп чайкап, алдыңкы таманы м-н жерди ургулап айбаттанат.

Малдын ушундай реакцияларына байланыштуу кыргызда бир айың туулган.

Илгери-илгери сайгак, ылаа, бөгөнөктөрдүн түпкү ата бабасы аянычтуу бирдемесин малга карыз бериптир. Мал убагында карызын кайтара албай калган экен. Баба сайгак өлүп баратып балдарына керээз айтып, карызды өндүрүп алгыла деп табыштап кеткен имиш. Тукумдары карызын доолап уйга барса жеткен жериңден ал деп чычая качып, жылкыга келсе маакул-маакул деп курулай жооп айтып, койго келсе кеңешип көрөлүчү деп баштарын катып, төөгө келсе билбейм, бергениңден ал! Эр болсоң жакын келчи! деп ушул убакка чейин карыздарын төлөбөй, жылыга азап чегип, абугер болот имиш.

**Жыланда кулак жок**

Татаал түзүлүштүү омурткалуу айбандардын уктургуч органы демейде үч бөлүктөн: сырткы, ортоңку ж-а ички кулактан турат. Жыландын сырткы уктургуч тешиги (кулак тешиги) болбойт, ортоңкусу деле жөнөкөй түзүлүштө. Түзүгүрөөк өөрчүгөнү — ички кулагы. Ушул себептен жылан, аба аркылуу тараган табышты (үндү, жаңырыкты, кыйкырыкты, музыканы) такыр эле укпайт деп айтууга болот. Бирок жердин кыртышы, жыгачтын сөңгөгү ж. у. с. катуу нерселер аркылуу таркоочу толкундарды териси аркылуу абдан сергек сезет. Ошондуктан, жаныңа келген жыланга үнүңдү канча бийик чыгарып «кет!» десең да камаарабай тура берет, бирок колуңа кичине эле чыбык алып жерди чапсаң, жалт берип сойлоп качат. Жер титирээрден мурда жылан ийинден чыгат деген айың да ушундан улам болсо керек. Себеби жер титирээрден бир нече саат мурда анда электр-магнит толкундары жаралып, кыртышка таркап тураарын илим далилдегени белгилүү эмеспи.

**Каскактардын даам ж-а жыт сезими**

Каскактардын (курт-кумурскалардын) даам ж-а жыт сезимдери абдан өөрчүгөн. Кишиникинен 10—100 эсе күчтүү. Сездиргич органдарды денесинин сыртында көп жерге орношкон, бирок көпчүлүгү мурутчаларынан ж-а тинтүүрлөрүнөн орун алган. Каскактар таттуу, ачуу, туздуу ж-а кычкыл даамдарды жакшы ажырата алат. Мис., чымындар, кээ бир көпөлөктөр сууга эритил-

ген канттын концентрациясы киши сезгенден 2000 эсе суюк болсо да «билип» коюшат. Алардын даам сездиргич рецепторлору (нерв учтары) тумшугунда гана эмес, алдыңкы буттарында да бар. Алдыңкы бутун малып көрүп эле заттын даамы кандай экенин ажырата таанышат.

Абага тараган жытты да бизге караганда 40 эсе сезимдүүрөөк баамдашат ж-а кыйла алыс аралыктан сезишет. Маселен, жубайсыз жибек көпөлөктүн эркеги ургаачысын 3,8 *км*, көхар темгил калдыркандын ургаачысы эркегин 11 *км* алыстыктан жытынан сезет.

Каскактар жемдерин да жытынан билип таап келишет. Ошондуктан айбандын жаңы эле таштаган тезегине заматта эле чымындар, коңуздар үйүлүп калат. Этке туучу чымындар да эттин жытын алыстан сезип учуп келишет.

### Куштун «тиши» бөтөгөсүндө

Куштардын тумшугу мүйүздөй катуу чор затынан турат. Тумшуктун кебетеси демейде жечү жемине ылайык түзүлгөн. Мис., дан жечү куштардын тумшугу чулу, кыска, кырдуу; саздан, кумдун, таштардын арасынан каскак издеп жечүлөрдүкү (чулдуктар, куназдар, илек-илектер ж. у. с.) — узун, ичке; суудан, баткактан жем чыпкалап жечүлөрдүкү (өрдөктөр, каздар, куулар ж. у. с.) — жалпак ж-а учтары жазы; айбандар, жандыктар м-н тамактануучу алгыр куштардыкы (бүркүттөр, ителгилер, карчыга куштар, үкүлөр) — чулу, кырдуу кыска ж-а үстүңкү тумшугунун учу тикендей учтуу, төмөн карай ийилген. Жаак жак кырлары бычактын мизиндей курч, идиреги жок. Куштардын тумшугу чоң, катуу жемдерди жара бөлгөнгө гана багышталган, чайнай турган тиштери жок. Оозуна баткыдай болуп майдаланган жем кызыл өңгөч аркылуу жемсөөгө барып такалат. Жемсөө моюндун түбүнө, акыректен жогору, кызыл өңгөчтүн ич көңдөйүнө кире берээр жерине жайгашкан. Жем жемсөөгө толгондо, куш тойгонун сезет. Бул жерде жем жемсөөнүн бездери чыгарган зилдин жардамы м-н көөп, жумшарып, биринчи химиялык алакеттен өтүп, ич көңдөйүндөгү бездүү карынга барат. Мында жем тамак эритүүнүн негизги процессине кабылат. Жандыктар м-н тамактануучу куштардын көпчүлүгүнүн бездүү карынында айбандын сөөгү, жүнү, балыктын түрпү, какачы да жумшарып эрийт. Бирок кээ бир алгыр куштардыкында Үкүлөр, борбаштар ж. б.) эрибейт. Катуу калдыктар тоголоктошуп, коргоолго окшогон тоголок катуу нерсеге айланат. Бул бездүү карындан кайра жемсөөгө, андан кызыл өңгөчкө, анан оозго өтүп, кусунду катары сыртка чыгарылат. Муну кыргыз коё дейт.

Эриген ж-а чала эриген тамак заттары жинге айланып бездүү булчуңдуу карынга — бөтөгөгө барат. Бул жерде жиндин суюк заттары токтолбой айланчык ичегиге түшөт, ал эми катуу калдыктары накта «чайналуудан» өтөт. Бөтөгөнүн ичинде жинди майдалоочу кум, майда таштар ж-а башка катуу нерселер дайыма болот, булар азайганда куш кайрадан ордун толтуруп турат. Ушулардын жардамы м-н жин жаргылчакка тартылган талкандай майдаланат. Ошондон улам «куштун тиши бөтөгөсүндө» деп айтылат. Дан жечү, чөп жечү куштардын бөтөгөсүнүн булчуңдары абдан чымыр ж-а күчтүү.

### Чээнге кирүүчү айбан эмне даярдык көрөт

Кээ бир айбандар (мис., аюу, кашкулак, суур ж. б.) кышкы сууктан, жемдин каатчылыгынан аман калыш үчүн, кышында чээнге кирип, жаз келгиче уктап же селейип жата берүү касиетине ээ. Бул касиет миңдеген жылдар бою сырткы чөйрөнүн ыңгайсыз шарттары м-н күрөшүп, жан сактоо процессинде жаралган ж-а ай ндын укум-тукумуна гендери аркылуу мурас болуп берилет. Чээн — айбандын көпкө уктап жатчу жайы. Ар кандай айбандын чээни ар түрдүү. Мис., аюу үңкүрдү, чердеги жыгылган дарактардын коңулдарын чээнге ылайыктап, чөп-чардан, жалбырактардан төшөнчү жасап, шамал кирүүчү жагын тосуп жатуучу жайын жасайт. Чогуу жашоочу айбандар мис., суур, тыйын чычкан ж. б. татаал ийин казып, чогулуп жата турган «үй», андан сыртка чыгуучу бир нече жол жасап, оозун топурак, таш м-н бекитет. Чээнге кирээр маалы келгенде ар бир айбан ичегардын (ичеги-карын) тазалоого киришет. Аюулар мис., ич өткөрүүчү чөптөрдү, туздарды атайы издеп, таап жешип, ичин сүрдүргөндөн кийин гана көшүп, чээнге кирет. Суурлар болсо, ийиндеринин оодорун бүтөгөндөн кийин бир нече күнгө чейин «үйүнөн» чыгуучу бир же эки туюк жолдун учуна атайын жасалган «дааратканасына» улам барып ичин бошотмоюнча чээнге жатпайт. Айбандар мындай «чараларды» көрбөсө, ичиндеги жин-жеми микрофлоранын аракеттери м-н ирип-чиригендеги газдар ичти көптүрүп, уулуу заттар кайра канга сиңип уулантып өлтүрүп салышы мүмкүн.

### Кара куу балапанын качан чыгарат

Европа, Азия, Американын парктарында оңой бакмаланып, колдон жем сурап жеп жүргөн кара куунун мекени — Австралия. Түндүк жарым шардын континенттерине кара кууну Австралия «табылгандан» тартып алып келип, бакма кылып байыр алдырганына карабастан, бул ушул күнгө дейре көбөйүү инстинктинде австралиялык сезон мезгилдерин сактап келүүдө. Ошондуктан бул куш мейли Европада, мейли Азияда болсун жалгыз жумурткасын кышында (декабрда, январда) тууп, балапанын басып чыгарат. Австралия үчүн жай айларына туш келет эмеспи.

### Чаян жөнүндө чындык жана айың

Чаян жөргөмүш сымалдуулар классындагы өтө уулуу жандыктардын бири. Ысык жерлерге тараган. Денесинин акыркы сегментинде уу чыгаруучу безн бар. Андан чыккан түтүктүн оозу коёндун тырмагына окшогон учтуу сайгыч органга бекиген. Чаян өзүнүн курмандыктарын ошол сайгычы м-н чагат. Эл арасында байыртан бери: чаян кишиге абдан өч, издей келип, төшөктө жатсаң да чагат, камакта калган чаян өзүн өзү чагып өлтүрөт деген имиштер бар. Чындыгында киши өзү катылбаса, чаян кишиге тийбейт. Кишини көргөндө качат же жашынат. Чаяндын аракети түнүчүндө күчөйт. Каскактарга ж-а башка майда жандыктарга кол салат. Жем издеп жүрүп кишинин жаткан жерине барып калышы мүмкүн. Эгерде чаянды чочутпаса ал камаарабай өз жолу м-н кете берет. Көп учурларда киши уйкуда оодарылып же

чочуп кетип селт эткенде чаян өзү коркуп, коргонуу реакциясы пайда болот да уулуу сайгычын матырып алат. Камакта калган чаян өзүн өзү өлтүрөт деген айың да төмөнкүдөй фактыларга негизделген болуу керек. Чаян коё берилген аянтка тегерете от жакса, ал ары-бери чуркап качууга жол таба албай, бир аздан кийин куйругун соройтуп, учун кыймылдатып селейип катып калат. Чаяндын ушундай аргасыз абалын көргөндөрдөн чыккан болуу керек тигил айың. Селейип, корунуп калуу көп айбандардын, аны м-н катар каскактардын да коргонуу реакциясынын бир түрү. Эгер чаянды андай абалдан куткарса, ал кайра жанданып, жөргөлөп качып жөнөйт. Демек чаян өзүн өзү мертинтпейт.

### Жырткыч айбандар өзүнө кантип корук жасайт

Жырткыч айбандардын көпчүлүгү тиешелүү аймак ээлеп, башка өзүнө окшогон жырткычтарды ал жерге киргизбей, көпкө жашайт. Ал аймактын жеми түгөнгөндө, же кандайдыр бир себептер м-н куулганда гана жер которууга мажбур болушат. Жаңы келгенде адеп ал аймакты ээнби жокпу билиш үчүн чабыттайт, текшерип чыгып, бош экенине көзү жеткенден кийин гана корук жасоого киришет. Корукту тегерете жыт салып белгилешет. Кээ бир айбандар мис., карышкыр (иттер) тукумундагылар караган-буталарга, дарактарга, таштарга ж. б. белгилүү нерселерге сийдигин чырт бүркүп, «менчик тамгасын» басышат. Башка бирөөлөрү, мис., булгундар, атайын бездеринен чыгарылган «жыпар» жыттуу саңырсыган заттарын ар нерселерге сүртүп коругун айланта «чеп» курушат. Андан кийин өздөрү да коругунан сыртка алыс чыкпай, башка жырткычтарды да киргизбей жашай беришет. Кошуна коруктагы айбандар м-н «салт боюнча» ынтымакта жашашат, бири бириникине кирбейт, жыттарынан таанышат. Жаан-чачындын кесепетинен «бузулган» чептерин ирээти м-н жаңыртып турушат.

### Ит эмне үчүн тердебейт

Иттин ж-а ал тукумга кирүүчү жакын туугандарынын (түлкүнүн, карышкырдын) тер бездери, башка желиндүү айбандардыкы сыяктуу бүт терисине эмес, тумшугунун учундагы такырга ж-а буттарынын салааларында гана болот. Бул айбандардын денеси ысыганда (күндүн ысыганда же көпкө чуркаганда), ашык жаралган ысыктыкты сыртка убагында чыгарып турууга аз бездери үлгүрө алышпайт. Денедеги ысыктыкты тейлөө ролун өпкө, ооз, тил аткарат. Ошондуктан абдан ысыкта ж-а булчуңдары катуу иштеген убакта, оозу ачылып, тилинин учунан суу тамчылап, акактап турат.

### Жырткыч айбандар же момун айбандардын кайсынысы өз жакынына өч

Жырткыч деген сөз бүтүндү бүлдүрүү, жандыктарды, айбандарды өлтүрүү, кыруу, ал эми момун деген термин бирөөгө катылбоо, зыян келтирбөө деген түшүнүктү берээри баарыбызга маалым. Айбандар экологиясында, алардын коомчулугу жашоо үчүн жүргүзгөн күрөшүндө бул маселеге илимий түшүнүк берүү

үчүн далилдер керек эле. Табиятта жырткычтар коому деле момун айбандар коомунан кем эмес. Буга эмне себеп? Ушул суроого жооп табуу үчүн бир окумуштуу эколог кызык тажрыйба жасаган. Ал көп клеткадан турган вольер (айбандар үчүн сарай) жасап, ар бир клеткага бир түрдөгү айбандардын эки эркегин киргизген: бирине бактектерди, экинчисине кыргыйларды, үчүнчүсүнө тооктун короздорун, төртүнчүсүнө үкүлөрдү, бешинчисине коёндорду, дагы бирине карышкырларды, андан наркысына кулжаларды, анан жолборсторду, дагынкысына уйдун букаларын, дагы бирөөнө жыландарды, иши кылып бир клеткага жырткычтардын эки эркегин, бирине момун айбандардын эки эркегин орноштуруп, жемдерин астына коюп, бир сутка камаган. Эртеси келип караса — эки бактектин, эки короздун, эки коёндун бирөө өлүп, кулжалар, букалар карсылдашып, тирешип сүзүшүп жатканын, жырткыч айбандардын клеткаларындагылар бири бирине катылбай тынч жатканын көргөн. Бул фактыдан момун айбандардын түр ичинде ээлик болуш үчүн каршылашып, күчкө салып күрөшүүсү күчтүү, ал эми жырткыч айбандарда бири бирине катылуу өтө коркунучтуу, өлүм м-н бүтөөрүн сезгендиктен коргонуу, сактануу реакциясы үстөмдүк кылат деген корутунду чыккан. Ошентип, табиятта эркин жашаган айбандардын коомдорунун өз ара мамилесинин бир сыры ачылган.

**Айбанаттардын аттары м-н аталган айлар ж-а алардын мааниси**

Кыргызда бир жылдагы он эки айдын бешөө айбандардын аттары м-н аталган, алар: жалган куран (март), чын куран (апрель), бугу (май), кулжа (июнь), теке (июль). Эмне үчүн минтип аталып калган? Мунун себеби бар. Чыгыш элдеринин көпчүлүгүнүн календары б-ча түндөн күн узара баштаган айды жылдын башы деп эсептешет. Демек жалган куран (март) жылдын башы. Ал эми куран деп кыргыз эликтин эркегин айтат. Анын мүйүзү кышында түшкөндө токол болуп, алыстан телкиден (ургаачысынан) айрылып таанылбайт. Ала шалбыртта, көк жаңыдан чыккан маалда курандын мүйүзү кылтыйып жаңыдан өсө баштайт. Ошондуктан алыстан куран экени, же телки экени жакшы байкалбайт. Апрелде мүйүзү сороюп кыйла өсөт, аны алыстан эле тааныйт. Ошондуктан муну чын куран дейт. Ал эми бугу, кулжа, теке деген айларда айбандардын эркектери ургаачысынан бөлүнүшүп, өздөрүнчө үйүр курашат (майда бугулар, июнда кулжалар, июлда тоо текелер).

**Жыл аттары**

Кыргыздын байыркы календарында он эки жылда климат, аба ырайы бир кайталанып турат деген түшүнүк болгон. Мунун ар бирине айбандын аты коюлган. Бул жөнүндө мындай айың бар. Кудай жер-сууну, өсүмдүктөрдү, абаны, айбандарды жараткандан кийин, ар бир түр айбан жакшы жашоо үчүн он эки жыл берет экен, ал чыгыштан күндүн нуру м-н кошо келет экен, аны ким биринчи көрсө ошол жылдын башы болот экен деген кабар угулат да бүткүл айбанатка дүрбөлөң түшөт. Ар бири биринчи болуп көргүсү келет. Ошентип баарысы түн ортосунан тартып таңды күтүшүп, моюндарын созуп чыгышты тиктешет. Биринчи

байге меники эмей кимдики болмок эле деп төө камаарабай тура берет. Бир оокумда таң сөөк салып калганда: мен көрдүм деп чыйылдаган үн угулат, бардык айбандар жалт караса төөнүн төбөсүнө чыгып алып чычкан кыйкырып атыптыр. Ошондо төө таарынган бойдон тескери карай кетип жылдан куру калган экен. Ошентип жыл башы чычкан болуп калыптыр, андан кийинки байгелерди куйрук улап тизилген уй, илбирс (барс), коён, улуу (ажыдаар), жылан, жылкы, кой, мечин (маймыл), тоок, ит, эң акыркысын доңуз алыптыр. Аты аталган айбандардын ар биринин жылы келгенде, ошол айбандын төлү көп, чыгымы аз, жеми мол болот деген кеп бар. Бирок бул жөнүндө атайын илимий изилдөөлөр жок.

## Терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү

### А

| | |
|---|---|
| Авдотки | Жылкычы чулдуктар 61 |
| Австралопитек | Австралопитек 5 |
| Автогамия | Автогамия 6 |
| Автотомия | Автотомия 6 |
| Автотрофные организмы | Автотрофтуу организмдер 6 |
| Автохтоны | Автохтондор 6 |
| Ага | Ага 6 |
| Агамы | Агамалар 6 |
| Агамогония | Агамогония 6 |
| Адаптация | Ыңгайлануу 221 |
| Азотобактер | Азотобактер 6 |
| Аисты, аистовые | Куназдар 102 |
| Аистообразные, голенастые | Куназ сымалдар 102 |
| Аквариум | Аквариум 8 |
| Акклиматизация | Байырлануу, акклиматташуу 20 |
| Актинии | Актиниялар 9 |
| Акулы | Акулалар 9 |
| Алакурт | Ала курт 10 |
| Аллигаторы | Аллигаторлор 11 |
| Аллохтоны | Аллохтондор 12 |
| Альбатросы | Альбатростор 12 |
| Амазонские попугаи, амазоны | Амазонка тотулары, амазоналар 12 |
| Амёбы | Амёбалар 13 |
| Амуры | Амурлар 13 |
| Амфисбены, двуходки | Эки аяктуулар, амфисбеналар 222 |
| Анадромные миграции | Балыктын анадромдук өрдөшү 23 |
| Анаконды | Анакондалар 13 |
| Анамнии | Анамниялар 133 |
| Анатомия | Анатомия 13 |
| Анаэробы | Анаэробдор 13 |
| Андрогенез | Андрогенез 13 |
| Анкилостоматиды | Анкилостоматиддер 14 |
| Антилопы | Антилопалар 14 |
| Антилопы винторогие | Бурама мүйүз антилопалар 30 |
| Анчоусы | Анчоустар 14 |
| Аполлон | Аполлон 14 |

| | |
|---|---|
| Апомиксис | Апомиксис 14 |
| Аппендикулярии | Аппендикуляриялар 14 |
| Аравановые | Сөөк тилдүүлөр 163 |
| Аравонообразные | Сөөк тил сымалдар 163 |
| Аранеология | Аранеология 15 |
| Аргали | Аргали 15 |
| Аргонавты | Аргонавттар 15 |
| Ареал | Ареал 15 |
| Ароморфоз | Ароморфоз 15 |
| Архар | Аркар, кулжа 15 |
| Археоптерикс | Археоптерикс 16 |
| Архозавры | Архозаврлар 16 |
| Ары | Ааралар 5 |
| Аспидогастреи | Аспидогастреялар 16 |
| Астерозои | Астерозоалар 16 |
| Асцидии | Асцидиялар 16 |
| Атавизм | Атавизм 16 |
| Атеринообразные | Атерина сымалдар 16 |
| Аулоповые | Аулоп сымалдар 17 |
| Аурелии | Аурелиялар 17 |
| Афагия | Афагия 17 |
| Афании | Афаниялар 17 |
| Афелинусы | Афелинустар 17 |
| Афидииды | Афидииддер 17 |
| Афионовые | Афион сымалдар 17 |
| Афиосемионы | Афиосемиондор 17 |
| Афредодеровые | Афредодер сымалдар 17 |
| Ахатиниды | Ахатина сымалдар 17 |

**Б**

| | |
|---|---|
| Бабирусса | Бабирусса 19 |
| Бабочки высшие равнокрылые | Айырмасыз канат жеткилең көпөлөктөр 7 |
| Бабочки низшие равнокрылые | Айырмасыз канат жетилбеген көпөлөктөр 7 |
| Бабочки разнокрылые | Айырмалуу канат көпөлөктөр 7 |
| Багриевые | Тоо жаяндары 184 |
| Бадисовые | Бадис сымалдар 20 |
| Бадяги | Бадягалар 20 |
| Базилихты | Базилихттер 20 |
| Бакланы, баклановые | Кара каздар 76 |
| Бактериология | Бактериология 21 |
| Балобан | Ителги 67 |
| Бананоеды, тураковые | Бананчылар, туракалар 23 |
| Бантенг | Бантенг 23 |
| Барибал | Кара аюу, барибал 76 |
| Барсук | Кашкулак 81 |
| Барсук свиной | Доңуз сымал кашкулак 45 |
| Барсучёнок | Борколдой 27 |
| Батрахозавры, лягушкоящеры | Батрахозаврлар 24 |
| Батрохология | Батрохология 24 |
| Бегемоты | Бегемоттор 25 |

| | |
|---|---|
| Бегинки зобатые | Салык жемсөө чымылдактар 155 |
| Бегунковые, бегунки | Чымылдак сымалдар 215 |
| Бегуны | Күлүктөр 105 |
| Беззубки | Тишсиздер 182 |
| Безчелюстные | Жааксыздар 48 |
| Безчерепные | Баш сөөксүздөр 24 |
| Бекасик | Дон чабагы 45 |
| Бекасницы | Чулдук чымындар 213 |
| Бекасы | Эчки маарактары 226 |
| Бекасы морские | Деңиз маарактары 43 |
| Белая куропатка | Ак чил 9 |
| Беличьи | Тыйын сымалдар 193 |
| Белки | Тыйын чычкандар 193 |
| Белогрудый медведь | Ак төш аюу 9 |
| Белокровные рыбы | Сөл балыктар 163 |
| Белорыбица | Ак балык 8 |
| Белуги | Кертмелер 84 |
| Белуха | Түндүк дельфини 191 |
| Бельдюги | Бельдюгалар 26 |
| Белый амур | Ак амур 7 |
| Белый гусь | Ак каз 8 |
| Белый медведь | Ак аюу 7 |
| Береговушки | Жээкчилдер 63 |
| Берш | Берш 26 |
| Бескилевые птицы | Жалпак төштүү куштар 51 |
| Беспозвоночные | Омурткасыздар 140 |
| Бесполое размножение | Жыныссыз тукумдоо, жыныссыз көбөйүү 62 |
| Бессяжковые | Мурутсуздар 132 |
| Бесхвостые амфибии | Куйруксуз амфибиялар 99 |
| Биоакустика | Биоакустика 26 |
| Биогенетический закон | Биогенездик закон 26 |
| Бизон | Бизон 26 |
| Блестянки | Жалтылдактар 51 |
| Блохи | Бүргөлөр 31 |
| Бобровая блоха | Куну бүргөсү 102 |
| Бобровые | Кунулар 102 |
| Богомоловые | Батачылар 24 |
| Божьи коровки, кокцинеллиды | Өдөкөчтөр 142 |
| Бойги | Бойгалар 27 |
| Боковая пластинка | Каптал эбелектери 76 |
| Боконервные | Каптал нервдүүлөр 75 |
| Бокоплавы | Капталдап сүзгүчтөр 75 |
| Болотная сова | Жапалак үкү 53 |
| Болотнокрысиные | Саз келес сымалдар 153 |
| Большеголовки | Чоң баштар 209 |
| Большеногие куры, сорные куры | Бырындычыл тооктор 32 |
| Большероты | Чоң кулкундуулар 210 |
| Бородавочник | Сөөлдүү доңуз 163 |
| Бородавчатка | Сөөлдүү балыктар 163 |
| Бородатковые | Сакалчык сымалдар 154 |

| | |
|---|---|
| Бородач, ягнятник | Көк жору, балта жутар 95 |
| Боярышница | Долоночу көпөлөк 45 |
| Бражники | Күлүк калдыркандар 105 |
| Бракониды | Бракониддер 29 |
| Брахиозавры | Брахиозаврлар 29 |
| Броненосцевые, броненосцы | Чопкутчандар 210 |
| Бронзовки | Коло сымалдар 90 |
| Бронтотерий | Бронтотерий 29 |
| Брюхоногие, гастроподы | Үлүлдөр 197 |
| Брюхоресничные, ресничнобрюхие | Түк курсактар 190 |
| Брюхоротые | Курсак ооздуулар 103 |
| Буйвол | Жаныш 52 |
| Буйвол африканский | Африка чамусу 18 |
| Буйволовые скворцы, волоклюи | Жаныш чыйырчыктары |
| Буревестники, буревестниковые | Бороончулар 28 |
| Буревестникообразные, трубконосые | Бороончу сымалдар 28 |
| Бурозубки | Күрөң тиштер 106 |
| Бурундуки | Ала чычкандар 11 |
| Бутылконосы | Шише мурундар 218 |
| Бушмейстер | Кызыл чеке ажыдаар 108 |
| Быки | Бодолор 27 |
| Быстрянки | Ак чабактар 9 |
| Бычковые, бычки | Букачарлар 29 |


**В**


| | |
|---|---|
| Вакуоли | Вакуолалар 32 |
| Валлаби | Валлаби 32 |
| Вальдшнеп | Токой чулдугу 183 |
| Вальки, коньки | Жумуру балыктар 59 |
| Варановые | Эчки эмээрлер 226 |
| Василиски | Василистер 32 |
| Вдовушки, райские вдовушки | Тулдар, бейиш тулдары 189 |
| Вегетативное размножение | Вегетациялык көбөйүү 33 |
| Веерокрылые | Желпүүр канаттуулар 55 |
| Вееороусые | Желпүүр мурут коңуздар 55 |
| Венечная кость | Бейбелчек 26 |
| Веретеницевые | Чубак кескелдириктер 212 |
| Веретенники | Найза тумшуктар 135 |
| Вертячки | Чимириктер 208 |
| Верхогляд | Чакчарылма 205 |
| Веслоногие | Калак бут рак сымалдар 70 |
| Веслоногие птицы | Калак бут куштар 70 |
| Веслоносовые | Калак тумшуктар 70 |
| Веснянки | Жаз күсөктөр 48 |
| Вечерницы | Күүгүмчүлдөр 107 |
| Вибрисса | Вибрисса 33 |
| Виварий | Виварий 33 |
| Виверровые, виверры | Виверралар 33 |
| Вивипария | Тирүү тууш 182 |
| Викунья | Викунья 33 |

| | |
|---|---|
| Вилорог | Ача мүйүз, ача мүйүз антилопа 18 |
| Винторогий козел, мархур | Бурама мүйүз эчки 30 |
| Вискаша, равнинная вискача | Коён ооз 88 |
| Витютень, лесной голубь, вяхирь | Алагүү 10 |
| Вихляй | Жорго тоодак 57 |
| Власоеды | Кыл жегичтер 109 |
| Воалаво | Воалаво 33 |
| Вобла | Кара көз 77 |
| Водомерки | Суу ченегичтер 169 |
| Водоплавающие птицы | Суучул куштар 169 |
| Водосвинки, капибары | Капибаралар 75 |
| Водорезы | Суу кескичтер 167 |
| Водяные козлы | Суу текелер 168 |
| Водяные оленьки, африканские оленьки | Суучул бугучарлар 169 |
| Водяные скорпионы | Суучул канталалар 169 |
| Воздушные мешки | Аба баштыкчалары 5 |
| Волки | Карышкырлар 79 |
| Волосатики | Кыл курттар 110 |
| Волосатковые, волосатые рогатки | Саксагайлар 154 |
| Волосохвостые | Кылыч балыктар 110 |
| Волчонок | Бөлтүрүк 28 |
| Вольфартова муха | Вольфарт чымыны 33 |
| Вомбаты | Вомбаттар 33 |
| Воробьи | Таранчылар 174 |
| Воробьинообразные | Таранчы сымалдар 44 |
| Воробьиные кричащие, птицы кричащие | Чарылдак таранчы сымалдар 206 |
| Ворон | Кузгун 99 |
| Ворона серая | Ала карга 10 |
| Вороновые, врановые | Карга сымалдар 78 |
| Вороны | Каргалар 78 |
| Ворчуны | Коркулдактар 92 |
| Востробрюшки | Мизкурсактар 125 |
| Восьмизубовые | Сегиз тиштүүлөр 158 |
| Вредная черепашка | Данчы кантала 39 |
| Вторичноротые | Экинчи ооздулар 223 |
| Вши | Биттер 27 |
| Выводковая сумка | Уя баштык 196 |
| Выдроземлеройковые | Кундузчуктар 102 |
| Выдры | Кундуздар 102 |
| Выпи | Көл букалар 97 |
| Выхухоль | Калтар чычкан 72 |
| Вьюновые | Бурмакелер 30 |
| Вьюрковые | Мукур сымалдар 132 |


## Г


| | |
|---|---|
| Габитус | Габитус, келбет, турпат 33 |
| Гавайские цветочницы | Гавайи гүлчөлөрү 33 |
| Гавиаловые | Гавиалдар 34 |

| | |
|---|---|
| Гагарка | Гагарка 34 |
| Гаги | Гагалар 34 |
| Гагра полосатая | Ала кокуй өрдөк 10 |
| Гадюковые, гадюки | Чаар жыландар 203 |
| Газели | Жейрендер 54 |
| Газели настоящие | Накта жейрендер 136 |
| Газель Гранта | Африка жейрени 17 |
| Галаго | Галаго 34 |
| Галаксиевые | Галаксиялар 34 |
| Галлицы | Можучулар 129 |
| Галофилы | Галофилдер 34 |
| Гамадрил | Гамадрил 34 |
| Гаметогамия | Гаметогамия 34 |
| Гаметогенез | Гаметогенез 34 |
| Гаммариды | Гаммариддер 34 |
| Ганоидные рыбы | Ганоиддүү балыктар 34 |
| Гапалемуры | Жоош арбактар 57 |
| Гармолиты | Гармолиталар 34 |
| Гарна | Гарна 34 |
| Гарпии | Буудайыктар 31 |
| Гаршнеп | Гаршнеп 35 |
| Гаструла | Гаструла 35 |
| Гаттерия | Гаттерия 35 |
| Гаур | Гаур 35 |
| Гаял | Гаял 35 |
| Гверецы, толстотелы, колобусы | Кооз маймылдар 91 |
| Гвоздичники | Гариофилдер 34 |
| Гегаркуни | Гегаркуни 35 |
| Гекконовые, цепкопалые | Геккондор 35 |
| Гелиотропизм отрицательный | Терс гелиотропизм 180 |
| Гельминтология | Гельминтология 35 |
| Гемолимфа | Гемолимфа 35 |
| Гемоспоридии, кровяные споровики | Гемоспоридиялар 35 |
| Генеты | Генеталар 35 |
| Гепард | Кара кулак шер 77 |
| Герпетология | Герпетология 35 |
| Геррозавры | Геррозаврлар 36 |
| Гесперорнисы | Гесперорнистер 36 |
| Гетероморфоз | Гетероморфоз 36 |
| Гетероморфные организмы | Гетероморфтуу организмдер 36 |
| Гетеротермные животные | Гетеротермдүү жаныбарлар 36 |
| Гиббоновые, малые человекообразные обезьяны | Гиббон сымалдар 36 |
| Гиббоны | Гиббондор 36 |
| Гибрид | Аргын 15 |
| Гидробиология | Гидробиология 36 |
| Гидробионты | Гидробионттор 36 |
| Гидрозои | Гидрозоалар 36 |
| Гидроидные | Гидра сымалдар 36 |
| Гидромедузы | Гидромедузалар 37 |
| Гидростатический аппарат | Гидростат аппараты 37 |
| Гидротаксис | Гидротаксис 37 |

| | |
|---|---|
| Гидры | Гидралар 36 |
| Гиеновые | Көк жалдар 95 |
| Гильзы | Гильзалар 36 |
| Гладкоголовые | Жылма баштуулар 62 |
| Гладыши | Суу чөлмөктөр 169 |
| Глазные стебельки | Көз боолору 95 |
| Глухари | Керең курлар 83 |
| Гну | Гну 37 |
| Гоацин | Гоацин 37 |
| Гоголи | Дыгдыгыйлар 47 |
| Голиаф | Голиаф 37 |
| Голиафы | Голиафтар 37 |
| Головастики | Көнөкбаштар 97 |
| Головешковые | Чычала сымалдар 215 |
| Головной щит | Баш калканы 24 |
| Головогрудь | Баш-көкүрөк 24 |
| Гологлазы | Жайдак көздөр 49 |
| Голомянковые | Мелтиркөлдүктөр 124 |
| Голотурии, морские огурцы | Голотуриялар, деңиз бадыраңдары 37 |
| Голубеобразные | Көгүчкөн сымалдар 95 |
| Голубиные | Көгүчкөндөр 95 |
| Голубянки | Көгүлжүндөр 95 |
| Гольцы | Сом сымактар 162 |
| Гомойосмотические животные | Гомоёсмостуу айбандар 37 |
| Гомотипия | Гомотипия 37 |
| Гониалозы | Гониалозалар 37 |
| Горал | Горал 37 |
| Горбылевые, горбыли | Бүркүт чабактар 31 |
| Гориллы | Гориллалар 37 |
| Гормоны | Гормондор 38 |
| Горностай | Арыс 16 |
| Горный гусь, индийский гусь | Маңка каз 120 |
| Гоферовые | Гоферлер 38 |
| Грач | Чаркарга 206 |
| Гребешки морские | Деңиз таранчылары 43 |
| Гребневики | Жоноктор 57 |
| Гребнемышиные | Тарак чычкандар 174 |
| Гребнепалые | Тарак буттар 174 |
| Грегарины | Грегариналар 38 |
| Гремучие змеи | Чырылдак жыландар 215 |
| Грена | Грена 38 |
| Грибные комары | Козу карынчы чиркейлер 88 |
| Грибоеды | Жер дүлөйчүлөр 55 |
| Гривистый волк | Жалдуу түлкү 50 |
| Гриф снежний, кумай | Ак кажыр 8 |
| Грызуны | Кемирүүчүлөр 82 |
| Губки | Былпылдактар 32 |
| Губоногие | Эрин буттар 225 |
| Гуппи | Гуппи 38 |
| Гусеница | Эжеке бээ саа 222 |
| Гуси | Каздар 68 |
| Гусеобразные | Каз сымалдар 69 |
| Гюрза, левантская гадюка | Гюрза 38 |

## Д


| | |
|---|---|
| Даватчан | Даватчан 38 |
| Дальневосточный кот | Ыраакы чыгыш мышыгы 221 |
| Даманы | Дамандар 39 |
| Дарвиновы вьюрки, галапагосские вьюрки | Дарвин мукурлары 40 |
| Дафнии | Суу бүргөлөрү, дафниялар 167 |
| Двойная номенклатура, бинарная номенклатура | Кош номенклатура 94 |
| Двоякодышащие | Кош дем алуучулар 93 |
| Двужаберные | Эки бакалоордуулар 223 |
| Двукрылые | Кош канаттуулар 94 |
| Двустворчатые моллюски | Кош капкалуу моллюскалар 94 |
| Двухпарноногие | Кош жуп буттуулар 93 |
| Дельфиновые | Дельфин сымалдар 40 |
| Дельфины | Дельфиндер 40 |
| Дендрогале | Дендрогале 41 |
| Дендрогастер | Дарак курсактар 39 |
| Деомисы | Деомистер 44 |
| Дерманисиды | Дерманисиддер 44 |
| Джакасовые | Жакас сымалдар 49 |
| Дзерены | Чартамак жейрендер 206 |
| Диадемовые | Диадемалар 44 |
| Диапауза | Диапауза 44 |
| Дикая кошка | Жапайы мышык 53 |
| Дикдики | Дикдиктер 44 |
| Дикдики настоящие | Накта дикдиктер 135 |
| Дикообразы | Чүткөрлөр 213 |
| Диморфизм | Диморфизм 44 |
| Динго | Динго 44 |
| Динозавры | Динозаврлар 44 |
| Динозавры птицетазовые | Кушчат динозаврлар 105 |
| Диплодоки | Диплодоктор 45 |
| Дискогнаты | Жалпак жаактар 51 |
| Длинноязыкие | Узун тилдүүлөр 194 |
| Дождевые черви | Сөөлжандар 163 |
| Долгоноски, слоники | Шише тумшуктар 218 |
| Долгопёровидные | Сүйрү канаттар 169 |
| Долгопяты, долгопятовые | Узун согончоктуулар 194 |
| Долготелы, длиннотелы, жуки — долготелы | Субагайлар 166 |
| Долгохвостки | Чубак куйруктар 212 |
| Долгохвостовые, макрурусы | Субагай куйруктуулар 166 |
| Дорабы | Дорабдар 46 |
| Древесинники | Жыгаччылар 59 |
| Древесницевые | Дарак чымчыктары 39 |
| Древесномышиные | Даракчы чычкандар 40 |
| Древесные дикобразы, американские дикобразы | Даракчы чүткөрлөр 40 |
| Древесные удоды | Даракчы үпүптөр 40 |
| Древолазовые | Даракчылар 39 |
| Дремомисы | Дремомистер 46 |

| | |
|---|---|
| Дриопитеки | Дриопитектер 46 |
| Дроздовые | Таркылдак сымалдар 144 |
| Дрозды | Таркылдактар 175 |
| Дрозофилы | Дрозофилалар 46 |
| Дронговые | Ача куйруктуулар 18 |
| Дронтовые | Дронттор 47 |
| Дрофа | Тоодак 184 |
| Дрофиные | Тоодак сымалдар 184 |
| Дубоносы | Балта тумшуктар 22 |
| Дупель | Токой маарагы 184 |
| Дупель средний | Жалган эчки маарак 50 |
| Дупляки | Коңулчу коңуздар 90 |
| Дыбка зеленая, дыбка степная | Айман чегиртке 7 |
| Дюгон | Дюгон 47 |
| Дятловые | Доңкулдактар 45 |
| Дятлообразные, дятлы | Доңкулдак сымалдар 45 |

Е

| | |
|---|---|
| Евдошковые, умбровые | Умбра сымалдар 195 |
| Единороговые | Жалгыз мүйүздүүлөр 50 |
| Ежи-рыбы, двузубые | Кирпи балыктар 86 |
| Ежовые | Кирпилер 86 |
| Ельцы | Чабактар 204 |
| Енотовидная собака, уссурийский енот | Жанат сымал ит 52 |
| Енотовые, еноты | Жанаттар 52 |
| Ехидновые | Ехидна сымалдар 47 |

Ж

| | |
|---|---|
| Жабра | Бакалоор 20 |
| Жабродышащие | Бакалоору м-н дем алуучулар 21 |
| Жаброногие | Бакалоор буттуулар 20 |
| Жабры первичные | Адепки бакалоор 6 |
| Жабы | Курбакалар 103 |
| Жабы-рыбы | Курбака балыктар 103 |
| Жаворонковые | Торгойлор 185 |
| Жалящие перепончатокрылые | Чагуучу жаргак канаттуулар 204 |
| Жвачные | Кепшөөчүлөр 83 |
| Жгутиконосцы, жгутиковые | Чыбырткычандар 214 |
| Железа известковая | Акиташ бези 8 |
| Железы головогрудные | Баш-көкүрөк бездери 24 |
| Желудок мышечный | Бөтөгө 29 |
| Жемчужницы | Берметчендер 26 |
| Жерехи | Кой балыктар 88 |
| Жёсткокрылые | Коңуздар 90 |
| Живоглотовые, хиазмодовые | Сугалактар 166 |
| Живородковые, эмбиотоковые | Тирүү туугучтар 182 |
| Животные | Жаныбарлар, айбандар 52 |
| Жизненный цикл | Жашоо цикли 53 |
| Жужелицы | Дуулдактар 47 |

| | |
|---|---|
| Жужелицы настоящие | Накта дуулдактар 136 |
| Жук-геркулес | Дөө коңуз 46 |
| Жуки-носороги | Керик коңуздар 83 |
| Жуки плотоядные | Этчил коңуздар 225 |
| Жук-олень, рогач | Бугу коңуз 29 |
| Жук-слон | Пил-коңуз 146 |
| Журавлеобразные | Турна сымалдар 189 |
| Журавлиные | Турналар 189 |
| **З** | |
| Завирушковые | Көк шалкылар 96 |
| Загути | Загутилер 63 |
| Зайцегубые | Жырык эриндер 63 |
| Зайцеобразные | Коён сымалдар 88 |
| Зайцы, зайцевые | Коёндор 88 |
| Зайчонок | Бөжөк 28 |
| Замбар | Замбар 63 |
| Заповедник | Корук 92 |
| Зарянки | Таңчылар 173 |
| Зауролоф | Зауролоф 63 |
| Звездорыл, звездонос | Жылдыз тумшук 61 |
| Зверозубые | Айбан тиштүүлөр 6 |
| Зверообразные | Айбан сымалдар 6 |
| Звонари, котинговые | Жылаажынчылар 60 |
| Зебры | Зебралар 63 |
| Зебувидный скот, зебу | Шүдүңгүт, зебу 219 |
| Земноглазковые | Жашыл көз сымалдар 53 |
| Зеленушки | Жашыл чымындар 54 |
| Зеленушки | Жашыл мукурлар 53 |
| Землеколовые | Жер казарлар 56 |
| Землеройки белозубые | Ак тиш жер чукуурлар 9 |
| Землеройковые | Жер чукуурлар 56 |
| Земляной волк | Коңулчу көк жал 91 |
| Земноводные, амфибии | Жерде-сууда жашоочулар, амфибиялар 55 |
| Земноводные безногие | Аяксыз амфибиялар 19 |
| Зерновки | Данчылар 39 |
| Зимняя спячка | Кышкы чээн 112 |
| Златки | Алтынчыктар 12 |
| Златоглазики, пестряки | Сары көнөндөр 156 |
| Златокротовые | Алтын сары көр чычкандар 12 |
| Змееголовые | Жылан баш балыктар 60 |
| Змеешейковые | Жылан моюндар 60 |
| Змееяд | Жыланчы куш 61 |
| Змееящерицы | Жылан кескелдириктер 60 |
| Змеи | Жыландар 60 |
| Зоб птичий | Жемсөө 55 |
| Зообентос | Зообентос 63 |
| Зоогеография | Зоогеография 64 |
| Зооиды | Зооиддер 64 |
| Зоологический парк | Зоологиялык парк, зоопарк 64 |
| Зоология | Зоология 64 |
| Зоомасса | Зоомасса 64 |

| | |
|---|---|
| Зоофаги | Зоофагдар 64 |
| Зооценоз | Зооценоз 64 |
| Зорилла | Зорилла 64 |
| Зубатковые | Азуулуу балыктар 6 |
| Зубоножки | Тиш буттар 182 |
| Зубр | Зубр 64 |
| Зудни | Котур кенелери 93 |
| Зуйки | Мойноктор 129 |
| Зяблик | Калтырак 72 |

**И**

| | |
|---|---|
| Ибисовые | Ибистер 64 |
| Иволговые | Барпылар 23 |
| Иглобрюховые, скалозубовые | Тикен боорлор 180 |
| Иглобрюхообразные, четырех-зубообразные | Тикен боор сымалдар 180 |
| Игловые | Ийне балыктар 65 |
| Игловые, иглы-рыбы | Темене балыктар 178 |
| Иглокожие | Ийне терилүүлөр 65 |
| Иглохвостовые стрижи | Шибеге куйрук карлыгачтар 217 |
| Иглянки, багрянки | Теменелүүлөр 178 |
| Игрунковые обезьяны, когтистые обезьяны | Ойноок маймылдар 139 |
| Игуанодонты | Игуанодонттор 65 |
| Игуаны | Игуаналар 64 |
| Изогамия | Изогамия 65 |
| Изометриды | Изометриддер 65 |
| Ильная рыба | Балчыкчыл балык 22 |
| Имаго | Имаго 66 |
| Иммигранты | Иммиганттар 66 |
| Иммиграция | Иммиграция 66 |
| Индриевые | Индрилер 66 |
| Индрикотерии | Дөө кериктер 46 |
| Индюки, индейковые | Күрптөр 107 |
| Инквилины | Жуундукорлор 59 |
| Инстинкт | Инстинкт 66 |
| Интероцепторы | Интероцепторлор 66 |
| Инфауна | Инфауна 66 |
| Инфузории | Инфузориялар 66 |
| Инфузории апостоматы | Апостома инфузориялары 14 |
| Инфузории разноресничные | Ар кыл түктүү инфузориялар 15 |
| Ихтиозавры | Ихтиозаврлар 67 |
| Ихтиология | Ихтиология 67 |
| Ихтиорнис | Балык куш 22 |
| Ихтиофауна | Ихтиофауна 67 |
| Ишхан | Севан жилингири 158 |

**К**

| | |
|---|---|
| Каама | Каама 67 |
| Кагу | Кагу 68 |

| | |
|---|---|
| Казарки | Дудук каздар 47 |
| Казуарообразные | Казуар сымалдар 69 |
| Кайманы | Каймандар 69 |
| Кайры | Кайралар 69 |
| Какаду | Какаду 70 |
| Какомицли | Какомицли 70 |
| Каламиструм | Каламиструм 70 |
| Калан | Деңиз кундузу 42 |
| Каланиды | Каланиддер 70 |
| Каллимико | Каллимико 72 |
| Каллихтовые | Чопкутчан жаяндар 210 |
| Калоеды | Кыкчылдар 109 |
| Калоты | Калоттор 72 |
| Кальмары | Кальмарлар 72 |
| Калонг | Ит жарганат 67 |
| Камбалообразные | Камбала сымалдар 72 |
| Каменки | Чакчыгайлар 205 |
| Камнеточцы | Таш кемиргичтер 177 |
| Камнешарки | Таш тинтээрлер 177 |
| Камышёвки, камышовки | Камыш короолулары 73 |
| Камышинцы | Кызыл чеке кашкалдактар 108 |
| Канарейка | Канар таранчысы 73 |
| Канна | Канна 74 |
| Каннибализм | Каннибализм 74 |
| Канчили, оленьки азиатские | Канчилдер 74 |
| Капуцины | Капуциндер 76 |
| Карабельные черви | Кеме курттары 82 |
| Каравайка | Каравай 76 |
| Карагуш | Кара куш 77 |
| Каракал | Чөл сүлөөсүнү 212 |
| Каракары | Тарпчы ителгилер 175 |
| Каракатицы | Каракатицалар 77 |
| Каракурт | Каракурт 78 |
| Карапакс | Карапакс 78 |
| Карапузики | Кидик коңуздар 86 |
| Караси | Таман балыктар 172 |
| Кардинал | Кардинал 79 |
| Кардиналовые | Кардинал, жалган неон 79 |
| Кариамы | Сериемалар, кариамалар 159 |
| Кариогамия | Кариогамия 79 |
| Кариология | Кариология 79 |
| Кариоплазме | Кариоплазме 79 |
| Карп | Бакма каңылтырлар 21 |
| Карповые | Каңылтырлар 75 |
| Карповые вши | Каңылтыр бити 74 |
| Карпозубообразные | Каңылтыр тиш сымалдар 75 |
| Карпообразные | Каңылтыр сымалдар 75 |
| Карцинобделла | Карцинобделла 79 |
| Катадромные миграции | Балыктын катадромдук өрдөшү 23 |
| Каталепсия | Селейүү 159 |
| Катрановые | Тикендүү кадимки акулалар 181 |
| Катушки | Чыгырыктар 214 |

| | |
|---|---|
| Качурковые | Чардак чымчыктар 206 |
| Кашалот | Кашалот 80 |
| Квакши | Даракчы жашыл бакалар 39 |
| Квезал, кетсаль | Квезал 81 |
| Квокка | Квокка 81 |
| Кедровка, ореховка | Чаар карга 204 |
| Кеклик | Кекилик 81 |
| Кенгуру, кенгуровые | Бөрсөлөр 28 |
| Кератин | Кератин 83 |
| Кермеси | Керместер 84 |
| Керчаковые | Керчактар 84 |
| Кета | Кета 84 |
| Кефалообразные | Кефаль сымалдар 84 |
| Кваквы | Түнчү кытандар 192 |
| Кивиобразные | Киви сымалдар 84 |
| Киваяки | Киваяктар 84 |
| Кижуч | Кижуч 84 |
| Кильки | Килькалар 86 |
| Кинкажу | Кинкажу 86 |
| Киноринхи | Кинорингхтер 86 |
| Кистевики, кисехвосты | Чачылуулар 207 |
| Кистепёрые рыбы | Чеңгел канат балыктар 208 |
| Китовые вши | Кит биттери 87 |
| Китоглавовые | Кит баш сымалдар 87 |
| Китообразные | Киттер 87 |
| Кишечнополостные | Ичеги көңдөйлүүлөр 67 |
| Класс | Класс 87 |
| Клаузилииды | Клаузииддер 87 |
| Клетка | Клетка 87 |
| Клещи | Кенелер 83 |
| Клёсты | Кайчы тумшуктар 69 |
| Клинобрюхие | Шынаа курсактуулар 219 |
| Клипшпрингер | Түйүлчөк жейрен 190 |
| Клоака | Клоака 88 |
| Клопы | Канталалар 74 |
| Клоуновые | Маскарапоздор 121 |
| Клушица, красноносая альпийская галка | Чөкө таан 211 |
| Клювоголовые дельфины | Куш тумшук сымалдар 104 |
| Книжная вошь | Китеп бити 87 |
| Кобры | Чекир жыландар 208 |
| Кобчики | Чегирткечил күйкөлөр 207 |
| Коза снежная | Аппак эчки 14 |
| Козодоеобразные | Байкуш сымалдар 20 |
| Кожаны | Кадимки жарганаттар 68 |
| Кожееды | Теричилдер 179 |
| Кожистокрылые, уховертки | Кыпчуурлар 110 |
| Койот | Америка чөөсү, койот 13 |
| Кокцидии | Кокцидиялар 89 |
| Кокциды, кокцидовые | Кокциддер 89 |
| Колибри | Колибрлер 89 |
| Коловратки | Бурамалар 30 |
| Коловратки пияковидные | Сүлүк сымал бурамалар 170 |
| Колониальные организмы | Колониялуу организмдер 89 |

| | |
|---|---|
| Колонок | Кызыл күзөн 108 |
| Колорадский жук | Колорадо коңузу 90 |
| Колпица | Кашык тумшук 81 |
| Кольчужные, локариевые | Соотучандар 163 |
| Колюшковые | Тикен канаттар 181 |
| Колюшкообразные | Тикен канат сымалдар 181 |
| Комары, двукрылые длинноусые | Чиркейлер 209 |
| Комменсалы | Комменсалдар 90 |
| Комары-звонцы, комары-дергуны, хирономиды | Ызылдак, чиркейлер, хирономиддер 220 |
| Комменсализм | Комменсализм 90 |
| Конвергенция | Конвергенция 90 |
| Кондор | Кондор 90 |
| Коноплянки | Кендирчилер 83 |
| Консументы | Консументтер 90 |
| Контурные перья | Кылчык чалгындар 110 |
| Конусы | Конустар 90 |
| Конхиология | Конхиология 90 |
| Коньки, шеврицы | Эр сынаарлар 225 |
| Конюги | Чачы маңдайлар 207 |
| Координация | Координация 91 |
| Копробионты | Копробионттор 91 |
| Копрофаги | Жампачылар 51 |
| Копры | Жампачы коңуздар 51 |
| Коралл красный | Кызыл шуру 108 |
| Коралловые полипы | Шуру полиптери 219 |
| Кораллы шестилучевые | Алты тармактуу шурулар 12 |
| Корифеновые | Корифена сымалдар 92 |
| Корковые кораллы | Кыртыштуу шурулар 111 |
| Корнеголовые | Тамыр баштар 172 |
| Корненожки | Тармак буттар 175 |
| Короеды | Кабыкчы коңуздар 67 |
| Коромысла | Жаалар 48 |
| Коростели | Тартарлар 176 |
| Короткоголовые лягушки | Томолок баш бакалар 183 |
| Корреляция | Корреляция 98 |
| Корсак | Карсак 79 |
| Корюшковые | Корюшка сымалдар 92 |
| Косатка | Колоң 89 |
| Косатковые | Качакталар 80 |
| Космополиты | Космополиттер 93 |
| Костистые рыбы | Кылкандуу балыктар 109 |
| Костные рыбы | Сөөктүү балыктар 163 |
| Костянки | Кырк аяктар 111 |
| Косуля | Элик 223 |
| Котилозавры | Котилозаврлар 93 |
| Кошачьи | Мышык сымалдар 134 |
| Кошки | Мышыктар 135 |
| Крабы | Кыска куйрук рактар, крабдар 111 |
| Кравчики | Чара баштар 205 |
| Краевики | Куурайчылар 104 |

| | |
|---|---|
| Крапивники новозеландские | Жаңы зеландия корголдойлору 53 |
| Крапивниковые | Корголдойлор 91 |
| Красная книга | Кызыл китеп 107 |
| Красная рыба, нерка | Кызыл балык 107 |
| Краснохвост | Кызыл көчүк көпөлөк 108 |
| Краснопёрки | Кызыл канаттар 107 |
| Красный волк | Тоо чөөсү 185 |
| Крастелы | Сыйдалар 171 |
| Крачки | Чабакчылар 204 |
| Креветки | Креветкалар 99 |
| Креодонты | Креодонттор 99 |
| Крестовки | Кайчы бакалар 69 |
| Кречет | Шумкар 218 |
| Криворотые | Кыйшык ооздор 109 |
| Кривохвостки | Устара балыктар 195 |
| Криофиллы | Криофилдер 99 |
| Кровопаразиты | Кан мителери 73 |
| Кровососки | Кан соргучтар 73 |
| Кровососущие комары | Кан соргуч чиркейлер 73 |
| Крокодилы | Крокодилдер 99 |
| Кроншепы | Тоо чулдуктар 186 |
| Кротовые | Көр чычкандар 98 |
| Крохали | Суксурлар 166 |
| Круглоголовки | Жумуру баштар 59 |
| Круглоротые | Оймок ооздор 139 |
| Круглошовные короткоусые | Жөрмөктүү кыска муруттуулар 58 |
| Круглоязычные | Тегерек тилдүүлөр 177 |
| Кружевницы | Тордомолор 185 |
| Крыланы, летучие собаки, летучие лисицы | Бут канаттар 31 |
| Крылатые насекомые | Канаттуу курт-кумурскалар 74 |
| Крыложаберные | Канат сымал бакалоордуулар 74 |
| Крылоногие | Канат буттуулар 73 |
| Крылья | Канат 73 |
| Крысиношиншилловые, шиншилловые крысы | Шиншилла келес сымалдар 218 |
| Крысы | Келестер 81 |
| Крячва | Кайырма, соно 69 |
| Ксерофильные животные | Каксоочул жаныбарлар 70 |
| Ктыри | Шер чымындар 217 |
| Кубомедузы | Кутумедузалар 104 |
| Кудрепёрые | Тармал канаттуулар 175 |
| Кузнечниковые | Айман сымалдар 6 |
| Кузовковые | Көнөчөк сымалдар 97 |
| Кукушковые | Күкүктөр 105 |
| Кулан | Кулан 100 |
| Кулики | Чулдуктар 213 |
| Кулики — сороки | Сагызган чулдуктар 153 |
| Кумжа, лосось-таймень | Кумжа 100 |
| Кумовые | Кумчул рак сымалдар 101 |
| Куницы | Суусарлар 168 |

Куньи — Суусар сымалдар 168
Купрей — Купрей 102
Курганник, сарыч степной — Жаман сары 51
Куриные, курообразные — Таок сымалдар 184
Куропатки — Чилдер 208
Куры древесные, краксовые — Даракчы тооктор 40
Кускусовые, лазающие сумчатые — Поссумдар, кускустар 149
Кустарниковые валлаби, падемелоны — Бадал бөрсөлөрү 19
Куторы — Суу чычкандар 169

Л

Лабео — Лабео 112
Лабиоза — Лабиоза 112
Лабиринтовые, ползуновые — Жөргөлөк сымалдар 58
Лабиринтодонты, лабиринтозубые — Лабиринт тиштүүлөр 112
Лаврак — Лаврак 112
Лактаровые — Лактарлар 113
Лактация — Лактация 113
Лалиус — Лалиус 113
Ламантиновые — Ламантиндер 113
Ламнообразные — Ламна сымалдар 113
Лампридообразные, опакообразные — Ламприд сымалдар 113
Ламы — Ламалар 113
Лангусты — Лангусттар 113
Ландаки — Ландактар 113
Лантанозуки — Лантанозуктар 113
Ланцетники — Наштар сымактар 137
Лань — Элик-багыш 224
Лапчатоногие — Майпак буттуулар 118
Ласка — Арыс чычкан 18
Ластоногие — Калак буттар 70
Ласточковые — Чабалакейлер 204
Латентный период — Латенттик абал 114
Латес — Латес 114
Латимерия — Латимерия 114
Лебеди — Ак куулар 8
Лебиасиновые — Лебиасиндер 114
Лев — Арстан 16
Лейкоциты — Лейкоциттер 114
Лейшмании — Лейшманиялар 114
Лемминги копытные — Туяктуу леммингдер 190
Лемуриды, лемуровые — Арбак сымалдар 15
Ленивцевые — Илендилер 66
Ленки — Ыкшоолор 220
Лентобычковые, угребычковые — Тасма букачарлар 176
Лентохвостые — Тасма куйруктуулар 176
Леопард, барс — Кабылан 68
Леопард дымчатый, кошка длиннохвостая — Ала мышык 11

| | |
|---|---|
| Лепидозавры | Лепидозаврлар 114 |
| Лернеиды | Лернеиддер 114 |
| Лесные ласточки | Токой чабалакейлери 183 |
| Лесные сорокопуты, шлемоносные сорокопуты | Токой борбаштары 183 |
| Летриновые | Чочко тумшук сымалдар 211 |
| Летучие мыши | Жарганаттар 53 |
| Летучие рыбы | Учкуч балыктар 196 |
| Летяги | Абыргандар 5 |
| Лещ | Тыран 194 |
| Лёгочные моллюски | Өпкөлүү моллюскалар 143 |
| Лжекороеды, капюшонники | Кабыкчы коңуз сымалдар, чүмбөтчөндөр 68 |
| Ликодоподобные | Ликод сымалдар 114 |
| Лиманда | Лиманда 114 |
| Лимнобионты | Лимнобионттор 114 |
| Лимнодрилы | Лимнодрилдер 114 |
| Лимнокардииды | Лимнокардииддер 114 |
| Лимонница | Лимончул көпөлөк 114 |
| Лимопсисы | Лимопсистер 115 |
| Лингулиды | Лингулиддер 115 |
| Линдор | Линдор 115 |
| Линифии | Линифиялар 115 |
| Линкии | Линкиялар 115 |
| Линь | Кубулма, кара балык 99 |
| Лиопельма | Лиопельма 115 |
| Липогениевые | Липогениялар 115 |
| Лисица серебристо-черная | Кара калтар 77 |
| Листоблошковые | Жалбыракчы бүргөлөр 49 |
| Листовковые | Мукур таркылдактар 132 |
| Листоеды | Жалбыракчы коңуздар 50 |
| Листоногие | Жалбырак буттар 49 |
| Листоносы | Жалбырак мурундар 49 |
| Листовёртки | Жалбырак түргүчтөр 49 |
| Лирохвосты, птицы лиры | Лира куйруктар 115 |
| Лихии | Лихиялар 115 |
| Лихолды | Тыбыткорлор 193 |
| Ликодоподобные | Ликод сымалдар 114 |
| Личинка | Личинка 115 |
| Ложноножки | Жалган буттар 50 |
| Ложноскорпионы | Чаян сымалдар 207 |
| Ложнощитовки | Калканчы сымалдар 72 |
| Ломехуза | Ломехуза 115 |
| Лопастепёры | Бара канаттар 23 |
| Лопатоногие | Күрөк бут моллюскалар 106 |
| Лопатоносы американские | Америка күрөк тумшуктары 13 |
| Лори | Лорилер 116 |
| Лоризиды, лориевые | Лоризиддер 115 |
| Лососевые | Сомдор 162 |
| Лососеобразные | Сом сымалдар 162 |
| Лосось благородный, сёмга | Накта сом 136 |
| Лось | Багыш 19 |
| Лофиомиины | Лофиоминдер 116 |

| | |
|---|---|
| Лоцман | Лоцман 116 |
| Лошади | Жылкылар 61 |
| Лубоеды | Булачылар 29 |
| Луваровые | Луварлар 116 |
| Луговые собачки | Кандек чычкандар 74 |
| Луни | Кулаалылар 100 |
| Луны-рыбы | Келтек балыктар 82 |
| Луфарь | Луфарь 116 |
| Луциановые | Луциандар 116 |
| Лучевики, радиолярии | Танаптуулар 172 |
| Лучепёрые рыбы | Чачыла канаттар 206 |
| Лысуха | Кашкалдак 80 |
| Львинки | Арстан чымындар 16 |
| Лягушки | Бакалар 20 |
| Лягушкозубы | Бака тиштер 21 |
| Лягушкороты | Бака ооздор 21 |
| Люмбрикулиды | Люмбрикулиддер 116 |

**М**

| | |
|---|---|
| Магот | Куйруксуз, макала, магот 100 |
| Мадрепоровые кораллы, каменистые кораллы | Мадрепора шурулары 116 |
| Мазамы | Мазамалар 116 |
| Майки | Кычы коңуздар 112 |
| Майна, индийский скворец | Майна 117 |
| Макомы | Макомалар 118 |
| Макрелощуковые | Макрель чортон сымалдар 118 |
| Макроподы | Макроподдор 118 |
| Макроэволюция | Макроэволюция 118 |
| Максиллоподы | Максиллоподдор 118 |
| Максиллы | Максиллалар 118 |
| Мактры | Мактралар 119 |
| Малакалогия | Малакалогия 119 |
| Малакостеевые | Малакость сымалдар 119 |
| Маларматы, панцирные триглы | Маларматтар 119 |
| Мальпичиевые сосуды | Мальпиги түтүкчөлөрү 119 |
| Малярийные комары | Безбелдек чиркейлери 26 |
| Мамбы | Мамбалар 119 |
| Мамонт | Мамонт 119 |
| Манакиновые | Манакин сымалдар 119 |
| Мангобеи | Мангочулар 119 |
| Мангусты | Мангусттар 120 |
| Мандаринка | Мандарин өрдөгү 120 |
| Мандрилы | Мандрилдер 120 |
| Мандуфии | Мандуфиялар 120 |
| Мантия | Мантия 120 |
| Манхуа | Манхуа 120 |
| Марабу | Марабу 120 |
| Марал | Марал 121 |
| Марикины | Марикиндер 121 |
| Маринки | Жылтырлар 62 |

| | |
|---|---|
| Мартышкообразные, церкопитековые | Мартышкалар 121 |
| Маслюковые | Май балыктар 117 |
| Мастодонты | Мастодонттор 121 |
| Масутьеры | Масутьералар 121 |
| Махайроды, саблезубые тигры | Кылыч азуулуу жолборстор 110 |
| Макаон | Макаон 121 |
| Махилисы | Махилистер 121 |
| Мачеты | Мачеталар 121 |
| Мачуэллы | Мачуэллалар 122 |
| Мегантропы | Мегантроптор 122 |
| Мегатерии | Мегатериялар 122 |
| Мегахилины | Мегахилиналар 122 |
| Медведицы | лАюу түктөр 19 |
| Медведки | Аюучуктар 19 |
| Медвежьи | Аюулар 18 |
| Медзина | Музина 122 |
| Медоед | Балчыл кашкулак 22 |
| Медососы | Балчылар 22 |
| Медоуказчики, медоуказчиковые | Бал тапкычтар 21 |
| Медузы | Медузалар 122 |
| Межняк | Аргын кур 15 |
| Мезагастроподы | Мезагастроподалар 122 |
| Мезенхима | Мезенхима 122 |
| Мезогиппус | Мезогиппус 122 |
| Мезозавры, прогнозавры | Мезозаврлар 122 |
| Мезозои | Мезозоалар 122 |
| Мезонефрос | Мезонефрос, адепки бөйрөк 123 |
| Мезосапробы | Мезосапробдор 123 |
| Мезостомы | Мезостомалар 123 |
| Мезофилы | Мезофилдер 123 |
| Меламфаевые | Меламфайлар 123 |
| Меланеллиды | Меланелла сымалдар 124 |
| Меланизм | Меланзим 124 |
| Меланоновые | Меланон сымалдар 124 |
| Меновые | Мене сымалдар 124 |
| Меригиппус | Меригиппус 124 |
| Мерлузовые, хеки | Мерлуза сымалдар 124 |
| Меромизы | Меромизалар 124 |
| Мероу гигантский | Дөө гупер 46 |
| Мертвоеды | Өлүкчүлдөр 142 |
| Метабиоз | Метабиоз 124 |
| Метагенез | Метагенез 124 |
| Метаморфоз | Метаморфоз 125 |
| Метанефридии | Метанефридийлер 125 |
| Метанефрос | Метанефрос 125 |
| Метаплазма | Метоплазма 125 |
| Метохи | Метохалар 125 |
| Мехонорецепторы | Механорецепторлор 125 |
| Мехоеды | Тыбыткорлор 133 |
| Мечехвосты | Селебе куйруктар 158 |

| | |
|---|---|
| Мешкогрудые | Капчык көөдөндүүлөр 76 |
| Мешкоротообразные | Кап кулкун сымалдар 76 |
| Мешочницы | Капчыкчандар 76 |
| Миграции животных | Миграциялар жаныбарларда 125 |
| Мидии | Мидиялар 125 |
| Мислоциты | Мислоциттер |
| Мизиды | Мизидалар 125 |
| Мизопада | Мизопада 126 |
| Мизостомиды | Мизостома сымалдар 126 |
| Миелоциты | Миелоциттер 126 |
| Мии | Миялар 129 |
| Микижа | Микижа 126 |
| Микоплазмы | Микоплазмалар 126 |
| Микродесмовые | Микродесма сымалдар 126 |
| Микродоны | Микродондор 126 |
| Микромальтусы | Микромальтустар 126 |
| Микроорганизмы | Микроорганизмдер 126 |
| Микроскопия | Микроскопия 126 |
| Микроспоридиа | Микропоридиялар 127 |
| Микрофаги | Микрофагдар 127 |
| Микроцебусы | Микроцебустар 127 |
| Мечехвосты | Селебе куйруктар 158 |
| Микроцефалы | Микроцефалдар 127 |
| Микроэволюция | Микроэволюция 127 |
| Миксины | Миксиналар 127 |
| Миксоспоридии, книдоспоридии | Миксоспоридиялар. книдоспориядиялар 127 |
| Миксотрофы | Миксотрофтор 127 |
| Миктофообразные | Миктоф сымалдар 127 |
| Миноги | Миногалар 128 |
| Минтаи | Минтайлар 128 |
| Миобииды | Миобиидалар 128 |
| Мирапинновидные | Мирапинна сымалдар 128 |
| Мирики | Мирикалар 128 |
| Мистакокариды | Мистакокаридалар 128 |
| Млекопитающие | Желиндүүлөр, сүт эмүүчүлөр 54 |
| Многобугорчатые | Көп идиректүүлөр 98 |
| Многоклеточные | Көп клеткалуулар 98 |
| Многоножки | Көп буттуулар 97 |
| Многопёрообразные | Көп канат сымалдар 98 |
| Многосвязь | Көп танаптуулар 98 |
| Многоцветница | Кооз калдыркан 91 |
| Многощетинковые черви, полихеты | Көк түктүү курттар 98 |
| Моа | Моа 129 |
| Могеры | Могерлер 129 |
| Могильник | Көркоо шакылдак 98 |
| Могильщики | Көркоо коңуздар 98 |
| Мозазавры | Мозазаврлар 129 |
| Мойвы | Мойвалар 129 |
| Моко | Моко 129 |
| Мокрицы | Эшек курттар 226 |

| | |
|---|---|
| Моли | Күбөлөр 105 |
| Моллюски | Моллюскалар, жумшак денелүүлөр 129 |
| Моллюски безпанцирные | Жыланач моллюскалар 61 |
| Молотоглав | Күрсү баш 107 |
| Молотоглавовые | Керки баштар 84 |
| Молохи | Тикендүү кескелдириктер 181 |
| Момотовые | Момоттор 130 |
| Мониезии | Мониезиялар 130 |
| Монии | Мониялар 130 |
| Монилигастриды | Монилигастриддер 130 |
| Моногамия | Моногамия 130 |
| Моногенеи, моногенетические сосальщики | Моногенеялар 130 |
| Мононхи, однозубы | Бир тиштүүлөр, мононхтер 27 |
| Моноплакофоры | Моноплакофоралар 131 |
| Монофагия | Монофагия 131 |
| Монофилия | Монофилия 131 |
| Морж | Суу жолборс 167 |
| Моринговые | Моринг сымалдар 131 |
| Моровые | Мора сымалдар 131 |
| Морские ангелы | Жалпак акулалар 50 |
| Морские дракончики | Деңиз желмогуздары 41 |
| Морские ежи | Деңиз кирпилери 42 |
| Морские желуди | Деңиз дандары 41 |
| Морские зайцы | Деңиз коёнектери 42 |
| Морские звезды | Деңиз жылдыздары 42 |
| Морские змеи | Деңиз жыландары 42 |
| Морские иглы | Деңиз теменелери 44 |
| Морские козочки | Деңиз чебичтери 44 |
| Морские коньки | Деңиз тайлары 43 |
| Морские коровы, звездочётовые | Жайчылар 49 |
| Морские котики | Кулактуу аюу балыктар 100 |
| Морские лилии | Деңиз лилиялары 43 |
| Морские лисички | Деңиз бачикилери 41 |
| Морские львы | Деңиз арстандары 41 |
| Морские пауки | Деңиз жөргөмүштөрү 41 |
| Морские перья | Деңиз чалгындары 44 |
| Морские петухи | Деңиз короздору 42 |
| Морские свиньи | Доңуз дельфиндер 45 |
| Морские слоны | Деңиз пилдери 43 |
| Морские собачки | Кандек балыктар 74 |
| Морские уточки | Деңиз өрдөкчөлөрү 43 |
| Морские ушки | Деңиз кулактары 42 |
| Морские черепахи | Деңиз ташбакалары 43 |
| Морские языки | Деңиз тил сымалдары 44 |
| Морское сердце | Деңиз жүрөгү 41 |
| Морское сверло | Деңиз көзөөчү 42 |
| Морской дьявал гигантский | Деңиз дөө шайтаны 41 |
| Морской кот | Деңиз мышыгы 43 |
| Морской леопард | Деңиз кабыланы 42 |
| Морула | Морула 131 |
| Морфа | Морфа 131 |

| | |
|---|---|
| Морфиды | Морфиддер 131 |
| Морфология | Морфология 131 |
| Морянка | Түндүк өрдөгү 191 |
| Москиты | Сары машалар 157 |
| Мотыль | Ызылдак курту 220 |
| Мохарровые | Мохарра сымалдар 131 |
| Мошки | Кара чиркейлер 78 |
| Мраморниковые | Мармар сымалдар 121 |
| Муксун | Муксун 132 |
| Мунго | Мунго 132 |
| Мунтжак | Мунтжак 132 |
| Мурены, муреновые | Мурелалар 132 |
| Муравьеды, муравьедовые | Кумурскачылар 101 |
| Муравьи | Кумурскалар 101 |
| Мусанги | Мусангдар 133 |
| Мустанг | Мустанг 133 |
| Мути | Бөдөнөчү турумтай 28 |
| Мухи | Чымындар 215 |
| Муфлон | Муфлон 133 |
| Мухоловковые | Чымынчы сымалдар 215 |
| Мухоловки | Субагай кырк аяктар 166 |
| Мшанки | Балык курттар 22 |
| Мышевидные грызуны | Чычкан сымал кемиргичтер 216 |
| Мышиные | Чычкандар 216 |
| Мышовковые | Чычкан сымалдар 216 |
| Мягкотелки | Былпылдак коңуздар 32 |


Н


| | |
|---|---|
| Наваги | Навагалар 135 |
| Наездники | Чабандестер 204 |
| Наидиды | Наидиддер 135 |
| Налимы | Налимдер 136 |
| Нандуобразные, американские страусы | Нанду сымалдар 136 |
| Нарывник-милабрис | Ала кычы коңуз 10 |
| Насекомые | Каскактар, курт-кумурскалар 80 |
| Насекомые древнокрылые | Калдагай канаттуу курт-кумурскалар 71 |
| Насекомые новокрылые | Жыйрылма канаттуу курт-кумурскалар 60 |
| Насекомоядные | Курт-кумурскачылар 103 |
| Настоящие лягушки | Накта бакалар 135 |
| Наутилусы, кораблики | Наутилустар 136 |
| Нежвачные | Кепшебестер 83 |
| Нейстон | Нейстон 137 |
| Нектарницевые, нектарницы | Шимикчи чымчыктар 217 |
| Некрофагия | Некрофагия 137 |
| Некто | Некто 137 |
| Нематоды, собственно круглые черви | Нематодалар, жумуру курттар 137 |
| Нематолоза | Нематолоза 137 |

Немертины Немертиндер 137
Немки Дудуктар 47
Неоны Неондор 137
Неопилины Неопилиндер 137
Неоскопеловые Нео скопел сымалдар 137
Неостетовые Неостет сымалдар 137
Неотомы Даракчы бакалар 39
Непарнокопытные Сыңар туяктуулар 171
Непарный щелкопряд Жубайсыз жибек көпөлөк 58
Неразлучники Түгөйчүлдөр 190
Нереиды Нереиддер 138
Нерест Урук чачуу 195
Неритиды Неритиддер 138
Несторы Несторлор 138
Нетопыри Кидик жарганаттар 86
Нетопыри Деңиз табак баштары 43
Нефтиды Нефтиддер 138
Нехрущи Дампыздар 39
Неясыти Куш үкүлөр 105
Нильгау Нильгау 138
Нимфалиды Нимфалиддер 138
Нитеносцы Кылкан курсактуулар 109
Нитчатки, филярии Меке курттар 123
Норки Суу суусарлар 168
Носачи Чоң мурундар 210
Носороги, носороговые Кериктер 84
Носухи Узун тумшуктар 194
Нотобранхи Нотобранхтар 138
Нототениевые Нототения сымалдар 138
Нотоунгуляты Нотоунгуляттар 138
Нотрописы Нотропистер 138
Ночные обезьяны, дурукули Түнкү маймылдар 192
Нутриевые, болотные бобры, коипу Саз кунулары 154

О

Обезьяны Маймылдар 117
Оболочники, урохордовые Челдүүлөр 208
Оводы, овода Бөгөнөктөр 28
Оводы желудочные Ылаалар 220
Овсянковые Думбулдар 47
Овуляция Овуляция 139
Овцебык, мускусный бык Кой бука 88
Огарь, атайка, красная утки Аңыр 14
Огнетелки Чок денелер 209
Одиночные осы Жылкы сары аарылар 50
Одноклеточные Жалгыз клеткалар 50
Однопроходные Жалгыз тешиктүүлөр, клоакалуулар 50
Одночелюстные Жалгыз жаактуулар 50
Окапи Окапи 139
Океанариум Океанариум 139
Окраска зашитная Коргонуу түсү 92

| | |
|---|---|
| Окунеобразные | Алабуга сымалдар 9 |
| Окуни стеклянные | Тунук алабугалар 189 |
| Окунь | Алабуга 9 |
| Олененок | Соёчор 162 |
| Оленевые | Бугулар 29 |
| Олени настоящие | Накта бугулар 135 |
| Оленобыки | Бука бугулар 29 |
| Оленьковые, оленьки | Бугучарлар 29 |
| Олигодоны | Олигодондор 139 |
| Олигосапробы | Олигосапробдор 139 |
| Олигофагия | Олигофагия 139 |
| Олушевые | Дөдөй каздар 46 |
| Омары | Омарлар 139 |
| Омуль | Омуль 139 |
| Ондатра | Ондатра 140 |
| Онихофоры | Онихофоралар 140 |
| Онфауна | Онфауна 140 |
| Онцидииды | Онцидиялар 140 |
| Онцилла | Онцилла 141 |
| Оогамия | Оогамия 141 |
| Оотека | Оотека 141 |
| Опалины | Опалиналар 141 |
| Орангутаны | Орангутандар 141 |
| Орган Джонстона | Жонстон органы 57 |
| Органы половые | Жыныс органдары 62 |
| Ореховидки | Жаңгак сымалдар 52 |
| Орехотворки | Уюлчулар 196 |
| Орел-беркут | Барчын бүркүт 9 |
| Ориби | Сымбаттуу жейрен 171 |
| Орикс, сернобык | Орикс 141 |
| Орланы | Суу бүркүттөр 167 |
| Орлы | Бүркүттөр 31 |
| Орнитозухи | Орнитозухтар 141 |
| Орнитология | Орнитология 141 |
| Орнитоподы, птиценогие динозавры | Орнитоподдор, куш аяктар 141 |
| Орнитоптеры, птицекрылые | Кооз калдыркандар 91 |
| Оронго, чиру | Сындуу бөкөн 171 |
| Ортонектиды | Ортонектидалар 141 |
| Орцеллы | Орцеллалар 142 |
| Осёл | Эшек 226 |
| Осетровые | Мекире сымалдар 123 |
| Осетровый щип | Алтын мекире 12 |
| Осетрообразные | Мекире түспөлдүүлөр 123 |
| Осетры | Мекирелер 123 |
| Ослики клещеносные | Кычкуурдуу такайлар 110 |
| Осман | Көк чаар 96 |
| Осоеды | Аарычыл куш 5 |
| Остеоциты | Остеоциттер 142 |
| Острицы, оксиуриды | Чүчөк курттар 213 |
| Осы | Сары аарылар 156 |
| Осы дорожные | Жолчу сары аарылар 57 |
| Осы настоящие | Накта сары аары 136 |
| Осы роющие | Ийинчи сары аарылар 65 |

| | |
|---|---|
| Осьминоги | Спруттар 164 |
| Офиакантиды | Офиакантиддер 142 |
| Офиуры, змеехвостки | Жылан куйруктар 60 |
| Охотничье-промысловые птицы | Илбээсин 66 |
| Очковый медведь | Алкак көз аюулар 11 |

П

| | |
|---|---|
| Павианы, собакоголовые обезьяны | Павиандар 144 |
| Павлиноглазки, сатурниды | Шайтан калдыркандар 216 |
| Павлины | Тоостор 184 |
| Пагума | Пагума 144 |
| Пакарановые | Пакарана сымалдар 144 |
| Паки | Пакалар 144 |
| Паламедеевые, паламедеи | Паламедеялар 144 |
| Палеодиктиоптеры | Пелеодиктиоптерлер 144 |
| Палеозоология | Палеозоология 144 |
| Палеонтология | Палеонтология 144 |
| Палтусы | Дөө камбалалар 46 |
| Пальпиграды, кенении | Пальпиграддар 144 |
| Пальцепёровые | Манжа канат сымалдар 120 |
| Памфагиды | Памфагидалар 145 |
| Панголины, ящеры | Панголиндер 145 |
| Панты | Кемирчек мүйүз 82 |
| Панцирникообразные, панцирные щуки | Чопкутчан чортон 210 |
| Панцирные хитоны | Чопкуттуу моллюскалар 210 |
| Паразитизм | Митечилик 128 |
| Паразитические перепончатокрылые | Мите жаргак канаттар 128 |
| Паразиты | Мителер 128 |
| Паралихтоподобные | Паралихт сымалдар 145 |
| Параперкоидные | Параперкоиддер 145 |
| Парапитек | Парапитек 145 |
| Парейазавры | Парейазаврлар 145 |
| Парнокопытные | Ача туяктуулар 18 |
| Партеногенез | Партеногенез 145 |
| Парусники | Желкиндүү калдыркандар 55 |
| Парусниковые | Чатыр канаттар 206 |
| Пастушковые | Суу тартарлар 168 |
| Патулиды | Патулиддер 145 |
| Пауки — крестовки | Ала жөргөмүштөр 10 |
| Паукообразные | Жөргөмүш сымалдар 58 |
| Пауроподы | Пауроподдор 145 |
| Пауссиды | Пауссустар 145 |
| Певчие воробьиные | Сайрагыч таранчылар 154 |
| Пеганки | Италалар 67 |
| Пегасообразные | Пегас сымалдар 146 |
| Педипальпы | Педипальпалар 146 |
| Пекарневые | Пекарилер 146 |
| Пелагии | Пелагиялар 146 |
| Пеламиды | Пеламидалар 146 |
| Пеликановые | Бирказандар 27 |

| | |
|---|---|
| Пеликозавры | Пеликозаврлар 146 |
| Пеломедузовые | Пеломедузалар 146 |
| Пелядь, сырок | Момун балык 130 |
| Пенницы | Көбүрмөлөр 94 |
| Пеночки | Мыймыттар 134 |
| Первичноротые | Адепки оозидуулар 6 |
| Перевязка, перегузна | Ала күзөн 10 |
| Переднежаберные | Алдыңкы бакалоордуулар 11 |
| Перепел | Бөдөнө 28 |
| Перепонка | Жаргак 53 |
| Перепончатокрылые | Жаргак канаттуулар 53 |
| Перепончатокрылые сидячебрюхие | Жоон белдүү жалбырак канаттуулар 57 |
| Пересмешниковые | Куудул чымчыктар 104 |
| Перистоусые | Чачыла муруттар 206 |
| Перламутровки | Седеп так калдыркандар 158 |
| Перловицы | Седеп капкактар 158 |
| Пескари | Ит муруттар 67 |
| Пескожилы | Кумчул сөөлжандар 101 |
| Пескорои | Кум түрткүчтөр 100 |
| Песочники | Кум чулдуктар 101 |
| Пестрокрылки | Ала канаттар 10 |
| Пеструшка | Ала момолой 11 |
| Пестряки | Ала коңуздар 10 |
| Песчанки | Кум чычкандар 101 |
| Печень | Боор 27 |
| Пещерный лев | Үңкүрчүл арстан 197 |
| Пигатриксы | Пигатрикстер 146 |
| Пикша | Пикша 146 |
| Пилильщики | Таарыгычтар 171 |
| Пилоносообразные | Араа мурун сымалдар 14 |
| Пилообразные | Араа тумшук көөкөрчөктор 14 |
| Пилюлщики | Корголчулар 92 |
| Пинагор | Тегерек канат 177 |
| Пингвинообразные | Пингвин сымалдар 147 |
| Пинктады | Пинктадалар 147 |
| Пинны | Пинналар 147 |
| Пипы | Пипалар 147 |
| Пираньи, пираньевые | Пираньялар 147 |
| Пироплазмиды | Пироплазмидалар 147 |
| Питание анимальное | Анималдык тамактануу 14 |
| Питоны | Питондор 147 |
| Питтовые | Питталар 148 |
| Пищуховые | Коён чычкандар 88 |
| Пищуховые | Чыйпылдак чымчыктар 214 |
| Пиявки | Сүлүктөр 170 |
| Плавты | Сүзгүч канталалар 169 |
| Плавунцы | Сүзгүч коңуздар 169 |
| Плавунчики | Сүзгүчтөр 169 |
| Плазмодии | Плазмодиялар 148 |
| Плакодермы | Плакодермалар 148 |
| Планарии | Планариялар 148 |
| Планктон | Планктон 148 |
| Пластиножаберные рыбы | Эбелек бакалоордуу балыктар 222 |

| | |
|---|---|
| Пластинчатоусые | Эбелек муруттар 222 |
| Платаксовые | Платакс сымалдар 148 |
| Платиктениды | Платиктениддер 148 |
| Плацентарные | Тондуулар, ч ө п т ү ү л ө р 184 |
| Плащеносная ящерица | Жакалуу кескелдирик 49 |
| Плезиозавры | Плезиозаврлар 148 |
| Плектиды | Плектиддер 148 |
| Плеченогие, б р а х и о п о д ы | Омуроо буттуулар 140 |
| Плиозавры | Плиозаврлар 148 |
| Плоские черви | Жалпак курттар 51 |
| Плоскоголовые | Жалпак баштар 50 |
| Плоскопёрые | Далдагай канаттуулар 38 |
| Плоскотелки | Жалпак коңуздар 51 |
| Плоскоходы | Жалпак бут коңуздар 51 |
| Побеговьюны | Сабакчылар 153 |
| Повитухи | Төтөчүлөр 186 |
| Поганкообразные | Арам өрдөктөр 15 |
| Погонофоры | Погонофоралар 148 |
| Погоныши | Чыбый тартарлар 214 |
| Подёнки | Күнүмдүктөр 106 |
| Подкаменщики | Кычыкчылар 112 |
| Подкаменщики, б ы ч к и-п о д к а м е н щ и к и | Кычыкчы букачалар 112 |
| Подкласс | Классча 87 |
| Подковогубые | Така эриндүүлөр 172 |
| Подковоносы | Така мурундар 172 |
| Подкожная клетчатка | Кыртыш 111 |
| Подкорники | Кабык коңулчулары 68 |
| Подорлики, к р и к у н ы | Шакылдактар 217 |
| Подушечницы | Жаздык сымалдар 48 |
| Позвоночные, ч е р е п н ы е | Омурткалуулар 140 |
| Пойкилотермные животные | Пойкилотермдүү жаныбарлар 149 |
| Покровительственная окраска | Жашыруучу түс 54 |
| Полёвки | Момолойлор 130 |
| Полигордиусы | Полигордиустар 149 |
| Полиморфизм | Полиморфизм 149 |
| Половое размножение | Жыныстык тукумдоо, жыныстык көбөйүү 63 |
| Половые признаки | Жыныстык белгилер 62 |
| Полозы | Соймоңдор 162 |
| Полозы большеглазые | Бакыракай соймоңдор 21 |
| Полорогие | Көңдөй мүйүздүүлөр 97 |
| Полосатики | Жаян киттер 54 |
| Полосатый лаврак | Таргыл лаврак 174 |
| Полость тела первичная | Дененин алгачкы көңдөйү 41 |
| Полуобезьяны | Маймыл сымалдар 117 |
| Полухордовые | Чала хордалуулар 205 |
| Помоцентровые | Помоцентрлер 149 |
| Поморниковые | Каракчылар 78 |
| Пони | Пони 149 |
| Поползневые | Көк текелер 96 |
| Попугаеобразные | Тоту куштар 186 |
| Попугай волнистый | Кыргый тоту 111 |

| | |
|---|---|
| Поясохвосты | Кемер куйруктар 82 |
| Приапулиды | Приапулиддер 149 |
| Приведеньевые, палочники | Шиш денелер 218 |
| Прилипаловые | Жабышкактар 48 |
| Приматы | Приматтар 149 |
| Прозопистомы | Прозопистомалар 150 |
| Проплиопитеки | Проплиопитектер 150 |
| Простейшие | Жөнөкөйлөр 57 |
| Протеи | Протейлер 150 |
| Проходные рыбы | Өрдөмө балыктар 143 |
| Прыгунчиковые | Кош аяк сымалдар 93 |
| Прямокрылые | Субагай канаттар 165 |
| Прямошовные короткоусые | Түз жиктүү кыска мурутчандар 190 |
| Псаммобии | Псоммобиялар 150 |
| Псевдозухии | Псевдозухийлер 150 |
| Псеттодовидные | Псеттод сымалдар 150 |
| Пситтакозавры | Пситтакозаврлар 150 |
| Психролютовые | Муздакчылдар 131 |
| Птеранодоны | Птеранодондор 150 |
| Птеродактили | Птеродактилдер 150 |
| Птерозавры, летающие ящерицы | Учкуч кескелдириктер, птерозаврлар 193 |
| Птицы | Куштар 104 |
| Птицы выводковые | Жөжөлүү куштар 57 |
| Птицы килевые, килегрудые | Кыр төштүү куштар 111 |
| Птицы моногамные | Жубайчыл куштар 58 |
| Птицы-мыши, мышанки | Чычкан чымчыктар 216 |
| Птицы-носороги | Керик куштар 84 |
| Птицы оседлые | Тургун куштар 189 |
| Птицы перелетные | Келгин куштар 81 |
| Птицы-печники, горшечники | Тандырчы чымчыктар 173 |
| Птицы птенцовые | Балапандуу куштар 21 |
| Пузанковые сельди | Чедирең айна көздөр 208 |
| Пузреногие | Исиркек буттар, трипстер 66 |
| Пума, кугуар | Пума 150 |
| Пустельга | Күйкө 105 |
| Пух | Мамык 119 |
| Пуховки | Мамыктар 119 |
| Пухоеды | Тыбытчылдар 193 |
| Пчелиная вошь | Канатсыз чымын 73 |
| Пчеложуки | Аары коңуздар 5 |
| Пчелы | Аарылар 5 |
| Пыльцееды | Тозоңчу коңуздар 183 |
| Пяденицы | Сөөмчүлөр 164 |


**Р**


| | |
|---|---|
| Рабдитиды | Рабдитиддер 151 |
| Равноногие | Тең буттуулар 179 |
| Равнозубые | Тең тиштүүлөр, тарак тиштүүлөр 179 |
| Радужницы | Кубулжумалар 99 |
| Радужницы | Кооз коңуздар 91 |

| | |
|---|---|
| Развитие | Өөрчүү 143 |
| Размножение | Көбөйүү, тукумдоо 94 |
| Раки-отшельники | Качкын рактар 80 |
| Раковинные листоногие | Раковиналуу жалбырак буттар 151 |
| Ракообразные, раки | Рак сымалдар 151 |
| Ракушковые, остракоды | Раковиналуу рак сымалдар 151 |
| Ракшеообразные | Көк карга сымалдар 96 |
| Рамапитеки | Рамапитектер 151 |
| Рамфакотовые | Рамфакотталар 151 |
| Рамфоринхи | Рамфоринхтер 151 |
| Ратуфы | Ратуфалар 151 |
| Рафидофориды | Рафидофориддер 152 |
| Ратный комарик | Жоокер чиркей 57 |
| Ревуны | Өкүрчөк маймылдар 142 |
| Редунки | Камыш текелери 73 |
| Реликты | Реликттер 152 |
| Ремез | Куркулдай 103 |
| Ремень-рыбы, сельдяные короли | Кемер балыктар 82 |
| Ремнезубы | Жалпак тиштер 51 |
| Ремнецы | Кемер курттар 82 |
| Репейница | Уйгакчыл 195 |
| Ресничные черви, турбеллярии | Түктүү курттар, турбелляриялар 191 |
| Речные дельфины | Өзөн дельфиндери 142 |
| Ржанки белые | Ак маарактар 8 |
| Ржанки рачьи | Үлүлчү маарактар 197 |
| Ржанковые | Маарактар 116 |
| Ринодермы | Ринодермалар 152 |
| Ринопитеки, гималайские носатые тонкотелы | Ринопитектер 152 |
| Ринхоминовые | Ринхомистер 152 |
| Рицинулеи | Рицинуелелер 152 |
| Ришта | Ришта 152 |
| Робало | Робало 152 |
| Рога | Мүйүз 134 |
| Рогатки | Мүйүзчөндөр 134 |
| Рогатковидные | Мүйүздүү сымалдар 134 |
| Рогатковые, керчаковые | Мүйүздүүлөр 134 |
| Рогачёвые | Мүйүздүү көөкөрчөктөр 134 |
| Роговые кораллы, горгонарии | Чор шурулар 211 |
| Рогозубообразные | Чор тиш сымалдар 211 |
| Рогоклювы | Чор тумшуктар 211 |
| Рогохвосты | Мүйүз көчүктөр 134 |
| Розетконогие | Наар буттар 135 |
| Ромб гладкий | Жылма ромб 62 |
| Ромбосолееподобные | Ромбосолея сымалдар 152 |
| Росомаха | Киш 87 |
| Рукокрылые | Кол канаттуулар 89 |
| Рунец овечий | Кой чымыны 89 |
| Ручейники, власокрылые | Түк канаттуулар 190 |
| Рыбец | Вимба 33 |
| Рыбозмеи | Балык жыландар 22 |

| | |
|---|---|
| Рыбы | Балыктар 22 |
| Рыбы-ангелы | Периште балыктар 146 |
| Рыбы-бабочки | Көпөлөк балыктар 98 |
| Рыбы-белки, рыбы-солдаты | Тыйын балыктар 193 |
| Рыбы-кабаны | Доңуз балыктар 45 |
| Рыбы-луны | Ай балыктар 6 |
| Рыбы попугаи, скаровые | Тоту балыктар 185 |
| Рыбы солнечные | Күндөй балыктар 106 |
| Рыбы-тряпки | Былбырак балыктар 32 |
| Рыбы хрящевые | Кемирчектүү балыктар 82 |
| Рысь | Сүлөөсүн 170 |
| Рябки | Кара боорлор 76 |

**С**

| | |
|---|---|
| Сабеллиды | Сабеллиддер 153 |
| Саджа | Булдурук 30 |
| Сазан | Сазан 153 |
| Сайгаки | Бөкөндөр 28 |
| Сайды | Сайдалар 154 |
| Сайки | Сайкалар 154 |
| Сайра | Сайра 154 |
| Саки, мохнатые саки, чертовы обезьяны | Шайтан маймылдар 216 |
| Саккулина | Саккулина 154 |
| Саксаульная сайка | Сай сагызган 154 |
| Саксикавы | Саксикавалар 154 |
| Салака | Салака 154 |
| Саламандровые, настоящие саламандры | Саламандралар 155 |
| Саланганы | Саланганалар 155 |
| Сальные железы | Май бездери 117 |
| Сальпы | Сальптар 155 |
| Сапсан | Ылаачын 220 |
| Саргановые | Саргандар 155 |
| Сардинеллы | Сардинеллалар 156 |
| Сардины | Сардиналар 156 |
| Саркодовые | Саркодалар 156 |
| Саркоспоридии, мясные споровики | Саркоспоридиялар 156 |
| Саркофагиды, серые мясные мухи | Этчил чымындар 225 |
| Сарычи, конюки | Сарылар 157 |
| Сатиры, бархатницы, глазки | Сатирлер 157 |
| Сверлильная железа | Көзөгүч без 95 |
| Серташки | Ийрилмелер 65 |
| Светляки | Жылтылдак коңуздар 62 |
| Светящиеся анчоусы | Жылтылдак анчоустар 62 |
| Светящиеся организмы | Жылтылдак организмдер 62 |
| Свинковые | Доңуз чычкандар 46 |
| Свиные | Доңуздар 45 |
| Свиристелы, свиристеловые | Үрпөк чымчыктар 198 |
| Свистульковые | Ышкырык сымалдар 221 |
| Свистуны | Ышкырыкчылар 221 |

| | |
|---|---|
| Свиязь | Чыбырчык өрдөк 214 |
| Свободнохвостые | Элкин куйруктуулар 224 |
| Сеноеды | Чөпчүлдөр 212 |
| Северный олень | Түндүк бугусу 191 |
| Сегнозавры | Сегнозаврлар 158 |
| Сейвал, сайдяной кит | Сейвал 158 |
| Сеймурии | Сеймуриялар 158 |
| Секретари | Бүркүт турналар 31 |
| Селевиния | Селевиния 159 |
| Сельдевые | Айна көздөр 7 |
| Сеноеды | Чөпчүлдөр 212 |
| Сенокосцы | Чалгы буттар 205 |
| Сервал | Африка сүлөөсүнү 17 |
| Сердцевидки | Жүрөк сымалдар 59 |
| Серебрянковые | Күмүш балык сымалдар 106 |
| Серна | Зоо бөкөн 63 |
| Серпоклювы | Көк чулдуктар 96 |
| Серый гусь | Боз каз 27 |
| Серый кит | Боз кит 27 |
| Сестонофаги | Сестонофагдар 159 |
| Сетчатокрылые | Тор канаттуулар 185 |
| Сецерненты, фазмидиевые | Сецерненттер 159 |
| Сиаманги | Сиамангдар 159 |
| Сивуч | Ышкырыктуу суу жолборс 221 |
| Сиговые | Май канаттар 117 |
| Сидячеглазые | Чуңкур көздөр 213 |
| Сима | Сима 159 |
| Симиасы, короткохвостые носатые тонкотелы | Симиастар 159 |
| Симфилы | Симфилалар 159 |
| Синантропные организмы | Синантроптуу организмдер 160 |
| Синантропы | Синантроптор 160 |
| Синаптозавры | Синаптозаврлар 160 |
| Сингамы | Сингамдар 160 |
| Синехвостка | Көксоору 96 |
| Синицевые | Кашка чымчыктар 81 |
| Синицы толстоклювые | Жоон тумшук кашка чымчык 57 |
| Синяя птица | Кара койчу 77 |
| Сипункулиды | Сипункулиддер 160 |
| Сипуховые | Шынаа баш үкүлөр 219 |
| Сипы | Кажырлар 68 |
| Сирены | Сирендер 160 |
| Сирфы | Сирфтер 160 |
| Сифон выдыхательный | Дем чыгаруучу сифон 41 |
| Сифонофоры | Сифонофоралар 160 |
| Скакуны | Текиреңдер 177 |
| Скалепус | Скалепус 160 |
| Скальнокрысиные | Зоо келестери 64 |
| Скарабеи | Скарабейлер 161 |
| Скаты | Көөкөрчөктөр 97 |
| Скаты-орляки | Бүркүт көөкөрчөктөр 31 |
| Скаты электрические, гнюсообразные | Электрдүү көөкөрчөктөр 223 |

| | |
|---|---|
| Скворцовые | Чыйырчыктар 214 |
| Сколии | Сколиялар 161 |
| Сколопендровые | Кырк аяк сымалдар 111 |
| Скопа | Бакачы 21 |
| Скопелезавровые | Скопелезаврлар 161 |
| Скорлупа | Катуу кабык 80 |
| Скорлупа известковая | Акиташ кабык 8 |
| Скорпеновые | Скорпеналар 161 |
| Скорпенообразные | Скорпена сымалдар 161 |
| Скорпионовые муки | Чаян сымал чымындар 207 |
| Скорпионницы | Чаян курсактар 207 |
| Скорпионы | Чаяндар 207 |
| Скребни, акантоцефалы | Тикен баштар, акантоцефалдар 180 |
| Скрипуны | Кыйчылдактар 108 |
| Скрытожаберные | Жашыруун бакалоордуулар 54 |
| Скрытоухи | Мулуктар 132 |
| Скумбриевые | Скумбриялар, макрелдер 161 |
| Скутигеры, мухоловки | Скутигералар 161 |
| Славковые | Короолу сымалдар 92 |
| Слепни | Көгөндөр 94 |
| Слепоглазковые | Сокур балыктар 162 |
| Слепозмейки, слепозмейковые | Сокур жыландар 162 |
| Слепышовые | Сокур чычкандар 162 |
| Слизистая оболочка | Былжыр чел 32 |
| Слизни | Жержелимдер 55 |
| Слитножаберникообразные | Курт балык сымалдар 103 |
| Сминтуры | Сминтурлар 161 |
| Смолёвки | Дабыркайчылар 38 |
| Снегирь | Жут чымчык 59 |
| Снежный барс | Илбирс 65 |
| Собака | Ит 66 |
| Собачьи, псовые | Ит сымалдар 67 |
| Совиные, настоящие совы | Үкүлөр 197 |
| Совиные лягушкороты | Бака ооз байкуштар 24 |
| Совки, ночницы | Үкү көпөлөктөр 196 |
| Совообразные | Үкү сымалдар 197 |
| Сойка | Үрпөк таан 198 |
| Соколиные | Шумкарлар 219 |
| Соколообразные | Шумкар сымалдар 219 |
| Солеевидные | Эпкиноoз сымалдар 224 |
| Солемии | Солемиялар 162 |
| Солитер, бычий цепень | Бодо тасма курту 27 |
| Соловьи | Булбулдар 30 |
| Солонгой | Корумчу кызыл күзөн, солонгой 92 |
| Солнечникообразные | Күн балык сымалдар 106 |
| Солнечники | Күн сымалдар 106 |
| Сольпуги, фаланги, биокорки | Музоо баштар 131 |
| Сомообразные | Жаян сымалдар 54 |
| Соневые | Барак куйруктар 23 |
| Сорока | Сагызган 153 |

| | |
|---|---|
| Сорокопутовые | Борбаштар 27 |
| Сорочьи жаворонки | Сагызган торгойлор 153 |
| Сосальщики, трематоды | Соргуч курттар, трематодалар 163 |
| Спелеогрифовые | Коңулчу рак сымалдар 91 |
| Спинороговые | Мүйүз өркөчтөр 134 |
| Спиношипообразные | Тикен өркөч сымалдар 181 |
| Спирула | Спирула 164 |
| Споровики | Споровиктер 164 |
| Ставридовые | Ставридалар 164 |
| Ставромедузы | Ставромедузалар 165 |
| Стафилинды, коротконадкрылые | Стафилиндер 165 |
| Стегозавры | Стегозаврлар 165 |
| Стегоцефалы, панцирноголовые, крышечерепные | Стегоцефалдар 165 |
| Стенбоки, штейнбоки | Стенбоктор 165 |
| Стенолаз | Темене тумшук 178 |
| Стервятник | Журтчу, тарп 59 |
| Стерлядь | Жоко 56 |
| Стихеевые | Стихей сымалдар 165 |
| Стомиевидные | Стомия сымалдар 165 |
| Страусообразные | Төө куштар 186 |
| Стрекозы | Ийнеликтер 65 |
| Стрелки | Көк ийнеликтер 96 |
| Стрепет | Безбелдек 25 |
| Стрижи | Карлыгачтар 79 |
| Строматеевидные | Строматей сымалдар 165 |
| Стронгилиды | Стронгилидалар 165 |
| Судаки | Көк серкелер 96 |
| Султанка, курица султанская | Султан кашкалдагы 166 |
| Султанковые | Султан балыктар 166 |
| Сумчатые | Баштыкчандар 24 |
| Сумчатые барсуки, бандикуты | Баштыкчан кашкулак бандикуттар 25 |
| Сумчатые квакши | Баштыкчан бакалар 24 |
| Сумчатые кроты | Баштыкчан көр чычкандар 25 |
| Сумчатые крысы | Баштыкчан келес 25 |
| Сумчатые куньицы | Баштыкчан суусарлар 25 |
| Сумчатые муравьеды | Баштыкчан кумурскачылар 25 |
| Сумчатый волк | Баштыкчан карышкыр 24 |
| Сумчатый дьявал | Баштыкчан шайтан 25 |
| Суни | Суни 166 |
| Сурикага | Сурикага 167 |
| Сурки | Суурлар 168 |
| Суслики антилоповые | Күлүк тыйын чычкандар 106 |
| Сухонос | Куусымал каз 104 |
| Сфексы | Сфекстер 170 |
| Сцинковые | Сцинктер 170 |
| Сцифоидные | Сцифоиддер, табак сымалдар 170 |
| Сычики | Таранчы мыкыйлар 174 |

**Т**


| | |
|---|---|
| **Таймени** | **Таймендер 171** |
| **Такабовые** | **Такабалар 172** |
| **Такин** | **Такин 172** |
| **Танагровые** | **Танагрлар 172** |
| **Тапиры, тапировые** | **Тапирлер 173** |
| **Тар** | **Тар 173** |
| **Таракановые** | **Таракандар 173** |
| **Тарантулы** | **Бөйүлөр 28** |
| **Тарпан** | **Жапайы жылкы 53** |
| **Тарпонообразные** | **Тарпон сымалдар 175** |
| **Тартариды** | **Тартариддер 176** |
| **Тахины** | **Түктүү чымындар 191** |
| **Текодонты** | **Текодонттор 177** |
| **Теленомусы** | **Теленомусы 177** |
| **Телифоны** | **Телифондор 178** |
| **Теледонты** | **Телодонттор 178** |
| **Темноцефалы** | **Темноцефалдар 178** |
| **Тенииды** | **Тасмалар 176** |
| Тенрековые, щетинистые ежи | **Тенрек сымалдар 178** |
| **Терапоновые** | **Терапондор 179** |
| **Терапсиды** | **Терапсиддер 179** |
| **Термиты** | **Термиттер 179** |
| **Термофильные животные** | **Жылуучул айбандар 62** |
| **Термосбендер** | **Термосбеновые 180** |
| **Терпуговые** | **Терпуг сымалдар 180** |
| **Тетерева** | **Кара курлар 77** |
| **Тетеревиные** | **Кара кур сымалдар 77** |
| **Тетригидровые** | **Тетригидралар 180** |
| **Тетры** | **Тетралар 180** |
| **Тигр** | **Жолборс 56** |
| **Тигровые рыбы** | **Жолборс балыктар 56** |
| **Тилапии** | **Тилапиялар 181** |
| **Тинамуобразные** | **Тинаму сымалдар 182** |
| **Тиранновые** | **Тирандор 182** |
| **Тиркушки** | **Ача куйруктар 18** |
| **Тифии** | **Тифиялар 182** |
| **Тихоходки** | **Кибирлер 84** |
| **Ткачиковые** | **Өрмөкчүлөр 143** |
| Тлевые, тли | **Чөп биттери 212** |
| Толкунчики, плясуньи | **Бийчилер 26** |
| Толстолобики, толстолобы | **Макоо балыктар 118** |
| Толстоножки | **Жоон буттуулар 57** |
| Тонкопанцирные | **Жука чопкуттуулар 58** |
| Тонкопряды | **Күүгүмчүл көпөлөктөр 107** |
| Тонкотелые обезьяны | **Кындыгый маймылдар 110** |
| Топорик | **Керки тумшук 84** |
| Точильщики | **Көзөгүчтөр 95** |
| Траворезовые | **Чөп кырккычтар 212** |
| Траурницы | **Тул чымындар 189** |
| Трахейнодышащие, трахейные, неполноусые | **Кекиртектен дем алуучулар 81** |

Трахея — Кекиртек 81
Трахилиды — Трахилиддер 186
Трепанги — Трепанги 187
Тресковые — Трескалар 187
Трескообразные — Треска сымалдар 187
Трехперстки, трехперстковые — Үч шадылуулар 198
Тридакны — Тридакналар 187
Трилобиты — Трилобиттер 187
Трипёрстовые — Үч манжалуулар 198
Тритоны — Тритондор 187
Трихинеллы, трихина — Трихинеллалар 188
Трихограммы — Трихограммалар 188
Трихомонды — Трихомондалар 188
Троглобионты — Троглобионттор 188
Трогонообразные — Трогон сымалдар 188
Троешипые — Үч тикендүүлөр 198
Трубачи, агами — Сурнайчылар, агамалар 167
Трубкозубы — Түтүк тиштер 193
Трубконосы — Түтүк мурундар 192
Трубочники, тубифициды — Кызыл курттар 108
Трупиаловые, американские иволги — Америка барпысы, трупиалдар 12
Трупники — Тарпчы коңуздар 175
Трухляки — Чирикчилер 209
Трясогузковые — Жылкычы чымчыктар 61
Тугун — Тугун 188
Тукановые — Тукандар 188
Тунцы — Тон балыктар 183
Тупайи, тупайеобразные — Тупайялар 189
Турач франколи — Жылкычы чил 61
Турпаны — Турпандар 190
Турухтан — Калкандуу чулдук 71
Туфельки — Кепиччектер 83
Тушканчики, тушканчиковые — Кош аяктар 93
Тювик туркестанский — Чыбый кыргый 214
Тюлени — Тюлендер, Түлөндөр 194
Тюлень обыкновенный — Кадимки тюлень 68


## У


Уакари, короткохвостые саки — Чолок куйрук шайтан маймылдар 209
Угольная рыба — Көмүр балык 97
Угрицы — Безетки курттар 26
Удавчики — Кумчул муунткучтар 101
Удавы — Муунткучтар 133
Удильщики — Кайырмакчылар 69
Удодовые — Үпүптөр 197
Удонеллиды — Удонелиддер 194
Ужовые — Суу жыландар 167
Уклейки — Ак көз чабактар 8
Улары, горные индейки — Уларлар 195

| | |
|---|---|
| Улиты | Улиттер 195 |
| Усатые бычки | Муруттуу букачарлар 133 |
| Усачи | Мурутчандар 133 |
| Усачи, дровесеки | Мурутчан коңуздар, отун жаргычтар 133 |
| Усики | Мурутчалар 133 |
| Усоногие | Мурут буттуулар 132 |
| Устрицы | Устрицалар 195 |
| Утиные | Өрдөктөр 143 |
| Утконос | Өрдөк тумшук 143 |
| Ушастая лисица, лисица большеухая | Калдаң кулак түлкү 71 |

Ф

| | |
|---|---|
| Фазан | Кыргоол 111 |
| Фазановые | Кыргоол сымалдар 111 |
| Фасциолы | Фасциолалар 198 |
| Филепитовые | Филепиттер 198 |
| Филины | Сары үкүлөр 157 |
| Филлоксеры | Филлоксералар 199 |
| Филломедузы | Филломедузалар 199 |
| Финвал, сельдяной кит | Финвал 199 |
| Фламинго | Фламинго 199 |
| Флоемиины | Флоемииндер 199 |
| Флорикан | Кара тоодак 78 |
| Флювиалозы | Флювиалозалар 199 |
| Фолады, морские сверла | Фоладдер 199 |
| Фонарницы | Шиш чекелер 218 |
| Фораминиферы | Фораминифералар 199 |
| Форелевые окуни | Жилингир сымал алабугалар 56 |
| Форелы | Жилингирлер 56 |
| Формиевые | Формиолор 200 |
| Форониды | Форониддер 200 |
| Фосса | Фосса 200 |
| Фрачники, стеблееды | Сабакчыл коңуздар, фракчандар 153 |
| Фрегаты, фрегатовые | Фрегаттар 200 |
| Футлярокрылые | Кын канаттар 110 |

Х

| | |
|---|---|
| Хаковые | Хакалар 200 |
| Хальциды | Хальциддер 200 |
| Хамелеоны | Хамелеондор 200 |
| Ханосовые | Ханостор 201 |
| Харациновидные, characовидные | Харакс сымалдар 201 |
| Харза | Сары төш суусар 157 |
| Хариусовые | Хариус сымалдар 201 |
| Хаулиодовые | Желмогуздар 55 |
| Хвостатые амфибии | Куйруктуу амфибиялар 100 |
| Хелицеровые | Хелицералуулар 201 |

| | |
|---|---|
| Хермесы | Херместер 201 |
| Химерообразные, химеры | Химералар 201 |
| Хирурги-рыбы | Наштар балык сымалдар 136 |
| Хишнецы | Чымынчы канталалар 215 |
| Хищные | Жырткычтар 63 |
| Хлебные жуки, кузьки | Данчы коңуздар 39 |
| Хоботнокрыловидные | Салык тумшук сымалдар 155 |
| Ходулочник | Тартак чулдук 175 |
| Хомяки | Аламандар 11 |
| Хомяковые | Аламан сымалдар 11 |
| Хомячки | Аламанчыктар 11 |
| Хонотринхи | Хонотринхтер 202 |
| Хордовые | Хордалуулар 202 |
| Хорьки | Күзөндөр 105 |
| Храмули | Күрөк тиштер 106 |
| Хрущаки, мучные хрущаки | Унчулдар 195 |
| Хрущи | Саратандар 155 |
| Хрящ | Кемирчек, чемирчек 82 |
| Хрящевой скелет | Кемирчектүү скелет 82 |

## Ц

| | |
|---|---|
| Цаплевые | Кытандар 112 |
| Царство | Царство 202 |
| Цветные бекаси | Түстүү эчки маарактар 192 |
| Целекантообразные | Целакант сымалдар 202 |
| Цельноголовые рыбы, слитночерепные | Туюк баштуу балыктар 190 |
| Ценолестовые | Ценолесттер 202 |
| Цепкохвостые обезьяны, цебиды | Чалма куйрук маймылдар 205 |
| Цеполообразные | Цепола сымалдар 202 |
| Церотозавры | Цератозаврлар 102 |
| Цератопсы | Цератопстор 202 |
| Цериантарии | Цериантариялар 203 |
| Цесарки, цесарковые | Цесаркалар 203 |
| Цестоды, ленточные черви | Тасма курттар 176 |
| Цефалокариды | Цефалокариддер 203 |
| Циветы | Циветалар 203 |
| Циемовые | Циемалар 203 |
| Цикадовые | Чырылдактар 215 |
| Цикличность сезонная | Мезгил циклдүүлүгү 122 |
| Циклопы | Малгундар 119 |
| Цихласомы | Цихласомалар 203 |
| Цокоры | Буроо баштар 30 |

## Ч

| | |
|---|---|
| Чавыча | Чавыча 204 |
| Чайковые, чайки | Чардактар 205 |
| Чебак иссык-кульский | Ысык-Көл чабагы 221 |
| Чебачек иссык-кульский | Ысык-Көл май чабагы 221 |
| Чеглок | Жагалмай 48 |
| Чеграва | Дөө чабакчыл 46 |

| | |
|---|---|
| Чеканы | Котурепейлер 93 |
| Челноклювовые | Кайык тумшуктар 69 |
| Челюстноротые | Жаак ооздуулар 48 |
| Червицы | Курт сымалдар 103 |
| Черви | Курттар 103 |
| Черви низшие | Жөнөкөй түзүлүштүү курттар 58 |
| Червяги | Сөөлжан сымалдар 164 |
| Черепахи | Ташбакалар 176 |
| Черепахи скрытношейные | Жыйрылгыч ташбакалар 60 |
| Чернотелки | Кара коңуздар 77 |
| Чернушки | Кара калдыркандар 77 |
| Черный павиан, хохлатый павиан | Үрпөк кара павиан 198 |
| Чесночницы | Сасык бакалар 157 |
| Четырехглазковые | Төрт көздүүлөр 186 |
| Чехонь | Селебе балык 158 |
| Чечевицы | Эжеке бээ саалар 222 |
| Чечётки | Кызыл төштөр 108 |
| Чешуеноги | Түрпү буттар 192 |
| Чешуйницы | Түрпү канаттуулар 192 |
| Чешуйчатниковые | Камчы канаттуулар 73 |
| Чешуйчатые | Түрпүлүүлөр 192 |
| Чибисы, пигалицы | Ызгыттар 220 |
| Чиж | Чиж 208 |
| Чирки | Чүрөктөр 213 |
| Чистиковые | Чистиктер 209 |
| Членистоногие | Муунак буттуулар 133 |
| Чукучановые | Чукучандар 212 |


Ш


| | |
|---|---|
| Шакал | Чөө 212 |
| Шалашники | Алачыкчылар 11 |
| Шапочка красная | Кызыл бөрк 107 |
| Шаровки | Тоголоктор 183 |
| Шелкопряды походные | Жолоочу жибек көпөлөктөр 56 |
| Шемаи | Шемаялар 217 |
| Шерстокрылы | Тери канаттар 179 |
| Шершни | Эшек аарылар 226 |
| Шилоклювки | Шибеге тумшуктар 217 |
| Шилохвость | Кыл куйрук 110 |
| Шимпанзе | Шимпанзелер 217 |
| Шиншилловые | Шиншиллалар 217 |
| Шипохвости | Түрпү куйруктуулар 192 |
| Широколобкоподобные | Жазы маңдай сымалдар 48 |
| Широконоска | Күрөк тумшук 106 |
| Широкороты | Кең ооздор 83 |
| Шмели | Түктүү аарылар 191 |
| Шмели-кукушки | Мите түктүү аарылар 128 |
| Шпанки | Алагүлүктөр 10 |
| Шпроты | Шпроттор 218 |

**Щ**


| | |
|---|---|
| Щегол | Кооз мукур 91 |
| Щегол седоголовый | Ак баш кооз мукур 8 |
| Щелезубовые | Жылга тиштер 61 |
| Щелкуны | Тырсылдак коңуздар 194 |
| Щетина | Кылкан 109 |
| Щетинкочелюстные | Кылкан жаактуулар 109 |
| Щетинозубые | Кылкан тиш сымалдар 109 |
| Щетинохвостки | Кылкан куйруктар 109 |
| Щитки | Калканчалар 71 |
| Щитовидки | Калкан сымалдар 71 |
| Щптовки | Калканчыктар 72 |
| Щитомордники | Калкан тумшук жыландар 71 |
| Щитоноски | Калканчан коңуздар 71 |
| Щитни | Калканчалуу рактар 71 |
| Щитники | Калкандуу канталалар 71 |
| Щуковые | Чортон балыктар 211 |
| Щупальцевые падаксонии | Тинтүүрдүүлөр, подаксониялар 182 |
| Щур | Чор тумшук 211 |
| Щурки | Аарычыл чымчыктар 5 |


**Э**


| | |
|---|---|
| Эвриптериды, ракоскорпионы, гигантостраки | Эвриптериддер 222 |
| Эймерии | Эймериялар 222 |
| Эласмотерии | Эластмотериялар 223 |
| Электрические сомы | Электрдүү жаяндар 223 |
| Электрические угри | Электрдүү каңылтырлар 223 |
| Эмбии | Эмбиялар 224 |
| Эму | Эму 224 |
| Энтодиниоморфы | Энтодиниоморфтор 224 |
| Эогиппус | Эогиппус 224 |
| Эозухии | Эозухиялар 224 |
| Эпиорнисообразные | Эпиорнис сымалдар 224 |
| Эритриновые | Эритрин сымалдар 225 |
| Эублефары | Эублефарлар 225 |
| Эуфазиевые | Эуфазия сымалдар 225 |
| Эфы | Эфалар 225 |
| Эхинококк | Эхинококк 225 |
| Эхиуриды | Эхиуриддер 226 |


**Ю**


| | |
|---|---|
| Южный кит | Түштүк кити 193 |


**Я**


| | |
|---|---|
| Явантроп, солойский человек | Явантроп 227 |
| Ягуар | Америка кабыланы 13 |
| Ядозубы | Уу тиштер 196 |
| Язь | Язь 227 |

| | |
|---|---|
| Яйцеживорождение | Жумуртка тирүү тууш 59 |
| Яйцеклад | Жумуртка салгыч 58 |
| Яйцекладущие животные | Жумуртка туучу айбандар 59 |
| Яйцо | Жумуртка 58 |
| Як | Топоз 185 |
| Якамаровые, блестянковые | Якамаралар 227 |
| Яканы | Тартак тартарлар 175 |
| Ямкоголовые | Оюк баш жыландар 142 |
| Ястребы | Карчыгалар 79 |
| Ящерицы | Кескелдириктер 84 |
| Ящероголовые | Кескелдирик баштуулар 84 |
| Ящурки | Кидик кескелдириктер 86 |

## АДАБИЯТТАР

Алдашев А. А. Биологиялык терминдердин сөздүгү.— Фр.: 1961;

Алдашев А. А. Ветеринария терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгү.— Фр.: 1964;

Алдашев А. А. Мал чарбасы жана ветеринария терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгү.— Фр.: 1980;

Алдашев А. А. Биологиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү.— Фр.: 1990;

Арзымбетов С. Русско-казахский сельскохозяйственный словарь. — Алма-Ата: 1955;

Биологический энциклопедический словарь.— М.: 1986;

Жизнь животных. I—VI— т.— М., 1968—1973;

Киргизско-русский словарь, сост. К. К. Юдахин. — Фр.: 1985;

Мусакулов Т. Русско-казахский словарь биологических терминов. — Алма-Ата.: 1960;

Ойротско-русский словарь, под ред. Н. А. Баскакова. — М.: 1947;

Русско-тувинский словарь, под ред. А. А. Пальмбаха. — М.: 1953;

Русско-турецкий словарь, сост. Э. М. Мустафаев, В. Г. Щербинин,— М.: 1972;

Станек В. Я. Иллюстрированная энциклопедия животных.— Прага; 1988;

Советтик энциклопедиялык сөздүк. 1—4-т. — Фр.: 1984—87;

Кыргыз Совет Энциклопедиясы. 1—6-т.— Фр.: 1976—1980.